Жаваншир Фейзиев

# ТҮРК МАМЛЕКЕТТЕР БИРЛИГИ

Глобалдык интеграциянын евразиялык үлгүсү



**Жаваншир ФЕЙЗИЕВ**

# ТҮРК МАМЛЕКЕТТЕР БИРЛИГИ

***Глобалдык интеграциянын евразиялык үлгүсү***

«Турар»,
Бишкек, 2017.

УДК 327
ББК 66.4
Ф 36

**Кириш сөзүн жазган: Гидаят Оруджев,**
Азербайжан Республикасынын Кыргыз Республикасындагы
атайын жана ыйгарым укуктуу элчиси

**Которгон: Бектен Дыйканбай**

**Илимий редактор: Фарман Исмаилов,**
философия илимдеринин доктору, профессор
Консультант: Салим Бабуллаоглу

**Фейзиев Жаваншир Эйюб оглу**
**Ф 36** **Түрк мамлекеттер бирлиги:** Глобалдык интеграциянын евразиялык үлгүсү. – Б.: «Турар», 2017. – 360 б.

ISBN 978-9967-15-632-6

Колуңуздагы китеп түрк дүйнөсүнүн тагдырына байланышкан эң маанилүү маселеге – Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү зарылчылыгына арналган. Бул китепте ушул маселенин төмөнкүдөй түпкү негиздери талкууланат: түрк мамлекеттүүлүгүнүн генезиси, түрк цивилизациясынын терең катмарлары, түрк калктарынын саясий маданияты, жалпы түрк калктарынын биримдиги жөнүндө идеянын тарыхый эволюциясы, түркизм идеясынын маңызы, түрктөрдүн евразиялык геосаясаттын өнүгүүсүндөгү орду, Улуу Жибек жолу саясаты, дүйнөлүк маданият, Евразиянын «Түрк калктарына байланышкан консенсусу». Автор көз карандысыз түрк мамлекеттеринин саясий лидерлеринин көз караштарына таянып, Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүүнүн шарттарын ачып көрсөтүүгө, жалпы түрк стратегиясынын негизги векторлорун аныктоого, көз карандысыз түрк мамлекеттеринин ортосундагы шериктештик жөнүндө идеологияга, ошондой эле түрктөрдүн геосаясий аймагынын (ТГА) түрк геосаясий системасына, ал эми түрк геосаясий системасынын (ТГС) Түрк мамлекеттер Бирлигине (ТМБ) трансформацияланышынын мыйзам ченемдүүлүктөрүнө маани берүүгө аракет кылган.

Түрк Мамлекеттер Бирлиги жөнүндө идеяны ишке ашыруу маселеси бул китепте эл аралык саясатта оң өзгөрүүлөрдүн пайда болушун тездетүүчү процесске негизделет. Автордун пикиринде, түрк элдеринин улуттук-саясий эркин чагылдырган - Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү идеясын ишке ашыруу - Евразиянын жаңы саясий потенциалын алдыңкы планга чыгарат. Европа Бирлиги жана Евразиянын Түрк Мамлекеттеринин Бирлиги өздөрүнүн максаттары жана ниеттери боюнча бири-бирине жакын болгон эки саясий платформа катары жалпы глобалдык саясий мейкиндик статусун түзүүгө мүмкүндүк берет. Автор түрк мамлекеттери тарабынан көтөрүлгөн бирдиктүүлүк же биримдик моделин глобализациянын жүрүшүндөгү эл аралык саясий тажрыйба катары изилдейт.

Ф 0802000000-17 УДК 327
ББК 66.4

ISBN 978-9967-15-632-6 © Фейзиев Ж., 2017

Эй түрк калкы! Сен баатырдыктын жана согушчандыктын гана эмес, адамгерчиликтин жана адеп-ахлактуулуктун да бир бөлүгүсүн. Сен жараткан цивилизация менен сыймыктангандар тарыхта толтура. Сенин жашооңду токтотууга аракет кылган саясий жана коомдук факторлор сенин жолуңду татаалдаштырып, сага ар кандай тоскоолдуктарды жаратканы менен сенин он миң жылдык оюң жана маданиятың - таза жана чексиз, алар рухтун мурасы менен жашап келүүдө.

Миң жылдык окуяларды камтыган тарых сага цивилизациянын баскычындагы татыктуу орунду көргөзүп жатат. Сен ошол орунду ээлеп, өсүп-өнүккүн. Бул сен үчүн жалгыз чындык жана сенин милдетиң.

***Мустафа КЕМАЛЬ АТАТЮРК***

Жогорулоонун жаңы мезгилин баштан өткөрүп жаткан заманбап түрк дүйнөсү адамзат цивилизациясына жаңы жана баа жетпес үлгүлөрдү сунуштай алат. Эгемендүүлүккө ээ болгон көптөгөн түрк мамлекеттеринин бүгүнкү күндө биригүүсү бүткүл түрк дүйнөсүнүн келечеги жарык болоруна үмүт берет. Жалпы экономикалык жана маданий байланыштар аркылуу бириге баштаган түрк элдери жаңы дүйнөнүн эң маанилүү факторлорунун бирине айланууда.

***Гейдар АЛИЕВ***

Бизди географиялык координаталар гана эмес, өз ара мамилелерибиз, жалпы тарыхыбыз жана азыркы мезгилибиз бириктирет. Мурда түрк мамлекеттерине Түркия мамлекети дем жана күч берип келген болсо, бүгүнкү күндө Азербайжан, Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан жана Түркмөнстан сыяктуу өлкөлөр Түркияга күч берип жатышат. Биздин күчүбүз – биздин биримдигибизде. Биз ортобуздагы биримдикти бардык чөйрөлөрдө мындан да көбүрөөк бекемдөөгө аракет кылышыбыз керек.

***Ильхам АЛИЕВ***

Биз Түрк Калкынын ар түрдүү мамлекеттерибиз... Алтайдан баштап Жер ортолук деңизге чейин 200-миллиондон ашык тууган-дарыбыз жашайт. Эгер биз бириге турган болсок, дүйнөдөгү абдан жөндүү бир күчкө айлана алабыз.

***Нурсултан НАЗАРБАЕВ***

Биздин динибиз жана тилибиз бир. Тарых бизге түрк биримдигин бекемдөөгө дагы бир мүмкүнчүлүк берип жатат... Биз бирге болушубуз керек. Биздин күчүбүз –биримдикте. Биздин бирге болушубузду тарыхый негиздер, ошондой эле саясий жана экономикалык чөйрөлөрдөгү өз ара кызыкчылыктарыбыз талап кылат.

***Алмазбек АТАМБАЕВ***

Элдерибизди эзелкиден бери жалпы тарыхый тамырларыбыз, маданий салттарыбыз жана руханий-адеп-ахлактык баалуулуктарыбыз байланыштырып келет. Түркмөнстан түрк элдерин бир-бирине жакындатууга, жалпы жана эң бай мурасыбызды изилдөөгө жана жайылтууга, ошондой эле ар түрдүү чөйрөдөгү байланыштарыбызды жөнгө салуудагы конструктивдүү кызматташтыкты өнүктүрүүгө багытталган аракеттерди күчөтмөкчү. Бизди көп кылымдык достугубуз жана маданий-руханий салттарыбыз гана эмес, экономикалык, саясий жана башка чөйрөдөгү кызматташтыгыбыз, ошондой эле эл аралык уюмдардын алкагындагы аймактык кызматташуу маселелериндеги стратегиялык өнөктөштүгүбүз да байланыштырат.

***Гурбангулы БЕРДЫМУХАМЕДОВ***

Бүгүн түрктү түрккө тааныштыруунун кажети жок. Түрк калктарынын жалпы маданияты жана бир тамырлуу тилдери аларды бир-биринен жасалма түрдө алыстатууга жол бербейт. Биз бир гана максатты көздөшүбүз керек: түрк менен түркту жакындатуу, социалдык-экономикалык жана саясий тоскоолдуктарды жоюу.

***Ислам КАРИМОВ***

## Мазмуну

Түрк мамлекеттер бирлиги: турмуш чындыктары жана перспективалар..7
Евразиянын келечегине карата толук илимий көз караш............12
Кириш сөз...................................................................23

I - БӨЛҮМ
Тарыхтан жаралган келечек..............................................33
1. Түрк мамлекеттүүлүгүнүн генезиси:
тарыхый жана саясий мамилелердин динамикасы..................35
2. Империялардын падышалыгында......................................48
3. Чачындылардын бүтүндүгү..............................................61
4. Түрк биримдиги жөнүндө идеянын эволюциясы....................71

II - БӨЛҮМ
Жалпы түрк маданиятын өзгөчө бир цивилизациянын
үлгүсү катары кароо.......................................................85
5. Түрк элдери дүйнөлүк маданияттын өнүгүү тарыхында........87
6. Орхон эстеликтери: реализмдин жана кыраакылыктын үлгүсү..100
7. Жибек жолунун маданияты жана анын сактоочулары –
түрк элдери..................................................................113
8. Түрк цивилизациясынын функционалдык сапаттары:
түрк дүйнөсү көп маданияттар аренасында..........................124

III - БӨЛҮМ
Евразиянын өнүгүү перспективалары жана түрк мамлекеттери..137
9. Азия жана европа: түрк элдери аркылуу бири-бири
менен байланыштырылган дүйнөлөр.....................................139
10. Орусия евразиячылдыгы.................................................149
11. Евразиянын батышка карата саясаты:
туруктуу жана ошол эле учурда туруксуз саясаты................163
12. Кавказдын жана борбордук азиянын геосаясатындагы
жаңы багыттар. евразиянын «түрк дүйнөсүнө
байланышкан консенсусу»...............................................174

IV - БӨЛҮМ
Бирликтерди же шериктештиктерди түзүүнүн
эл аралык саясаттагы жана эл аралык укук
чөйрөсүндөгү маанилүүлүгү..............................................185
13. Бүткүл дүйнөлүк интеграция:
приоритеттерди кайрадан баалоо.......................................187

14. Европа жана түрк элдери....................................................195
15. Бирдиктүү түрк дүйнөсүнүн бир бөлүгү болуп саналган
бирдиктүү азербайжан................................................208
16. Эл аралык саясаттын авангарды, эл аралык укук
системасынын субъекти – түрк мамлекеттер шериктештиги..223

V - БӨЛҮМ
Кыйрагыс негиз.............................................................235
17. Түркия жана азербайжан:
бүткүл түрк дүйнөсүн өзүнө тартуучу борбор........................237
18. Биримдиктин анатомиясы:
улуу тилектештиктин болбой койбостугу................................248
19. Саясий-маданий интеграциянын гуманитардык негиздери....256
20. Шериктештиктин идеологиясы жана
концептуалдык принциптери.............................................265

VI -БӨЛҮМ
Түрк тилдүү мамлекеттер бирлигинин стратегиясы...................279
21. Жалпы түрк геосаясий байланыштардын
динамикалуу системасы...................................................281
22. Жалпы түрк элдеринин дүйнөлүк масштабдагы уюму..........290
23. Жалпы түрк дүйнөсүнүн стратегиясы:
максаттар жана тапшырмалар.............................................304
24. Глобализация жана түрк дүйнөсүнүн биримдиги:
түрк мамлекеттер биримдигинин эл аралык
мамилелерди өнүктүрүүдөгү орду........................................319
Корутунду бөлүк............................................................328
Булактары.....................................................................345

## ТҮРК МАМЛЕКЕТТЕР БИРЛИГИ: ТУРМУШ ЧЫНДЫКТАРЫ ЖАНА ПЕРСПЕКТИВАЛАР

Бул китеп бүткүл бүйнөгө белгилүү адамдардын эпиграфтары менен башталат. Алардын кээ бирлери өз убагында түрк мамлекеттерин жетектешсе, кээ бирлери азыркы мезгилдеги түрк мамлекеттерин жетектешет. Булар төмөнкү инсандар: Мустафа Кемаль Ататүрк, Гейдар Алиев, Нурсултан Назарбаев, Ильхам Алиев, Ислам Каримов, Реджеб Тайип Эрдоган, Алмазбек Атамбаев, Гурбангулы Бердымухамедов. Түрк элдеринин улуттук-руханий жана тарыхый-маданий тамырларынын бири-биринен ажырагыстыгы – жогоруда айтылган бардык эпиграфтардын жүрөгү жана руху болуп саналат. Бул эпиграфтар өзүнө ошондой эле логикалык биримдиктин аксиомасын да камтыйт. Түрк элдеринин, түрк өлкөлөрүнүн жана аларды жетектеген саясий ишмерлердин биримдиги жөнүндө тезистер XX – кылымдын жыйырманчы жылдарында көпчүлүк эл тарабынан мурдагыдай жаңы же атайы жайылтылган сөз катары кабыл алынган эмес. Мындай тезистер – биздин жазуучуларыбыздын, тарыхчыларыбыздын, окумуштууларыбыздын жана идеологдорубуздун байыркы убакыттан бери кабыл алып келген чечимдери болуп саналат. Чын жүрөктөн айтылган мындай сөздөр байыркы түрк мамлекеттери жашаган мезгилден баштап биздин күнгө чейин көңүл борборунда болуп келген. СССР мамлекети түзүлүп жана күчөгөн мезгилде улуу Ататүрк өзүнүн акылмандыгын көргөзүп мынтип айткан: «СССР да, башка чоң империялар жана Осмон империясы сыяктуу эле бир күнү кулайт, ал эми анын курамына кирген бардык түрк республикалары көз карандысыздыкка ээ болушат. Биз ошол күнгө даяр болушубуз керек!»

Түрк Республикасынын негиздөөчүсүнүн ушул сөзүнө тарых 1991-жылы мөөр басты, тактап айтканда, анын сөзүнүн туура экенин тастыктады: Кыргызстан, Өзбекстан, Азербайжан, Түркмөнстан жана Казакстан өздөрүнүн көз карандысыздыгын калыбына келтиришти. Өлкөлөрүбүздүн ортосундагы коомдук-саясий жана улуттук-руханий биримдик калыбына келип, бекемделген соң элдерибиздин көйгөйлөрүн чечүү маселеси биздин интеллигенттерибиздин аракеттери аркылуу саясий аренага жайылтылып, өз көз карандысыздыгын калыбына келтирген мамлекеттердин саясатындагы приоритеттүү багытка айланган. Түрк тилдүү Мамлекеттер

Кызматташтыгы боюнча Кеңеш, Түрк тилдүү Мамлекеттердин Парламенттик Ассамблеясы, Түрксой жана башка ушул сыяктуу таасирдүү эл аралык уюмдар түзүлүп, азыркы мезгилде да натыйжалуу иштеп жатышат.

Бүткүл дүйнөгө белгилүү мамлекеттик ишмер Гейдар Алиев түрк мамлекеттеринин жана элдеринин биримдигине өзгөчө көңүл бурган.

Гейдар Алиев терең жана жалпы тарыхый тамырлардан өсүп чыккан түрк тилдүү мамлекеттердин жана элдердин ортосундагы тыгыз байланыштардын жөнгө салынышына жана өнүгүшүнө дайыма колдоо көргөзгөн. Гейдар Алиев түрк дүйнөсүнүн биримдигин бекемдөө боюнча кыраакы кадамдарды ишке ашырган. Бул гениалдуу жетекчинин түздөн-түз демилгеси боюнча негизделип, ишке ашырылып жаткан глобалдык долбоорлор бүткүл түрк дүйнөсүн бириктирди. Түрк дүйнөсү Гейдар Алиевди гениалдуу инсан жана акылман саясий ишмер катары кабыл алат жана аны менен сыймыктанат. Бул да ага берилген тарыхый баа болуп саналат.

Анын түрк тилдүү мамлекеттер менен кенен маданий байланыштарды түзүүгө жана аларды өнүктүрүүгө байланышкан көз караштары чоң мааниге ээ болгон. Эл аралык нормаларга негизделген мындай байланыштар достуктун жана бир тууганды ктын бекемделишине, ошондой эле өз ара түшүнүүнүн пайда болушуна түрткү берген. Өзүнүн уруусу, тили, дини жана маданияты бар болгон түрк элдеринин ортосундагы маданий кызматташтык башка элдердин маданияттарына каршы багытталган эмес. Гейдар Алиев түрк тилдүү мамлекеттердин ортосундагы кызматташтыктын дайыма кеңейип турушун, мындай кызматташтыктын пайдалуулугунун жогорулап турушун жана түрк элдеринин бири-бирине жакын болушун жактаган, ошондой эле өзүнүн мындай ниетин ишке ашыруу үчүн чоң аракеттерди жасаган.

Ал ошондой эле түрк элдеринин бир туугандыгы, достугу жана кызматташтыгы боюнча конференциялардын, конгресстердин жана съезддердин өткөрүлүшүнө өзгөчө көңүл бурган. Өткөн кылымдын 90-жылдарынан баштап жыл сайын түрк мамлекеттеринин жана түрк коомдорунун Достугу, бир тууганды гы жана кызматташтыгы боюнча съезддер өткөрүлө баштаган. Мен ошол кезде Азербайжан Республикасынын улуттук саясат боюнча Мамлекеттик кеңешчиси болуп иштеп тургам жана ошондуктан Президент Гейдар Алиевдин тапшырмасы боюнча дээрлик бардык съезддерде Азербайжан делегациясын жетектеп, съезддин катышуучуларына Президенттин атынан куттуктоо каттарын окуп берип тургам. Мындай съезддер массалык мүнөзгө ээ болгондуктан түрк тилдүү мамлекеттерди гана эмес, түрк тилдүү элдер жашаган автономияларды жана түрк тилдүү элдердин бирикмелерин да камтыган. Мындай съезддер түрк

элдеринин ортосундагы маданий, илимий жана гуманитардык байланыштардын бекемделишинде чоң роль ойногон.

Азербайжан элинин лидери Түрк тилдүү Мамлекеттердин Кызматташтыгы боюнча Кеңешке жана түрк тилдүү мамлекет башчыларынын жолугушууларына өзгөчө көңүл бөлүп, аларга чоң маани берген. 1995-жылдын 28-августунда Кыргызстандын борбору Бишкек шаарында өткөн түрк тилдүү мамлекет башчыларынын үчүнчү жолугушуусунда түрк тилдүү мамлекеттердин ортосундагы маданий жана гуманитардык кызматташтыкты өнүктүрүү боюнча маселелер талкууланган. Ушул жолугушууга катышкан Гейдар Алиев катышуучулардын алдына чыгып, кенен сөз сүйлөгөн.

Гейдар Алиевдин пикиринде, 1992-жылы Түркиянын борбор шаары Анкарада башталып, андан соң Алматыда, Бишкекте, Габалада, Бодрумда, Астанада, ал эми бул жылы Бишкекте уланып келе жаткан мындай жолугушуулардын туруктуу түрдө өткөрүлүп турyусу маанилүү салтка айланып, бир тууган элдердин ортосундагы жалпы тарыхка, тилге жана маданиятка негизделген өзгөчө байланыштардын бекемделишине жана өнүгүшүнө, ошондой эле Евразиядагы тынчтыктын, коопсуздуктун, туруктуулуктун жана өнүгүүнүн камсыздалышына салым кошуу иштеринин координацияланышына түрткү берди.

Түрк тилдүү мамлекет башчыларынын алтынчы жолугушуусу Бакуда өткөрүлдү. Бул жолугушууда кеңири сөз сүйлөгөн Гейдар Алиев түрк мамлекет башчыларынын Азербайжанда жолугушуусу элибиздин жана мамлекетибиздин жашоосундагы эсте каларлык окуя экендигин белгилеп, мындай жолугушуулар көп тараптуу кызматташтыктын, жалпы маданияттын, адаттардын, салттардын, ошондой эле улуттук-руханий баалуулуктардын калыбына келишине чоң пайда алып келгендигин айтты.

1993–2003-жылдары президент болуп турган кезинде Гейдар Алиев түрк элдеринин жана түрк мамлекеттеринин ортосундагы көп тараптуу кызматташтыкты өнүктүрүү үчүн чоң аракеттерди жасаган. Ал биринчи кезекте түрк мамлекеттеринин ортосундагы маданий байланыштарды бардык тарапты камтыган түзүлүштүн негизинде өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурган. Жалпы улуттук лидер ТҮРКСОЙ уюмуна (Түрк элдеринин маданиятын жана өнөрүн биргелешип өнүктүрүү боюнча Эл аралык уюм) өзгөчө маани берген. Бул уюмга Азербайжан, Кыргызстан, Түркия, Казакстан, Түркмөнстан жана Өзбекстан кирген. Гейдар Алиев бийликке келген кезден бир аз убакыт өткөн соң ТҮРКСОЙ уюмуна мүчө-өлкөлөр Казакстандын борбору Алматыда «ТҮРКСОЙ уюмунун ишмердүүлүгүнүн жана калыптанышынын принциптери жөнүндө» келишимге кол коюшкан. Ошондон кийин бул уюмдун катары дагы кеңейген. Орусия

Федерациясынын төмөнкү субъекттери, ошондой эле Түндүк Кипрдеги Түрк Республикасы да бул уюмдун иштерине байкоочу катары катыша баштаган: Башкыртстан, Татарстан, Тыва, Хакасия, Саха, Алтай жана Молдовадан ТАО Гагауз Ери. Гейдар Алиев ТҮРКСОЙ уюму аркылуу азербайжандын адабий жана маданий классиктерин пропагандалоого да өзгөчө маани берген.

Гейдар Алиевдин акылман саясаты түрк дүйнөсүнүн өнүгүүсүнө, түрк жана азербайжан тилдеринин жайылышына, ошондой эле түрк тилдүү элдердин кызыкчылыктарынын корголушуна багытталган. Өлбөс лидердин даңктуу турмуштук жолу жана аябаган чоң ишмердүүлүгү азыркы жана келечектеги муундар үчүн үлгү болуп саналат. Анын жаркын элеси элибиздин жүрөгүндө түбөлүк жашайт.

Дал ушул Гейдар Алиев Азербайжан менен Кыргызстандын ортосундагы эки тараптуу мамилелердин мындан ары да бекемделишине баа жеткис салым кошуп, мындай мамилелерди өнүктүрүүдө жана кеңейтүүдө чоң роль ойногон.

1995-жылы августта, Гейдар Алиевдин Кыргыз Республикасына жасаган расмий сапары учурунда ушул эки боордош мамлекеттин ортосунда кызматташтыкты өнүктүрүүгө чоң импульс жана дем берилген. Жогоруда айтылгандай, Азербайжандын лидери түрк тилдүү мамлекет башчыларынын үчүнчү саммитине катышкан. Ал ошондой эле «Манас» эпосунун 1000-жылдык юбилейине арналган иш-чараларга да катышкан. Гейдар Алирза оглы Талас шаарында да болуп, Манастын күмбөзүнө барган. Бишкектеги салтанаттуу жолугушууда ал минтип сүйлөгөн: «Манас» эпосунун 1000-жылдыгы дүйнөгө кыргыз элинин улуу тарыхын дагы бир ирет даңазалоодо. Бизге боордош кыргыз эли «Манас» эпосу салган жол менен бара жатат. Анын улуу ойлору жана сөздөрү миң жылдарды кечирип, кылымдар бою ушул жолду жарык кылып келген. «Манас» – кыргыз элинин акылмандыгынын, акылдуулугунун, баатырдыгынын жана кайраттуулугунун белгиси болуп саналат. Ал кыргыз элинин мекенчилдигин, салттарды бек туткандыгын, эркиндикти сүйгөндүгүн жана кайраттуу чечкиндүүлүгүн бүткүл дүйнөгө көргөзүп келүүдө. «Манас» – кыргыз элинин абдан чоң маданий жана адеп-ахлактык баалуулугу, бүткүл дүйнөлүк цивилизациянын жана адамзаттын байлыгы, ошондой эле түрк тилдүү элдердин жана бүткүл ислам дүйнөсүнүн чоң адеп-ахлактык кенчи болуп саналат. «Манас» эпосу бир гана кыргыз элине эмес, азербайжан элине да таандык жана ал азербайжан элинин да адеп-ахлактык, маданий баалуулугу болуп саналат. «Манас» – бардык элдерибиздин, биздин баарыбыздын ата-бабабыз болуп саналат».

Гейдар Алиевди бир гана азербайжан эли эмес, бардык кыргызстандыктар да баалашат жана сыйлашат, ошондой эле аны эсте-

ринен чыгарышпайт. Гейдар Алиев ушундай сыйга жана урматка татыктуу экендигин белгилеп коюу зарыл, анткени ал бардык түрк мамлекеттерине, түрк автономияларына жана түрк коомдоруна чоң көңүл бурган. «Манастын» тили – биздин жалпы тилибиз. Биз - жалпы тамырдан чыккан элдербиз. Бирок кылымдар бою биздин тилдерибизде белгилүү бир өзгөрүүлөр пайда болуп, бири-бирибиздин айрым сөздөрүбүздү түшүнбөгөнүбүз менен биз бири-бирибизди өзүбүздүн сезимдерибиз жана жүрөктөрүбүз менен түшүнөбүз» – деген сөз дал ушул Гейдар Алиевге таандык.

Профессор Жаваншир Фейзиевдин «Түрк мамлекеттер бирлиги: Глобалдык интеграциянын евразиялык модели» деп аталган монографиясы өзүнүн актуалдуу тематикасы менен гана эмес, бардык нерсени камтыган мазмуну, ошондой эле тарыхый фактыларды, заманбап турмуштун чындыктарын камтыгандыгы жана илимий негиздүүлүгү менен да кызыктуу. Бул монография, менин пикиримде, ушул чөйрөдөгү эң маанилүү эмгектердин бири болуп саналат. Автор биздин элдерибиздин эң байыркы жана жалпы булактарына таянып, окурмандын көңүлүн Түрк Мамлекеттер Бирлигинин негизине, принциптерине жана концептуалдык маңызына бура алган.

Бул монографияда биздин элдерибиздин жалпы тамыры, тарыхы, маданияты, улуттук-руханий мемориалдары жана көрүнүктүү инсандары тууралуу өтө баалуу маалымат камтылган.

**Гидаят Оруджев,**<br>
***Азербайжан Республикасынын Кыргыз Республикасындагы атайын жана ыйгарым укуктуу элчиси***

**Январь, 2017-жыл.**<br>
**Бишкек.**

# ЕВРАЗИЯНЫН КЕЛЕЧЕГИНЕ КАРАТА ТОЛУК ИЛИМИЙ КӨЗ КАРАШ

**«Түрк Мамлекеттер Бирлиги» монографиясына кириш сөз: Глобалдык интеграциянын Жаваншир Фейзиев тартуулаган евразиялык үлгүсү».**

Белгилүү окумуштуу жана философия илимдеринин доктору Жаваншир Фейзиев «Түрк мамлекеттер бирлиги: Глобалдык интеграциянын евразиялык үлгүсү» деп аталган монографияга байланышкан эмгегин бүтүрдү. Анын бул эмгеги көп жылдык илимий изилдөөлөрдүн натыйжасы болду. Мен бул монографиянын кол жазмасын бир нече жолу окуп чыгып, абдан ыраазы болдум. Мен бул интеллигент досумду көптөн бери жакшы тааныйм. Мен ушул жакын досумдун көкүрөгүндө биздин, тактап айтканда бүткүл түрк дүйнөсүнүн өткөн мезгили, азыркы мезгили жана келечеги жөнүндө тынчсыздануу сезимине толгон жүрөк согоруна ынандым!

Ж. Фейзиевдин кайра Жаңыдан жаралууга жетишкен түрк дүйнөсүндөгү көйгөйлөр жана ыктымал көйгөйлөр жөнүндө ойлору, анын ошол көйгөйлөрдү чечүү боюнча сунуштаган жолдору жана үлгүсү мага катуу таасир тийгизди.

...Чынында биз азыркы мезгилде тез өзгөрүп туруучу, ошондой эле күтүлгөн жана күтүлбөгөн коркунучтарга толгон дүйнөдө жашап жатабыз. Бул дүйнөдө «глобализация», «интеграция», «адам укуктары», «демократия» жана «эл аралык укук нормалары» сыяктуу кулакка оор угулган жана Батыш бийликтеринин саясий коридорлорунда калыптанган терминдер көп айтылат. Күчтүү согуштук-экономикалык мүмкүнчүлүктөргө ээ болбогон өлкөлөр күчтүү мамлекеттердин белгилүү бир максатты көздөп таңуулаган саясатынын жетегинде жүрүүгө мажбур болушууда. Биз жашап жаткан дүйнөнү көп жолу бөлүштүрүп, планетанын байлыктарын өз колдоруна топтогон чоң мамлекеттер «глобализация» жана «интеграция» саясатынын башында турушат. Алар мындай саясатка бардык жагынан даяр. «Адам укуктары», «демократия» жана «эл аралык нормалар» сыяктуу чакырыктар күчтүү мамлекеттердин пайдалуу же ыңгайлуу аймактарды өздөрүнүн таасир чөйрөсүндө кармоо аракети болуп саналат. Дүйнөнү адилеттүүлүктүн эл аралык укуктук нормалары эмес, адилетсиздик жана күч башкарып

келүүдө. Калган өлкөлөр, ошолордун ичинде жаңыдан эле эгемендүүлүккө ээ болгон түрк мамлекеттери мындай абалдан кантип чыгышат? Мен Ж. Фейзиевдин ушул нерселерге байланыштуу ойлорун ырахаттануу менен окуп чыктым, ал эми анын монографиясын баалуу изилдөө катары баалайм.

Монографиянын илимий редактору – философия илимдеринин доктору, профессор Фарман Исмаилов болгон. Бул киши Азербайжандын философия илимдеринде өзүнүн салмактуу чыгармалары менен белгилүү.

Бүгүнкү күндө Азербайжанда коомдук-саясий жана гуманитардык чөйрөлөрдөгү өнүгүү башка чөйрөлөрдөгүдөй эле маанилүү жетишкендиктер менен коштолууда. Азербайжандын цивилизациялар аралык диалогдун мейкиндиги катары таанылышы жана дүйнө өлкөлөрү тарабынан саясий, маданий жана диний толеранттуулуктун үлгүсү катары кабыл алынышы жогоруда айтылган нерсени тастыктайт. Азыркы мезгилде биздин илимибиз жана маданиятыбыз дүйнөлүк цивилизацияны алдыга жылдыра ала турган процесстерге кошулуп жатат, өлкөбүз өзүнүн күчтүү кудурети аркылуу жаңы маселелерди көтөрүп, жаңы ыкмаларды жана технологияларды пайдаланып жатат. Биздин улуттук илимий-гуманитардык чөйрөбүз Азербайжанды түрк дүйнөсүнүн бир бөлүгү катары көрүүгө, ал эми түрк дүйнөсүн планетардык жашоонун бир бөлүгү жана анын кыймылдаткыч күчү катары кароого, ошондой эле аларды баалуулук деген статуска чейин көтөрө ала турган өз ара мамилелерди актуалдаштырууга аракет кылууда. Бүгүнкү күндө биз жана бүткүл дүйнө биринчи планга «жалпы адамзат тизмегинин» кыйрагыс бир бөлүгү болуп саналган цивилизациялар аралык мамилелерди «түрк тизмегинин жардамы менен» бекемдөөгө мүмкүндүк бере турган жаңы методологиялык контекстти коюшубуз керек.

Азырынча «эски ой жүгүртүү ыкмалары» менен иштөөнү жактырган бир топ батышчыл технологиялар бардык континенттердеги цивилизацияларды «Батыш планетасынын» айланасында тегеренген «спутниктер» катары элестетишет же башкаларга ошентип көргөзүшөт. Азиянын жана бүткүл дүйнөнүн Европадан көз карандылыгы XX-кылымдан баштап төмөндөй баштаган, ал эми бүткүл дүйнө жаңы мезгилге, тактап айтканда көз карандылык төмөндөп, тең укуктуулук өнүгө баштаган мезгилге өткөн. Эл аралык коомдук-саясий жашоонун мындай негиздүү өзгөрүүсү гуманитардык илимдерде өтө даана байкалат. Азыркы мезгилдин ой жүгүртүү чөйрөсүнүн өкүлдөрү коомдук, саясий, экономикалык жана маданий көрсөткүчтөр боюнча Батыш дүйнөсү үстөмдүк кылат жана батыштын илимий технологиялары да жалпы адам-

заттын баалуулуктарынан жогору турат деп эсептебей калышты. Европа менен Азияны бириктирген чоң мейкиндикте, тактап айтканда Евразияда өнүгүп жаткан гуманитардык маданият «эскирген стереотиптерди» сындырып, биринчи планга ой жүгүртүүнүн бөтөн же жат үлгүлөрүнөн толук баш тартуу ыкмаларын, ошондой эле жергиликтүү аймактын элдеринин (биринчи кезекте түрк элдеринин) тарыхый тагдырын жана заманбап жашоосун жаңы илимий методологиялар аркылуу аныктоо ыкмаларын чагылдырган көз карашты коёт.

Азербайжандын саясий-гуманитардык илимдеринин өкүлдөрү да Евразиянын өзүн өзү таануу процессин изилдөөгө кошулуп, түрк дүйнөсүнүн өнүгүү диалектикасынын улуттук, аймактык жана глобалдык көрсөткүчтөр боюнча шайкештигин изилдей баштады, ошондой эле түрк дүйнөсүнүн абдан чоң тарыхын жашыруу боюнча ушул мезгилге чейин көрүлүп келген аракеттерди ачыкка чыгарып, элдерге чындыкты тартуулай баштады. Өзүнүн ар түрдүү журналдардагы жана басылмалардагы илимий-публицистикалык макалалары менен кызыктырган окумуштуу жана философия илимдеринин доктору Ж. Фейзиевдин «Түрк мамлекеттер бирлиги: Глобалдык интеграциянын евразиялык үлгүсү» деп аталган чыгармасы илимий-публицистикалык эмгектердин бири болуп саналат.

Түрк дүйнөсүнө байланышкан маселелерге арналган көптөгөн эмгектер абдан маанилүү экенин белгилөө менен бирге бул эмгектин өзгөчөлүгүн да белгилегим келет. Түрк Мамлекеттер Бирлиги жөнүндө идея биринчи жолу системдик түрдө жана терең изилдөөлөргө негизделген концептуалдык модель катары тартуулანып жатат. Бул эмгектин өзгөчөлүгү мына ушунда жатат. Бул китепте түрк дүйнөсү тууралуу кеңири түшүнүк берилет. Түрк дүйнөсүнүн этникалык географиясы анын саясий географиясына караганда кененирээк. Жети көз карандысыз түрк мамлекети глобалдык интеграция процессине кошулду. Бул китепте ошондой эле Азербайжан, Түркия, Казакстан, Өзбекстан, Түркмөнстан, Кыргызстан жана Түндүк Кипрдеги Түрк Республикасы сыяктуу ар бир эгемендүү түрк республикасы, алардын азыркы мезгилдеги өнүгүү деңгээли жана башка мамлекеттердин аймактарында ар түрдүү статуста жашаган түрк калктары жөнүндө кеңири маалымат берилет. Түрк Мамлекеттер Бирлиги жөнүндө идея бул китепте жалпысынан эл аралык жашоонун актуалдуу маселеси катары сунушталат.

Менин оюмча, бул китептин автору тарабынан ийгиликтүү түрдө негизделген негизги императив (талап) төмөнкүдөй: Евразиянын геосаясий тарыхын түрк элдери түзгөн жана ал бүгүнкү күндө дал ошол түрк элдеринин аракети менен жашап жатат жана

мындан ары да ушундай болуусу зарыл. Түрк Мамлекеттер Бирлиги жөнүндө идея түрк дүйнөсүнө эч кандай негизсиз эле киргизилип жаткан жок. Бул идея түрк дүйнөсүнүн тарыхый-саясий өнүгүүсүнүн логикалык натыйжасы катары көрсөтүлүүдө. Бул идея түрк цивилизациясынын көп кылымдык бекемделүүсүнүн жана туруктуу кеңейүүсүнүн жыйынтыгы болуп саналат, ал эми бүгүнкү күндө көз карандысыз түрк мамлекеттеринин саясий шериктештикке биригүү процесси катары констатацияланат. Түрк дүйнөсү өзүнүн баштапкы Мекени болгон Евразиянын борборунда кайталангыс бир цивилизациянын эбегейсиз чоң тарыхый пайдубалын же негизин түптөгөн. Кылымдар бою акырындык менен курулуп келген имараттын курулушунун аякташы сыяктуу эле Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү идеясы да сөзсүз аягына чыга турган нерсе. Түрк дүйнөсүнүн мурда ажырап, кайрадан чогулган бутактары жана жолдору Түрк Мамлекеттер Бирлиги жөнүндө идеянын ишке ашуусуна алып келери шексиз!

Автордун аналитикалык түшүндүрмөлөрү окурманга түрк дүйнөсүнүн өнүгүүсүнүн толук панорамасын майда-чүйдөлөрүнөн бери ачык жана жандуу кылып көргөзөт. Евразия – жаратуучу же жаратчы архитектор экенин Ж. Фейзиевдин изилдөөлөрү дагы бир ирет тастыктап жатат. Түрк цивилизациясынын түгөнгүс кудурети тарыхтын ар бир мезгилинде өзүнүн жарык катмарларын көргөзүп келүүдө. Түрк элдеринин кан же генетикалык эс-тутуму ар түрдүү тарыхый мезгилдерден бүтүн бир нерсени жараткан. Автор өзгөчө белгилегендей, түрк элдери өздөрүнүн мамлекеттери менен кошо төрөлгөндөй сыяктуу. Алар бир этнос болгондуктан алардын тарыхы да мамлекеттүүлүктүн генетикалык руху жана мамлекеттердин тарыхы менен кошо башталган.

Түрк мамлекеттүүлүгүнүн генезисин кылдаттык менен изилдеген окумуштуу, түрк элдери тарыхта балким биринчи болуп улут жана мамлекет деген түшүнүккө аныктама беришкендиктерин көргөзөт. Байыркы мамлекеттин социалдык-саясий системасындагы Мамлекеттик пантеон «армия-улут» биримдигинен жасалган сыяктуу. Балким ошондуктан Евразияда түзүлгөн бир нече түрк мамлекеттери тарыхтын бардык мезгилдеринде ар түрдүү болушканы менен өздөрүнүн архетипи боюнча окшош болушкан. Тарыхый-саясий мамилелер жагынан алып караганда, түрк пассионаризми этникалык системанын полифониясын жана көп катмардуулугун көзөмөлдөө менен бирге, бул этносту мамлекеттик курулуштун өзөгүнө же доминантасына айландырган. Ушундай процесстер жүрүп жаткан учурда мамлекеттик курулуштун эң маанилүү шарты болгон мамлекеттик ой жүгүртүү калыптанган. Автор классикалык түрк мамлекеттеринин уникалдуу сапаттары-

на байкоо жүргүзүп, заманбап мезгил үчүн да үлгү боло ала турган меритократия принцибине көңүлдү бурат. Мисалы классикалык түрк мамлекеттеринде төмөнкү катмардагы жөндөмдүү адамдар, негизинен жаштар мамлекеттик иштерге тартылган жана аларды бийликтегилер өздөрү шыктандырышкан. Бир да түрк мамлекетинде «бийликтегилер» «төмөнкү» катмардагыларга кулдарга мамиле кылгандай мамиле кылышкан эмес жана адамдардын ортосунда социалдык статус боюнча бөлүнүү болгон эмес!

Түрк цивилизациясы өтө кубаттуу экенин кенен Евразия мейкиндигиндеги генеалогиялык байланышы бар мамлекеттердин чоң империяларга (дүйнөлүк империяларга) айлануу процессинен байкоого болот. Ж. Фейзиев тарыхый эволюциянын жана тарыхтагы бурулуш мезгилдердин негизги багыттарын кылдаттык менен анализдеген. Ал Евразиядагы түрк этногеографиясы кеңейген сайын түрк элдери жана алардын тилдери да бөлүнгөндүгүн, бирок андай бөлүнүү процесси мамлекеттер ортосундагы жылуу мамилелер менен коштолгондугун, ошондой эле мындай бөлүнүү бара-бара кайрадан интеграция жолуна кайрылуу зарылдыгын пайда кылганын көргөзгөн. Ошентип дифференциация процесси **«чачыраган улуттар»** дүйнөсүн **«бириккен улуттар»** дүйнөсүнө кошуу зарылдыгын пайда кылган.

Автор түрк цивилизациясынын архитектоникасын майда-чүйдөсүнө чейин анализдеп, окурмандын көңүлүн төмөнкү маанилүү нерсеге бурат: диахроникалык жана синхроникалык жактан алып караганда, системдик бүтүндүккө ээ болгон түрк цивилизацияларынын архитектоникасынын бардык бөлүктөрү бүтүн бир органиканы түзөт. Ошондуктан тамырлуу салттарды камтыган материалдык жана адеп-ахлактык маданияттар эзелтеден бери бир-бирине идеяларды өткөрүп олтуруп өнүгүп келгендей сыяктуу. Мындай нерсени Орхон-енисей эстеликтеринен байкоого болот.

«Улуттук мурас» деген жазуулары бар бул таш эстеликтери мамлекеттүүлүктүн жеңилбес рухун жана Көктүрк империясынын (552-745-жылдар) туруктуу мамлекет катары өсүп-жетилгендигин, ошондой эле анын улуулугун чагылдырат. Көк түрк империясы «Түрк» деген аталышты тарыхта биринчи жолу мамлекеттик деңгээлге көтөргөн. Аталган империя Евразиянын бардык аймактарын бириктирип, Кытай, Сасанид жана Византия империялары сыяктуу кубаттуу мамлекеттер менен дипломатиялык мамилелерди жолго койгон. Түрк саясий маданияты өзүнүн функционалдык сапаттарын тынымсыз жакшыртып турган. Ал ошондой эле мамлекет жана империя куруруга байланышкан салттарын дайыма өнүктүрүп, түркизм идеологиясы сыяктуу күчтүү көз карашты камтыган системаны жараткан.

Бул монографияда түркизм кыймылы, бул кыймылдын өкүлдөрүнүн ишмердүүлүгү жана чыгармачылыгы кеңири каралат. Андан тышкары бул кыймылдын коомдук-философиялык жана идеялык-саясий агымдарынын өнүгүүсү изилденип, түркизмдин Юсиф Акчура, Мырза Фатали Ахундзаде, Шейх Жамаладдин Афгани, Гасан бей Зардаби, Ысмаил бей Гаспиралы, Али бей Гусейнзаде, Ахмед бей Агаоглу, Мамед Эмин Расулзаде, Зия Гөкальп, Заки Валиди Тоган, Аяз Исхаки жана башка ушул сыяктуу улуу идеологдору баяндалат.

Түркизм кыймылы түрк биримдигин жана түрк элдеринин улуттук көз карандысыздыгын камтыган идеологияга негизделет. Түркизм кыймылынын саясий-гуманитардык маңызы өзүн XX-кылымдын биринчи жарымында өзгөчө көргөзгөн.

Батыштын айрым философтору айткандай, цивилизациялар демейде «***кагылышат***» же «***бир-биринин ортосунда гармонияны же тең салмактуулукту камсыздоо***» үчүн жаңы конфигурациялар түрүндөгү бузулгус бакчаларды курушат. Бул китепте Жаваншир Фейзиев «кагылышуу» жөнүндө теориялык парадигмага өзүнүн контраргументтерин каршы коюп, өзүнүн ойлорун абдан так тарыхый фактылардын жардамы менен далилдейт: таптакыр башкача генезиске жана тандалган архетиптик сапаттарга ээ болгон түрк жана ислам цивилизациялары бир-биринин негизги баалуулуктарын көрүп, «калтырашат», бирок артка басышпайт, жана кыска убакыттын ичинде бир-бирине кошулушат. Түрк жана ислам армиялары ар түрдүү тарыхый мезгилдерде согуш талааларында ар тарапта болушканы менен эч качан бир-бири менен кагылышкан эмес. Тескерисинче, алар тарыхта болбогон синтез процессинен өтүп, бири-бирин кошумчалап, өнүктүрүп жана бекемдеп келишкен. Мындай синтез түрктөрдүн Чыгыш аймагында бийликке ээ болуусун шарттаган. Түрк-Ислам империялары орто кылымдарда цивилизациялар аралык мамилелердин жана толеранттуулуктун бай тажрыйбасын жаратышкан. Тарыхта белгилүү болгондой, түрк империялары Ислам дининин эң кубаттуу кылычы жана калканы болгон. Түрктөр бийлик кылган аймактарда бир да этностун маданияты жок кылынган эмес жана бардык этностордун тилдери, ошондой эле салттары сакталып, алардын жашоого болгон укугу тартып алынган эмес. Бул жагынан алып караганда, автор толук чындыкты жазып, түрк элдеринин чыныгы тарыхын бурмалаган жаңылыш көз караштардын таш-талканын чыгарган. Түрк элдеринин саясий-маданий миссиясы - цивилизацияларды карама-каршылыкка алып келүү эмес, тескерисинче, алардын жакындашына жана гармонизацияланышына алып келүү экендигин автор ачык көргөзгөн. Түрк элдеринин ушундай менталдык сапаты башка ко-

шуна элдердин жана мамлекеттердин түрк элдерине карата жогорку ишеним көргөзүүсүнө алып келген. Алар түрктөргө ишенишкен. Түрк элдери саясий-улуттук курулуштун архитекторлору жана этностордун ортосундагы мамилелерди жөнгө салуучулар болгон. Түрк элдеринин бир кездерде үстөмдүк кылуусу Евразиянын геосаясий архитектоникасынын курулушуна мүмкүндүк түзгөн. Түрк элдери Улуу Жибек Жолундагы дипломатияны дал ушул тарыхый миссия аркылуу негиздешкен. Азиядан Европага алып баруучу Улуу Жибек Жолу биринчи кезекте түрк мамлекеттеринин миңдеген километрлерге созулган аймактары аркылуу өткөн жана түрк этногеографиялык координаттарда тармакталып, башка өлкөлөргө созулган. Түрк мамлекеттери жана империялары транспорттук коридор болуп саналган Улуу Жибек Жолунун кеңейүүсүн камсыз кылып, аны көп убакытка чейин көзөмөл алдында кармап, Евразия мамлекеттеринин ортосундагы соода жана кызматташтык мамилелерине катуу дисциплинаны киргизишкен. Автор «тарыхтан жаралган келечекти» туура аныктап, бүгүнкү күндүн чындыгын төмөнкүдөй кылып билдирет: **«Улуу Жибек Жолун азыркы мезгилдеги эл аралык жашоодо актуализациялоо – дүйнөнүн өнүгүүсүнүн тарыхый мыйзам ченемдүүлүгү. Саясий, экономикалык жана маданий жашоодо түрк дүйнөсүнүн Чоң саясатына кайрылып келген заманбап Евразиянын орду же милдети азыркы мезгилде өтө чоң мааниге ээ болууда. Улуу Жибек Жолунун тарыхый сактоочулары болуп келген түрк элдери, бүгүнкү күндө да өздөрүнүн ушул миссиясын улантышууда».**

Түрк мамлекеттеринин Евразия геосаясатынын тарыхый өнүгүүсүндөгү орду өтө маанилүү болгондуктан автор бул нерсени кененирээк карап, илимий-теориялык адабият жана саясатчылар тарабынан сунушталган полемикага жигердүү катышат. Ал өзүнүн көз карашын ишенимдүү далилдер менен бекемдейт. Өзүнүн аналитикалык түшүндүрмөлөрүндө автор евразиячылдыктын бир тараптуу маңызын жана Батыш саясатынындагы Евразияга карата империалисттик көз караштын тамырларын ачат. Бүгүнкү күндүн глобалдык саясатында Азия менен Европанын ортосундагы мамилелерди өнүктүрүү максатында сунуштала турган геосаясий жана геостратегиялык мүмкүнчүлүктөргө карата мамилени өзгөртүү зарылдыгы жөнүндө ой негизделет. «Түрк консенсусу» деп аталган нерсеге чоң маани берилет. Анткени бул нерсе - Евразиянын геосаясий коопсуздугунун маанилүү шарты болуп саналат. Автор Түрк Мамлекеттер Бирлиги - эл аралык коомчулук үчүн маанилүү экенин билдирген идеяны логикалык түрдө өнүктүрүү маселесин баяндоо менен бирге төмөнкү бир топ кызыктуу тыянактарды чыгарган: глобализация процесстеринин ылдамдык менен өнүгүүсү

эл аралык саясатта жана эл аралык укук чөйрөсүндө глобалдык түрдө өзүн өзү уюштура ала турган бирикмелерди түзүү зарылдыгын пайда кылат. Бирок мындай «бирикмелер» стихиялуу түрдө же өзүнөн өзү пайда болбостон мыйзам ченемдүүлүктөргө жана геосаясий баланстардын негизинде гана түзүлүшү ыктымал. Автордун пикиринде, азыркы мезгилдеги дүйнө мамлекеттериндеги жалпы улуттук, лингвистикалык, диний жана цивилизациялык негизде болуп жаткан ички интеграция жана ушул интеграциянын уюшкандыгы узак мөөнөттүү перспективада биримдиктин түзүлүшүнө олуттуу кепилдик жаратат.

Түрк мамлекеттери ички интеграция учурунда биригишет. Интеграция процесстери глобалдык интеграциянын «орбитасына» чыкса, мындай биригүү эл аралык саясаттагы зарылчылыкка айланат жана мындай биримдикти эл аралык укук мыйзамдары аркылуу түзүү мүмкүн болот. Мындай мүмкүнчүлүк кызматташуу саясатынын натыйжасы катары ишке ашырылат жана эгемендүүлүктүн улуттук кызыкчылыктарын мамлекеттер аралык мамилелердин универсалдуу укуктук принциптерине ылайыкташтырат.

XX-кылымда Евразиянын европалык аймагында болуп өткөн ички миграциянын натыйжасында Европа Бирлиги түзүлгөн. Европа Бирлиги эл аралык жашоодогу көптөгөн прогрессивдүү өзгөрүүлөрдү пайда кылган. XXI-кылымда деле Евразиядагы түрк өлкөлөрүнүн геосаясий аймагында Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү мүмкүн. Мындай биримдик эл аралык саясий системада, айрыкча Азиянын тагдырына байланышкан саясий системада жакшы өзгөрүүлөрдүн пайда болушуна түрткү бериши мүмкүн. Европа Бирлиги жана Түрк Мамлекеттер Бирлиги - Евразиянын саясий-цивилизациялык жактан биригүүсүнө байланышкан феноменалдык окуя болуп саналат. Түрк Мамлекеттер Бирлиги Европа менен Азияны континенталдык карама-каршылыктан чыныгы глобалдык интеграциянын жана кызматташтыктын нугуна багыттай турган өзгөрүүнүн башталышы болуп калмак. Эгер ушундай Бирлик түзүлсө, Евразияда кандайдыр бир өлкө үстөмдүк же толук артыкчылык кыла алмак эмес. Борбордук Азияны, Кавказды жана Кичи Азияны камтыган түрк геосаясий аймагы бүгүнкү күндө активдүү өнүгүп жатат. Мындай өнүгүү бара-бара Европа Бирлигинин Евразиядагы жергиликтүү альтернативасы боло ала турган жана ошол эле учурда ага каршы келбей турган Түрк Мамлекеттер Бирлиги идеясынын ишке ашуусуна алып келет. Бирдиктүү глобалдык саясий мейкиндик жагынан алып караганда, мындай бирлик Евразияны куруу долбоорун толуктамак.

Жаваншир Фейзиев тарабынан сунушталган бул идеянын концептуалдык негизи жана ишенимдүү булагы көз карандысыз

түрк мамлекеттеринин саясий лидерлеринин көз караштарына, алардын чечимдерине, жалпы декларацияларына жана башка документтерине негизделет. Мындай документтер Достук Съезди, Түрк Элдеринин Кызматташтыгы жана бир туугандыгы, Түрк тилдүү өлкөлөрдүн Кызматташуу боюнча Кеңеши, TÜRKSOY долбоорунун алкагында жолугушуу жана Түрк тилдүү Өлкөлөрдүн Парламенттик Ассамблеясынын Сессиялары сыяктуу иш-чараларда түзүлөт жана мамлекеттер аралык мамилелердин өсүп жаткандыгын тастыктайт. Мындай иш-чаралар түрк мамлекеттери тарабынан акыркы жыйырма жылдан бери өткөрүлүп келүүдө. Автор төмөнкүдөй тыянакка келген: Жалпы бир максатты көздөгөн иш-аракеттердин багыты Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү платформасында систематизацияланат! Ушул идеяны негиздөө үчүн автор өзүнүн китебинде Мустафа Кемаль Ататүрк, Гейдар Алиев, Ильхам Алиев, Абдулла Гүл, Нурсултан Назарбаев жана Алмазбек Атамбаев сыяктуу белгилүү адамдардын ойлорун да эпиграфтар түрүндө пайдаланган.

Азербайжан мамлекети түрк дүйнөсү менен бардык багытта мамилелерди өнүктүрүүгө кызыкдар, анткени мындай мамилелер биздин көз карандыгыбызды бекемдеп, саясий-географиялык мейкиндик болуп саналган түрк дүйнөсүнүн ички байланыштарын тереңдетип, анын эл аралык системада керектүү конфигурацияга ээ болушуна түрткү берет. Дал ушул себептен улам Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиев түрк дүйнөсүнүн көйгөйлөрүнө арналган өзүнүн сөздөрүндө Азербайжандын жалпы түрк биримдигин колдогон көз карашын билдирип жатып жана бул маселеге эл аралык саясий көз караштын алкагында баа берип жатып минтип айткан: «**Биздин Европа өлкөлөрүнө жана башка чоң мамлекеттерге карата мамилелерибиз жана көз караштарыбыз бир-бирине дал келет жана бул нерсе биздин биригүүбүз жана жалпы иш-аракет пландарыбыз үчүн өтө маанилүү**». Азербайжан менен Түркиянын ортосундагы көп тараптуу мамилелер жана шериктештик **«Түрк дүйнөсүн өнүктүрүүчү мамилелердин кызыктуу борбору»** болуп саналат. Мындай бир туугандык эч качан бузулбайт, анткени анын негизинде Азербайжан жана Түрк мамлекеттерин негиздөөчүлөр Мустафа Кемаль Ататүрктүн жана Гейдар Алиевдин маанилүү саясий жана бириктирүүчү көз караштары турат.

Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү идеясын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон иш-аракеттердин негизги багыттарын Жаваншир Фейзиев жалпысынан жана аналитикалык түрдө изилдеген. Ушундай изилдөөлөрдүн натыйжасында ал төмөнкү тыянакка келген: бул идеяны ишке ашыруу үчүн эгемендүү түрк республикала-

рынын бирдиктүү гуманитардык саясатын ишке ашыруу зарыл. Идеология, илим, билим, адабият, өнөр жана басма сөз чөйрөсүндө жалпы баалуулуктарды жаратуу процесстерин кеңейтүү жана тереңдетүү - түрк дүйнөсүндөгү гуманитардык мамилелерди өнүктүрүүнүн негизги шарттары болуп саналат.

Түрк мамлекеттеринин ортосундагы шериктештик жөнүндө концептуалдык идеологиянын негизги максаты «**түрк мамлекеттеринин көз карандысыздыгына минималдуу түрдө да зыян тийгизе албай турган, интеграцияны ири мамлекеттердин Европа Бирлиги сыяктуу конфедеративдик формасына бириктирбеген жана эл аралык системанын эгемендүү субъекттеринин нормалдуу статусуна негизделген шериктештикти же бирликти түзүү**» экендигин автор баса белгилейт. Мындай Бирлик тууралуу идея эгемендүү түрк республикаларын көз көз карандысыздык жолунан эч качан чыгарбай турган өнүгүү жолдорун көргөзүүчү чыныгы саясий прагматика болуп саналат.

Көз карандысыздык – бул түрк мамлекеттеринин азыркы мезгилдеги биримдигинин кепилдиги, ал эми Биримдик – алардын Көз карандысыздыгынын өз ара кепилдиги. Көз карандысыздык жана Биримдик шериктештиктин жогорку ниети катары – өнүгүүнүн кепилдиги болуп саналат.

Китептин акыркы, жыйынтыктоочу бөлүгү «Түрк Мамлекеттер Бирлигинин Стратегиясы» тууралуу маселеге байланышкан. Бул бөлүктө изилдөөчү көз карандысыз түрк мамлекеттеринин улуттук стратегияларынын органикалык биримдигинин негизинде калыптанышы мүмкүн боло турган жалпы стратегиянын негизги принциптерин аныктайт. Автор биринчи планга улуттук, жалпы түрктүк жана дүйнөлүк параметрлерге негизделген геостратегиялык платформанын маанилүүлүгүн коёт. Автор эл аралык аренадагы жалпы түрк биримдигин түрк элдеринин диаспоралык уюмдары аркылуу уюштурууга жана бекемдөөгө багытталган иш-аракеттер координацияланышы же бир-бирине шайкеш келиши зарыл экендигин баса белгилейт.

Жаваншир Фейзиев заманбап дүйнөдө болуп жаткан алдыңкы процесстерге мүнөздүү болгон багыттарды жана зарыл болгон өзгөрүүлөрдүн пайда болушуна түрткү берүүчү факторлорду анализдеп чыгып, Түрк Мамлекеттер Бирлиги глобалдык саясаттын оң багытта өзгөрүүсүндө жана эл аралык мамилелердин өнүгүүсүндө кандай мааниге ээ экенин көргөзөт. Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү идеясы дүйнөлүк коомчулук үчүн пайдалуу, ал эми дүйнөлүк коомчулукту бекемдөөчү интеграция Түрк Мамлекеттер Бирлиги үчүн пайдалуу болуп саналат. Мындай процесстер бири-бири менен тыгыз байланышкан. Түрк Мамлекеттеринин дал ушундай эки

тараптуу пайдага негизделген Бирлиги «Евразияны бардык цивилизациялардын ортосундагы эң чоң диалог мейкиндигине, ал эми ошол цивилизацияларга таандык мамлекеттерди туруктуу өнүгүүнүн, кыйрагыс тынчтыктын, өз ара ишенимдин жана негиздүү өнүгүүнүн полигонуна» айландыруу ниетинен келип чыгат.

Глобалдык саясий процесстердин заманбап агымын, азыркы мезгилдеги прогрессивдүү ой жүгүртүүнүн перспективаларын, дүйнөнүн өнүгүүсүнүн диалектикасын, Жаңы тарыхтагы кыймылдаткыч жана багыттагыч күчтөрдүн оптималдуу конфигурациясын, ошондой эле Түрк Мамлекеттер Бирлиги өз маанилүүлүгүн бекемдөөсү зарыл экенин эске алганда, автордун парадигма-идеясындагы «баалуу маалыматка» төмөнкүдөй баа берүүгө болот: XXI-кылым **Жалгыздардын кылымы эмес, Шериктештердин кылымы болот**!

Жаваншир Фейзиев өзүнүн «Түрк мамлекеттер бирлиги: Глобалдык интеграциянын евразиялык үлгүсү» деп аталган монографиясынын үстүндө иштеп жатып, ар түрдүү тилдерде жазылган көптөгөн материалдарды жана илимий эмгектерди изилдеген, аларды терең анализдеген жана келечекке тиешелүү илимий тыянактарды чыгарган. Автордун ар түрдүү батыш тилдеринде жазылган ар түрдүү адабияттарды пайдаланышы, биздин оюбузча, анын чоң ийгилиги.

Мен «Түрк мамлекеттер бирлиги: Глобалдык интеграциянын евразиялык үлгүсү» деп аталган монографияны ыракаттанып окуп чыгып, анын кириш сөзүн да ыракаттанып жаздым. Мен бул чыгарманы илимибиздин маанилүү ийгилиги деп эсептейм.

Аягында, окурмандарга бул чыгарма тууралуу кайрылууну туура деп эсептейм.

Урматтуу окурмандар! Сиздерге сунушталып жаткан бул китеп түрк дүйнөсүн сүйгөн жана түрк дүйнөсүнүн тарыхын байыркы мезгилден баштап заманбап мезгилге чейин өзгөчө туруктуулук менен изилдеген кишинин эмгегинин натыйжасы жана ошол эле учурда бизди түрк дүйнөсүн сүйдүрө турган чыгарма болуп саналат. Бул китепте окурман түрк дүйнөсүнүн кечээги, бүгүнкү жана эртеңки күндөрүн өз башынан өткөрүп, Түрк Рухунун улуулугун сезет!

Мен Жаваншир Фейзиевдин бул баалуу эмгеги башка түрк тилдерине да которулушу керек деп ойлойм.

Авторго жаңы чыгармачыл ийгиликтерди каалайм!

**Ягуб МАХМУДОВ,**
***Илимге эмгеги сиңген ишмер,***
***Азербайжан Илимдеринин Улуттук Академиясынын***
***мүчө-корреспонденти, Мамлекеттик сыйлыктын ээси***

## КИРИШ СӨЗ

Түрк мамлекеттер бирлиги сыяктуу абдан чоң идеянын турмушка ашуусуна байланышкан Негизги Фаза аяктап калды, тактап айтканда анын баштапкы оор баскычы артта калды: Евразиядагы түрк элдеринин көбү Евразиянын акыркы ири империясы болуп саналган Орусиянын курамынан чыгып, өз мамлекеттеринин көз карандысыздыгын калыбына келтирип, евразиялык мейкиндиктеги эгемендүү жана улуттук түрк мамлекеттерин бузулгус шериктештикке алып бара турган жаңы *геосаясий жагдайды* калыптандырып жатат, ал эми мындай жагдай түрк элдерине жаңы тарыхый горизонтторду ачат. Эгер алар мындай мүмкүнчүлүктү пайдаланышпаса, эгемендүү түрк мамлекеттеринин айрымдары ири бир мамлекеттин таасири же карамагы астында калары белгилүү. Ошондуктан мамлекеттүүлүк жагынан чоң тажрыйбага ээ болгон жана болжол менен акыркы 200-жылдын ичинде «саясий компасты» жоготуп, ошонун натыйжасында II – миңжылдыктын аягында жана III – миңжылдыктын башында тарыхтын ачуу тажрыйбасын баштарынан кечирген бул жети көз карандысыз түрк республикалары оор абалдан чыгуунун жалгыз жолу - *биригүү аркылуу* чоң бир саясий мейкиндик түзүү экендигин түшүнүшүп, жогорку геосаясий деңгээлде саясий мамилелерди кура башташкан. Булар маданий-экономикалык кызматташтыкты кеңейтүү менен бирге чыныгы биримдикке карай жылып жатышат. Бир кездерде көз карандысыз мамлекеттерге жана жадагалса империяларга ээ болуп (мисалы, уйгурлар), ал эми азыркы кезде башка мамлекеттердин курамында өздөрүнүн улуттук коомчулуктарын жана автономиялуу түзүлүштөрүн уюштуруп жашаган түрк элдери жогоруда айтылган процесстерге ар кандай деңгээлдерде катышууга эми мүмкүнчүлүк алышты. Түрк мамлекеттер бирлиги жөнүндө идея жана түрк мамлекеттеринин ортосундагы шериктештик – сөзсүз ишке аша турган нерсе экендиги бүгүнкү күндө баарына түшүнүктүү болуп калды жана бул процессти артка кайтарууга, токтотууга, бузууга же тарыхтын логикасын өзгөртүүгө канчалык аракеттер жасалса да алар натыйжа бербейт. *Евразиянын саясий өнүгүүсү* бул аймактын баштан-аяк жаңылануусуна, ошондой эле бул аймакта күчтүү көз карандысыз саясат жүргүзгөн Азербайжан, Түркия, Казакстан, Кыргызстан, Түркменистан жана Түндүк Кипрдеги Түрк Республикасынын ортосунда бузулгус бир биримдиктин түзүлүшүнө, өз убагында үстөмдүк кылып жүргөн

күчтөрдүн өздөрүнүн эски чектерине кайтуусуна жана Евразиянын тынчтыктын, коопсуздуктун, туруктуулуктун жана туруктуу өнүгүүнүн мейкиндигине айлануусуна түрткү берет. Түрк элдери жашаган бул кенен географиялык мейкиндикте акыркы он жылдыктарда, тактап айтканда Көз карандысыздык Дооруна чейинки мезгилде империализм саясаты ырааттуу түрдө жана ар кандай формада таңууланып келген. Бул элдер жашаган аймактарда, ошондой эле алардын маданият жана интеллект чөйрөлөрүндө чоң мамлекеттер кожоюндук кылышкан, башкача айтканда, бардык материалдык жана адеп-ахлактык ресурстар империалисттик саясаттын кызыкчылыгы үчүн кызмат кылган. Бирок түрк республикаларынын эгемендүүлүгү башка мамлекеттер жүргүзгөн саясаттын «*түрк географиясынан*» кетүүсүн талап кылат. Түрк элдери өздөрүнүн маанилүү элдер экендигин жана алардын тарыхый мамлекеттүүлүгү улуу экенин түшүнүп, өздөрүнүн саясий-экономикалык максаттарын өз алдынча аныктай башташкан. Эми булар кайрадан кимдир бирөөнүн «вассалдары» же жадагалса күчтүү ири мамлекеттин канаты астында болуп калышы мүмкүн деп элестетүү мүмкүн эмес. Кайрадан көз карандысыздыкка кабылып калбоо үчүн эмне кылуу керек? Албетте, күчтүү болуу керек. Кантип күчтүү болууга болот? Албетте, түрк мамлекеттеринин бузулгус бир бirимдигин түзүү аркылуу күчтүү болууга болот. Бүгүнкү күндө биримдик – бул глобалдык жана регионалдык саясаттын багытын аныктоочу негизги фактор. Мисалы Европа Бирлигин карап көрөлү. Дүйнөнүн алдыңкы аймагы болуп эсептелген батыш Европа аймагында абдан күчтүү мамлекеттер жашап келген. Бирок алардын гегемониялык талаптары аларды Европадан башталган эки дүйнөлүк согуштарда бири-бирине кагыштырган. Аягында европалыктар төмөнкү нерсени түшүнүшкөн: жалгыз мамлекет каалаган мезгилде согуштан жапа чегип, каалаган убакытта кыйрап калышы ыктымал. Жалгыз мамлекетке эч ким коопсуздук кепилдигин камсыз кыла албайт. Күчтүү болуу деген түшүнүк – дайыма күрөш борборунда болуу жана күтүүсүз коркунучтардан качпоо деген маанини билдирет. Өз убагында көйгөйлөрдөн баштары чыкпай койгон Батыш Европа мамлекеттери күч - жалгыздыкта эмес, биримдикте экенин түшүнүшкөндө гана Европа Бирлигин түзүү идеясын көтөрүшкөн.Заманбап түрк мамлекеттеринде аларды бири-бири менен кагыштыра турган «ички карама-каршылык коркунучтары» жок. Бирок түрк дүйнөсүнүн бүтүндүгүн бузууну каалагандар бар жана алар «тышкы коркунучтарды» пайда кылышы мүмкүн. Мындай душмандар эзелтеден бери эле түрк аймактарын айланып жүрүшкөн, азыр да айланып жүрүшөт жана келечекте да айлануусун уланта беришет. Коркунучтарга дайыма даяр болуу, күчтүү болгон сайын биригүүгө аракет

кылуу, ал эми биригүү аркылуу андан да күчтүү болууга аракет кылуу – азыркы мезгилдеги түрк дүйнөсү үчүн негизги атрибут болуп саналат. Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиев белгилегендей, «Биз канчалык катуу жана натыйжалуу бириксек, биздин күчүбүз да ошончолук көбөйөт» [91). Бул чындыктын чынында эле альтернативасы жок. Түрк Мамлекеттер Бирлигинин түзүлүүсү башка мамлекеттерге жана биримдиктерге каршы багытталбагандыгын белгилеп коюу зарыл. Мындай бирлик согуштук-саясий блокторду түзүү максатын көздөбөйт жана өзүнүн айланасында да ушундай блоктордун түзүлүүсүн жана агрессивдүү көздөмдөрдүн айланасында жашоону каалабайт. Түрк Мамлекеттер Бирлиги эгемендүү түрк мамлекеттердин толук көз карандысыздыгынын жана түрк тектүү эл аралык субъекттердин негизинде түзүлөт. Мындай бирлик – дүйнө биримдигин бекемдөөчү, эл аралык коомчулукка жаңы энергия берүүчү, тең укуктуу эмес глобалдык саясаттын, сепаратизмдин, изоляциянын жана башка терс тенденциялардын үстөмдүк кылуусуна каршы көрүлө турган аракеттерди бекемдөөчү процесс болуп саналат. Европа Бирлиги XX-кылымда адамзаттын тарыхый-саясий жашоосунда жана эл аралык тынчтыктын сакталышында кандай милдетти аткарса, *Түрк Мамлекеттер Бирлиги* да ошондой эле чоң саясий тажрыйбага жана мүмкүнчүлүктөргө ээ боло алат. Мына ушундай Бирлик түзүлгөндө гана Түркиянын мурдагы президенти Тургут Озалдын «Жыйырма биринчи кылым - түрктөрдүн кылымы болот» деген сөзү өзүн өзү бышыктайт. Тургут Озал бул сөздү 1992-жылы айткан. Ал көз карандысыздыкка ээ болгон түрк республикаларынын ортосунда бир туугандык мамилелерди калыбына келтирүүдө өтө чоң роль ойногон. Ошол мезгилдерде эле комментаторлор ушул кыраакы оптимизмге жана кайраттуулукка карата өз пикирлерин билдирип жатып, Тургут Озал өз сөзүндө Түркияны гана эмес, бардык түрк мамлекеттерин да айтканын жана анын бул ою объективдүү чындыкка негизделерин түшүнүшкөн. Түрк биримдиги тууралуу идея жаңы эмес: XX – кылымдын башында эле жана Европа Бирлиги түзүлгөндөн мурда түрк дүйнөсүндө, ошону менен катар Азербайжанда жана Түркияда бүткүл дүйнө түрктөрүн бириктирүү жөнүндө демилге көтөрүлүп турган. Империалисттер тарабынан «пантүркизм» жана «панисламизм» деп аталган кыймылдар ошол мезгилде ырайымсыз куугунтукка алынып, аларга карата идеологиялык провокациялар жасалса да, алар өздөрүнүн тамырларын сактап кала алышкан. Жүз жыл мурда эле Түркия жана Азербайжан Элдик Республикасы улуттук саясаттын негизинде жалпы түрк биримдиги жөнүндө идеяны көтөрүшкөн. Тарых өзү өстүргөн бул идея XX – кылымдын аягында Түркия Республикасынын жана көз карандысыздыкка ээ болгон

түрк мамлекеттеринин ортосундагы өз ара мамилелерде байкала баштаган. Түрк Республикасы бардык мезгилдерде өзүнүн көз карандысыздыгын коргоп келген. Евразияны Алтайдан баштап Балканга чейин курчаган түрк этносунун биримдик сезими азыр кайрадан эл оозуна алына баштады. Бүгүнкү күндөгү эгемендүү түрк мамлекеттеринин ушул багыттагы иш-аракеттери - бүгүнкү күндүн зарылчылыгы. Мустафа Кемаль Ататүрктүн улуттук мамлекеттүүлүктү коргоодогу чечкиндүүлүгү жаңы жана жаш түрк мамлекеттери үчүн үлгү болуп калды. Мустафа Кемаль Ататүрктүн түрк мамлекеттеринин улуттук кызыкчылыктарын координациялоо боюнча жүргүзгөн саясаты Гейдар Алиевдин жана түрк дүйнөсүнүн таанылган лидерлеринин мезгилиндеги жаңы тарыхый шарттарда деле түрк мамлекеттеринин биримдигин камсыздоо багытында аткарылып жаткан иш-аракеттердин негизин түзөт. Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиев, ошондой эле Түркиянын жана башка түрк республикаларынын жетекчилери түрк дүйнөсүнүн саясий-экономикалык байланыштарын тереңдетүүгө багытталган документтерге кол коюу аркылуу өз өлкөлөрүнүн келечегине жол ачуучу тарыхый миссияны аткарып жатышат. Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиев белгилегендей, «Өлкөлөрүбүздүн ортосундагы бардык чөйрөлөрдөгү өз ара мамилелерибизде биз оң өнүгүүнү гана көрүп жатабыз. Бүгүн биздин ортобуздагы мамилелерди татаалдаштырган бир да маселе жок. Бир гана маселе бар. Бул маселе биздин ортобуздагы мамилелер канткенде мындан да толугураак жана бекемирээк болуп, мындан да пайдалуу багыттарга багытталган жаңы чечимдерди кабыл алууга алып келерин аныктоого же чечүүгө байланышкан». [9, 57-б.]. Бүгүнкү күндө түрк мамлекеттеринин ортосундагы өз ара мамилелерге байланышкан документтер декларациялуу мүнөзгө ээ эмес, алар биздин саясатты, экономиканы, маданиятты жана илим-билимди камтыган бардык багыттардагы мамилелерибиздин негизин түзөт. Ушундай көп тараптуу нерселердин негизинде гана биргелешкен саясий платформа, экономикалык география жана улуттук-маданий идентификация калыптанат. Эгер түрк тектүү элдерди жана алардын жетекчилерин туугандык сезимдер жана тарыхый генетикалык эс-тутум байланыштырбаганда, аларды материалдык жактан байланыштырып турган мунайзат түтүктөрү физикалык мүнөзгө гана ээ болуп, финансылык кирешеге гана негизделмек. Бирок биздин жүрөктөрүбүз жана ойлорубуз бир идеяга кызмат кылгандыктан бизди байланыштырган физикалык жана материалдык каражаттар андан бетер чоң мааниге ээ. Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиев дал ушул терең байланышты эске алып, минтип айткан: «Дүйнөдө Азербайжан жана Түркия сыяктуу бири-би-

рине жакын өлкөлөр жок». Мындай жылуу өз ара мамилелер түрк дүйнөсүнүн маңызын түзөт. Өз тарыхынын улуулугун жакшы түшүнүп, кылымдар бою катуу күрөш жүргүзүп келген жана мамлекеттик курулушта улуу деңгээлге жетишкен заманбап түрк элдери төмөнкү чындыкты түшүнүшү керек: жазылган жана жазылбай калган тарыхта түрк элдери улуу мамлекеттерди жана империяларды жаратышкан жана ошол мамлекеттердин жана империялардын курамында ар түрдүү мезгилдерде кээде ар кандай түрдө биригишип, кээде кайрадан бөлүнүп турушкан. Эми алар өздөрүнүн көз карандысыз мамлекеттерин эң жогорку деңгээлдеги биримдик абалына жеткириши керек. Түрк мамлекеттеринин тарыхы жана азыркы мезгили, ошондой эле материалдык-экономикалык жана адеп-ахлактык – интеллектуалдык ресурстарды камтыган чоң мүмкүнчүлүктөрү аларды бүгүнкү күндө – Евразиянын саясий маңызын өзгөртө ала турган фактор деп айтууга мүмкүндүк берет! Эл аралык саясаттын трансформациясын же өзгөрүүсүн камсыз кыла ала турган жалпы түрк биримдиги тууралуу долбоор - дүйнө үчүн маанилүү жана пайдалуу. Анткени мындай долбоор гуманизация жана демократизация саясатын толук өзгөртүүгө мүмкүнчүлүк алат. Түрктөрдүн *саясий маданиятына* таандык бардык баалуулуктар (адилеттүүлүк, теңдик, гуманизм, саясий адеп-ахлактуулук, жалпы адамгерчиликтүүлүк, улуттук тирек болгон нерселерди сыйлоо, улутка жана мамлекетке берилгендик, элдердин кул болуусу жана бөтөн бирөөлөрдүн ишмердүүлүгүнө көз карандуулугу сыяктуу көрүнүштөргө терс кароо) жогоруда айтылган долбоорго байланышкан мүмкүнчүлүктөрдү ишке ашырууга жол ачат. Бүгүн эл аралык саясаттын «жүгөнү» бир нече ири мамлекеттердин колунда турат. Алар ар кандай нерселерди себеп кылып, кээде «демократия» байрагын шылтоолоп, улуттук мамлекеттердин эл аралык мейкиндиктеги түзүлүшүн же түрүн өздөрү каалагандай кылып өзгөртүүгө аракет кылып жатышат. Алардын мындай аракеттери эл аралык укукка каршы келгенине карабастан алар өздөрүн ушундай кылууга укуктуубуз деп эсептешет. Мындай «тартиптерге» баш ийбегендер жазаланышат, алардын мамлекеттик аймактары конфликт очокторуна айландырылат, ал эми мындай очоктор башка мамлекеттерге кысым жасоо ыкмасы катары пайдаланылат. Демократия менен империализм бир-бирине шайкеш келбестигин көрүп турган коом мындай нерсеге каршы биригүү зарылчылыгын сезип турат. Түрк дүйнөсү эл аралык жана түгөнбөс пассионардык күчтөрдүн булактарынын бири болуп саналат. Анын адилеттүүлүктү жана демократияны коргоо укугун кубаттуу мамлекеттер моюнга алышы керек. Заманбап эл аралык системанын демократизацияга байланышкан таптакыр башка долбоорлору бүгүнкү глобалдык саясат-

тын планына киргизилип жатат. Биримдикти жактаган көз караштардын күчөшү ири мамлекеттерге бүткүл дүйнөгө жана планетанын жүрөгү болуп эсептелген Евразияга кысымдык көргөзүүгө, «арачы» болууга, өздөрүн жер үстүндөгү жана жер астындагы байлыктардын ээси катары алып жүрүүгө, аймактык мамлекеттерге алардын өздөрүнүн саясий эрки жана иш-аракет пландары жок болгонсуп жол көрсөтүүчү сөөмөй болууга жана мындай мамлекеттерди жетелөө же жетелебөө тууралуу патерналисттик кекирейүүчүлүк менен чечим кабыл алууга мүмкүндүк бербейт. Азыркы мезгилдеги ири мамлекеттердин глобалдык саясатка карата көз карашы жана глобалдык саясий аренадагы жүрүм-туруму бир гана принципке, тактап айтканда саясий сахнадан бара-бара жоголуп жаткан «Бөлүп башкар» деген эски принципке негизделет. Түрк элдери күчкө таянып бириктирүү ыкмасын азыркы кездеги ири мамлекеттерден алда канча мурда пайдаланып, бул жагынан эчак эле чоң тажрыйбага ээ болушкан. Муну улуу түрк империяларынын тарыхы тастыктайт. Эскирген дүйнөнүн мыйзамдары заманбап мезгилге туура келбейт. Азыркы мезгилде *Саясатка жана Дипломатияга*, Эл аралык укукка жана улуттук мамлекеттин кол тийбестигине негизделген шериктештиктин жаңы парадигмасы кеңири жайылган. Түрк мамлекеттеринин биримдигин камсыз кылуу үчүн ушул парадигманын алкагындагы бардык демилгелер жашоого жолдомо алууга укуктуу. Мындай демилгелер XX – кылымдын башында Европа Бирлигин түзүү учурунда канчалык зарыл жана табигый болгон болсо, Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү жолундагы демилгелер жана аракеттер да ошончолук маанилүү. Көз карандысыз түрк мамлекеттери заманбап эл аралык саясаттын талаптарына жооп берүү менен бирге түрк бирлигин түзүү идеясын ишке ашырууга акырындык, акылдуулук, эрктүүлүк, чечкиндүүлүк жана кыраакылык менен жакындашууда. Бүгүн түрк республикаларынын коомдук-саясий жашоосунда абдан маанилүү окуялар болуп жатат. Бул республикалар экономикалык жактан мурдагыга караганда күчтүүрөөк. Алар демократиялык институттарды күчөтүп жатышат жана эл аралык коомчулуктарды өнүктүрүү процесстерине кошулуу үчүн зарыл болгон маанилүү артыкчылыктарга ээ болуп жатышат. Түрк республикалары улуттук мамлекеттик базаны, ошондой эле ички жана тышкы саясатты бекемдөө менен бирге өздөрүнүн жалпы түрк биримдигин түзүү максаттарын да ишке ашырып жатышат. Түрк дүйнөсүнүн өнүгүүсү эл аралык биримдиктин бөлүгү болуп саналгандыктан көңүл борборун көбүрөөк ээлейт. Түрк мамлекеттеринин биригүү процессинин эволюциясы эл аралык саясий жашоонун динамикасына түрткү берүүчү маанилүү жана прогрессивдүү көрсөткүчтөрдүн бири болуп саналат. Алдыңкы дүйнөлүк басмака-

налар жана саясий аналитиктер бул процесске кылдаттык менен байкоо жүргүзүп, аны изилдеп, ага баа беришүүдө. Эл аралык коомчулуктун мындай көз карашы же теориясы түрк дүйнөсүнүн системалуу түрдө изилденүүсүнө олуттуу көңүл бурууга мажбур кылат. Мындай изилдөөлөргө олуттуу көңүл буруунун натыйжасында түрк элдеринин тарыхына жана маданиятына карата ар кандай максаттуу бурмалоолор жасалгандыгы жана аларга бир тараптуу мамиле кылынгандыгы ачыкка чыгууда. Түрк феноменине карата объективдүү мамиле кылуунун жаңы парадигмалары көрсөтүлүүдө. Бир топ европалык жана америкалык изилдөөлөрдө классикалык түрк мамлекеттеринин тарыхы демейде алардын азыркы абалына караганда коозураак кылып көрсөтүлүп, ал эми алардын азыркы абалы «деградация» абалына теңелип, заманбап дүйнөдөгү түрктөрдүн ордун атайын төмөндөтүү аракеттери жасалууда. Мындай изилдөөлөрдө улуу «багындыруучулардын» тукумдары бүгүнкү күндө Евразияда чачыранды болуп, прогрессивдүү адамзат менен бир деңгээлде жүрүүгө жөндөмсүз болгон жабык режимде жашашары айтылат. Башка мамлекеттердин курамында жашаган түрк тектүү элдердин да өз кыйынчылыктары жана көйгөйлөрү бар (алардын эң негизгиси өз тагдырын өз алдынча аныктоо укугуна байланышкан). Дүйнөнүн көптөгөн белгилүү чыгыш таануучулары, түркологдору, тарыхчылары, этнографтары, маданият таануучулары жана философтору түрк элдеринин тарыхын жана маданиятын ар кандай багыттарда изилдеп, аларга жогору баа беришип, жаңы изилдөөлөргө негиз түзүшүүдө. Түркияда жана башка түрк республикаларында, ошондой эле Орусияда жана бир катар европалык мамлекеттерде түрктөрдүн дүйнөлүк тарыхтын жана маданияттын өнүгүүсүндөгү орду ийне-жибине чейин изилденген. Заманбап түрк коомдорунун дүйнөдөгү абалы бекемделген сайын коомдук-саясий жана гуманитардык илимдер тарабынан алардын эволюциясына карата кызыгуу өсүп, аларды изилдөө чөйрөлөрү, аларга байланышкан темалар жана талкуулар кеңейүүдө.

Көз карандысыз түрк мамлекеттеринин миң жылдыктарды бириктирген тарыхый мезгилде түзүлүүсү алардын күчтөнүү процесстерине туура келген. XX – кылымдын 90 – жылдарында бир катар түрк республикаларынын көз карандысыздыкка ээ болуусу интеграциянын ыңгайлуураак жолун тандоо зарылчылыгын, тактап айтканда шериктештик түзүү зарылчылыгын пайда кылган. Түрк мамлекеттери бул жолкусунда мурдагыдай зордук менен биригүү жолун эмес, бири-бирине бир тууган катары кол беришип, бири-бирине бир тууган катары тирек болуу аркылуу биригүү жолун тандашты. Эми мурдагыдай «улуу агалар» жана «кичүү инилер» сыяктуу түшүнүктөр жок, эми баары БИР ТУУГАНДАР! Түрк элде-

ринин өкүлдөрү бир туугандыкты бардык материалдык жыргалчылыктардан жогору коюп, бири-бири менен жолугушуп, маселелерди жана перспективаларды биргелешип изилдешет. Түрк Элдеринин Бир туугандыгы, Достугу жана Кызматташтыгы деп аталган Съезддер, Түрк Мамлекеттеринин Жетекчилеринин Жогорку Деңгээлдеги Отурумдары, түрк мамлекеттеринин ортосундагы кызматташтык кеңешинин чогулуштары, TÜRKSOY (түрк элдеринин маданияты боюнча эл аралык уюм) уюмунун алкагындагы жолугушуулар, Түрк Мамлекеттеринин Парламенттик Ассамблеясынын сессиялары жана башка ушул сыяктуу иш-чаралар түрк республикалары көз карандысыздыкка ээ болгон мезгилдин башынан баштап эле туруктуу түрдө өткөрүлүп келүүдө жана алар түрк дүйнөсүнүн бүтүндүгүн камсыздоого багытталган иш-аракеттерди күндөн – күнгө кеңейтүүдө. Мындай иш-аракеттер бара-бара саясий-экономикалык жана коомдук-маданий мазмунга ээ болууда жана алар кеңейип, көбөйгөн сайын эл аралык мааниге ээ боло баштайт. Ушундай кызматташтык түрк элдерине жана дүйнөлүк коомчулукка канчалык көп пайда алып келсе, түрк мамлекеттеринин эл аралык жашоого жуурулушуусуна ошончолук көбүрөөк ишеним пайда болот.

Эгер дүйнөнүн саясий картасына кылдаттык жана геосаясий көз караш менен карай турган болсок, Борбор Азиядагы түрк республикалары – Кыргызстан, Казакстан, Түркменистан жана Өзбекистан бири-бири менен түздөн түз чектешип турат, ал эми Азербайжан Чыгышта Каспий аркылуу Борбор Азиянын түрк республикалары менен, ал эми Батышта Түркия менен чектешип турат. Евразиянын бардык аймактарында түрк мамлекетинин аймагы бүткөн жерден башка түрк мамлекетинин аймагы башталат. Дал ушул байыркы жер жана бул жерде жашаган байыркы түрк элдери Түрк Байрагын түзүү идеясы аркылуу биригишип, бул идеяны ишке ашырышкан. 2012 – жылы 23-августта Кыргызстандын борбор шаары Бишкекте, Түрк тилдүү мамлекеттердин Кызматташтыгы боюнча Кеңештин жетекчилеринин экинчи жолугушуусунда кабыл алынган Түрк мамлекеттер Байрагы түрк республикаларынын улуттук атрибуттарын чагылдырып, түрк дүйнөсүнүн келечекке алып баруучу жолун жарык кылган маяк болуп калды. Байыркы көк түрк империясындагы түрк элдерди бириктирген туу болжол менен бир жарым миң жылдан кийин евразиялык мейкиндикте түрк мамлекеттеринин жалпы Туусу же Байрагы катары кайрадан көтөрүлүүсү тарыхтын талашсыз логикасы болуп саналат. Евразиядагы түрк дүйнөсүнүн географиясы бузулгус бир геосаясий мейкиндик болуп саналгандыктан түрк мамлекеттер биримдигинин бекемделиши бул мейкиндикке башка бирөөлөрдүн таасир берүүсүнө же кийгилишүүсүнө эч кандай жол бербейт. Түрк мамлекеттеринин ортосундагы биримдиктин

кадырынын эл аралык саясий аренада өсүүсү Евразиянын коопсуздугу үчүн кепилдик боло алат.

Көз карандысыз түрк мамлекеттери тил, маданият жана тарых менен гана чектелбейт. Азыркы мезгилде жүрүп жаткан жалпы дүйнөлүк процесстер жаңы тарыхый-саясий мазмунга ээ болуп жатат. Тез өзгөрүп жаткан дүйнөдөгү саясий системалардын алдында глобализацияга кошулуу же кошулбоо тууралуу эч кандай дилемма жок, анын ордуна дүйнөнү башкаруу процессине кандай деңгээлде катышу керек деген маселе турат. Дүйнөдө акыркы 50–60-жыл ичинде болгон өзгөрүүлөрдүн натыйжасында пайда болгон жаңы жагдай XX – кылымдын ортосундагы эл аралык саясаттын салмактуу конфигурациясынан кыйла айырмаланат. Азыркы мезгилде дүйнө «эски ыкмалар» менен жашай да, башкарыла да албайт. Бүгүнкү күндөгү эл аралык жашоодогу жаңы саясий жагдайдын чындыгы мына ушунда турат. Башкаруунун глобалдык функцияларын камтыган БУУда маанилүү реформаларды жүргүзүү жөнүндө сунуштар жана талаптар барган сайын көбүрөөк айтылууда. Дүйнөнү башкарган мамлекеттер мындай учурда анча-мынча келишүүлөргө баруу керек экенин түшүнүшүп, дүйнөнүн ар түрдүү аймактарындагы окуяларга баа берүүдө активизацияланып жаткан мамлекеттердин көз караштары менен да анда-санда эсептешүүгө мажбур болушууда жана өздөрү да каалабастан алардын глобалдык саясатка жигердүү катышуусуна мүмкүнчүлүктөрдү түзүшүүдө. Мындай процесстин алгачкы белгилерин «дүйнө титандарынан» турган G-7 («Чоң жетилик») уюмунун G-8 («Чоң сегиздик») уюмуна, андан кийин G-20 («Чоң жыйырмалык») уюмуна айлануусунан байкоого болот. Бирок мындай өзгөрүүлөр деле дүйнөлүк саясий системанын чыңалган абалдан туруктуу абалга өтүүсүн камсыз кыла албай жатат. Демек дүйнөнү башкаруунун эң ылайыктуу түрүн же формасын табуу зарылчылыгы менен бирге глобалдык башкарууну жаңы саясий абалга шайкеш келтирүү талабы да пайда болду. Бүгүнкү күндө ар кандай тез өзгөрүүлөргө кабылып жаткан планетадагы эл аралык саясаттын жаңы платформасы үстөмдүк кылуучу мамлекеттер тарабынан эмес түздөн-түз Дүйнөлүк Коомчулук тарабынан иштелип чыгышы керек. Глобалдык башкаруунун жаңы механизми ар кандай формадагы доминанттык же үстөмдүк кылуучу саясаттын сакталышына, ошондой эле кандайдыр бир субъекттин же субъекттердин бир тараптуу тартипте үстөмдүк кылуусуна же болбосо алардын дүйнөлүк коомчулукка өз эркин таңуулоосуна жол бербеши керек. Бардык эл аралык субъекттер эл аралык саясатты тең укуктуулуктун негизинде алып бара алышканда гана глобалдык саясат да тең укуктуу мүнөзгө ээ болуп, өз шериктеринин бардык күчтөрүн дүйнөнүн масштабдуу көйгөйлөрүн чечүүгө багыттай алат. Ошентип, заманбап

дүйнөнүн саясий жашоосунда дүйнөнү башкарууга катышуу үчүн күрөшүү жүрүп жатат. Түрк Мамлекеттер Бирлиги дал ушул чөйрөдө жанданып, жайлуу эл аралык саясий жагдайдагы жалпы дүйнөлүк саясатты аныктоо жоопкерчилигин өзүнө алып, бардык түрк мамлекеттеринин дүйнөлүк саясатка катышуусун камсыз кыла алат. Глобалдык саясий системанын эл аралык адилеттүүлүгүнө жана архитектоникалык түзүмүнө негизделген универсалдуу идеяга ылайык улуттардын биримдиги гана адамзаттын чыныгы субстанциясын же түп негизин билдире алат. Заманбап дүйнөлүк коомчулуктун калыптануусун, ошондой эле бүткүл дүйнөлүк демократизация жана модернизация кыймылынын кеңейүүсүн камтыган азыркы мезгилде эгемендүү демократиялык мамлекеттердин тыгыз биригүүсү - планетардык саясий - антропологиялык системаны өнүгүүнүн жаңы баскычына, ал эми адамзаттын өкүлдөрү болгон улуттарды жаңы жана кененирээк кызматташтыкка багыттайт. Бул жагынан алып караганда глобалдык башкаруунун келечектеги өнүгүү сценарийине түрк цивилизацияларынын өкүлдөрүн камсыздоо маселеси - түрктөрдүн келечектеги глобалдык саясий сахнадагы тагдырын чече ала турган маселе болуп калууда. Көз карандысыз түрк мамлекеттери биринчи кезекте бири-биринин ортосундагы консолидация процесстерин күчөтүү жана Түрк Мамлекеттер Бирлиги статусуна ээ болуу аркылуу гана глобалдык системанын мүчөлөрү боло алышат. Түрк Мамлекеттер Бирлиги идеясын ишке ашырууда жетиштүү деңгээлде топтолгон тажрыйбага жана эл аралык масштабдагы баага таянуу керек. Мындай тажрыйба чогултуу аракети бүгүнкү күндөгү теориялык ой жүгүртүү чөйрөсү үчүн маанилүү милдеттердин бири болуп саналат. Окурмандарга сунушталып жаткан бул китеп дал ушундай муктаждыктан келип чыккан.

# I - БӨЛҮМ

# ТАРЫХТАН ЖАРАЛГАН КЕЛЕЧЕК

# 1. ТҮРК МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮНҮН ГЕНЕЗИСИ: ТАРЫХЫЙ ЖАНА САЯСИЙ МАМИЛЕЛЕРДИН ДИНАМИКАСЫ

Түрк элдери үчүн тарых алар жашаган мезгилди гана эмес, алардын руханий биримдигин жана генетикалык эс-тутумун да камтыйт. Түрктөрдүн жазылбаган тарыхы алардын жазылган тарыхындай эле тирүү. Ошондуктан «түрк элдери тарыхты жазышкан эмес, алар тарыхты жаратышкан» деген сөз алардын масштабдуу мүнөзүнүн сапаты болуп саналат. Алар жылнамаларды жаратпаган кезде да өздөрүн тарыхый-руханий бир бүтүндүктүн ичинде жана кандайдыр бир тарыхый жоопкерчиликтин оордугунун алдында тургандай сезишкен. Эгер алар көптөгөн муундар өткөн мезгилдерде болуп өткөн нерселерди кийинки муундарга айтып бербегенде тарыхты жаратышмак эмес. Түрк элдеринин тарыхый хроникасы омуртканын сөөктөрүн жана мээ быткылдарын элестетет. Түрктөр өздөрүнүн өткөн мезгилин, азыркы мезгилин жана келечегин органикалык бир бүтүндүк катары сезишет. Мындай бүтүндүктү Стамбулдагы Топканы Сарайынын музейинде сакталган XVI – кылымдагы атчандын сүрөтүнө салыштырууга болот. Бул сүрөттө жоокер атын алдыга карай чабып бара жатат, бирок өзү ээрдин үстүндө артка карай бурулуп, жаасынын жебеси менен бир нерсени мээлеп жатат. Бул сүрөттү тереңирээк символикалык мааниде карай турган болсок, атчан жоокер алдыга кетип бара жаткан, бирок ошол эле учурда өткөн мезгил жөнүндө ойлонуп жаткан акылманды элестетет. Түрк элдери «согуш талаасындагы» атчандар жана аттар жөнүндө дайыма мынтип айтып келишкен: өткөн мезгилди унуткандардын аттары дайыма чалынат. Түрк элдеринин Каган Билге (Көк түрктөрдүн Чыгыш каганатын 1716-жылдан баштап башкарган каган) сыяктуу акылмандары түрктөрдү дайыма *Бүтүн жана бир тарыхта* болууга чакырган. Ал минтип айткан: түрк элдери өткөн мезгилди карап, андан келечекти көрүшү керек, ал эми келечектен өткөн мезгилди көрүшү керек. Түрктөр убакыттын бүтүн бир агымында болушкандыктан эч качан жаңылышпайт жана эң татаал жагдайларда туура чечим кабыл алып, мезгил менен «бардык тилдерде» «сүйлөшө» алышат. Алардын өткөн мезгили да, келечеги да караңгы эмес. Ошондуктан тарыхтан жаралган түрк элдери бардык кыйынчылыктарга карабастан келечекке чечкиндүүрөөк жана ак көңүлдүүлүк менен кадам таштащат.

Түрк мамлекеттүүлүгүнүн генезисин изилдөөнүн натыйжасында калыптанган алгачкы көз караш төмөнкүдөй (балким, парадоксалдуу же таң калычтуу!): түрк элдери өздөрүнүн мамлекети менен бирге туулгандай таасир калтырат. Алардын этнос катары жазылып же айтылып келген тарыхы алардын мамлекети менен бирге башталат. Метин Айдоган туура белгилегендей, «Түрк элдериндей ушунчалык көп жана ар түрдүү мамлекеттерди жараткан башка улут жок жана бул нерсе бүгүнкү күндө баары тарабынан кабыл алынган жалгыз чындык болуп саналат». Чоң мейкиндиктерге бардык мезгилдерде кеңири тараган түрк элдери көптөгөн ар түрдүү мамлекеттерди жаратышкандыктан бир кезде *мамлекеттерди жаратуучулардын тарыхы* болуп калышкан.

Түрк элдери көп жылдар бою согушуп келишкен, жеңиштерге жетишкен, жеңилүүгө дуушар болушкан, кайрадан күчтүү болушкан же тескерисинче кубатын жоготушкан. Алар кээде башка коомдорго аралашып кетишкен, кээде алардын ичине сиңип кетишкен, бирок эч качан мамлекетсиз калышкан эмес [98, 43 б.]. Түрк элдеринин мамлекеттик жашоосунун өтө негиздүү жана маанилүү мүнөзүнө венгр тарыхчысы Лигети да көңүл бурган. Ал минтип айткан: «Түрк элдери – бул жоокер элдер. Алар жоокердик чеберчиликти мыкты өздөштүрүшкөн. Биз алардын уюштуруучулук жана мамлекеттерди куруу жөндөмдөрүнө канчалык суктансак да аздык кылат» [123, 34 б.]. Улусту (элди, улутту) мамлекет катары кабыл алуу, ал эми мамлекетти улус (эл, улут) катары кабыл алуу – түрк элдеринин социалдык-саясий системасынын маңызын түзөт. Улус (эл, улут) – мамлекеттин аскери, руху жана далдаасы. Мамлекеттин пантеону «жоокер-улуттардан» түзүлөт. Ошондуктан «түрк мамлекеттеринин негизин аскер кубаттуулугу түзгөн» [292, 21-40 б.].

Ушундан улам түрктөр кайсыл жакка барышса да өздөрү менен кошо өз мамлекеттерин же «мамлекеттик архитектура долбоорлорунун элестерин» ала барышкан. Ошондуктан тарых жактан алып караганда, түрк элдеринин бардык мамлекеттери архетиптик жагынан окшош.

Түрк элдери тарабынан Евразиядагы Алтай тоолорунун жанында, Енисей дарыясынын боюнда, ошондой эле Абакан жана Туба аймактарында түзүлгөн негизги мамлекеттер төмөнкүлөр: Сак империясы (түрк элдери өз империяларын «каганаттар» деп аташкан), Гунндардын улуу империясы, Гунндардын батыш империясы, Гунндардын чыгыш империясы, Гунндардын ак империясы, Көк түрктөрдүн империясы, Авар империясы, Хазар империясы, Уйгур империясы, Карахан империясы, Газневи мамлекети, Улуу сельжук империясы, Азербайжандын атабектеринин мамлекети, Ирактын сельжуктарынын мамлекети, Сириянын сельжуктарынын мамлекети, Кирман-

дын сельжуктарынын мамлекети, Анатолиянын сельжуктарынын мамлекети, Хорезм шахтарынын мамлекети, Түрк-монгол империясы, Алтын Ордо империясы, Сибирь, Казань, Крым, Ногай, Гасым, Астрахань хандыктары, мамлүктөрдүн мамлекети, Осмон империясы, Моголдор империясы, Дели Түрк султанаты, Каракоюнлу мамлекети, Аккоюнлу мамлекети, Сефевиддер империясы жана андан кийинки Азербайжан хандыгы. Ушул мамлекеттердин баары акыркы үч миң жылдын ичинде өзгөрүп олтуруп дүйнөлүк тарыхтын өнүгүүсүндө негизги өзгөртүүчү милдетти аткарышкан [230; 241; 128; 100; 153; 182].

Ушул мамлекеттерди жана империяларды жараткан түрк суперэтносу маанилүү мүнөздөмөгө жана чечүүчү мүнөзгө ээ: түрк суперэтносу башынан эле бир түрдүү болгон эмес, ал ички этникалык түзүмдө эволюцияланып олтуруп, ачык универсалдуулук көз карашын карманган жана башка этникалык системалардын ажырагыс бөлүгү болуп калган. Бирок түрк элдери мамлекет куруу жоопкерчилигин жана ага байланышкан кыйынчылыктарды бардык мезгилдерде өздөрүнө жүктөшкөн. Ал эми курулган мамлекеттин ичинде алар этносистеманын тиреги жана аны *бириктирүүчү компонент* болушкан. Бирок ушундай «алтын тартип» иштебей калган кезде мамлекеттин негиздери бошой баштаган. *Түрк пассионардуулугу* [155, 122-132 б.] түрк элдеринин мамлекет куруу чөйрөсүндөгү ишмердүүлүгүн дайыма кенен масштабдарга алып чыгып, түрктөргө жеңип алуучулук жана басып алуучулук миссиясын берип келген.

Борбор Азиядагы алгачкы мамлекеттерди жараткан «түрк тилдүү гunndar» жөнүндө алгачкы тарыхый маалыматтар [153, 200-201-б.] байыркы кытай булактарында бар (ал булактарда түрк тилдүү гунндар *гу, гунн, гунну, хъюнг-су, хъюнг-ну, хъянюн, гунюй* деп аталат). Бийлиги узак убакытка созулбаганы менен тарыхта чоң из калтырган гунндар (болжол менен биздин доордун VI – кылымына чейин гунндардын этнос катары жашоосу токтоп, алар тарыхый сахнадан кетишкен) биздин заманга чейинки 1764-жылдагы, андан кийин биздин заманга чейинки 822 жана 304 – жылдагы кытай жылнаамаларында айтылат [154, 27-б]. Бирок эки миң жылдыктар кошулган мезгилде азиялык булактарда (Кытай) да, европалык булактарда да гунндар эң кубаттуу суперэтнос жана армия-империя катары баяндалат.

Планетанын чыгыш жарым шарында эң улуу империялардын бирин жараткан гунн-түрк урууларынын бириккен топтору (б.з.ч. III-кылым – б.з. V-кылым) Алтайдан Кытайга, Каспий деңизи менен Түндүк Кавказдан Азов деңизине жана жадагалса Чыгыш Европага чейинки кенен аймактарды басып алышкан. Империянын батыш бөлүгү 405 – жылы Римге кирген, ал эми чыгыш бөлүгү V –

кылымдын аягында жана VI – кылымдын башында Индияга чейин барып, Гупта империясын басып алган [106, I т.; Тюрки, I т.].

Гунн-түрктөр Евразияда бекемделип, өз таасир чөйрөсүн кеңейтишкен жана ошол эле учурда аларга башка этностор да жуурулушуп, алардын бир бөлүгүнө айланышкан. Б.з.ч. IV – кылымда ошол мезгилде 24-уруудан турган гунн-түрктөр күчтүү бийлик жаратышкан [182, 25-б]. Б.з.ч. III – миң жылдыктан баштап Түндүк Кытайдан Азиянын батыш бөлүгүнө чейинки бардык багыттарда гунн-түрк этносунун кеңейүүсү жана бекемделүүсү байкалган.

Борбор Азияга чектеш аймактарда жашаган кытайлыктар көп кылымдар бою гунн-түрктөр менен согушуп, аларга жеңилип келсе да Түндүк Кытайдын жергиликтүү элинин, тактап айтканда «каракытайлардын» теги гунндар экенин моюндарына алышат. Гунндар менен кытайлардын кошулуусунан пайда болгон «прото-гунндук (прото-түрктүк) этникалык субстрат» [154, 19-б] бара-бара өзүнө башка этносторду кошуп олтуруп, гетерогендик мүнөзгө ээ болгон. Бирок ал өзүнүн этникалык өзөгүн, тактап айтканда гунн-түрк генотибин сактап кала алган жана өзүн Улуу Талаа шарттарында жашоого үйрөтүп, жоокер-эл катары өзүнүн согуштук чеберчилигин дайыма жакшыртып турган.

Ошондуктан гунн-түрктөр башка урууларды гана эмес, каардуу климаты менен өзгөчөлөнгөн Улуу Талааны да жеңе алышкан жана Азиядагы алдыңкы эл болуп эсептелинген. «Дүйнөнүн улуттук ар түрдүүлүгү» жөнүндө ой жүгүртүп, аларды өзүнүн уникалдуу изилдөөлөрүндө (мурдагы китептеринде) айырмалап көргөзгөн Георгий Гачевиндин «космо-психо-логос» деп аталган концепциясы боюнча ар бир эл – өзү жаралган жергиликтүү чөйрөнүн жана кайталангыс табияттын үзүрү же жемиши; эл деген түшүнүк баарынан мурда өлкөнү жана жерди билдирет. Бирок «табияты» толук бойдон улуттук маңызга өтүп, жоголуп кеткендей таасир калтырган элдер да бар. Ошондуктан еврейлер жана армяндар кайсыл жакка барышса да ал жакта «еврей» же «армян» болуп отурукташып, ошол «мейкиндик-космосто» өздөрүнүн этникалык атомдорун жаратышат [148, 11-27-б].

Түрк элдерине «космо-психо-логос» деп аталган бузулгус система таандык. Алардын Табияты жана Мүнөзү аларга жаңы жерлердин рухуна ылайыкташууга түрткү берген. Ошондуктан бардык заманбап түрк мамлекеттеринде Табият жана Мүнөз жалпы бир системаны түзөт, ал эми алардын «космо-психо-логосу» туруктуу чыгармачыл мүнөзгө ээ.

Бул система ушунчалык динамикалуу (дайыма өзгөрүлүп турма) болгондуктан тилдин өнүгүүсү сыяктуу консервативдүү процесс да өзүнө турмуштук тажрыйбаны алып, табигый нукта бара жатат.

Жазуусу жок болгон гунндардын тили эң улуу жазуу эстеликтерин жараткан түрк тилине айлануусу дал ушул тилдин өнүгүүсүнүн натыйжасы болуп саналат. Эгер түрк жана гунн тилдеринин жалпы тамыры болбогондо аларда мындай «күтүүсүз бурулуш» болмок эмес. Кийинки миң жылдыктарда түрк тилдери дал ушул процесстин уландысы катары ушул негизден тармакталып, дүйнөдө *Түрк тилдеринин чоң бир байтобу*, ал эми тарыхый сахнада генотиптин маңызын сактаган жаңы империялар жана мамлекеттер пайда болгон. Байыркы Азиянын тарыхына карата жүргүзүлгөн классикалык изилдөөлөрдүн автору Рене Груссе «түрк-монгол гунн урууларынын» тилдеринин жана маданияттары бара-бара айырмалана баштагандыктан бардык Евразияда ар түрдүү жана универсалдуу этномаданий системанын пайда болгондугун белгилеген [241, 8-24-б]. Илим чөйрөсүндө гунн жана түрк тилдеринин жалпы тамыры жөнүндө талкуулар дагы деле жүрүп жаткандыгына карабастан бул маселеде эч кандай пикир келишпестиктер дээрлик жок; буга макул болбогонго эч кандай себеп жок, «анткени түрк тилдер тобуна кирген телес тили менен уйгур тилинин лингвистикалык жакындыгын тастыктаган далилдер бар» [154, 52-53-б]. Ал эми уйгурлар кийинки мезгилдерде деле гунн, түрк жана монгол дүйнөлөрүн этникалык жактан жакындатуучу функцияны улантышкан. Ушундай эле процесс башка тарапта да, тактап айтканда Азиянын батышындагы жана Европанын чыгышындагы түрк-татар аймагында орун алган.

Белгилүү америкалык антрополог Карлтон Стивенс Кун изилдөөлөрдүн негизинде төмөнкүдөй тыянакка келген: «Темир кылымда гунндар жана түрктөр Европа тарапты карай жайылгандан кийин» алар жергиликтүү элдер менен аралашып, европалык расанын белгилерине да ээ болушкан жана кийин кайрадан Азияга барышканда ал жактагы элдерге да өздөрүнүн расалык белгилерин жайылтышкан [165, с.202-205, 248, 428, 572, 610, 625]. Түрк элдери өздөрүнүн антропологиялык өзгөчөлүктөрүн сактап, ошол эле учурда Евразиянын ар түрдүү антропологиялык өзгөчөлүктөрүн өздөрүнө сиңирип, эстетикалык жактан уникалдуу физиономикалык түзүлүшкө ээ болуп, ар түрдүү табигый шарттарда жашоого жөндөмдүү жана ийкемдүү элге айланышкан. Биздин замандын V – кылымына чейин Борбор Азиядагы гунндар баш болгон бардык түрк элдеринин этно-бирикмелери жана санжыралары эволюция процессин аяктап, толук калыптанган [154, 301-б]. Кийинки кылымдарда (айрыкча V-VII кк.) гунн-түрк суперэтносунун ички эволюциясында түрк дүйнөсү алдыңкы планга чыгып, түрк элдери VII-VIII – кылымдарда эле Борбор Азиядагы үстөмдүк кылуучу элдерге жана согуштук-саясий күчкө айланышкан. Тарых жагынан алып караганда, ***Улуу гунндардын*** салтынын ордуна ***түрктөрдүн Улуу доору*** келген.

Байыркы булактарда *«ту-у, тукью, тукьюе, тюркют, тёрюк»* жана акыры ТҮРК деп аталып келген суперэтнос Евразиянын бир жарым миң жылдык тарыхында байыркы мамлекеттүүлүктү заманбап мамлекеттүүлүккө чейин өнүктүрүп келишкен [152, 168-170-б; 241, 60-66 -б; 94, 13; 71 -б, 24-б]. Түрк – бул өз тагдырын бардык элдердин тагдырларына байланыштырган улус. Белгилүү түрколог Фаруг Сүмердин пикиринде, «*түрк*» деген этнонимдин келип чыгышы «*төремек*» («*törəmək*») (уңгу сөз «*törə*», «*töru*») деген сөзгө байланыштуу [73, 9-б]. Бул сөз башка тилдерден өздөштүрүлгөн эмес экендиги жана башка тилдерде эч нерсени билдирбегендиги белгилүү. Түрк элдери өздөрүн өздөрү ушинтип атап алышкан. Кийин мындай аталышты бүткүл дүйнө кабыл алган. «Түрк» деген сөз VI-VIII – кылымдардан баштап түрк жана башка элдердин этникалык, саясий жана маданий түшүнүктөрүндө катуу бекемделип калган.

Акыры биздин доордун биринчи миң жылдыгынын башында «Евразиянын жүрөгү болуп саналган, Кытайдан Карпатка чейин созулган, ошондой эле түндүктөн сибирь тайгасы, ал эми түштүктөн Иран түздүгү жана Персиянын оазиси менен курчалган Улуу талаа аймагы» акырындык менен түрк дүйнөсүнүн бирдиктүү бир этносаясий мейкиндигинин формасына ээ боло баштаган. Ал мейкиндик дайыма кыймыл абалында болуп, өзгөрүп турган. Байыркы мезгилде гректер бул аймактарды Скифия, түштүктөгү фарстар – Туран (Туран – түрк элдери жашаган аймак), ал эми түштүк-чыгыштагы кытайлар Бей-ху деп аташкан [151, 3-б].

Түрк каганатынын жерлери VI – кылымдын аягында батышта - Византия, түштүктө – Персия жана Индия, ал эми чыгышта – Кытай менен чектешкен. Түрк каганаты өнүгүп турган доордо бул өлкөлөрдүн тарыхындагы бардык чукул өзгөрүүлөр түрк бийлигинен жана ага таандык өкмөттөрдүн тагдырларынан көз каранды болгон. Түрк дүйнөсүнүн этносаясий эволюциясы ички интеграциянын зарыл баскычынан өтүп, болбой койбой турган дифференциацияга же жиктелүүгө пайдубал же негиз салган. Гунн-түрк суперэтносу Чыгыштан Батышка карай жүргөн учурда гунндардын ичинде *түрк* элдеринин артыкчылыгы сезилген. Ал эми кийинки жүз жылдыктардын ичинде түрк элдеринин арасында огуздар үстөмдүк кылып, биринчи планга Сельжуктардын, Осмондордун жана Кызылбаштардын бийлиги көтөрүлгөн. Ошентип түрк дүйнөсүнүн Чыгыш жана Батыш «флангдары» бара-бара бир-биринен алыстап олтуруп, ар бири өзүнчө да жиктеле баштаган. Бүткүл Евразияны бойлой жайгашкан түрк мамлекеттеринин саны бара-бара өскөн жана алар башка мамлекеттер менен гана эмес, бири-бири менен да согуша башташкан...

Евразиянын тарыхын жана түрк этногенезин мыкты изилдеген Лев Гумилёв алгачкы мамлекеттерди түзгөн «байыркы түрктөрдүн»

жана этно-тарыхый дифференциациянын натыйжасында пайда болгон *жаңы муун түрктөрүнүн* тамырлары бир деп айтканы менен ошол эле учурда «ата-эл» менен «уул-элдердин» ортосундагы төмөнкү айырмачылыкты көргөзгөн: «байыркы түрктөр» тилден баштап мамлекетке чейинки өздөрүнүн пассионардык энергиясын кийинки муунга (алардын ордун басуучуларга) өткөрүп берип, гунндарга окшоп тарыхый сахнадан кетишкен [152]!

Эгер заманбап түрк тилдерин (башка тилдерден өздөштүрүлгөн сөздөрдөн тышкары) «тарыхый калыбына келтире турган болсок» байыркы түрк тилдеринин булактарына кайтып барууга болот. Анткени заманбап түрк тилдеринин ар бири (огуз тобуна кирген тилдер да) байыркы түрк тилинин негизги бөлүгүн тиги же бул деңгээлде сактап калган (кээде алардын окшоштугу таң калтырат).

Байыркы түрк элдеринин этно-тарыхый дифференциациясы же жиктелиши бара-бара аларды Евразиядагы согуштук-саясий процесстердин жаңы горизонтторуна алып чыккан. Ушундай процесстердин натыйжасында 552 – жылы аталышында «түрк» деген этноними бар алгачкы мамлекет, тактап айтканда *Көк түрк империясы* түзүлгөн. *Көк түрктөр тарыхта биринчи болуп жалпы түрк саясатына жана түрк идеологиясына негизделген мамлекетти курушкан*. Белгилүү француз окумуштуусу Рене Гирауд өзүнүн XX – кылымдагы тарыхый илимдин классикалык үлгүсү болуп саналган жана көптөгөн тилдерге, ошонун ичинде түрк тилине да которулган китебин бүт бойдон Көк түрк империясына арнаган. Ал алгачкы булактарга, ошондой эле байыркы *түрк элдеринин жазуу эстеликтерине жана алгачкы документтерине таянып, көк түрк империясы ага чейинки жана андан кийинки мамлекеттердин ортосунда генетикалык байланыш түзүүчү тогоонун милдетин аткарган деген тыянакка келген*. Ал өзүнө маданиятты саясатташтырган жана саясатка цивилизациялык мүнөз берген социалдык-саясий системанын негизги атрибуттарын жана сапаттарын бириктирген *функционалдык мамлекет* болгон. Аны мыкты мамлекеттик түзүлүштөргө ээ болгон байыркы мамлекеттерге салыштырса болот.

Көк түрк деп аталган түрк мамлекетинин каганынын жана элинин пайда болушун асманга, тактап айтканда Кудайга байланыштырышкан (түрк тилинде «Танры» - Жараткан Кудай же Теңир). Каган менен эл биригип аларга Кудай тарабынан берилген миссияны аткарышат. Кудай («Теңир») тарабынан Буминге жана Истемиге белек катары берилген бул каганаттын негизги максаты – өз элин сактоо жана улуттук биримдикти бекемдөө болгон [107, 103-б]. Көк түрктөр эч качан «кудайлар» деп айтышкан эмес, алар дайыма «кудай» деп айтышкан. Алардын дал ушундай диний модели Ислам динин кабыл алуудагы негизги фактор болуп калгандыгында да шек жок.

Дүйнө жүзүндө жашаган түрк элдери азыркы күнгө чейин «Аллах» деген сөз менен «Кудай» деген сөздүн ортосуна эч кандай айырма коюшпайт жана бул эки сөздү синоним катары кабыл алышат.

Көк түрк империясы кошуна мамлекеттер менен согуш тилинде да, дипломатия тилинде да сүйлөшө алган жана ырайымсыз согуштарда жеңиштерге жетип, аймактык саясатты өз колунда кармаган. Мисалы, 726 – жылы Тибет мамлекети Көк түрк империясын Кытайга каршы биригүүгө чакырганда мамлекет башчысы, акылман каган Билге баш тарткан. Кийинки окуялар каган туура чечим кабыл алгандыгын тастыктаган: эгер ал Тибеттиктердин сунушуна макул болгондо, Кытай менен согушуу узакка созулуп, ал тибеттиктердин көйгөйүн да өз мойнуна жүктөп ошол эле учурда өз элин да оор абалга коюп коймок.

Өзөгүн огуз уруулары түзгөн көк түрк империясы Ильтериш жана Билге деп аталган кагандар башкарган мезгилде катуу өнүккөн. Түрк уруулары бир мамлекеттүүлүк деген идеянын айланасына биригишкен («түрк-бодун» деген сөз тогуз огуз урууларынын биригүүсү жана бир элдин түзүлүүсү деген маанини билдирет). Мамлекеттик система өзүнүн иерархиялык социалдык-саясий институттарын түзгөн. Мамлекет жана эл ушул институттардын же системалардын иштешин камсыз кылуу үчүн чарбаны калыптандырган. Негизинен мал багуу менен алектенген көк түрктөр бара-бара ар түрдүү аймактарга отурукташып, жадагалса шаардык жашоого өтүшкөн. Алар тоо жумушун, айрыкча темир устачылыкты жакшы өнүктүрүшкөн. Темир кендери негизинен Алтай жана Саян тоолорунда болгон. Түрк элдери сапаттуу шихтадан алтын чыгара алышкан жана аны чеберчилик менен иштетишкен. Мындай нерсе түрк элдеринин согуштук өнөр жайынын эң жогорку жетишкендиги болуп калган [128, 58-б].

Түрк элдери адамдын тегине жана уруусунун кадыр-барктуулугуна артыкчылык беришкени менен алардын мындай көз карашы Европадагы жана Азиядагы башка мамлекеттердегидей таптык айырмачылыктарга же касталарга бөлүнүүгө алып келген эмес. Аялдар менен эркектер бирдей укуктарга ээ болушкан жана аялдар атайын кийимдер менен жамынышкан эмес. Көк түрктөрдүн коомунда аялдарга жана кичинекей балдарга карата жасалган зордук-зомбулук өлүм жазасы менен жазаланган. Эгер көк түрктөрдүн мамлекеттеринде жашаган адамдар жана уруулар үчүн «демократиялык талаа» орнотулбаганда жана аларда «эзилгендер жана эзүүчүлөр» деген бөлүнүү бар болгондо, аларды мамлекет курууга жана чарбалык иш-аракеттерди аткарууга тартуу, ошондой эле душмандар менен согушуу үчүн көп миңдеген армияларга чогултуу мүмкүн болмок эмес. Көк түрктөрдүн коому мындай социалдык-саясий ий-

кемдүүлүктү прогрессивдүү сапат катары өзүнөн кийинки муундарга да өткөрүп бере алган.

Түрк мамлекеттеринин бүткүл Евразия аймактарында пайда болушуна жана өнүгүүсүнө байланышкан эң негизги мезгил алардын ислам цивилизациясына кошулгандыгына байланыштуу.

Түрк жана ислам цивилизациялары II – миң жылдыктын башында узак убакытка чейин кагылышып олтуруп, акыры бири-бирине кошулуп, жуурулушкан. Ошол мезгилде дүйнөлүк тарыхта төмөнкүдөй процесс болгон: ошол мезгилге чейин Борбор Азиянын миң жылдык тарыхында үстөмдүк кылып келген түрк элдери Каспийдин айланасындагы аймакты толугу менен курчап алышкан, Жакынкы Чыгышка жана Кавказга барышкан, андан кийин Анатолияда бекемделип, ошол аймакка Евразиянын геосаясий борборун которушкан. Түрктөр барган жерде дайыма дүйнөлүк саясаттын «кайнаган казаны» да пайда болгон. Ошондуктан *өз мезгилинде дал ушул түрк элдери дүйнөлүк саясаттын борборун өздөрү менен кошо Азиядан Европага алып барышкандыгын* европалыктар да моюнга алышы керек.

Биздин доордун жаңы миң жылдыгын түрк элдери Чыгыштын Жаңы тарыхы менен башташкан. Айрым батыш окумуштуулары миң жылдыктар кошулган мезгилдеги өтө маанилүү *геосаясий өзгөрүүлөргө* (*geopolitical shift*) байкоо жүргүзүүнүн ордуна баары бир добуштан «варварлардын Чыгышка карай агымы» жөнүндө айтып жатышат. Мисалы, британиялык чыгыш таануучу, профессор К. Э. Босворт «түрк согуш кулдарынын» ислам халифатына карай жүрүшүн «көбөйтүп» көргөзүп [146, 24-25 -б], логикасыз тыянактарды чыгарган. Бул окумуштуу төмөнкүдөй суроо туулат: «Жакынкы Чыгышта тез убакыттын ичинде эле башкаруунун жогорку чегине жетишип, кылымдар бою башкарып келген түрк элдери кандайча «кул» болуп калышты экен?!». Бул окумуштуу өзүнүн оюн далилдей албастан түрк элдеринин бийлиги тууралуу чындыкты моюнга алган. Ал мынтип жазган: «Жакынкы Чыгышта жерлерди иштетүү жагын карай турган болсок, түрк элдеринин таасири ачык көрүнүп турат. Түндүк Иранга басып алуу максатын көздөп кирген уруулардын бир бөлүгү XI – кылымдын 20 – жылдарында Кавказга жана Анатолияга өткөн; алар христиандар менен, тактап айтканда армяндар, грузин княздары жана Византия империясы менен согушкан. Жогоруда айтылган уруулардын дагы бир бөлүгү Иран аймагында мал багуу максатын көздөп, жакшы жерлерде отурукташып калып калган. Ошентип Азербайжандын, Курдистандын жана Гүргян аймагынын азыркы мезгилдеги түрк тилдүү калкынын тамыры Сельжуктардын мезгилине барып такалат. Ошол эле учурда алардын саны (айрыкча Персияда) монголдордон кийинки

мезгилде көбөйүшү да мүмкүн» [146, с.30-31]. 950 жана 1150 – жылдардын ортолугунда орун алган тарыхый – саясий окуялар учурунда түрк элдери дүйнөдө көбүрөөк жана «аристократизм» деңгээлинде үстөмдүк кылып турушкан. Түрк элдеринин бийлиги бүткүл Жакынкы Чыгышты, Кавказды жана Кичи Азияны камтыган. Бул тарыхый процессти белгилүү түрколог Фарук Сүмер минтип баяндаган: «Огуздар өздөрү барган жерлерге өздөрүнүн мамлекеттик уюмдарына тиешелүү болгон институттарды жана салттарды кошо ала барышкан. Мына ошол институттар жана салттар өз милдеттерин ислам дүйнөсүндө да улантышууда» [73, 11-б].

Чыныгы тарыхый панораманы төмөнкүчө баяндоого болот: I жана II – миң жылдыктар кошулган мезгилде түрк суперэтносунун кыпчак, булгар, карлук, уйгур, чуваш жана якут сыяктуу бутактары негизинен Борбор Азияда жана ага туташ жайгашкан аймактарда жашашкан. Түрктөрдүн эң пассионардуу бутагы болгон огуздардын (огуздар XI – кылымда 24 – уруудан турушкан) Жакынкы Чыгышка жайылуусу ал жерде түрк мамлекеттеринин пайда болушу менен аяктаган. Ал эми ошол огуздардын басымдуу бөлүгүнүн ислам динин кабыл алып, Борбор Азияга кайтып келүүсү (негизинен Түркестанга) түрк-ислам мамлекеттеринин калыптануусуна шарт түзгөн. Ошол аймактагы Караханлы мамлекети түрк-ислам синтезинин негизинде курулган алгачкы мамлекет болуп калгандыктан өтө чоң мааниге ээ болгон [128, 117-б]. Ошентип түрк суперэтносу бүткүл Евразияга жайылып, өзгөчө сапаттарга ээ болгон жана ошол эле учурда өзүнүн тамырын сактап калган. Ошол сакталган тамырдын негизинде *Орто кылымдардагы түрк-ислам мамлекеттери* Евразия континентинин жаңы түрк империяларына айлана башташкан. Араб-ислам империясынын акыркы тиреги болгон Аббасиддер халифаты кыйрагандан кийин Жакынкы жана Ортоңку Чыгыштын башкаруучулары арабдар, перстер же византиялыктар эмес, *түрктөр* болуп калышкан. Халифаттын кыйрашы жана монголдордун басып алуулары бир эле мезгилде башталган деп айтууга да болот. Бирок монголдордун кыйратуучу согуштук жүрүштөрүн токтото алгандар да түрк элдеринен болгон. Орто Азияда мамлекеттерди түзгөн (монголдор менен бирге) түрк урууларынын монголдордун жаңы толкунуна тез арада кошулуусу ал жерде жаңы этносистеманын калыптанышына алып келген. «Түрктөр дүйнөлүк тарыхта» деп аталган монографиянын автору К.Ф. Финдли ушул моментин айтып жатып, XI-XIII – кылымдардагы монголдордун экспансиясы учурунда мамлекет куруу иш-аракеттеринде да түрк элдери өтө маанилүү роль ойношкондугун белгилеген [230, 9-б].

Европанын тарых таануу жана социология илимине катуу таасир тийгизген Ибн Халдундун 1401 – жылы түрк-монгол башкаруучусу

Темирлан (европалык версия боюнча Тамерлан) менен жолугушуусу үлгү болорлук нерсе болуп саналат. Дал ушул жолугушуудан кийин Ибн Халдун түрк мамлекеттүүлүгүнүн социалдык, саясий жана укуктук негиздерин изилдеп, Орто кылымдардагы классикалык башкаруу системасынын негизги өзгөчөлүктөрүнө таянып, жана оригиналдуу ойлорду айтып, башкаруунун мыкты системасын сунуштаган. Ибн Халдун мындай тажрыйба түрк мамлекеттүүлүгүнүн далилдерине негизделерин тастыктайт [231,70-71). Өмүрүнүн баарын согуштук жүрүштөргө арнап, согуш талааларында жеңилгис деген атка конгон улуу аскер башчылары менен беттешип жүргөн Тамерлан Евразиядагы килейген аймактарды жеңип алган өзүнүн ата-бабасы Чынгызхандан кийин башкаруунун өзүнчө түрүн орноткон. Ал – *кеңеш* деп аталган. Тамерландын кеңеши заманбап парламенттин жана согуштук кеңештин прототиби же баштапкы түрү болгон. Мамлекеттик жана аскердик жетекчилер Кеңешке чогулуп, маанилүү маселелерди талкуулап, башкаруучуга ал акыркы чечим кабыл алуусу үчүн кеңештерди беришкен. Жагдай кылдаттык менен анализделип, чечимдер милдеттүү түрдө аткарылгандан кийин гана жеңиш болгон. Түрк коомунда жарандык маселелерди чечүүдө Курултайлар (съезддер) өтө чоң мааниге ээ болгон. Бул нерселердин баары *түрктөрдүн мамлекеттүүлүк жагынан топтогон тажрыйбалары* чындыгында абдан чоң экенин көргөзүп турат. Мамлекет куруунун негизги шарты болуп саналган мамлекеттик ой жүгүртүү дал ушундай тажрыйбанын негизинде калыптанган. Ар бир тарыхый мезгилдин чындыктарына жараша иш-аракет кылып, башкаруунун эң жакшы вариантын тандай алган башкаруучулар бюрократиялык бүтүндүктү жана өз ара байланышты камсыз кыла ала турган кесипкөй мамлекеттик кызматчыларды, башкаруучуларды, ошондой эле согуштук иш-аракеттерге байланышкан жоопкерчиликти өз мойнуна ала алган аскер башчыларын, стратегдерди жана командирлерди даярдап, өстүрүшкөн. Уюшулган эл жана ошол элден түзүлгөн аскер мамлекетке жана мекенге берилгендиктин үлгүсү болгон. Улуттук жана ислам баалуулуктарына негизделген мамлекеттик, жарандык жана мүлк укуктары, ошондой эле башкаруунун иерархиялык системасы элдин маанилүү кызыкчылыктарын камсыздаган.

Изилдөөчүлөрдү түрк мамлекеттеринин төмөнкү уникалдуу бир өзгөчөлүгү да кызыктырган: бул мамлекеттерде коомдун төмөнкү катмарынын, айрыкча жаштардын арасындагы жөндөмдүү адамдар мамлекеттик жумуштарда эч кандай тоскоолдуксуз иштей алышкан жана мындай адамдарды мамлекет көзөмөлгө алып, аларга дем берип турган [189, с.199]. Мындай кыймылдуу система коомдун ылдыйдан жогоруга жана жогорудан ылдыйга карай дайыма кыймылда болуп туруусуна, ошондой эле башкаруу системасы жөндөмсүз

адамдардын куралына айланып калбоосуна, коомдун токтоп калбоосуна жана эл менен мамлекеттин ортосундагы тирүү байланыштын сакталуусуна мүмкүндүк берген. Мындай система азыркы мезгил үчүн меритократиянын жакшы үлгүсү боло алат.

Классикалык түрк мамлекеттериндеги ички жана тышкы саясаттын шайкештигин, ошондой эле кошуна өлкөлөр менен мамиленин ийкемдүү жана прагматикалык стратегияга негизделишин алардын ийгиликтеринин эң башкы шарты катары баалоого болот. Бирок түрк мамлекеттеринин ийгиликтерин көрө албаган саясий тарыхчылар жана түрктөргө душман болгон мамлекеттердин жазуучулары өздөрүнүн изилдөөлөрүндө белгилүү себептерден улам түрк мамлекеттеринин прагматикалык көз караштары жөнүндө эмес, алардын ортосундагы согуштар жөнүндө талкуу жүргүзүүгө аракет кылышкан. Алар түрк элдерин эч качан согушсуз жашап көрбөгөн, тынчтык жана коопсуздук эмне экенин билбеген, ошондой эле бир жерден экинчи жерге көчүп, дайыма согушуп жүргөн эл катары көргөзүүгө аракет кылышкандай таасир калтырышат. Алар түрк элдерин өздөрүнүн кошуна өлкөлөрүнө дайыма зыян тийгизип жүргөн эл катары, жана баарынан мурда түрк тектүү элдерге жана өлкөлөргө дайыма зыян тийгизип турган эл катары көргөзүшөт. Бирок түрк мамлекеттүүлүгүнүн жогоруда айтылган изилдөөчүлөрдөн айырмаланып калыс изилденүүсү жогоруда айтылган нерселердин туура эмес экендигин так далилдер аркылуу тастыктайт [128; 100]. Түрк саясатчылары тынч мезгилде согуштун варианттарын ойлонуштурушуп, ал эми согуш мезгилде тынчтыктын варианттарын ойлонуштурушкан. Түрк мамлекеттери башка мамлекеттер менен гана эмес өздөрүнүн арасында да согуш жүргүзүшкөн. Мындай согуштар аларды канчалык алсыздандырса, ошол эле учурда ошончолук күчтөндүргөн. Алар өздөрүнүн күжүрмөн маанайын жана жеңилбестик жөндөмдөрүн сактап калышкан. Түрк мамлекеттери өздөрүнүн жеке коопсуздугун камсыздоо үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланууга аракет кылышкан. Эгер түрк мамлекеттери жогоруда айтылган саясий тарыхчылар айткандай бардык мезгилдерде бир-бири менен тынбай согушуп, бири-бирин кыруу менен гана алек болушканда, азыркы учурда Жер шарында бир да түрк мамлекети сакталып калмак эмес. Бирок түрк мамлекеттери жашап келген, азыр да жашап жатат жана дайыма жашай берет! Түрк элдери ырайымсыз согуштарда өз улутун гана эмес, аларга кошуна болуп жашаган башка элдерди, алардын маданияттарын, тилдерин, тарыхый эстеликтерин жана өнөрүн сактап калышкан.

Эгер биз бүгүн түрк мамлекеттеринин эволюциясынын жалпы көрүнүшүнө байкоо жүргүзө турган болсок, *түрк мамлекеттеринин ортосундагы тарыхый-саясий мамилелердин динамикасы*

*алардын аймактык-геосаясий туруктуулугун камсыз кылган. Вертикаль түрүндөгү өз ара мамилелер* мамлекеттүүлүктүн тарыхый салттарын эң байыркы мезгилден баштап заманбап мезгилге чейин өткөрүп берүүгө мүмкүндүк берген, ал эми *горизонталь түрүндөгү өз ара мамилелер* бир эле мезгилдеги мамлекеттердин ортосунда ар түрдүү деңгээлдеги байланыштардын түзүлүүсүнө негиз түзгөн. Заманбап мезгилдеги түрк мамлекеттеринин тамыры канчалык терең экенин, ошондой эле алар тарыхый жолдогу кыйынчылыктарга карабастан өздөрүнүн ата-бабалары карманган чоң саясаттан өздөрүнүн генетикалык эс-тутуму жана туруктуулугу аркылуу тайбай келе жатканын түшүнүү үчүн алардын ортосундагы жакын жана жылуу мамилелерди эске алуу жетиштүү. Мустафа Кемаль Ататүрк ушул нерсени жаңы замандын түрктөрүнүн акыл-эсине салуу керек экенин баарынан мурда түшүнүп, минтип айткан: «Түрк элдери – байыркы жана даңктуу элдер. Алар Алтай бөксө тоолорунда бышып жетилип, бүркүттүн сапатындай сапатка жана кадыр-баркка, тактап айтканда алыстан көрүү жана тез учуу сапаттарына, ошондой эле жан дүйнөнү байыта ала турган күчтүү денеге жаш кезинде эле ээ болгон. Алар эч кандай моралдык же материалдык чектөөлөр менен байланбастан ата-мекенден алыс болгон дүйнөгө каршы көтөрүлгөн. Ал мезгилдерде биздин байыркы ата-бабаларыбыз батыш менен чыгышка жайылган. Ал эми биздин, тактап айтканда бүгүнкү күндөгү түрк элдеринин ошол кайраттуу ата-бабаларыбыз менен түздөн-түз байланышыбыз бар… Ошол мезгилде Кытайга элчилерди жөнөтүп, Византиядан элчилерди кабыл алган түрк мамлекети – биздин түрк ата-бабаларыбыз курган мамлекет… Биз Азияда, Европада жана Африкадан бери белгилүү болгон калкпыз. Биздин жоокерлерибиз жана соода кемелерибиз океандарды кесип өтүп, өз байрактарын Индияга чейин орнотушкан». [96, 166-б, 168, 170]. Мустафа Кемаль Ататүрктүн бул сөзү анын акылмандуулугунан кабар берет.

Улуу Ататүрк он жыл мурда айткан ушул чындыкты азыркы түрк мамлекеттерине байланыштыра турган болсок, алардын келечеги так көрүнүп турат. Мунун баары түрк мамлекеттеринин дүйнөлүк саясий панорамадагы генезиси - чынында жаңы феномен деп айтууга мүмкүндүк берет; бул феномен Батыш менен Чыгыштын мамлекеттүүлүккө байланышкан салттарына жаңы сапаттарды киргизип, ошол аркылуу дүйнөлүк саясий ой жүгүртүүгө өз салымын кошкон. Түрк элдеринин саясий аң-сезими дайыма жашоо жана жаратуу үчүн күрөшүп турган жана ал дайыма жигердүү абалда болгон. Алардын саясий аң-сезими жана маанайы саясий чындыктардын тынымсыз жигердүүлүгүн камсыздоого багытталган жана дайыма саясий ландшафттын негизги кыймылдаткыч күчү болуп келген. Мындай чындыкты дүйнөлүк тарыхый тажрыйба тастыктаган.

## 2. ИМПЕРИЯЛАРДЫН ПАДЫШАЛЫГЫНДА

Саясаттын дүйнөлүк тарыхында негизги окуялар жана процесстер дайыма мамлекеттердин жана империялардын пайда болушуна, алардын өзгөрүүсүнө, ошондой эле өнүгүүсүнө жана кыйроосуна байланыштуу болгон. Мамлекеттердин империяларга айлануусу, кеңейүүсү жана кайрадан бир генотип боюнча ар түрдүү мамлекеттерге бөлүнүүсү, ошондой эле айрым учурларда жер бетинен таптакыр жок болуп кетүүсү дүйнөлүк саясий тарыхтын панорамасын белгилүү бир деңгээлде, ал эми кээде толугу менен өзгөрткөн. Мындай өзгөрүүлөр байыркы мезгилдерде, Орто кылымдарда жана азыркы мезгилде алардын өздөрүнө таандык болгон тарыхый-саясий мыйзам ченемдүүлүктөргө, мамлекеттер аралык мамилелердин конкреттүү абалдарына, кызыкчылыктардын мүнөзүнө жана кызыкдар тараптардын ортосундагы кагылышууларга ылайык өткөн. Эгер мамлекеттин күчү, кадыр-баркы, таасир чөйрөсү жана жагымдуулугу жогорку деңгээлге көтөрүлүп, ал мамлекет белгилүү бир географиялык аймактагы согуштук-саясий процесстерди башкарууга жөндөмдүү болуп, кайсыл мамлекет менен шерик болууну же болбоону тандай ала турган деңгээлге, башка мамлекеттердин биригүү аракеттерине тоскоолдук кыла ала турган деңгээлге, өзүнүн айланасындагы күч борборлорун алсыздандыра ала турган деңгээлге, ошондой эле башка мамлекеттердин башкаларга таасир тийгизүүчү мамлекеттик субъекттерин өз тарабына тарта ала турган деңгээлге жетип, ачык согуштарда жеңиштерге жетишип, ал эми ошол жеңиштер анын согуштук, экономикалык жана идеологиялык кубатын камсыз кылып турса, мындай мамлекет *Империяга* айланат. Бул жагынан алып караганда бир да империя кокустан пайда болуп калбастыгы түшүнүктүү.

Бирок империя канчалык чоңойгон сайын анын кыйроо мезгили да ошончолук жакындайт. Империялар кээде ушунчалык кеңейип кетишет. Мындай учурларда аларды динозаврларга салыштырууга болот. Динозаврлардын салыштырмалуу кичинекей баштары алардын чоң жана күчтүү денелерин натыйжалуу башкара албагандай сыяктуу эле өтө кеңейип кеткен империялардын салыштырмалуу кичинекей борборлору да өздөрүнүн күчтүү жана килейген аймактарын башкара албай калышат. Империя абдан кеңейген учурда метрополия менен перифериялардын ортосунда жаракалар пайда болуп, башкаруунун «мазмунсуз» же «негизсиз» системасын жөнгө

салуу мүмкүн болбой калат. Мындай учурда борбордук тоталитардык аппарат «көз карандысыздык» жөнүндө ниеттенген бөлүктөрдү бир жерге топтоп, бириктирүүгө аракет кылса да, дезинтеграция процессин токтотууга мүмкүн болбой калат. Борбордон «алыстап» кеткендигинен улам начарлаган же алсызданган империя өзүнүн алсызданганын да түшүнбөй калат жана ошондон улам ал ким дос, ал эми ким душман экенин түшүнбөй, корголбогон абалда калат. Ошентип империя мурда эч кимдин көңүлүнө алынбаган жана тарыхтын «бурч-бучмагынан» пайда болгон мамлекеттердин таасиринин натыйжасында бир нече бөлүктөргө майдаланып калат. Империянын начар сезимдерге негизделген ой жүгүртүүсү анын коомун кыйроого алып барат. Бирок кээде улуттук-саясий негиздин бекемдиги, борбордук мамлекеттик кудуреттин сакталышы, ошондой эле жакындап жаткан деградациянын же кыйроонун белгилерин өз убагында түшүнүү жана ошого жараша тийиштүү чараларды көрүү кыйроодон мүмкүн болушунча аз жоготуулар менен чыгууга (Британия, Осмон жана Орусия империялары сыяктуу) мүмкүндүк берет. Эгер ондогон өлкөлөр белгилүү бир убакыттын бөлүгүндө бири-бири менен тынч абалда жашай алышса, империялардын айрымдары гана ушинтип жашай алышат. Анткени империялар менен мамлекеттердин ортосунда тереңирээк карама-каршылыктар бар жана алар бир-бирине карата көбүрөөк «сабырсыз» жана чыдамсыз болушат. Алардын ортосундагы планеталык масштабдагы кагылышуулар согуштук-саясий толкундануларга, экономикалык кризистерге, трагедиялуу согуштарга, ошондой эле мамлекеттердин бир саясий полюстан башка полюстарга өтүүсүнө алып келет. Империялардын ортосундагы кубаттуулуктун тең салмактуулугу эл аралык жашоодогу салыштырмалуу туруктуулукту керилген абалда кармап турат.

Империялар атак-даңктын туу чокусуна жетип турган кезинде көптөгөн жерлерди багындырышат. Эки чоң империя пайда болгон мезгилден баштап бүгүнкү күнгө чейин, тактап айтканда болжол менен эки жарым миң жылга созулган мезгилдин ичинде алардын үстөмдүк кылуусунун жана жерлерди басып алуусунун масштабы алардын эл аралык саясаттын борборунда болуу жана аны багыттоо жөндөмдүүлүгү менен ченелет. Мамлекеттин жеринин чоңдугу күчтүү экономиканы билдирет, күчтүү экономика – күчтүү армияны билдирет, ал эми күчтүү армия тайманбас жана кадыр-барктуу саясат жүргүзүүгө жардам берет. Ахемениддер империясы аянты 8-млн. кв. км. (б.з.чейинки 480-жыл) түзгөн аймакты, Рим империясы 6 - млн кв. км. (б.з. 117 - жыл) аянттан турган аймакты, гунндар империясы (б.з. 453 – жыл) 4 – млн. кв. км. аянттан турган аймакты, Көк түрктөр империясы (572 – жыл) 14 - млн кв. км

аянттан турган аймакты, Омеяддар халифаты (720 - жыл) – 11 млн кв. км. аянттан турган аймакты, Аббасиддер халифаты (750 - жыл) 11 - млн кв. км. аянттан турган аймакты, Түрк-монгол империясы (1309 – жыл) – 24 - млн кв. км. аянттан турган аймакты, Кытай-юань империясы (1320 - жыл) 11- млн кв. км. аянттан турган аймакты, Осмон империясы (1683 – жыл) 5 - млн 200 миң. кв. км. аянттан турган аймакты, Манчу-гиг кытай империясы (1800 - жыл) 1 - млн кв. км. аянттан турган аймакты, Испан империясы (1800 - жыл) – 14 млн кв. км. аянттан турган аймакты, Португалия империясы (1815 - жыл) – 10 млн. 400 миң. кв. км. аймакты, Орус империясы (1905 - жыл) – 22 млн кв. км. аянттан турган аймакты, Экинчи француз колониалдык империясы (1920 - жыл) – 15 млн. кв. км. аянттан турган аймакты, Британия империясы (1920 – жыл) – 34 млн кв. км. аянттан турган аймакты ээлеген. Акыркы жүз жылдыкта көптөгөн мамлекеттер бетме-бет жолугушуп, бир-бири менен согушушкан, кыйрашкан жана кайрадан күчтөнүүгө аракет кылышкан, ошондой эле тарых сахнасында жаңы мамлекеттер пайда болуп, алар негизги дүйнөлүк саясий аянттан четтеп калбоо үчүн бардык учурларда катуу күрөш жүргүзүүгө аракет кылышкан. Мамлекеттердин империяларга айлануусу – ички жана тышкы факторлорго байланышкан процесс болгон. Мындай процесс мамлекетти мамлекеттик-саясий системанын эволюциясында үстөмдүк кылууга жеткирип, анын коопсуздукка байланышкан максаттарынын кененирээк географиялык-саясий мейкиндикте ишке ашуусун камсыз кылган. Эгер өзүнүн тили жана тамыры бар болгон кандайдыр бир мамлекет, эл, улут жана коом мындай катаал майданда жогоруда айтылган максаттарга жете албаса, эң болбогондо күчтүү мамлекеттердин колунда кыйрап, жок болот же аларга моюн сунуп, өз тагдырын өз алдынча чечүү укугунан жарым-жартылай же толук баш тартууга мажбур болот.

Түрк элдери дайыма эркиндикти сүйүп келишкен жана алардын мындай сапаты аларды кулчулуктан дайыма оолак болууга, ошондой эле *Күчтүү жана Жеңилгис* болууга үндөп келген. Ошондуктан алардын үч миң жылдык тарыхы - бул алардын мамлекеттерин Күчтүү бир Империяга алып баруучу жол болгон. Эгер Евразия континентиндеги глобалдык саясий жактан өзүн өзү таануу процессинин баштапкы мезгилин карап чыга турган болсок, түрк элдери ошол мезгилден баштап эле империялар арасында кандайдыр бир баланс же тең салмактуулук түзүүгө жөндөмдүү болгонун көрө алабыз. Биздин заманга чейинки жана андан кийинки алгачкы кылымдарда (болжол менен төрт жүз жыл ичинде) кытайдын Хань империясы бүткүл Азияны башкарууга умтулган. Ал кезде Рим империясы да өз аймагын Чыгыш тарапка, Азиянын борборуна

карай кеңейтүүгө умтулган. Бирок Рим жана Кытай империясы эч качан бир-бирине каршы турушкан эмес. Евразиянын чыгыш жана батыш бөлүгүнүн глобалдык кагылышуусуна гунн-түрктөрдүн кубаттуулугу гана каршы тура алган: гунндардын империясы чыгыш тарапта Кытай менен, ал эми батыш тарапта Рим империясы менен согушуп, алардын бирине да Евразияны башкарууга мүмнкүнчүлүк берген эмес. Гунндар чыгышта Кытайды, ал эми батышта Римди талкалап, *Pax Sinica* – га (кытай дүйнөсүнүн универсалдуу өкмөтү) жана *Pax Romana* – га (Рим дүйнөсүнүн универсалдуу өкмөтү) *Pax Turcica* (түрк дүйнөсүнүн универсалдуу өкмөтү) эмне экенин көргөзгөн. Ушул жеңиштерден кийин түрк дүйнөсү эч кимге Евразияны толук башкарууга мүмкүнчүлүк берген эмес. Кийинки эки миң жылдыкта килейген аймакта мамлекеттерди жана империяларды бир гана түрк элдери курган. «Түрк элдери дүйнөлүк тарыхта» деп аталган монографиянын автору, профессор К. В. Финдли белгилегендей, биринчи миң жылдыктын ортосунда Ички Азиянын түркизациясы» жана «*Pan-Turcica* маданий комплексинин күчөшү» артка кайткыс мүнөзгө ээ болгон [230, с.37-43].

Гунн-түрктөрдүн саны кытайларга караганда албетте аз болгон (300 – миң адам). Гунндардын империясы мезгилинде кытайлардын саны 56-млн. адамды түзгөн (б.з. II – кылым). Миң жылдыктын ичинде гунн-түрктөрдүн саны көбөйүп жана азайып олтуруп, 600 – миңге жеткен [154, 537 - б], ошондуктан гунн-түрктөр кытайлыктар менен 1:20 ара катышында согушкан. Кытайлыктар гунндарга каршы аскерди гана эмес, «капкандык дипломатияны» да колдонушкан. Алар гунндарды өздөрүнүн байлыктары менен кызктырып, өз тарабына тартууга аракет кылышкан. Гунндар римдиктерге каршы согушта да аз сандуу болушканы менен дисциплинаны мыкты сакташып, өз аскерин мыкты деңгээлде уюштура билишкен. 451-452 – жылдарда гунн-түрктөр римдиктердин бириккен аскерлерине чыгыш жана борбордук-европалык флангдардан чабуул жасап, ошол мезгил үчүн эң мыкты согуштук стратегияны көргөзүшкөн. Бул согушта эки аскер гана эмес, европалыктар менен азиаттар беттешкен (анткени рим тарапта европа аймагында жашаган элдердин өкүлдөрүнөн турган аскердик бөлүктөр болсо, гунн-түрктөр тарапта азия аймагында жашаган элдердин өкүлдөрүнөн турган аскердик бөлүктөр болгон), ал эми жеке инсандар жагынан алып карай турган болсок, бул согушта эки белгилүү аскер башчылары, тактап айтканда рим аскер башчысы Аэций жана гунн-түрктөрдүн аскер башчысы Аттила беттешкен. Каталуан түздүгүндө болуп өткөн ошол кандуу салгылашууда эки тарап тең жеңишке жеткен эмес. Аттила согуштук стратегияны пайдаланып, артка чегинген, ал эми Аэций согуш али алдыда экенин түшүнүп жана өз аскерин тобокелге салууну каала-

бастан Аттиланын артынан түшкөн эмес. Бир жылдан кийин кайрадан башталган согушта гунн империясынын аскерлери жеңишке жетишкен. Алар Италияга кирип келишип, Римдеги эң бекем сепил болуп саналган Аквиели сепилин жеңип алышкан. Жеңилүүгө дуушар болгон Аэцийдин гунндарга каршылык көргөзүүгө алы калбай калган. Римдиктер тынчтык сурашып, эгер Аттила Италиядан кетсе, көп акча төлөп берүүнү сунуш кылышкан. Европанын борборун жеңип алган Аттила италиялыктардын бул сунушуна макул болгон. Аттила өзүнүн атак-даңкынын туу чокусунда, 453 – жылы, бургундиялык Ильдико аттуу сулуу бийкечке үйлөнүп, нике түнүндө сырдуу түрдө каза болгон (Аттиланын мурдунан кээде кан агып турган, аны ал көпчүлүктөн жашырган, ал балким ошол кан агуудан каза болушу ыктымал). Аттиланын атак-даңкы Европанын тагдырында өтө маанилүү из калтырган: европалыктар эгер алар Азияга согуштук жүрүш жасай турган болушса, бузуп өткүс тоскоолдуктарга жолугушарын түшүнүп калышкан.

Гунндардын империясы Рим империясынын үстүнөн жеңишке жеткенден жүз жыл өткөндөн кийин, 552 – жылы Рим империясына Борбордук Азиянын тиреги болгон дагы бир мамлекеттик түзүлүш коркунуч туудурган. Ал мамлекеттик түзүлүш *Көк түрк империясы* (айрым булактар боюнча жөн эле түрк Империясы) болгон жана ал империя гунндардын империясынан да күчтүүрөөк жана чечкиндүүрөөк болгон.

Өз тамырын *Ашина* (уламышка ылайык көк түрктөр карышкырдан тараган) менен байланыштырган көк түрктөр (же көк түркүттөр) Ту-у деп аталган лидеринин *Бумин* жана *Истеми* деп аталган эки уулу аркылуу көк түрк Империясын негиздешкен [241, 80–140-б; 152]. Жапон деңизинен Каспий деңизине чейин созулган бул кубаттуу империя 552–745-жылдарда пайда болгон (күчтүү болуп турган кезде бул империянын аймагы 14 – млн. кв. км. аянтты түзгөн) жана Улуу Гунндардын салтын улантkансып (гунндардын империясы да чыгыш жана батыш гунн империясы болуп экиге бөлүнгөн) чыгыш жана батыш көк түрк каганаттары болуп экиге бөлүнгөн. *Чыгыш Көк түрк каганатын* Бумин каган башкарган (552–640-жылдар), ал эми Батыш Көк түрк каганатын (552–560-жылдар) Истеми каган башкарган. Истеми каган бириктирүү максатын көздөгөн өзүнүн саясий-идеологиялык платформасын ишке ашыруу аркылуу гунн-түрктөрдүн мурасын улантууга аракет кылган. Анын мындай саясаты Евразиядагы түрк суперэтносунун ичтен бузулуусуна жол берген эмес жана аны кыйратуучу элементтерден сактаган. Чыгыш түрк каганатынын саясаты жана аскери Кытай империясына кыраакылык менен каршылык көрсөтүп турган, ал эми Батыш түрк каганатынын аскери Сасаниддер империясына, ошондой эле Каспий менен Кара

деңиздерине туташ аймактардан келиши ыктымал коркунучтарга каршылык көрсөтүп турган. Эгер көк түрктөрдүн жерлерди багындырууга багытталган согуштук умтулуусу саясий-дипломатиялык аракеттер менен бекемделбегенде алар жеңип алынган жерлерде туруктуу боло алышмак эмес жана өздөрүнүн башка жерлерин да жоготуп алышмак. Согуштук жеңиштердин саясий жеңиштер менен кошулуусу алардын империялык амбицияларынын ишке ашуусунун негизги шарты болгон. Согуштук жөндөмдүүлүктөрдөн тышкары дипломатиялык жөндөмдүүлүктөрдү да мыкты өздөштүргөн көк түрктөрдүн империясы өз кызыкчылыктарын эске алуу менен бирге кошуна жана алыскы өлкөлөр менен да мамилелерди жөнгө салган. Ошол кездеги геосаясий процесстерди натыйжалуу түрдө башкаруу үчүн Сасанид жана Византия империялары менен дипломатиялык мамиле кылуу зарыл болгон [230, 39-б].

*Pax Turcica* системасын Көк түрктөрдөн кийинки мезгилдерде Уйгур-түрк (745-840) жана Түрк-монгол империялары (1230-1310) уланткан. Бирок *Pax Turcica* системасы же түрк дүйнөсүнүн башкаруу өкмөтү өтө маанилүү геосаясий мейкиндикке, тактап айтканда Евразия менен Европа кошулган жерге карай жайылып жаткан кезде абдан чоң натыйжаларды жараткан. Түрк-Ислам шериктештиги жана *Pax Turcica* системасы, ошондой эле *Pax Turanica* жана *Pax Ottomanica* системалары түрк супер этносунун империялык жашоосунун жаңы доорун баштаган. XI – кылымда Чоң Сельжук султанаты ислам дүйнөсүндөгү алдыңкы империя болуп калган. Ошол кездеги Түштүк – чыгыш Азиядагы геосаясий абалды чагылдырган 1094 – жылкы картада Чоң Сельжук султанаты чыгыш тараптан Газневи султанатынан жана Индия чек араларынан баштап батыш тарапка карай Константинопольго чейинки, ал эми түндүк тараптан Арал деңизинен баштап Аравияга чейинки аймактарды ээлегендиги көрүнүп турат [241, с.156].

Түрк элдери Ислам динин кабыл алышкан, ал эми Ислам дүйнөсү түрктөрдүн башкаруу системасын кабыл алган. Түрк элдери өз Жерлерине жана Динине бир учурда ээ болушкан. Жер үстүндөгү башкаруу диндин тиреги, ал эми дин - башкаруунун тиреги болгон. Р. Груссе «талаа империялары» деп атаган падышалыктардын мураскорлору болуп саналган түрк элдери Евразиянын геосаясий кызыкчылыктар катуу кагылышкан аймагында этникалык жана саясий жактан бир-бири менен байланышкан күчтүү мамлекеттерди кура алышкан жана аларды империя деңгээлине көтөрүшкөн. Чыңгызхан башында турган түрк – монгол империясы 1230 – жылдан баштап 1255 – жылга чейинки мезгил ичинде Корей жарым аралынан баштап Арал деңизине чейинки, ошондой эле Уралдан баштап Хиндри дарыясына чейинки ондогон мамлекеттерди жана

жүздөгөн элдерди бириктирген [241, 156-б, 278-279; 150]. VII – кылымдан баштап Жакынкы Чыгыштагы башкарууну өз колуна алган араб-ислам халифаты, албетте мындай жагдайга макул болгон эмес. Бирок анын бардык каршылык көрсөтүү аракеттери натыйжа берген эмес. Араб тарыхчылары жана жылнаама жазуучулары түрк-монголдордун согуштук жүрүштөрүн ошол мезгилге чейин болуп өткөн трагедиялардын арасынан эң коркунучтуусу катары баяндашкан. Ушул булактарга таянган европалык авторлор «түрк мамлекеттеринин алсыз экономикасы» Персиянын жана Месопотамиянын күчтүү маданияттарына чоң зыян келтирген жана ал маданияттар түрк башкаруучуларынын колдорунда оюнчуктарга айланган» деп айтышкан [100, 198-199-б]. Алардын мындай сөздөрү албетте таң калтырат. К.Броккельман өзүнүн кийинчерээк жазган тыянактарында бул тууралуу өзүнүн мурда айткан ойлору бири-бирине каршы келерин тастыктап, ошол мезгилде начарлап бара жаткан Исламды түрк элдеринин саясий үстөмдүгү сактап калгандыгын жана түрк элдери «исламдын оң колуна» айлангандыгын айткан [100, 212-281-б]. Чынында эле ошондой болгон. Түрк элдеринин согуштук-саясий жөндөмдүүлүгү Азиядагы көптөгөн мамлекеттерди империя абалына алып келгени менен чынында алар конфедерация болушкан. Түрк элдери дүйнөгө Персиянын жана Месопотамиянын маданияттарынан калышпаган материалдык жана адеп-ахлактык маданиятты гана эмес, саясий башкаруунун андан да жакшыраак маданиятын тартуулашкан. Түрк жана монгол тилдери генетикалык жактан байланышы жок болгону менен түрк-монголдор чоң империяны маданий кызматташтык жана конфедеративдик консенсус аркылуу узак убакыт бою натыйжалуу башкара алышкан [230, 77-89-б]. Түрк элдеринин жана монгол элинин өз алдынча саны 700 – миңден ашкан эмес, бирок ошого карабастан алар көп сандуу аскерден турган жана мамлекеттүүлүк системасы калыптанып калган өлкөлөрдүн үстүнөн жеңишке жетишип, аларды башкарышкан. Тарыхчылар жана саясатчылар буга азыркы күнгө чейин таң калып келишүүдө. Мындай нерсени төмөнкүдөй логикалык жооп менен түшүндүрсө болот: түрк элдери мамлекеттердин ортосунда абдан кубаттуу консолидация түзүүгө жөндөмдүү болушкан. Ошол эле учурда түрк империясынын ичинде үстөмдүк кылган адилеттүүлүк сезимин да унутпоо керек.

Азиянын тарыхына арналган өзүнүн эмгектери менен дүйнөгө белгилүү болгон француз тарыхчысы, ошондой эле француз Академиясынын мүчөсү Р. Груссенин түшүндүрмөлөрүнө ылайык, Чынгызхандын башка аймактарды багындыруу боюнча салтын уланткан Тамерлан монгол эмес, түрк уруусунан болгон, ал эми анын Теймуриддер же «Түрк-монгол каганаты» деп аталган империясы түрк

мамлекеттүүлүгүнүн негизинде түзүлгөн. «Чынында, ал каганат *Түрк Конфедерациясы* болгон». Түрк супер этносу тарабынан түзүлгөн мындай бирикме өз учурунда Борбор Азияда өтө чоң роль ойногон! Түрк элдери тарабынан жаратылган мындай идея, тактап айтканда Конфедерация түзүү идеясы, ошол мезгилдеги саясий дүйнө үчүн чыныгы ачылыш болгон. Р.Груссе биз үчүн кызыктуу болгон дагы бир нерсени айтып жатып, Тамерлан өзүнүн Кавказга жасаган жортуулунда Азербайжанга өзгөчө маани берип, аны бүткүл Кавказды жана Персияны жеңип алууга жардам бере ала турган негизги пункт катары караган. Ал 1386–1387-жылдарда Карабах жергесинде кыштап, өзүнүн бардык тараптарга багытталган согуштук кампаниясын дал ошол жерден уланткан [241, 437-б]. XV – кылымда Тимуриддердин империясы бири-биринен бара-бара азыраак көз каранды боло турган каганаттарды түзгөн. Бул империя Алтын Ордону үлгү тутуп, Каспийдин жана Кара деңиздин түндүгүнөн баштап Литва менен Москвага чейинки жерлерди басып алып, Евразиядагы жаңы жана кубаттуу падышалыктын негизин салган. Алтын Ордо империясынын курамында түрк элдеринин (кыпчактар жана булгарлар), монголдордун жана славяндардын башы бириктирилген жана мындай консолидация империяны күчтүү кылган. Орус империясы пайда болгон мезгилден баштап жана Француз революциясы башталар кезинде (XVIII - кылым) Чыңгызхандын жана Тамерландын кагандарынын мураскерлери тарабынан курулган падышалыктар майда бөлүктөргө бөлүнүп, тарыхый сахнада көрүнбөй калган.

Дүйнөнү модернизация каптаганга чейинки мезгилдеги түрк империяларынын прогресске жана мыктыланууга карай эволюциясы аларды тарыхты жаратуучу күчкө айландырган. К.В. Финдлинин пикиринде, «Азиянын империя түзүүчү күчү болуп саналган жергиликтүү түрк элдери болжол менен 1400 жана 1800 – жылдардын аралыгында бир нече өтө маанилүү этаптарды басып өтүшкөн. Алар Азия мамлекеттеринин консолидациясынан турган жөнөкөй мамлекеттик түзүлүш жана диний идеология менен ислам мамлекеттеринин салыктарына негизделген татаал мамлекеттик түзүлүш кура алышкан. Эң кызыктуу нерсе алардын *«талаа империяларынан» «айыл чарба же отурукташкан империяларга»*, ал эми *«айыл чарба империялардан» «кубаттуу жана согушчан империяларга»* айлана алышкандыгында. Түрк мамлекеттери өз аскерлерин мылтык же замбирек сыяктуу атылма куралдар менен камсыздап (дары жана артиллерия) ошол мезгилдеги заманбап жана мыкты курал-жарактарга ээ болушкан. К.В. Финдлинин парадоксалдуу корутундусуна ылайык түрк мамлекеттеринин ошол кезде эң мыкты курал-жаракка ээ болуусун АКШнын атомдук бомбага ээ болгондон кийин ядролук державага айлануусу менен салыштырууга болот [230, 93-б).

Дүйнөлүк тарых боюнча нормативдик окуу китептеринде [314] жана тийиштүү изилдөөлөрдү камтыган илимий эмгектерде бүгүнкү күндөгү түрк дүйнөсү сыймыктана ала турган карта кеңири пайдаланылат: ал картада цивилизациялар пайда болгон жана калктын басымдуу бөлүгү жашаган аймактарды, тактап айтканда Европадагы, Азиядагы жана Африкадагы аймактарды камтыган үч улуу *түрк империялары - Осмон империясы* (1300-1922), *Сефевид империясы* (1501-1722) жана *Моголдор* империясы көрсөтүлгөн. Бул нерсе ошол кездеги Түрк дүйнөсүнүн Улуулугун жана заманбап түрк дүйнөсүнүн глобалдык саясий мейкиндикте тарыхый кудурети же потенциалы бар экендигин билдирүүчү көрсөткүч. Бирок ошол тарыхый мезгилдеги Осмон жана Сефевид империяларынын ортосундагы согуштарды өзгөчө белгилеп коюу керек. Огуз урууларынан турган эки түрк мамлекетинин согуш талааларында кагылышуусу жана алардын аймактык чыңалуунун борборуна айлануусу эл аралык саясий багыттын кеңейүүсүнө алып барган эмес, анын ордуна ийгиликсиздикке алып барган. Огуздар XVI – кылымда тил жана маданият жагынан бири-биринен өзгөчө айырмаланышкан эмес. Эгер алар түрк дүйнөсүнүн ички саясатынын бүтүндүгүн жана коопсуздугун эске алып, аларды сактап кала алышканда, Европа XIX – кылымдан баштап үстөмдүк кылып, ал эми Азиянын көптөгөн элдери империализмдин колонияларына айланышмак эмес. Дал ошол мезгилде түрк дүйнөсү чечүүчү кадам жасашы керек болгон. Бирок, тилекке каршы, түрк элдеринин феодалдык согуштардан чыга албаган согуштук-саясий элитасы мындай перспективаны көргөн эмес.

Бирок кандай болгон кезде да Азияда түрк империялары үстөмдүк кылган. Алар Осмон, Сефевид жана Могол империялары болгон. Мына ушул империялардын үстөмдүгү ошол мезгилдеги балансташтырылган геосаясий түзүлүштүн калыбына келүүсү үчүн маанилүү болгон. Улуу Моголдор өздөрү үстөмдүк кылган аймактагы мамлекеттер аралык мамилелердин негизги багыттарын аныкташып, Алыскы чыгыш, тактап айтканда Кытай менен мамиле түзүшкөн, Сефевиддер Чыгыштагы Ислам дүйнөсү менен мамиле түзүүгө багыт алышкан, ал эми Осмондор негизинен Европа жана Африка менен мамиле түзүшкөн. Кавказ жана персия аймактарындагы азербайжан түрктөрүнүн үстөмдүк кылуучу саясий күчкө айланышында жана Азербайжан мамлекетинин түзүлүшүндө (Азербайжан атабектеринин, ошондой эле Каракоюнлу жана Аккоюнлу династияларынын негизинде) Сефевид империясы чоң роль ойногон. Моголдор империясынын негиздөөчүсү Бабур (ал Сефевиддер империясы менен жакшы мамиледе болгон) өзүнүн атасы жагынан Тамерланга, ал эми энеси жагынан Чыңгызханга тууган болгон. Моголдордун башкаруучусу Акбар (1556-1605) тарабынан жарыяланган Дин-и иллахи деп атал-

ган саясат көп улуттуу Индияда жана башка аймактарда керектүү консолидацияны камсыз кылып турган. Азербайжанда шах Исмаил Хатаинин улуттук саясатына (бул саясат – шиизм доктринасына негизделген), ал эми Индияда Бабурдун жана Акбардын диний универсалдуулук саясатына негизделген улуттук саясат түрк өкмөтүнүн кыраакылыгынын көрсөткүчү болгон деп саноого болот.

Академик Рустан Рахманалиев түрк элдеринин бийлигине төмөнкүдөй маани берген: «Түрк элдери үч континентте – Пекинде, Делиде, Исфаханда, Дамаскта, Багдадда, Каирде, Константинопольдо (Стамбулда) жана Алжирде башкарууну өз колдоруна алышкан жана ошол бийликти алдырып жибербөө үчүн албетте кандайдыр бир чара көрүшү керек болгон. Түрк элдери басып алган жерлерде мурда болбогон өсүп-өнүгүү байкалгандыгы белгиленет. Мисалы, Табгачтын башкаруусу учурундагы Кытай, Сельжуктардын башкаруусу учурундагы Персия, Мамлүктөрдүн башкаруусу учурундагы Египет жана Улуу Моголдордун башкаруусу учурундагы Индия абдан өнүккөн. Аларда мурда мындай өсүп-өнүгүү болгон эмес. Ал эми Осмон империясын айта турган болсок, ал адегенде *Ислам дүйнөсүнүн кылычы, андан кийин калканы болгон.* Бул империялардын баары түрк дүйнөсүнүн жана түрк элдеринин үстөмдүгүн көргөзгөн [182, 10-б]. Сельжук империясын негиздөөчүлөр империя түзүлгөн мезгилден баштап эле европалыктардын Крест Жортуулдарына чечкиндүү түрдө каршылык көрсөтүшкөн. Христиандар менен мусулмандардын ортосундагы узакка созулган согушта ислам өлкөлөрүн кулга айланушдан дал ушул түрк элдери сактап калышкан. 1095-жылдан баштап 1270 – жылга чейинки мезгилде бүткүл Европадан чогулган жоокерлер католиктердин Папасы койгон талаптардын жана убадалардын негизинде (чынында алар чыгышка согуштук-саясий максаттар менен жортуул жасашкан) христиандардын чыгыштагы «ыйык жерлерине» тогуз жолу чабуул жасашып, ар бир жолку чабуулда «түрк элдеринин бөгөтүнө» туш болушуп, алардан жеңилишип, кайрадан артка кайтып турушкан. Византия империясы крест жортуулдарын колдоп жана уюштуруп турган, ошондуктан түрк элдери аны толук бойдон талкалашкан. 1453-жылы 29-майда Византия жана Чыгыш-рим империясынын борбору Константинополь султан Мехмет Фатихтин жетекчилиги астындагы түрк армиясы тарабынан басып алынган. Ошентип узакка созулган крест жортуулдарына чекит коюлган. *Гунн-түрктөр Римди басып алган мезгилден (453 – жыл) так миң жыл өткөндөн кийинки бул жеңиш (1453 – жыл) Осмон огуз-түрктөрүнүн эң маанилүү жеңиши болгон жана Азиядагы түрктөр Европанын үстүнөн артыкчылыкка ээ экендигин тастыктаган.* Константинополь алынгандан кийин европалыктар Осмон империясынын Европа тарапты карай

кеңейүүсүнө тоскоолдук кылууга аракет кылышып, муну өздөрүнүн негизги максаты катары белгилешкен. Түрктөрдүн жеңиши менен өзгөчөлөнгөн 1453 – жылы планетада жашаган жалпы түрк элдеринин саны бүткүл дүйнө калкынын *ондон бир бөлүгүн түзгөн* [101, 167-б]. Калктын өсүүсү түрк элдеринин кадыр-баркынын жогорулашында, ошондой эле алардын мамлекет жана коом куруу чөйрөсүндөгү кудуретинин бекемделүүсүндө чоң мааниге ээ болгон.

Исламдын тиреги болуп эсептелген Осмон империясы Мыкты султан Сулейман (Кануни) башкарган мезгилден баштап *Халифаттын* борбору да болуп калган. Жер шарында жашаган бардык мусулмандар султан Сулеймандын халифатына кошулууга аракет кылышкан. Ошол мезгилдеги документтерде түрктөрдүн башкаруусу төмөнкүчө чагылдырылган: «Ушул мезгилден баштап Сулейман бин Селим хан бин Баязид хан биздин динибизди жогору көтөрүп, бардык мусулман өлкөлөрүн башкарат. Ал өз мезгилинин султаны экенинде шек жок… Арабдар жана бүткүл Аравия, бардык түрк элдери, күрттөр, фарстар, арабдардын Ирак мамлекети, Багдад, Дияр-Бакр, батыш жана Энгерюс султандын бийлигинде. Анын бийлигин бардык мусулмандар кабыл алышат, анткени ал пайгамбарыбыздын халифи» [288, 182-б].

XV-XVIII – кылымдардагы тарыхый доордо дүйнөдөгү калыптанып жаткан түрк империяларынын социалдык-саясий системасы эл аралык системадагы алдыңкы система болгон. Осмон империясы XVI – кылымдын башында, султан Сулеймандын бийлиги учурунда өз аймагын бир нече миллион квадрат километрге көбөйткөн [65, 54-б]. Ошол мезгилде Осмон империясы буга чейин болуп көрбөгөн бийиктиктерге жетишкен. Түрк мамлекети «экономикалык жана согуштук артыкчылык жагынан, ошондой эле деңиз күчтөрү боюнча бардык мамлекеттерден жогору турган» [129, 203-б]. Анын мындай өнүгүүсүн азыркы мезгилдеги АКШнын дүйнөдөгү үстөмдүгү менен салыштырууга болот.

Күчтүү түрк мамлекеттеринин дүйнөлүк тарых жаңыланып жаткан мезгилде начарлап, бир нече улуттук мамлекеттерге жана жадагалса кичинекей хандыктарга бөлүнүүсү көптөгөн саясий-тарыхый себептер менен түшүндүрүлөт. Ушул себептердин башында балким модернизациянын талаптарына шайкеш келе албоочулук тургандыр (бирок жаңы доордун II – миң жылдыгындагы түрк мамлекеттери модернизациянын талаптарына жооп бере алат). *Европаны күчтөндүргөн факторлор Азияны начарлаткан факторлорго шайкеш келет*. Европалык мамлекеттердин жана коомчулуктардын социалдык, саясий жана технологиялык жашоосун баштан-аяк өзгөртүүчү демилгелер жана алдыңкы иш-аракеттер Азияда таасирдүү боло алган эмес. Феодалдык башкаруу ыкмаларын жана монархияны сактоо - түрк дүйнөсүндө мамлекеттик тиректерди коргоо деп эсепте-

линген. Жадагалса империя кыйрагандан кийин түзүлгөн жеке мамлекеттерде жана хандыктарда да монархиялык жана династиялык башкаруу ыкмасы өзгөрүлбөгөн бойдон сакталып калган. Түрк мамлекеттеринин жана коомдорунун консервативдик системадан чыгууну каалабагандыгы алардын начарлашына алып келген. Чыгыштагы Ислам дүйнөсүнүн начарлашынын эң негизги себеби мына ушунда турарын өз убагында улуу Мирза Фатали Ахундзаде да айткан.

Жаңыланып жаткан Европа менен эскичиликтен кутула албай келе жаткан Азиянын ортосундагы көп кылымдарга созулган атаандаштык албетте Европанын толук жаңылануусуна жана өнүгүүсүнө алып келген. Азиядагы үч чоң түрк империяларынын начарлашы Европадагы мамлекеттер бекемделип, өнүгө баштаган мезгилге туура келген. Сефевиддер империясы ички чыр-чатактардан улам кичинекей хандыктарга бөлүнүп, 1760 – жылы расмий түрдө жоюлган. Ошол убакыттан 68 – жыл өткөндөн кийин (1828 – жылы) Персия менен Орусия Сефевиддер империясынан калган аймактарды бөлүштүрүп алышкан. Бир империянын кыйроосу жана андан калган бөлүктөрдү башка империялар өздөрүнө «сиңирип» алуусу жогоруда көрүнүп тургандай кыска убакыттын ичинде эле болуучу нерсе.

Деңиз бийлигин акырындык менен өз колуна ала баштаган Улуу Британиянын куралдуу күчтөрү 1764 – жылы (Сефевиддер империясы кыйрагандан болгону төрт жыл өткөндөн кийин) Индия жарым аралына түшүрүлүп, ал жердеги Буксар деп аталган аймактагы салгылашууда жеңишке жетишкен. 1858 – жылы Улуу Британия Индия мамлекетин толугу менен басып алган (Орусия империясы Кавказ менен Орто Азияны өз колуна алгандан бир аз убакыт өткөндөн кийин). Ошентип моголдордун империясына да чекит коюлган. Ошол мезгилде Жер шарында бир гана түрк империясы калган. Ал - Осмон империясы болгон. Бирок ал деле өз ичинен начарлап, мурдагыдай эрктүүлүк көргөзө албай калган.

Осмон империясын Европадан сүрүп чыгаруу аракеттери Биринчи дүйнөлүк согуштун аягына чейин уланган. «Осмон империясынын начарлашы жана Орусия империясынын күчтөнүшү Евразиядагы күчтөрдүн балансын же тең салмактуулугун кыйла өзгөртүп жиберген. Алантика океанына чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон Батыш Европа мамлекеттеринен башталган экспансия XV – кылымдан баштап кийинки жүз жылдыктарда чоң геосаясий натыйжаларды алып келген. Илим, техника жана капитализация чөйрөсүндө өнүгүп жаткан Европа бара-бара дүйнөлүк империализмдин борборуна айлана баштаган. Планетанын Батыш жана чыгыш жарым шарында Европанын колониялары пайда боло баштаган. Наполеондун «бирдиктүү Европа» түзүү аракеттери империялык саясаттын Европаны «бүткүл дүйнөнүн башкаруучусу» кылуу аракеттерине негизделген.

Франция, Британия жана Орусия империялары күчтөнүп жаткан кезде, тактап айтканда XVII-XVIII – кылымдардан баштап XX – кылымдын башталышына чейинки мезгилде Осмон империясы өз аймактарын бара-бара жогото баштаган. Чыгыш цивилизациясынын акыркы улуу империясы болгон Осмон империясы өз аймактарынын ичинен азыркы Түркияны гана сактап кала алган» [88, 48-б]. Европанын тездик менен өнүгүп жана күчтөнүп жатканын эске алганда, Азияны калыбына келтирүү үчүн али көп убакыт талап кылынат...

Бирок өнүгүү процессинин бурулуш мезгилин биринчи болуп байкаган Мустафа Кемаль Ататүрк феодалдык монархияга негизделген империя канчалык күчтүү болсо да, ал дүйнө мамлекеттерин куруунун жаңы долбоорлоруна ылайык келбестигин өз убагында түшүнгөн. Ошондуктан Ататүрктү колдогондордун Биринчи дүйнөлүк согуш мезгилиндеги күрөшү Осмон империясынын династиясын сактоого эмес, Түркияны жана түрк улутун сактоого багытталган. Ал эми Осмон империясынын кыйрай турганы 1792 – жылы эле билинген. Империяны улутчулдукка жана басып алууларга байланышкан ураандар аркылуу канчалык сактап калууга аракет кылышса да, кулап жаткан тирөөчтөрдүн чыйкылдаган үнү бүткүл дүйнөдө угулуп жаткан.

Ошентип эң узакка чейин жашаган (620 - жыл) эң акыркы түрк империясы 1922 – жылы өз жашоосун бүтүргөн: 1923 – жылы, 29 октябрда түрк дүйнөсүндөгү жалгыз көз карандысыз мамлекет – Түркия түзүлгөн. Дал ушул мамлекет XX – кылымдын аягында, жетимиш жылга созулган Советтик бийлик аяктагандан кийин башка түрк республикаларына көз карандысыздыкка байланышкан үмүт берип, алардын эгемендүүлүгүн да дал ушул Түркия мамлекети биринчи болуп тааныган. Биринчи дүйнөлүк согуш мезгилинде Чанаккале деп аталган аймактагы айыгышкан салгылашууда (1915 – жыл) Түркия мамлекети «Антанта» деп аталган согуштук-саясий бирикменин (Улуу Британия, Франция жана Орусия) үстүнөн мыкты жеңишке жетишкен жана өзүнүн оор абалына карабастан Азербайжан Демократиялык Республикасына колун сунуп, бүткүл дүйнөдөгү түрк элдеринин биригүүсүнө негиз түзө аларын көргөзгөн. Эми алар жалгыз эмес. Алар үч миң жыл мурдагыдай эле Евразиянын көз карандысыз түрк мамлекеттери менен курчалган! , Ошентип дүйнө империяларынын өнүгүү жана кыйроо диалектикасына байкоо жүргүзүп олтуруп биз төмөнкү бир фактка такалабыз: түрк элдеринин кайраттуулугу – бузулгус жана жеңилгис нерсе, алар – чыгармачыл элдер жана кубаттуу империяларды түзө алышат. Түрк элдеринин кыйратылгыс жана бузулгус кайраттуулугу бир мезгилдерде чоң жана кубаттуу империяларды жарата алган болсо, башка мезгилдерде бузулгус жана кыйратылгыс биримдик түзө алат. Дал ушундай биримдик Түрк Биримдиги деп аталган феномен болуп саналат!

## 3. ЧАЧЫНДЫЛАРДЫН БҮТҮНДҮГҮ

XIX – кылымдын башынан баштап XX – кылымдын башына чейинки мезгил ичиндеги жүз жыл аралыгындагы түрк дүйнөсүн социалдык-саясий жактан деградация абалында болгон деп эсептөөгө болот. Бирок ошол эле мезгилдин экинчи жарымында түрк дүйнөсүндөгү улуттук идеология күчөй баштаган. Деградация учурунда прогресстин жаралышы парадокс болуп эсептелет, бирок түрк дүйнөсүндө орун алган мындай көрүнүш түрк элдеринин мүнөзүнө байланыштуу. Алардын мамлекеттери жана империялары кулаган мезгилдерде алар күчтүүрөөк мамлекеттердин жана империялардын курамына кирип калышкан жана көптөгөн жоготууларга дуушар болушкан. Бирок алар бардык мезгилдерде кыйынчылыктарга карабастан биригүү жолдорун издешкен. Алардын эркиндикке жана көз карандысыздыкка карата ички умтулуусу эч качан токтоп калган эмес, ал аларды дайыма эркиндик үчүн күрөшүүгө чакырып турган. XX – кылымдын башында түрк дүйнөсү өзүнүн көз карандысыз мамлекеттерин түзүүнүн жана бул мамлекеттердин биримдигине жетишүү үчүн улуттук-тарыхый идеологиянын негизин калыптандыруунун алдында турган. Бирок көптөгөн кыйынчылыктарды баштарынан өткөргөн түрк элдерине XIX – кылымда жогоруда айтылган идеяларга жетүү үчүн узак убакыт керек эле...

Түрк мамлекеттеринин жана империяларынын акырындык менен начарлашы алардын башка мамлекеттер тарабынан аннексияланышына жана монополизацияланышына алып келген. Монархиянын катуу мыйзамдарына негизделген унитардык мамлекеттин системасынын кыйроосу ошол системанын ичиндеги улуттук сегменттин да бузулуусуна алып келген. Ал эми алдыңкы этнос жана ошол этнос менен бирге тарыхта өнүгүп-өсүп келген башка этностор «өз үйүмдүн кожоюну же ээси болом» деген көз караштагы кармашып, майда бөлүктөргө чачырап кетишкен. Азербайжандын майда хандыктарга бөлүнүү боюнча катастрофалык сценарийин Евразияда көптөгөн кылымдар бою үстөмдүк кылып келген түрк мамлекеттери жана империялары да башынан өткөрүшкөн. Түрк элдери жашап келген ушул аймактын басымдуу бөлүгү Орусия мамлекети империяга айлангандан кийин (1721 – жыл) бара-бара майда бөлүктөргө бөлүнүп, Орусиянын карамагына кирип калган. Ал эми башка аймактар Кытайда, Монголияда, Афганистанда, Персияда, араб жана Балкан мамлекеттеринде, Индияда, Пакистанда жана Грецияда калып калган. Түркизмдин улуу идеологу Ахмед бек Агаоглу

белгилегендей, бөлүнүү абалында турган түрк дүйнөсү ошол мезгилде ушунчалык начарлагандыктан бул супер этностун басымдуу бөлүгү «түрк элдери» деген аталышты унутуп, өздөрүнүн улутун «мусулман» деп гана аныктап калышкан [3, 328-332-б]. Ошол эле учурда алардын душмандары (мисалы, армяндар) аларды мурдагыдай эле «түрк элдери» деп аташкан. Орусияда «түрк элдери» деген аталышты такыр жоюу жана элдердин көңүлүн андан башка нерселерге буруу үчүн түрк элдерин башкача атай баштаашкан (мисалы, татарлар), ал эми «мусулмандар» деген сөздү жалпы түшүнүк катары пайдаланышкан. «Мусулман» деген сөзгө терс маани берилип, аларды намаз окуганды гана билген, жийиркенердик, жакыр жана дүйнөнү өнүктүрүүгө жөндөмсүз калк катары көргөзүшкөн.

Бирок дүйнөдө жана ошонун ичинде Орусияда да айрым демократиялык кыймылдар пайда болгондон кийин, ошондой эле ислам дүйнөсүндө улуттук каршылык көргөзүү чакырыктары пайда болгондон кийин дүйнөлүк коомчулук ар бир эл эл аралык коомчулуктун саясий субъекти боло аларын түшүнүп калган. Орусия большевиктердин революциясынан кийин бир аз чайпалып турган учурда түрк элдеринде башка элдердей эле көз карандысыз болууга чыныгы мүмкүнчүлүк пайда болгон, бирок Орусиянын жаңы оккупациялык саясаты жана эл аралык күчтөрдүн «бөлүштүрүү» саясаты бул процесстин аягына чыгышына жол берген эмес. Чынында Советтер Союзу мурдагы Орусия империясынын мураскери болгондуктан өзүнүн саясий статусуна жана идеологиясына ылайык союздук республикалардын бирикмеси катары түзүлгөн. Бирок коммунизм идеологиясы адамдардын, таптардын жана элдердин теңдигин пропагандалаганы менен Орусия башка элдерге, ошону менен бирге түрк элдерине да чыныгы көз карандысыздык берген эмес. Бирок Орусия империясынын Советтер Союзуна айланиуусу келечектеги көз карандысыздыктарга алып баруучу кадам болуп калган. Жетимиш жылга созулган советтик мезгилде түрк тектүү өлкөлөр – Азербайжан, Казакстан, Өзбекстан, Түркменистан жана Кыргызстан мамлекеттүүлүктүн жаңы мезгил үчүн зарыл болгон тажрыйба топтоп, улуттук тилдин жана маданияттын өнүгүүсү үчүн база же негиз түзө алышкан. Советтик мамлекетти саясий башкаруу системасында Гейдар Алиев, Динмухаммед Кунаев, Шараф Рашидов, Нурсултан Назарбаев, Шихали Курбанов жана башка ушул сыяктуу түрк тектүү жетекчилер калыптанган.

Советтик түрк республикаларынын экономикасы жалпы советтик экономиканын бир бөлүгү болуп саналганына карабастан өздөрүнө таандык чөйрөлөрдө калыптанган. Азербайжан, казак, өзбек, кыргыз, түркмен, татар жана башка ушул сыяктуу түрк тамырлуу тилдерде дүйнөлүк маданиятка салым кошо ала турган чыгармалар жаратылган. Союздук түрк тектүү республикалардын ортосундагы

жылуу мамилелер аларга гумандуу улуттук саясатты пропагандалаган СССРдын ураандарын толук пайдаланууга мүмкүнчүлүк берген. Алардын ошол мезгилдеги жылуу мамилелери кийин алар эгемендүүлүк алган мезгилде ошол жылуу мамилелердин уланышына негиз болгон. Дал ушундай жылуу мамилелер болгондугу үчүн алар мамлекет-империя болуп саналган СССР кулай баштаганда *көз карандысыздыкка ээ болуп, өз алдынча мамлекет катары бөлүнө алышкан*!

Эгер СССРдын курамындагы башка түрк элдери да (татарлар, чуваштар, башкирлер, якуттар, кумыктар, уйгурлар, гагауздар, тувалыктар, карачайлар, хакастар, балкарлар, алтайлыктар, ногайлар, шорлор жана караимдер) СССРдын саясий-административдик түзүмү калыптанып жаткан мезгилде Советтик Союздун курамындагы республикалар деген *статус* алып алышканда, Беловеждеги келишимдин негизинде 1991 – жылы 8 – декабрда көз карандысыздыкка ээ болушмак. Тарых мындай мүмкүнчүлүктү эч качан *жокко чыгарган эмес*. *Автономия статусунда жашаган* элдердин аймактары жана саны чоң эмес европалык мамлекеттерге салыштырганда кыйла чоң. Жалпысынан алып караганда орус эли жашап келген аймактарга караганда түрк элдери жашап келген аймактар чоң жана аларды көлөмү боюнча Европанын аймагына теңөөгө болот.

«Дүйнөнүн түрк элдери» («*The Turkic Peoples of the World*») деп аталган фундаменталдык жыйнак түрк элдеринин бир кездерде тыгыз, бир кездерде бытыранды болуп жашагандыгын, алар килейген аймактарда жашагандыгын, алардын мамлекеттик жана мамлекеттик эмес бирикмелери, ошондой эле диаспоралары канчалык планетардык мааниге ээ болгондугун чагылдырат [308].

Түркияда «Түрк элдери» деп аталган 20-томдук энциклопедия жарыяланган [137]. Бул энциклопедияда түрк дүйнөсүнүн эволюциясы, түрк элдеринин бутактарга бөлүнүп, ар жерге жайылуусу, алардын отурукташып мамлекет куруусу, ошондой эле заманбап дүйнөдөгү масштабдары жана көз караштары тууралуу толук маалымат берилет. Бул энциклопедияда түрк элдери жөнүндө ушунчалык кенен түшүнүк берилгендиктен түрк элдери тууралуу атайын терс мүнөздө таратылган башка маалыматтар начар жана негизсиз көрүнөт. Бул жагынан караганда бул чыгарманы заманбап дүйнөнүн маданиятынын маанилүү жетишкендиги деп эсептөөгө болот.

Демек түрк элдери, чынында, Евразиянын этногеографиясынын маанилүү субъекттери болгон жана алардын аймактык, адамдык жана экономикалык кудурети күчтүү болгондуктан алар бытыранды болуп кеткен бардык түрк элдерин саясий жана социалдык жактан бириктирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан. Эгер XX – кылымдын акыркы он жылдыгында Жер шарында бир гана түрк мамлекети – Түркия бар болгон болсо, азыр дүйнөлүк картада жети эгемендүү түрк мамлекети көрүнүп турат. Башка мамлекеттердин аймагында тыгыз жа-

шаган же автономия статусуна ээ болгон түрк элдери *эгемендүү түрк мамлекеттеринин жылдыздарын карап жатып, өздөрүн жаңыланып жаткан чоң бир түрк дүйнөсүнүн орбитасынан көрүшөт*.

Бүгүнкү күндө дүйнөдөгү түрк мамлекеттерин жана башка мамлекеттерде жашаган түрк коомдорун төмөнкүчө элестетүүгө болот.

Түрк мамлекеттеринин арасынан Түркия мамлекети өзүнүн калкы боюнча эң чоң мамлекет болуп саналат, ал эми аймагынын чоңдугу боюнча экинчи орунда турат. Осмон империясынын мураскери болуп саналган Түркия 1923 – жылдан баштап мамлекет катары калыптанган. Анын аймагы 783 562 кв. км. жерден, ал эми калкы 74 724 269 – адамдан турган (тексттеги статистикалык маалыматтар акыркы расмий маалыматтарга негизделген – Ж.Ф). БУУ түзүлгөн күндөн баштап (1945 – жыл) Түркия бул уюмга мүчө болуп кирген. Түркия ошондой эле Түндүк атлантикалык блокко (НАТО) да мүчө болуп кирген. НАТОдогу аскерлеринин саны боюнча Түркия АКШдан кийинки экинчи орунда турат. Экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде жана «кансыз согуш» учурунда Түркия глобалдык саясий балансты сактоодо маанилүү роль ойногон. Ал бүгүнкү күндө деле эл аралык саясаттагы негизги күчтөрдүн бири болуп саналат. Түркия Жер шарындагы тынчтыкты сактоого чоң салым кошууда. Бул мамлекеттин негизги максаты – түрк мамлекеттеринин биримдигин сактоо.

Түркия мамлекети акыркы жыйырма жылдын ичинде көптөгөн демократиялык өзгөрүүлөрдүн пайда болушун камсыз кылды. Мындай өзгөрүүлөр бул мамлекеттин социалдык-саясий чөйрөсүн бекемдеп, анын экономикасынын натыйжалуу өнүгүүсүнө жол ачты. Түркия мамлекети Азербайжан башында турган башка түрк мамлекеттери менен саясий, экономикалык жана маданий чөйрөдө байланыштарды өнүктүрдү. Түркиянын мындай аракеттери анын ушул аймактагы кадыр-баркынын жогорулашына алып келди. 80-жылдардан кийин өлкөнүн орточо экономикалык өсүүсү 6-8 – пайызды түзгөн. Түркиянын туруктуу өнүгүүсү аны дүйнөдөгү он беш эң күчтүү мамлекеттин катарына кошкон. Түркиянын ички дүң продукциясынын бир жылдык көлөмү 774 млрд 338 млн АКШ долларын түзгөн, ал эми жан башына киреше – 10 362 долларды түзгөн [253].

Түркиянын финансылык борбору болуп саналган Стамбулда 35 – миллиардер жашайт (салыштыра турган болсок: Нью-Йоркто 71, Лондондо – 36, Гонконгдо – 30, Лос-Анжелесте – 24, Бомбейде – 20, Сан-Францискодо – 19, Далласта – 15, ал эми Токиодо 15 миллиардер жашайт). Түркиянын 2023 – жылга белгилеген максаты – дүйнөнүн эң өнүккөн он мамлекетинин катарына кирүү болуп саналат. Түркия өзүнүн бул максатына жетиши мүмкүн, себеби анын мүмкүнчүлүктөрү жетиштүү. Андан тышкары биздин бул бир тууган өлкөбүз Европа менен Азиянын ортосундагы ар тараптуу кызматташуунун өзөгүнө айланууда.

Азербайжан мамлекети түрк дүйнөсүндөгү өзгөрүүлөрдү камтыган саясий-тарыхый мейкиндиктеги «эсеп башталуучу жерге» айланган жана 1991 – жылы көз карандысыздыкка ээ болгон. Түрк мамлекеттери менен ар тараптуу мамилелерди эң жогорку деңгээлге чыгарууну жана ушундай жылуу мамилелерди түрк мамлекеттери бирикkенге чейин улантууну Азербайжан мамлекети өзүнүн негизги стратегиялык максаттарынын бири катары белгилеген. Түндүк жана Түштүк Азербайжандын аймагы Түркиянын аймагына дээрлик барабар. Бизде Азербайжан Республикасынын (Түндүк Азербайжандын) аймагы жөнүндө так маалымат бар. Анын аймагы 86 600 кв. км. аянтты түзөт. Азербайжан өзүнүн ушул көрсөткүчү боюнча дүйнөдөгү 113 – өлкө болуп саналат, ал эми калкынын саны боюнча (9 327 000 – адам) 83- мамлекет болуп саналат. Эгер жогорку категория боюнча баалай турган болсок, адамдын өнүгүү индекси боюнча (0,713) 67 – өлкө болуп саналат.

Азербайжан Республикасы НАТОнун, ЕККУнун, Европа Кеңешинин, НАТОнун тынчтык боюнча программасынын жана КМШнын мүчөсү болуп саналат. Ал ошондой эле ГУАМ уюмун негиздөөчүлөрдүн бири. Биздин өлкөбүз түрк дүйнөсүн бириктирүү максатын көздөгөн бардык түзүмдөрдүн уюштуруучуларынын жана катышуучуларынын бири болуп саналат. Өлкөбүздүн 158 – мамлекет менен жакшы дипломатиялык мамилеси бар жана ал 38 – эл аралык уюмдун мүчөсү болуп саналат. 2011 – жылы 24 – октябрда БУУнун Генералдык Ассамблеясынын шайлоосунда Азербайжан 115 – добуш топтоп, 2012-2014 – жылдарда БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 10-туруктуу эмес мүчөлөрүнүн бири болгон. Тоолуу Карабак аймагынын жана анын жанында жайгашкан жети аймактын кошуна Армения тарабынан басып алынгандыгы чоң көйгөй болуп саналат. Бирок бара-бара күчтөнүп жаткан Азербайжан мамлекетинин эли жана эл аралык коомчулук бул көйгөй сөзсүз чечилерине ишенишет. Эл аралык укуктук нормалардын баары биздин өлкөбүздүн аймактык бүтүндүгүнүн камсыздалышына негиз беришет.

Азербайжан өзүнүн экономикасынын өнүгүүсү боюнча 2005 – жылдан баштап лидер-мамлекеттердин бирине айланган. Анын ички дүң продукциясынын бир жылдык көлөмү 62 млрд 321 млн АКШ долларын түзөт, ал эми жан башына киреше 6 832 долларды түзөт. 1996 – жылы, кризис бүткөндөн кийин, Азербайжандын ички дүң продукциясынын көлөмү 5,7 – ге көбөйгөн, өнөр жайда 5,5 – ке, айыл чарбасында 2-эсе, курулуш секторунда 41-эсе, транспортто – 4 – эсе, байланыш тармагында – 19 – эсе, соодада – 6 – эсе көбөйгөн. Бүткүл дүйнөнү чайпалткан кризис учурунда Азербайжан өтө аз жоготууларга дуушар болгон. 2009 – жылдагы кризис учурунда КМШ өлкөлөрүндөгү өндүрүштүн төмөндөшү 6-пайызды түзсө, Азербайжанда бул көрсөткүч 10-пайызга көбөйгөн. Азербайжандын экономи-

касына 14 – жыл ичинде (1996-2010) 55 – млрд. долларлык инвестиция тартылган. Бул инвестициялардын көлөмү жылдан-жылга өсүп олтуруп, 2010 – жылы 8,2 млрд. АКШ долларына жеткен. Жалпысынан алганда өлкөбүз көз карандысыздыкка ээ болгондон кийинки мезгилде анын экономикасына болжол менен 90 – млрд. АКШ доллары инвестицияланган. Акыркы он жыл ичинде банктык-кредиттик уюмдар тарабынан берилген кредиттердин көлөмү 20 – эсе өскөн.

Азербайжан газын жана мунайзатын дүйнөлүк базарларга ташуу максатында Баку-Тбилиси-Жейхан жана Баку-Тбилиси-Эрзерум түтүктөрү курулгандан кийин алар аркылуу 150 – млн. тонна мунайзат жана 17 – млрд. кубометр газ тартып чыгарылган. Андан тышкары транзиттик фаза да иштетиле баштап, эки бир тууган өлкөлөрдүн – Түркмөнстан менен Казакстандын мунайзаттары да түтүктөр аркылуу тартыла баштаган [90; 89]. Азыркы мезгилде Азербайжандын табигый газынын запастары 2 – трлн. кубометрди түзөрү тастыкталган. Жакында Трансанатолиялык жана Трансадриатикалык газ түтүктөрүн куруу жөнүндө келишимдер түзүлүп, биздин өлкөбүздүн экспорттук жана транзиттик мүмкүнчүлүктөрү кыйла күчөй баштады. Мындай келишимдер Европа мамлекеттерине газды Орусиядан гана эмес башка өлкөлөрдөн да алууга мүмкүнчүлүк түзөт. Дүйнөлүк цивилизациянын тарыхый жетишкендиктеринин бири болуп саналган «Жибек жолу» идеясы кайрадан актуализацияланып, дүйнөнүн эң чоң транзиттик долбоорлорунун бирине айланды. Бул долбоордун негизги максаттарынын бири түрк мамлекеттерин бириктирүүнүн стратегиялык платформасы катары иш-аракеттерди аткаруу болуп саналат.

Эң байыркы түрк мамлекеттеринин бири болуп саналган Казакстан Республикасы мурдагы Алтын Ордо империясы, ошондой эле Ногай жана Казак хандыктары сыяктуу мамлекеттик түзүмдөрдүн курамында эволюциядан өтүп, Сака, Гун, Көктүрк, Караханлы жана Кыпчак сыяктуу мамлекеттер үчүн мекен болуп калган, ал эми огуздар жана карлуктар үчүн бешик болуп калган. 2 727 300 кв. км. аянтты ээлеген Казакстан өзүнүн аймагы боюнча дүйнөдөгү 9-өлкө болуп саналат. Анын аянты болжол менен Чыгыш Европанын аймагына барабар. Ошол эле учурда Казакстан ислам жана түрк мамлекеттеринин арасынан аймагы боюнча эң чоң жана табигый ресурстарынын запастары боюнча эң бай мамлекет болуп саналат. Бул өлкөнүн калкынын саны 16 638 000 – адамды түзөт. Ички дүң продукциясынын бир жылдык көлөмү 178 млрд 312 млн АКШ долларын түзөт, ал эми жан башына киреше 10 694 долларды түзөт. Казакстандагы мунайзат запастары 2009 – жылы 39,6 – миллиард баррелди же 6,5 – миллиард тоннаны, башкача айтканда дүйнөлүк запастардын 3,2 – пайызын түзгөн. Казакстан өкмөтү 2011 – жылы

мунайзатты жылына 100-млн тонна чыгара баштаган, ал эми 2015 – жылга чейин жылына 150 – млн. тоннага чейин чыгарууну пландаштырган. 2009 – жылдын башында алынган маалыматтарга таяна турган болсок, Казакстандагы табигый газдын далилденген запастары 1,82 трлн кубометрди түзөт, башкача айтканда, дүйнөлүк запастардын 1,7 – пайызын түзөт. Казакстан көз карандысыздыкка ээ болгондон кийин өзүнүн мунайзатын жана газын сатуудан көп киреше алган. Натыйжада бул өлкө жашоо деңгээли боюнча Азиядагы эң жакшы өлкөлөрдүн бирине айланган [247].

Казакстан Республикасынын тышкы саясий стратегиясы Борбор Азиянын өнүккөн өлкөлөрү менен эки тараптуу мамилелерди оптимизациялоого жана түрк мамлекеттери менен тыгыз байланыштарды приоритеттик деңгээлде сактоого багытталган.

Борбор Азиядагы байыркы түрк мамлекеттери (Өзбекстан, Түркмөнстан жана Кыргызстан) жана түрк элдери (өзбектердин, түркмөндөрдүн, кыргыздардын) негизинен туруктуу аймактардын чегинде калыптанышкан. Бул элдер жана мамлекеттер Борбор Азиядагы тарыхый эволюциянын натыйжасында Чыгыш жана Батыш менен тыгыз байланыштарды сактаган мамлекеттер болуп калышкан.

Өзбек хандыгы (же Шейбаниддер мамлекети) 1468 – жылы Теймуриддер тарабынан жок кылынса да, 1500 – жылы (Азербайжан аймагындагы Сефевид мамлекети менен бирге) кайрадан жаралган. Өзбек мамлекети кийин бир нече хандыктарга (Бухара, Коконд жана Хива хандыктары) бөлүнүп, XIX – кылымда Азербайжан сыяктуу эле Орусия империясынын курамына кирген. 1920 – жылга чейин Бухара эмираты деген аталыштагы мамлекет гана сакталып калган. 1924 – жылы Өзбекстандын улуттук каршылык көргөзүү кыймылы талкалангандан кийин ал СССРдын курамына кошулган. СССРдын курамына киргенден кийин Өзбекстан пакта өстүрүүчү агрардык республика катары таанылган. Өзбекстан Республикасы 1991 – жылы 31-августта көз карандысыздыкка ээ болгондон кийин өзүнүн саясий, социалдык, экономикалык жана маданий кудуретин топтоп, аны мамлекет курууга жана өнүгүүгө багыттаган.

Өзбекстан өзүнүн аймагы боюнча дүйнөдөгү 56-өлкө (аймагы 447400 кв. км. аянтты түзөт), ал эми калкынын саны боюнча 45-өлкө (калкынын саны 29599100 – адамды түзөт) болуп саналат. Өлкөнүн ички дүң продукциясынын бир жылдык көлөмү 45 млрд. 353 млн. долларды түзөт, ал эми жан башына киреше – 1572 долларды түзөт [255]. Бул түрк республикасы өзүнүн улуттук экономикасын өнүктүрүү үчүн керектүү иш-чараларды аткарып жатат.

Азербайжандар жана Түркиядагы түрктөр огуз тобуна киришет. Түркмөндөр да алар сыяктуу эле XIII – кылымда Сельжук мамлекетинин курамында жашашкан. XVI – кылымда түркмөндөр

жана өзбектер Хива жана Бухара хандыктарынын бийлиги астында жашашкан, ал эми 1921 – жылы чоң Түркестандын бир бөлүгүн түзүшкөн. Түркмөндөр XX – кылымдын башында Орто Азиядагы башка түрк элдери сыяктуу эле СССРдын курамында калып калышкан. Түркмөнстан 1991 – жылы өзүнүн мамлекеттик көз карандысыздыгын жарыялаган. Ал углеводороддордун чоң запастарына ээ болгон республика болгондуктан өзүнүн бул байлыгын улуттук экономиканы өнүктүрүүгө багыттаган. Азербайжан менен Түркмөнстандын ортосунда бир нече маселе бар. Ал маселелер Каспийдеги бир нече кендүү жерлерге байланыштуу. Бирок бул маселелер Каспий деңизинин статусун аныктоо учурунда сөзсүз чечилери шексиз. Азыркы мезгилде Каспий деңизинин астынан түтүк өткөрүү жана башка коммуникацияларды кеңейтүү маселеси боюнча эки өлкөнүн ортосундагы мамилелер абдан жакшы.

Түркмөн Республикасынын аймагы 491 210 кв. км. аянтты, ал эми калкынын саны – 5 125 693 адамды түзөт. Өлкөнүн ички дүң продукциясынын бир жылдык көлөмү 25 миллиард 742 млн АКШ долларын түзөт, ал эми жан башына киреше – 4 658 долларды түзөт. Түркмөн парламентинин 14-август 2003-жылдан тарта кабыл алган чечиминин негизинде өлкө калкына электр кубаты, газ, суу жана туз субсидияланат [254]. Түркмөн Республикасы өзүнүн углеводород байлыктарын чет өлкөлөргө, ошонун ичинде Каспий-Азербайжан маршруту аркылуу да ыңгайлуу ташуу үчүн бул багытта чоң дипломатиялык иш алып барууда.

Кыргыздар түрк мамлекеттери түзүлө баштаган мезгилде эле түрк супер этносунун өнүгүүсүндө чоң роль ойногон. Алар турк империяларынын жана мамлекеттеринин чегинде жашап келишкен. Кыргызстан Орусия империясынын курамына 1876 – жылы гана кирген. Ал Борбор Азиядан Кытайга чейинки аралыкта жайгашкан өлкөлөрдүн арасынан Орусия империясынын курамына акыркы болуп кирген. Ал эми 1936 – жылы Кыргызстан СССРдын курамына союздук республика катары кошулган. 1991 – жылы 31-августта эгемендүүлүккө ээ болгон Кыргызстан Республикасынын аймагы 199 900 кв. км. аянтты, ал эми калкы 5 362 800 – адамды түзөт. Өлкөнүн ички дүң продукциясынын бир жылдык көлөмү 5 млрд 920 млн АКШ долларын, ал эми жан башына киреше 1 070 долларды түзөт [248]. Негизинен агрардык өлкө болуп саналган Кыргызстанда көмүр, алтын жана уран байлыктарын иштетүү, ошондой эле электр кубатын жана металлургия өндүрүү мүмкүнчүлүгү жетиштүү. Кыргыз Республикасы бүгүнкү күндө 2005 – жылдагы экономикалык кризистин кесепеттерин жок кылуу менен бирге өзүнүн улуттук экономикасынын негиздерин бекемдөөнү улантып жатат.

Түркия, Азербайжан, Казакстан, Өзбекстан, Түркмөнстан, Кыргызстан жана Түндүк Кипр түрктөрүнүн өз мамлекеттери бар, би-

рок башка көптөгөн түрк элдери башка мамлекеттердин курамында автономия статусунда жашашат. Орусия Федерациясында төмөнкү түрк автономиялуу республикалар бар: Татарстан Республикасы (аймагы 63 000 кв. км, калкынын саны болжол менен 4 млн адам), Башкырстан Республикасы (аймагы 143 000 кв. км, калкынын саны болжол менен 4 120 000 адам), Чувашия Республикасы (аймагы 183 000 кв. км, калкынын саны 1 400 000 адам), Хакасия Республикасы (аймагы 61 900 кв. км, калкынын саны 580 000 адам), Саха-Якутия Республикасы (аймагы 3 103 200 кв. км, калкынын саны болжол менен 1 млн адам), Алтай Республикасы (аймагы 92 600 кв. км, калкынын саны 205 000 адам), Тува Республикасы (аймагы 170 500 кв. км, калкынын саны 320 000 адам), мурда Украинанын курамына кирген, ал эми азыр Орусиянын курамына өткөн Крым Республикасы (аймагы 26 081 кв. км, калкынын саны болжол менен 2 млн адам) [138], (Түндүк Кавказда жана Дагестанда да түрк элдери жашайт, андан тышкары Кытай менен Монголияга жакын аймактарда) мындан тышкары өлкөнүн башка республикаларын жана аймактарын татарлар, башкырлар, чуваштар, хакастар, якуттар, алтайлыктар, тувалыктар, крым татарлары, уйгурлар, гагауздар, карачайлар, балкарлар, ногойлор, кумыктар, шорлор жана караимдер сыяктуу түрк тектүү элдер мекендеп келишкен.

Падышалык Орусияда, СССР мезгилинде жана Сталиндин репрессиялары учурунда түрк элдери болуп көрбөгөн дискриминацияга кабылышкан. Мисалы, Крым татарлары зордук менен Сибирге, казандык татарлар Манчжурияга [62, с.11-12], азербайжан түрктөрү азыркы Армениянын аймагынан Орто Азияга депортацияланган. Орусия империясы мезгилинде жана советтик бийлик мезгилинде орустар жалпы түрк элдеринин бири-бирине жакын жашоосуна тоскоолдук кылууга жана Алтайдан баштап Балканга чейин созулган аймактарда жашаган түрк элдерин бөлүп-жарууга аракет кылышкан. Большевиктер да өз иш-аракеттерин алдын ала эле түрк элдерине каршы пландаштырышкан. Алар эзелтен бери эле түрк элдери жашап келген жерлерге 1918 – жылы алгачкы армян мамлекетин курушуп, армяндарга Зангезур аймагынын бир бөлүгүн зордук менен эле тартып алып берип коюшкан. Бул иш-аракет алардын түрк биримдигин бузуу боюнча планынын бир бөлүгү болгон. Бирок алар өз максатына толук жете алышкан эмес, себеби *Евразиядагы түрк элдеринин этносистемасы кысымдарга жана зордуктарга карабастан өзүнүн бүтүндүгүн сактап кала алган.* Жадагалса бүгүнкү күндө деле Чыгышта жана Чыгыш Европада жашаган түрк элдери өздөрүнүн улуттук өз алдынчалуулугун сактап кала алышкан.

Алыскы жана Жакынкы Чыгышта өздөрүнүн көп сандуулугу жана терең улуттук-маданий тарыхы менен өзгөчөлөнгөн эки түрк эли бар. Алар Кытайдагы уйгурлар жана Ирандагы азербайжандар.

Азыркы мезгилде Борбор Азия өлкөлөрүндө жашаган уйгурлардын мекени Уйгур империясы болгон. Бул империя өз убагында Кытайда үстөмдүк кылган. Азыркы күндө бул чоң аймак Кытайдын аймагы болуп саналат. 1 660 000 кв. км. аянтты ээлеген Синьцзянь (кытай тилинде – *Хинжуан*) Уйгур автономиялык аймагында 21 813 334 уйгур жашайт (калкынын саны боюнча дүйнөдө 25-орунду ээлейт) [236].

Азербайжандар Иранда XI – кылымдан XIX – кылымга чейинки мезгилде үстөмдүк кылышкан. Ал эми азыркы учурда алардын саны 79 млн. адамды түзөт. Бул сан Иран өлкөсүнүн жалпы калкынын үчтөн бир бөлүгүн түзөт. Азыркы Иран аймагындагы азербайжандардын улуттук-географиялык бүтүндүгүн бузуу максатында (Орусияда да ушундай максаттар көздөлгөн) байыркы азербайжан жерлери эки административдик бөлүктөргө – Чыгыш жана Батыш Азербайжанга бөлүнгөн [252], ал эми калган жерлери башка аймактарга таратылып берилген. Кытайдагы уйгурлар сыяктуу эле Ирандагы азербайжандар да анда-санда улуттук-боштондук кыймылдарды уюштуруп, көтөрүлүп турушкан. Алардын мындай кыймылдары өкмөт тарабынан катуу басылып турганы менен алардын кайрадан көтөрүлүү ниеттери жана күч-кубаттары эч качан өчүп калган эмес.

XXI – кылым дүйнө элдерине, ошонун ичинде түрк элдерине да өнүгүүнүн перспективалуу багыттарын ачты. Азыркы мезгилде миллиондогон түрк тектүү элдер жана алар жараткан *Улуу Түрк Диаспорасы* түрк дүйнөсүн тарыхый эстеликтин негизинде бириктирүү идеясына арналган глобалдык иш-аракеттерге кошулуп жатат.

Өз убагында Корея жана Монголиядан баштап Балкан аймактарына чейин өз мамлекеттерин жана автономияларын курган түрк элдери бири-бири менен болгон мурдагы терең байланыштын жылуулугун азыркы учурда өз жүрөктөрү менен сезип жатышат. Алар эки жүз жылга созулган саясий-тарыхый толкундоолордун натыйжасында чачыранды болуп, ар түрдүү аймактарда жана башка мамлекеттердин курамында жашап келишкен. Алар өздөрүнүн жүрөктөрү, идеялары жана эң негизгиси *Келечеги* бир экендигин сезишкен. Чачыранды болгон абалдан бириккен абалга келүү - бул алардын тарыхый тагдыры. Анткени байыркы мезгилдегидей эле азыркы мезгилде да Евразиядагы түрк элдери алар этносаясий жана этномаданий жактан канчалык ар түрдүү болушса, биригүү мүмкүнчүлүктөрү да ошончолук көбөйөрүн жакшы түшүнүп турушат!

Тарых диалектикасына таяна турган болсок, бүтүн нерсе бөлүнөт, ал эми бөлүнгөн нерсе биригет. XXI – кылымды түрк элдеринин кылымы деп жарыялаган адамдар дал ушул логикага таянышкан. Ошондуктан биз бардык жолдор Түрк элдеринин Биригүүсүнө алып барган мезгилде жашап жатабыз деп ишенимдүү түрдө айта алабыз!

# 4. ТҮРК БИРИМДИГИ ЖӨНҮНДӨ ИДЕЯНЫН ЭВОЛЮЦИЯСЫ

Түрк биримдиги жөнүндө идеянын эволюциясы өзүнүн мыйзам ченемдүүлүгү жана көрсөткүчтөрү менен мүнөздөлөт. Бул процесс түрк урууларынын этникалык биримдигине байланышкан алгачкы чакырыктардан баштап азыркы учурдагы түрк элдеринин эл аралык саясий биримдигин түзүү аракеттери көрүлүп жаткан заманбап мезгилге чейинки убакытты камтыйт. Жогоруда айтылган идея ушундай эволюциялык процессте бара-бара толук мааниге ээ болот, бай тажрыйба менен толукталат, ошондой эле жаңы тарыхый мезгилдин чындыктарын чагылдырып, жат идеологияларга каршылык көргөзүүгө жөндөмдүү болуп калат. Түрк биримдиги жөнүндө идея мамлекеттер жана чоң империялар курулуп жаткан мезгилде кандай маанилүү болсо, регресс жана жоготуулар учурунда да ошондой эле маанилүү. Түрк элдери жыгылганда дайыма кайрадан көтөрүлүшкөн. Алар ийгиликсиздиктердин себебин бир гана нерседен, тактап айтканда түрк мамлекеттеринин ортосундагы биримдиктин жоголушунан көрүшкөн. Ал эми мындай биримдиктин жоголушунун себебин алар *жашоо мыйзамдарынын бузулушунан* көрүшкөн. Эгер биримдик бузулса, сөзсүз *хаос* пайда болот. Эгер биримдик бекемделсе, *гармония* пайда болот. Түрк элдери өз мамлекеттерин же империяларын жоготушкан кезде эч качан депрессияга кабылып, кайгырышкан эмес, анын ордуна алар түбөлүк энергияга таянып, ошондой эле биримдиктин «негиздерин» ойготушуп, алдыга жылуунун жаңы багыттарын белгилешкен. Мына ушул себептен түрк элдери оор абалга туш келген мезгилде деле кайрадан тез эле көтөрүлүп, өнүгүп турушкан. Алардын начарлашы жаңы прогрессти билдирген. XIX – кылымда жана XX – кылымдын башында түрк дүйнөсүндө регресс орун алган. Бирок дал ошол мезгилде түрк элдери өздөрүнүн тырышчаактыгы жана кебелбес улуттук эс-тутуму аркылуу өздөрүнүн мамлекеттүүлүгүнүн негиздерин түзүп, ошол негиздерге таянып өнүгүп кете алышкан. Түрк элдеринде чынында эле дайыма *биримдиктин үлгүсү* бар болгон. Мындай сапат менен бүткүл адамзат сыймыктанса болмок жана мындай сапат бүткүл адамзат үчүн биримдикти камсыз кылып бере алмак.

Түрк элдери өздөрү жашаган этногеографиялык аймактарды кеңейтишип, жаңы мамлекеттерди жана империяларды курушкан. Алар канчалык кеңейген сайын биримдик идеясынын зарылдыгы

жана ошол идеяны муундан муунга өткөрүү зарылдыгы да ошончолук күчөгөн. Укум-тукум линиясы боюнча улануучу этникалык жана саясий-социалдык дифференциацияны (жиктелүү процессин) эске ала турган болсок, *гун-түркүт-көктүрк – жаңы мууну түрк огуздар, түрк-кыпчактар, түрк-булгарлар, түрк-карлуктар жана түрк-уйгурлар* өздөрүнүн этносистемаларынын дихотомиялык биримдигин сактап калууга аракет кылышып, ошол аракеттеринин натыйжасында байыркы мезгилден баштап I – миң жылдыктын аягына чейинки мезгилде Евразияда динамикалык жана туруктуу тарыхый мейкиндик түзүшкөн. Алардын кошуналары бул географиялык аймакты *Түрк* же *Туран* дүйнөсү деп аташып, анын чыныгы атын аныктап коюшкан. Мына ошол мезгилден кийин дээрлик XIX-кылымга чейин Евразияда орун алган бардык окуялар *Түрк* деген атка толук же жарым жартылай байланышкан. Демек, түрк элдери *Түрк Саясий Маданиятынын* үстөмдүгүнө жетишүү үчүн узак убакыт бою биримдик идеясын ишке ашырууга аракет кылышкан. Аталган идея кийинчерээк концептуалдык идеологияга айланган.

Түрк биримдиги жөнүндө идея биздин доордун 680-445 – жылдарында пайда болгон Орхон-Енисей эстеликтеринде (же Отүкен түрк жазмаларында) кездешет. Ташка түшүрүлгөн бул жазмалар *түркизм жана мамлекеттүүлүк идеяларынын бөлүнбөстүгүн* билдирген. Али Өзтүрктүн «*Улуттук мурас*» деп аталган китебинде түрк дүйнөсүнүн улуттук биримдиги жөнүндө идеяны жайылткан алгачкы идеолог Билге Кагандын «**Эй, түрк калкы, тынчсыздангыла жана өзүңөргө кайрылгыла!**» деген сөздөрү келтирилген [130, 5-б]. Бул сөздөр келечекти азыркы күнгө чейин күн нуруна окшоп жарык кылып келүүдө. «Түрк цивилизациясы» деп аталган китептин автору Метин Айдоган дүйнөлүк тарых үчүн маанилүү болгон төмөнкү салыштырманы мисал катары келтирген: «...Франциянын падышасы Людовик XIV «Мамлекет – бул мен! Жарандардын өмүрү жана мүлкү да меники», - деп айткан, ал эми андан миң жыл мурда Көк түрктөрдүн башкаруучусу Билге Каган (VIII – кылым) минтип айткан: «Мен түрк эли үчүн түндөрдү уктабай өткөрдүм, ал эми күндөрдү отурбай өткөрдүм» [98, 65-б]. Билге Кагандын бул сөздөрү чынында абсолютизмди же тиранияны эмес, чыныгы лидердин саясий жүрүм-турумун билдирет. Ал башкаруучу өзүнүн миссиясын элге кызмат кылуу менен байланыштырган. Согуштук жортуулдарыңыз каерден бүтөт деген суроого Чынгызхан «Биз үчүн түрк дүйнөсүнүн эки аягын бириктирүү гана маанилүү. Түрк элинин акыркы өкүлүн көргөнгө чейин жүрүштү уланта бергиле. Акыркы түркtү көргөндө токтогула» деп жооп берген экен. Анын бул жообу да өтмө мааниге ээ. Чынгызхандын бул ою аны басып

алуучу катары көргөзгөн айрым пикирлерди бир жагынан четке кагып, экинчи жагынан Евразиянын чыныгы тарыхы кандай болгонун көргөзөт. Түрк дүйнөсү Чынгызхандын согуштук жортуулдары башталган мезгилге чейин эле Евразия аймагында кеңири жайылган. Евразияда гунн-түрктөрдөн кийин түрк-кыпчактар, андан кийин түрк-огуздар, кийинчерээк башка түрк элдери кенен аймактарды ээлешкен. Ал аймактарды кийин Чынгызхан басып алып, ал жерлерде мамлекеттерди жана коомчулуктарды түзүшкөн. Түрк элдеринин евразиядагы толкуну ошону менен токтоп калган эмес. Андан кийин дагы бир күчтүү толкун, тактап айтканда Темирландын согуштук жортуулдары башталып, алар Евразиянын картасын жаңыдан чийген.

«Зефернаме» деп аталган чыгармада Темирландын жортуулдарынын хронологиясы көрсөтүлүп, француз тарыхчысы Рене Груссе айткандай, «Азиянын императору» түрк дүйнөсүнүн биримдигин камсыз кылуу саясатын кантип ишке ашыргандыгы жөнүндө толук түшүнүк берилет [241, 414-б]. Наполеонго жана Аттилага окшоп макиавеллизм практикасын колдонгон Темирлан түрк мамлекеттүүлүгүнүн тарыхында биринчи болуп Курултай («*курултай*» деген сөз көп кылымдардан бери өз маанисин жоготкон эмес жана азыркы мезгилде да түрк тилдеринде кеңири колдонот) уюштурган [241, 427-б]. Курултайларда ар аймактардын согуштук-саясий башчылары чогулуп, чоң империяны бөлүүгө багытталган бардык аракеттерге жол бербөө тууралуу чечимдерди кабыл алышкан жана бирдиктүү мамлекеттик саясатты коргоо аракеттерин көрүшкөн.

Түрк элдери жараткан бардык огузнаме-эпостор («Огуз-Каган», «Китаби Деде Горгуд», «Манас», «Эмсали-Түрк» - түрк элдеринин эркин ойлорунун жыйнагы), Махмуд Кашкаринин «Диван Лугат – ит – Түрк» (XI - кылым) деп аталган чыгармасы, Жусуп Баласагындын «Кутадгу Билиг» деп аталган чыгармасы (XI - кылым), Сейид Ахмед Ясевинин «Дивани Хикмет» деп аталган чыгармасы (XII – кылым), Фезлулла Рашид ад-Диндин «Огузнаме» деп аталган чыгармасы (XIV – кылым), Алишер Навоинин «Мухакамат ал-лугатайн» (эки тил тууралуу пикир) деп аталган чыгармасы (XV – кылым), Абдулгази Бахадур «Шеджереи-Тарикиме» (түрк элдеринин аттары жөнүндө китеп) деп аталган чыгармасы (XVII – кылым) жана башка ушул сыяктуу чыгармалар түрк биримдиги тууралуу идеяга байланышкан чыгармалардын үлгүлөрү болуп саналат.

Түрк дүйнөсү ислам дини менен бириккенден кийин түркизм идеясы диний мүнөзгө ээ болуп калган, бирок буга карабастан ал өзүнүн маңызынан алыстаган эмес. Анын маңызы төмөнкүдөй түрдө сакталган: *түрк биримдиги өзүнүн «уясын» ислам дүйнөсүндө курат.* Ошондуктан суфизм философиясы түрк элдеринин башкаруу

формасына карама-каршы келгендей көрүнгөнү менен чынында ал ушул башкаруу формасынын философиясы болгон. Түрк элдеринин көп жерлерди багындырган султандары – Гази Бурханаддин, Жаханшах Хагиги, Шах Исмаил Хатаи жана мыкты султан Сулейман (Кануни) суфизмге негизделген поэтикалык чыгармаларды жазышкан жана ошол чыгармалар алардын саясий ишмердүүлүгүнүн моралдык – адеп-ахлактык катмарын түзгөн. Түрк элдеринин саясий биригүү маданияты суфизм, шиизм жана бекташизм деп аталган тап-такыр карама-каршы багыттарда калыптанган. Демек, түрк элдеринин этносаясий системасында ислам дүйнөсүнүн тышкы катмарына, тактап айтканда, идеологияны, жүрүм-турумду жана адеп-ахлактуулукту камтыган катмарына туруштук берүү үчүн ар түрдүү айла-амалдар пайдаланылган.

Түрк биримдиги идеясынын тарыхый эволюциясынын экинчи баскычы XIX – кылымдын ортосунда түрк мамлекеттери жана империялары кулагандан кийин башталган. Ал мезгилде түрк элдери начарлоонун себептерин анализдеп, кайрадан жаралуунун жолдорун издөөгө аракет кылышкан. *Түрк дүйнөсүндөгү классикалык түркизм идеясы бара-бара универсализациялана* баштаган.

Бүткүл Азияны, ошону менен катар Ислам жана Индия дүйнөсүн камтыган улуттук-боштондук кыймылы күчөп жаткан мезгилде төмөнкү эки маанилүү идеологиялык факторлор Түрк дүйнөсүнүн ойгонушуна түрткү берген: *панисламизм жана пантүркизм*. Кийин бул түшүнүктөр кыйла модификацияланып, ислам жана түрк идеологдору аркылуу *ислам дүйнөсү* жана *түрк дүйнөсү* катары калыптанган. Чыгыш өлкөлөрүндө ушул түшүнүктөрдүн ортосундагы окшоштук жана айырмачылык жөнүндө көп талкуулар жүрөт. Чыгышты модернизациялоо идеясы Азербайжанда Мирза Фатали Ахунзаденин (1812-1878) чыгармаларында демократиялык түрдө чагылдырылган. Ал өзүнүн эне тили – азербайжан тилинде философиялык трактаттарды жазган жана түрк тилдүү маданият европалык маданияттан калышпастыгын, андан тышкары түрк тилдүү маданият эстетикалык драма жарата аларын Чыгышта биринчи болуп далилдеген. Ошондуктан анын ысымы түркизм идеясын негиздегендердин алдыңкы катарында айтылат. Мирза Фатали Ахунзаденин жаш замандашы Жамаладдин Афгани (1838-1897) жаңы диний-саясий көз карашка негизделе турган жаңы заманбап мамлекеттерди куруу зарылдыгын айтып, колдоо издеген. Ал өзү бүткүл Чыгышты кыдырып, Европада да болгон [263, 108-112-б; 302, 30-31-б].

Түркизм идеясы XX – кылымда исламизм тенденциясын экинчи планга жылдырып, түрк дүйнөсүнүн эң негиздүү идеологиялык-саясий жана маданий көз карашы болуп калган. Концептуализациянын кийинки процесстеринде түркизм идеясы *идеологиялык*

*түркизм*, *саясий түркизм* жана *маданий түркизм* деген тенденцияларга бөлүнгөн. Осмон империясында көз карандысыздыкка ээ болгон түрк элдери Орусия империясынын жана башка мамлекеттердин курамында көз карандысыздыкка ээ болушкан эмес. Бирок алар түркизм идеологиясынын тегерегинде биригүүгө аракет кылышкан. Универсалдык империялык саясат жүргүзгөн Осмон империясын бүткүл түрк элдеринин мамлекетине айландыруу, башка мамлекеттердин курамында жашаган түрк коомчулуктарынын (булар өз убагында өздөрүнүн жеке мамлекеттерине ээ болушкан!) маданий-саясий көз карандысыздыгын калыбына келтирүү, ошондой эле алардын баарынын биригүүсүнө жетишүү – *түркизм идеологиясынын негизги максаты* катары белгиленген.

Дайыма жакшыртылып, толукталып турган бул идеяны жараткандар жана аны колдогондор Осмон империясында, Орусия империясында жана башка мамлекеттерде куугунтукталып, кысымга алынып турган. Бирок ошого карабастан алар өздөрү тандаган жолдон бурулбастан, өздөрүнүн асыл күрөшүн уланта беришкен. Азыркы мезгилде дүйнөдө түрк мамлекеттери аз эмес экендигин жана алар түрк дүйнөсүнүн жогорку саясий деңгээлде биригүүсүнө жетишүү үчүн конкреттүү долбоорлорду ишке ашырып жатышкандыгын эске ала турган болсок, биз алардын алдында милдетүүбүз, ошондой эле *түркизм кыймылын* алдыга жылдырууга да милдеттүүбүз. Анткени бул иш-аракеттер көп мезгилдерден бери аткарылып келүүдө жана алар тамчы сыяктуу акырындык менен чогулуп келген. Мындай асыл аракеттерди улуттук аң-сезимге ээ болгон жана улуттук ой жүгүрткөн адамдар жасап келишкен. Алар бүткүл муундардын күрөшүнө таянышкан. Бул жол али аягына чыга элек. Азыркы мезгилде биздин алдыбызда турган жаңы милдеттерге же максаттарга таяна турган болсок, күрөштүн жаңы баскычтары али алдыда. Бирок биз аларды ийгиликтүү өтөбүз деп ишенебиз. Анткени бизге чейинки муундар биз үчүн жакшы негиз же пайдубал түзүп беришкен.

Түркизмдин идеологу Юсиф Акчура (Акчуралы) өзүнүн «Түркизмдин тарыхы» деп аталган классикалык китебинде ушул идеологиянын эволюциясын кылдаттык менен карап чыккан. Анын бул китеби түрк элдеринин көптөгөн муундары үчүн үлгү болмокчу. Бул мыкты чыгармачылыкка таяна турган болсок, жогоруда айтылган инсандардын баары энциклопедиялык билимге ээ болушкан жана өз элдеринин улуттук маданиятында төңкөрүш жасап, ой жүгүртүүнүн негизин же пайдубалын түптөшкөн. Ал эми Юсиф Акчура өзү ким болгон?

Юсиф Акчура (1876-1935) улуту боюнча казандык татар болгон. Анын ата-бабаларынын бири князь Адаш орус падышасы Иван Гроз-

ныйдын досу болгон. Акчура үй-бүлөсү белгилүү династия болгон. Алардын текстилдик мануфактуралары бар болгон. Орус императору Николай I Казанга барганда Юсифтин атасы Гасан бектин үйүндө конок болгон. Эки жашында эле атасынан айрылган Юсифтин бардык өмүрү жана күрөшүү жылдары Стамбулда өткөн. Ал *«Жаш түрктөр» деп аталган түркизм кыймылынын* мүчөсү болгондуктан камакка алынып, өмүр бою сүргүнгө айдалган, бирок ал сүргүндөн качып, Парижге кете алган. Юсиф бек 1899-1903 – жылдары Француз саясий илимдер Академиясында жана белгилүү Сорбонна университетинде билим алган. Юсиф Акчура орус революциясына чейинки мезгилде 1916 – жылы июль-август айларында Швейцариядагы Цюрих шаарында болгон кезде В.И. Ленин менен жолугушуп, ал менен төрт саат сүйлөшкөн. Ю. Акчуранын эгер большевиктер бийликке келсе улуттук маселеге кандай мамиле кылышат деген суроосуна В.И. Ленин минтип жооп берген: «Эгер биз жергиликтүү өзүн өзү башкаруу принцибине өтсөк, силер өзүңөр талап кылган укуктарды ашыгы менен аласыңар». Бирок большевиктер бул убадасын аткарбай койгондуктары кийинчерээк белгилүү болгон.

Түрк Республикасы түзүлгөндөн кийин Юсиф Акчура Улуу Улуттук Межлиске шайланып, Стамбул университетинин профессору деген наам алган. Ал Түркиянын биринчи президенти Мустафа Кемаль Ататүрктүн жакын жолдошу, ошондой эле анын саясат жана маданият маселелери боюнча кеңешчиси болгон. Түркизмдин идеологу Юсиф Акчура 1931- жылы Түрк Тарыхый Коомун түзүүгө катышкан жана ал коомду 1935 – жылга чейин, тактап айтканда каза болгонго чейин жетектеген. Юсиф Акчуранын илимий, саясий жана публицистикалык ишмердүүлүгү түркизм кыймылында баа жеткис роль ойногон. Анын «Саясаттын үч түрү» деп аталган трактаты чоң мааниге ээ. Жадагалса армян улутундагы изилдөөчү Зареванд бул трактаттын мүнөзүн Маркс менен Энгельстин «Коммунисттик Партиянын манифести» деп аталган чыгармасына салыштырган. Бул чыгарма «Түрк» деп аталган Каирдик гезитке чыгарылып, түрк тектүү элдердин интеллектуалдарынын арасында кызуу талкууну жараткан. Али Камал, Ахмед Фарид жана азербайжандык Али бей Гусейнзаде сыяктуу инсандар да ошол эле гезитте өз пикирлерин жарыялашкан. Юсиф Акчура өзүнүн «Саясаттын үч түрү» деп аталган бул трактатында Осмон империясы үч платформанын алдында, тактап айтканда, *осмондуктун*, *исламчылдыктын* жана *түркизмдин* алдында турганын, бирок алардын арасынан түркизмди мамлекетти сактап калуучу жол деп эсептеп тандап алгандыгын жазган. Юсиф Акчура чынында осмондукту жана исламчылдыкты эмес, *түркизмди мамлекеттик саясат статусуна* көтөрүү идеясын биринчи болуп көтөргөн. Юсиф Акчура түркизм саясаты

жөнүндө айтып жатып, Орусия жана Осмон империясында жашаган түрк элдери бир улут экенин белгилеп, бирдиктүү мамлекет куруу идеясын коргогон. Юсиф Акчура түрк элдери бири-бирин жакшы таанып, маданият маселелеринде биригүүсүн каалаган. Юсиф Акчуранын түркизм идеясын колдогондугу чынында келечекте өзүнчө жана көз карандысыз түрк мамлекеттеринин пайда болушун божомолдогон» [53, с.13].

«Түркизмдин тарыхы» деп аталган чыгарма (1928 - жыл) анын чыгармачылыгынын туу чокусу болгондугун көпчүлүк белгилеген. Анын бул эмгегинде түркизм идеологиясы түрк жана жалпы дүйнө элдери үчүн жалпы адамзаттык мааниге ээ экендиги баяндалган. Ал өзүнүн бул чыгармасында түркизм идеологиясы башка идеологиялык системалардын арасында салыштыргыс абалга ээ экендигин, ошондой эле анын тарыхый-теориялык негиздерин аныктаган. Юсиф Акчура түркизм кыймылынын Түркияда, Орусияда, Азербайжанда, Кавказда, Борбор Азияда, Крымда жана Казанда жайылуусун изилдеп, түркизмдин калыптанышын баяндайт. Ал түркизм идеологиясынын башында турган ойчулдар жөнүндө энциклопедиялык тактык менен баяндайт. Алар төмөнкүлөр: Шинаси жана Зия Паша, Ахмед Вефиг Паша, Мустафа Джалаладдин Паша, венгр Вамбери, бухаралык Шейх Сулейман Эфенди, Ахмед Мидхад Эфенди, Сулейман Паша, Ахмед Джевдет Паша, Мирза Фатали Ахундзаде, Шейх Джамаладдин Афгани, Гасан бей Зардаби, Исмаил бей Гаспиралы, Шахабеддин Марджани, Шамсаддин Сами, Наджиб Асим, Велед Челеби, Амруллах Эфенди, Таир Бурсалы, Рауф Фуад, Ахмед Хикмет Мюфтюоглу; ошондой эле саясий түркизмдин өкүлдөрү – Юсиф Акчура өзү, Али бей Гусейнзаде, Ахмед бей Агаоглу, Хилми Туналы, түркизм уюмун негиздөөчүлөр – Хамдуллах Субхи, Зия Гёкальп жана башкалар [92]. Көрүнүп тургандай, ушул кадыр-барктуу адамдардын арасында жаңы мезгилдеги Азербайжандын маданиятын жаратуучулар да бар. Демек, ошол мезгил ушунчалык жооптуу болгондуктан түрк дүйнөсүнүн улуттук маданиятынын өкүлдөрү ар түрдүү өлкөлөрдүн жарандары болушса да, өздөрүнүн үндөрүн бириктирип, өздөрүн бирдиктүү же жалпы бир «кол чатырдын» алдындагы элдер катары карашып, өздөрүнүн ишмердүүлүгүн ушул идеяга байланыштырууга аракет кылышкан. Түрк дүйнөсүнүн жана планетанын ар бир бурчунда улуттук рух ойгонгон кезде ал өз траекторияларын аныктап, Түркизм орбитасы багытындагы кыймылга кошулган.

Түркизм идеологиясы калыптана баштаган алгачкы жерлердин бири Азербайжан болгон деген көз карашты Юсиф Акчурадан тышкары түрк жана азербайжан таануучулар, ошондой эле коомдук-саясий жана адабий-маданий чөйрөдөгү азербайжан изилдөөчүлөрү

да колдошот. Юсиф Акчура «Экинчи» деп аталган гезитти Орусия империясында түрк тилинде чыгарылган алгачкы гезит деп эсептеген [92, 87-б]. Продолжатели традиций «Экинчи» – газеты «Зия-и Кавказийе» (Кавказ Жарыгы), «Кешкюль» жана «Хаят» (Турмуш) гезиттери, ошондой эле «Фиюзат» жана «Молла Насреддин» деп аталган журналдар жогоруда айтылган «Экинчи» деп аталган гезиттин салтын улантып, *улуттук түркизмди бүткүл дүйнөлүк түркизм кыймылына кошушкан* [92, 87-95-б; 55, 165-443; 302, 30-35-б]. Ошол мезгилде биздин өлкөбүздө *азербайжанчылык идеясы башталып* жаткан [74]. Америкалык азербайжан таануучу Тадеуш Святоховский алгачкы түркизмдин азербайжандык платформасын изилдеп чыгып, анын улуттук маданияттан баштап «пантүркизмге» чейинки өнүгүүсүнө байкоо жүргүзгөн. Святоховскийдин тыянагына таяна турган болсок «Фиюзат» деп аталган белгилүү журналдын негиздөөчүсү Али бей Гусейнзаде тарабынан «Хаят» гезитине чыгарылган «Түркчүлдүк, Исламчылдык жана Европачылдык» деген ураандар кийинчерээк улуу идеолог-түркист Зии Гөкальптын платформасынын негизинде («Түркизмдин негиздери») системалаштырылып, Осмон империясынын Түркия мамлекетине айлануусунун негизги идеологиясы болуп калган [302, 34-35-б]. Зия Гөкальп өзү түркизм идеясынын башында турган Исмаил бей Гаспиралы жана Ахмед бей Агаоглу менен кошо Али бей Гусейнзадени да айтып өткөн [40, 12-б].

Али бей Гусейнзаде (1864-1940) өзүнүн бардык өмүрүн түркизм идеясына арнаган сейрек адамдардын бири болгон. Ал түрк дүйнөсүнүн биримдиги жөнүндө идеяны философия, саясат жана маданият жагынан кылдаттык менен изилдеген [51]. Бул ойчул түрк элдеринин улуттук аң-сезиминин эволюциясында жана туркизм идеясынын Орто кылымдык философиядан улуттук мүнөздөгү философияга айланышында зор эмгек жасаган. Али бей Гусейнзадени советтер союзу учурунда пантүркист деп айыптагандар да аны «Азербайжандагы түркизмдин алгачкы пропагандисти» болгонун моюнга алышат. Али бей Гусейнзаденин эмгектерин изилдеген Азер Туран белгилегендей, «Эгер Али бей Гусейнзаденин «Туран» деген ырын туранизм идеологиясынын алфавити деп эсептпей турган болсок, анда анын «Түрк элдери жана алардын келип чыгышы» деп аталган чыгармасын туранизмдин хрестоматиясы деп эсептөөгө болот» [76, 201-б, 205, 207]. Али бей Гусейнзаде чачынды болгон түрк дүйнөсүнүн оор абалдан чыгуусуна мүмкүндүк бербей жаткан жашыруун милитаристтик саясаттын (улуу орус шовинизми жана перс улутчулдугу) себебине такыр башкача маани берген логикалык тыянак чыгарган. *Дал ушул логиканын негизинде табылган кызыл линия түрк дүйнөсүнүн келечекке карата ориентирлерин туура*

*аныктаган*. Түркизм идеясын XX – кылымдын башында башка ойчулдар дал ушул линиянын негизинде өнүктүрүшкөн.

Али бей Гусейнзаденин жолдошу Ахмед бей Агаоглу (1869-1939) жалпы түрк маданиятынын жана саясатынын Түркиядагы, Азербайжандагы, ошондой эле Европадагы алдыңкы пландоочусу болгон. Ахмед бей Агаоглу (Агаев) Шушада (Карабак) төрөлүп, Петербургда жана Парижде билим алган. Ал XIX – кылымдын 90 – жылдарынын башында Франциянын белгилүү гезиттерине чыккан. 1892 – жылы ал Бүткүл дүйнөдөгү Чыгыш таануучулардын IX Эл аралык Конгрессинде француз тилинде сөз сүйлөгөн. Парижде ал Чыгыш-Ислам Кайра жаралуу уюмунун өкүлү Шейх Жамаладдин Афгани менен жолугушкан жана бул жолугушуу анын тагдырында чечүүчү роль ойногон. Ал 1897 – жылы Азербайжанга кайтып келген соң Алимардан бек Топчибашы, ошондой эле Гасан бей Зардаби, Нариман Нариманов, Жалил Мамедгулузаде жана Фирудин бей Кочарли сыяктуу белгилүү адабиятчылар менен биргеликте «Каспий» деген гезит чыгарган. Ошол мезгилде Орусия империясы Азербайжанга өзүнүн цензорлорун дайындап турган. Улуту армян цензорлордун бири (Азербайжанда басылып чыгуучу чыгармалардын цензура ишин кароочу адамдар армян улутунан тандалгандыгы өзгөчө көңүлдү бурат) Ахмед бей Караоглун «ашынган панисламист жана пантүркист» деп айыптаган. Кавказда, ошону менен бирге Азербайжанда 1905-1906 – жылдарда мусулмандарга каршы геноцид саясаты жүргүзүлгөндүгүн Ахмед бей Караоглу биринчи жолу тийиштүү документтер менен тастыктаган. Ахмед бей Агаоглу аны Орусия бийлигинин Азербайжандагы өкүлү Воронцов-Дашков камакка алууну пландаштырып жатканын билген соң Түркияга кетүүгө аргасыз болгон. Түркияда ал Али бей Гусейнзаде, Юсиф Акчура жана Зия Гөкальп сыяктуу эмиграннттардын катарына кошулган. 1915 – жылы Лозаннадагы конференцияда Ахмед бей Агаоглу Орусияда жашаган элдердин өкүлү болгон. Ал 1919 – жылы Париж Тынчтык конференциясы башталардан мурун англиялыктардын оккупациялык согуштук жетекчилиги тарабынан Стамбулда камакка алынган. Ага атайын ойлоп чыгарылган айыптар коюлуп, андан кийин ал Мальтага айдалган. Ал өзүнүн эки жылга созулган сүргүн учурунда көргөн кыйынчылыктарын Нариман Наримановго жазган катында баяндаган. Кийин ал өзүнүн Түркиядагы жолдоштору менен биргеликте түркизм идеясы үчүн жигердүү күрөшө баштаган. Ал Түркия басма сөзүнүн улуу ыйгарым укуктуу өкүлү, ошондой эле «Улуттук өкмөт» деп аталган гезиттин башкы редактору катары эмгектенген. Аталган гезит Мустафа Кемаль Ататүрктүн көз караштарын жана идеяларын колдогон. Юсиф Акчура менен бирге Ахмед бей Агаоглу да Улуу Улуттук Жыйынга (парламент) шайланган. Ал Мустафа Ке-

маль Ататүрктүн эң жакын тилектеши жана досу болгон. Ал ошондой эле Ататүрк жүргүзгөн күрөштүн жигердүү коргоочусу болгон. Мунун баары анын Түркия Республикасынын алгачкы жылдарында жетекчилик кызматтарга көрсөтүлүшүнө түрткү берген [75, 10-б]. Ахмед бей Агаолгу өз мезгилиндеги белгилүү инсандар менен чыгармачыл-интеллектуалдык байланыштарды жүргүзүп, аларды өзүнүн оригиналдуу көз караштары менен кызыктырган. Азербайжандын ойчулдары жалпы түрк дүйнөсүнүн маданиятын Чыгыш жана Батыш маданияттарынын алкагында анализдеп, *маданияттар аралык мамилелерди жана атаандаштыкты кандай тараптан кароо керек экенин* Европалык жана Америкалык авторлордон алда канча мурда эле аныктап коюшкан [4]. Мындан тышкары Агаоглу өз мезгилиндеги социалдык психологияны адамдардын ички дүйнөсүнүн жана улуттук маңызынын же намысынын ортосундагы баланс түрүндө көргөзүүгө аракет кылган [3]. Ошондуктан Ахмед бей Агаоглу тарабынан көтөрүлгөн түркизм идеясы идеологиялык мааниге гана ээ болбостон, бүтүн түрк элдеринин баштарына түшкөн кыйынчылыктарды жана алардын генетикалык эс-тутумдарын билдирет.

Чыгыштагы алгачкы демократиялык мамлекетти түзгөн Мамед Эмин Расулзаде эң кур дегенде түркист болуп саналат. Ал өзүнүн публицистикасында түрк дүйнөсүнүн тарыхый тагдырын (улуу империялардан баштап демократиялык республикаларга чейин) чагылдырган. Мамед Эмин Расулзаде Азербайжандын келечегин кубаттуу бир биримдик менен байланыштырган. Түштүк Азербайжандагы революциянын жетекчиси Саттархан менен 1906 - жылы Тебризде жолугушуп, 1918-1920 – жылдарда Осмон империясы менен жигердүү дипломатиялык сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн Мамед Эмин Расулзаде түркизм идеясынын туусун көтөргөн улуу адам болгон.

Крым татарлары үчүн жаңы мезгилдин улуттук идеологиясын жараткан Исмаил бей Гаспиралы (Гаспринский) (1851-1914) өзүнүн алдына төмөнкү максатты койгон: жалпы түрк дүйнөсүн жана Орусия империясындагы түрк улуттарын бириктирүү. Бул максатты ишке ашыруу үчүн *ал жалпы түрк баалуулуктарын сактоону, тактап айтканда, түркизацияны пропагандалаган.* Түркизм идеясы адегенде «Экинчи» деп аталган гезитте, андан соң «Тарджуман» деп аталган гезитте пропагандалана баштаган. Бул гезит 1883 – жылдан баштап отуз бир жыл бою (кылымдын дээрлик үчтөн бири) Бахчисарайда кыйынчылыктар менен чыгарылган. Исмаил бей Гаспиралынын «Тилде, ойдо жана иште биримдик» деген урааны түрк дүйнөсүнүн бүтүндүгү жөнүндө негизги программа катары ойлонуштурулган. Ошондуктан ал 1900 – жылы жалпы түрк маданиятын негиздөөчүлөрдүн, окумуштуулардын жана адабиятчылар-

дын жашоосун жана ишмердүүлүгүн камтыган энциклопедиялык сөздүк түзгөн.

Мустафа Кемаль Ататүрк Зия Гөкальп (1876-1924) жөнүндө минтип айткан: «Менин этимдин жана сөөктөрүмдүн атасы Али Рза болсо, менин ойлорумдун атасы Зия Гөкальп». Анын бул сөзү Зия Гөкальптын Түркия мамлекетинин жана коомунун түзүлүүсүндөгү, ошондой эле *түркизм идеясынын универсализацияланышындагы* орду чоң экенин тастыктайт. «Түркизмдин негиздери» (1923 – жыл) деп аталган негиздүү эмгектин автору жана Түркиянын улуу идеологу Гөкальп өзүнүн бул программдык чыгармасын өзүнүн каза болушуна бир жыл калганда жарыялап, түркизмдин концептуалдык багыттарын өз мезгили үчүн гана эмес, келечек үчүн да аныктап койгон. Өз чыгармасынын «Түркизмдин маңызы» деп аталган бөлүгүндө Гөкальп «Түркизм деген эмне?» деген суроого жооп издеп, «Түркизмдин тарыхын изилдеген», улуттук маданияттын мүнөздөмөлөрүн берген, түркизмдеги «Элге» жана «Батышка» деген багыттарды айырмалап көргөзгөн, улуттук ынсапты жана тилектештикти бекемдөөнүн, ошондой эле улуттук маданияттын өсүү шарттарын көргөзгөн, ал эми «Түркизм программасы» деген бөлүмдө түркизмдин тил, эстетика (өнөр), жүрүм-турум (адеп-ахлактуулук), укук, дин, экономика, саясат жана философия (гуманитардык илимдер) чөйрөсүндөгү максаттары, милдеттери жана маңызы эмнеден турарын философиялык жактан изилдеген. Ал өзүнүн ойлорун жалпылап, түркизмдин так социалдык-идеологиялык контурларын аныктаган жана аларды көз *караштардын бирдиктүү бир система* катары негиздеген. Ал «Түркизм» жана «Туранизм» деген түшүнүктөрдү кылдаттык менен анализдеп, алардын перпективаларын карап чыккан. Аталган идеологиялар азыркы мезгилде да кызуу талкуу жаратууда. Анын пикиринде, түркизм идеологиясы өзүнүн маанилүүлүгү боюнча үч категорияга бөлүнөт: 1. Түркиячылдык (Türkiyəçilik). 2. Огузчулдук (Oğuzçuluq) же Түркмөнчүлдүк (Türkmənçilik). 3. Туранизм (Turançılıq) [40, 39-б]. Чынында, автор, түркизмдин улуттук жана универсалдык деңгээлдерин көргөзүп жатып, келечекте ар бир көз карандысыз мамлекеттин өзүнүн жеке саясий идеологиясы болорун эске алат. Бул жагынан алып караганда, «Түркизмдин алыскы идеологиясы – бул Туран... Ал эми Туран – бардык түрк элдеринин мурдагы мекени болгон, а балким келечекте да алардын жалгыз чоң Мекени болуп калышы ыктымал» [40, 37-39-б]. Зия Гөкальптын «Түркизация», Исламизация, Заманбапташтыруу», «Жаңы жашоо», «Алтын жарык», «Түрк торасы» (Тора – байыркы түрк сөзү. Анын мааниси мамлекетти куруудан баштап коом ичиндеги адаттарга чейинки түшүнүктөрдү камтыйт), «Туура жол», «Түрк маданиятынын тарыхы», «Алтын дастан» жана «Үч

агым» сыяктуу бир топ чыгармалары түркизм идеалдарына тиги же бул деңгээлде байланыштуу.

Башкириялык тарыхчы-түрколог Зяки Велиди Тоган (1890-1970) башкир революциясынын жана көз карандысыздык кыймылынын лидери катары өскөн. Ал түрк дүйнөсүн жана маданиятын көп жылдар бою изилдеген. Мындай изилдөөлөрдүн натыйжасы анын улуттук-саясий көз караштарына таасир тийгизген. Ал жыйырма төрт жашында Ферганага жана Бухарага барып, ал жактан Жусуп Баласагындын «Кудатгу Билиг» (XI – кылым) деп аталган чыгармасын изилдеп, бул түрк эстелигин бүткүл дүйнөгө тааныткан. Башкортостан автономия деп жарыялангандан кийин Зяки Велиди Тоган 1917 – жылы Думага Орусия мусулмандарынын өкүлү катары шайланган. Өкмөт түзүлгөндөн кийин ал коргоо министри болуп дайындалган. Ал Ленин, Сталин жана Троцкий менен бир нече жолугушуп, улуттук көз карандысыздык берүү талабын койгон. Бирок анын бул талаптары аткарылган эмес. Талабы аткарылбаган соң ал Түркстандагы басмачыларга кошулуп, Түркстан Улуттук Биримдигинин биринчи негиздөөчүсү жана жетекчиси болуп калган. Орусияда бардык улуттук кыймылдар өкмөт тарабынан басылгандан кийин Зяки Велиди Тоган чет жакка кетүүгө аргасыз болгон. Ал кезде түрк элдеринин улуттук кыймылдарынын лидерлери Түркияда чогулуп, бири-бири менен байланышып турушкан. Алар өздөрүнүн ишмердүүлүгүнө катуу басым жасашып, *Улуу Түркизм Мектебин* түзүүгө жетишишкен. Зяки Велиди Тоган өз мезгилинин окумуштуусу жана терең ой жүгүрткөн коомдук-саясий ишмер болгон. Ал Түркияда маанилүү кызматтарда иштеп, кийин Стамбул университетинде, ошондой эле Европадагы Вена, Бонн жана Гёттинген университеттеринде профессор катары окуучуларга сабак берген. Бирок ал деле башка түркисттер сыяктуу 1944 – жылы туранист жана СССРга каршы ишмердүүлүк жүргүзгөн деп айыпталып, бирок кийинчерээк сот тарабынан акталган. Зяки Велиди Тоган өзүнүн «Жалпы түрк тарыхына кириш сөз» деп аталган негиздүү чыгармасында (1913 - жыл) түрк элдеринин жана мамлекеттеринин саясий-маданий тарыхын жалпы изилдөөнүн негиздерин белгилеген [132].

Түрк татарларынын Орусиядагы Волго-Урал аймагындагы өкүлү Аяз Исхаки (1878-1954) өзүнүн күрөшүн өтө оор жагдайларда жүргүзгөн. Ал 1905 – жылы «Танчылар» деп аталган уюм түзгөн. Ал уюмдун максаты – Орусия империясын кулатуу жана элдерге, ошонун ичинде түрк элдерине көз карандысыздык берүү болгон. Ошол эле учурда ал «Тан» (мааниси – таңкы жай) жана «Тан улдузу» (Таңкы жылдыз) деп аталган гезиттер менен кызматташкан. Ал өзүнүн ишмердүүлүгү үчүн өкмөт тарабынан камакка алынып, Си-

бирге сүргүнгө айдалып, ал эми 1913 – жылы бошотулган. Советтик мезгилде анын бардык эмгектерине (29-чыгармасы) тыйуу салынган. Аяз Исхаки 1923 – жылы Берлин шаарында «Туран» деп аталган уюм түзгөн. Андан кийин Түркияга барып, ал жердеги «Түрк юрду» деп аталган гезит менен кызматташкан. 1933 – жылы ал Алыскы Чыгышка сапар тартып, Жапониядагы жана Маньчжуриядагы түрк-татарлар менен байланыштарды түзгөн [62, 6-10-б]. Өз өмүрүнүн көп бөлүгүн «дүйнө кыдыруу менен өткөргөн чоң» түрк Аяз Исхаки өз ишмердүүлүгүн Германияда, Англияда жана Польшада улантып, өмүрүнүн акырына чейин бүткүл түрк дүйнөсүнө өзүнүн илимий публицистикасы аркылуу кызмат кылган [119].

Түркия XX – кылымдын башында жалгыз көз карандысыз түрк өлкөсү катары дүйнөлүк түркизмдин борбору болгон. Түркизмдин өтө маанилүү маселелери жана аларды чечүү жолдору дал ушул мамлекетте кеңири масштабда каралып, талкууланып турган. Мына ушундай иш-аракеттердин баары ошол мезгилдеги дүйнөлүк саясаттын мыйзамдарына ылайык конструктивдүү натыйжаларга алып келиши керек эле. Түркия мамлекети жалпы түрк элдерин бириктирүүгө аракет жасаган. Бирок бул мамлекет ал кезде өтө күчтүү болбогондуктан башка өлкөлөр тарабынан ар тараптуу кысымдарга алынган жана анын мындай аракеттери башкалар тарабынан империя болууга умтулуу катары кабыл алынган. Түркия мамлекети Осмон империясынын саясатынан расмий түрдө баш тарткан. Мындай жөнөкөй эмес тарыхый мезгилде түркизмдин келечеги үчүн эң ылайыктуу жана конструктивдүү платформа сунуштоо оңой иш болгон эмес. Бирок ошого карабастан түркизмдин келечеги тууралуу кам көрүү өтө маанилүү нерсе болгон. Мындай жагдайда Мустафа Кемаль Ататүрк мынтип айткан: «Ар түрдүү улуттарды жалпы укуктар жана шарттар менен бириктирип, күчтүү бир мамлекет куруу – жарык жана жагымдуу ой тилек болуп саналат. Бирок бул ишенимсиз тилек. Анткени дүйнөдө жашаган бардык түрк элдерин эч кандай чек араларды эске албастан бир мамлекетке бириктирүү – ишке ашырылгыс максат болуп саналат. Бул чындыкты көптөгөн кандуу окуялар тастыктаган жана бизге чейинки кылымдарда жашап келген адамдар буга күбө болушкан. Дүйнөдө панисламизмдин же пантүркизмдин пайдаланылгандыгы жөнүндө далилдер жок» [95, 436-б]. Түрк мамлекеттерин бир мамлекетке бириктирүү идеясы Ататүрктүн мезгилинде гана эмес азыркы мезгилде деле логикасыз жана абсурддук идея болуп саналат. Азыркы мезгилде биз деле Ататүрк айткан сөздү айтабыз. *Классикалык түркизмдин максаты сыяктуу эле заманбап түркизмдин максаты да глобалдык түрк мамлекетин куруу же конфедерация түзүү эмес, аларды эл аралык системанын көз карандысыз объекттери катары бириктирүү*

*болуп саналат*. Түркизмдин орус евразиялык тоталитаризмден негизги айырмасы дал ушунда турат. Орус евразиячылдыгы тоталитаризмге алып барса, түрк евразиячылдыгы – БИРИМДИККЕ алып барат!

Түркизм ар бир көз карандысыз түрк мамлекетинин саясий доктринасы жана улуттук идеологиясы менен тыгыз байланышкан. Түркизм түрк мамлекеттеринин эл аралык системасындагы кызматташтыкка жакын саясат болгондуктан ал улуттук саясатта жана улуттук идеологияларда карама-каршылыктарга жол бербейт. Себеби ар бир мамлекеттин улуттук саясаты жана идеологиясы алардын өнүгүүгө байланышкан кызыкчылыктарына негизделген, ал эми түркизм да дал ошондой эле максаттарды көздөйт. *Түркизм – бул түрк мамлекеттеринин биримдиги жөнүндө идеология, ал эми улуттук идеология конкреттүү субъектке тиешелүү*. Мисалы, *азербайжанчылдык менен түркизмдин* ортосунда карама-каршылык барбы? Тап-такыр жок! Алардын гуманитардык саясат жана стратегиялык жактан бир-бирине шайкеш келгендиги, ошондой эле башка түрк мамлекеттеринин идеологиялары менен полифониясы табигый көрүнүш болуп саналат. Мунун баары маанилүү натыйжаларды жана перспективаларды берет.

Чынында, түркизм – бул биздин түркчүлдүгүбүздүн далили. Ал эми биздин түркчүлдүгүбүз биздин өзүбүздү-өзүбүз таанып-билүүбүздүн өзөгү болуп саналат [39]. Түркчүлдүк –улуттук аң-сезимдин универсалдуу масштабга чыккандыгы болуп саналат. Түркчүлдүк бүткүл түрк дүйнөсүнүн географиялык жана адеп-ахлактык чектерин, ошондой эле бүгүнкү күндө ачылып жаткан маанилүү эшиктерди жана тарыхтан жаралуучу келечекти чагылдырат.

***Түрк биримдиги жөнүндө идея*** – бул тирүү жана динамикалык система. Анын рационалдык жана идеялык негиздери бар. Бул система мамлекеттик түзүлүштү жаңы ыкмалар же жолдор аркылуу жакшыртып, анын мазмунун тереңдетет. Бул идея жашоо сыяктуу эле ылдыйыш жана өр жерлерден өтүп, ийри-буйру жолдор аркылуу жүрөт. Азыркы мезгилде бул идея өзүнүн дүркүрөгөн доорунa киргендигин баары, жадагалса түрк элдеринин душмандары да моюнга алышууда.

Убакыт жебеси бул идеянын ишке ашуусун жакындатып жатат.

# II - БӨЛҮМ

# ЖАЛПЫ ТҮРК МАДАНИЯТЫН ӨЗГӨЧӨ БИР ЦИВИЛИЗАЦИЯНЫН ҮЛГҮСҮ КАТАРЫ КАРОО

# 5.ТҮРК ЭЛДЕРИ ДҮЙНӨЛҮК МАДАНИЯТТЫН ӨНҮГҮҮ ТАРЫХЫНДА

Дүйнөлүк маданиятты түрк элдеринин маданиятысыз элестетүүгө мүмкүн эмес болсо, дүйнөлүк тарыхты да түрк элдеринин тарыхысыз элестетүүгө мүмкүн эмес. Эгер байыркы мезгилден баштап азыркы мезгилге чейинки дүйнөлүк маданиятка байкоо жүргүзө турган болсок, дүйнөлүк маданиятта түрк элдеринин маданияты чоң орунду ээлерин көрүүгө болот. Жалпы түрк маданиятын өзгөчө бир цивилизациянын үлгүсү катары калыптандырган тарыхый-географиялык шарттарда түрк этносунун чыгармачыл-пассионардык энергиясы жетиштүү болгон.

Түрк элдеринин маданияты өсүп-өнүгүп олтуруп цивилизациялык сапаттарга жана көлөмдөргө ээ болгон. Бул цивилизация канчалык кеңейген сайын ошончолук байып, өзүнө жаңы сапаттарды сиңирген жана ошол эле учурда өз маданиятынын мамлекеттик булактарын да жоготкон эмес. Түрк супер этносунун тарыхый дифференциациясы, тактап айтканда, ушул супер этностун бир бөлүгү болуп саналган элдердин пайда болушу жана ушул супер этностун бир бөлүгү болуп саналган маданияттардын калыптануусу Евразиянын универсалдуу этномаданий системасынын эволюциясынын туруктуу процессине айланган. Айрым түрк элдеринин улуттук маданияттары жалпы түрк маданиятынын этногенетикалык өзөгүн өздөрүндө сактап, андан ары өнүктүрүшкөн. Дал ушул себептен улам түрк элдери империяларды ийкемдүү түрдө жана тез убакыттын аралыгында жарата алышкан. Тилдери жана маданияттары окшош жана жакын болгон мамлекеттерди бир туунун айланасына бириктирүү, ошондой эле аларды эң ылайыктуу түрдө уюштуруу - ошол мезгилдеги лидерлер үчүн кыйынчылык жараткан эмес. Түрк элдеринин көз карандысыз мамлекеттерге бөлүнүүсү же биригүүсү тарыхый-саясий жагдайларга ылайык жана табигый түрдө жүргөн. Түрк империялары жана мамлекеттери абдан кеңейип, чоңойгон кезде деле бөлүнүүгө жана кайрадан биригүүгө дайыма даяр болушкан. Алар бардык шарттарда өздөрүнүн өзүнчөлүгүн жана маданиятын сактап жүрүшкөн. Түрк империяларын жана түрк мамлекеттерин курган адамдар түрк цивилизацияларын да курушкан деп айтууга болот. Түрк мамлекети, тактап айтканда, түрк мамлекеттүүлүгү – бул түрк цивилизациясынын эң күчтүү тиреги болуп саналат. Түрк

цивилизациясы -бардык тарыхый сыноолордон өткөн цивилизация. *Түрк мамлекеттүүлүгү* - бул түрк цивилизациясынын жүлүнү. Түрк элдери дүйнөлүк маданияттын өнүгүү тарыхында биринчи кезекте өздөрүнүн мамлекеттүүлүккө байланышкан салттары менен из калтырышкан. Түрк элдери менен байланыш түзгөн башка элдер түрк элдеринин ушул салттарын өздөрүнө сиңирип алышып, аларды өздөрүнүн жашоосунда кеңири колдонушкан.

Бирок түрк маданиятынын ички байлыгы мамлекеттүүлүк маданияты менен гана чектелбейт. Түрк маданияты өзүнө *социалдык-саясий, адеп-ахлактык, көркөмдүк, гуманитардык, экологиялык жана башка маданияттарды* да камтыйт. Түрк дүйнөсүнүн маданий-интеллектуалдык жашоосун жана баалуулуктарын тарыхый-маданий жактан изилдеген окумуштуулар төмөнкү тыянакка келишкен: түрк цивилизациясы өз алдынчалыгын сактап калган жана дүйнөлүк цивилизациянын универсалдуу сапаттарын өздөштүрүп, аларды өзүнө аралаштыра алган. Бул нерсе – уникалдуу болгон [230; 241; 328; 126; 98].

Түрк элдеринин *мамлекеттүүлүккө байланышкан маданияты* мамлекеттик иш-аракеттерде биринчи кезекте унитардык-иерархиялык принципти пайдаланып, башкарууну уюштурууда административдик системанын туруктуулугу жөнүндө «алтын эрежеге» таянат. Түрк элдеринин социалдык-саясий маданияты индиялык, кытайлык, гректик, римдик жана башка ушул сыяктуу салттуу коомдордон айырмаланып, адамдарды милдеттүү түрдө таптарга же касталарга бөлгөн эмес. Түрк маданиятында адамдарга алардын коомдогу жана мамлекеттеги функцияларына же милдеттерине жараша социалдык статус же макам берилген. Биздин пикирибизде, көчмөн болуп жашаган түрк элдеринин «талаа демократиясы» жана жогоруда айтылган принциби отурукташкан салттуу коомдордун таштай болуп калган принциптеринен жогору турган. Дал ушул себептен улам түрк пассионардуулугу синергетикалык сапаттарга ээ болгон. Түрк элдеринин дал ушул артыкчылыгы аларга көптөгөн тарыхый жеңиштерге жол ачкан.

Түрктөрдүн *экономикалык маданияты* мамлекеттерди, ошондой эле империяларды куруу жана кеңейтүү учурунда өзүнүн формасын өзгөртүп турган жана көчмөн мал чарбачылыгынан шаардык соодага жана архитектурага өткөн. Түрк элдери эмгекчил болушкан, ошондуктан тарыхтын кайсыл мезгилин алып карасак да, алардын ач калгандыгын көрбөйбүз. Алар өздөрүн керектүү нерселер менен камсыз кылуу үчүн бардык керектүү чараларды көрүшкөн жана чарбачылык маданиятын мыкты өздөштүрүшкөн. Империялар гүлдөп-өскөн мезгилде түрк элдеринин экономикалык кудурети мамлекетти жана армияны багуу үчүн жетиштүү болгон. Ал эми алар-

дын Самарканд, Бухара, Тебриз, Гянджа, Исфахан, Стамбул, Агра, Багдад жана башка ушундай шаарлары өз өлкөлөрүнүн гана эмес, бүткүл дүйнөнүн соода, илим жана маданият борборлору болгон.

Түрктөрдүн *руханий маданияты* алардын адеп-ахлагын, руханиятын, үй-бүлөлүк жана коомдук түзүлүшүн, ошондой эле алардын бардык баалуулуктарын жана салттарга берилгендигин камтыйт. Жазылбаса да баары тарабынан аткарылуучу тартиптер жыйнагы түрк элдеринин моралдык кодекси болгон. Мамлекетте, коомдо, үй-бүлөдө же башка бир статуста болгон адам өзүнө белгилүү бир жоопкерчиликти алып, өзүн коомдук мамилелердин ажырагыс бир бөлүгү катары көрүшү керек болгон. Ушунун баары ак ниеттүүлүктүн жана өзүн өзү таануунун белгиси болуп саналган. Ал эми ак ниеттүүлүк жана өзүн өзү таануу - түрк маданиятынын негизги параметрлери болуп саналат.

Түрктөрдүн *көркөмдүк маданияты* – дүйнөлүк маданияттагы органикалык бirимдикти жаратуучу эң күчтүү бөлүктөрдүн бири. Адамзат цивилизациясынын курбусу болуп эсептелген Пазырык кургандарынан баштап, Тадж-Махал жана Тебриздеги миниатюра мектептерине чейинки, ошондой эле түрк элдеринин алгачкы жазуу эстеликтеринен баштап Чынгыз Айтматовго чейинки түрк элдеринин көркөмдүк маданияттарынын баары – адамзат цивилизациясынын аң-сезимин дайыма жакшыртып келген эстетикалык булактар болуп саналат. Ар бир түрк элинин улуттук адабий тили поэтикалык өнөрдүн жогорку деңгээлине жеткен жана ушул тилдерде дүйнөлүк маданияттын шедеврлери жаратылган. Түрк элдеринин классикалык көркөм маданияты түрк цивилизациясынын эстетикалык негизин түзгөн жана анын негизинде модернизацияланууга мүмкүнчүлүгү болгон.

Түрк элдеринин *гуманитардык маданияты* илимий-интеллектуалдык тажрыйба жаратуу, аны топтоо жана кийинки муунга өткөрүп берүү жагынан алып караганда чоң мааниге ээ. Бильге - окумуштуу жана акылман адам болгон. Анын турмуштук тажрыйбасы да чоң болгон. Бильгенин ой жүгүртүүсү коомдун рационалдуу же туура болушуна негиз түзүп, аны ашыкча нерселерден коргойт. Бильгенин милдети адамдардын жана коомдордун ортосундагы мамилелерди жөнгө салуунун ыкмаларын табууда жана аларды колдонууда, ошондой эле туура иш-аракеттерди тандоодо жана аларды иш жүзүнө ашырууда болгон. Түрк коому Бильгеге жана анын акылдуу сөздөрүнө ишенген. Коомдун мындай ишеними аны керексиз иштерге баруудан сактап, бардык маселеде эң ыңгайлуу же ылайыктуу варианттарды издөөгө багыттайт.

*Түрк элдеринин экологиялык маданияты* «табияттын үйүндө жашоо» формуласын бекемдеп, табиятка зыян тийгизбөөгө чакы-

рат. Түрк элдери эзелден бери цивилизация менен табияттын гармониясын жогору баалашкан жана анын тазалыгын сактоону ыйык иш деп эсептешкен. Түрк элдери «цивилизациянын түтөй баштаганын» мурда эле сезе баштashkандыктан технологиялар кылымына кадам таштоого аракет кылышкан эмес. Мына ошондуктан урбанизациянын ачуу деми түрк элдеринин табигый жана социалдык экологиясын көп убакытка чейин буза алган эмес.

Түрк супер этносунун маданият жаратуучу өзгөчө сапаты дүйнөлүк цивилизацияны универсалдуу мамлекеттик салттарды, ошондой эле ар түрдүү илимий жана маданий эстеликтерди сактоо аркылуу гана эмес, адеп-ахлактуулуктун жогорку критерийлери, жашоо деңгээлинин маданияты, социалдык иш-аракеттердин көрсөткүчтөрү, ошондой эле башка элдер жана коомдор менен терең мамилелери аркылуу байыткан. Ошондуктан байыркы цивилизацияларга арналган изилдөөлөрдө, окуу китептеринде жана жыйнактарда түрк цивилизациясына орун берилбегендиги же жетишсиз баяндалгандыгы кабырганы кыйыштырат. Мисалы, чыгыш таануучулар жана байыркы дүйнө таануучулар тарабынан биргеликте даярдалган «Байыркы цивилизациялар» деп аталган энциклопедияда [159] түрк цивилизациясынын түпмекени болгон Борбор Азия цивилизациясынын тарыхый-маданий аймагы (баарынан мурда Түркестан!) атайын жана эч кандай негизсиз түрдө «Бактриянын, Парфиянын, Согдиянын жана Хорезмдин жергиликтүү маданияттары» деген аталышта берилген [159, 208-209-б]. Эстеликтердин мезгили (б.з. IV-V – кылымдары), алардын географиялык аймагы («Кара Тепе», «Торпак Гала») жана ошол эстеликтерге түшүрүлгөн адамдардын антропологиялык сапаттары компастык жебе сыяктуу *Түрк элдерине* көргөзүп тургандай таасир калтырат. Мындан тышкары ушул аймактагы түрк цивилизациясы абдан байыркы цивилизация болуп эсептелет (б.з.ч. II-I – миң жылдыктар) жана ал тарыхта өчүрүлгүс из калтырган. Тарыхтын белгилүү бир мезгилинде бул аймактарда индоевропалык топко кирген байыркы элдер албетте жашаган, бирок *Борбор Азия – түрк цивилизациясынын мекени экенин* илим далилдеген. Түрк цивилизациясы дал ушул «борбордон» өсүп-өнүгүп, миң жыл аралыгында үстөмдүк кылуучу цивилизацияга айланган.

Ошондуктан Мустафа Кемаль Ататүрк түрк цивилизациясынын улуулугун түшүнүү керек экенин жана улуттук эс-тутумду ошонун негизинде куруу керек экенин осуят катары айтып кеткен. Ал бул тууралуу минтип айткан: «Биздин ата-бабаларыбыз чоң мамлекеттерди гана эмес, чоң маданиятты да жаратышкан. Аны изилдөө, ошондой эле Түркияга жана башка бардык дүйнөгө жеткирүү – ар бирибиздин милдетибиз... Түрк элдерин артта калган улуттар катары көргөзгөндөр биздин арабызда да бар болуп чыкты. Биз өз

тарыхыбызды айтышыбыз керек, ошондой эле ***бардык маданияттардын башы болгон прогрессивдүү элге таандык экенибизди үйрөтүшүбүз керек»*** [96, 175-б]. Ататүрк жалпы түрк элдеринин мамлекеттүүлүгүнө байланышкан заманбап стратегиялык доктринада *түрк элдеринин классикалык саясий маданиятын жана заманбап түрк элдеринин саясий маданиятын муундан-муунга өткөрүү* маселесин бекемдеген.

Мустафа Кемаль Ататүрк жалпы түрк элдеринин маданиятын мамлекеттик саясаттын деңгээлинде изилдөөгө чакыргандан кийин бул багытта маанилүү өзгөрүүлөр болгон. Азыркы мезгилде көз карандысыз түрк мамлекеттеринин гуманитардык институттары түркологиянын Европа менен Орусиянын түркологиясынан айырмаланган (тактап айтканда, бир тараптуу идеологиядан тазаланган) концепциясын даярдашып, бул багытта кеңири изилдөөлөргө жол ачышты. Изилдөөлөрдүн натыйжасында жалпы түрк элдеринин маданиятын анын чыныгы баалулуктарынын алкагында таанып-билүүгө мүмкүнчүлүк пайда болду.

Бул жагынан алып караганда, түркологиянын заманбап корифейлеринин бири Бахаддин Оделдин «Түрк маданиятынын тарыхына кириш сөз» деп аталган 9-томдук негиздүү эмгеги чоң мааниге ээ. Профессор Б.Одел өзүнүн көп жылдык изилдөөлөрдүн натыйжасында жазылган эмгегинде жалпы түрк маданиятынын негизги сапаттарын толук түшүнүүгө жардам берген бардык фактыларды жана процесстерди майда-чүйдөсүнө чейин баяндоого жана анализдөөгө аракет кылып, көптөгөн материалдардын негизинде теориялык тыянактарды чыгарган. Көп томдон турган бул китепте гунндардан жана көктүрктөрдөн баштап осмондорго чейинки бардык түрк элдеринин жашоолору ийне-жибине чейин көргөзүлгөн. Түрк элдеринин көчмөн турмушу, жайкы жана кышкы жайыттардагы жашоосу, шаардык жана айылдык жашоосу, шаарларды жана сепилдерди куруу маданияты, шаарларга көчөлөрдү салуу маданияты, базарлар жана дүкөндөр үчүн жер тандоосу, чоң жолдорду, кербен сарайларды жана почталарды (маалымат жөнөтүү) куруу маданияты, арабакечтердин эмгеги, убакытты жана даталарды эсептөө маданияты, географиялык багыттарды аныктоосу, үйлөрдү жана чатырларды куруу маданияты, үй ичиндеги бөлмөлөрдүн үй бүлөнүн түзүлүшүнө жана адеп-ахлактык талаптарга жараша жайгаштырылышы, үйдүн жана короонун жашоо шарттарына туура келтирилиши, эшиктердин, терезелердин, шыптардын, дубалдардын жана башка нерселердин улуттук оймолор менен коздолушу, жалпы архитектура маданияты, кудуктарды, бассейндерди жана жасалма көлмөлөрдү куруу маданияты, тигүү маданияты (килемдер ж.б.), кийим маданияты, үй буюмдарын жасоо маданияты (столдор, шкаф-

тар, шамдар, баштыктар, сандыктар ж.б.), чарбачылык маданияты (жер айдоо, мал багуу, бак өстүрүү, аары багуу ж.б.), табият менен болгон мамилелери, тамак даярдоо, тамак жеш жана ашкана маданияты, гербдери жана туулары, согуштук жана аскердик маданияты, мамлекеттик, коомдук жана үй-бүлөлүк этиканын негиздери, элдик музыкалык аспаптардын эволюциясы жана көркөм өнөр тууралуу түшүнүктөр жөнүндө изилдөөлөр жана башка ушул сыяктуу нерселер жогоруда айтылган китепте баяндалган [126]. Жалпы түрк маданиятындагы илимий-гуманитардык жана көркөм-эстетикалык көз караштарды өнүктүрө ала турган бардык факторлор, ошондой эле бул маданияттын эркиндиги жана табигый-рационалдык маңызы түрк элдеринин дүйнөлүк маданиятка органикалык түрдө кошула аларын тастыктап турат.

Түркиянын заманбап окумуштуусу Метин Айдогандын «Түрк цивилизациясы» деп аталган китебинде түрк элдери тарабынан тарыхтын бардык мезгилдеринде жаратылган ар түрдүү маданияттардын баары анализделген [98]. Метин Айдоган төмөнкүдөй тыянак чыгарган: түрк цивилизациясы башынан эле өзгөчө формага жана мазмунга ээ болгондуктан дүйнөлүк цивилизациялар менен бирге өнүккөн сайын ого бетер тереңдеп, жакшырып турган. Түрк дүйнөсүнүн цивилизациясы башка дүйнөлүк цивилизациялар менен мамиле кылууда жана кагылышууда өзүнүн өзгөчөлүгүн жоготпоого аракет кылган. Ал бир нече цивилизациялардын кошундусуна айланып, бирок ошол эле учурда өзүнүн жолун, ишенимин жана идеалдарын жоготкон эмес. Түрк цивилизациясынын баалуулуктары башка маданияттардын жана цивилизациялардын баалуулуктарына караганда жогоруураак бааланган жана урматталган.

Түрк элдери курган мамлекеттер жана империялар түрк цивилизациясынын «көлөмдөрүнөн жана чектеринен» чыкпастан, жалпы түрк саясий маданиятынын сапаттарын камтыган жана ошол эле учурда кандайдыр бир чектөөлөргө же лабиринттерге байланбастан башка саясий системаларга өздөрүнүн өзгөчө багытын түшүндүрө алышкан. Түрк элдери өздөрүнүн социалдык-саясий түзүмдөрүнүн тил жана маданият чөйрөлөрүнө башка этностордун кирүүсүнө тоскоолдук жаратышкан эмес. Түрк элдеринин толеранттуулугу алар түзгөн мамлекеттерди жана империяларды ар түрдүү тилдердин жана маданияттардын универсалдуу жана жагымдуу чөйрөсүнө айландырган. Түрк элдеринин алгачкы социалдык системалары өнүгүп олтуруп, өздөрүнүн гана эмес, башка элдердин да этномаданий интеграциясын мыйзам ченемдүү абалга алып келген. «Жалпы түрк дүйнөсүнө» кирген ар түрдүү тилдердин жана маданияттардын тармактарга бөлүнүүсү жалпы түрк цивилизациясынын негизги тили болгон түрк тилин *универсалдык маданий тил катары* аныктаган.

АКШдагы Ратгер университетинин тарых илими боюнча профессору Петер Голдендин «Борбор Азия дүйнөлүк тарыхта» деп аталган монографиясында жазылгандай, түрк элдеринин Борбор Азияда үстөмдүк кылуучу саясий күчкө айлануусу түрк тилинин саясий жактан үстөмдүк кылуучу тилге айлануусуна себеп болгондугун унутпоо керек [238, 91-б].

*Торэ жана Яса* азыркы тил менен айтканда универсалдуу түрк мамлекеттеринин кодекси жана конституциясы болгондуктан алар ошол мамлекеттерде жашаган бардык элдер жана коомчулуктар үчүн коомдук мамилелерди жөнгө салуучу нормалар болуп калган. Социалдык-саясий система түрк мамлекеттүүлүгүнүн айланасында айлана баштаган. «Талаа империяларынын» дайыма секирип турган жылкылары түрк маданиятынын негиздерин жаңы мейкиндиктерге алып барып турган. Ал эми ошол жаңы жерлерде түрк маданиятынын «оазистери» жаралып турган.

Мындай көрүнүштөр тарыхта гана эмес, азыркы мезгилде да байкалат. Түрк маданиятынын «ландшафттарын» ушул материкте азыркы мезгилде деле байкоого болот. Түрк элдеринин маданият жаратуучу сапаттары алардын империяларды куруу сапатынан да байкалат. Түрк элдери багындырган аймактар жаңы түрк мамлекеттеринин жана жаңы түрк маданияттарынын мекени жана борбору болуп калган. Мындай аймактар өздөрүнүн алгачкы түрк маданий борборлорун *Ыйык Жарык* катары түбөлүккө сакташкан. Белгилүү француз окумуштуусу Рене Груссе түрк элдери өздөрүнүн мамлекеттүүлүккө байланышкан маданиятын ар түрдүү тарыхый-социалдык жагдайларда кылымдар бою бекем сактап келишкендиктерин айтып, мындай сапат жалпы түрк элдерине таандык экенин белгилеген. Ал ошондой эле түрк элдери өздөрүнүн ушундай маданиятын жаңы жагдайларда башкача түрдө да сактап келишкендиктерин айткан [241, 148-170]. Чынында түрк элдери дүйнөлүк маданияттан алган нерселери менен өздөрүнүн маданиятын аралаштырып, өздөрүнө ылайыктуу жашоо түрүн же өнүгүү моделин түзө алышат. Түрк кербенинин копмасы так багытталган жана ошол эле учурда өткөн мезгилди, башкача айтканда, ретроспективаны да карап, басылган жолду жана кетирилген каталарды эске алат [230, 224-237-б]. «Түрк элдери дүйнөлүк тарыхта» деп аталган монографиянын автору профессор К.В. Финдли түрк элдеринин дүйнөлүк тарыхтагы ордун аныктап жатып, түрк элдери басып өткөн турмуштук жол алардын дайыма өз маданияттарынын «уяларын куруу» ниеттерине негизделген деген тыянакка келген. Түрк элдери дүйнөлүк маданияттын ичинде жана анын жогорку «кабаттарында» өздөрүнүн маданияттарын жаратышкан жана дайыма ошол маданияттарынын «уяларын куруууга» аракет кылышкан [230, 37-55-б, 175-223].

**Байыркы түрк тили** – бардык түрк элдеринин улуттук тилдеринин жана маданияттарынын башында турат жана ал түрк элдеринин универсалдуу этносаясий системасын бүтүн бойдон сактап келе жаткан эң күчтүү фактор болуп саналат. Байыркы түрк тили абдан бай болгон, ал тилде сүйлөгөн адамдардын ой жүгүртүү энергиясы да күчтүү болгон, ошондой эле анын маданий арсеналы да өтө бай болгон. Ошол байыркы түрк тилинен бардык улуттук түрк тилдери жана маданияттары тараган. Мына ошондуктан жалпы эволюциянын жаңы мезгилдеринде деле бардык түрк элдери дал ошол тилди улуу түрк дүйнөсүнүн универсалдуу адабий жана баарлашуу тили катары пайдаланышкан жана ал тилде түрк жана дүйнөлүк маданияттын улуу эстеликтери жаратылган. Түрк элдери чыгыш цивилизациясы менен алака кыла баштаганда ага эч кандай тоскоолдук же каршылык кылышкан эмес. Түрк тили жана маданияты кийинчерээк Чыгыштын маданий-цивилизациялык системасында өз ордун табып, өзүнүн тарыхый жашоосунун жаңы мезгилин баштаган. Чыгыштын маданий-цивилизациялык системасынын бай жазуу жана адабий салттары бар болгон. *Адабий түрк тили* жана ушул тилден тараган *улуттук түрк тилдери* да Орто кылымдарда Борбор Азиядагы жана бүткүл Чыгыштагы алдыңкы тилдердин катарына кирген. Түрк тили Ислам дүйнөсүндө баарлашуунун негизги тили болгондугун да эстен чыгарбоо керек. Түрк башкаруучуларынын көбү XIV – кылымга чейин өздөрүнүн сарайларында араб жана фарси тилдерин көп колдонушкан. Кийинчерээк түрк тили баарлашуунун эң жогорку саясий-маданий деңгээлдеги универсалдуу каражатына айланып, Чыгыш цивилизациясы үчүн функционалдык жагынан маанилүү тил болуп калган.

Түрк элдеринин этномаданий системасында Орто кылымдардын башынан баштап түрк тили менен бирге араб жана фарси тилдери да кеңири колдонула баштаган. Түрк элдери өздөрүнүн артыкчылыгын кыянаттык менен пайдаланышкан эмес жана башка тилдерге жана маданияттарга карата дискриминациялык чараларды көрүшкөн эмес. Алар өздөрүнүн ушундай адилеттүү мамилеси аркылуу дүйнөлүк маданияттын өнүгүүсүнө баа жеткис кызмат кылышкан. Алар өздөрүнүн тилин Чыгыштын байыркы тилдеринин майданына алып чыгып коюшканы менен уттурушкан эмес жана өз тилине түбөлүк жашоону камсыз кылышкан. Түрк маданияты башка маданияттарга сиңип, жок болуп кетпестен (түрк элдеринен да чоңураак элдердин маданияттары башка маданияттарга сиңип, жок болуп кеткен), тескерисинче «цивилизацияларга калкан» болуп берип, башка маданияттарды коргоп жана сактап келген. Дал ушул себептен түрк тилиндеги тарыхый булактар гана эмес, башка ар түрдүү тилдердеги булактар да түрк элдери, алар-

дын мамлекеттери жана алардын маданий мурастарынын улуулугу жөнүндө баяндайт [143].

Түрк элдеринин тарыхын баяндаган, ошондой эле алардын чыныгы окуяларын мифтерге айландырып, алардын акылмандарынын ойлорун кыска кылып баяндаган эпостор жана огуз жазуу эстеликтери («Огуз Каган», «Китаби Деде Горгуд», «Көроглу», «Манас», «Эмсалы-Түрктөр» - учкай сөздөр жыйнагы) көркөм-өнөр жана эстетикалык ой жүгүртүүнүн эң жогорку натыйжасы болуп саналат. Дастан түрүндөгү огуз жазуу эстеликтери жана жылнаамалар – бул чоң мамлекеттин ичиндеги түрк урууларынын биригүү үчүн жүргүзгөн күрөштөрүнүн натыйжалары. Огуздар жана алардын ата-бабалары, ошондой эле огуз маданияты жана огуз мамлекеттүүлүгү тууралуу дастандар түрк элдерин башка аймактарды багындырууга чакырган идеяларды жайылтуу максатында жазылган. Огуз жазуу эстеликтеринде дүйнөлүк түрк мамлекеттеринин ар түрдүү мезгилдерде пайда болгон идеологиялары огузчулук түрүндө сакталып, пропагандаланат. Огуздар түрк элдеринин тарыхында чоң мамлекеттерди курууга жигердүү катышышкан жана өздөрүнүн мамлекеттерин да курушкан. Алар ошондой эле дайыма *жарык мамлекет куруу идеясын алып жүрүшкөн*. Чынында, огуз жазуу эстеликтери эпикалык салттарда (же жылнаамаларда) огуздардын мамлекеттери жөнүндө маалымат берүү үчүн гана эмес, жалпы түрк этносунун тарыхый-идеологиялык дастандары катары да кызмат кылган. Бул жагынан караганда көптөгөн Огузнамелер түркизм идеологиясын ачык пропагандалаган «Дивани» жана «Кашкарлы» сыяктуу Орхон-енисей жазуулары менен бир катарда турат. Баатырлар тууралуу түрк дастандарында баатырдык деген түшүнүк айкөлдүк, эрдик жана балбандык сапаттарын билдирет. Ал эми жерлерди багындыруу тууралуу дастандарда баатырдык деген түшүнүк бийлик кылуу же башкаруу идеяларын билдирет. Баатыр жана эр-азамат болуу деген түшүнүк дүйнөнүн башкаруучусу болуу дегенди билдирет. Огузнаме дастандарында баатырдык, айкөлдүк жана бийлик кылуу деген түшүнүктөр Жараткан тарабынан берилген сапаттар катары айтылат. Ошондуктан Орто кылымдагы авторлор түрк армиясын туура жолдон тайыгандарды жазалоочу жана мыйзамдуулук менен тартипти сактоочу күч катары түшүнүшкөн [26, 89-б, 101].

Түрк элдеринин Огузнамеге кирген дастандарынын арасынан эң белгилүүлөрү жана көркөмдүк-эстетикалык жактан мыктылары – «Китаби Деде Горгуд» жана «Көроглу» болуп саналат. «Китаби Деде Горгуд» дүйнөлүк маданияттын эбегейсиз чоң жазуу жана адабий эстеликтеринин бири болуп саналат. Бул чыгарма огуз түрктөрүнүн алгачкы мамлекеттүүлүгүн жана ага байланышкан жагдайларды, алардын адеп-ахлактык баалуулуктарын, мамлекет жана жер үчүн

жүргүзгөн күрөшүн, ошондой эле огуз урууларынын ортосундагы биримдикти бардык учурларда сактоо тууралуу чечкиндүүлүктөрүн реалдуу жана толук чагылдырат [54]. «Көроглу» [149] эпосу баатырдыктын башка катмарын ачып көргөзөт. Эл ичинен чыккан баатырлар элдин укугун коргоо милдетин өз моюндарына жүктөшүп, жерде адилеттүүлүктү орнотуу үчүн жадагалса бийлик менен да күрөшүүгө даяр. Түрк эпосторунун ушундай маңызы чынында адамзатка улуу акылмандыкты көргөзөт. Анткени түрк мамлекети империяга айланып жатып, асманга учуп кетпеши керек жана элге улуксунуп карабашы керек. Себеби мамлекет дал ошол элдин жардамы менен империяга айланат. Элден алыстаган мамлекет элдин нааразылыгын жаратып, элдин көз алдында жөнөкөй сарайдын деңгээлине түшүп, бара-бара жок болот. Жогоруда айтылган эки эпос тең түрк элдерине таандык жана экөө тең азербайжан маданиятынын, адеп-ахлактуулугунун жана энтогеографиясынын жемиштери болуп саналат. Кыргыздардын «Манас» эпосу да түрк тектүү эпос болуп саналат жана ал өзүнүн көлөмү боюнча дүйнөдөгү эң чоң чыгарма (бул эпос Гиннес рекорддор китебине киргизилген) [170]. Бул эпос элдин оозеки чыгармачылыгынын үлгүсү болуп саналат жана ал дайыма өзгөрүп туруучу дүйнөдө элдин сүрөтү жана күзгүсү болуп келген. «Амсали-Түрк» жазуу эстелигин учкай жана санат сөздөрдүн башы деп айтууга болот. Орто кылымдардын башында тилди жана маданиятты так жана кыска сөздөр аркылуу ийне-жибине чейин көргөзүүгө, ошондой эле түрк сөздөрүнүн көп маанилүү катмарларын жана ар түрдүү семантикасын таанып-билүүгө мүмкүн болгондугун дал ушул Огузнамеден байкоого болот. Мисалы: «Отоо чөп тиккен соң буудай өсүп чыгарын күтпө», «Жакпаган элдин үйүнө куру кол бар», «Байыркы шаарлар – темир ооз», «Атты достой сүйсөң, душмандай минесиң» [67, 75-б, 50, 58; 32; 158].

Еврей тектүү жана фарс тилдүү ислам тарыхчысы Фезлуллах Рашид ад-Диндин (XIV – кылым) «Джаме ат-теварих» [183] деп аталган негиздүү чыгармасы түрк жана дүйнөлүк маданият үчүн тарыхый-хронологиялык Огузнамелердин уникалдуу үлгүлөрүнүн бири болуп саналат. Бул чыгармада огуз түрктөрүнүн саясий-маданий тарыхы биринчи жолу бүткүл дүйнөлүк тарыхтын алкагында көргөзүлөт. Дүйнөлүк тарых таануу илиминин жазма эстелиги болуп саналган бул чыгармада түрк элине, анын мамлекеттүүлүгүнө, тилине жана маданиятына, ошондой эле анын ислам дүйнөсүндөгү жогорку абалына өзгөчө көңүл бөлүнүп, алардын тарыхы бир аз мифологиялаштырылып, идеалдаштырылган. Фезлуллах Рашид ад-Диндин «Джаме ат-теварих» деп аталган чыгармасы дүйнөнүн көптөгөн тилдерине которулган жана бүгүнкү күндө түрк урууларынын генеалогиясын, түрк мамлекеттеринин тарыхый эволюциясын

жана түрк маданиятынын жалпы дүйнөлүк мүнөзүн изилдөөгө жардам берген маанилүү булактардын бири болуп саналат.

Түрк тилинин лингвистикалык маңызы, башка тилдерге салыштырмалуу грамматикасы, ошондой эле маданиятынын өз алдынчалуулугу жана анын универсалдык сапаттары биринчи жолу болжол менен миң жыл мурда түрк окумуштуусу жана энциклопедист Махмуд Кашкарлынын «Диван Лугат-ит-Түрк» (XI-кылым) деп аталган чыгармасында изилденген [121]. Бул чыгарма жазылган мезгилде Европада грамматикага арналган бир да китеп жок болгондугун да белгилеп коюу зарыл. Улуу түрк аскер башчысы Алп-Арслан 1071 – жылы 26-августта Малазгирт сепилинин алдындагы салгылашууда Византиянын (Чыгыш-рим империясы) көп сандуу армиясын жеңип, Анатолияга баруучу дарбазаны ачкан. Бул жеңиш Багдад шаарында да чоң салтанат менен майрамдалган. Түрк элдеринин алгачкы ислам мамлекети болгон Караханиддер мезгилинде төрөлгөн Махмуд Кашкарлы жогоруда айтылган жеңиш учурунда дагы бир түрк империясынын, тактап айтканда, Багдаддагы Атабектер мамлекетинин аймагында «Диван Лугат-ит Түрк» деп аталган чыгармасын жазып жаткан. Жогоруда айтылган окуялар болуп жаткан мезгилде Махмуд Кашкарлы илим фронтунда эмгектенип, дүйнөгө түрк элдерин таанытуу менен алек болгон [99, 22-б]. «Махмуд Кашкарлы арабдарга жана араб тилдүү элдерге түрк тилинин улуулугун жана түрк элдеринин кадыр-баркын гана көргөзбөстөн, аларга түрк элдери дүйнөнү кылыч менен гана эмес, маданият, тил жана жогорку адеп-ахлактуулук менен да башкарып жаткандыгын көргөзүүнү каалаган. Мунун баары «Дивани Лугат – ит Түрк» чыгармасында көргөзүлгөн» [99, 87-б].

Махмуд Кашкарлынын замандашы болгон Жусуп Баласагындын «Гутадгу Билиг» (Куттуу Билим) деп аталган чыгармасы (XI – кылым) да түрк мамлекеттеринин жана коомдорунун эволюциясынын тарыхы боюнча баалуу булак болуп саналат. Жусуп Баласагын өзүнүн мыкты чыгармасын түрк тилинде жазган жана бул нерсе анын эң чоң эрдиги болуп саналат. Ал өзү түркист болгондуктан түрк тилин сактоо максатында өзүнүн монументалдуу (эң зор) чыгармасын өз эне тилинде жазууну чечкен. Ошол мезгилге чейин Жусуп Баласагындын эне тилинде жазылган бир да маанилүү адабий чыгарма болгон эмес. Бирок ал ошого карабастан өзүнүн кадырлуу эмегин баштап, аны аягына чыгарып, натыйжада түрк элдеринин «Шахнамесин» жараткан [38, 114-б].

XVII – кылымдагы түрк аскер адамы жана тарыхчысы Абдулгази Бахадур ханга таандык «Шеджереи-Тарикиме» (түрк элдеринин ысымдары тууралуу китеп) деп аталган чыгарма Огузнаменин түркмөн вариантындагы баалуу булагы болуп саналат [21]. Фезлул-

лах Рашид ад-Диндин «Джаме ат-теварих» деп аталган чыгармасын, Абдулгази Бахадур хандын «Шежереи-Тарикиме» деп аталган чыгармасын жана Язычыоглу Алинин «Сельжукname» деп аталган чыгармасын бир-бири менен салыштырылып караганда Огузname түрүндө жазылган тарыхый-хронологиялык эстеликтердин баары түрк элдеринин тарыхын жана маданиятын кеңири географиялык масштабда жана бир-биринен айырмаланган ыкмалардын негизинде изилдөөгө жардам бере турган үлгүлөр экендиги көрүнөт.

Түрк элдери өздөрүнүн тарыхын, тилин, адабиятын жана көркөм өнөрүн канчалык кызыгуу жана сезгичтик менен изилдешсе, ислам дүйнөсүнүн адабиятын, көркөм өнөрүн жана маданиятын өнүктүрүүгө да ошончолук кызыгуу менен катышышкан. Түрк элдери араб жана фарс тилдүү адабияттын, илимдин, теологиянын, көркөм өнөрдүн, философиянын жана жалпы ислам маданиятынын өнүгүүсүндө өзгөчө роль ойношкон. Ислам маданиятын жараткан түрк тектүү инсандар төмөнкүлөр: Аль-Фераби, Аль-Бируни, Абу Али ибн Сина, Абдулхамид ибн Түрк, Аль-Газали, Ас-Сухреверди, Бахманьяр, Хатиб Тебризи, Низами Генджеви, Джелаледдин Руми, Имадеддин Насими, Мухаммед Физули, Абдуррахман Джами, Алишер Навои, Аль-Бухари Накшибенд, Кемаледдин Бехзад... [133; 221, 54-120-б, 146-327, 238-265, 367-379; 162, 128-359-б]. Ушул жана башка ысымдар бүгүнкү күндө дүйнөлүк маданияттын татыктуу классиктеринин катарында турат.

Заманбап түрк элдеринин улуттук маданияты – дүйнөлүк маданиятты өзүнүн колорити, түрү жана мазмуну менен байыткан феномен болуп саналат. Дүйнөлүк маданияттын «Түрк дүйнөсүн камтыган бөлүгү» өзүн дайыма байытып тура турган күч чогултуп, ишмердүүлүктүн жана адеп-ахлактуулуктун мыкты сапаттарын камтыган жалпы адамзаттык баалуулуктарды, ошондой эле сезимдерди жана кыялдарды жаратууга жана жайылтууга түрткү берип, аларды адамзаттын гуманитардык маданиятынын пайдубалына айландырат.

Эгер биз дүйнөнү түрк дүйнөсү көргөзгөн акыл-эс, илимий-интеллектуалдык кабылдагычтык жана көркөм-эстетикалык көрүнүш түрүндө чагылдыра турган болсок, анын маңызы толук ачылат. Түрк элдеринде «улут» жана «адам» деген түшүнүктөр бирге каралат. Маданияттын универсалдуу мыйзамдары да дал ушундай тең салмактуулукта жана Улуу Биримдикке алып баруучу багытта иштейт. Түрк элдеринин маданиятынын маңызы *өз мекенин жана улутун сүйүү менен бирге адамгерчиликтүүлүктө* жатат!

Эгер түрк маданиятынын тарыхына байкоо жүргүзө турган болсок, ал дүйнөнүн башка өлкөлөрүнүн маданияттары сыяктуу эле дүйнөлүк цивилизация менен бирге өнүккөндүгү көрүнүп турат.

Мындай өнүгүү, бир жагынан, улуттук тамырларга негизделип өз алдынчалуулугун сактаса, экинчи жагынан, дүйнөлүк цивилизациялык системанын бир бөлүгү катары каралат. Дүйнөлүк системанын бөлүгү өзүнүн маңызын сактап, ошол эле учурда өзүнүн айланасындагы башка бөлүктөрдүн эсебинен да өнүгүшү керек. Бактыга жараша, түрк маданияты өнүгүүнүн универсалдуу принцибинен четтеген жок. Ал өзүнүн сапаттарын өнүктүрүү менен бирге дүйнөлүк маданияттын да маанилүү сапаттарын өзүнө сиңирип алган. Түрк элдери дүйнөлүк маданияттын өнүгүү диалектикасын түшүнүп туруп жана ошол эле учурда стихиялуу түрдө сактап келишкен. Түрк маданиятынын улуулугу дал ушунда турат!

## 6. ОРХОН ЭСТЕЛИКТЕРИ: РЕАЛИЗМДИН ЖАНА КЫРААКЫЛЫКТЫН ҮЛГҮСҮ

Түрктөрдүн биримдигин биринчи жолу мамлекеттик саясат деңгээлине алып чыккан орхон эстеликтери жалпысынан түрк маданиятынын өнүгүүсүндө жана айрыкча анын саясий негиздерин түзүүдө абдан чоң мааниге ээ. XIX – кылымдын 90-жылдарында даниялык согуш тарыхчысы Вильгельм Томсен тарабынан азыркы Монголиянын аймагында, Енисейдин баш жагында жана Улан-Батор шаарынан 360-километр аралыкта жайгашкан Орхон дарыясынан табылган орхон эстеликтери байыркы түрк тилинде (көктүрк тилинде) жазылганын окумуштуулар далилдешкен. Бул эстеликтер Көктүрк империясынын «алтын» мезгилинде, 680-жылдан баштап 745-жылга чейинки мезгилде түрк элдеринин оригиналдуу алфавити (руникалык алфавит) менен жаратылган. Бул баалуу табылгалар айрым изилдөөлөрдө «Орхон-енисей эстеликтери», «Орхон жазмалары», «Отукен Түрк Эпитафиялары», «Түрк (руникалык) жазмалары» деп аталат. Болжол менен 200-жыл (552-745-жылдар) жашап, ошол мезгилде Евразияда үстөмдүк кылган Көктүрк империясы өзүнүн ошол континенттеги үстөмдүгүн сактоо үчүн ошол мезгилдеги эл аралык мамилелерде өзүнүн улуттук саясатын жүргүзүүгө, улуттук идеологиясын иштеп чыгууга жана ошол саясат менен идеологияны коомдоштурууга милдеттүү болгон. Мүрзөлөрдүн үстүндөгү эстеликтерге оюп түшүрүлгөн орхон жазмалары ошол мезгилдеги түрк элдеринин биримдигин чагылдырат жана ошол мезгилдеги улуттук аң-сезимди ойготууга карата чакырыктарды билдирет. Мурда негизинен тарыхый-лингвистикалык жактан гана кызыгууну туудурган орхон эстеликтери бүгүнкү күндө көңүл борборунда турат, анткени алар түрк цивилизациясын жана ал цивилизациянын улуттук, согуштук, маданий жана саясий бөлүктөрүнүн маңызын билдирет. Ошентип орхон эстеликтери өзгөчө түрк элдеринин саясий-маданий тарыхы үчүн өтө маанилүү. Ал эми аларды маанилүү кылган себептер төмөнкүдөй:

1) алар «түрк» деген аталыштагы алгачкы мамлекеттин, тактап айтканда, Көк түрк империясынын тарыхый документтер жыйнагы болуп саналат;

2) алар азыркы мезгилдеги бардык түрк тилдеринин атасы болгон көк түрк тилинде жазылган;

3) алар түрк элдеринин жана түрк мамлекеттүүлүгүнүн этногенези, түрк цивилизациясынын тарыхый эволюциясы жана Евразия-

дагы тарыхый маданият жөнүндө түшүнүк берген алгачкы жана негизги булак болуп саналат;

4) алар түрк элдеринин этносаясий системасынын өнүгүүсүнүн натыйжасында пайда болуп, чоң империяга айланып жаткан мамлекеттин (Көк түрк мамлекетинин) евразиядагы державалар менен аскердик, саясий жана дипломатиялык мамиле кылууда улуттук кызыкчылыктарды жана геосаясий тең салмактуулукту камсыздоо боюнча конкреттүү саясатын билдирет;

5) алар түрк дүйнөсүнүн биримдигин түзүүгө арналган бардык тарыхый жана классикалык идеологияларга жол көрсөткөн алгачкы идея болгон.

Орхон түрк жазмаларын ар тараптан изилдеген түркиялык тарыхчы Али Озтүрк бул эстеликтерге мындайча баа берген: «Тарыхта «түрк» деген аталыштагы биринчи мамлекетти куруп, аны менен сыймыктанышкан көктүрктөр өздөрүнүн улуттук биримдигин сактап калуу үчүн идеология иштеп чыгышып, аны натыйжалуу пайдаланышкан. Алар өздөрүнүн идеологиясы жөнүндө күбөлүктөрдү өздөрүнүн жазма документтери аркылуу кийинки муундарга өткөрүп беришти. Ал документтер Көктүрк тарыхы жөнүндө маалыматтар жыйнагы болуп саналат. Бул жазма документтери азыркы муунду мурдагы мезгилдеги түрк коому менен ар түрдүү жактан тааныштырат. Азыркы муун ошол мезгилдин өкүлдөрү тарабынан жана айрыкча башкаруучулар тарабынан жүргүзүлгөн улуттук саясаттан үлгү алышса болот. Бильге Каган жана Бильге Тоньюкук көптөгөн улуттук маселелерди жана мамлекетке коркунуч жараткан нерселерди, ошондой эле улуттук биримдикке зыян келтире турган туура эмес жүрүм-турумдар жөнүндө чын жүрөктөн жана кайгылануу менен айтышкан. Алар бул документтерде *улуттун жаралуусун жана өнүгүүсүн камтыган философияны* жаратышкан» [130,93-б].

Азыркы мезгилдеги тарых таануу илиминде Көк түрк империясы боюнча негизинен эки булак бар: Орхон эстеликтери жана Кытай хронологиясы. Бул эки булак ошол мезгилдеги окуялар боюнча болжол менен бирдей маалыматтарды берет [241, с.80-85]. Орто кылымдардын башындагы окуялар тууралуу айта турган болсок, Орхон эстеликтери өтө чоң баалуулукка ээ.

Көк түрк империясы 552 – жылы эки көк түрк бир туугандар Бумын жана Истеми Кагандар тарабынан негизделген. Көк түрк империясы Евразиядагы улуу империя болгон. Ал Пекинден Константинопольго чейинки килейген географиялык аймакта саясий-дипломатиялык мамилелерди түзгөн. *Бул мамлекет түрк элдеринин биримдиги аркылуу түзүлгөн*. Алардын биримдиги начарлагандан кийин алардын мамлекети Кытайдын бийлиги астында калган (630–680-жылдар). Кытай өзү да ушундай мүмкүнчүлүктү күтүп

келген. Бирок жарым кылым бою Кытайдын бийлиги астында жашагандан кийин *түрк элдеринин биримдиги кайрадан калыбына келген*. Көк түрктөр каганаттын түздөн түз жана идеялык мураскерлери болгон Ильтериш Каган, Капаган Каган, Бильге Каган, Күл-тегин жана Тоньюкук аркылуу ушундай биримдикке жетишишкен. Алар кытай оккупанттарына каршы көтөрүлүп, аларга каршы согушуп олтуруп кайрадан эркиндикке жетишкен. Андан кийин алар тез арада өз күчтөрүн топтоп, Көк түрк мамлекетинин негиздерин калыбына келтиришкен. Жаңы биримдиктин негиздөөчүсү болгон Ильтериш Кагандын (681–691), андан кийин Капаган Кагандын (691–716) жана Бильге Кагандын (716–734) бийлиги учурунда Көк түрк империясы акырындык менен өзүнүн кубаттуулугун калыбына келтирген [107, 77–93-б]. Ушул кагандар башкарган мезгилде мамлекеттин ичинде эч кандай төңкөрүштөр болгон эмес. Бийлик башында турган түрк кагандары бир-бирине жана өз элине берилип кызмат кылышып, башкаларга үлгү көргөзүшкөн. Бильге кагандын башкаруусу аймакта тынчтыкты камсыз кылган. Көз карандылыктан жана эзүүдөн бошонуп, өздөрүнүн бийлигин Евразиялык масштабда калыбына келтирген түрк улустары эгер өздөрүнүн биримдигин дагы бир ирет жоготушса, кайрадан башкалардын бийлиги астында болуп калышарын түшүнүп калышкан. Ошондуктан ***Орхон жазмалары – түрк элдеринин эркиндигинин, биримдигинин жана мамлекеттүүлүгүнүн эң улуу эстелиги*** болуп саналат.

Орхон эстеликтери бардык мезгилде жашаган түрк элдери үчүн ***Биримдик жөнүндө Акт*** болуп эсептелет. Бул эстеликтер негизинен мүрзө үстүндөгү гранит таштарга оюп түшүрүлгөн жазуулардан турат. Алар «Күл-тегин», «Бильге-Каган» жана «Тоньюкук» деген жазуулар. Буларды кээде «Орхон трилогиясы» деп да аташат. Бирок алар ушул баатырларга арналып жазылган жазуулар гана эмес, бүткүл түрк элдеринин тарыхый тагдырын кыскача чагылдырган жазуулар. Бул улуу эстеликтер семантикалык, физикалык жана форма жагынан түрк элдеринин башка аймактарды жеңип алууга байланышкан максаттарын, ошондой эле аларды биримдикке умтулган эл катары көргөзөт. «Күл-тегин» жана «Бильге Каган» деген жазууларды Бильге Кагандын уулу Йоллук-тегин (ал кийин башкаруучу болгон), ал эми «Тоньюкук» деген жазууну Тоньюкуктун башкы вазири жазган.

«Күл-тегинге» Көк түрк империясынын эң кубаттуу каганы деген наам Бильге Каган тарабынан берилген. Бильге Каган мындай наамды өзүнүн 732-жылы каза болгон Күль-тегин деген бир тууганынын урматына арнап берген. Гранит ташынан жасалган эстеликтин бардык төрт тарабында тең көк түрк тилинде тексттер оюп түшүрүлгөн. Эстеликтин бир тарабында кытай тилинде текст жазылган. Эстеликтеги

айрым жазуулар өчүп калгандыктан алардын ортосундагы логикалык байланыш да жоголгон, бирок ошентсе да аларды жазган автордун негизги оюн түшүнсө болот. Эстеликте түрк урууларынын жалпы герби жана «*ургаачы карышкыр эмизип жаткан баланын*» сүрөтү оюп түшүрүлгөн. Бул сүрөт түрк элдеринин мификалык пайда болушун билдирген белги болуп саналат. «Күл-тегин» деген аталыштагы эпитафия Бильге Кагандын өз элине, тактап айтканда, бүткүл түрк элине жасаган кайрылуусу жана монологу түрүндө түзүлгөн.

Эстеликтин түштүк тарабында төмөнкүдөй жазуулар бар: «Мен, асмандан төрөлгөн (асман сыяктуу, асмандан жаралган) Түрк Бильге Каган учурда тактыга отурдум. Менин сөзүмдү толук уккула! Силер, менин артымдан жүргөн кичүү туугандарым жана жаштар, менин шериктеш урууларым жана элдерим! Оң жакта турган аскер башчылары, сол жакта турган тархандар жана буйрук аткаргыч кызматкерлер, Отуз татарлардын бектери, Жети Огуздардын бейлери! Менин сөзүмдү жакшылап угуп, жакшылап кулак салгыла! Алдыда, күн чыккан тарапта, оң жакта, түштүк жактагы өлкөдө, ошол жактагы бардык жерлерде (ошол аймактарда) жашаган элдердин баары – менин кол алдымда [бул жерде кеп империянын кеңдиги жөнүндө болуп жатат – Дж.Ф.). Канчалаган адамдарды жайлаштырдым. Эгер түрк каганы Отукен талаасында отурса (бийликте болсо) (Отукен – Көк түрк империясынын борбору – Ж. Ф.), анын мамлекетинде эч кандай кыйынчылыктар болбойт... Мен өз аскерим менен алдыга (Чыгышка) Шантунг түздүгүнө чейин барып, деңизге жетишиме бир аз калды. Түштүктө мен өз аскерим менен Тогуз Эрсинге чейин бардым, Тибетке жетишиме бир аз калды. Батышта мен өз аскерим менен Инчи дарыясы (Бермет дарыясы) аркылуу өтүп, Демир-капыга (Темир дарбазалар) чейин бардым. Түндүктө мен өз аскерим менен Йир-Байырку өлкөсүнө чейин бардым. Мен ушунчалык көп өлкөлөргө чейин алып баргам (өз аскеримди). Отукен талаасынан жакшы жер жок. Отукен – мамлекет түзүүгө эң ылайыктуу жер. Отукенде отуруп мен Кытай менен келишимге келдим. Эми бизге алтынды, күмүштү жана жибекти чексиз көлөмдө берип жаткан кытай элинин сөзү дайыма таттуу, ал эми кымбат баалуу жасалгалары дайыма жумшак (сонун) болгон. Алар өздөрүнөн алыс жашаган элдерди өздөрүнүн ширин сөздөрү жана сонун кымбат баалуу жасалгалары менен суктандырышып, абдан кызыктырып келишкен. (Ал эми алыстагы элдер) аларга жакыныраак жайгашып, алардан жаман адаттарды үйрөнүшкөн. Жакшы жана акылман адамдарды, ошондой эле асыл баатырларды кытай эли түз жолдон тайыта албайт. Бирок алардын тузагына түшкөн адам өз эли үчүн жат болуп калат. Оо түрк эли, сен алардын ширин сөздөрүнө жана кымбат баалуу буюмдарына суктанып, көп сандап каза болдуң... Түрк эли, эгер

сен аларга барсаң, жок болосуң! Түрк эли, эгер сен Отукенде калсаң, түбөлүк жашайсың! Түрк эли, сен токсуң. Сен ачка болгонуңда токчулукту түшүнбөйсүң, ток болгонуңда ачкалыкты түшүнбөйсүң. Ушундай болгонуңдан улам, сен, сени көтөргөн ханды укпастан, бардык өлкөлөрдү кыдырып, ал жактарда таптакыр алың кетип, жүдөп калдың. Мен асмандын ырайымы менен жана байлыгым бар болгондуктан Каган болдум. Каган болгондон кийин мен ачка жана колунда жок элди чогулттум. Колунда жок элди бай кылдым. Аз сандуу элди көп сандуу кылдым. Менин сөздөрүмдө калп барбы? Түрк эли жана бектери, уккула! ***Мен түрк элдери жалпы бир бирликке биригип, мамлекет түзө аларын ушул ташка жаздым!..*»** [125, 16-б].

Эстеликтин чыгыш тарабында төмөнкүдөй жазуулар жазылган: «Үстүбүздө көк асман, ал эми астыбызда караңкы жер жаратылганда, алардын ортосунда адамдар жаратылган. Менин ата-бабаларым Бумын Каган жана Истеми Каган адамзат уулдарынын үстүнөн бийлик кылып олтурушту. Алар падыша тактысына отуруп, уруулардын биригишин жана түрк элдеринин бекемделишин колдоп жатышты. Төрт бурчтун (дүйнөнүн бардык төрт жактарынын айланасында жашаган элдер) баары аларга душман болушкан. Алар аскерлери менен алдыга чыгып, төрт бурчта жашаган бардык элдерди багындырышты жана аларды тынчтыкта жашоого мажбур кылышты. Башы барларды баштарын ийүүгө, буту барларды тизелерин бүгүүгө мажбур кылышты. Алар чыгышта Кадыркан талаасына чейин, ал эми батышта Демир-капыга чейин согуштук жортуул жасашты. Алар ушул эки чек аранын аралыгында жашап, уюшулбаган көк түрктөр үчүн тартип түзүшкөн. Алар акылман жана эр жүрөк Кагандар болгон. Алардын буйрук аткаргыч кызматчылары жана эли да акылман болгон. Ошондуктан алар мамлекет жана тартип жарата алышкан» [125, 17-б].

Андан кийин текстте көк түрктөр кытайларга алданып, өз бийлигин жоготуп алгандыгы жазылган. Каган өз элинин башына түшкөн жагдай жөнүндө ызаланып минтип айткан: «Мен өз мамлекетим болгондо эл болгом, эми менин мамлекетим каякта? Мен өзүнүн Каганы бар эл болгом, эми менин Каганым каякта?». Андан кийин ал төмөнкүдөй ураан айтып, күрөшкө киришкен: «Эркин бол, же өл!» «Үстүдө түрк элдеринин Теңири түрктөр үчүн ыйык болгон жерди жана сууну көргөзгөн. Асман жогору жактан менин атам Ильтериш каганды жана энем Ильбильгя катунду жетектеп, аларды жогору көтөрдү (элдердин үстүнөн)». Түрктүн күрөшү аны эркин кылды. «Ильтериш, түрк элдеринин тандалган аскери менен кырк жети жолу жортуулга чыгып, жыйырма салгылашууда болгон. Асмандын ырайымы менен ал түрк урууларынын биримдигин жаратып, өзүнүн жеңилбес элинин мамлекетин калыбына келтирген». Эркиндик үчүн күрөшүүдө өзүнүн атасынан кем калбаган Бильге Каган кыйынчы-

лыктарды кантип жеңгендерин элге айткан. Ал эртеңкини ойлобогон башкаруучуларга жана көрөгөчсүз калың массага карата келишпес мамилесин билдирген. Каган түрк элдеринин өнүгүшүнүн жана начарлашынын себептерин түшүндүргөн. Начарлоонун себеби - улуттук биримдиктин жоголушунда, ал эми өнүгүүнүн себеби - биримдикти сактоодо экенин ал ачык жарыялаган. Бильге Кагандын элди улуттук биримдикке чакыруусу анын керээзинин туу чокусу болгон: ***«Түрк Огуз бектери жана эл, уккула: Силердин үстүңөрдө асман, ал эми буттарыңардын астында жер турганда, түрк элдеринин мамлекетин жана биримдигин ким буза алат?»*** [125, 18-б]

Бильге Каган өзүнүн иниси Кул-тегиндин эрдиктери жөнүндө да көп айткан. Анын бул иниси аны менен чогуу согушкан. Ал өзүнүн бул инисинин каза болгондугу тууралуу ызаланып, төмөнкү сөздөрдү айткан: «менин көрүп турган көздөрүм көрбөй калгандай, ал эми көрөгөч акылым маңыроо болуп калгандай сезилип жатат». Бильге Каган анын иниси Кул-тегиндин тажыясына Кытайдан баштап Византияга чейинки ар түрдүү мамлекеттердин өкүлдөрү катышкандыгын эскертет. Ал өзүнүн иниси Кул-тегиндин аскер башчылыгын да көргөзгөн. Кул-тегин намыстуулук менен согушуп, Көк түрк мамлекети жана эли үчүн өз өмүрүн бергендиги тарыхый чындык. «Кул-тегин бийликке умтулган эмес. Анын эң чоң идеалы – түрк элдеринин биримдиги жана Көк түрк мамлекетинин кубаттуулугу болгон. Ал ушул идея үчүн согушкан. Кадимки катардагы жоокер же башкаруучу катары согушуунун Кул-тегин үчүн айырмасы болгон эмес. [6, 105-б]. Кагандын мамлекеттик ой жүгүртүүсүнүн маңызын байыркы түрк тилиндеги төмөнкү сүйлөм так билдирет: «Mən bir-iki budunığ ot, sub kılmadım» – «Мен бир элди сууга жана отко бөлгөн жокмун». Бул сүйлөм өзүнө абдан терең идеяны камтыйт. От жана суу бир-бирине карама-каршы турат. Суу отту өчүрөт. Демек, Каган өз элин сууга жана отко, ошондой эле бүтүн нерсени майда нерселерге бөлбөстөн, тескерисинче, бөлүнгөн нерсени бириктирген.

«Кул-тегин» эстелигинин батыш тарабындагы кытай тилиндеги жазуулар тань императору Сю-ань-цзундун тууганы – аскер башчысы чанг Сенгюнга таандык. Бул текст кошуна мамлекеттин достук мамилелерин дипломатиялык түрдө билдирген жазма болуп саналат. Түрк жана кытай тилиндеги тексттер айрым жерлерде бири-бирине карама-каршы келгендиги көңүлдү бурат. Кытай тилиндеги текстте достук мамилелер жөнүндө жазылган. Ал эми түрк тилиндеги текстте Кытайдын түрк мамлекетине каршы кыйтыр жана кыйратуучу саясаты тууралуу айтылган. Бильге Каган кытай тилиндеги тексттин маңызы тууралуу албетте билген. Бул эстелик анын идеясынын жемиши болуп саналат. Каган бул тексттердин ортосундагы айырмачылыкты атайын сактагандай сыяктуу көрүнөт. Ал кытай саясаты

жана дипломатиясы ушундай достук мамилелер болуп турган кезде деле өзүнүн жашыруун көздөмдөрүн ишке ашырышы мүмкүн экендигин түрк элдерине билдирүүнү каалаган. Андан кийинки тарыхый процесстер Бильге Каган туура сөз айткандыгын тастыктаган...

Бильге Каган каза болгондон кийин анын ушул текстти жазган уулу Йоллуг-тегин каганаттын бир пикирдүү макулдугу менен башкаруучу болуп калган. Йоллуг-тегин каза болгондон кийин бийликке анын Тенгри-хан деп аталып калган уулу Бильге Кутлуг келген. Бильге Кутлуг Кытайга өзүнүн элчисин жөнөткөн [152, 364-б]. Ошондон болгону алты эле жыл өткөндөн кийин, тактап айтканда, 745 - жылы түрк тилдүү уйгур калкы Кытай менен шериктеш болуп, Чыгыш көк түрк империясын аягына чыгарган жана анын ордуна өздөрүнүн каганатын курушкан [130, 19-б]. Андан кийинки кылымда улуттук мамлекеттүүлүккө байланышкан салттардан жана идеологиялардан алыстап кеткен Уйгур империясы «өзүнүн эски шериктеши» Кытайдын кысымына туруштук бере албастан кулаган... Бүгүнкү күндө калкы 22-млн. адамды түзгөн Синьцзян-Уйгур автономиясы Кытай Элдик Республикасынын бир бөлүгү болуп саналат. Батыш көк түрк империясынан түзүлгөн түрк мамлекеттери кийинки кылымдарда оздөрүнүн мамлекеттүүлүккө байланышкан салттарын Анатолияга чейин алып барып, тарыхка Евразиядагы улуу түрк империяларын жаратуучулар катары киришкен.

Түрк элдеринин мамлекеттүүлүккө байланышкан туруктуу салтынын жазуу түрүндөгү кодекси болуп саналган «Кул-тегин» эстелигин анализдөөнүн натыйжасында биз анын терең маанисин көрө алабыз: Түрк мамлекетинин башчысы Бильге Каган ар түрдүү түрк урууларын айырмалап караган эмес, аларды өзүнөн бөлүп караган эмес жана бийлик менен элди да бөлүп караган эмес. Ал өз элине кайрылганда аларга ар түрдүү мамлекеттерди жана элдерди күч менен жеңип алган Император катары сүйлөгөн эмес. Ал өз элине алардын тандап шайлаган *Башкаруучусу* катары кайрылган. Бильге Каган өзүнүн жүрөгү менен сүйлөшүп аткандай таасир калтырат. Ал өзүн элден бөлгөн эмес. Бильге Каган үчүн эл, табият жана мамлекет жаралган мейкиндик бир нерсе. Ал өз мамлекетинин аймагы кеңейгенине карабастан өз Мекени ал үчүн эң жакшы жер экенин моюнга алган: «Отукен – мамлекет куруу үчүн эң ыңгайлуу жер». Ошентип, көк түрктүн аң-сезиминде *Мамлекет-Эл-Табият* деген түшүнүктөр бүтүн бир нерсе катары каралган. Көк түрктөрдүн идеясы ушул нерсеге негизделгендиктен башаламандыктан алыс. Алардын идеясы гармонияга багытталган: «Көп элге мен тартип алып келдим».

«Кул-тегин» эстелигинде мифологиялык көз караштын терең тамырлары түбөлүккө сакталган жана адам менен мамлекеттин пайда болушу жер пайда болгон мезгилге барып такалат. Бильге Каган-

дын пикиринде, Жер шарында жаралган алгачкы адам түрк элинен болгон, ал эми «Бумын Каган жана Истеми Каган алгачкы адамдардын үстүнөн башкаруучу болушкан». Бул мифологиялык контекст тексттеги чыныгы окуялардын логикасын бузган эмес. Эстеликте Көк түрк мамлекетинин кеңейүүсүнүн тарыхы сыймыктануу менен оюп түшүрүлгөн.

«Кытай менен келишимге келген» Көк түрк империясы «жибек цивилизациясынын» жумшактыгына, Кытайдын дипломатиясына жана ашкере байлыгына алданбоо керек экенин жакшы билген. Ошондуктан Бильге Каган бийликке өзүнүн саясий эпчилдиги аркылуу гана эмес, өзүнүн кайраттуулугунун жана Кул-тегин сыяктуу аскер башчыларынын эрдиктеринин аркасы менен келген. Анын бийликке келишине анын байлыгы да шарт түзгөн. «Жакыр элди бай кылдым», - деп айткан ал. Бильге Каган жакыр эл эмес, бай эл бийлик кыла аларын айткан. Ошондуктан ал «түрк элдеринин биригип, мамлекет куруусун» мүмкүн болуучу саясий чындык деп эсептеген. Улуттук мамлекетти жана анын ички тартибин «төрт бурчтагы» душмандардан коргоо зарылдыгы саясий чындык болуп саналат. Бильге Каган саясий бийликтин бүтүндүгүн жана бектигин камсыздоо үчүн дагы бир шарт зарыл экенин айткан: мамлекеттин бектери жана эли «туура» жолдо болушу керек. Мамлекет «мыйзамдардын негизинде» уюштурулушу керек! Көк түрк мамлекетинин улуу мүчөлөрү мамлекетти жана анын тартиптерин жарата алышкан. Мына ушул нерсе үлгү болуп саналат.

Оюп түшүрүлгөн тексттин төмөнкү дагы бир сабы үйрөтүүчү жана маалымат берүүчү мүнөзгө ээ: «Башы барларды алар баш ийдиришти, тизеси барларды тизе бүктүрүштү» (мындай сөз башка Орхон эстеликтеринде да, бирок ошол эле мааниде пайдаланылат). Бул сүйлөмдүн ички семантикасы (ички мааниси) төмөнкүдөй: Акыл башта, ал эми күч тизеде. Бийликти Акыл менен Күчтү бирге пайдалануу аркылуу бекемдөө керек. Ал эми душманды баштагы акылдын жана тизедеги күчтүн жардамы менен жеңүү керек, башкача айтканда, башы барларды баш ийдирүү, тизеси барларды тизе бүктүрүү керек!

Улуу түрк башкаруучусу өзү жараткан бийликтин бузулбастыгына катуу ишенген. Ал «...силердин үстүңөрдө Асман, ал эми астыңарда жер турганда, түрк элдеринин мамлекетин жана биримдигин ким буза алат?», - деп терең ишенген. Бильге Каган түрк элдерине төмөнкү идеяны сиңдирүүгө аракет кылган: Асман менен жерди жок кылуу мүмкүн эмес сыяктуу эле түрк урууларынын күчтүү шериктештиги аркылуу жаратылган түрк мамлекетинин күчтүү негиздерин да бузуу мүмкүн эмес!

«Орхон трилогиясынын» экинчи эстелиги болуп саналган «Бильге Каган» эстелиги, жогоруда айтылгандай, 735 – жылы анын уулу

жана андан кийинки жаңы каган Йоллуг-тегин тарабынан тургузулган. «Кул-тегин» эстелиги сыяктуу эле бул эстелик да Бильге Кагандын монологунан жана кайрылуусунан турат. Өзүнүн идеясы жана логикалык ырааттуулугу боюнча бул эстелик көп жагынан «Кул-тегин» эстелигине окшош. Бильге Каган бир эле кайрылууну ар түрдүү жагдайларда, ошондой эле жаңы сөз айкаштарын, жаңы стильди жана жаңы вариантты пайдаланып көргөзгөндөй таасир калтырат. Көк түрк империясынын жаңы башкаруучусу Йоллуг-тегин өзүнүн атасы Бильге Кагандын керээзин мыйзам же принцип катары көргөзгөндөй таасир калтырат. Граниттен жасалган бул эстеликтин көп жерлери албетте ушул убакытка чейин толук бойдон сакталган эмес жана тексттин кээ бир жерлериндеги көптөгөн сөздөрдү окуу мүмкүн эмес. Мындай нерсе тексттин жалпы маанисин түшүнүүнү андан бетер татаалдаштырат. Бирок кандай болгондо да Көк түрк империясынын эстеликке оюп түшүрүлгөн доктринасы түшүнүктүү: түрк элдери өздөрүнүн кадырын түшүрбөшү керек, өз тамырын унутпашы керек, чалынган кезде туура жолдон тайып кетпеши керек, ошондой эле чоң кыйынчылыктардын натыйжасында түзүлгөн көк түрк улуттук бийлигин түрк урууларынын биримдиги кармап жана сактап турарын эч качан унутпашы керек. Ушул биримдикти сактоо үчүн бардык нерсени кылуу зарыл!

Профессор Тофик Гажиев туура түшүндүрмө бергендей, «Бильге Каган» эстелигинде Бильгенин башкаруучу жана аскер башчысы катары бардык мыкты сапаттары тереңдикте жатат. Алар айсберг сыяктуу. Анын ошол сапаттарын толук көргөзүү үчүн кыйыр салыштыруулар пайдаланылат. Кул-тегин Бильге Кагандын «ийининде турган». Кул-тегиндин улуулугунун сыры бир жагынан ушул нерсеге байланыштуу. Чынында, Бильге Каган *аскер башчынын сапаттары менен акылмандуулуктун* бирдиктүүлүгүн көргөзгөн. Ал ушул трилогияда башкаруунун, эрдиктин жана акылмандыктын туу чокусу болуп саналат» [6, 113-б].

«Орхон трилогиясынын» үчүнчү эстелиги «Тоньюкук» эстелиги болуп саналат. Ал 720-725-жылдарда даярдалып, 732-734-жылдарда тургузулган. Алгачкы түрк жазма эстеликтеринен айырмаланып «Тоньюкук» дээрлик бузулган эмес жана тарыхтын таш эстелиги катары өзүнүн монументалдык улуулугун сактап калган. Гранит ташына оюп түшүрүлгөн бул тексттин автору Бильге Тоньюкук. Бильге Тоньюкук үч улуу Кагандын – Ильтериш Кагандын, Капаган Кагандын жана Бильге Кагандын улуу вазири (кеңешчиси) болгон. Кез-кезде ал согуштук операцияларды да жетектеп турган. Түрк дүйнөсүнүн тарыхында түркизм идеясын практикалык саясат катары ишке ашырып, аны идеологиялык доктринага айландырган жалгыз түрк идеологу дал ушул Тоньюкук болгон. Төмөндө берил-

ген маалымат Тоньюкук кагандарга тең келген инсан болгондугун далилдейт. Эстеликтеги жазуулар Тоньюкуктун өзү жөнүндө сүйлөмдөн башталат: «Мен, Бильге Тоньюкук Кытайда төрөлгөм. Ал кезде түрк элдери Кытайдын бийлиги астында болгон» [125, 125-б].

Түрк элдеринин маданиятын жайылтуу жана түрк элдеринин көз карандысыздыгын камсыздоо кыймылынын лидерлери XIX – кылымдын аягында жана XX – кылымдын башында Орусияда жана Европада билим алып, андан соң өз мекендерине кайтып келип, өздөрүнүн идеясы үчүн күрөштөрүн улантышкан. Бильге Тоньюкукту мына ушундай лидерлерге жол салып берген инсан катары кароого болот. Тоньюкук, өзү күбөлөндүргөндөй, анын эли кытайлардын бийлиги астында болуп турган кезде Кытайда төрөлгөн. Ал кытай тилин, кытайлардын мүнөзүн, кытайлардын маданиятынын маңызын, Кытайдын түрк элдерине жана түрк аймагына карата мамилесин, ошондой эле бул мамлекеттин тактикалык жана стратегиялык максаттарын изилдеген. Тоньюкук өзүнүн түрк мекенине кайтып келгенде өзүнүн идеясын кошо алып жүргөн. Анын идеясы Кытайдын терс саясатына каршы туруу болгон. Мекенине кайтып келген соң ал Кытай мамлекетинин эзүүсүнө каршы күрөшкөн жоокерлерге кошулуп, оор сыноолорду башынан кечирген жана Көк түрк империясынын жетекчилигине чейин өскөн. Тоньюкук, чындыгында, саясатчы-стратег болгон жана өз мамлекетин түзүүгө жана өнүктүрүүгө байланышкан кадамдарды ишке ашыруу менен алек болгон. «Тоньюкук» эстелигин байыркы түрк тилинде дал ушул мамлекеттик кызматкер жазган. Бильге Тоньюкук терең тажрыйбага жана масштабдуу акыл-эске ээ болгон.

«Орхон трилогиясынын» ушул акыркы эстелигинде мурдагы эстеликтердей эле Көк түрк мамлекетинин көтөрүлүүсү, кыйрашы жана экинчи жолу көтөрүлүүсү, ошондой эле ушул окуяларды түрк элдеринин жеңиши үчүн зарыл болгон нукка багыттаган кыраакы саясатты ишке ашыруу жөнүндө айтылат. Түрк элдери дайыма салгылашып келген. Бирок алардын салгылашуусу ага бардык түрк уруулары жана бардык түрк элдери катышканда гана жеңиш менен аяктайт. Бардык түрк урууларынын жана бардык түрк элдеринин *бирдиктүү улуттук эркин* камтыган саясат гана өз жемишин берет. Тоньюкуктун акылы акылмандык менен кайраттуулукту, ошондой эле келечектеги көк түрк демократиясынын негизин чагылдырат [6, 115-б]. Бул эстелик-документте Көк түрк империясынын Тоньюкуктун мезгилине чейинки тарыхы, ошондой эле ошол мезгилдеги драмалык окуялар, түрк элдеринин биримдиги жана бөлүнүүсү, түрк элдери катышкан кандуу согуштар жана ал согуштардын үлгү болорлук эпизоддору майда-чүйдөсүнө чейин айтылат. Түрк биримдиги жөнүндө идеяны колго курал алып болсо да

коргоо зарыл экендиги, Ильтериш, Капаган жана Бильге кагандары тарабынан ар түрдүү түрк элдерин Көк түрк империясынын туусу астында бириктирүүгө багытталган кыраакы саясат жүргүзүлгөндүгү, ошондой эле ар түрдүү түрк элдеринин теңдигин сактоо - ошол саясаттын негизги шарты болгондугу да ушул эстеликте айтылат. Бул эстеликте ошондой эле жогоруда айтылган саясатты ишке ашырууда шериктер же тарапташтар бир-бирин жана жалпы идеяны бек тутушу керек экени, ал эми түрк лидерлери элге кайраттуулуктун жана өз жанын аябоонун үлгүсү болушу керек экени айтылат.

«Тоньюкук» эстелиги төмөнкү насыяттуу сөздөр менен аяктайт: «Эгер Ильтериш Каган жеңишке жетпегенде, эгер мен жеңишке жетпегенде (башкача айтканда, эгер биз жалпы максат үчүн бирге күрөшүп, жеңишке жетпегенибизде – **Ж.Ф.**) мамлекет да, улут да жоголуп кетмек. Ильтериш Каган жеңди, мен да жеңдим. Ошондуктан улут улут болуп калды, ал эми мамлекет мамлекет болуп калды… Ильтериш Каган жана мен, Бильге Тоньюкук, жеңишке жеткендигибизден улам Капаган Каган түрк … күрөшүн….. (тексттин ушул бөлүгү өчүп калган – **Ж. Ф.**). Түрк Бильге Каган Түрк – Огуз улутун тарбиялап отурат (бийликте отурат – **Ж.Ф.**)». Эгер түрк лидерлеринин эрки ишке ашпаганда, түрк элдеринин шериктештиги да түзүлмөк эмес жана бул шериктештик мамлекетке да айланмак эмес. Бул тексттин акыркы бөлүгүнүн негизги идеясы мына ушунда турат. Кагандардын жана түрк элдеринин эрки өзүн өзү актаган. Түрк элдеринин биримдиги жөнүндө идея ишке ашып, ошол идеянын логикалык натыйжасы катары түрк мамлекети түзүлгөн!

Орхон эстеликтеринин («Кул-тегин», «Бильге Каган» жана «Тоньюкук») биримдиги, алардын идеялык бир максатка багытталгандыгы жана өз максаттарынын чечкиндүү түрдө айтылышы айкын көрүнүп турат. Бул, албетте кокустук эмес. Анткени байыркы түрк элдери алардын айланасындагы кошуна мамлекеттер жана элдер менен дайыма эле согуш жана жарашуу абалында жашашкан эмес. Алар кошуна мамлекеттер жана кошуна элдер менен оор цивилизациялык мамиледе болушкан. Башка маданияттардын жана цивилизациялардын таасири астында калып калуу өлүү же жок болуу дегенди билдирерин алар жадагалса туюшкан. Ошондуктан түрк элдеринин акылмандары элдин цивилизациялык баалуулуктарын анын жеке салттарынын негизинде жаратуу керек экенин жакшы түшүнүшкөн. Белгилүү орус түркологу Лев Гумилёв ушул маселе боюнча өзүнүн туура көз карашын билдирген. Анын пикиринде, түрк элдеринин «кубаттуу үчүлүгү» болгон Бильге Кагандын, Кул-тегиндин жана Тоньюкуктун негизги максаты Кытай (Тан) империясынын агрессиясына каршылык көргөзүү гана эмес, кытай цивилизациясынын катуу таасири астында калып калбоо болгон [152, 352-б, 376]. Бильге Тоньюкук өзу Табгач (кытай) маданиятынын таасири

астында тарбияланганын айткан. Бирок ал бөтөн маданиятта өсүү кооптуу экенин түшүнгөн. Аны Түрк каганы өзүнө чакырган. Өзү көптөн бери күтүп жүргөн бул чакырууну ал жакшы кабыл алып, Каганга келип («шаарга караганда талааны жогору баалаган») көз карандысыздык кыймылына кошулган [167, 64-65-б]. Биз жогоруда белгилегендей, адегенде ал ушул кыймылдын лидерлеринин бирине, андан кийин идеологуна айланган.

Кытай цивилизациясынын буддизм жана даосизм сыяктуу «жумшагыраак» философиялары байыркы түрк элдерине туура келген эмес. Анткени алардын этнопсихологиясы талаа цивилизациясынын каардуу мыйзамдарында калыптанган. Алар мындай каардуу шарттарда күчтүү жана чыдамдуу болуулары зарыл болгон. Ошондуктан байыркы түрк элдеринин улуттук намысы кытай цивилизациясынын кысымына туруштук бере алган. Алар бөтөн элдердин философияларын жана идеологияларын эч качан кабыл алышпагандыктарын тарых бизге көргөзүп жатат. Аларды «жибекке» да, «идеологияга» да алданышкан эмес. Ушул чындыкты эске алган Лев Гумилёв төмөнкүдөй талашсыз жобону белгилеп айткан: «Түрк каганатынын расмий идеологиясы эки принципке негизделген: кытай маданиятынан баш тартуу жана өзүнүн кошуна мамлекеттен жогору турарын түшүнүү» [152, 375-б). Чынында, «кытай маданиятынан баш тартуу» деген түшүнүк байыркы түрк элдери тарабынан өз маданиятынын баалуулугун түшүнүү деп кабыл алынган, ал эми «кошуна мамлекеттерден жогору туруу» деген түшүнүк империялык тартиптерди орнотуу деген маанини билдирген. Лев Гумилёвдун пикиринде, түрк элдери ошол маанилүү тарыхый мезгилде бөтөн маданиятты өздөрүнө сиңирип алуудан чечкиндүү түрдө баш тартышкан жана алардын мындай чечими төмөнкүдөй маанилүү чындыкты ачат: «Ал мезгилде эки мамлекеттин гана эмес, эки көз караштын жана эки системанын да күрөшү болуп турган. Улуу Талаа өзүнүн Кытайды туурабоо жана өз алдынча болуу укугун өзүнүн Манифести аркылуу (бул жерде кеп түрк жазуу эстеликтери жөнүндө болуп жатат – Ж.Ф.) билдирген... Ички жагынан бүтүн же монолиттик коом болуп саналган түрк этносу (мамлекети) анын негиздөөчүлөрүнүн идеясы боюнча башка уруулардын үстүнөн үстөмдүк кылуусу керек болгон. Тоньюкук өзүнүн бардык өмүрүн ушул максатка арнап, түрк элдерин ардактап, жогору көтөргөндүгүн өзүнүн эмгеги катары белгилеген» [152, 376-б].

«Орхон трилогиясы» тарыхый-идеологиялык багыттуулук жагынан гана эмес, тарыхый-этнографиялык документ катары да чоң мааниге ээ. Бул улуу эстеликтер байыркы түрк элдери тууралуу кытай булактарына караганда жакшыраак жана көбүрөөк түшүнүк берет, ошондой эле баалуу маалыматка ээ. Эгер кытай булактары хронология түрүндө гана болсо, түрк булактары жашоону камтыган кыскача маалымат жана тирүү тарых болуп саналат. Ошондуктан

көптөгөн изилдөөчүлөр аларды тарыхый-баатырдык эпос деп эсептешет. Орхон түрк жазуу эстеликтеринин ушундай жагын жокко чыгарбоо керек. Бул эстеликтерди биринчи жолу караганда, «Огуз Каган» жана «Менин чоң атам Горгуддун китеби» сыяктуу эпикалык эпостор руханий жактан алып караганда, Орхон түрк жазуу эстеликтеринен келип чыккандай сезилет.

Көк түрк империясы тууралуу тарыхый документтердин бул жыйнагы өтө чоң мааниге ээ. Анткени мында убакыт сезими бар. Убакыт эч качан токтобойт. Адам, мамлекет жана коом эч качан бир абалда токтоп калбайт. Байыркы түрк элдери «тоңуп калган тарыхты» кыймылга келтирип, анын кенен мейкиндигин Евразияда океанга окшоп чайпалган түрк дүйнөсүнө ачып жаткандай сезилет. Түрк дүйнөсү ушул чексиз мейкиндикте биригет, бөлүнөт жана кайрадан биригет. Түрк дүйнөсү биримдик системасынын улуттук аң-сезим түрүндөгү мыкты абалына жетмей сайын жаны тынбай, өзүн өзү издей берет... Ушул издөөдө түрк дүйнөсү өзүн өзү тапкандыгын Орхон эстеликтери далилдейт. Ошондуктан «Орхон трилогиясында» түрк өзүнүн тарыхый тагдырына реалдуу карайт жана жаңылыштыктар менен каталарды жашырбайт. Ал өзүнүн өнүгүүсүн жана начарлоосун изилдеп, өзүн курчаган убакыттын объективдүү сүрөтүн жаратып, келечекке кыраакылык менен карайт. Алгачкы түрк эстеликтерин анализдөөнүн натыйжасы түрк элдери, көптөгөн Батыш идеологдору айткандай жортуул жасоого, талкалоого жана кайрадан жаратууга гана жөндөмдүү эл катары калыптанбастан, *ой жүгүртө* ала турган да эл катары калыптанган деп айтууга негиз берет. Улуу немец философу И. Кант түрк элдерин сел менен салыштырган. Алар бир нерсе куруу үчүн башка нерсени жок кылып жибериши да мүмкүн. Ооба, түрк элдеринин мүнөзүндө ушундай сапат бар. Алар бир нерсе түзүү же куруу үчүн башка нерсени жок кылып салышы да мүмкүн. Бирок байыркы түрк эстеликтерин анализдөөнүн натыйжасы бул эл материалдык баалуулуктар менен бирге руханий баалуулуктарды да жарата аларын далилдеп турат. Алгачкы түрк элдеринин идеологиялык эстеликтеринин анализине таяна турган болсок, түрк элдери жараткан баалуулуктар батыш идеологдору жараткан руханий баалуулуктарга караганда алда канча реалдуу, кыраакы, светтик жана гуманисттик экендиги даана көрүнүп турат. Түрк элдеринин «өзүңө кайрыл» деген идеясын өзүн өзү таануу илиминин алгачкы манифести деп эсептөөгө болот. Батыш идеологдору он бешинчи кылымдан бери мындай өзүн өзү таануу илимин жаратууга аракет кылышып, бирок азыркыга чейин жарата албай келишүүдө. Англиялык тарыхчы «Жаңы Сократты» издеп жүргөндө, түрк элдери аны өздөрүнүн алгачкы тарыхый эстеликтеринен табышкан. Дал ошондуктан Орхон эстеликтери реализмдин да, кыраакылыктын да парадигмасын даярдаган деп айтууга болот.

# 7. ЖИБЕК ЖОЛУНУН МАДАНИЯТЫ ЖАНА АНЫН САКТООЧУЛАРЫ – ТҮРК ЭЛДЕРИ

Улуу Жибек жолу өз жашоосунда «мезгил өзгөрүүлөрүн», тактап айтканда, «жаз», «жай», «күз», «кыш» мезгилдерин, ошондой эле жогорулоо, төмөндөө жана кайрадан жогорулоо сыяктуу өзгөрүүлөрдү баштан өткөргөндөй таасир калтырат. Ондогон жылдар бою адамдардын жана соода кербендеринин үндөрүн, ошондой эле алардын демдерин сезип келген ушул кербен жолдору кээде унутулуп, жок болгон мезгилдер да болгон. Бирок соолуп калган дарыяларга суу кайтып келген убактарда бул жолдор кайрадан калыбына келип, башка муундардын, ошондой эле башка жүктөрдү ташыган башка кербендердин жана маданияттын күбөлөрү болушкан. Анда-санда бул жолдордун альтернативалары да пайда болуп турган. Улуу Жибек жолунун эски жана таптакыр жаңы тармактары же бөлүктөрү болжол менен 12 800 километрлик негизги маршрут боюнча созулуп, Кытайдан баштап Испанияга чейинки аралыкты ээлеген жолдордо жарлардан, тоолордон, талаалардан, дарыялардан жана деңиздерден өтүп биригип, кайра эле тармакталып кетет.

Улуу Жибек жолу дүйнөлүк цивилизациянын өкүлдөрү болгон ар түрдүү элдерди кылымдар бою байланыштырып келген. Улуу Жибек жолу Солтан Гажибековтун «Кербен» деп аталган симфониялык мугамында так жана реалдуу түрдө чагылдырылган. Бул мугамдын оор ритмдеринде кыйынчылыктарга жана коркунучтарга жакын жүрүүгө мажбур болгон адамдардын оор сапарга жөнөп жаткандыгы чагылдырылган... Жол алыстагы чексиздикке, Жерден космостук мейкиндикке, алыскы цивилизацияларга кетип жаткандай сезилет. Бирок бул жол өзүнүн чыныгы тарыхый тагдырын дал ушул биздин планетада, жээктери Тынч жана Атлантика океандары менен жуулуп турган континентте, «цивилизациялардын ар түстүү рельефтеринде» тапкан. Бул жол бүгүнкү күндө космостон да көрүнүп турат жана ал ар түрдүү маданияттар үчүн мекен болуп калган. Улуу Жибек жолу адамдардын, коомдордун, мамлекеттердин жана маданияттардын ортосундагы тарыхый байланыштарды сактап калган. Ошондуктан бул жолдо өнүгүүгө жана коммуникациялык функцияларды мыкты абалга жеткирүүгө байланышкан мүмкүнчүлүктөр дайыма бар болуп турат.

Улуу Жибек жолу тарыхта ар кандай мезгилдерге туш болуп, ар кандай өзгөрүүлөргө да кабылган. Бирок кандай болгон учурда да

анын функционалдуулугун өз калыбына жана жумуш абалына келтиргендердин башында түрк элдери, алардын ар түрдүү муундары, мамлекеттер жана империялар турат. Башкача айтканда, Улуу Жибек жолу дүйнөлүк тарых жана дүйнөлүк цивилизация үчүн канчалык маанилүү болгон болсо, түрк элдери да ушул Жибек Жолунун азыркы мезгилге чейин сакталып келишинде өтө чоң роль ойношкон.

«Жибек Жолу» деген түшүнүктү биринчи жолу 1877 – жылы немец географы Рихтгофен аныктаган. Өзүнүн аталышынан көрүнүп тургандай, биздин доорго чейинки экинчи кылымдан баштап Чыгыш Азиядан, тактап айтканда, Кытайдан башталып, Жер ортолук деңиз өлкөлөрүнө созулган Жибек жолу соода жолунун милдетин аткарган. Бул жол кийинчерээк өнүгүп олтуруп, кенен соода жана маданий байланыштарды камсыз кылуучу коммуникациянын негизги каражатына айланган. Бирок ал жол өзүнүн атына окшоп жибектей жумшак жана жеңил болгон эмес. Ал жолдо ар түрдүү коркунучтар болуп турган жана анын тагдыры ар түрдүү мезгилдерде ар түрдүү согуштук-саясий күчтөрдөн, экономикалык-маданий борборлордон, ошондой эле геосаясий жагдай ачкан мүмкүнчүлүктөрдөн түздөн түз көз каранды болгон. Жибек Жолу ар түрдүү диапазондордо өзгөргөн мезгилде деле анын негизги багыттары сакталып, ал түрк мамлекеттери жана маданияттары жайгашкан аймактарды камтыган. Демек, түрк дүйнөсү Жибек жолунун Евразиядагы геосаясий жагдайлар өзгөрүп турган кезде да жок болуп кетпөөсүн камсыздаган негизги фактор болгон.

Жибек жолу маданиятынын тарыхый эволюциясын жана аны коргоп келген түрк элдерин изилдөө - Евразиядагы цивилизациялар аралык жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрдү жана тарыхый чындыктарды калыс түрдө аныктоо дегенди билдирет. Жибек жолуна кошулуунун натыйжасында эл аралык саясий-маданий мамилелердин өзгөрүүсүнө байланышкан кандай сапаттар алынгандыгын билбей туруп Евразиянын тарыхый-геосаясий маңызын изилдөөгө болбойт. Айрым изилдөөлөрдө Улуу Жибек жолунун тарыхындагы «түрк фактору» деструктивдүү фактор катары толук бойдон туура эмес жана калыссыз көрсөтүлгөн, ал эми «Индоевропалык фактор», тескерисинче, оркойтуп көрсөтүлүп, бир аз апыртып да жиберилген. Бирок тарых биринчи планга башкача чындыкты алып чыккан: Улуу Жибек жолунун миңдеген километрлери түрк элдери ээлеген аймактар аркылуу өткөн. Эгер түрк элдери бул улуу жолдун жашоосуна тоскоолдук кылып, ал жолдон өтүүчү кербендерди талап-тоноо менен алек болушканда, бул улуу жолдун жашоосу эчак эле токтоп калмак жана эч качан калыбына келмек эмес. Түрк элдери, тескерисинче, тарыхтын ар түрдүү мезгилдеринде Жибек жолунун иштешине тоскоолдук кылгандарды жок кылып, ал жолдун жакшы иштешине бардык шарттарды түзүшкөн.

Трансевразиялык коммуникациялык система Улуу Жибек жолу иштей баштаган мезгилден мурда, тактап айтканда, биздин заманга чейинки төртүнчү-үчүнчү кылымдарда эле негизделген. Месопотамия жана Элама аймактарынан баштап индия өрөөнүнө жана Памир тоолоруна чейинки жолдор ошол мезгилде эле белгилүү болгон. Жакынкы Чыгыштын соодагерлери ошол жолдор аркылуу Бадахшан лазуритин ташышкан. Адамзаттын эң байыркы цивилизациясынын мекени деп эсептелинген Мохенжо-Даро аймагы (дарыя аралыгындагы жер) менен Хараппа аймагынын ортосунан Месопотамияга чейин түштүк кербен жолу өткөн. Месопотамиядагы жана индия өрөөнүндөгү маданий борборлордун ортосундагы сооданы өз колдоруна алган эламдыктар «төртүнчү-үчүнчү миң жылдыктарда Ортоңку Чыгыштагы шаар пайда болгонго чейинки борборлорду жана алгачкы шаар борборлорун бир-бири менен байланыштырган көп кырдуу коммуникациялык тармактарды жаратышкан» (201, 26-б). Байыркы кербен жолдору Евразиядагы көчмөн элдердин жана адамдар отурукташып жашаган алгачкы аймактардын маданияттарын өз ара мамиле кылуу деңгээлине көтөргөн. Кербен жолдору соода жана тажрыйба алмашуу үчүн шарт түзгөн. Бул жолдор канчалык кеңейген сайын ошончолук көбүрөөк тармактарга бөлүнүүдө, ал эми элдер жана коомчулуктар бири-бирин жакыныраак таанышып, соодалык-маданий байланыштарга көбүрөөк ишеним көрсөтүшүүдө. үп, лып, элдер, коомчулуктар бири-бирин жакыныраак таанып, соодалык-маданий байланыштарга дагы көбүрөөк ишенишүүдө. Евразия континентинин ар тарабына кеткен бул жолдор кээде кокустук мүнөзгө да ээ болгон. Бирок кандай болгон учурда да бул жолдор чоң кадыр-баркка ээ болгон жана элдер аларга ишеним артышкан. Анткени алар дайыма пайдаланылып турган жана географиялык-маданий мейкиндиктерди байланыштырган. Ошентип бул жолдордон «жүлүн» түзүлгөн, башкача айтканда, бул жолдор негизги, магистралдык линияларды түзгөн. Чынында, Улуу Жибек жолу дал ушундай тарыхый зарылчылыктан келип чыккан. Бул жол кылымдар өткөн сайын кеңейип, жаңы чек аралардан өтүп олтуруп, акыры, Евразиянын тарыхы жана геосаясаты жагынан алып караганда, эң маанилүү жол деген макамга ээ болгон.

Улуу Жибек жолунун бир бөлүгү болуп саналган «Түндүк Жибек жолу» болжол менен 138-126-жылдарда соода максаттары үчүн курулган. Ошол мезгилде кытай императору У-ди Борбор Азияда үстөмдүк кылуучу этно-саясий күч болуп саналган юэчжилерди же гунн-түрктөрдү өз максатында пайдалануу үчүн алар менен коалиция түзүүнү чечкен. Ушул максатты ишке ашыруу үчүн ал батыш аймагында көчмөн болуп жашаган юэчжилерге өзүнүн белгилүү дипломаты Чжан Цанды жөнөткөн. Кытайдын элчиси юэчжилер жашаган аймакта кытайлардын жылкыларынан да сонун жана бой-

луу жылкылардын үйүрлөрүн көрүп, абдан таң калган. Кытайга кайтып барган соң ал императорго өзүнүн көргөндөрүнүн баарын айтып, императорго юэчжилерге жибек жөнөтүүнү жана анын ордуна ал жактан кооз жылкыларды, ширин мөмө-жемиштерди, шараптарды жана башка нерселерди алып келүүнү сунуштаган. Юэчжилер жибек тууралуу анча билишкен эмес, ошондуктан аларда бул материалга карата кызыгуу болгон. Ошентип беш жылдан кийин, б.з.ч. 121 – жылы, Кытайдын күмүш менен жасалгаланган күзгүлөрү жана жибек жүктөлгөн кербендери жолго чыгып, оор жолдор аркылуу өтүп олтуруп Фергана өрөөнүнө жеткен. Бул өлкөлөрдүн ортосунда тынчтык келишими түзүлгөндөн кийин мурдагы Түштүк Жибек жолуна параллель кеткен маршрут боюнча алгачкы соода иштери башталган. Кийинки кылымдарда Улуу Жибек жолунун альтернативдүү багыттары, тактап айтканда деңиз Жибек жолу (Индия океаны аркылуу) түзүлгөн. Бул багыттар Индия менен Рим империясынын ортосунда соода байланышын камсыз кылган.

Биздин замандын биринчи кылымынан баштап Жибек жолу аркылуу негизинен евразиялык цивилизациялардын ортосундагы системалык соода мамилелери жөнгө салынган. Алар өнүккөн инфраструктуралары бар цивилизациялардын ортосундагы өз ара мамилелердин көп полюстук формаларын түзүшкөн. Евразия талааларынын көчмөндөрү негизинен жер айдоо жана мал багуу менен алек болушкандыктан чарба үчүн зарыл болгон буюмдарга муктаж болушкан. Ошондуктан алар сооданын жигердүү катышуучулары болуп калышкан. Алар ээлеген аймактар Евразиянын ыңгайлуу жерлеринде жайгашкандыктан алар Кытайдан баштап Борбордук Европага чейинки бардык цивилизациялар менен байланыш түзүшкөн (169, 142-б). Жибек жолунун түндүк жана түштүк маршруттары (кургактык жана деңиз жолдору боюнча) төмөнкү багыттарда иштеген: Борбордук Азия – Жер ортолук деңизинин бассейни, Кытай – Чыгыш Түркстан – Жерортолук деңиз. Евразия континентиндеги саясий жагдай дайыма жана баштан-аяк өзгөрүп турган. Мына ошондуктан соода жолдору да дайыма тармакталып, кеңейип же өзгөрүп турган. Байыркы дүйнөдө буюм алмаштыруу жана соода маданиятын өнүктүрүү үчүн элдер дайыма альтернативдик жолдорду издешкен. Улуу Жибек жолу анча-мынча өзгөрүүлөр болгон кезде деле өз ишин жана жашоосун уланта берген. Евразияда жашаган элдер бул жолдун токтоп калышына жол бербөө үчүн ар кандай экономикалык жана саясий амалдарды пайдаланышкан.

Эгер Улуу Жибек жолун тарыхый жактан алып карай турган болсок, бул жолдун негизги багыттары аркылуу жалпы адамзат цивилизациясынын өнүгүүсүнө таасир тийгизген материалдык жана руханий баалуулуктар (жибек, кымбат баалуу таштар, даамдуу та-

тымалдар, тери, жүн жана башка текстиль чийки заттары, кагаз, фарфор, айнек, чай, шарап, күрүч, өсүмдүк жана мөмө-жемиш дандары, кийим-кече, кездемелер, жасалгалар, косметика, курал-жарак, китептер, кол жазмалар, диний буюмдар, орнаменттер, адамдын күнүмдүк жашоосуна керектүү шаймандар, буюмдар жана жабдуулар, тайгандар жана шумкарлар, попугайлар, леопарддар, арстандар жана жадагалса тирүү адамдар, тактап айтканда кулдар) ташылган. Кербендерге ар бир тарыхый мезгилде ошол мезгилге ылайыктуу «жүктөр» «жүктөлгөн». Кербендер, төө айдоочулар, төөлөрдүн моюндарына илинген коңгуроолор, кийимдер, кербен-сарайлар, соода жүргүзүлгөн шаарлар, сатылган жана сатып алынган товарлар, пайдаланылган акчалар, баарлашуу үчүн колдонулган тилдер, соода жолдорун көзөмөлдөгөн мамлекеттик кызматчылар, кан сарайлар, империялар – бул нерселердин баары алмашып жана өзгөрүп турган. Бирок буюм алмаштыруу жана соода маданиятына байланышкан төмөнкү «алтын эреже» өзгөрүүсүз калган: адамдар бардык тарыхый мезгилдерде өз ара мамилелерин жогорураак деңгээлге көтөрүп, бири-бирин жакшыраак таанууга, эң жакшы материалдык жана руханий баалуулуктарды бири-бири менен бөлүшүүгө, ошондой эле өндүрүш жана керектөө маданиятында оптималдуу технологияларга жетүүгө аракет кылышкан. Мунун баары жалпы адамзаттык баалуулуктардын калыптанышына түрткү берген. Ошентип заманбап глобалдык дүйнөлүк цивилизациянын жетишкендиктеринин негизинде **Улуу Жибек жолунун маданияты** да турат.

Эгер мунун баарын тарыхтын алкагында карай турган болсок, түрк дүйнөсү менен Улуу Жибек жолунун ортосундагы байланыш тарыхтын бардык мезгилдеринде төмөнкү үч деңгээлде өткөн:

Улуу Жибек жолу түрк мамлекеттери аркылуу өткөндүктөн, түрк этногеографиясынын топонимиялык издери ушул жолдун координаттарына сиңип калган. Түрк тектүү топонимдер – географиялык пункттардын аталыштары – Улуу Жибек жолунун траекториясынын сүрөтүн тарткан маяктар сыяктуу көрүнүп турат. Алар: Алтай, Турфан, Үч турфан, Тарим, Текле-Мекан, Яркенд, Кара шаар (Енки), Күча, Аксу, Кызыл-су, Кашгар, Түркстан... (241, 39-41-б).

Түрк элдери мамлекеттер аралык мамилелер тарыхында узак убакыт бою негизги шериктештер, катышуучулар, уюштуруучулар жана ортомчулар болуп келишкен (түрк тилиндеги «ортак» же «орток» деген сөз ошол мезгилдеги бардык мамлекеттерде «ортоктош» же «арачы» деген маанини билдирген).

Түрк мамлекеттери жана түрк империялары Улуу Жибек жолунун тарыхый функционалдуулугун евразия аралык коммуникациялардын системасы катары ишке ашырышкан жана бул улуу жолду ал эки миң жыл бою өтө маанилүү болуп турган мезгилде белгилүү бир

аймактык чек араларда көзөмөлдөп турушкан. Жибек Жолу саясаты түрк цивилизациясынын *негизги баалуулуктарынын катарынан* орун алган. Улуу Жибек жолу түрк элдеринин көз караштары универсалдуу болушуна жол ачкан, ал эми түрк элдеринин согуштук-саясий жөндөмдөрү Улуу Жибек жолунун өнүгүүсүнө түрткү берген.

«Борбордук Азия дүйнөлүк тарыхта» деп аталган монографиянын автору, профессор Петер Голден китептин Жибек жолунун тарыхына арналган бөлүгүндө Жибек жолунун Жапониядан Бельгияга чейин созулган аралыгында пайдаланылган кытай, тибет, тохар, индия, грек, араб жана перс тилдеринин катарында түрк тили да көп колдонулуучу тил болуп саналган деп көргөзгөн.

Улуу Жибек жолунун тарыхына арналган негиздүү изилдөөлөрдө, ошону менен бирге профессор Хинру Льюинин (Кытай, АКШ) «Жибек жолу дүйнөлүк тарыхта» деп аталган эмгегинде жана профессор Кристофер Бекуизинин (АКШ) «Жибек жолу империясы. Борбордук Азиянын Коло кылымдан баштап заманбап мезгилге чейинки тарыхы» (281; 208) деп аталган эмгегинде түрк мамлекеттеринин жана империяларынын Улуу Жибек жолуна кошкон салымы кеңири изилденген.

Түрк этносторунун тээ «гунндардын мезгилинде» эле Алтайдан баштап Европага чейин жайылышы Улуу Жибек жолунун келечегин ачкан тарыхый процесстердин башталышы болуп калган (208, 93-111-б). Азиаттар жана европалыктар биринчи жолу бир-биринин согуштук мүмкүнчүлүктөрү менен гана эмес, маданияттары, салттары жана күнүмдүк турмушта колдонгон буюмдары менен да таанышышкан. Гунн-түрк империясы тарабынан көзөмөлдөнгөн аймактардагы алгачкы кербен жолдорунун коопсуздугун камсыздоого аракет кылган Кытайдын Хан империясы гунн-түрктөр менен эсептешүүгө мажбур болгон. Гунн-түрк императору Моде Кагандын мезгилинде (б.з.ч. 208-175-жылдар) Улуу Кытайдан Байкалга чейин аймактар, ал эми Чичи Кагандын мезгилинде (б.з.ч. 55-34-жылдар) Волга жана Приуралье аймактарынан бери гунн-түрктөрдүн колдоосу астында болгон. Евразияда гунн-түрктөрдөн кийин экинчи чоң согуштук-саясий күч пайда болгон. Көк түрктөр үстөмдүк кылган мезгилде Улуу Жибек жолунун чек аралары Кара деңизден баштап Жер ортолук деңизге чейин кеңейген. Маниях деген согдиялык негизги соодагер кытай товарларын Борбор Азияда жана Түркстанда белгилүү кылган. Дал ушул соодагердин сунушунун негизинде көк түрк империясынын элчиси Сизабу 571 – жылы саясат, дипломатия жана соода чөйрөсүндө сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү максатында Византияга жөнөгөн (281, 82-б). Ал эми Византиянын элчиси Земарх түрк элдери менен саясий жана соода байланыштарын жөнгө салуу миссиясын аткаруу максатында ошол эле жол аркылуу түрк элдери-

не жөнөгөн. *Ошентип түрк элдери Улуу Жибек жолундагы дипломатияны негиздешкен.* Ошол мезгилден баштап Улуу Жибек жолунун Алтын кылымы башталган. Кытайдын жибеги жана башка товарлары Византияга жана ал жактан башка европалык мамлекеттерге түрк элдеринин согуштук-саясий кепилдиги менен ташылган.

Ал мезгилде мамлекеттер бири-бирине өздөрүнүн согуштук мүмкүнчүлүктөрүн көргөзүп турушкан. Бирок ошол эле учурда көчмөн жана отурукташкан цивилизациялардын ортосунда төмөнкүдөй тынчтык процесстери жүрүп турган: «түрк элдери бул принципти толук ишке ашырышкан» (169, 144-б). Бешинчи – сегизинчи кылымдарда көк түрктөр империясы Алыскы Чыгыш менен Жер ортолук деңиз аймактарын байланыштырган соода жолдорун толук көзөмөлгө алышкан. Ошол мезгилдин алдыңкы мамлекеттери – Византия, Кытай жана Сасанид империялары Улуу Жибек жолунун саясатын Көк түрк империясы менен макулдашып жүргүзүүгө мажбур болушкан. Евразиядагы түрк (же көк түрк) империясы тарабынан калыптандырылган геосаясий абал кытай товарларынын Согдиялык соодагерлер аркылуу Европага жеткирилишине мүмкүндүк берген. Кийинчерээк бул империя Чыгыш жана Батыш көк түрк каганаттарына бөлүнгөнү менен түрк элдери (түштүк багытта - огуздар, түндүк багытта – булгарлар, хазарлар жана уйгурлар) ошол мезгилдеги алдыңкы цивилизация борлорлорунун ортосундагы соодалык-маданий байланыштарда негизги ортомчулар болушкан.

Биздин замандын болжол менен 600-1000-жылдарынын аралыгында Улуу Жибек жолу чыгышта Жапониядан баштап батышта Британияга чейин негизги транспорттук түзүм катары калыптанган. Ушул Улуу жолдо жайгашкан ар түрдүү мамлекеттердин шаарларындагы «соода жол деполору» өзүнчө бир регламенттин негизинде иштеген (281, 70-71-б). Улуу Жибек жолу камтыган чөйрөгө кирген өлкөлөр, аймактар жана шаарлар тездик менен өнүгүп турган. «Евразиядагы жибек соода базарынын өзгөрүүсү» (281, 87-б) кенирээк жана ар тараптуу экономикалык мамилелердин өнүгүүсүнө себеп болгон. Орто кылымдардагы шаарларда ошол мезгилдеги эл аралык сооданын талаптарына ылайык атайын өндүрүштүк жана чарбалык жерлер түзүлгөн. Өлкөлөрдүн согуштук кубаттуулугу менен бирге экономикалык мүмкүнчүлүктөрү, калкынын жашоо деңгээли, салык төлөө мүмкүнчүлүктөрү жана финансылык негиздери эл аралык саясатта олуттуу факторлорго айлана баштаган. Мамлекеттердин, шаарлардын жана соода борборлорунун ортосунда атаандаштык күчөй баштаган. Күчтүүрөөк мамлекеттер Улуу Жибек жолу үчүн «чоң күрөш» башташкан.

Түрк супер этносу Ислам цивилизациясынын алдыңкы катарына чыккан мезгилде Жибек Жолу үчүн күрөш андан бетер күчөгөн.

Жибек Жолунун араб дүйнөсү аркылуу өткөн бөлүктөрү бара-бара түрк элдеринин көзөмөлүнө өтө баштаган. Ошол аймакта түзүлгөн Түрк-сельжук мамлекеттери араб халифатынын көп кылымдык музун сындырып, Улуу Жибек жолу менен байланышкан соодага жана экономикага жаңы нерселерди киргизген. Түрк элдери арабдардын үстөмдүк кылуусуна чекит коюп, бир нече бөлүктөргө бөлүнгөн ислам дүйнөсүнүн кайрадан биригүүсүнө шарт түзүшкөн. Түрк элдери кенен соода жана маданий мүмкүнчүлүктөргө ээ болгон шаарларды түзүү менен бирге ошол шаарлардан товарларды алып, дүйнөнүн бардык бурчуна ташыган кесипкөй соодагерлердин пайда болушуна да түрткү беришкен. «Улуу Жибек жолунун чыгыш багытындагы бөлүктөрүн көзөмөлгө алган түрк-сельжуктар соодагерлерге атайын кепилдиктерди беришкен жана андан тышкары коопсуздукту камсыздоо боюнча кызматтарды көргөзүшкөн» (281, 106-б).

Евразиянын ондогон мамлекеттерин жана жүздөгөн элдерин өзүнө камтыган түрк-монгол империясы (он үчүнчү-он бешинчи кылымдар) континенттеги өзүнүн бардык атаандаштарынын саясий үстөмдүгүн тез убакыттын ичинде токтотуп, «ортаг» деп аталган эл аралык соода жана салык системасын пайдаланып, административдик адилеттүүлүккө кепилдик берген (208, 201-203-б; 281, 116-117-б). Мунун баары - азыркы мезгилдеги Бүткүл дүйнөлүк Соода Уюмунун функцияларынын жана эл аралык соода укугунун примитивдүү формасы болгон деп айтууга болот. Улуу Жибек жолуна байланышкан мурдагы саясат кандайдыр бир деңгээлде «адам укуктарын коргоону» да элестетет. Анткени ал саясатка ылайык башка мамлекеттердин жарандары соода жолунда эркин иштей алууга укуктуу болушкан. Негизи, өзгөчө укуктар көбүнчө дипломаттарга жана саякатчыларга берилет. Ошондуктан Марко Поло (1254-1324) жана башка ушул сыяктуу саякатчылар Азия мамлекеттерине саякат кылууга, ал жактагы жергиликтүү тургундардын жашоосун жана маданиятын, ошондой эле ал мамлекеттердин башка элдерге карата мамилелерин изилдөөгө кеңири мүмкүнчүлүк алышкан. Азия аймагындагы түрк-монгол империясынын көптөгөн шаарларын кыдырган Марко Поло ал жактагы маданият жана бай жашоо жөнүндө суктанып айткан (280; 285). Анын «Марко Полонун саякаты» деп аталган китеби ошол кезде эле белгилүү болуп, азыркы күнгө чейин Чыгыштын реалиялары жөнүндө жазылган классикалык бестселлер болуп саналат.

1453 – жылы, Константинополь шаарын жана Византия империясын түрктөр жеңип алгандан кийин Чыгыш менен Батыштын ортосундагы саясий жана экономикалык мамилелердин жаңы мезгили башталган. Дал ушул мезгил ичинде түрк-ислам фактору үстөмдүк кыла баштаган. Үч килейген түрк империялары болгон

Осмон империясы, Сефевиддер империясы жана Моголдор империясы Улуу Жибек жолунун кайра жаралышына түрткү берген. Түрк элдери Евразиянын кургак аймактарындагы соода иш-аракеттерин гана эмес, деңиз аймактарындагы (Индия океанынан баштап Жер ортолук деңизге чейин) сооданы да өз колдоруна алышкан (208, 204-222-б). Осмон, Севефид жана Могол империяларын камтыган «үч бурчтуу геосаясаттын» ичинде өз ара карама-каршылыктар болгонуна карабастан европалык империализм дүйнөнү каптаган мезгилде, тактап айтканда, он тогузунчу кылымга чейин, Улуу Жибек жолунун модернизациясынын негизги катышуучусу болгон. Он алтынчы – он сегизинчи кылымдарда классикалык чыгыш шаарлары мыкты соода маданиятына жана ошол маданиятка негизделген маданий-экономикалык байланыштардын уникалдуу деңгээлине кошула баштаган. Стамбул, Тебриз жана Дели шаарлары сооданын борборуна айланган, анткени бул шаарларга соодагерлер дүйнөнүн бардык бурчтарынан ар түрдүү товарларды ташып турушкан. Кытайды, Борбор Азияны, Кавказды жана Жер ортолук деңизин байланыштырган тарыхый жол ошол эле учурда Азербайжан аркылуу да өтүп, биздин Тебриз, Ардебиль, Баку, Гянжи жана Шеки сыяктуу шаарларыбыздын тез өнүгүүсүнө түрткү берген. Бул шаарлар классикалык чыгыш архитектурасы боюнча салынган көптөгөн кербен-сарайлар менен коолдолуп, эл аралык соода шаарларына таандык сапаттарга ээ боло баштаган. Улуу Жибек жолу Чыгыш менен Батыштын ортосунда байланыш түзүп, аларга бири-бири менен тажрыйба бөлүшүүгө мүмкүндүк берген. Мындай байланыштар жана мамилелер бүткүл дүйнө үчүн пайдалуу болгон.

Континенттер аралык транспорттук система катары пайдаланылган Улуу Жибек жолун Европалык империализм он тогузунчу кылымдын аягында жана жыйырманчы кылымдын башында бузуп, өз кызыкчылыгы үчүн гана кызмат кылган жаңы эл аралык тармак түзгөн. Батыш дүйнөсү ошол мезгилден баштап эле Чыгышты «колониалдык аймактар» катары карап келген жана чыгыш аймактарынын байлыктарын алып чыгып кетүү үчүн бардык жолдорду пайдаланган. «Метрополия-периферия» деп аталган режим Биринчи жана Экинчи дүйнөлүк согуштардын аралыгындагы мезгилде дүйнөлүк соода чөйрөсүндө дисбаланс жараткан. Жыйырманчы кылымдын ортосунда эл аралык соода укугунун нормативдеринин алкагындагы эл аралык соода мамилелери жакшырып, соода ишмердүүлүгү бир системага келтирилген. Советтер Союзу кулап, Евразияда көз карандысыз түрк мамлекеттери пайда болгондон кийин Улуу Жибек жолу идеясы кайрадан жандана баштаган.

Миң жылдык цивилизацияларды көргөн Улуу Жибек жолу, чынында, адамзаттын өнүгүүсүндө өтө чоң роль ойногон. Бул жол соо-

данын өнүгүүсүн гана эмес, инновациялардын, технологиялардын, ошондой эле дин, илим жана көркөм өнөр чөйрөсүндөгү жетишкендиктердин жайылышын камсыз кылган. Улуу Жибек жолу дүйнөдөгү эң узун трансцивилизациялык линия болгон. Ал Чыгыштан Батышка карай багытталган сооданын жана Батыштан Чыгышка карай багытталган сооданын жүрүшүнө жардам берген. Бул жол Чыгыш коомуна соода аркылуу Европанын көптөгөн жаңылыктарын жайылткан: «Маданияттар аралык бекем мамилелер перс, кытай, согдиялык жана түрк маданияттарынын синкретизм салттарын камтыган оригиналдуу көркөм өнөр чыгармаларынын жаралышына түрткү берген» (169, 148-б). Улуу Жибек жолунда туруктуу маданий-тарыхый процесстер болуп өткөн жана тарыхта дүйнө элдеринин жана дүйнө мамлекеттеринин ортосундагы экономикалык жана маданий интеграция дал ушул жол аркылуу ишке ашкан. Улуу Жибек жолунун маңызы жана өзгөчө түзүлүшү Чыгышты Батыш менен, ал эми Батышты Чыгыш менен тааныштырган.

Ошондуктан экинчи жана үчүнчү миң жылдык кошулган мезгилде Улуу Жибек жолу идеясы заманбап транспорттук технологиялардын негизинде *глобализация процесстеринин зарыл актысы* катары жаңыдан жаралууга мүмкүнчүлүк алган. Азыркы учурда «Жаңы Жибек жолу» калыбына келтирилип, TRASEKA (Европа-Кавказ-Азия транспорттук коридору) долбоорунун алкагында ишке ашырылууда.

Улуу Жибек жолу Азербайжандын тарыхында чоң мааниге ээ болгондугу жана азыркы мезгилде да чоң мааниге ээ экендиги эске алынып, жогоруда айтылган уюмдун Программалык Катчылыгын биздин өлкөдө жайгаштыруу чечими кабыл алынган. TRASEKA уюмунун Азербайжан боюнча Өкмөттөр аралык Комиссиясынын улуттук катчысы Акиф Мустафаевдин түшүндүрмөсүндө 1993 – жылы, Брюссель шаарында өткөн Эл аралык конференцияда TRASEKA долбоору Европалык Комиссия тарабынан Кара деңиз, Кавказ жана Борбор Азия аймактарынын транспорттук системаларын өнүктүрүү боюнча мамлекеттер аралык программа катары түзүлгөндүгү жана анын негизги максаты көз карандысыздыкка ээ болгон постсоветтик өлкөлөргө саясий жана экономикалык жактан жардам көргөзүү болгондугу айтылат. Аталган программага алгачкы мамлекеттерден Азербайжан, Грузия, Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан, Кыргызстан, Армения жана Түркмөнстан катышкан. Кийинки жылдарда бул программага Украина, Молдова, Болгария, Румыния жана Түркияга да катышкан. Бул программа Европалык Комиссиянын техникалык колдоосу менен ишке ашырылган. Бул программага мүчө болгон мамлекеттерде көп функционалдуу жана натыйжалуу эл аралык транспорттук системалар пайда болуп, аймакка инвести-

циялар тартыла баштаган (66, 26-б). Аталган долбоорду жогоруда айтылган уюмга мүчө болуп кирген өлкөлөр каржылайт.

Г. Алиевдин демилгеси боюнча жана Европа Бирлигинин жардамы менен 1998-жылдын сентябрь айында Бакуда «TRASEKA – тарыхый Жибек жолун калыбына келтирүү» деп аталган Эл аралык Конференция өткөрүлгөн. Бул иш-чараны өткөрүү демилгесин Азербайжан Республикасынын Президенти, жалпы улуттун лидери Гейдар Алиев көтөргөн, ал эми Европа Бирлиги бул иш-чаранын өткөрүлүшүнө жардам берген. Конференцияга 12-мамлекет башчылары, 32-өлкөнүн делегациялары, ошондой эле Европа Бирлигинин комиссиясынын жана 13 – эл аралык уюмдун толук ыйгарымдуу өкүлдөрү катышкан. Азербайжан, Болгария, Грузия, Армения, Өзбекстан, Казакстан, Кыргызстан, Молдова, Румыния, Тажикстан, Түркия жана Украина мамлекеттеринин жана өкмөттөрүнүн башчылары Европа-Кавказ-Азия транспорттук коридорун өнүктүрүүгө арналган «Эл аралык транспорт боюнча негизги жана көп тараптуу келишимге» кол коюшкан. Бул келишим аталган конференциянын негизги натыйжасы болгон. Евразияны бириктирген эл аралык транспорттук долбоордун чоң бөлүгү бүгүнкү күндө аягына чыгып калды. Ошондой эле мамлекеттик жана эл аралык трассалар орнотулуп, андан кийинкиге пландаштырылган иш-аракеттер аткарыла баштады.

Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиев TRASEKA уюмунун Өкмөттөр аралык Комиссиясы тарабынан жыл сайын өткөрүлүп турууучу төртүнчү конференциянын катышуучуларына минтип кайрылган: «Азербайжан республикасы көз карандысыздыкка ээ болгон алгачкы күндөн баштап эле кенен эл аралык экономикалык байланыштарды жөнгө салуу максатын көздөп, коммуникациялык коридорлорду куруу маселесин приоритеттик маселе катары аныктаган. Ушул жактан алып караганда, Европа Бирлиги тарабынан ишке ашырылып жаткан TRASEKA программасы өтө чоң мааниге ээ. Улуу Жибек жолунун тарыхый салттарын калыбына келтирүүгө багытталган бул программа ага мүчө болгон бардык өлкөлөрдүн экономикалык өнүгүүсүнө кызмат кылып, алардын толук интеграциясын аймактык жана аймактар аралык деңгээлде камсыздайт. ***Улуу Жибек жолу байыркы мезгилде курулса да, келечекке алып баруучу жол болуп саналат*** (биздин жантык тамга – Ж. Фейзиев). Биздин бул жолдогу шериктештигибиз элдерибизди оокаттуулукка жана өнүгүүгө алып барарына үмүт кылам» (11, 4-б).

Улуу Жибек жолу заманбап эл аралык жашоодо жаңыча мааниге ээ боло баштады. Бул нерсе – дүйнөнүн өнүгүүсүнүн тарыхый мыйзам ченемдүүлүгү болуп саналат. Чоң Саясатка кайтып келе баштаган түрк дүйнөсү заманбап Евразиянын саясий, экономикалык жана маданий жашоодогу ордун кайрадан бекемдеп жатат. Ошентип Улуу Жибек жолу эзелтен бери даңазалуу жол.

# 8. ТҮРК ЦИВИЛИЗАЦИЯСЫНЫН ФУНКЦИОНАЛДЫК САПАТТАРЫ: ТҮРК ДҮЙНӨСҮ КӨП МАДАНИЯТТАР АРЕНАСЫНДА

Миң жылдар бою Борбор Азиядагы негизги цивилизация болуп келген түрк цивилизациясы Алыскы Чыгышта Кытай жана Жапон цивилизациялары, түштүк-чыгышта Индия цивилизациясы, жакынкы Чыгышта Ислам цивилизациясы (негизинен перс жана араб цивилизациялары), ал эми батышта Европа жана славян цивилизациялары менен туруктуу мамиледе болгон. Бирок ушул цивилизациялардын бири да түрк элдериндей көп маданияттуулукту камтыган мейкиндик жарата алышкан эмес.

Түрк элдери Алтайда, анын айланасындагы аймактарда, кийинчерээк Азия менен Европанын кесилишкен жерлеринде мамлекеттерди жана империяларды курушуп, өздөрүнүн мамлекеттүүлүккө байланышкан бузулгус салттарын улантып жана жакшыртып келишкен. Алардын дүйнөлүк тарыхтагы улуу орду жана улуу маданияты жалпы түрк цивилизациясынын этномаданий жана этносаясий мүмкүнчүлүктөрү чексиз экендигин билдирет. Түрк элдери дүйнөлүк маданиятка өздөрүнүн маданиятын ийгиликтүү түрдө киргизип, ошол эле учурда дүйнөлүк маданиятты да өздөрүнө ыңгайлаштырып, сиңирип алышкан. Тарыхта башка мындай супер этносту (этносторду жаратуучу супер этнос) табуу кыйын. «Түрк цивилизациясы» деп аталган баалуу чыгарманын автору, Метин Айдоган, түрк элдеринин ушундай мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн алдыңкы планга чыгарып, алар тууралуу минтип жазган: «Тарыхта бир да коом түрк элдери сыяктуу дүйнөгө өзүн ачып, ушунчалык кенен мейкиндикке жайылган эмес. Түрк элдери тарыхый мезгилдер өзгөргөн учурларда жана жалпысынан узак убакыт бою бир жерде туруп калбастан, алыскы аймактарга жайылып, жаңы отурукташкан жерлерине таасир тийгизишкен же ошол жерлерден таасир алышып, дайыма кыймыл-аракетте болушкан. Алар дүйнөлүк цивилизация менен жуурулушуп же башка цивилизацияларды өздөрүнүн цивилизациясына камтып, биригүүнүн прогрессивдүүрөөк түрлөрүн жаратышкан, ошондой эле тарыхый жана чечүүчү өзгөрүүлөрдүн пайда болушуна себеп болушкан. Алар адамзаттын өнүгүүсүнүн бардык мезгилдерине катышып, тарых менен ажырагыс нерседей болуп биригишкен. Алардын тарых менен ажырагыс нерседей болуп биригүүсү ушунча-

лык татаал жана терең болгондуктан, немец окумуштуусу жана философу Фриц Ноймарктын пикиринде, «эгер тарыхтан түрк элдерин алып коё турган болсок, «тарых» деген аталышта эч нерсе калбай калат» (98, 9-б).

Дал ушул түрк элдери Евразиядагы мамлекеттүүлүктүн туруктуу тарыхын жараткандыгын гуманитардык илимдер чөйрөсүндө жүргүзүлгөн тийиштүү изилдөөлөр да тастыктоодо. Түрк элдеринде Исламга чейинки тарыхый мезгилде эле мамлекеттүүлүктүн бай маданияты, руханий маданияты, айрыкча мыкты жазуу маданияты жана экономика чөйрөсүндө транзиттик технологиялары бар болгон. Евразиядагы бирдиктүү глобалдык мейкиндиктин түзүлүүсү түрк элдеринин дал ушундай жаратуучу табиятына байланыштуу болгон. Мына ошондуктан түрк цивилизациясы концептуалдык мамилени талап кылат жана алардын цивилизациясын исламга чейинки мезгил, ислам мезгили, заманбап мезгил жана интегралдык биримдик деп бөлүп кароо керек. Түрк дүйнөсү менен Исламдын биригүүсү чыгыш цивилизациясына жаңы энергетикалык баланс киргизип, мамлекет менен диндин, ошондой эле саясат менен адеп-ахлактуулуктун ортосундагы мамилелерде тең салмактуулукту жараткан. Мындай нерсе айрыкча түрктөрдүн суфизм деп аталган философиялык агымында көбүрөөк байкалган. Суфизм философиясы Чыгыштагы Ислам дүйнөсүнүн адеп-ахлактуулук чөйрөсүнө гана эмес, диний-ортодоксалдык көз караштарына жана социалдык-саясий жашоосуна да бир кыйла өзгөрүүлөрдү киргизген.

Түрк элдери үч чоң чыгыш тилдеринде, тактап айтканда, араб, фарси жана түрк тилдеринде маданият жаратышып, Чыгыштын бардык прогрессивдүү тенденцияларын бириктиришкен. Ушулардын баарын эске алганда, түрк элдери тарабынан өзүнүн согуштук-саясий жана маданий-руханий кубаттуулугу боюнча үстөмдүк кылган цивилизациянын жаратылышы – табигый эле көрүнүш болуп саналат. Түрк империялары үстөмдүк кылып турган мезгилдерде Батыш империализмине таандык болгон эксплуатация режими жана жеңилген этносту жок кылуу стратегиясы болгон эмес. Көк түрк, Могол, Атабек, Осмон жана Сефевид империяларынан бөлүнгөн элдердин баары өздөрүнүн тарыхый-маданий жашоосун кадимкидей улантып кете алышкан. Түрк империяларынын ичинде да негиздүү карама-каршылыктар бар болгон жана дал ошондой карама-каршылыктар кийин империяларды кризиске такаган.

Түрк элдеринин тарыхындагы этномаданий дифференциация процесстеринде анча-мынча кыйшаюулар жана жоготуулар болгону менен мындай процесстер өз тамырларынан алыстабаган бирок ошол эле учурда өзгөчө болгон түрк маданияттарынын жаралуусу менен аяктаган. Жалпы түрк элдеринин мурасы ушунчалык бай болгон-

дуктан азыркы мезгилдеги түрк элдеринин улуттук маданияттарынын баалуулуктары да ошол жалпы түрк маданиятына негизделет. Ушул мурастын аркасы менен пайда болгон жетишкендиктер бүгүнкү күндө бардык түрк элдеринин жалпы байлыгы болуп саналат.

Түрк элдеринин саясий жана маданий салттары башка дүйнө элдеринин ушундай салттарына караганда шайлоо принцибине кыйла жакыныраак болгон. Алардын чыгармачыл ой жүгүртүүсү дайыма мыйзам ченемдүү жана натыйжалуу модельдерде ыңгайлаша алган. Алардын өнүгүү модели «жалпы түрк маданияты – дүйнөлүк маданият» вектору боюнча калыптанган. Мындай модель тарыхтын жана заманбап дүйнөнүн сыноолорунан өткөн. Батыш маданияты (Европанын жана Түндүк Американын улуттук маданияттары – Батыш жалпы европалык маданияты – дүйнөлүк маданият) жана араб маданияты (араб улуттук маданияттары – жалпы араб маданияты – дүйнөлүк маданият) деле ушул мыйзам ченемдүүлүктүн жана жалпы вектордун негизинде курулган. Мындай моделде улуттук маданият жана улуттук мамлекеттүүлүк дүйнөнүн глобалдык өнүгүү процессине сөзсүз катышат.

Заманбап дүйнөдөгү түрк улуттук мамлекеттеринин биримдиги жөнүндө идея ушул мамлекеттерди жараткан түрк элдеринин мамлекеттүүлүккө байланышкан бай тажрыйбаларына жана салттарына, илгеркиден бери уланып келе жаткан этномаданий байланыштарына, ошондой эле тарыхый дифференциация учурунда сакталып, дайыма өнүгүп келген жалпы баалуулуктарга негизделет. Мындай катуу жана бекем негиз эң каардуу тарыхый мезгилдерде да начарлаган эмес, тескерисинче мүмкүн болушунча бекемделип келген жана азыркы учурда өзүнүн күчтүү жана энергетикалык кудуретин белгиленген бир багытка карай кайрадан жандандырууга даяр абалда турат.

Түрк дүйнөсү көп маданияттарды камтыган аренада эзелтен бери өзүнүн бүтүндүгүн, динамикалуулугун жана ар түрдүү маданияттар менен мамилелерди түзө алуу жөндөмдүүлүгүн сактап келген. Түрк элдеринин мындай сапаты алардын баюусуна жана кенен аймактарды ээлешине себеп болгон. Түрк элдери глобализация учурунда жана тарыхый-маданий процесстер татаалдашкан мезгилде өздөрүн жоготуп коюшпастан өздөрүнүн маданияттарын үлгү катары алдыңкы позицияларга алып чыгышкан.

Дүйнө маданияттарынын ортосундагы өз ара мамилелер өнүгүп жаткан мезгилде *түрк цивилизациясы төмөнкү функционалдык сапаттарга ээ болгон*:

Маданий ой жүгүртүүдө табиятка таянуу сапаты: табият жана бүтүн жер – түрк элдери үчүн мекен болуп саналат.

Түрк тилдери өнүгүү учурунда өздөрүнүн лингвистикалык «негизин же фундаментин» жана эволюция мыйзамдарын сактап кал-

ган. Түрк тилдерине башка тилдерден да көптөгөн сөздөр сиңип калганына карабастан жалпы түрк тилинин түзүмдүк өзгөчөлүгү бузулган эмес, тескерисинче *бул тилдин сапатынын көрсөткүчүнө* айланууда.

Түрк цивилизациясынын калыптануу процессиндеги мифологиялык көз караш түрк цивилизациясынын «поэтикалык архитектурасын» жаратат. Түрк маданиятынын жана эпосторунун архетиптери көркөм өнөрдүк жана эстетикалык өнүгүүнүн кийинки этаптарында жаңы формаларда байкалат.

Эл өзү жараткан цивилизациянын бардык өнүгүү мезгилдеринде мамлекеттин ажырагыс бир бөлүгү катары көргөзөт. Түрк элдеринин тарыхында улус деген сөз мамлекет деген маанини билдирип келген жана түрк элдеринин саясий-маданий жактан өзүн өзү уюштуруусунун синергетикалык мыйзам ченемдүүлүгү катары каралып келген.

Түрк элдери модернизацияны өздөрүнүн тамырынан бөлүп карашпайт. Түрк цивилизациясы эзелден бери келе жаткан салт менен жаңы пайда болгон нерселерди, тактап айтканда новаторлукту бириктирип келген жана мындай бириккендик же синтез – түрк цивилизациясынын турмуштук принциби болуп саналат.

Түрк цивилизациясы дайыма өз ичинде жана башка цивилизациялар менен мамиле кылууда гармонияны жараткан нерсеге умтулат. Башка маданияттарга өз маданиятын жайылтууда жана башка маданияттарды өздөштүрүүдө тең салмактуулукту сактоо принциби – түрк цивилизациясынын ички балансын же тең салмактуулугун сактаган.

Түрк элдери Евразиянын кенен аймактарында мамлекеттерди жана империяларды жаратып, ошол империялардын ичинде өзүнчө улуттук маданияттарды калыптандырышса да, маданий-саясий дифференциация түрк цивилизациясынын өзөгүн буза алган эмес. Түрк цивилизациясы тарыхтын бардык мезгилдеринде түрк элдеринин улуттук маданияттарын кайта бириктирүүчү база болуп келген. Бул жагынан алып караганда, түрк дүйнөсүнүн биримдиги түрк цивилизациясынын биримдигин жана ажырагыстыгын билдирет.

Тарыхка жана цивилизациялар теориясына карата жаңы методология колдонгон белгилүү изилдөөчү Роджер Осборн дүйнөлүк цивилизацияларга карата бир гана Батыш цивилизациясынын критерийлерин бир тараптуу түрдө пайдалана берүү туура эмес экендигин жана Батыш цивилизациясы гана прогрессивдүү өнүгүүнү жана бүтүндүктү шарттайт деген ой туура эмес экендигин айткан. Дүйнөлүк цивилизациялардын жалпыланган өзгөчөлүктөрүнө карабастан алардын айырмалоочу сапаттары же «полифониясы» - жагымдуураак. Грек, эллин жана рим цивилизациялары башка элдер-

ди жана маданияттарды варварлар же жапайылар катары караган. Алардын башка маданияттарга карата мындай мамилеси Батыш цивилизациясынын башка цивилизацияларга карата дискриминациялык мамилесинин башталышы болуп калган (175, 144-172-б). Батыштын империалистик саясаты дал ушундай шылтоонун негизинде өзүнүн цивилизациясын башка цивилизациялардан артык көргөн. Илим чөйрөсүндө дал ушундай мамилелерге негизделген критерийлер пайдаланылып, маданияттар жана цивилизациялар ошол критерийлердин негизинде «примитивдүү» жана «классикалык» категорияларга бөлүнгөн. Ар бир маданият эволюциянын байыркы абалдан баштап мыкты абалга жана классикага чейинки өзүнчө бир жолун басып өткөндүгү эске алынбай калган. Нотр-Дам деп аталган француз университетинин тарых боюнча профессору Фелипе Фернандес Арместо жогоруда айтылган процесстерди бай материалдарга таянып изилдеген. Бирок ал өзүнүн изилдөөсүндө олуттуу ката кетирген: Ал Евразиянын цивилизациялар аралык мамилелердеги орду тууралуу өз пикирин билдирип жатып, монголдор жөнүндө гана айткан жана Чыңгызхан тарабынан курулган «үрөй учуруучу империя» цивилизациялар аралык мамилелерди курууга тоскоолдук кылган деп белгилеген. Андан да таң калычтуусу: Чыңгызхан сыяктуу улуу жеңип алуучунун мүнөздүү белгилерин калыбына келтирүү үчүн ал төмөнкүдөй армян булактарын пайдаланган: «Монгол армиясы барган жерге ал армия жөнүндө коркунучтуу кабар биринчи барган». Армян булактары батыш өлкөлөрүнүн тургундарын «антихристтин» пайда болушу жөнүндө күн мурунтан эле эскертип койгон: «алардын өңдөрү коркунучтуу, аларда ырайымдуулук сезими жок, адам өлтүрүүгө тойго же майрамга баргандай умтулушат» (142, 160-б). Бул түшүндүрмөдө монголдордун коркунуч туудуруучу кейпи армян булактарынын негизинде жаратылган жана андан тышкары бул этностун Евразия тарыхындагы чыныгы орду бурмаланган. Евразиянын саясий-маданий жашоосунда моңголдор он үчүнчү жана он бешинчи кылымдарда гана түрк элдери менен шериктештик түзүү аркылуу алдыңкы орунга чыга башташкан. Ошол мезгилге чейин жана андан кийинки мезгилдерде, так-тап айтканда, дээрлик он тогузунчу кылымдарга чейин түрк элдери түрк цивилизациясынын, көп маданияттуулук аренасындагы түрк маданиятынын, ошондой эле Евразиядагы геосаясат менен геоцивилизациянын функционалдык сапаттарынын авторлору болушкан. Ф.Ф. Арместо Евразия цивилизациясынын тарыхында «монгол эпизодун» көргөзүп, бирок ошол эле учурда түрк элдеринин чыгармасын көрүүнү каалаган эмес. Биздин замандын биринчи миң жылдыгынын башында жана экинчи миң жылдыгынын аягында түрк элдеринин Евразия аймагынын чыгыш бөлүгүнөн батыш бөлү-

гүнө карай жүрүшүндө монголдор атайын согуштук бөлүк катары катышышкан (азыркы мезгилдеги армиядагы десанттар сыяктуу). Ошол мезгилдеги тарыхый фактыларды калыс изилдөөнүн натыйжасы Чынгызхандын жана анын тарыхый мураскери болгон Тамерландын мезгилдеринде түрк элдери менен монгол элинин согуштук шериктештигинде түрк элдери үстөмдүк кылгандыгын далилдеген (230,9-55-б). Түрк-монгол жоокерлери жүргөн жерлерде түрк элдеринин маданий-саясий системасы колдонулган. Түрк элдери айрыкча Каспий жана Кара деңиз аймактарынын айланасында, Кавказда, Персияда жана Анатолияда абдан чоң позицияларга көтөрүлүшкөн. Дал ушул аймактарда түрк тили жергиликтүү жана аймактык деңгээлде (ошонун ичинде монголдордун да арасында) пайдалангандыгы кокустук эмес (155, 385-б). Бул аймактарда монгол тилинин белгилери жок. Маданий системанын эволюциясы жагынан алып караганда, бул аймактарда монголдук компоненттин изи да табылган эмес. Кийинки тарыхый мезгилдерде Евразиянын Монголиядан башка бардык борбордук координаттары түрк суперэтносу, түрк тили жана түрк цивилизациясы үчүн мекен болгон. Ф.Ф. Арместонун божомолдоруна карабастан цивилизация тарыхында түрк элдеринин талаа-мекени өнүгүүнүн катализатору гана болбостон, «бешик» да болгон (142, 169-б).

Түрк цивилизациясы бешиктин же мекендин ыйыктыгын сактап калгандыгы үчүн табиятка жана фольклорго абдан жакын. Түрк пассионардуулугунун тамыры, Георги Гачевдин сөзү менен айтканда, өз табиятынын, өз «космопсихологиясынын» «суусун» ичет (148, 11-20-б). Түрк элдери кайсыл жерге барышса да, өздөрүнүн «табиятын» ала барышат. Балким, дал ушул себептен улам түрк элдерин эң экологиялык этнос деп айтууга болот. Пассионардуулук – түрк элдеринин табигый кубулушу болуп саналат (153, 155, 122-145-б). Түрк цивилизациясы Евразиянын бай табиятын, этникалык ар түрдүүлүгүн жана фольклордук архетиптерин кылымдар бою сактап, алардын биримдигин руханий энергияга, ошондой эле согуштук-саясий уюшулгандыкка айландыра алгандыктан, ал пассионардык цивилизация болуп саналат.

Археологиялык казуулардын натыйжасына таяна турган болсок, *прототүрк маданиятынын* издерин өзүнө камтыган «гунндардын көркөм өнөрү скифтердин көркөм өнөрүндөй эле байыркы өнөр болуп саналат» (241, 24-б). Гунндардын материалдык маданиятынын үлгүлөрүндө чагылдырылган баатырдык күүлөр кийинчерээк көркөм өнөрдүн ар түрдүү чөйрөлөрүндөгү чыгармалардын туруктуу сюжеттик линияларына айланган. Цивилизациянын «жалпы түрк элдеринин өткөн мезгилинен баштап жалпы түрк элдеринин келечегине» карай токтоосуз жылып олтурушу дал ушул мезгилден башталат.

Байыркы түрк эпосу болжол менен биздин заманга чейинки биринчи миң жылдыктын ортосунда калыптана баштаган. Бул эпос «эпико-мифологиялык ой жүгүртүүнүн натыйжасы» катары пайда болгон (29, 3-б, 230-б). Кийинчерээк түрк дүйнөсүнүн баатырдык жана улуу эпостору жаратыла баштаган. Алар «Огуз Каган», «Китаби Деде Горгуд», «Көр оглу» жана «Манас» сыяктуу эпостор. Мындай улуу эпостор түрк элдеринин маданиятына, тарыхына, тилине жана ой жүгүртүүсүнө сиңип калган. Мындай эпикалык эпостордо түрк элдеринин жеңип алуучулук мүнөздөрү чагылдырылган. Эгер түрк элдери Евразиянын бир бурчуна «жабышып», башка аймактарга жайылышпаганда, эч качан монументалдык эмгектерди жарата алышмак эмес. Түрк элдеринин тарыхый эстеликтеринде баяндалган этногеография, этнография, конкреттүү окуялар, сюжеттердин драматизми, баатырлардын эрдиги, мамлекеттик адеп-ахлактуулук, ошондой эле ар түрдүү элдер менен ар тараптуу мамилелер Евразиянын мейкиндиги сыяктуу ар түстүү жана масштабдуу. Түрк этномаданиятынын системасы өзүнүн түзүмдүк жана функционалдык сапаттары боюнча «бүтүндүктү көргөзүп турат жана бүтүн дүйнөлүк моделди алып жүрүүчү система» болуп саналат. Жалпы түрк элдеринин мифологиялык дүйнөсүнүн модели бирдиктүү же бүтүн нерсе болуп саналат. Анын айрым бөлүктөрүн тиги же бул түрк элинде жолуктурууга болот. Түрк элдеринин мифологиялык дүйнөсүнүн моделдери негизги жана жалпы түрк моделинин варианттары болушу мүмкүн. Түрк элдеринин мифологиялык дүйнө модели бүтүн бойдон сакталып келүүдө жана анын ар кайсыл түрк элдеринде сакталган бөлүктөрү да олуттуу өзгөрүүлөргө кабылган эмес. Ошондуктан ал жалпы түрк элдеринин негизги жана жалпы модели болуп саналат (27, 34-б).

Түрк элдеринин эпикалык жана маданий классикасы болуп саналган эпостор түрк супер этносу дифференциацияланып же жиктелип баштаганда улуттук мүнөзгө ээ боло баштаган (казак, кыргыз, өзбек, түркмөн, азербайжан жана түрк элдеринин эпостору). Бирок түрк элдеринин биримдиги жана түрк дүйнөсүнүн бүтүндүгү ушул эпостордун баарын бир китепке, тактап айтканда, ***Түрк китебине*** бириктирген. Мисалы, «Китаби Деде горгуд» эпосунун негизги идеясы - Тышкы жана Ички, тактап айтканда, чачынды жана жыйналып жашаган Огуздарды бириктирүү болуп саналат. Дал ушул идея ар түрдүү нуктар же багыттар менен акса да бардык жерде өзүн сактайт. Анча чоң эмес жанрлардын эволюциясы учурунда түрк маданияты ой жүгүртүүнүн жана тилдин өзгөчөлүгүн дайыма сактаган. Туюгдарды баяттар, озандарды ашугдар, гопузду саз алмаштырып турган. Чатырды кан сарай, ал эми эпосту поэма алмаштырган. Бирок түрк колорити анын түрү жана маңызы жаңыланып турганына карабастан

дайыма сакталып келген. Профессор Магеррам Гасынлы белгилегендей, «түрк улусу кылымдар бою кылычты өз колунун уландысы, ал эми сазды (музыкалык аспап) өз жүрөгүнүн уландысы» деп эсептеп келген. Эгер биз «гопуздун (комуз сыяктуу музыкалык аспап) ордуна саздын келишин» мисал катары карай турган болсок, гопуздун Алтай, Түркстан, Кавказ жана Анатолия аймактарында өнүгүүсү жана эволюциясы өзүнө канчалык көп байлыкты камтырын көрөбүз (57, 117-118-б). Гопуз музыкалык аспабы бардык түрк элдеринин музыкалык маданияттарында өзүнчө жана өзгөчө өнүккөн. Ар бир түрк элинин гопуз сыяктуу музыкалык аспабы өзгөчө болгону менен алардын ар биринде озан көркөм өнөрүнүн архетипи же негизи бар. Азербайжандын ашуг деп аталган көркөм өнөрү суфисттик символикага чейин өсүп, «гам-шаман комплексин» «архетиптик уяда» жандандырып турат (57, 7-б, 127). Азербайжан фольклорунда баяттар алдыңкы планга чыгып, ал эми ошол мезгилдин поэзиясы (он төртүнчү кылым) араб жана перс тилдерин унута элек кезде караман уруулары, осмондор жана түрк элдери бири-бири менен тынымсыз кагылышып турган. Кастыкты жоюп, өлкөдө мыйзамдуулукту бекемдеш үчүн Гази Бурханеддин эң байыркы жанрдагы туюгдарды жазган. Туюгдар түрк элдерин байыркы тамырларына кайрылууга чакырып, алардын биримдикке умтулуу сезимдерин кызыткан.

Түрк цивилизациясы менен ислам цивилизациясы кошулган мезгил - дүйнөлүк тарыхтын эң кызыктуу окуяларынын бири болгон. Түрк элдери ислам дини менен барабар кадам таштап, диний-цивилизациялык өзгөрүүлөргө кабылышкан жана ошол эле учурда өздөрү да ислам дүйнөсүнүн демографиялык, социалдык, саясий, экономикалык жана маданий жашоосун өзгөртүшүп, тез арада коомдун согушчан авангардына айланышып, ошол мейкиндиктеги бардык мамлекеттерди башкарууну өз колдоруна алышкан (100, 134-281-б; 241, 141-501-б). Ислам динине өткөн түрк элдери ислам цивилизациясын да түрк цивилизациясына айландыра алышкан. Биздин доордун биринчи миң жылдыгынын аягында жана экинчи миң жылдыгынын башында (950-1150-жылдар) «ислам дүйнөсү» жана «түрк дүйнөсү» бирдиктүү организмге айлануу процессинен өтүшкөн (171). Ошентип түрк элдеринин саясий эркинин натыйжасында исламдык Чыгыш аймагында түрк жана ислам цивилизацияларынын негизинде ушул цивилизациялардын биригүүсүнөн келип чыккан жаңы симбиоздук цивилизация калыптанган.

Түрк суперэтносу ислам цивилизациясынын алдыңкы суперэтносу жана бүткүл дүйнөнүн алдыңкы цивилизациясы болгон. Жакынкы жана ортоңку Чыгыш элдеринин тарыхында бурулуш учурду жараткан «трансформация доору» (171, 3-б) онунчу жана он экинчи кылымдардан баштап ислам жана түрк цивилизация-

ларынын бирге өнүгүүсүнө жол ачып, «мусулман ренессансы» деп аталган прогрессивдүү маданий толкунду жараткан. Пассионардуу ислам цивилизациясынын негизи катары калыптанган түрк цивилизациясы Көк түрктөрдүн доорунан кийинки экинчи жана чечүүчү толкунда түрк тилин Ислам Чыгышындагы эл аралык баарлашуу каражатына айландырган. Түрк тилинде чыгыш маданиятынын классикалык эстеликтери жаратылган.

Биз жогоруда белгилеп өткөндөй, түрк элдеринин ойчулдары Чыгыштын үч чоң тилинде – араб, перс жана түрк тилдеринде чыгармаларды жазышып, терең ой жүгүртүшкөн. Дал ошол түрк элдеринин ойчулдары дүйнөлүк маданияттын универсализацияланышына түрткү берип, *маданияттар аралык мамилелердин көп тилдүү негизин* түзүшкөн. Жалпы түрк элдерине таандык болгон поэзиянын, илимдин жана философиянын классиктери гуманизм философиясын, теологияны, жалпы адамзат баалуулуктары бардык адамзатка таандык экендиги тууралуу идеяны, коомдук мыйзамдардын жана саясий жетекчиликтин адилеттүүлүгүн, адеп-ахлактык жана физикалык сулуулукту, ошондой эле үй-бүлөлүк баалуулуктарды илимий логика жана көркөм чеберчилик менен түшүндүрүшүп, дүйнөлүк маданияттын өнүгүүсүндөгү кайра жаралуунун жаңы доорунун башталышына түрткү беришкен (56, 62-127-б; 133; 164). Түрк империяларында коомдук илимдердин, тарыхтын, медицинанын, табигый илимдердин, географиянын, математиканын, астрономиянын, биологиянын жана технологиялык илимдердин өнүгүүсүнө абдан катуу көңүл бурулган. Анткени бул илимдер түрк маданиятына, ислам маданиятына, ошондой эле дүйнө маданиятына жана тарыхына карата таптакыр жаңы көз карашты чагылдырган. Мындан тышкары, түрк империялары түрк элдеринин бүткүл дүйнөлүк идеологиясын жайылтуучу системалык идеологияны жаратышып, дүйнө классиктеринин чыгармаларын араб, фарси жана түрк тилдери сыяктуу империялык тилдерге которушкан (304). Түрк империяларынын шаарларында жана аймактарында полимаданий жана көп тилдүү чөйрө калыптанган. Ошол мезгилде Низами Гянджеви жана Мевлан Джалаледдин Руми сыяктуу фарси тилинде чыгармаларды жазган ойчулдар, ошондой эле Юнус Эмре жана Имамеддин Насими сыяктуу түрк тилинде чыгармаларды жазган (Имамеддин Насими араб жана фарси тилинде да жазган) ойчулдар абдан белгилүү болушкан. Жадагалса түрк империяларынын башкаруучулары да ошол кездеги үч алдыңкы тилдерде чыгармаларды жазышкан. Алардын мындай эмгектери саясий бийлик - тирүү маданияттан жана көркөм өнөрдөн ажырагыс экендигин далилдеген. Түрк цивилизациясы ислам цивилизациясы менен бирге жайылган. Алар мезгил-мезгили менен гана жайылып, кайра токтоп калбастан, кылымдар бою

тынбай алдыга жылып, жайылып турган. Түрк-ислам мамлекеттери Жакынкы жана Ортоңку Чыгыштын саясаттарын башкарып турган жана алардын мындай башкаруусу ошол аймакта жашаган элдердин жана алардын маданияттарынын түрк жана ислам цивилизацияларына кошулушуна жол ачкан. Түрк элдери исламды *дин, цивилизация жана саясат* катары эң жогорку деңгээлде тааныткан. Жадагалса араб булактарында да түрк дүйнөсү менен ислам дүйнөсү кошулган алгачкы мезгилде түрк элдерине артыкчылык берилген. Арабдар түрк элдеринин согуштагы баатырдыгын жана согуштук өнөрлөрүн жогору баалашкан (143, 21-22-б). Жыйырманчы кылымдын көрүнүктүү француз окумуштуулары Анри Массе жана Фернанд Браудель түрк мамлекеттеринин бирдиктүү саясий-цивилизациялык мейкиндикке айлануусу жөнүндө кеп кылып жатып, алардын баатырдыгын жана согуштук-саясий кубаттуулук менен акылман саясатты ийгиликтүү бириктире алышкандыктарын белгилешкен. Бул окумуштуулар түрк элдеринин согуштук-саясий кубаттуулукту бекемдөөгө багытталган аракеттерин жогору баалашкан (61, 190-227-б, 209, 55-68-б).

Түрк цивилизациясы өзүнүн гүлдөп - өсүп турган кезинде башка маданияттар жана цивилизациялар менен туруктуу мамиле түзүп турган. Андан тышкары ошол маданияттардын жана цивилизациялардын да архитектоникасын түзгөн. Негизинен Индия, Кытай, Ислам, Батыш жана Славян цивилизацияларынын чегинде жашаган түрк цивилизациясы адамзаттын тарыхый өнүгүүсүн прогрессивдүү багытка буруу боюнча өзүнүн милдетин ачык жана даана көргөзүп келген. Түрк цивилизациясынын гүлдөп-өсүшүнүн натыйжасында исламдык Чыгыш дүйнөсү да өзүнүн өнүгүүсүнүн туу чокусуна жеткен. Аймактык мамлекеттердин саясий амбицияларынан улам цивилизациялардын ортосундагы мамилелер көп учурда абдан чыңалган абалда болуп тургандыгына карабастан алар катуу өнүгүп, өздөрүнүн баалуулуктарын жаратып турушкан. Түрк мамлекеттеринин биринде да улуттар аралык дискриминацияга жол берилбегендиги тарыхта сакталып калган эң көрүнүктүү фактылардын бири болуп саналат. Түрк мамлекеттеринде башка улуттардын жана диндердин өкүлдөрү өлкө ичинде жакшы кызматтарга көтөрүлүп, жадагалса жогорку бийлик органдарында да иштешкен. Улуу Могол империясын негиздеп, өзүнүн саясий биографиясын өзүнүн эне тили болгон түрк тилинде жазган Бабур жана анын мураскери Акбар (Индия) алардын өлкөсүндө жашаган бардык улуттардын жана диндердин өкүлдөрүн бирдей укуктар менен камсыз кылышкан (190, 69-72-б, 275, 178-183-б).

Түрк-ислам цивилизациясы өнүгүп турган мезгилде (он биринчи – он жетинчи кылымдар) түрк мамлекеттеринин борбор шаарлары-

на ар түрдүү маданияттардын жан цивилизациялардын өкүлдөрү чакырылып, классикалык маданият жана көркөм өнөр борборлору түзүлгөн (мисалы, Сефевид империясынын башчысы Шах Исмаил Хатаинин буйругу боюнча Тебриздеги миниатюра мектебине башка маданияттын өкүлдөрү болгон сүрөтчүлөр да чакырылган). Улуу Могол империясынын башчысы Жахан Шах андан мурдагы түрк башчылары тарабынан борбор катары тандалган (он алтынчы кылым) Агра шаарында «архитекторлордун, усталардын, сүрөтчүлөрдүн, ошондой эле 200 – миң жумушчунун жардамы аркасында 17-жыл бою «Тадж-Махал» комплексин курган (314, 434-б). Осмон армиясына янычар катары кошулган Румели жана ислам динин кабыл алган Мемар Синан (1494-1588) Стамбул шаарында Сулейманийе комплексин жана башка ондогон архитектуралык эстеликтерди тургузушкан. Осмон империясынын аздеги болгон Мемар Синан тирүү кезинде эле мамлекет тарабынан көп сый көрүп, сылап-сыйпалган. Анын 18-имараты, 38-дүкөнү, 9-үйү, ошондой эле жер чектери, тегирмендери, кичинекей мечиттери жана медреселери бар болгон (243, 22-б). Ошол мезгилдин эстетикалык маданияты универсалдуу багытты тандагандыктан «түрк стили», «ислам символикасы», ошондой эле прогрессивдүү салттар жана кол өнөрчүлүк баалуулуктары өнүгүп, оригиналдуу синкретикалык чыгармачылыктын үлгүлөрү пайда болгон (314, 392-401, 425-436, 171, 18-19-б, 231-261, 100, 243-260-б, 93, 94-101-б, 63).

Бул эстеликтерде түрк дүйнөсүнүн коомдук-саясий жактан гана эмес, эстетикалык маданият жагынан да *органикалуулугу, бүтүндүгү жана ар түрдүүлүгү* көрүнүп турат. Түрк элдери башка улуттарга жана диндерге карата дискриминацияга жол беришкен эмес жана башка элдердин тарыхый эстеликтерине, кол өнөрчүлүк технологияларына, адеп-ахлактык жана руханий баалуулуктарына сый мамиле жасашкан. Алар өздөрүн атактуу уруулардын жана социалдык топтордун өкүлдөрү катары көргөзүшүп, башка коомдордун жана маданияттардын жакшы жактарын алууга, ошондой эле алардын чыгармачылык стилдерин жана алдыңкы турмуштук тажрыйбаларын пайдаланууга аракет кылышкан. Мисалы, байыркы цивилизациянын Борбор Азиядан баштап дээрлик Анатолияга чейинки издери ошо бойдон сакталган. Ар түрдүү расаларды, тилдерди, маданияттарды жана диндерди камтыган түрк шаарлары көп маданияттуу көз карашты чагылдырган мамлекеттер катары өнүгүшкөн. Мындай полифонизмге жадагалса азыркы мезгилдеги Америка менен Европа да суктанмак. Ошол мезгилдеги түрк мамлекеттеринде шаар курулуш, архитектура, миниатюра өнөрү, килем токуу иши, керамика жана башка кол өнөрчүлүк чөйрөлөрү чеберчиликтин жогорку деңгээлине жеткен (126). Түрк элдери дүйнөлүк

тажрыйбадан адабияттын, илимдин жана билимдин классикалык баалуулуктарын өздөштүрүп, чыгыштын адеп-ахлактуулук маданиятына, билимине жана рационалдуулугуна негизделген критерийлердин артыкчылыгын далилдешкен.

Түрк дүйнөсүндө универсализация саясаты ушунчалык күчтүү болгондуктан *обочолонуу тенденциясын* да жараткан. Дал ошол мезгилде *туркизм кыймылы* да пайда болгон. Анын пайда болушу толук табигый көрүнүш болгон. Мындай кыймыл өтө күчөп кеткен универсализация саясаты тарабынан түрк цивилизациясынын негиздерин начарлатууга жол бербөө максатында жаралган. Ошол мезгилдеги жагдайды тагыраак элестетүү үчүн он тогузунчу кылымда Осмон империясында 465-америкалык, 83-англиялык, 72-француздук, 44-орус, 24-италиялык, 7-немец, 7-австриялык жана 3-грек миссионердик мектеби ачылганын белгилеп коюу жетиштүү болот. Миссионердик мектептердин жалпы саны 705-ке жеткен (98, 149-б). Бул мектептердин ар бири окуучуларды өзүнүн кызыкчылыктарына ылайык окуткан.

Ал эми башка мамлекеттердин аймактарында жашаган (Иранда, Орусияда жана Кытайда) түрк коомдоруна карата ошол мамлекеттер тарабынан алардын улуттук тамырларынан алыстатууга багытталган өтө кооптуу саясат жана идеология жүргүзүлгөн. Түрк цивилизациясынын негизи ушунчалык бекем болгондуктан ушул цивилизациянын кодун алып жүрүүчү түрк элдери империализмдин бардык соккуларына туруштук берип, болжол менен 150-жылдык күрөштөн кийин он тогузунчу кылымдын аягында өздөрүнүн көз карандысыздыгына кайрадан ээ болушкан. Башка мамлекеттердин курамындагы түрк коомдорунун коргонуу жана өз маданиятын сактап калуу үчүн күрөшүүлөрү алардын дүйнөлүк масштабдагы жеңүүлөрү менен бирге жалпы түрк цивилизациясынын жеңилбестигинин көрсөткүчү болуп саналат.

Азыркы мезгилде көз карандысыз түрк мамлекеттеринин улуттук маданияттарынын чыгармачыл кудурети бар. Алардын мындай кудурети түрк цивилизациясын дүйнөлүк деңгээлде көргөзө алат. Эгер биз түрк цивилизациясы тарабынан бүткүл дүйнөгө тартууланган саясий, илимий, көркөм өнөр жана адабий ишмерлерди эстей турган болсок (Мустафа Кемаль Ататүрк, Гейдар Алиев, Тургут Озал, Нурсултан Назарбаев, Хасан Узбекхан, Лютфи Заде, Тофик Фикрет, Намик Камал, Рашад Нури Гүнтекин, Фазыл Хүснү Дагларжа, Нажиб Фазиль Гысакүрек, Азиз Несин, Гафур Гулам, Мусса Жалиль, Чынгыз Айтматов, Кара Караев, Бахтияр Вахабзаде, Тогрул Нариманбеков, Олжас Сулейманов, Мухтар Шаханов, Ораз Ягмур, Рауф Пярви ж.б.), түрк маданияты жалпы адамзаттык баалуулуктарды жана гуманизм идеалдарын калыптандырууда, ошон-

дой эле улуттук-маданий ой жүгүртүүнү жок кылуучу тоталдык-идеологиялык куралдардын жок кылынышына жана прогресске алып баруучу ишмердүүлүктө алдыңкы катарда турарын көрөбүз. Казак акыны жана ойчулу Олжас Сулейманов 1972- жылы «Аз жана Мен» деп аталган чыгарма жазган. Бул чыгарма Евразияны түрк рухунун мекени катары көргөзүп, түрк тилин жана түрк маданиятын байыркы цивилизациянын тамырларына байланыштырган. Олжас Сулейманов ошондой эле 80-жылдарда «Невада-Семипалатинск атомуна каршы кыймылын» жетектеген. «Цивилизациянын адашуусу» жана «Жазалоочу эс-тутумдун космоформуласы: Чыңгызхан алып кеткен сыр» деп аталган монументалдык чыгармалардын автору Мухтар Шаханов жөнүндө италиялык жазуучу Роберто Чиули минтип жазган: «Эгер ачык кеп кыла турган болсок, Европада биздин замандаштарыбыздын арасында Шаханов сыяктуу жазуучу жок (197, 8-б). Шахановдун түрк цивилизациясынын драмалык тагдырын реалисттик штрихттер аркылуу жандандырган чыгармалары жалпы адамзаттык маанидеги глобалдык маселелерди да камтыгандыгы - кокустук эмес. Алар ЮНЕСКОнун деңгээлиндеги талкуугa чыгарылып, «Жибек жолундагы илим жана адеп-ахлактуулук» деп аталган эл аралык конференцияда талкуу темасына айланган.

Эгер түрк дүйнөсүнүн биримдиги тууралуу идея бүгүнкү күндө чоң мааниге ээ боло турган болсо, бул идеянын ишке ашуусуна түздөн түз байланыштуу болгон логикалык чындык көңүл борборун ээлеп, түрк цивилизациясынын өзүн өзү таануу процесси бардык деңгээлдерде ийгиликтүү улана берет. Түрк дүйнөсү *өзүнүн баалуулугун же маанилүүлүгүн түшүнүп, аны бекемдеши* керек жана көп маданияттарды камтыган аренада өзүн түрк цивилизациясы деп түшүнүшү керек. Мына ошондо гана түрк элдеринин саясий-маданий системасы ажырагыс бүтүн нерсе катары каралат же ошентип кабыл алынат. Түрк элдеринин маданиятынын негизги багыты Евразияда адашып жүргөн түрк биримдиги идеясынын траекториясында жатат жана бул траекториянын негизги жолу түрк цивилизациясын глобалдык цивилизациянын алдыңкы тенденциялары менен байланыштырат.

# III-БӨЛҮМ

# ЕВРАЗИЯНЫН ӨНҮГҮҮ ПЕРСПЕКТИВАЛАРЫ ЖАНА ТҮРК МАМЛЕКЕТТЕРИ

# 9. АЗИЯ ЖАНА ЕВРОПА: ТҮРК ЭЛДЕРИ АРКЫЛУУ БИРИ-БИРИ МЕНЕН БАЙЛАНЫШТЫРЫЛГАН ДҮЙНӨЛӨР.

Евразия – тарыхый-географиялык дихотомиядан (бөлүнүү) кийин, ошондой эле «Европа» жана «Азия» болуп эки саясий-маданий полюстарга бөлүнгөндөн кийин деле өзүнүн табигый көлөмдөрүндө бүтүн бир нерсе катары кабыл алынат.

Евразия – төрт дүйнөлүк океандардын ортосунда жайгашкан кургактыктагы эң чоң аймак жана эң жаалданган саясий океан.

Евразия – улуу империялардын жана пассионардык этностордун падышалыгы. Картайган элдердин жана жаңыдан жаралган улуттардын мекени.

Евразия – Чыгыш Батышка ал эми Батыш Чыгышка токтоно албаган шыктануу менен умтулган чексиздик.

Евразия – согуштар жана цивилизациялар, кызуу кандуулук жана акыл-эс, ошондой эле кылычтар жана калемдер бири-бирине эс алууга мүмкүндүк бербеген аянт.

Евразия – Европада Азияны, ал эми Азияда Европаны издеген кыялкеч, жана ошол эле учурда Европанын Азиясыз жана Азиянын Европасыз жашай албагандыгын түшүнгөн реалист.

Евразиянын тарыхый тагдырында жана саясатында эң маанилүү окуялар болуп, маанилүү өзгөрүүлөр катталган. Евразия мейкиндиги мындай драмалык процесстерде ушунчалык мол тажрыйба алгандыктан өзүнүн кийинки өнүгүүсүн кокустуктарга таштап койбостон, өз көзөмөлүнө алып келет.

Евразиядагы тарыхый-саясий процесстер бири-бири менен түйүн сыяктуу катуу байланышкандыктан бул мейкиндик геосаясаттын негизги парадигмасы боюнча планетанын «жүрөгү» (Heartland) жана тарыхтын географиялык «өзөгү» («The geographical Pivot of History») деп аталат (282, 431-436-б). Евразияны ушинтип атоону сунуштаган адам - британдык географ жана академик Хэлфорд Маккиндер болгон. Ал ошол эле учурда геосаясаттын негиздөөчүсү да болгон. Геосаясат илими өзүнүн миссиясын Евразияны эл аралык саясаттын борборуна коюудан баштаган. Жыйырманчы кылымдын башында (1904-жыл) Хэлфорд Маккиндер өзүнүн негизги идеясын төмөнкүдөй түзгөн: «Евразияны башкарган өлкө, дүйнөнү башкарат» (282, 448-б). Ошондуктан эл аралык саясаттын гегемондору

«дүйнөнү башкаруу үчүн Азияны башкаруу керек» деген планды жүз жылдар бою ойлонуштурушуп, тийиштүү кадамдарды жасап келишүүдө.

Геосаясаттын тарыхы жана азыркы мезгилдеги өнүгүүсү чыныгы жагдайды жана прагматикалык мамилелерди чагылдырат. «Бөтөн оюнчулардын» «Евразиянын ички дүйнөсүнө» кирүүсү жана анын борборунан бүткүл дүйнөнү башкарууга умтулуусу логикага туура келбейт жана такыр мүмкүн эмес. Евразия мейкиндигин евразиялыктардын улуттук-саясий эрки жана глобалдык интеграциянын табигый динамикасы башкарышы керек. Евразия өзүнүн маанилүүлүгүн түшүнүшү керек. Мындай зарылчылыкты тарыхтын эволюциясы, саясий структуризациянын бүгүнкү абалы, келечектеги өнүгүүнүн перспективалары жана Евразиянын геосаясаты ачык көргөзүп турат. Евразиялык геосаясаттын «жергиликтүү оюнчулары» «келгин оюнчулардын» диктатынын астында калбашы керек. Бул жөнөкөй чындык – Евразиянын чыныгы логикасын чагылдырат. Евразиянын геосаясатынын тарыхындагы жана азыркы мезгилдеги өнүгүүсүндөгү кайсыл топтоочу же багыттоочу күч эң негизги болуп саналат? Түрк элдери гана топтоочу же багыттоочу негизги күч болуп саналат! Эгер Евразиянын тарыхын жана азыркы мезгилдеги этносаясий географиясын, ошондой эле бул аймактагы мамлекеттердин эволюциялык процесстерин чагылдырган карталарды кылдаттык менен карай турган болсок, түрк элдеринин Евразиянын кенен мейкиндигинде пайда болушуна байланышкан топонимдер асмандагы жылдыздар сыяктуу чачылгандыгы даана көрүнөт. Евразия тарыхынын өнүгүүсүндөгү ар түрдүү бурулуш мезгилдерди карай турган болсок, түрк элдеринин алдыда же алдыңкы катарда жүргөн баатырлары даана көрүнүп турат.

Ошондуктан мен өзүм негиздөөгө же далилдөөгө аракет кылган парадигманы кыскача билдирдим: ***Евразия өзүнүн геосаясий бүтүндүгүнө түрк дүйнөсүнүн биримдиги аркылуу гана жетишкен.*** Азия жана Европа, түрк элдеринин жардамы менен бириктирилген ар түрдүү цивилизациялардын «бөлүктөрү» болгондуктан, өздөрүнүн мамилелерин бирдиктүү цивилизациялык мегасистеманын ичинде курушат. Евразия-Европа (Батыш жана Чыгыш Европа), Жакынкы жана Алыскы Чыгыш, Кавказ, Борбордук Азия жана Түштүк-чыгыш Азия «блоктордон» турат, ал эми алардын *орточолоштурулган геосаясий* мейкиндигин түрк мамлекеттери жаратат. Түрк мамлекеттеринен тышкары бир да саясий система ошол аймактардын геосаясий координациясын түзө албайт. Бул чындык табигый географиялык факторлор менен шартталган. Түрк мамлекеттери мындай мүмкүнчүлүктөргө жана функцияларга узакка созулган *тарыхый-саясий процесстердин* натыйжасында ээ болушкан.

Евразиянын тарыхый геосаясаты жогоруда айтылган процесстердин негизги багыттарына, тактап айтканда, Азия менен Европанын ортосундагы мамилелердин тарыхый трансформациясына жана түрк мамлекеттеринин милдеттерине байланыштуу болгон.

Илимдин натыйжаларына ылайык тарыхка чейинки же алгачкы тарыхый мезгилдерде антропогенндик аймактардын Африкадан Азияга жана Азиядан Европага чейинки кеңейүүсүн (элдердин жаңы аймактарга көчүп, отурукташуусу) эске ала турган болсок, Европаны цивилизациялардын мураскерлиги жагынан алып караганда Азиянын «уландысы» катары кароого болот. Бирок байыркы Азия мамлекеттеринин (ахемениддер жана гунн-түрк империялары) жана байыркы европа мамлекеттеринин (гректердин шаар-полистери, Эллада, Македония жана Рим империясы) ортосундагы «мураскерликтин» эволюциясы тынымсыз согуштар менен коштолгон. Азия менен Европанын согуштук-саясий мамилелеринин түштүк багытында перстер гректер менен, ал эми түндүк багытында гунн-түрктөр жана чыгыш европалыктар римдиктер менен согушушкан. Мындай кагылышуулар цивилизациялардын тарыхында терең из калтырган жана европалыктар азиялыктарды геосаясий тирешүүнүн негизги катышуучулары катары кабыл ала баштаган. «Европаны Азияга каршы койгон маданий-тарыхый концепция биринчи жолу Геродот (б.з.ч. бешинчи кылым) тарабынан сунушталган (60, 150-б). Кийинчерээк байыркы грек философу Аристотель (б.з.ч. төртүнчү кылым) «гректердин эркин духун Евразиянын кулдук психологиясына каршы койгон». Аристотель чыгыш ислам маданиятына олуттуу таасир тийгизген. Аристотелден билим алган Александр Македонский Европадан баштап Азиядагы индия тоолоруна карай согуштук жортуулун баштаган (б.з.ч.334-326 – жылдар). Европадан Азияга карата жасалган мындай чоң масштабдагы жортуулдун же кол салуунун мизин жети жүз жылдан кийин гунн-түрктөр кайтарган (б.з. 451-453-жылдары). Гунн-түрктөр Александр Македонский жасай албаган нерсени жасашкан. Гунн-түрктөрдүн батыш империясы Римди, ал эми Чыгыш империясы Кытай менен Индияны жеңип алган (б.з. бешинчи кылымдын аягы жана алтынчы кылымдын башталышы). Гунн-түрктөр Тынч океан багытында Кытай империясын, ал эми Атлантикалык океан багытында Рим империясын багындырышып, башкалардын Евразияга үстөмдүк кылууга умтулуусуна чекит коюшкан. Алар Евразия аймагы, тактап айтканда, планетанын «жүрөгү» (Heartland) азиялыктарга жана алардын согушчан суперэтносу – түрк элдерине гана таандык экенин далилдешкен.

Евразия цивилизациясынын мыйзамдарына негизделген жана Европа менен Азиянын өз ара мамилелерине жол ачкан чыныгы

геосаясаттын тарыхы Көк түрк империясынын (же көптөгөн булактар боюнча - түрк империясынын) эволюциясынан башталган. Биздин замандын алтынчы кылымынан баштап көк түрк империясы *Борбордук Азиянын өзөгүнө негизделген эң чоң геосаясий мейкиндиктин чек араларын Евразиянын тарыхында биринчи жолу аныктаган*: чыгыш багытында Кытайга чейин, түштүк багытында – Персия менен Индияга чейин, батыш багытында Византияга (Чыгыш Рим империясы) чейин. «Борбордук Азия дүйнөлүк тарыхта» деп аталган монографиянын автору П.Б. Голден белгилегендей, **«Түрк (көк түрк) империясы Европа менен Чыгыш Азияны түздөн түз байланыштырган алгачкы трансевразиялык мамлекет болуп калган»** (238, 37-б). Жүз жылдар бою жер которуп, дайыма жылып жүргөн түрк элдеринин отурукташкан жерлерине жараша жогоруда айтылган геосаясий мейкиндиктин *оордук борбору* Чыгыштан Батышка караган багытта өзгөрүп турса да түрк элдери жараткан мамлекеттер жана империялар өзгөрүүсүз бойдон калган жана алар дайыма эволюцияланып турган.

Лев Гумилевдун пикиринде, Азия менен Европаны бириктирген геосаясий мейкиндиктин биригүү процессинде «Кавказ тоскоолдугу» деп аталган маселени чечүү максатында жетинчи кылымда бул аймакта көптөгөн мамлекеттер жана элдер катышкан «дүйнөлүк согуш» башталган жана бул согуш түрк элдеринин жеңиши менен аяктаган (152, 2016-234-б). Гунн-түрктөр, хазарлар жана кыпчактар бийлеген жылдардан кийинки мезгилдерде Кавказ аймагына ээлик кылуу үчүн күрөшүү дагы деле уланган. Бул күрөшкө түрк элдери да кошулган. Агванд аймагындагы (Албания) Кура жана Араз дарыяларын бойлой жашаган түрк элдери биринчи болуп салык системасын орнотушкандыгын өзгөчө белгилеп коюу керек (А.А. Попов). Түрк элдери жашаган Прикаспий аймагы акырындык менен бекемделип олтуруп, ошол мезгилден баштап Азия менен Европанын ортосундагы геосаясий кызыкчылыктар кесилишкен маанилүү жерге айланган. Түрк цивилизациясынын Батыш багытындагы саясий пассионардуулугу кеңейе баштаган (151).

Түрк элдери өздөрүнүн этносаясий системасынын кеңейүүсүнө жараша иерархиялык системаны вертикалдык жана горизонталдык жактан бекемдеп турушкан. Алар өздөрүнүн саясий системага байланышкан салттарын дайыма бек тутушкан. Түрк элдери өздөрүнүн геосаясий мейкиндиктеги кадыр-баркы өскөн мезгилде деле саясий бийликти «бөлүүдөн» коркушкан эмес. Анткени алар «бөлгөн нерселер» кайрадан биригип саясий «бүтүндүктү» жараткан. Мындай система – чыныгы синергетикалык мыйзам ченемдүүлүк болуп саналат, ал эми алардын ошол системаны ийгиликтүү колдонушу алардын ошол системаны түшүнө билгендигин чагылдырат. Түрк

элдери «гунндар бийлеген доордон» баштап эле ушул мыйзам ченемдүүлүктү эске алып, өз өкмөттөрүн «чыгыш» жана «батыш» флангдарга бөлүп, өздөрүнө таандык болгон бул башкаруу системасын иш жүзүндө колдонуп келишкен. Мисалы, Чыгыш гунн-түрк империясы жана Батыш гунн-түрк империясы, Чыгыш көк түрк империясы жана Батыш көк түрк империясы, Чыгыш Түркстан жана Батыш Түркстан. Евразиянын бардык аймактар менен курчалган ортоңку бөлүгүн (Азиянын чыгыш бөлүгүнөн баштап Балкан аймактарына чейин) түрк элдери **ил (эл)** деп аташкан. Түрк элдери тарабынан эзелден бери колдонулуп келген **Эл** деген сөз - «улус» (улут) деген маанини («ил» жана «улус» деген этимологиялар боюнча – бул сөздөр бир тамырлуу сөздөр болуп саналат) жана ошол эле учурда «мамлекет» деген кенен семантикалык маанини да билдирет. Кытайлыктар «жетинчи-тогузунчу кылымдарда алардын түндүк-батыш тарабында абдан күчтүү кошуналар – гунндар жана уйгурлардын туугандары болуп саналган түрк элдери жашашкандыгын азыркы күнгө чейин эстешет (168, 32-б). Перс тобуна кирген индоевропалыктар жашаган мейкиндик, тактап айтканда Персия, ошондой эле Евразиянын түштүк тарабындагы түрк элдери ээлеген мейкиндик, тактап айтканда Туран, өзүнчө бир карама-каршы геосаясий мазмунга ээ болгон (292, 189-194-б, 100, 134-149-б). Түрк элдери Персия-Туран деп аталган тоскоолдукту тешип өтүп, Евразиянын көп улуттардан жана көп цивилизациялардан турган аймактарын, ошондой эле азыркы мезгилдеги Австрия, Германия жана Италиянын аймактарына чейин басып алышкан. Евразиянын «биринчи-он үчүнчү кылымдардагы этномаданий системасынын динамикасы» (153, 788-б) бул жердеги пассионардык геосаясий процесстердин баарын дайыма Европа тарапка багыттап турган. Түрк элдери бир нече жүз жылдар бою Чыгыш Европа тарапка жылып олтуруп, ошондой эле великоросс, белорус, украиндер сыяктуу славян элдерин кыймылга келтирип, алардын ошол аймактагы этносаясий процесстерге катышуусуна түрткү беришкен.

Жалпысынан алып караганда, түрк элдеринин геосаясатынын эки миң жылдык өнүгүү динамикасында Чыгыш жана Батыш Түркстан - түрк этносаясий системасынын эки маанилүү канаты катары калыптанган: *Чыгыш Түркстан - Борбор Азиядагы түрк мамлекеттеринин геосаясий тилкесин жараткан, ал эми Батыш Түркстан – Батыш Азиядагы геосаясий тилкени жараткан. Бул геосаясий тилке акырындык менен Европа тарапка багыт алып жаткан*. Бирок түрк элдери өздөрүнүн арасында же өздөрү менен кошуналарынын арасында көптөгөн ар түрдүү түзүмдөрдү түзүшсө да, алар *түрк элдеринин мамлекеттик бүтүндүгүнө* байланышкан этногенетикалык эс-тутумдун негиздеринен эч качан алысташкан эмес. Түрк дүй-

нөсүнүн батыш багытындагы бөлүгү Европа өлкөлөрү, ал эми чыгыш багытындагы бөлүгү Чыгыш-түштүк Азия өлкөлөрү менен жигердүү мамилелерди курган. Азиянын классикалык империялары, тактап айтканда, Кытай, Индия, Персия жана Араб империяларынын бири да жасай албаган нерсени түрк элдери жасаган: алар Азия менен Европанын ортосундагы Азиянын артыкчылыгына негизделген мамилелердеги саясий туруктуулукту бүгүнкү мезгилге чейин сактап келишкен. Мындай процесс өзүнүн туу чокусуна Осмон империясы менен бирге жеткен. «Глобалдык саясат» деп аталган көлөмдүү чыгарманын авторлору британдык профессорлор Женней Эдкинс жана Мажа Зехфусс өздөрүнүн китебинде «Осмон империясы он жетинчи кылымда жаңы саясий системалар калыптангандан кийин европалык өкмөттөр менен интерактивдүү мамилелерди түзгөн биринчи мусулман мамлекети болгондугун көргөзүшкөн» (228, 101-б).

Бирок он алтынчы кылымда Евразиянын «геосаясий үч бурчтугун» түзгөн Осмон, Сефевид жана Могол империялары европалык мамлекеттерге карата ар бири өзүнчө жана жеке кызыкчылыктарына жараша саясат жүргүзгөн. Балким бул империялардын бир-биринен айырмаланган ушундай саясаты алардын келечекте кыйрашына себеп болгон факторлордун бири болуп калгандыр. Европалык мамлекеттер түрк мамлекеттеринин ортосундагы биримсиздикти өз максаттары үчүн пайдаланууга жана Азияны майда бөлүктөргө бөлүп, өз колдоруна алууга аракет кылышкан («Divide et empire!» саясаты – «Бөлүп, башкара бер!») Бирок ал мезгилде Евразиянын «геосаясий үч бурчтугу» али алсыздана элек болчу жана Азия менен Европанын ортосундагы мамилелерде ал үстөмдүк кылып турган. Түрк империяларынын универсалдуулугу ушундай өз ара мамилелерде цивилизациянын баалуулуктарынын көбөйүүсүнө мүмкүндүк түзгөн. Европалыктар ал мезгилде Азия дүйнөсүн жакшы эле билип калышкан жана анын алсыз жактарын, албетте кылдаттык менен изилдешсе керек. Кылымдар бою түрк империяларынын көзөмөлүндө болуп келген Улуу Жибек жолундагы трансевропалык байланыштар Азия менен Европа цивилизацияларынын ортосундагы интерактивдүүлүктүн деңгээлин эң жогорку деңгээлге көтөргөн. Түрк элдери тарабынан байланыштырылган Азия менен Европанын интерактивдүү маданий чөйрөсү түзүлүп, бара-бара кеңейип турган. Түрк империялары Азия менен Европа цивилизациялары үчүн көп мүмкүнчүлүктөрдү түзгөн. Мындай мүмкүнчүлүктөр Европа өлкөлөрүнө жалпы баалуулуктарды биргелешип түзүүгө жана аларды башкалар менен бөлүшүүгө жардам берген. Түрк империяларында дүйнөдөгү эң чоң монотеисттик дин болуп саналган Ислам жана Христиан дини (ошондой эле алардын бардык агымдары жана секталары) гана эмес, байыркы мезгилден бери сакталып келген ди-

ний-маданий философиялар жана агымдар да өнүгүп келген. Алар зороастризм, даосизм, несторианчылык, буддизм ж.б. (230, 48-б, 238, 1-б). Булардан тышкары диндин эң байыркы түрү болуп саналган шаманизм жана эң жогорку түрү болуп саналган теология да түрк империяларында бир-бирине тоскоолдук кылбастан кадимкидей шарттарда өнүккөн. Түрк элдери ислам дини башка диндерге, ошондой эле ислам динин кабыл алган элдер башка элдерге караганда артыкчылыкка ээ деген принципти же ошондой доктринаны эч качан колдонушкан эмес.

Түрк дүйнөсүнүн бир бөлүгү болуп саналган Азербайжандын аймагы чоң болуп турган кезде, ошондой эле Чыгыш менен Батыштын ортосунда интерактивдүү мамилелер болуп турган кезде өлкөбүздөгү диний толеранттуулук жана бүгүнкү күнгө чейин уланып келе жаткан цивилизациялык универсалдуулук салттары эң жакшы деңгээлде болгон (37, 12-б). Англиялык белгилүү ойчул Арнольд Тойнби көптөгөн европалык авторлордон айырмаланып, түрк элдеринин тарыхына, алар жараткан улуу цивилизацияларга, ошондой эле түрк лидерлеринин дүйнөлүк тарыхта ээлеген ордуна, айрыкча, Мустафа Кемаль Ататүрктүн ишмердүүлүгүнө кылдаттык менен мамиле жасаган. Ал өзүнүн бул тууралуу пикирин метафоралуу салыштырма стилде минтип жазган: «Талаалар адамдар үчүн кургак деңиз сыяктуу болгон жана алар христианчылык доорунун он бешинчи кылымынын аягына чейин байланышуу үчүн эң ыңгайлуу аймак болгон. Бул суусуз деңизде кургактыкта жүрүүчү кемелер жана гаваньсыз порттор болгон. Талаада галиондордун милдетин төөлөр, галералардын милдетин жылкылар, порттордун милдетин кербен-сарайлар, ал эми ортолуктагы порттордун милдетин оазистер аткарган. Деңиз толкундарын парусниктер кесип өтсө, талаадагы кум толкундарын жылкылар кесип өткөн. Алар талаада бир жерден экинчи жерге алып баруучу эң негизги каражат болуп саналган. Мына ушулардын баары 1500-жылга чейинки дүйнөлүк цивилизацияларды бири-бири менен байланыштырууга түрткү берген.

Бабурдун мезгилинде Фергана (Бабур өзүнүн согуштук жортуулун Ферганадан баштап, кийин Индияны багындырган жана ал жерде Улуу Могол империясын негиздеген – Ж.Ф.) дүйнөнүн борбору, ал эми түрк элдери эң негизги же башкаруучу уруулар болуп саналган. **Түрк элдери борбордук орунду ээлеген мезгилдер жана ошондой мезгилдердин тарыхы** (Turkic-seritred history of world) биздин заманыбызда осмон түрктөрүнүн улуу жана батышчыл лидерлеринин бири жана Түркиянын президенти Мустафа Кемаль Ататүрк тарабынан жарыяланган. Ал ушул аркылуу өзүнүн мекендештеринин моралдык духун көтөргөн. Христианчылык доорунун төртүнчү кылымынан баштап он жетинчи кылымга чейин, ошондой

эле «Васко да-Гаманын» мезгилине чейин түрк тилдүү элдер цивилизацияларды жетелеп же бекемдеп турган. Кургактыктагы аймактар аркылуу байланышкан цивилизацияларды түрк элдери он эки кылым бою көзөмөлдөгөн жана «Васко-да Гаманын мезгилине» чейин чыгышка, батышка, түндүккө, түштүккө, Маньчжурияга, Алжирге, Украинага жана Декан аймагына согуштук жортуулдарды жасап турушкан» (190, 72-73-б).

Түрк элдери өздөрүнүн тарыхый эс-тутумуна жана салттарына таянып, өздөрүнүн улуттук жана адеп-ахлактык духун жандандыра алышкан жана он тогузунчу кылымдын аягында бардык азиялыктардын башына түшкөн кризисти жок кылуунун жолдорун баарынан мурда түшүнүшүп, алдыңкы катарга чыгышып, Азиянын баалуулуктарын бекемдөө кыймылын башташкан. Бул кыймылдын Азия менен Европа цивилизацияларынын баалуулуктарына таянган күчтүү бир багыты болгон. Ал багыт – түркизм багыты болгон. Түрк элдери тар улутчулдуктун чегинде жашаган элдер эмес экендигин, ошондой эле көз карандысыз Азия дүйнөсүн жана көз карандысыз түрк мамлекеттерин жаратуу аркылуу Азия менен Европага карата мамиледе адилеттүү баланс жаратууга жана ал балансты улантууга аракет кылган эл экендигин өздөрүнүн тенденциясы аркылуу далилдешкен. Алар европалык баалуулуктардан таптакыр алыстоого аракет кылбастан, алардын жакшы жактарын өздөштүрүүгө даяр болушкан.

Жыйырманчы кылымдын аягында көз карандысыз түрк мамлекеттеринин пайда болушу менен аяктаган окуялар Европа менен Азиянын ортосундагы мамилелерге байланышкан «түрк долбоорунун» бардык заманбаптуулук сапаттарын, ошондой эле глобализациянын Азияга да, Европага да пайда бере ала турган бардык жакшы жактарын камтыган тенденция бар экендигин көргөзгөн.

Бүгүнкү күндө евразиялык геосаясатты эгемендүү түрк мамлекеттерисиз элестетүү мүмкүн эмес (296). Эгер кимдир бирөө Евразиянын саясий субъекттеринин өзөктөрү менен эсептешпестен, аларды четке сүрүп же «ресурстар жана шаймандар» катары пайдаланып, өзүнүн кандайдыр бир долбоорун ишке ашырууну кааласа, ал өтө олуттууката кетирген болуп эсептелет. Ушундай айла-амалдарды токтотууга же болтурбоого Евразиядагы түрк мамлекеттеринин кудурети жетет жана алардын макулдашылган геосаясий иш-аракеттери андай нерселерге жол бербейт. Түрк мамлекеттеринин жалпы максаттары жана жалпы иш-аракеттери Азия менен Европанын ортосундагы мамилелерге жаңы дем берип, алардын масштабдуу жана ар тараптуу өнүгүүсүнө түрткү берет.

Түрк мамлекеттеринин дүйнөлүк саясаттагы орду жыйырма биринчи кылымда өсүп жатат. Алардын дүйнөлүк саясаттагы орду

алардын табигый-географиялык жана тарыхый-саясий факторлор менен макулдашылган геосаясий абалдарын эң жогорку деңгээлде пайдаланууга мүмкүндүк берет.

Евразия аймагында жайгашкан көз карандысыз түрк мамлекеттери дүйнөлүк картада деңизде да, кургактыкта да бири-бири менен мамлекеттик чек аралар аркылуу байланышкан. Башка мамлекеттердин аймактарында белгилүү бир саясий статуска ээ болуп жашаган түрк тектүү элдер да баарлашуу аймактарынын чек араларында тыгыз жашашат. Түрк элдеринин этникалык географиясы түрк мамлекеттеринин саясий географиясына караганда кыйла кенен. Мындай көрүнүш алардын чек араларын бекемирээк кылып, алардын өз эрктерин чыныгы саясий жагдайларда көргөзүү мүмкүнчүлүктөрүн бекемдегендей сезилет. Өзүнүн аймагынын көлөмү боюнча дүйнөдөгү тогузунчу өлкө болуп саналган Казакстан (Казакстандын аймагы болжол менен Чыгыш Европанын көлөмүнө барабар) Борбор Азиядагы биринчи түрк өлкөсү болуп саналат.

Казакстан түндүк жана батыш тараптан Орусия Федерациясы, чыгышта – Кытай, ал эми түштүктө Кыргызстан, Өзбекстан жана Түркмөнстан менен чектешет (247). Кыргызстан Республикасы эки түрк мамлекети менен чектешет. Түндүктө Казакстан, батышта Өзбекстан, түштүк-батышта Тажикстан жана түштүк-чыгышта Кытай менен чектешет (248). Орто Азиянын борборунда жайгашкан Өзбекстан республикасы чыгышта Кыргызстан, түндүк-чыгышта жана түндүк-батышта Казакстан, түштүк-батышта Түркмөнстан, түштүктө Афганистан, ал эми түштүк-чыгышта Тажикстан менен чектешет (255). Түркмөн республикасы түштүктө Афганистан жана Иран, түндүктө Казакстан жана Өзбекстан, Каспий деңизи тараптан Азербайжан менен чектешет (254). Демек бири-бири менен чектешкен беш өлкөнүн үчөө - Казакстан, Өзбекстан жана Түркмөнстан – түрк республикалары. Азербайжан республикасы түндүктө Орусия жана Грузия, батышта Түркия жана Армения, түштүктө Иран, Каспий деңизинин чыгыш тарабында Түркмөнстан менен чектешет (250). Түрк республикасы чыгыш тарапта Азербайжан, Армения жана Грузия, түштүктө Ирак жана Сирия, батышта Греция жана Болгария, Кара деңиз тараптан Орусия менен чектешет (253). Түркиянын чек араларын төрт деңиз курчап турат. Алар - Атлантика океанына чыгуучу Кара, Жер ортолук, Эгей жана Мрамор деңиздери. Жогоруда айтылгандай, Түркиянын мамлекеттик чек араларынын айланасында, Кытайдан Болгарияга чейинки миллиондогон квадрат километрлерди түзгөн аймактарда түрк тектүү элдер жашайт. Ушул географиялык панорамада **Евразиянын** түрк дүйнөсүнүн биримдигине байланышкан **Борбордук Линиясы** даана көрүнүп турат.

Ошондуктан батыштын стратегдери жана түрк дүйнөсүнүн саясий лидерлери Тынч океанды Атлантика океаны менен байланыштырган негизги глобалдык коммуникациялык системаларды түзүүнү пландаштырышып, эч кандай үстөмдүккө умтулбаган түрк мамлекеттеринин аймактарында эл аралык тынчтыкты жана кызматташтыкты камсыз кылууга кепилдик беришүүдө. Жарымынан көбү ишке ашырылган мындай долбоорлордун кеңейтилиши Азия менен Европанын ортосундагы өз ара мамилелерди жаңы бир нукка бурат. Азыркы мезгилде же келечекте түрк мамлекеттеринин биригүүсүнүн натыйжасында пайда боло турган геосаясий жана геостратегиялык мүмкүнчүлүктөр жалпысынан Евразия үчүн ишеничтүү жана оптималдуу болуп саналат. Анткени өткөн мезгилде да, азыркы мезгилде да, түрк элдери жана алардын мамлекеттери Азия менен Европаны байланыштырган негизги *геосаясий* күч болуп келген. Ишке ашырылып жаткан трансевразиялык коммуникациялык долбоорлор (мунайзат, газ жана башка нерселерге байланышкан долборлор) түрк мамлекеттеринин биримдигин бекемдөө процессине өздөрүнүн маанилүү салымын кошуп жатышат. Түрк мамлекеттери жана алардын кошуналары тарабынан Евразия мейкиндигинде түзүлгөн геосаясий конфигурациянын пайдалуулугу, ошондой эле түрк мамлекеттеринин Азия менен Европанын ортосундагы мамилелердеги өзгөчөлүгү эл аралык саясий, экономикалык жана маданий системалардын бекемделишине жана эл аралык жашоонун өнүгүүсүнө кепилдик берет. Түрк мамлекеттеринин биримдигине жана өнүгүүсүнө карата Батыш дүйнөсүнүн мамилеси да бир маанилүү эмес. Батыш дүйнөсү түрк мамлекеттеринин биримдигине карата жалпысынан жакшы мамилесин билдиргени менен иш жүзүндө анын жакшы мамилеси Орусияга гана карата сакталууда. Чынында Батыш өлкөлөрү түрк мамлекеттеринин биримдигине Орусия сыяктуу кызганчаактык менен мамиле жасайт. Батыштын жана Орусиянын стратегдери алардын ата-бабалары Тимуриддерден корккондой эле түрк мамлекеттеринин биримдигинен кооптонуп турушат. Батыш дүйнөсү менен түрк дүйнөсүнүн ортосундагы мамиледе Орусиянын орду маанилүү. Бул тууралуу китептин кийинки бөлүгүндө кеп болот.

## 10. ОРУСИЯ ЕВРАЗИЯЧЫЛДЫГЫ

Советтер Союзу кулагандан кийин «элдердин абагынан» бошонгон союздук республикалар жана социалисттик лагердин өлкөлөрү кыска убакыттын ичинде биринин-артынан бири өз эгемендүүлүгү жөнүндө жарыя кылышкан. Негизинен Батыштын либералдык демократиясына артыкчылык берген жаш эгемендүү мамлекеттер кыска убакыттын аралыгында өздөрүнүн өнүгүү жолдорун аныктап, жаңы жолдо пайда боло турган кыйынчылыктарды жеңүүгө кайраттуулук менен киришишкен. Бүгүнкү күндө алардын көпчүлүгү өздөрүнүн көз карандысыздыгын бекемдей алышты деп толук ишеним менен айтууга болот. Алардын бир бөлүгү көз карандысыздык жолунда пайда болгон же, тактап айтканда, жаратылган көйгөйлөрдү жеңүүгө аракет кылып келишүүдө. Бизге канчалык таң калычтуу көрүнсө да, Орусия, өзүнүн үчүнчү миң жылдыктагы глобализациянын талаптарына ылайык өнүгүүсүнүн оптималдуу жолун жана так перспективаларын дагы деле аныктай албай жаткан жалгыз өлкө бойдон калууда. Эгемендүүлүккө ээ болгондон кийинки 20-жылдын ичинде Орусия жарандарынын социалдык-экономикалык абалы начарлаган. Өлкөнүн юридикалык абалынын начардыгы жана өнүгүү багытын тандоого байланышкан күмөндөр бар экендиги анын ички жана тышкы саясатындагы бири-бирине каршы келген айла-амалдарда байкалып турат. Советтер союзу кулагандан кийин пайда болгон өзүнүн ички коомдук көйгөйлөрүн толук чечип бүтпөстөн кайрадан дүйнөдө үстөмдүк кылууга умтулуп, өзүнүн бардык саясий-экономикалык кудуретин өзүнүн ички абалын турукташтырууга багыттабастан, империялык максаттарга багыттап жатат. Орусия мезгилдин талабына жооп берүүчү прогрессивдүүрөөк жолду тандоодо да чечкинсиздик көргөзүүдө. Бул жагынан алып караганда, азыркы мезгилдеги Орусиянын саясаты дагы деле эски мезгилдин төшөгүн жамынып келүүдө. Орусияда 20-жылдык убакыттын ичинде деле жаңы улуттук идеология бышып жетилген жок. Мына ошондуктан ал тарыхты артка буруугa жана ар түрдүү аталыштарды пайдаланып Советтер Союзун кайрадан калыбына келтирүүгө аракет кылып жатат. Мунун объективдүү себептери бар:

1) Орусия коммунисттик режимден кутулганы менен коммунисттик идеологиядан дагы деле кутула элек. Бул идеология тоталитаризмге жана унификацияга багытталган.

2) Орусиянын саясий элитасы, согуштук жана өнөр жайлык комплекси, ошондой эле согуштук стратегдери Батышка карата кастык сезиминен дагы деле бошоно элек.

3) Орусиянын саясий технологиялары глобализациянын логикасына туура келе турган идеологияны дагы деле жарата алышкан жок. Белгилүү бир жаңылыктар киргизилип жаткандыгы сөз түрүндө айтылып жатканы менен иш жүзүндө Орусия дагы деле Батышка карата кастык сезим менен, ал эми Чыгышка карата кызганыч сезими менен жашап келүүдө.

4) Орусияда ностальгиялык жана империялык сезимдер анын дээрлик бардык улутуна же анын көпчүлүгүнө таандык.

Мындай көрүнүштөр орусиялык Евразияда ачык эле көрүнүп турат. Мунун баары Орусияны евразиячылдык идеясынын кандайдыр бир тарыхый-цивилизациялык башатына негизделбеген абстракттуу шериктештик түзүү жөнүндө утопияга алып келген. Акыркы жылдарда Орусиянын эл аралык саясатында евразиячылдык теориясы жөнүндө өтө көп сөз айтылып жатат. Мындай теория дүйнө үчүн, айрыкча евразиялык географиялык мейкиндик үчүн жаңы нерсе эмес. Он сегизинчи кылымда Орусия «жогору жактагы» Түндүк согушунда жеңишке жетишкен, ал эми ошол эле учурда «ылдый жактагы» Алтын Ордо бир нече хандыктарга бөлүнүп, мурдагыдан кыйла начарлаган. Орусиянын ошол жеңиши жана Алтын Ордонун начарлашы орустарды согуштун чоң талаасына алып чыккан. 1721 – жылы өзүн империя деп жарыялаган Орусия түрк мамлекеттеринин жана империяларынын начарлашын өз максаты үчүн чебердик менен пайдаланган. Орусия империясы Евразиянын Кара жана Каспий деңиздеринин жанындагы аймактардагы стратегиялык флангын ээлеп алып, Кавказдын ички жагынан Персия тарапка, ал эми Борбор Азиянын ички жагынан Кытай тарапка кеңейе баштаган. 1905 – жылы Орусия империясынын аймагы Түрк-монгол жана Британия империяларынан кийинки эң чоң аймакка айланган. Анын аймагы 22 млн. кв. км. аянттан турган жана түндүктө Түндүк Муз океанынан баштап түштүктө Түштүк деңизине чейин, ал эми батышта Балтия деңизинен баштап чыгышта Тынч океанына чейин созулган.

Ошентип түрк элдеринин Евразиядагы кылымдарга созулган үстөмдүгү токтогондон кийин бул континентте болуп өткөн өзгөрүүлөр алдыңкы катарга славяндарды, тактап айтканда, орустарды алып чыккан. Жөнөкөй тил менен айтканда, түрк элдери начарлаган тарыхый мезгилдин орустар күчтөнгөн мезгилге туура келиши Евразиядагы геосаясий балансты түрк элдеринин жана Азия элдеринин пайдасына эмес, орустардын пайдасына өзгөрткөн. Евразиядагы үстөмдүк кылуучу империяга айланган Орусия

бул континенттин көп бөлүгүн ээлеп алып, Түркия мамлекетинен башка бардык түрк мамлекеттеринин көз карандысыздыгына чекит коюп, алардын калкын өз букаралыгына кошуп алган. Орусиянын саясий-идеологиялык ситемасынын өзгөрүүсү жана Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун түзүлүшү бул өлкөнү Евразия континентинде гана эмес, бүткүл дүйнөдө суперкүчкө айландырган. Жаңыдан калыптанган эки полюстуу дүйнөнүн бир полюсун дал ушул килейген унитардык мамлекет түзгөн.

Бирок Советтер Союзу өзүнүн 70-жылдык жашоосундагы улуттук саясатында жана эл аралык аренада олуттуу каталарды кетиргендиктен өзүнүн «динозавр сыяктуу чоң габариттерин» кармай албай кыйрап калган. Союздан бөлүнүп чыккан он төрт республиканын беши түрк республикалары болуп саналат. Илгерки мезгилден бери өздөрүнүн мамлекеттүүлүгү болуп келген бул республикалар улуттук кайра жаралуу процессине жигердүү жана чечкиндүү түрдө киришкен. СССР кулагандан кийин Евразияда логикага негизделген жаңы геосаясат калыптандыруу зарылдыгы пайда болгон. Ушундай тарыхый мезгилде Орусия Федерациясында Евразиячылдык идеясы пайда боло баштаган. Бул идея өз убагында Орусия империясынын калыптануусунда чоң роль ойноп, империянын негизги саясий-идеологиялык негиздеринин бири болгон. Азыркы мезгилде Орусия Федерациясы империялык амбициялардан дагы деле кутула албай келүүдө. Орусия өзүнүн неоевразиячылдык идеясын жаңы идея катары көргөзүүгө аракет кылып жатканы менен анын классикалык евразиячылдыктан эч кандай айырмасы жок.

Евразиячылдык деп аталган классикалык доктринаны жактагандар Евразияда Орусия үстөмдүк кылышы керек деген ойду негиздөөгө аракет кылышат. Орусиянын евразиячылдык доктринасы орус фундаментализм багытынын саясий-идеологиялык системасы болуп саналат. Негизинен панславизм жана славянофилдик агымына негизделип, бирок кийинчерээк аларды философиялык-маданий чөйрөдө күчөтүп жана идеализациялап жиберген орус евразиячылдыгы орус коомунда Батышты жана Чыгышты карагандардын ортосунда бөлүнүүнү күчөтүү үчүн бардык аракеттерди жасаган, жана мунун баары – Орусиянын батышка жана чыгышка байланышкан саясатындагы карама-каршылыктарды жоюу максатын көздөйт. Мындай аракеттер бүгүнкү күнгө чейин улантылып келүүдө жана коомдо далай талкууларды жаратууда. Ошондуктан ар түрдүү пикирлерден жана талкуулардан жаралган евразиячылдык доктринасынын эволюциясы карама-каршылыктар жана оор процесстер менен коштолуп келген.

Орусиянын саясий-философиялык чөйрөсүнүн айрым өкүлдөрү орус евразиячылдыгында карама-каршылыктар бар экенди-

гин дайыма белгилеп келишкен, бирок буга карабастан алар деле ошол карама-каршылыктарды ушул идеяны кайрадан ишке ашыруу максатында жоюуга жана Орусиянын агрессивдүү жана акылга негизделбеген саясатын актоого аракет кылып келишкен. Мисалы, Орусия империясынын калыптануу процессине баа берген көрүнүктүү орус философу Николай Бердяев Улуу Петрдун реформаларын «Жогорудан жасалган революция» деп атап, «Петрдун зордук менен жасалган жана эл үчүн оор болгон реформалары болбогондо, Орусия өзүнүн дүйнөлүк тарыхтагы миссиясын аткара алмак эмес жана өз сөзүн да айта алмак эмес», - деп жазган (144, 16-б).

Орусиянын «өзүн - өзү издөөсүн» түшүндүрүүгө аракет кылган Петр Чаадаев 1829-жылы, Орусия империясы өзүнүн оккупациялык саясатын өтө шыктануу менен ишке ашырып жаткан мезгилде минтип жазган: «Биз улуу адамзат тукумдарынын бирине да таандык эмеспиз. Биз Чыгыштан да, Батыштан да эмеспиз. Жана алардын салттарына да ээ эмеспиз» (196, 508-б).

Он тогузунчу кылымдын аягына жакындап калган мезгилде Орусия Евразияда үстөмдүк кылуучу империяга айланган. Ошол мезгилде орус ойчулу Федор Достоевский Орусиянын өзгөчөлүгү тууралуу минтип жазган: «Европада бизди татарлар, ал эми Азияда европалыктар деп айтышат» (158, 509-б). Анын ушундай көрүнүштү моюнга алуусунун өзү ошол мезгилде европалыктар тарабынан татарлар, тактап айтканда түрк элдери деп аталган этнос Евразиянын маңызы катары кабыл алынгандыгын далилдеп турат. Дал ушул себептен улам он тогузунчу кылымдын жарымынан баштап орус идеологдору жана интеллектуалдары «Европалык мамлекет катары бекемделүү керекпи же Азиялык мамлекет катары бекемделүү керекпи?» - деген дилемманын алдында турган Орусия империясы эртеби-кечпи өзүнүн геосаясий «статусуна» ылайык «евразиячылдыктын кийимин» кийиши керек деп ойлошкон. Чыгыш менен Батыштын ортосундагы идеялык күрөштө Чыгыш ошол мезгилде жеңишке жетишкен. Панслависттер славян дүйнөсүнүн өзгөчөлүгүнө негизделген идеяны карманышып, бара-бара Европаны тануу көз карашын кармана башташкан. Панславизмдин атайын теориясын сунуштаган Николай Данилевский өзүнүн 1862-жылы жазылган «Орусия жана Европа» деп аталган чыгармасында Орусия өлкөсү Батыш дүйнөсү менен жаңы парадигмада мамиле кылуусу зарыл экендигин белгилеген. Николай Данилевский европалашып калган адамдарды жана алардын пикирлерин орус жашоосунун сыркоосу деп эсептеген, ал эми Батыш менен күрөшүүнү «орус турмушун сактоонун жалгыз жолу» деп эсептеген (156, 323, 529-б). Николай Данилевский ошол эле учурда «Европаны арий уруулары ээлейт, ал эми Азияны – семит жана туран (түрк элдери) элдери ээлейт» - деп моюнга алган

(156, 400-401-б). Акыры, алдыңкы планга панславизмдин негизги максаты чыккан: «...православиенин жана улуу тарыхый окуялардын борбору болуп саналган Константинопольго (Стамбулга) ээ болуу, Орусияга Чыгыштын бардык өлкөлөрүнө таасир тийгизүү мүмкүнчүлүгүн бермек». Константинопольду «Царьград» деп атаган бул орус идеологу бул шаарды Орусиянын гана эмес, «Бүткүл славян шериктештигинин» борбору деп эсептеген (156, 467-470-б). Византияны кайрадан жаратуу жана Константинопольду (Стамбулду) славян дүйнөсүнүн борборуна айландыруу идеясы, албетте, Рим империясын кайрадан жаратуу сыяктуу эле болбогон идея. Орусиядагы империялык идеология ушунчалык күчөгөндүктөн бул мамлекет Чыгышта түрк дүйнөсүн, ал эми Батышта Европаны өзүнүн дүйнөгө үстөмдүк кылууга умтулуу жолундагы душманы катары карайт. Орусия өзүнүн дал ушундай империялык амбициялары күчөгөн мезгилден баштап эзелтен бери түрк элдерине таандык болуп келген жана түрк дүйнөсүнүн гегемониясын же үстөмдүгүн чагылдырган евразиячылдык идеясын өздөштүрүүнү жана аны өзүнүн улуттук идеясына айландырууну чечкен. Ошентип Орусия панславизм идеясынан евразиячылдык идеясына өткөн. Евразиячылдык идеясы панславизм идеясынан айырмаланып, Орусиянын империялык геосаясатын колдонмо кылып алган жана Азияга орус фундаментализм багытынын негизинде мамиле кылат.

Владимир Ламанский 1892-жылы чыккан «Азия-Европа материгинин үч дүйнөсү» аттуу чыгармасында Орусияны биринчи жолу Евразиядагы мамлекет катары карап, Евразия Урал тоолорун бойлой бөлүнгөн эки континенттен турбастыгын жана ал чынында Европадан, Азиядан жана Евразиядан турат деп айткан. Анын пикиринде, Орусиянын өзгөчөлүгү дал «ушул үч дүйнө» чогулган мейкиндикте. Владимир Ломанскийдин замандашы Константин Леонтьев Орусиянын мамлекет катары келечегин Азияга байланыштырган. Анын пикиринде, Орусия өзүнүн кийинки жана келечектеги ишмердүүлүгүн Европадан баш тартуу принцибине негиздеши керек. Ал өзүнүн «славян дүйнөсүнө караганда Туран дүйнөсүнө көбүрөөк таандык экенин» билиши керек» (279, 3-б). Ошентип, «Туран дүйнөсү» Орусия тарабынан Евразиянын өзүнө теңдештирилген мейкиндик түшүнүгү болуп саналат. Князь Николай Сергеевич Трубецкой классикалык евразиячылдыктын системдүүрөөк концепциясынын сунуштаган. Анын пикиринде, «Орусиянын тарыхын Батыштан эмес, Чыгыштан баштап кароо керек» (192). Евразияны ал ар түрдүү элдер тарабынан жаратылган жана тандалган цивилизациялык мейкиндик катары карап, Чыңгызхан 700-жыл мурда эле Евразиянын бүтүндүгүн камсыздап койгондугун моюнга алган: «Азыркы мезгилдеги тарыхый перспективада (1920-жылдар)

Орусия деп да, СССР деп да атоого боло турган заманбап мамлекет (кеп аталышта эмес) Чыңгызхан негиздеген улуу Монгол-Түрк империясынын бир бөлүгү болуп саналат... Орусиянын географиялык аймагы ошол империянын борборуна туура келет». Трубецкойдун пикиринде, «Москва падышасы Алтын Ордону башкарган хандардын мураскери болгондой эле, Евразия аймагындагы Орусиянын мамлекеттүүлүгү да Чыңгызхандын мамлекетинин мураскери жана ордун басуучу болуп саналат». Николай Трубецкой жадагалса мындай мураскерликтин генетикалык негиздерин же далилдерин тапкан: «Финн-угор жана славян элдериндей эле, орустардын кан тамырларында да түрк элдеринин каны агат. Демейде биздин бир туугандарыбыз (дин жана тил жагынан гана эмес, мүнөз жана маданият жагынан) славяндар гана эмес, түрк элдери да экендиги унутулуп калат» (192, 14-б, 15-17, 31-36). Бул орус идеологунун пикиринде, Орусия өзүн Чыңгызхандын мураскери жана анын ордун басуучу экенин түшүнгөндө гана Евразия өзүнүн тарыхый жүзүн табат! Ошентип, Орусиянын максаты түшүнүктүү: Түрк элдеринин жерлерин оккупациялап алган Орусия мамлекети өзүнүн Евразияда үстөмдүк кылуу максатын ишке ашыруу жана «түрк дүйнөсүнө» байланышкан карама-каршылыктарды жок кылуу үчүн өзүн «түрк элдерине» бир тууган өлкө деп жарыялаган.

1917-жылы, Орусия империясы кулап, анын аймагында СССР түзүлгөн мезгилде орус эмигранттары тарабынан түзүлгөн кыймылдардын арасында евразиячылдык кыймылы да атайын саясий-идеологиялык тенденция катары өнүгө баштаган: 1932-жылы чет өлкөдө Евразия партиясы түзүлгөн. Бул партияны түзгөндөрдүн бири Петр Савицкий евроазиячылдык кыймылын теориялык багытта иштеп чыгып, анын саясий платформасын жараткан. Евразиячылдык идеясына өмүрүнүн аягына чейин берилген Петр Савицкий орус геосаясатындагы бул идеяны жакшыртып олтуруп, аны теориялык чөйрөдөн практикалык иш-аракет чөйрөсүнө которгон. Ал өзүнөн мурдагы идеялаштары сыяктуу эле Орусиянын тагдырын Азия менен байланыштырган, ал эми орус улутунун азиялыктардан үйрөнгөн «континенттик сезимин» Евразияда үстөмдүк кылуунун шарты деп эсептеген (185, 155-б).

СССР расмий түрдө коммунизм идеологиясын кармангандыктан ал мезгилде евразиячылдык үчүн орун болгон эмес. Ал мезгилде евразиячылдык идеясы кандайдыр бир башка идеянын арасында гана пайда болушу мүмкүн эле. Бирок буга карабастан СССР тарабынан «жашыруун» жүргүзүлгөн экспансия саясаты евразиячылдыктан да масштабдуураак жана амбициялуураак болгон. Евразиячылдык идеясы Советтер Союзу кулагандан кийин ачык доктрина катары өнүгө баштаган жана бул тенденция теориялык-аналити-

калык адабиятта «неоевразиячылдык» деп атала баштаган (279, 3-6-б). Өзүнүн маңызы боюнча классикалык евразиячылдыктан айырмаланбаган неоевразиячылдыктын жактоочулары бул идеяны заманбап дүйнөнүн саясий чындыктарына таянып көргөзүп жатабыз деп ойлошот. Бирок тарыхый жагдайларды салыштырууда өтө кооптуу бир өзгөчөлүк ачыкка чыгат: мурдагы «союздук» республикаларды «жоготуп алган» Орусия өзүнүн бул «жоготууларына» бой сунбастан, евразиячылдык идеясын өзүнүн тарыхында биринчи жолу өзүнүн борбордук саясатына айландырган.

Бүгүнкү күндө Орусияда евразиячылдык идеясы бири-бирине байланышкан төрт багытта ишке ашырылып жатат: (1) Илимий-теориялык жана гуманитардык-маданий концепцияларда; (2) коомдук-саясий кыймылдарда; (3) саясий партиялардын идеологиялык платформасында; (4) мамлекеттик саясаттын алдыңкы линияларында. Орус мамлекети өзүнүн геосаясий кубаттуулугун сактоо жана өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ же ээ эмес экендигин азыркы учурдагы тарыхый-саясий жагдайда изилдөө маселеси евразиячылдыктын заманбап жактоочуларынын көңүлүн бурган негизги нерсе болуп саналат. Орусия Федерациясынын Илимдер Академиясынын алдындагы философия институтунун социалдык-философиялык изилдөөлөр борборунун башчысы Александр Сергеевич Панарин өзүнүн «Орусия дүйнөлүк тарыхтын мерчеминде», «Глобалдык саясий болжолдоо» жана «Глобализм менен азгыруу» (178; 176, 177) деп аталган чыгармаларында Орусиянын «евразиячылдыгын» Батыштын «атлантизмине» салыштырган. Ал Орусия империясынын жана Советтер Союзунун мураскери болуп саналган Орусия мамлекетинин адегенде Евразия континентиндеги, андан кийин бүткүл дүйнөдөгү үстөмдүк кылуучу саясий күчкө айлануусу жөнүндө ой-пикирлерин билдирген.

А.С. Панарин «Орусиянын кыйроосу уланып жаткандыгын» моюнга алып (176, 78-б), бирок ошол эле учурда кандайдыр бир софистикалык логикага таянып, Орусиянын сюрреалисттик перспективалары тууралуу да айткан. Орусиянын реваншына шарт түзүүчү процесстерди ал минтип түшүндүргөн: «Бүгүнкү күндө биз үч Евразиялык долбоордун ортосундагы атаандаштыкты байкап жатабыз: 1) Түндүк же орус евразиясы, 2) ислам евразиясы (түрк мамлекеттеринин таасири астындагы Евразия), 3) кытай Евразиясы (Кытайдын үстөмдүгү астындагы Улуу Жибек жолунун кайра жаралуусуна байланышкан Евразия). Акыркы эки долбоор, тактап айтканда мусулман евразиясы жана кытай евразиясы деп аталган долбоорлор Атлантика менен Тынч океанды Орусиянын кызыкчылыктарын эске албастан бириктирүү максатын көздөйт. «Бул эки долбоор тең Каспийдин мунайзат байлыктарын ачууга багытталган»

(176, 163-б). Автордун пикиринде, эгер мындай процесстерди «орус долбоору» башкара турган болсо, анда анын ийгиликтерди жетүү үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрү бар болот. Панариндин «неоевразиячылдыгы» талаада жалгыз калып калган Орусияга шериктештерди издеп жаткандай таасир калтырат. Панарин анын мамлекетинин үстөмдүгү астында жаңы глобалдык альянстар пайда болорун божомолдогону менен (176, 317-б) анын мындай пикирлери саясий прагматикадан алыс экендиги байкалып турат. Евразия майданында глобалдык атаандаштык күчөп, таасир чөйрөсү жагынан «орус долбоорунан» ашып түшкөн долбоорлор калыптанууда.

Евразиячылдык идеясы Орусиядагы бардык саясий партиялардын саясий платформаларына же программаларына киргизилген. Бул партиялардын баары орус коомунун консервативдүү бөлүгүндө, айрыкча СССРди сагынып жашаган коммунисттердин арасында, Орусиянын дүйнөлүк аренада үстөмдүк кылуусун колдогон улутчулдардын арасында, ошондой эле полиэтникалык Орусиянын универсалдуу кейпин элестеткен космополиттердин арасында белгилүүлүккө ээ болуу үчүн евразиячылдык идеологиясын чоң жигердүүлүк менен пропагандалап жатышат.

Евразиячылдык идеясын Орусиядагы коомдук-саясий кыймыл деңгээлине чыгарган Александр Дугин өзүнүн «Евразиялык көз караш» аттуу китебинде «Евразиялык платформанын» негизги принциптерин сунуштаган. Дугиндин коомдук-саясий ишмердүүлүгү, жалпысынан алып караганда (азыркы учурда ал Орусия Федерациясынын Мамлекеттик Думасынын алдындагы эксперттик кеңештин мүчөсү болуп саналат), мурдагы советтик республикалар менен бириргүү же интеграция аркылуу Орусиянын мурдагы статусун, тактап айтканда «Евразиянын супердержавасы» деген статусун калыбына келтирүүгө багытталган. Автордун «Евразия» деп аталган китеби Жалпыорусиялык коомдук-саясий кыймылдын иш-аракеттер программасынын негизги жоболорунан турат. Неоевразиячылдыктын идеологу Александр Дугин тарабынан сунушталган платформанын өзөгүн төмөнкүдөй кылып кыскача сүрөттөсө болот: неоевразиячылдык идеясы классикалык евразиячылдыктын идеологиялык негизинде калыптанган. Бул идеяны «негиздөөчүлөрдүн» негизги тезиси төмөнкүдөй: «Батыш – бүткүл адамзатка каршы» (160, 6-б). Ошондуктан Батышты туураган бир да өлкө өзүнүн жолун аныктай албастан, дайыма Батыштын жетегинде жүрүп келген. Орусиядагы батышчыл саясат өлкөнүн жеңип алган абалдарынын начарлашына жана жоголушуна алып келген. «Заманбап Орусиядагы идеялык кризис» дал ушул саясаттан башталган. Азыркы мезгилде батышчылдык идеясы өзүн глобализация моделинде көргөзүп жатат. Бирок мындай кооптуу саясатка каршы туруунун жолу бар. «Бүт-

күл дүйнөнүн, ошонун ичинде Орусиянын да американизацияланып жатышын, ошондой эле үстөмдүк кылуучу өлкөгө кул сыяктуу баш ийүүнү – көпчүлүк жактырбагандыгы түшүнүктүү болуп турат» (160, 5-б). Глобализм саясатында евразиячылдык идеясы гана бир полюстуу дүйнөгө альтернатива боло ала турган көз караштын жалгыз булагы болуп саналат. «Евразиялык Федерализм» идеясын күчөтүү, КМШнын негизинде «Евразиялык Шериктештик» түзүү, КМШ мейкиндигинин ичинде стратегиялык интеграцияны кеңейтүү, ошондой эле Москва – Тегеран – Дели – Пекин багытындагы «шериктеш мамлекеттердин өзөгү» деп аталган долбоорду ишке ашыруу сыяктуу иш-чаралар приоритеттүү болуп саналат (160, 14-15-б). Мурда тарыхта болуп келгендей, великоростор бүгүнкү күндө деле славян, түрк жана финно-угор этносторунун аралашуусунан жаралган «жалпы же бир элдин калыптанышын» камсыздай алышат. «Евразиячылдык идеясы көз караш, философия, геосаясий долбоор, экономикалык теория, руханий кыймыл, ошондой эле көптөгөн саясий күчтөрдүн биригүүсүн камсыздоочу өзөк боло алат». Бул идея «Евразия – бул бүтүн планета» деп жарыялоодо (160, 34-35-б).

Бирок Александр Дугин өзүнүн «долбоорлорунда» Орусия империясы, Советтер Союзу жана КМШ тарабынан жасалган иш-аракеттерден да тереңирээк кеткен ойлорду билдирген. Мисалы, анын пикиринде, Евразия мейкиндигинде жаралган «Евразиялык шериктештик» - көз карандысыз мамлекеттердин эмес, заманбап Орусия Федерациясынын алкагында жана федеративдик негизде бириктирилген унитардык мамлекеттердин шериктештиги болушу керек (160, 62- 69-б). Ал «Евразиялык жалпы үй» деп аталган долбоорду көтөрүп, ал үйгө Азиянын Монголия, Кытай, Жапония, Иран, Афганистан жана Индия сыяктуу мамлекеттерин «чакырган» (160, 70-76-б). Дугин мырза өзүнүн аткарып жаткан эмгеги «жалпы дүйнөлүк мааниге» ээ деп аңкоолук менен ишенген. Ал өзүнүн китебинин акыркы беттерине Жалпыорусиялык коомдук-саясий кыймылдын Жобосун жайгаштырган жана анын пикиринде, ошол жобону евразиячылдардын баары окуп, уюмга мүчө болуп кириши керек! Бул орус идеологу өз өлкөсүндөгү Евразиячылдык идеясын мамлекеттик саясат деңгээлине жеткирген. Анын мындай аракети кокустук эмес. «Евразиячылдар орус бийлигинин геосаясий кубаттуулугун кайрадан калыбына келтирүү жана орус мамлекеттүүлүгүн бекемдөө боюнча В.В. Путиндин саясий багытын чоң үмүт менен кабыл алышат» (160, 88-б).

Бүгүнкү күндө евразиячылдык идеясы Орусия Федерациясынын мамлекеттик саясат деңгээлине чейин жете турган саясий багыт болуп саналат. Орусия Федерациясы Көз карандысыз Мамлекеттер

Шериктештиги менен гана чектелбестен жана бул шериктештиктин ичиндеги формалдуу биримдикке анча ишенбестен, «Евразия Бирлиги» («Советтер Союзуна» окшоштугу ачык эле көрүнүп турат) (139-б) долбоорун ишке ашыруу боюнча олуттуу иш-аракеттерди аткарууга киришти. 2011 – жылы 12 – ноябрда Орусия, Беларусь жана Казакстан мамлекеттери Евразия Бирлигин түзүү боюнча декларацияга кол коюшуп, Кыргызстан менен Тажикстандын талапкерлиги да бекитилген. Евразия Бирлигин түзүү процессин Эркин Соода Аймагы, Евразиялык Экономикалык Биримдик, Бажы Биримдиги жана Бирдиктүү Экономикалык Мейкиндик сыяктуу интеграциялык этаптарга бөлүү каралган. Долбоорчулардын пикиринде, бул долбоор жетиштүү деңгээлде «жагымдуу» болуп саналат. Эгер мындай ниет ишке аша турган болсо, Евразия Бирлиги өзүнүн аянты боюнча дүйнөдө биринчи (20 030 748 кв.км), калк саны боюнча жетинчи (169 315 689 – адам), ИДП боюнча алтынчы (2.720 трлн доллар) болот. Бул долбоордун авторлорунун пикиринде, алардын сөзү менен айтканда, «өздөрүнүн көз карандысыздыгын жарыялаган постсоветтик мамлекеттер, тактап айтканда Абхазия, Түштүк Осетия, Приднестровье жана Тоолуу-Карабак Республикасы» Евразия Бирлигинин жаңы мүчөлөрү болот. Ушул нерсени баса белгилеген Орусия өкмөтү көз карандысыз республикаларды өзүнүн таасир чөйрөсүнөн чыгарбастан БУУга мүчө болгон көз карандысыз республикалардын ичинде сепаратизмдин пайда болушун өбөлгөлөп, аларды Евразия Бирлигине «сүйрөп киргизүүгө» аракет кылып жатат. Орусиянын мындай аракети эл аралык укукту одоно бузуу актысы болуп саналат.

Орус евразисттери Евразия Бирлиги саясат, экономика, аскер жана бажы мейкиндигинде шериктеш болуп калган көз карандысыз мамлекеттердин конфедеративдик бирлиги катары каралат деп олуттуу түрдө жарыя кылышууда. Алар ошондой эле «Советтик Союздун Евразия Бирлигине, ал эми коммунизм идеологиясынын евразия идеологиясына айланышы» ушундай Бирликти түзүү зарылдыгын пайда кылат деп жарыя кылышат.

Орусиянын президенти Владимир Путин жана Казакстандын президенти Нурсултан Назарбаев Евразия Бирлигинин мамлекеттик деңгээлдеги авторлору болуп саналат. Орусиянын президенти Путин Евразия Бирлигин түзүү жөнүндө декларацияга өзү премьер-министр болуп турган учурда жана 2011-жылдын күз мезгилинде өзүнүн «Евразия үчүн интеграциянын жаңы долбоору – бүгүнкү күндөн жаралуучу келечек» (181) аттуу макаласын жарыя кылгандан кийин кол койгон. Путиндин пикиринде, евразия геосаясатында ушундай Бирликтин түзүлүүсү менен бирге «заманбап дүйнөнүн полюстарынын бири» боло турган күч калыптанат (181).

Эң жакынкы мезгилде «көп өлкөлөр жана улуттар үчүн жалпы боло турган» Евразиялык парламент жана Евразия бирлиги түзүлөт, 2015-жылга чейин бул долбоорду толук ишке ашыруу пландаштырылган; ал эми аны ишке ашыруунун кийинки этаптарында кененирээк интеграциялык пландын негизинде «Чоң Евразия Бирлиги» түзүлөт жана ал Бирликке Кытай, Иран, Индия жана жадагалса европалык мамлекеттер да кирет! Чынында эле заманбап эл аралык саясат Орусиянын дүйнөгө үстөмдүк кылуусуна уруксат береби?! Мындай мүмкүнчүлүк мүмкүн эместей сезилет.

Классикалык евразиячылдыктын өкүлдөрү болгон орус идеологдору Николай Трубецкой, Владимир Ламанский, Константин Леонтьев жана Пётр Савицкий жогоруда айтылгандай Бирликтин пайда болушу үчүн ал Бирликке кире турган элдердин жалпы тарыхый-цивилизациялык тамыры болушу зарыл экендигин алдын ала караштырышкан эмес же аны караштырууну каалашкан да эмес. Ошол эле учурда «неоевразиячылдардын» (Александр Панарин, Александр Дугин) көз караштарын карап чыга турган болсок, бул идеология көрүнөө жаңылыштыктардан, аша чабуулардан жана жөнсүз көз караштардан дагы деле кутула элек экендиги ачык көрүнөт. Орусия өзүнүн империялык саясатын дал ушул идеология менен актоого аракет кылууда. Жадагалса эң чебердик менен даярдалган софистика да мындай кемчиликтерди жашыра албайт. Империялык идеология катары пландаштырылган евразиячылдык - биринчи кезекте Евразия элдеринин үстүнөн Орусиянын бийлигин бекитүүгө арналган саясат болуп саналат. Эл аралык саясаттын заманбап шарттарынын алкагында карай турган болсок, мындай саясаттын ийгиликтүүлүгү тарых дөңгөлөгүн артка айландыруу аракети сыяктуу эле аңкоолук болуп саналат.

Евразиячылдык идеологиясынын жактоочулары өздөрүнүн көз караштарын коргоо үчүн бардык аракеттерин жумшап жатышат. Бирок алар коргоп жаткан көз караштар Евразияда кабыл алынбайт. Бул чындыкты алар көрүп, моюнга алышы керек. Орусия өзүнүн империялык тарыхында өзүнүн бир тамырдан тараган славян элдерине деле адилетсиз мамиле жасап, аларга көз карандысыздыкка ээ болууга жана өз алдынча өнүгүүгө тоскоолдук кылган. Жадагалса өздөрүнүн мамлекеттүүлүгүнө байланышкан чоң салттары жана тарыхы бар Украина жана Польша мамлекеттери да Орусиянын кысымы астында калышкан. Ошондуктан орус панславизм идеясы иллюзия бойдон калган. Панславизм идеясы Орусиянын империялык саясатында дайыма курал катары пайдаланылып келген.

Евразиянын Батышевропалык бөлүгү өзүн дайыма жогорураак цивилизация катары эсептеп келгендиктен Орусияга да ошондой мамиле жасаган. Батыш дүйнөсү Орусияны Европага теңдештире

ала турган себептерди таба албай келүүдө же аларды табууну каалабайт. Евразиянын чыгыш бөлүгү (негизинен Борбордук Азия) «Орусия үчүн жеңил олжо болууну каалабайт». Ошондуктан Азиянын Орусияга каршылык көргөзүү аракеттери Европанын аракеттери сыяктуу эле дайыма катуу болуп келген. Ошентип евразиячылдык идеясынын бир эле маңызды камтыган ар түрдүү долбоорлору Европа жана Азия тарабынан кабыл алынган эмес. Орусиянын геосаясий долбоорунун Европа жана Азия тарабынан кабыл алынбоосу Орусиянын геосаясатында жана геоцивилизациясында шектерди жаратып, аны адаштырууда. Европанын тыгызыраак жана жыйнактуураак мейкиндиги тарабынан кабыл алынбаган Орусия, Азиянын тыгыздыгы жана жыйнактыгы азыраак болгон мейкиндигинде бекемделүүгө аргасыз болууда. Евразиячылдык идеясынын жактоочулары Европадан жүзүн буруп, Азияда бекемделүүгө аракет кылууга мажбур болушкан. Алар өздөрүнүн геосаясий таянычын Азия тарапка жылдырышууда. Бирок ошол эле учурда алар Евразиянын аларга жакын болгон бөлүгү түрк этносу жана түрк элдеринин цивилизациясы жашаган жер экендигин көрүп турушат. Бул жерде кылымдар бою (айрыкча Алтын Ордо учурунда) славян жерлеринде мамлекеттерди куруп, этногенездин өнүгүү процессине жигердүү катышып келген түрк элдери жөнүндө кеп болуп жатат. Ушул себептен улам евразиячылдык идеясынын жактоочулары азия дүйнөсү менен түрк дүйнөсүн дээрлик бир дүйнө катары карашат. Түрк дүйнөсүн жеңип алуу – Азияны жеңип алуу дегенди билдирерин алар жакшы түшүнүшөт (279, 171-201-б; 202-204). Евразиянын геосаясий тарыхынын негизги авторлору чынында - түрк элдери болуп саналат. Орусиянын Евразияда үстөмдүк кылуусунун туу чокусу Экинчи Дүйнөлүк Согуш аяктагандан кийин 80-жылдарга чейин болжол менен 40-жыл созулган. Ушул кыска мезгилдин ичинде Орусия өзүнө багындырып алган өлкөлөрдүн саясий режимин өзгөртүп, өзүнө «спутник боло турган мамлекеттерди» түзүп алган. Жадагалса Германия сыяктуу алп мамлекетти да ал экиге бөлүп койгон. Тынч Океандын толкундары тарабынан курчалган Куриль аралдары тарапка да жылган Орусия мамлекети ал жактан Жапонияга такалат. Орусия мамлекети Кытай сыяктуу эле Алыскы Азия өлкөлөрүнүн көбүн жана Чыгыш Европаны да «социалисттик лагерге» кошуп алган. Өзүнүн маңызы боюнча диктатордук өлкө болуп саналган Орусия эки полюстуу дүйнөдө ошол полюстардын биринде үстөмдүк кылуучу өлкөгө айланган. Ошондуктан Петрдун реформаларына окшогон зордук саясатын колдонуудан башка эч кандай прагматикалык тажрыйбасы болбогон бул өлкөдө СССР кулап жаткан учурда тез аранын ичинде эле дезинтеграция процесстери башталып кеткен: зордоп советтик республикаларга айланды-

рылган жана «социалисттик лагердин» өкүлдөрү болгон өлкөлөр ал лагерден чечкиндүү түрдө алыстап, дүйнөлүк курулуш процессине кошулушкан. Мындай нерсени тарыхый-саясий логика эчак эле талап кылып келген.

Азыр башкача заман: Евразиянын эгемендүү түрк республикаларын кандайдыр бир нерселер менен азгырып, Евразия Бирлигинин «тузагына» киргизүү мүмкүн эмес. Орусиянын деле өзүнүн мындай долбоорун зордук менен ишке ашырууга мурдагыдай кубаты жок. Орусиялык саясий аналитик жана Москвадагы Карнеги борборунун мүдүрү Дмитрий Тренин Орусиянын заманбап эл аралык жашоодогу ордун аныктоого арналган өзүнүн изилдөөсүндө («Постскриптум: Евразиянын тарыхы», «Евразиянын акыры»: Орусия геосаясаттын жана глобализациянын чек араларында») бул өлкөнүн неоэкспансионисттик ийгиликсиз перспективаларын ачык жана туура көргөзгөн. Ал муну минтип баяндайт: «Жыйырма биринчи кылымдагы Орусия менен эски Орусиянын ортосундагы айырма абдан чоң. Коммунизмдин кыйрашы идеологиялардын жана баалуулуктардын эркиндиги үчүн жакшы кабар берет... Орусиянын 500-жылга созулган (менимче 300-жылга созулган – Ж.Ф.) империялык тарыхы өчүп жатат жана анын супердержавалык амбициялары акырындык менен токтоп жатат. Азыркы учурда Орусия мамлекети ичинен ичкерип жатат» (310, 9-б). Империяга кайрылуу мүмкүн болбой калды. Анткени эл аралык саясий жагдай «улуттук мамлекеттерди түзүп, аларга таянат» (310, 13-б). Евразиянын тарыхый чындыктарын жана азыркы жагдайын анализдеп олтуруп Дмитрий Тренин төмөнкүдөй тыянакка келет: евразиячылдык идеясынын жактоочулары, тактап айтканда Евразия аймагын орусташтырууга умтулгандар, башынан баштап эле туура эмес стратегияны тандап алышкан: алар өздөрүнүн багытын Европадан Азияга буруп, тарыхый ката кетиришкен. «Орусия фундаменталдык көз караштан алып караганда, евразиялык эмес, европалык өлкө болуп саналат». Ошол себептен улам Орусиянын европалык перспективалары ал үчүн пайдалуураак мүмкүнчүлүктөрдү ачмак: ал Батыш цивилизациясынын бир бөлүгү болуп калмак. Азиянын чексиз жерлеринде Орусия өзүн жоготуп, өзүн өзү таба албай калган. Азыркы учурдагы тарыхый жагдайда «Орусия мамлекети Евразияда мурдагыдай болуп өзүнө тартуучу борбор боло албай калды». «Евразиячылдык идеясы эчак эле жансыз болуп калган жана ал Орусиянын абалын Европада да, Азияда да бекемдей албайт» (311, 94-99-б, 138-147). Орусиянын мурдагыдай империалисттик саясатты жандандыруу аракеттери мындан да оор кесепеттерди жаратышы мүмкүн: анын жумшак жана ошол эле учурда зордук менен жасаган айла-амалдары көз карандысыздыктын эң маанилүү, эң татаал жана эң кризистик

мезгилинен өтүп бүткөн өлкөлөрдү андан ого бетер алыстатат. Эгер Орусия өзүнүн «жоготууларынын» айынан өзүнүн агрессивдүү саясатын күчөтө турган болсо, ал «аймагы боюнча чоңураак Түштүк Кореяга» айланышы мүмкүн. Акыры, дезинтеграциянын болбой койбос процесстери бул жолкусунда Орусиянын ичинде башталып кетиши ыктымал!

Ушул себептен улам Орусия өзүн «неоевразиячылдык» иллюзиясы менен алдап, «Славян Бирлиги» жана «Евразия Бирлиги» деп аталган конструкциялардын арасында кайсалактабашы керек. Аймагы боюнча планетадагы эң чоң өлкө болуп саналган Орусия үчүн «жаңы бирликтердин» жана «федерациялардын» эсебинен кеңейүүнүн зарылдыгы жок. Анын чоң аймагында чечилбеген көйгөйлөр көп. Ошондуктан евразиялык Орусия өзүнүн Европада жана Азияда үстөмдүк кылуу амбицияларына чекит коюшу керек. Анткени Азиянын жана Европанын бир да өлкөсү Орусиянын мындай ниети менен макул болбостугу алдын ала белгилүү. Заманбап Орусия өзүнүн миссиясын Евразиядагы мамлекеттер менен кадимкидей кызматташуу аркылуу аткарып, ушундай кызматташтыктын өнүгүүсүнө өз салымын кошуусу керек. Бирок азырынча бул жөн гана каалоо бойдон калууда, ал эми чындык таптакыр башкача.

# 11. ЕВРАЗИЯНЫН БАТЫШКА КАРАТА САЯСАТЫ: ТУРУКТУУ ЖАНА ОШОЛ ЭЛЕ УЧУРДА ТУРУКСУЗ САЯСАТЫ

Европадагы Ренессанс, Реформация жана Агартуу кыймылы коомдук, саясий, экономикалык жана маданий жашоону баштан-аяк өзгөртүүчү процесстердин пайда болушун шарттаган: европалыктар падышаларды алмаштыруудан жана жазалоодон, жүз жылдап башкарган династияларды бийликтен алуудан, жаңы саясий режимдерди жаратуудан (Француз революциясы), парламенттик маданиятты күчөтүүдөн (британиялык реформалар), өндүрүштү революциялык ыкмалар аркылуу өзгөртүүдөн, ошондой эле экономиканын капиталисттик системасын түзүп, аны ишке ашыруудан коркушкан эмес. Вестфаль тынчтык келишими түзүлгөндөн кийин (1648-жыл) Европада улуттук мамлекеттердин пайда болушу артка кайтарылгыс процесс болуп калган. Албетте ал мезгилден кийин деле бул аймактагы согуштар токтоп калган эмес, бирок Европадагы саясий уюшууга байланышкан жалпы логика *европа ичиндеги конфликттерди бара-бара тышкы европалык атаандаштык талаасына* багыттаган.

Планетанын географиясы жана ар түрдүү аймактарда жашаган адамдардын жашоосу тууралуу жаңы маалыматтар «европалыктарды ойготкон». Алар өз убагында Чыгыштан Түштүккө карай Александр Македонский, андан кийин Рим империясы кеңейткен чек араларга кайрылып барууга кыялдана башташкан. Алар Азияда, Африкада жана Америка континентинде «өздөрүнүн өкмөттөрүн» түзүү мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө ойлоно башташкан. Европа өлкөлөрүндө экономиканын өнүгүүсү алардын саясий түзүмдөрүнүн жана согуштук өнөр жайынын өнүгүүсүнө алып келген. Көбүрөөк өнүккөн өлкөлөр Европанын сырт жагындагы өздөрүнүн «цивилизациялык артыкчылыктарын» согуштук-саясий артыкчылыктар менен бекемдөө үчүн катаал атаандаштык күрөшүнө кошулушкан. Он сегизинчи кылымда башталып, өзүнүн туу чокусуна он тогузунчу кылымдын аягында жана жыйырманчы кылымдын башында жеткен *европалык империализм* планетанын көптөгөн бөлүгүн өзүнүн саясий экспансиясынын торуна илген. Планетанын батыш жарым шары жыйырманчы кылымга чейин дүйнөлүк саясатты башкарууга катышкан эмес. Бул мезгилге чейин дүйнөлүк саясаттын негизги аянты Чыгыш жарым шарынын, тактап айтканда, Азияда жана

Европада бири-бирин алмаштырып келген гегемон-мамлекеттердин колунда болгон. Кийин Америка Кошмо Штаттары жана Батыш жарым шарындагы өлкөлөр гана «чыныгы саясат» линиясын жүргүзүү аркылуу дүйнөлүк саясатта алдыга чыгышкан (272, 17-55-б, 173). Батыш жарым шарына кирген европалык аймактарда экспансияны «көбөйткөн» Америка Кошмо Штаттары Европа менен биргеликте «*Батыш цивилизациясы*» жана «*Батыш империализми*» деп аталган феноменди жараткан. Европа менен АКШ өздөрүнүн ортосундагы көптөгөн карама-каршылыктарга жана күңүрттүктөргө карабастан маанилүү мезгилдерде бирдей көз караштты карманышып, Европа менен Азиянын жана Чыгыш менен Батыштын ортосундагы мамилелерде батыш саясатын жактап келишкен.

Батыштын империализм саясаты Америка, Африка жана Австралия континенттерине жайылган мезгилде Жакынкы Чыгыштын жана Түштүк-чыгыш Азиянын бир топ өлкөлөрү башка өлкөлөрдө өздөрүнүн кенен таасир чөйрөсүн жаратышкан. Алардын мындай умтулууларын планетардык машстабка жеткирбестен токтотуп калган күчтөр – Осмон империясы жана Орусия империясы болгон (189, 154-163-б). Бирок англиялык тарыхчы Арнольд Тойнби белгилегендей, Батыштын куралын, тактап айтканда вестернизацияны анын өзүнө каршы буруп коё алган Улуу Пётр жана Мустафа Кемаль Ататүрк жогоруда айтылган процесстин аягына чыгышына жол беришкен эмес (190, 256, 266-291-б). Орусия жана Түркия мамлекеттери Батыштын империализм саясатына Евразияны толук көзөмөлгө алууга мүмкүндүк беришкен эмес. Бирок ушунун баарына карабастан Батыштын империализм саясаты планетада үстөмдүк кылуучу саясий күч катары калыптанып, дүйнөнүн бардык континенттеринде өзүнүн колониалдык режимдерин түзгөн. Колонияга айланган өлкөлөрдүн байлыктары Европанын жана Американын шаарларына агып кете баштаган.

Америка Кошмо Штаттары күчтөнгөн сайын батыш геоцивилизациясынын трансатлантикалык мейкиндиги ого бетер кеңейген. Батыштын евразиялык процесстерге жумшак дипломатия, катуу радикализм жана кандуу согуштарды жүргүзүү аркылуу кийгилишүүсү Чыгыш менен Батыштын ортосундагы геосаясий тең салмактуулукту Батыштын пайдасына өзгөрткөн. Азия өлкөлөрүнүн көпчүлүгү Батыштын эркине көбүрөөк көз каранды болуп калышкан. Мисалы, 1800-жылы Азия мамлекеттеринин ички дүң продукциясы жалпы дүйнөлүк ИДПнын 60%-ын түзсө, Европадагы ушундай көрсөткүч 30%-ды түзгөн. 1750 – жылы Индия мамлекети Улуу Британиянын колониясына айлана электе дүйнөлүк экономиканын 25% -ын ээлеген (бүгүнкү күндө АКШ дүйнөлүк экономиканын 25%-ын ээлейт). Ал эми 1900-жылы, Британия империясынын колониясына айлан-

ган мезгилде анын дүйнөлүк экономикадагы үлүшү 1,6 – пайызга түшүп кеткен (213, 15-б).

Ошол тарыхый мезгилде Батыштын империализм саясаты Азия мамлекеттеринин экономикасынын кыйрашына алып келген жана алардын экономикасын Батышты канааттандырган деңгээлден жогорулатпай кармап турган. Батыштын империалисттик саясаты колонияга айланган өлкөлөрдү арзан жумушчу күчүнүн жана чийки заттын базасына айландырган: «Европа жыйырманчы кылымды өзүнүн күчү жана байлыгы ашып-ташып турган мезгилде тоскон. 1900 – жылы беш ири европалык өлкөлөрдүн – Улуу Британиянын, Германиянын, Франциянын, Орусиянын жана Австро-Венгриянын дүйнөлүк өндүрүштөгү салыштырма салмагы 51,9-пайызды, ал эми АКШныкы 26,6-пайызды түзгөн» (184, 141-б). 1492 – жылы, Колумб биринчи жолу Жаңы Дүйнөнүн жерин аттаган учурда, европалыктар жер шарынын жалпы аймагынын 9-пайызын гана ээлешкен. 1801-жылы алар жер шарынын үчтөн бир бөлүгүн башкарышкан. Ал эми 1880-жылы – үчтөн эки бөлүгүн башкарышкан. 1935-жылы европалыктар жер шарынын 85-пайызын саясий жактан көзөмөлдөп турушкан жана жалпы планета калкынын 70-пайызын көзөмөлдөп турушкан» (191, 163-б). Бирок жыйырманчы кылымдын ортосунан баштап бул процесстин ылдамдыгы төмөндөй баштаган: батыш цивилизацияларынан турган блок (Түндүк Америка, Батыш Европа, Австралия жана Жаңы Зеландия) өздөрүнүн дүйнөлүк экономикадагы Ички Дүң Продукциясынын 46-пайыздык үлүшү аркылуу өздөрүнүн артыкчылыгын камсыздашкан (2000-жыл). Мисалы, алардын ушул чөйрөдөгү көрсөткүчү 1950-жылдан баштап төмөндөй баштаган (54,5-пайыз) жана алардын бул көрсөткүчү жыйырма биринчи кылымдын биринчи он жылдыгында да төмөндөшү божомолдонууда (2015-жылга чейин – 38,5 пайызды түзүшү ыктымал) (198, 32-б).

Мындай процесс албетте болбой коймок эмес: Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки мезгилде,тактап айтканда өткөн кылымдын 60-жылдарында Батыштын империализм саясаты кризиске кабылып, планетанын бардык континенттеринде башталган улуттук-боштондук кыймылдар эл аралык саясий системаны баштанаяк өзгөрткөн. Бириккен Улуттар Уюмунун түзүлүүсү менен бирге эл аралык мамилелерди эл аралык укуктук нормаларга ылайык түзүү жана өнүктүрүү практикасы калыптана баштаган. Ошону менен бирге дүйнөдө үстөмдүк кылуу үчүн күрөшүүнүн формалары жана ыкмалары да өзгөргөн. Эл аралык саясий системанын алдыңкы катарындагы өлкөлөр өздөрүнүн саясий айла-амалдарын эл аралык укук нормаларына ылайыкташтыра башташкан. Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук Кеңешинде негизинен Экинчи дүйнөлүк со-

гушта жеңишке жетишкен өлкөлөрдүн өкүлдөрүнүн басымдуулук кылуусу жана эл аралык саясий системанын ошол мамлекеттердин эркине көбүрөөк ылайыкташтырылуусу эл аралык адилеттүүлүктүн бузулушуна шарт түзүүчү процесстерди акырындатканы менен аларды толук токтото алган эмес.

Акыркы жүз жыл ичинде (1910-2010) эл аралык саясий процесстердин өнүгүү динамикасы ушунчалык катуу чыңалуулар менен коштолгондуктан «глобалдык үстөмдүк кылуунун дүйнөлүк иерархиясында лидер-мамлекеттен жана башка мамлекеттерден турган конфедерация *беш жолу* баштан-аяк өзгөргөн (213, 24-б). Ошол эле учурда ушундай өзгөрүүлөрдүн ар бир тектоникалык толкунунда жана жогоруда айтылган «иерархиянын» эң жогорку баскычында батыш дүйнөсүнүн өкүлдөрү болгон өлкөлөр гана турган (Франция, Улуу Британия, Австро-Венгрия, Германия, Орусия, Америка Кошмо Штаттары). Ушул өлкөлөр көкүткөн эки дүйнөлүк согушта жана андан кийинки эл аралык конфликттерде алар бир нече жолу бетме-бет туруп, глобалдык башкаруунун рулун өз колдорунда бекем кармап, Батыш дүйнөсүнө кирбеген өлкөлөрдүн лидерлерине глобалдык гегемониянын «үстүңкү катмарын» өз колдоруна алууга мүмкүндүк беришкен эмес.

Батыштын евразиялык саясатына байланышкан бир топ маанилүү моменттер англиялык географ жана академик Хэлфорд Маккиндердин, америкалык дипломат жана саясат таануучу Георг Кеннандын, польшалык саясий ишмер жана маршал Юзеф Пилсудскийдин, америкалык геостратег Збигнев Бзежинскийдин жана америкалык геосаясатчы Александр Петерсендин чыгармаларында концепцияларга айландырылган. Заманбап геосаясаттын негиздөөчүсү Хэлфорд Маккиндер Батыштын доминанттык саясатынын негизине дүйнөнү башкаруунун Евразиядан башталган жолун койгон (282), ал эми Георг Кеннан ушул эле парадигманы бир аз башкачараак түшүндүрүп, аны Америка Кошмо Штаттарынын глобалдык саясатына айландырган. «Кармап туруу» (Contain-ment) саясатын негиздеген теориялык жоболор Орусияны Евразиянын геосаясий борборунан сүрүп чыгууга жана бул аймакта Америка Кошмо Штаттарынын абалын күчөтүүгө негизделген.

Маршал Юзеф Пилсудскийдин идеясына ылайык Батыштын Евразияга багытталган «прометеизм - интермариум» деп аталган саясаты адилеттүүлүк жана рационалдуулук принцибинен чыкпашы керек. Евразия мейкиндиги үстөмдүк кылуучу кандайдыр бир өлкө тарабынан башкарылбоосу керек. Евразиялык мамлекеттер, ошонун ичинде Польша да «кыскарып жана кичирейип» олтуруп Орусиянын Евразияда үстөмдүк кылуусун күчөтүшүүдө. Юзеф Пилсудский эки чоң мамлекеттердин – Германия менен Орусиянын ортосунда

чыңалган абалда калган Чыгыш Европа мамлекеттеринин биримдиги тууралуу идеяны колдогон. Юзеф Пилсудский Жапонияда жыйырма жылдык эмиграцияда болгондон кийин Польшага кайтып келип, 1926-жылы саясий бийликке ээ болгон. Бирок Экинчи дүйнөлүк согуштун алдындагы 20-30-жылдарда болуп өткөн драмалык окуялар учурунда «прометеизм» кыймылы токтотулган. Бул кыймылга Чыгыш Европа элдерин гана эмес, Кавказ жана Азербайжан элдерин тартуу демилгеси да көтөрүлгөндүгү кызыгууну жаратат (315, 237-275).

АКШ президентинин улуттук коопсуздук боюнча 1977-1981-жылдардагы кеңешчиси, ошондой эле эл аралык саясат маселелери боюнча бестселлер китептин автору Збигнев Бзежинский Батыштын Евразияга карата геосаясатынын стратегиялык багыттарын концептуалдык түрдө иштеп чыккан. Евразия мейкиндигин АКШ дайыма конфликттер болуп туруучу тынчы жок геосаясий аймак жана тарыхый тамырлары бар мейкиндик катары карайт. Бул жерде эзелден бери калыптанып, курулуп келген мамлекеттер жана улуттар менен бирге мамлекеттүүлүгү жок этникалык топтор татаал комбинация жаратышат: СССР түзүлүп жаткан мезгилде Евразия аймагы бир нече бөлүктөргө бөлүнгөн. Ошондуктан этникалык бүтүндүгү бузулган элдердин ортосунда конфликттер пайда болушу ыктымал. Чоң мамлекеттер Евразия мейкиндигиндеги конфликттерден пайда көрүүнү каалашат, бирок алардын мындай аракеттери бул аймактагы туруксуздукту ого бетер күчөтөт.

«Көп тараптуу атаандаштыкка» эшигин кенен ачкан бул аймактагы саясий процесстерди башкарууга олуттуу таасир тийгизген факторлордун бири – бул Борбор Азиядан Балканга чейин созулган «түрк этнотилинин жана этносаясатынын аймагы» экендигин жана ал азыркы мезгилде биригүү зарылдыгына муктаж болуп жатканын Збигнев Бзежинский көргөзүп жатат (145, 163-166). Азиядан Европага карай акырындык менен өсүп жаткан геосаясий чыңалуу Кавказдын чегине барып өзүнүн туу чокусуна жетүүдө: бул жерде Орусиянын, Түркиянын жана Ирандын геосаясий атаандаштыгы (145, 167-б) Евразиядагы мурдагы империялардын мезгилиндеги деңгээлде же кызматташтык жана биригүү түрүндө жүрөт.

Збигнев Бзежинский мыкты аналитик катары мунун баарын анализдеп, төмөнкү тыянакка келген: «АКШга бүткүл Евразияга карата комплекстүү, бардык нерсени камтыган жана узак мөөнөттүү геостратегия иштеп чыгып, аны иш жүзүндө колдонууга убакыт келип жетти. Мындай зарылдык эки фундаменталдык чындыктын өз ара аракеттешүүсүнөн келип чыгат: Америка азыркы учурда дүйнөдөгү жалгыз супердержава болуп саналат, ал эми Евразия – дүйнөнүн борбордук аренасы болуп саналат. Демек Евразия континентиндеги

геосаясий күчтөрдүн тең салмактуулугуна байланышкан өзгөрүүлөр Американын дүйнөлүк үстөмдүгү жана анын тарыхый мурасы үчүн абдан маанилүү болуп саналат» (145, 230-б). Ошентип Евразияда АКШнын үстөмдүгүн талап кылган стратегия менен бирге «жаңы дүйнөлүк тартип» саясаты да жүргүзүлө баштаган. Анын пикиринде, «азыркы мезгилде дүйнөнүн калысы же арбитри болуп саналган АКШ» Евразия аймагындагы же «башка континенттеги» кандайдыр бир мамлекеттин АКШ менен бирге лидер болуусуна мүмкүнчүлүк бербеши керек; АКШнын глобалдык саясаттагы негизги шериги - Европа, ал эми ошол саясатты ишке ашыруунун негизги куралы НАТО болуп саналат. «Жаңы Европа эми эле калыптанып жатат. Эгер ал геосаясий жактан «евроатлантикалык» мейкиндиктин бир бөлүгү бойдон кала турган болсо, НАТОну кеңейтүү зарыл болот» (145, 237-б).

Евразияны борпоң же формасыз бир система катары караган Збигнев Бзежинский бул континентте «геосаясий плюрализм» болушу мүмкүн экенине ишенбейт. Ал Орусиянын, Кытайдын, Индиянын, Ирандын жана башка өлкөлөрдүн АКШнын антигегемонисттик саясатына каршы коалиция түзүү аракеттерин байкап олтуруп төмөнкүдөй тыянакка келет: бул мамлекеттердин ортосунда карама-каршылыктар көп болгондуктан мындай коалициянын же биримдиктин түзүлүүсү мүмкүн эмес: бирок Америка Кошмо Штаттары Европа менен биригип, ошондой эле НАТОну күчөтүп, Евразия мамлекеттеринин ортосундагы карама-каршылыктарды чебердик менен пайдаланып, аларга каршы багытталган «коалициялык аракеттерди» жана башка айла-амалдарды начарлатышы керек. Збигнев Бзежинский АКШнын жетекчилиги астында пландаштырылган «Трансевразиялык коопсуздук системасын» түзүүдө Евразия мамлекеттерин максатка жетүү үчүн пайдаланыла турган *каражат* катары гана караган. Евразиялык геосаясатты ушул аймакта үстөмдүк кылуучу мамлекеттердин пайдасына гана таянып аныктоо – учурдагы карама-каршылыктарды жана конфликттерди чечпестиги жана аймактардын көз карандысыз өнүгүүсү үчүн жол ачпастыгы түшүнүктүү болуп турат. АКШнын Атлантикалык кеңешинин алдындагы Евразиялык энергетикалык борбордун мүдүрүнүн орун басары жана ошол эле учурда Азербайжандын геосаясий абалы тууралуу баалуу ой-пикирлердин автору Александрос Петерсен өзүнүн «Бүткүл дүйнөлүк арал: евразиялык геосаясат жана Батыштын тагдыры» аттуу китебинде батыштын классикалык геосаясатынын негизги көз караштарын эл аралык саясий платформанын алкагында кайрадан аргументациялоого аракет кылган. Дал ушундай максатты көздөп ал «**Жыйырманчы кылымдагы Евразия үчүн геосаясий стратегия**» тартуулаган (290): бул стратегия Батыш

өлкөлөрүнүн жана Евразия мамлекеттеринин саясатын бир ыңтайга келтирет. Петерсендин пикиринде, Батыш өлкөлөрү «Евразиянын геоэкономикасын» реконструкциялоого эң жогорку деңгээлде катышуусу зарыл. Автор Орусияга, Түркияга, Кытайга, Казакстанга, Түркмөнстанга, Өзбекстанга, Азербайжанга, Грузияга, Арменияга, Афганистанга, Кыргызстанга, Тажикстанга, Монголияга, Украинага, Молдовага жана Беларусияга карата жүргүзүлүшү зарыл болгон өзгөчө саясий багыттарга байкоо жүргүзүп олтуруп, төмөнкүдөй тыянакка келген: Батыш дүйнөсү Евразияда үстөмдүккө жетишүү үчүн өзүнүн бул аймактагы ар бир мамлекетке карата жүргүзгөн саясатын жөнгө салып, аны «Евразиянын универсалдуу саясатына» туура келтирүүсү зарыл; себеби көптөгөн евразиялык мамлекеттердин саясий системалары «батышчыл» эмес. Алар Орусияга же Кытайга умтулушат. Ошондуктан «бул өлкөлөрдү демократизацияластыруу гана Батыштын бул аймактагы саясатын камсыз кыла алат» (290, 119-122-б).

Хэлфорд Маккиндер, Георг Кеннан жана Юзеф Пилсудский сыяктуу Батыш геосаясатынын өкүлдөрүнүн идеалдарына жана «Евразиядагы процесстердин чыныгы мүнөздөрүнө» таянган Александрос Петерсен төмөнкүдөй тыянак чыгарган: «Евразиянын Грузиядан Монголияга чейинки кичине мамлекеттери» Батыштын жардамы менен күчтөнүп, ушул аймакта үстөмдүк кылууга умтулган чоң мамлекеттер менен *геосаясий балансты* жөнгө салуулары керек. «Жыйырма биринчи кылымдын геосаясий стратегиясы кеңейип бара жаткан Батышка караганда Евразияга көбүрөөк таасир тийгизиши керек. Батыш дүйнөсү евразияга таасир тийгизиши жана аны менен биригиши мүмкүн. Мындай нерсе, стратегиялык көз караш менен караганда, учурдун талабы да болуп саналат. Ошол эле учурда бул таасир чөйрөсү Кара деңиз аймагы менен чектелбестен Каспий аймагын, ошондой эле Борбордук (Ички) Азияны да камтышы керек. Географиялык ченемдери бар болгон бул стратегиянын реалдуулугу чексиз. Бул стратегияда Европанын өзүн коргоо жана жаңылоо зарылдыгы да камтылган. Бул стратегия акылмандыкка негизделгендиктен Батыштын Евразияга карата мамилесинде абдан чоң тешикти көрүп, аны толтуруп жатат. Батыштын тагдыры Бүткүл дүйнөлүк Аралда (Евразияда) болуп жаткан окуялар менен аныкталат. Ошондуктан Батыш өкмөттөрү, элдери жана уюмдары Евразиянын геосаясатында узак убакытка калуу үчүн өздөрүнүн бардык энергиясын жана ресурстарын чыңалтышы керек» (290, 144-145-б). Мындай жол Батыштын «империалисттик талаптарына» караганда албетте «этияттуу жана прагматикалык кадам» болуп саналат.

Евразиянын өзүндөгү жеке саясий процесстердин өнүгүүсү Батыш дүйнөсүн өзүнүн евразияга карата саясатын өзгөртүүгө аргасыз

кылат. Мисалы, Батыш дүйнөсү евразиялык постсоветтик мейкиндиктеги жаңы жагдайларды жана чындыктарды эске алышы керек: Батыш өлкөлөрү Евразиянын жаңы көз карандысыз мамлекеттерин Орусия Федерациясынын «таасиринен» чыга элек жана азырынча дүйнөлүк коомчулукка кошулуу үчүн жетиштүү кубаттуулукка ээ болбогон мамлекеттер катары карабашы керек. Америка Кошмо Штаттары альтернативдик жолдорду пайдаланып, Орусияны Орто Азиядан «сыгып чыгарууга» аракет кылып жатышат. Расмий Вашингтон бул аймакта ири аскердик базаларды куруу боюнча өзүнүн пландарын ыраатгуу түрдө ишке ашырып жатат. Орусия менен АКШнын ортосунда Орто Азияда үстөмдүк кылуу үчүн күрөш жүрүп жатат жана бул күрөштө Вашингтон артыкчылыкка ээ болууда. 2012 – жылы америкалыктар өздөрүнүн аскердик базасын Өзбекстанда күчөтүү максатында бул мамлекеттин өкмөтү менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн. Ал эми Орусия мамлекети Кыргызстанды өзүнүн «спутниги» деп эсептеп, аны менен байланыштарын бекемдөөгө жигердүү аракеттерди жасап жатат. Бирок Америка Кошмо Штаттары Кыргызстанда Орусиянын атаандашы болуу тууралуу ойлонуп жатышат. Кыргызстан азыркы учурда «альтернативдик саясатты» колдонуп, АКШ менен кызматташууга даяр экендигин жарыялады. Вашингтон менен Ташкенттин ортосундагы сүйлөшүүлөр АКШнын Өзбекстанда Оперативдүү Аракет көрүү Борборун түзүү максатында жүргүзүлүп жатат («Center for Operative Reaction»). Бул борборду АКШнын аскердик базасындай абалга алып келүү пландаштырылууда. Бул борбордун алгачкы планы аймактагы ыктымал жагдайларды көзөмөлдөөгө арналган. Долбоордун техникалык базасын Афганистандагы НАТОнун согуштук техникаларынын эсебинен толуктоо пландаштырылган. АКШ өзүнүн бул техникаларынын баарын белгилүү бир убакыт өткөндөн кийин Өзбекстанга өткөрүп берүүнү пландаштырган (258). Бул чөйрөдө жигердүү дипломатиянын жүргүзүлүп жаткандыгы Орто Азияда АКШнын ири аскердик базасын түзүү тууралуу кеп болуп жаткандыгын ачык көргөзүп жатат. *Борбордук америкалык жана Борбордук европалык батыш геосаясатынын бир нече бөлүктөргө бөлүнүүсү: биринчиси радикалдуу саясий багыт болуп саналса, экинчиси токтоо саясий багыт болуп саналат*. Бүгүнкү күндө АКШнын Евразиядагы кызыкчылыктары Европанын кызыкчылыктарына канчалык деңгээлде шайкеш келери жигердүү түрдө талкууланууда. Германиядагы Мартин Лютер университетинин профессору Рауль Петер Дас «Америка Кошмо Штаттары өздөрүнүн Азиядагы ишмердүүлүгүн күчөтүп жатат жана алардын мындай аракеттери «европалык милдеттенмелердин» сөзсүз начарлашына алып келет деген тыянак чыгарган. Ошондуктан Европа өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн топтоп,

глобалдык окуяларга таасир берүү каражаттарын күчөтүшү керек. Эгер Европа ушундай чакырыктарга өзүнүн натыйжалуу чаралары менен жооп бере албаса, анда саясий күчтөр чөйрөсү маргинализацияланyy кооптугу менен бетме-бет калат (225, 1-б). Евразияда болуп жаткан процесстер глобалдык саясий мейкиндикке көбүрөөк таасир тийгизип жатат. Ал эми геосаясий күчтөрдүн ортосундагы тең салмактуулуктун бир аз болсо да өзгөрүүсү эл аралык мамилелерди тең салмакташтырып туруучу факторлордун модификацияланышына (түрүнүн өзгөрүүсүнө) алып келет.

Батыш дүйнөсү жана эл аралык саясий чөйрө Евразиядагы геосаясий түзүмгө кылдат байкоо жүргүзүп жатышат. Бул аймактагы негизги геостратегиялык тенденцияларды аныктоо маселеси өтө чоң мааниге ээ болуп калды, ***анткени Евразия өлкөлөрү өз күчүнө ишенип, өздөрүнүн ички кудуретине жана мүмкүнчүлүктөрүнө таяна башташты.*** Азыркы мезгилде дүйнө калкынын 75-пайызы Евразияда жашайт. Дүйнөлүк табигый ресурстардын көп бөлүгү Евразияда жайгашкан. Өздөрүнүн аймагы жана калктарынын саны боюнча Америка Кошмо Штаттарынан кийинки орунду ээлеп, кубаттуу экономикасы жана кубаттуу аскердик бюджети бар алты күчтүү мамлекет (булар ошол эле учурда ядролук мамлекеттер) дал ушул Евразияда жайгашкан. *Эгер Евразияга башка мамлекеттер өздөрүнүн конфликт пайда кылуучу экспансионисттик аракеттери менен кийгилишпесе*, бул аймак өз мүмкүнчүлүгүн көбүрөөк пайдаланып, өнүгүүнүн жаңы деңгээлине көтөрүлөт. Евразиянын «**ички**» геосаясатынын азыркы учурдагы өнүгүүсү заманбап эл аралык саясаттын алдыңкы гуманисттик тенденцияларын алып жүрө баштаган сайын ар түрдүү блоктор, биримдиктер жана үстөмдүк кылуучу нерселер ишенимсиз жана зыян экендиги ачык көрүнө баштады.

Батыш дүйнөсү Евразиянын жогоруда айтылган тенденцияларды рационализациялоо жана прагматизациялоо багытындагы көйгөйлөрүнө негиздүү мамиле жасап жатат жана анын мындай мамилеси Евразия мейкиндигине позитивдүү сапаттарга ээ болууга жардам берүүдө. Евразиялык мамлекеттер өздөрүнүн көз карандысыздыгын бекемдөөдө тырышчаактык көрсөтүп, «жетеленүү же сүрөлүү саясатын» каалабагандыктарын ачык көрсөтүп, өздөрүнүн улуттук экономикасын жандандырууга жана демократизацияны ишке ашырууга умтулуп жатышат. Мындай нерсе Батыш дүйнөсүнүн Евразияга карата адекваттуу мамиле кылуусун талап кылат. Бир топ саясий аналитиктердин пикиринде, эгер Америка Кошмо Штаттары жана Европа Бирлиги Батыш дүйнөсүнүн өнүгүүсүн каалашса, алар Азия дүйнөсүнүн өнүгүүсүнө да кызыкдар болууга тийиш: Батыш дүйнөсү Евразияны өзүнүн «төмөнкү кабаты» катары карабастан, эл аралык саясаттагы тең укуктуу шериги катары карашы керек.

***Евразия глобалдык мейкиндиктеги өзүнүн баалуулуктарын түшүнүүсү зарыл.*** Мындай зарылдык Стамбулдагы Эл аралык Форумда (2012-жыл) Түрк Республикасынын премьер-министри Реджеп Тайип Эрдогандын: «*Батыш – дүйнөнүн борбору болбой калды.* Дүйнөнүн Түндүгү да, Батышы да, Түштүгү да, Чыгышы да борборго айланып, жалпысынан дүйнө - полицентристтик системага айланды. Экономикалык көз караш менен караганда, дүйнө полицентристтик система багытында өнүгүп жатат. Биз ушуга жараша азыркы мезгилдеги геосаясий күчтөрдүн ортосундагы балансты же тең салмактуулукту чагылдырган G-20 уюму тарабынан түзүлгөн дүйнөлүк системаны олуттуу түрдө кабыл алабыз (109). Эгер жүз жыл мурда Батыштын төрт өлкөсү (Улуу Британия, Франция, Америка Кошмо Штаттары, Германия), ал эми Евразияда бир гана өлкө (Орусия) өз сөзүн планетардык масштабда айта алган болсо, бүгүнкү күндөгү абал Евразиянын пайдасына өзгөрдү. Элүү жыл мурда эч кимдин көңүлүн бурбаган бир топ евразиялык мамлекеттер азыркы мезгилде эл аралык саясий системанын алдыңкы планына чыгышты. Ошондуктан Батыш дүйнөсү Евразияга карата көп тараптуу плюралисттик саясат жүргүзүп, бул аймактагы ар түрдүү мамлекеттер менен кызматташууну керектүү деңгээлге чыгарып, алардын ортосунда макулдашылган саясат жүргүзүү зарыл деп эсептейт (271). Батыш өлкөлөрү тарабынан Евразиянын аймактык геосаясий бүтүндүгүн жараткан түрк мамлекеттерине карата ушундай мамиле жасалгандыгы өтө маанилүү нерсе болуп саналат.

*Европа Бирлиги тарабынан түзүлгөн Чыгыш Шериктештик Программасы* Батыш менен Евразиянын ортосундагы көп тараптуу кызматташууга байланышкан жаңы позитивдүү мүмкүнчүлүктөрдү ачкан маанилүү демилгелердин бири болуп саналат. 2009-жылдын май айында кабыл алынган бул долбоор Европа Бирлиги менен жети евразиялык өлкөнүн (Орусия, Украина, Молдова, Азербайжан, Грузия, Армения жана Беларусь) ортосундагы кызматташтыктын өнүгүүсүнө арналган (276). АКШнын Польшадагы жана Пакистандагы мурдагы элчиси Томас Симонс Евразиянын саясий, экономикалык жана маданий кудуретин жакшы билген адистердин бири болуп саналат. Т. Симонс бул аймактын өнүгүү перспективаларын кылдаттык менен байкап чыгып, «Евразиянын Жаңы Чек аралары: жаш мамлекеттер, байыркы коомдор, ачык коом» деп аталган китепте *Батыштын Евразияга карата саясаты жаңы нерселердин негизинде жүргүзүлүшү зарыл деген идеяны* жактаган. Америкалык дипломат «Бүгүнкү Евразия – кечээги Советтер Союзу эмес» (300, 7-б) деген парадигманы кененирээк түшүндүрүп, «Евразия өзүнүн маанилүүлүгүн баалап, түшүнүшү керек» деген идеяны колдоп жаткан Батыш чынында өзүнүн мындай мамилеси аркылуу эл ара-

лык мамилелердин динамикасына күчтүү түрткү берип жаткандыгын көргөзгөн. Эгер Батыш дүйнөсү Евразияга карата чынында эле ушундай колдоо көргөзсө, Америка Кошмо Штаттары өздөрүнүн Евразиядагы саясатын Орусияга эмес, азыркы мезгилдеги көз карандысыз евразиялык мамлекеттерге багытташып, чыныгы натыйжаларга жетишет. Америка Кошмо Штаттары евразиялык мамлекеттер менен натыйжалуу иш алып баруу үчүн аларга эл аралык коомчулуктун жооптуу жана жөндөмдүү катышуучулары, ошондой эле жыйырма биринчи кылымдын стандарттарына ылайык жашаган мамлекеттер катары мамиле кылышы керек. Ошол эле учурда биз өзүбүз да жыйырма биринчи кылымдын жоопкерчилигин башкалар менен бөлүшүп, Евразиядагы ыктымал позитивдүү өзгөрүүлөргө түрткү беришибиз керек (300, 12-13-б). Батыштын Евразиядагы саясатынын туруктуу жана туруксуз аспекттери чынында заманбап эл аралык саясаттын таатал мүнөзүнө байланыштуу. Батыштын саясатынын туруктуу жактары үстөмдүк кылуу доктринасын колдогон консервативдүү саясатты билдирсе, туруксуз же өзгөрүлүүчү жактары алдыңкы планга дүйнөнү өнүктүрүүнүн зарыл шарттары менен бирге эл аралык саясаттагы демократияны жана либералдык көз караштарды койот. Батыштын жана Евразиянын улуттук мамлекеттеринин ортосундагы өз ара мамилелерди өнүгүүнүн жаңы деңгээлине көтөрүү, ошондой эле оң өзгөрүүлөрдү ишке ашыра ала турган күчтөрдүн биригүүсү - Евразиялык геосаясаттагы эл аралык системанын прогрессивдүү багытта өзгөрүүсүнө мүмкүндүк берет. Бирок бардык нерселерди бир же окшош калыпка келтире турган критерийди же ченди табуу – тарыхый жана логикалык зарылдык. Консерватор өзүнүн консервативдүүлүгүн эч качан токтото албайт, ал эми либерал – либерализмди токтото албайт. Мындай абал дайыма сактала бере турган болсо, эл аралык гармонияга зыян келиши ыктымал. Ошондуктан саясаттагы туруктуу тенденциялар өзгөрүлмө тенденциялар менен келишүүлөргө же макулдашууларга келип, ал эми өзгөрүлмө тенденциялар туруктуу тенденциялар менен бир калыпка салына турган абалга келип, алардын ортосунда кандайдыр бир баланс же тең салмактуулук жаралышы керек. Батыш дүйнөсү өзүнүн консерватизм саясатын жумшартуу аркылуу гана демократиялык баалуулуктардын дүйнөлүк саясатта бекемделишине жетише аларын жана Евразия аймагына дүйнөлүк саясатта жана экономикада өзүнүн татыктуу ордун табууга жардам бере аларын азыркы мезгилде болуп жаткан тарыхтын тенденциясы көргөзүп жатат. Ушундай саясий багыт гана Евразияга багытталган кандайдыр бир гегемониялык талаптарды жок кыла алат.

## 12. КАВКАЗДЫН ЖАНА БОРБОРДУК АЗИЯНЫН ГЕОСАЯСАТЫНДАГЫ ЖАҢЫ БАГЫТТАР. ЕВРАЗИЯНЫН «ТҮРК ДҮЙНӨСҮНӨ БАЙЛАНЫШКАН КОНСЕНСУСУ»

Ажырагыс тагдырдын ээлери болуп саналган Кавказ жана Борбордук Азия - Евразиядагы геосаясаттын эң чыңалган тилкеси болуп саналат. Кавказ - Каспий деңизинин чыгыш жээгинде жайгашкан жана Европаны карап турат. Борбордук Азия - Каспий деңизинин чыгыш жээгинде жайгашкан жана Азияны карап турат. Бул эки аймак тең Евразиядагы геосаясий координаттар системасынын эки маанилүү бөлүктөрү катары каралат. Илимий адабиятта «Каспий бассейн аймагы» деп да аталган бул геосаясий мейкиндик кылымдар бою түрк элдеринин көзөмөлүндө болуп келген жана бүгүнкү күндө ал өзүнүн тарыхый-саясий жактан өзгөрүүсүнө түрткү бере ала турган бурулуш учурда турат. Кавказ жана Борбор Азия өлкөлөрү глобалдык күчтөрдүн жана алардын чексиз тирешүүлөрүнүн таасири астында болууну жана «жеңүүчүлөрдүн» эркине баш ийүүнү улантышат же көз карандысыздыктын бардык мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланышып, эл аралык коомчулуктун эгемендүү субъекттери катары алдыңкы дүйнөлүк күчтөрдүн катарына кошулуп, өздөрү жеңүүчү болушат! Кавказдын жана Борбор Азиянын геосаясатындагы жаңы багыттар дал ушундай перспективаларга байланыштуу болушу керек.

Бирок Кавказда жана Борбор Азияда болуп жаткан геосаясий процесстер мындай ийгиликтүү перспективаларга жетүү оңой эмес экенин көргөзүп жатат. Табигый ресурстарга бай болгон бул аймактарда дүйнөлүк саясатта үстөмдүк кылуучу өлкөлөрдүн ийилбес кызыкчылыктары кагылышат жана мындай кагылышуулардан пайда болгон учкундар «алсыз аймактарга» барып түшөт. Кавказдагы жана Борбор Азиядагы ар түрдүү факторлордон пайда болгон этносаясий конфликттер жана жадагалса өлкөлөр ичиндеги бийлик үчүн күрөшүүлөр да жогоруда айтылган себептерден улам атайын чечилбейт жана ошол бойдон сакталып турат. «Эл аралык арбитрлердин же калыстардын милдеттерин» өздөрүнө алган глобалдык күчтөр конфликттерди эч качан чечишпейт, бирок башкарып жана *көзөмөлдөп* турушат. Постсоветтик мейкиндиктин эң чоң жана негизги бөлүктөрү болуп саналган Кавказда жана Борбор Азияда көз карандысыздыкка ээ болгон дээрлик бардык өлкөлөрдө алардын көз карандысыздыгы менен бирге *бир эле мезгилде жогоруда айтылган конфликттер* да пайда

болгон. Мындай конфликттер - эгемендүү мамлекеттердин буттарынын астында ташталган таштар сыяктуу. Аларды глобалдык күчтөр өздөрүнө керектүү учурларда пайдаланып турушат.

Ошентип Кавказ жана Борбор Азия өлкөлөрү чыныгы көз карандысыздыкка ээ болуу жагынан гана эмес, аларды дайыма чыңалуу абалында кармап турган көйгөйлөрдү чечүүгө умтулуу жагынан да биримдик көргөзүшүп, үстөмдүк кылуучу өлкөлөрдүн бул аймактагы тирешүүлөрдү өз максаттарында пайдалануу ниеттерине биргелешип тоскоолдук кылышы керек. Борбор Азия жана Кавказ аймактарына байланышкан каардуу жана катуу чындык төмөнкү нерседе турат: *Евразиянын ушул негизги аймагындагы өзгөрүүлөрдү тышкы таасирлер эмес, ички күч жаратышы керек.* Евразиянын бүткүл тарыхы бул аймактагы өлкөлөргө ушул ички күчтү түшүнүүгө түрткү берүүдө. Кавказдагы жана Борбор Азиядагы геосаясий процесстерди изилдөөнүн натыйжалары бизге Евразиянын өнүгүүсүнө түрткү берүүчү ички стимулдарды кыймылдата ала турган күчтөрдү аныктоого мүмкүнчүлүк берет.

Кавказдагы үч өлкөнүн бири болуп саналган Азербайжан жана Борбор Азиядагы беш өлкөнүн төртү – Казакстан, Өзбекстан, Түркмөнстан жана Кыргызстан - түрк мамлекеттери болуп саналат. Алардын ар бири СССР кыйрап жаткан учурда көз карандысыз болуу укугуна ээ болушкан. Башкача айтканда, өздөрүнүн көз карандысыздыгын калыбына келтирүү жагынан алып караганда алардын жаштары бирдей. Түрк империялары жана мамлекеттери тарабынан Каспий деңизинин батыш жана чыгыш жээгинде жаратылган этносаясий география бул мейкиндикти башынан баштап эле *Түрк Бирлигинин* эволюциясына карата багыттаган. Дал ушул себептен улам көз карандысыздыктын алгачкы мезгилинен баштап эле бул аймак жараткан маанилүү идея Түрк Бирлиги болгон. Борбор Азия көп кылымдар бою *Түркестан* деп аталып келгени да кокустан эмес. Туран деген сөз Монголиядан Түркияга чейинки аралыкта жайгашкан геосаясий мейкиндиктин аталышы. Бул сөз көбүнчө этномаданий жана романтикалык мааниде түшүнүлөт. СССР түзүлүп жаткан учурда бардык түрк топонимдери өзгөртүлгөн. Мына ошол себептен Туркестан Борбордук Азия деп аталып калган. Түрк элдери ээлеген аймакты каалаган аталыш менен атоого мүмкүн болгон, бирок эң негизгиси анын аталышында түрк компоненти болбошу керек болгон. Эгер «Кавказ» деген аталышта түрк компоненти бар болгондо, анда Гянжды «Кировабадка» айландыргандар Кавказ деген аталышты да ойлонбостон өзгөртүп салышмак. Орусташтыруу жана советтештирүү саясаты Кавказдагы жана Борбор Азиядагы (Туркестандагы) саясий түзүлүштү жана жадагалса картографиялык топонимдерди да өзгөрткөн. Мунун баары түрк дүйнөсүнүн геосаясий түзүлүшү таанылбай турган абалга келтирүү максатында жасал-

ган. Көз карандысыздык доорунун башталышы Евразиянын өзөгүн түзгөн геосаясий өзүнчөлүк же өзгөчөлүк ачык көрүнүп туруусуна түрткү берген негизги реформалардын маанилүүлүгүн жогорулатат. Менимче, Евразиядагы түрк мамлекеттерине чындап шайкеш келе ала турган жаңы геосаясий парадигма дал ушундай нерседен турат: бул парадигма күчтүү аймактык саясатты эл аралык саясаттын авангардына айландыра алат жана бул нерсе биринчи кезекте өлкөнүн табигый ресурстарын дүйнөлүк базарга алып чыгуу үчүн эмес, эл аралык саясат үчүн маанилүү болушу керек.

Кавказда жана Борбор Азияда болуп жаткан геосаясий процесстерди анализдөөнүн натыйжасы көргөзүп тургандай, бул аймактын кудуретин ачуу - дүйнөлүк коомчулук үчүн да өтө маанилүү. Кавказ жана Борбор Азия өлкөлөрүнө «постсоветтик» же «неосоветтик» өлкө катары, башкача айтканда, Советтер Союзунун жаңыланган «варианттары» катары карабаш керек экендиги түшүнүктүү болуп турат (300, 136-б; 233, 107-111-б). Бул жерде «улутчулдук» да жогорку саясий деңгээлде түшүнүлгөн цивилизациялык өзгөчөлүккө негизделип, улуттук мамлекеттүүлүктүн бекемделишине кызмат кылган идеологиялык окуя болуп саналат. Жыйырманчы кылымдын башында абдан популярдуу боло баштаган «батышчылдык» идеясы Евразия өлкөлөрүнүн модернизациясына байланышкан муктаждыктардан алда канча төмөн көрүнөт. Алар эч кимди туурабастан, өздөрүнүн жолу менен гана өнүгүүнү каалашат. Батыш дүйнөсү башка өлкөлөрдүн баарынын саясатын, экономикасын жана маданиятын батыштыкына окшоштурууга аракет кылып жатканы менен анын мындай ниети эч кандай натыйжа бербей жаткандыгын ал өзү деле түшүнүп жатат. Ошентип Евразия мейкиндиги бүгүнкү күндө өзүн бекемдөө жана өз баалуулуктарын түшүнүү доорунун башында турат (261, 103-120-б; 300, 91-119-б).

Заманбап дүйнөдө «күчтүү мамлекет» деген түшүнүк да өзүнүн маңызын өзгөртүп койду: бүгүнкү күндө либералдык саясат жүргүзүү аркылуу өз мүмкүнчүлүктөрүн көбөйтүп жаткан субъекттер бюрократтын колунда «катуу кысылган» мамлекеттерге караганда өздөрүнүн өнүгүү жөндөмдүүлүгүн көбүрөөк көргөзүп жатышат. Чыгыш Азия өлкөлөрү дал ушундай трансформациянын же өзгөрүүнүн эң жакшы үлгүлөрү болуп саналат. Алар 60-жыл ичинде таанылгыс болуп өзгөрүшкөн: алар өздөрүнүн жеке либералдык башкаруу институттары универсалдуу жана ийкемдүү экендигин далилдешти (194, 13-14-б) – алар өздөрүн бул дүйнөдө жана дүйнөнү өздөрүндө ажыратып көрө алышат. Ошондуктан «Азиянын күчтүү өлкөлөрүнүн глобалдык өнүгүүгө таасир тийгизүү мүмкүнчүлүктөрү» көбөйүп жатат (305). 1967-жылы түзүлгөн ASEAN (Түштүк-Чыгыш Азия Мамлекеттеринин Ассоциациясы) уюмуна 10-азиялык өлкө мүчө болуп кирген. Бул уюм белгилүү бир кысымдарга карабастан аймактын

өнүгүүсүн авансценага (267, 188-201-б) алып чыгып, Азиянын борбору болуп саналган Борбордук Азияга жана Кавказга үлгү болууда.

Эгер Азиянын геосаясий түзүлүшүн карай турган болсок, азыркы мезгилде биз төмөнкү нерселерге күбө болуудабыз: Евразиянын батыш европалык бөлүгүндө (Германия, Улуу Британия, Франция, Италия, Голландия, Норвегия ж.б.) жана Чыгыш азиялык бөлүгүндө (негизинен Жапония жана Кытай) өнүккөн өлкөлөр жайгашкан. Түндүк тарапта Орусиянын, ал эми түштүк тарапта Иран менен Афганистандын ортосунда калган Борбор Азия жана Кавказ аймагы бул кошуна өлкөлөрдөн өзүнүн өнүгүүсүнө демилге туудуруучу себеп күтпөстөн, маанилүү логикага жана өзүнө таянып Батыш жана Чыгыш Евразиянын өнүккөн өлкөлөрүнүн өнүгүү деңгээлине жетүүгө умтулушу керек. Глобалдык геосаясий мамилелердин позитивдүү стратегиясы мындай учурларда гегемон-өлкөлөрдүн (айрыкча АКШнын жана Орусиянын) ачык же жашыруун интервенциясына жана алардын опузалоо саясатына жол берилбөөсүн, туруксуз режим жана идеологиялык фанатизм саясаты башкарган өлкөлөр менен этият мамиле кылууну, ошондой эле Чыгыш жана Батыш Евразиянын өнүккөн өлкөлөрү менен бардык багыттарда өз ара мамилелерди өнүктүрүүнү талап кылат. Эгер Кавказ менен Борбор Азияны Чыгыш жана Батыш Евразиядагы өнүккөн өлкөлөргө окшоштуруу же алар менен унификациялоо саясаты ырааттуу түрдө жүргүзүлө турган болсо, мындай нерсе дүйнөнүн өнүгүүсүн таптакыр жаңы деңгээлге көтөрө турган процесстердин пайда болушуна түрткү берет.

Азыркы мезгилде Борбор Азиянын жана Кавказдын жети көз карандысыз өлкөсү бир-биринин жана кошуналарынын ортосундагы геосаясий мамилелердин татаал мезгилин баштарынан кечирип жатышат. Түрк мамлекеттеринен жалгыз Азербайжан жайгашкан Кавказ аймагы бардык геосаясий линиялар кесилишкен геосаясий мейкиндик болуп саналат. Өзүнүн кудурети жана мүмкүнчүлүктөрү боюнча Түштүк жана бүткүл Кавказдын эң чоң мамлекети болуп саналган Азербайжан мамлекети (ошондой эле Түштүк Кавказдагы өтө чоң мамлекет) Түркия менен Борбор Азия өлкөлөрүн бириктирип, ошону менен бирге бүткүл түрк дүйнөсүнүн геосаясий бүтүндүгүн жаратат. Азербайжандын кошунасы Армения Азербайжандын жерлерин оккупациялап алган жана ал бүткүл Кавказдын бүтүндүгүн бузган жалгыз өлкө болуп саналат. Арменияны Орусия мамлекети аймактагы геосаясий тең салмактуулукту бузуу максатында кылдаттык жана камкордук менен өстүргөн. Эгер Армения деп аталган бул жадатма мамлекет өз убагында тоскоолдук кылбаганда, бул аймактын саясий, экономикалык жана маданий жашоосу таптакыр башка багытта өнүкмөк.

Орусиянын бардык кошуналарга карата жүргүзгөн саясаты анын үстөмдүк кылуу амбициясына негизделгендиктен анын мындай сая-

саты сөзсүз бүлгүнгө учурайт. СССР кулагандан кийин Орусия өзүн кайрадан «аймактагы лидер» катары эсептеп, өзүнүн салттуу саясатынан бир да кадам артка жылууну каалабай келүүдө. Советтер Союзу кыйраган мезгилден баштап Америка Кошмо Штаттары Батыштан Чыгышты карай өткөн геосаясий багытта өздөрүнүн фавориттери катары *Украинаны, Азербайжанды жана Казакстанды* тандашса, Орусия буга жооп катары өзүнүн таасир чөйрөлөрүн *Балканда, Кавказда жана Борбор Азияда* жарата баштаган (193, 105-б). Орусиянын Кавказдагы фаворити – Армения. Азербайжан коомчулугу жана кавказ көйгөйлөрү жөнүндө билген дүйнөлүк коомчулук «кипкичинекей» Армения мамлекети Азербайжанга таандык болгон Карабак жерлерин оккупациялай алмак эмес. Эгер Армения бүгүнкү күндө Кавказдагы «армян шынаасын» жоготуп албоо максатында жадагалса өзүнүн мыйзамсыз басып алган жерлерин кайтарып берүүнү кааласа деле Орусия мындай нерсеге жол бербейт. Орусиянын канаты астына кирүү кандай бактысыздыктарга алып барарын ойлогон ою ордунан чыкпай калган жана эл аралык сурамжылоонун натыйжаларына ылайык өзүн дүйнөлүк коомчулуктардын арасында экинчи эң «бактысыз коомчулук» деп эсептеген армян коомчулугунун мисалы ачык көргөзүп, далилдеп турат. Азыркы мезгилде Азербайжандын олуттуу аракеттеринин натыйжасында Армения бардык аймактык долбоорлордон четте калып, чет элдик жардамга муктаж болуп, оор абалда турат. Эгер жеңүүчүлөр күчтүү болуп саналса, анда Азербайжандын жерлерин оккупациялап алган «жеңүүчү» – Армения эмне үчүн ушундай оор абалда болуп калды?! Бул жерде төмөнкүдөй салыштырууну мисал келтирүү жөндүү болот: Азербайжан мамлекети анаконда жыланга окшоп Арменияны катуу кысып, анын өлүшүн күтүп турат. Жалпысынан алып караганда, Орусияга кошулуп, аны өздөрүнүн тиреги катары караган бардык өлкөлөр Арменияныкындай тагдырга кабылышкан. Мындай абалдан кийин алардын өнүгүүсүн Орусия камсыз кылып берет деп күткөн болбойт. Өзүнүн чексиз амбицияларынын айынан «Европанын акыркы жана Азиянын биринчи өлкөсү» (239, 58-б) деген статусун бара-бара жоготуп жаткан Орусия өзүнүн килейген аймагына карабастан «*башка өлкөлөргө тирек болуу абалынан башка өлкөлөрдүн тирек болуп берүүсүн өтүнүү абалына*» карай жылып жатат. Анын Евразия Бирлиги доктринасы өзүн эл аралык аренада жоготуп коюу коркунучунун алдындагы саясий агония болуп саналат. Орусия тарабынан түзүлгөн Москва-Ереван-Тегеран багытындагы «вертикалдуу геосаясий өзөк» деп аталган дипломатиялык саясат деле өзүнүн маанилүүлүгүн бара-бара өзүнүн маанилүүлүгүн жоготууда (157, 164-б). Иран мамлекети эл аралык саясат үчүн коркунуч булагы катары каралып, эл аралык коомчулуктун бутасына айланган. Варшава келишиминин катышуучулары болгон социалисттик

мамлекеттер биримдиги (блок) кыйрап, «кансыз согуш» доору аяктагандан кийин (1947-1990) Орусиянын эл аралык аренада бир нече шериктештери калган. Алар өзүнүн оккупациялык саясаты менен өзүн жок кылып жаткан Армения, Азияда өзүнүн кошуналары менен карышкыр тилинде сүйлөшүп жаткан Түндүк Корея, Ливиянын жана Сириянын өз элинин башына от сээп жаткан диктатуралык режимдери, (Ливиянын режими жок кылынып, Сирияныкы жок кылынуу процессинде турат) жана өз калкынын жарымын түзгөн азербайжандардын улуттук укуктарын тааныбаган Иран. Бүгүнкү күндөгү Орусиянын «саясий имиджин» мүнөздөөчү бул мисал жетишээрлик түрдө үлгү боло алат.

«Антиамерикалык жана антиатлантикалык саясат жүргүзгөн континенталдык типтеги аймактык мамлекет» (157, 164-165-б) болуп саналган Иран мамлекети прикаспий аймагындагы өзүнүн геосаясий таасир тийгизүү мүмкүнчүлүктөрүн бекемдеп, өзүнүн стратегиялык перспективаларын аныктаган. Анын стратегиялык перспективалары Орусиянын позицияларына туура келет. Иран-Орусия тандеминин пайда болушу Түштүк Азербайжандын укуктарынын бузулуусуна алып келиши мүмкүн. Түрк тилдүү мамлекеттер бирлиги идеясынын актуалдашуусу (чоң мааниге ээ боло башташы) Иранды жана Орусияны тынчсыздандырып жатат. Анткени алар өздөрүнүн аймактагы таасир тийгизүү мүмкүнчүлүктөрүн толук жоготуп коюудан коркушат.

Грузия өзүнүн аймактык бүтүндүгү үчүн күрөшө баштаганда Орусия ага согуштук күч менен жооп берген, ал эми Карабак оккупацияланган учурда Орусия өзүнүн Армениядагы аскердик базасын күчөткөн. Мындан тышкары ал марионеткалык мамлекеттер менен аскердик шериктештик тууралуу келишим түзгөн. Мына ушул нерселердин баары «постимпериялык мамлекет» (310, 17-б) болуп саналган Орусия дагы деле аймактын өнүгүүсүнө тоскоолдук кылуу саясатынан баш тарта электигин көргөзүп турат. Азербайжан жана Грузия мамлекеттери күчөп, өздөрүнүн аймактык бүтүндүгүн өз алдынча камсыз кылып жатышат. Мындай көрүнүш кавказ геосаясатындагы жаңы багыттарды күчөтөт. Кавказдагы ушул эки мамлекеттин кызыкчылыктары азыркы учурда ишке ашырылып жаткан долбоорлордун алкагында бири-бирине туура келип, булар эл аралык саясаттын бул аймактагы прогрессивдүү функцияларын биргелешип ишке ашыра башташса, Орусиянын үстөмдүк саясатына «чекит коюлат» жана ошону менен кошо Армениянын оккупациялык саясатына да чекит коюлат.

Жыйырма жыл мурдагы геосаясаттын глобалдык координаттарында Борбор Азия кара тешик («black hole») сыяктуу көрүнчү. Бирок саясий жана экономикалык жактан бекемделип келе жаткан Борбор Азия республикалары көз карандысыздыкка жана татаал эт-

никалык конфликттерге байланышкан оор маселелерди акырындык менен чечишип, эгемендүүлүктүн тарыхый татаал мезгилин өтө алышарын көргөзүштү. Салттуу коомдорго мүнөздүү деп эсептелген айрым бир белгилерге ээ болгон бул өлкөлөр азыркы учурда улуттук эркиндиктин негизинде модернизациянын табигый процессинен өтүп жатышат. Бул өлкөлөрдүн өкмөттөрүнүн негизги максаты – элдин улуттук биримдигине жана мамлекеттин саясий-экономикалык көз карандысыздыгына толук кепилдик жаратуу, ошондой эле аймактык жана глобалдык перспективалуу долбоорлордун катышуучусу болууга жана ошону менен бирге дүйнөлүк коомчулукта татыктуу орун ээлөөгө умтулуу. 4-млн. кв. км. аянты жана 65-млн калкы бар Орто Азия аймагынын негизги геосаясий максаты – *аймактын ичинде жана анын айланасында ар бир өлкө үчүн пайдалуу боло турган саясий-экономикалык мамилелерди куруу* болуп саналат. Жалпы аймактык өзгөчөлүктөрдөн тышкары бул өлкөлөрдүн ар биринин калыптанган социалдык-маданий өзгөчөлүгү, өндүрүш жана чарба маданияты бар. Этносаясий системадан улуттук мамлекеттүүлүк системасына өтүү учурунда байкалуучу карама-каршылыктар кээде этникалык конфликттердин пайда болушуна шарт түзөт. Бирок кандай болгон учурда да байыркы тарыхы бар Орто Азия республикалары жогоруда айтылган көйгөйлөргө карабастан өздөрүнүн эгемендүүлүгүн коргоп, өнүктүрө алышат. Аймак ичиндеги жана анын айланасындагы социалдык-экономикалык мамилелердин жогорку деңгээлге жетүүсү - Орто Азиянын геосаясий коопсуздугунун негизин түзөт.

Бүгүнкү күндөгү геосаясий жагдайда Борбор Азиянын төрт өлкөсү – Казакстан, Өзбекстан, Түркмөнстан жана Кыргызстан, ошондой эле Тажикстан, аймактагы туруктуулук жана өнүгүү үчүн негизги жоопкерчиликти өздөрүнө алышып, өздөрүнүн ушул багыттагы кудуретин мобилизациялоого аракет кылып жатышат жана глобалдык күчтөргө *каршы турууну эмес*, алар менен *кызматташууну* приоритеттик багытка айландырууну каалашат. Борбор Азиянын геосаясий чек араларын бойлой жайгашкан Орусия, Кытай, Иран жана Пакистан мамлекеттери ушул аймакта кызматташуу жана өздөрүнүн таасир чөйрөлөрүн көбөйтүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болууга аракет кылышууда (218, 211). Бул аймакта баарынан көбүрөөк таасирдүүлүккө ээ болгон Орусия бул аймакта дагы деле мурдагыдай үстөмдүк кылууга умтулуп, өзүнүн империялык амбицияларын көшөрүп көргөзүүдө. Орусия мамлекети Борбор Азияны КМШны «Евразия Бирлигине» айландыруу үчүн полигон катары карайт. Америка Кошмо Штаттары Борбор Азияны Орусиянын таасир чөйрөсүнөн чыгарууну жана глобалдык долбоорлордун аренасына айландырууну каалашат. Алар бул аймакты өздөрүнүн «таасир чөйрөсүнө» киргизүүнү каалашат. АКШнын жана НАТОнун Афганистандагы «Террор менен күрөшүү» боюнча операциялары Афга-

нистанга жакын жайгашкан аймактарды дайыма чыңалуу абалында кармап турат. Батыш Альянсынын «Эл аралык Коопсуздук Жардам Күчтөрү» Евразиянын ушул драмалык аймагында толук ийгиликке жете алышпагандыгына жана өздөрүнүн иш-аракеттерине миллиарддаган долларларды сарпташкандыгына карабастан ушул аймактагы этникалык, диний жана саясий конфликттерди жок кылууга жана аларды көзөмөлдөөгө чечкиндүү түрдө аракет кылып жатышат. АКШнын куралдуу күчтөрүнүн бир бөлүгү Евразиянын «өзөгүндө» бекемделүү максатында тынч океандык аскердик жетекчиликтен борбор азиялык аскердик жетекчиликке алып барылган (298, 57-б).

Орусиянын «Евразия Бирлиги» деп аталган тузагына илинбөө - Борбор Азия мамлекеттери үчүн канчалык маанилүү болсо, Батыш альянсы тарабынан жүргүзүлүп жаткан «Террорго каршы согуштун» талаасына айланып калбоо да ошончолук маанилүү. Афганистан, Иран жана Пакистан тараптан жайылып жаткан «Ислам фундаментализминин» толкуну да Борбор Азия үчүн олуттуу коркунуч жаратат. Радикалдык исламисттер (мисалы, «Хизб-ут-Тахрир» исламдык партиясы) бул аймакта «Талибан» тобуна окшогон кыймылдарды түзүшүп, салттуу ислам коомдорунан колдоо табууга аракет кылып жатышат (210, 40-б).

Өздөрүнүн экономикалык кудурети боюнча дүйнөдөгү экинчи жана үчүнчү мамлекеттер болуп эсептелген Кытай жана Жапония Евразиянын глобалдык геосаясатындагы геосаясий баланстын маанилүү бөлүгүнө айланып, Орусия, АКШ жана башка кызыкдар күчтөргө атаандаштык түзүп, бирок ошол эле учурда бул аймакта бейтарап саясат жүргүзүп жатышат. Алар Борбор Азиянын табигый ресурстарынын пайдаланылышы керектиги тууралуу демилге көтөрүп, бул аймактагы өндүрүш жана керектөө базарларын активизациялап жатышат. Эл аралык экономикалык кызматташтыктын дал ушундай варианттары Борбор Азия мамлекеттеринин кызыкчылыктарына албетте көбүрөөк туура келет. Баку-Тбилиси-Жейхан өткөрмө түтүгү аркылуу табигый ресурстарды батыш тарапка ташуу мүмкүнчүлүгү, чыгыш багытында Кытай аркылуу Атлантикалык базарга чыгуу мүмкүнчүлүгү, ошондой эле түштүк багытында Афганистан, Пакистан жана Индия аркылуу Индия океанынын экономикалык аймагына чыгуу мүмкүнчүлүгү Борбор Азиянын экономикасын дүйнөлүк экономикалык система менен байланыштыра турган бурулуш мезгилге же этапка айланышы мүмкүн.

«Борбор Азия жана Кавказ: Жыйырма биринчи кылымдагы Евразиялык кайчы жолдо» деп аталган фундаменталдык изилдөөлөр жана статистикалык маалыматтар жыйнагын анализдөөнүн натыйжасы бул аймактын өнүгүүгө байланышкан чексиз мүмкүнчүлүктөрү бар экендигин көргөзгөн (217). Экономикалык жана саясий перспективалардын туура аныкталышы ушул мүмкүнчүлүктөрдү ишке

ашыруунун кепилдик берүүчү жолдорун ачат. Борбор Азия республикалары ушул максаттарга таянып, Евразиянын кенен мейкиндигинде кызматташтык түзүү процессинин жигердүү катышуучулары болушууда. Евразия геосаясатынын өнүгүү логикасы **түрк тилдүү мамлекеттердин континенталдык геосаясатынын системасын унификациялоо жана уюштуруу процессине байланышкан.** Бул эки тараптуу геосаясий мейкиндик Советтер Союзу кулаган мезгилден баштап эле ушул логиканы ишке ашыруу багытында өнүгүп жатат. Бул мейкиндиктеги жети республиканын ичинен беши түрк тилдүү республикалар болуп саналат. Түркиядан Казакстанга чейинки бардык түрк тилдүү коомчулуктар бир да эл аралык уюм түрк тилдүү мамлекеттер үчүн **түрк тилдүү мамлекеттер шериктештиги** сыяктуу маанилүү боло албастыгын түшүнүштү. Евразиянын геосаясий маселелерине арналган бардык изилдөөлөрдө ушундай уюм түзүүгө байланышкан демилгелерге баа берилген. Индиялык көрүнүктүү окумуштуу Анита Сенгупта айымдын «Евразиянын үч жери: саясий мейкиндиктин геосаясаты» деп аталган чыгармасы ушундай негиздүү изилдөөлөрдүн бири болуп саналат. Өнүгүүнүн «метатарыхый» жана «метагеографиялык» мыйзам ченемдүүлүгүндө «түрк сегменти» артыкчылыкка ээ экенин жана алдыдагы процесстер түрк тилдүү мамлекеттердин геосаясий системасынын бекемделишине түрткү берерин автор өз чыгармасында ачык көргөзгөн. «Заманбап түрк элдеринин жалпы цивилизациялык мурасы» ушунчалык чоң мааниге ээ экендигин жана ал түрк тилдүү коомдордун интеллектуалдык элитасынын негизги улуттук идеясын калыптандырарын, ошондой эле түрк мамлекеттеринин биригүү идеясы дал ушундай жалпы цивилизациянын алкагында түшүнүлүп, кабыл алынарын окумуштуу тастыктап көргөзгөн (298, 75-96-б, 108-109, 129-141). «Бүткүл дүйнөлүк арал: евразиялык геосаясат жана Батыштын тагдыры» деп аталган китептин автору Александрос Петерсон өзүнүн изилдөөлөрүнүн натыйжасында төмөнкүдөй тыянакка келген: гунндардын доорунан баштап эле Евразиянын ички жерлерин ээлеп келген түрк элдери бул аймактын өнүгүүсү үчүн негизги жоопкерчиликти өздөрүнө ала алышат. Бул теоретик «Жыйырма биринчи кылымдагы Евразиянын геосаясий стратегиясын» да түрк тилдүү мамлекеттердин платформасындагы стратегия катары карайт. Ал ошондой эле Азербайжандын бул мейкиндиктеги абалын жаратуучу нерсеге өзгөчө көңүл бөлүп, аны «Евразиянын Азияга карай ачылуучу дарбазасы» катары караган (290, 146-160-б).

«Wall Street Journal» деп аталган эл аралык деңгээлдеги журналдын маалыматтык бюросунун азыркы учурдагы жетекчиси Хью Поуп дүйнөнүн 20 өлкөсүндөгү түрк элдеринин жашоосун жана ой жүгүртүүсүн изилдеп, Кавказдагы жана Орто Азиядагы (ошонун ичинде Азербайжанды жана анын Нахчыван анклавын) бардык

түрк мамлекеттерин кыдырып чыгып, өзүнүн төмөнкүдөй баалуу изилдөөсүн жазган: «Жеңип алуучулардын урпактары: Түрк дүйнөсүнүн жаңыдан көтөрүлүүсү». Ал өзүнүн бул изилдөөсүнүн негизги максаттарын ачып, түрк өлкөлөрү жөнүндө төмөнкү нерселерди жазган: «Түрк өлкөлөрү Европанын жана Ортоңку Чыгыштын «четиндеги» кошумча оюнчулар болушпайт, ошондой эле Кытайдын жана Орусиянын чет жактарына алардын субъекттери катары кошулушпайт. Анткени алар жогорку баалуулуктарга ээ болгон элдер, алардын бири-бири менен байланышы көп багыттуу, алар өздөрүнүн укуктарын түшүнүшөт, ошондой эле алар гүлдөп-өнүгүп келе жаткан прогрессивдүү мамлекеттер» (292, 18-19-б).

*Евразия континентинин жүрөгү же борбору болуп саналган түрк дүйнөсү* чынында Евразиянын өнүгүүсүнө түрткү берүүчү нерселерди кыймылга келтире ала турган күч менен аныкталат. Түрк мамлекеттери Евразиянын «үч жеринде» геосаясий система жаратышат (Маккиндер). Бул системанын бекемделиши бул аймактагы башка өлкөлөрдүн кызыкчылыктарына да (жадагалса Орусиянын да) туура келет. Евразиянын «**түрк мамлекеттерине байланышкан консенсусу**» аймак өлкөлөрүнүн ортосунда жалпы абалды же жалпы көз караштарды жаратат. Мындай учурда алардын ар биринин жалпы платформада өнүгүүсү үчүн эң жакшы шарттар пайда болот. Улуттук, аймактык жана глобалдык деңгээлдердин кошулуусунан курулган «Түрк консенсусунун» толук артыкчылыгы *бул жерде кандайдыр бир саясий субъекттин үстөмдүк кылуусуна жол берилбегендигине* байланыштуу. Демейде аморфтук же борпоң мүнөздөгү геосаясий мейкиндикте «ичтен» жана «сырттан» үстөмдүк кылууга байланышкан амбициялардын пайда болушуна ыңгайлуу шарт түзүлөт. Мындай мейкиндикте күчтүү жана алсыз мамлекеттер, туруктуу жана туруксуз саясий системалар, прогрессивдүү жана кыймылсыз экономикалар, демократиялык жана демократиялык эмес коомдор бири-бирине жакын жашайт. «Түрк консенсусу» бул аймактагы «диссонанстык» абалды бара-бара жок кылууга аракет кылышы керек. **Евразиянын геосаясий коопсуздугу** камсыздалган учурда Жапониядан Британияга чейинки, ошондой эле Орусиядан Индияга чейинки ар түрдүү деңгээлдеги өлкөлөр менен мамиле куруп, кызматташууга болот. Евразиянын геосаясий коопсуздугу камсыздалган учурда өлкөлөрдүн бири-бирине каршы келген кызыкчылыктары, ошондой эле келечектеги тирешүүлөргө жол ачуучу аскердик бirimдиктер азаят. Ушул себептен улам азыркы учурда Түркиядан Казакстанга чейинки бардык түрк тилдүү өлкөлөр өздөрүнүн ойлонулган саясий маданиятына жана кыраакы саясатына таянып, Евразиянын геосаясий коопсуздугун камсыздоочу тенденцияларды жактап, бул багытта алдыңкы катарда келишүүдө.

Түркия азыркы учурда эл аралык саясатка жигердүү катышып, күчтөнө баштады. Анын жигердүүлүгү көптөгөн көрүнүктүү мамлекеттик ишмерлер жана глобалдык саясий аналитиктер тарабынан бааланууда (272, 815-816-б, 213, 77-б, 128, 133-140, 261, 162-б, 233, 144-148-б, 271, 195-218-б). Түркиянын жаңы геосаясий жагдайлардагы маанилүүлүгү азыркы мезгилде өсүп жатат жана мындай көрүнүш аймактык консенсустун зарылдыгына карата ишенимди көбөйтүп, Түрк мамлекеттер Бирлиги идеясын ишке ашырууга шарт түзөт. Канададагы Саймон Фрейзер атындагы университеттин профессору Грехэм Фуллер жана Түркиядагы Фатех университетинин профессору Бюлент Араз ушул темага арналган атайын изилдөөдө Түркиянын Евразия геосаясатындагы жигерденүүсүнүн максаттарын эң заманбап эл аралык саясаттын талаптарына байланыштырышып, анын геосаясаттагы мындай жигердүү абалы бул аймактагы бардык өлкөлөр менен мамилелердин өнүгүүсүнө түрткү берет деген тыянакка келишкен (235, 203). Түрк республикасынын расмий көз карашы Түркиянын тышкы иштер министри Ахмет Давутоглунун «Стратегиялык жерлер: Түркиянын эл аралык коомчулуктагы орду» деп аталган чыгармасында концепция катары чагылдырылган: Түркиянын негизги максаты - өзүнүн кошуналары менен мамилелерин «нөл көйгөй деңгээлине» жеткирүү (башкача айтканда, көйгөйлөрдү чечүү) жана андан кийин кошуна өлкөлөрдүн ортосундагы мамилелерди «нөл көйгөй деңгээлине жеткирүү». Эгер түрк дүйнөсү – «Азиянын өзөгү» болуп саналса, Түркия – ошол өзөктүн кыймылдаткычы болуп саналат (102, 270-281-б). Бүгүнкү күндө Түркия өзүнүн эң жакын шериктеши Азербайжан менен биргеликте Кавказ жана Орто Азия багытында жетишээрлик деңгээлдеги ийгиликтүү жигердүүлүк көргөзүп, Евразиянын аймактык маселелерине карата «тоңдуруп коюу» саясатын эмес, «чечүү» саясатын актуалдаштырып келүүдө.

Евразиядагы түрк тилдүү мамлекеттердин саясий, экономикалык жана маданий *платформасы* тарабынан түзүлүп жаткан *жаңы геосаясий багыт* бул аймактагы бардык мамлекеттер үчүн «ачык аянт» түзөт. Мындай багыт мамлекеттердин максаттарынын бирдей болушуна, терс тенденциялардын пайда болуу мүмкүндүгүн бууй турган оң тенденциялардын пайда болушуна түрткү берип, коом ичинде ишенимди бекемдейт. Азыркы учурда мындай оң тенденциялардын ишке ашуусуна тоскоолдук кылуучу күчтөр бар. Мисалы, Орусиянын империялык жана Арменианын оккупациялык амбициялары жогоруда айтылган оң тенденциялардын багытын буруууга же жок дегенде алардын ишке ашуусун токтотууга багытталган. Мындай нерсе «түрк мамлекеттеринин консенсусу» деп аталган идеянын ишке ашуусуна каршы багытталган, бирок тарыхый тенденциялар түрк дүйнөсүнүн биримдигине алып баруучу процесстер токтотулгус жана артка кайткыс мүнөзгө ээ экендигин бизге көргөзүп турат.

# IV - БӨЛҮМ

# БИРЛИКТЕРДИ ЖЕ ШЕРИКТЕШТИКТЕРДИ ТҮЗҮҮНҮН ЭЛ АРАЛЫК САЯСАТТАГЫ ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК УКУК ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ МААНИЛҮҮЛҮГҮ

## 13. БҮТКҮЛ ДҮЙНӨЛҮК ИНТЕГРАЦИЯ: ПРИОРИТЕТТЕРДИ КАЙРАДАН БААЛОО

Эгер азыркы мезгилдеги глобализация доорунан дүйнөлүк тарыхтын жалпы өнүгүү процессин карай турган болсок, тарыхтын ар бир мезгили дүйнө элдерин жана дүйнө мамлекеттерин акырындык менен бири-бирине жакындатуучу процесстердин тынымсыз толкуну болгондугун түшүнөбүз. Элдерди жана мамлекеттерди бири-бирине жакындатуучу мындай процесстер ички себептердин натыйжасында спонтандык түрдө күчөп, элдердин жана мамлекеттердин ортосундагы байланыштар «тарыхый-цивилизациялык эс-тутумда» сакталып калган түргө ээ болгон. Мамлекеттердин ортосундагы тереңдеген мамилелер планетанын айрым цивилизациялык мейкиндиктерин кыймылга келтирип, дүйнөлүк интеграциялык процесстерге жол ачкан. Биздин ата-бабаларыбыз, тактап айтканда түрк элдери – жалпы адамзаттын тарыхый-цивилизациялык эс-тутумун жана цивилизациялар аралык мамилелерди жараткандардын бири болгон, ошондой эле дүйнөлүк интеграцияны пайда кылуучу процесстердин башында турушкан. Бүгүн биз алар менен сыймыктанабыз. Евразиянын кенен аймактарын көп кылымдар бою ээлеп келген түрк элдери жана мамлекеттери жадагалса кичинекей этносторду да өздөрүнүн шериктерине айландырып, көп улуттуу жана көп маданияттуу социалдык-саясий системаларды, ар түрдүү көз караштардын жана ишенимдердин толеранттуу чөйрөсүн, ошондой эле көп тилдүү жана көп диндүү коомдорду саясий башкаруу институттарын калыптандырышкан. Бул жагынан караганда, дүйнөлүк цивилизациялардын бири да өзүнүн универсалдуулук сапаттары боюнча түрк элдеринин цивилизациясына тең келе албайт. Жадагалса «эң универсалдуу» цивилизациялардын да башкалар кабыл ала албай турган «бузулгус чектери жана барьерлери» бар. Түрк цивилизациясынын мындай «жогорку универсалдуулугун» шарттаган негизги фактор анын бардык мезгилдерде «ачык» болгондугуна жана башка цивилизациялардын мыкты жактарын зарыл болгон учурда өздөштүрүп алгандыгына байланыштуу. Цивилизациялар аралык мамилелердин эң кайнаган мейкиндиги болуп саналган Евразиянын борборун ээлеген түрк цивилизациясы концентрация жаратуу функциясын алып жүргөн. Мамлекеттик системаларды ал империялык системаларга айландырып, ар түрдүү коомдордун бирдиктүү жана универсалдуу социалдык, саясий жана маданий «синтез-чөйрөсүн»

жараткан. Түрк цивилизациясы өзүнүн универсалдуу сапаттарына ээ болуп жатып өзүнүн өзгөчөлөгүн жоготуп алган эмес. Түрк цивилизациянын тарыхый өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүгүнө байланышкан өзгөчүлүк мына ушунда турат. Тарыхый-маданий дифференциация же жиктелүү процесси болуп жаткан учурда түрк тилдүү элдер, мамлекеттер жана алардын улуттук маданияттары жогоруда айтылган мыйзам ченемдүүлүктөрдүн эсебинен калыптанган. Так-тап айтканда, түрк цивилизациясынын ички өзгөрүүлөрү менен кошо калыптанган. Бөлүнүп жаткан учурда түрк элдери өздөрүнүн байыркы цивилизациясынын тамырларына катуу байлангандыгын өздөрүнүн бардык маңызы менен сезишип, бул жөнүндө абдан тынчсызданышкан. Өзүнүн жеке өзгөчөлүктөрүнө жана ошол эле учурда универсалдуу сапаттарга ээ болгон «түрк дүйнөсүнүн» кеңейүүсү анын дүйнөлүк интеграциялык процесстердин бир бөлүгүнө жана аларды кыймылдаткыч күчкө айлануусуна шарт түзгөн. Бүгүнкү күндө Евразиядагы жалпы глобалдык интеграция процесстерин түрк элдерисиз жана түрк мамлекеттерисиз элестетүү мүмкүн эмес. Анткени алар бул мейкиндиктин эң чоң геосаясий жана геоцивилизациялык аймактарын ээлешет. Түрк дүйнөсүнүн кудурети жана мүмкүнчүлүгү Евразиянын планетадагы эң чоң геосаясий мейкиндикке айлануусуна гана эмес, глобализация кыймылынын «өзөгүнө» айлануусуна да мүмкүндүк берет.

«Түрк дүйнөсүнүн» глобализациялык мүмкүнчүлүктөрү азырынча айсберг түрүндөгү абалда турат. Түрк дүйнөсү өзүнүн максаттуу саясий эркине таянып, *«өзүнүн ички интеграциясын» глобалдык интеграцияга* кошо алган. Азыркы мезгилде глобалдык экономикалык, саясий жана маданий долбоорлор ишке ашырыла баштады. «Тарыхты жаратуучулар» болуп саналган түрк элдери бүгүнкү күндө глобалдашып жаткан дүйнөнүн интеративдик функцияларын өздөрүнө алган бир топ саясий күчтөргө «заманбап мезгилди жаратуучу мамлекеттер» (Modernity) катары кошулушту» [230, 235-237-б; 308; 127; 137, 18-б, 19-б]. Болгариялык изилдөөчү Иван Палчев белгилегендей, жалпысынан алганда, Евразия аймагындагы глобализация процесстерин түрк мамлекеттеринин бири болуп саналган жана «кавказ жолборсу» деген аткан конгон Азербайжан жетектейт. Бул аймакта «Орусиянын, Ирандын, Түркиянын жана Европа Бирлигинин кызыкчылыктарын» саясий кыраакылыкка таянып бир-бирине келиштирген бул жаш республика өзүнүн геостратегиялык саясатын эл аралык системанын өнүгүү максаттары менен бириктирип, өзүн эл аралык системанын толук ыйгарымдуу субъекти катары көргөзөт (161, 128-141-б). Түркия, Азербайжан жана башка түрк республикалары тарабынан Евразияда «баарын бир ыңтайга келтирүүчү глобалдык саясий борбордун» түзүлүүсү [235, 165-174-б] глобалдашып

жаткан дүйнөнү зордук жолу менен эмес, гармониялык жол менен интеграциялоону зарыл кылган процесстерди күчөтөт.

Эл аралык саясатта жана эл аралык укук чөйрөсүндө бирликтерди же шериктештиктерди түзүүнүн маанилүүлүгү дүйнөлүк интеграциянын негизги приоритеттерин чагылдырган процесстерде байкалат. Эл аралык саясий системанын субъекттери – эгемендүү өлкөлөр. Эл аралык укук нормаларына ылайык алар *бири-бирине туура келген кызыкчылыктардын негизинде* тийиштүү формадагы бирликтерди түзүшөт жана уюштурушат. Мындай бирликтер *мамлекеттер аралык мамилелерди* бекемдейт. Өздөрүнө *аймактык жана глобалдык коопсуздукка* байланышкан белгилүү бир милдеттенмелерди алган мындай бирликтер эл аралык уюмдарга мүчө болуп кирип, кененирээк масштабда *дүйнөлүк өнүгүү процессин тездетүүчү иш-аракеттердин «ачкычы» катары милдет аткарышат.*

«Мамлекеттердин ассоциациясы» деп аталган мындай феномен (278, 79-б) ошондой эле глобализацияны бир системага келтирүүчү негизги окуялардын борборунда турат (278, 79-б). Мамлекеттер дүйнөлүк тарыхта биринчи жолу эл аралык укуктук нормалар тарабынан жөнгө салынуучу эл аралык саясий системаны калыптандыруу жоопкерчилигин бири-бири менен бөлүшүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушууда. Азыркы учурда дүйнөдө БУУ, НАТО жана Европа Бирлиги сыяктуу 246 эл аралык уюм (ЭУ) бар. Жыйырманчы кылымдын ортосунан башталган институционализация процесси эл аралык саясатта жаңы көп вектордук параметрлерди жаратып, мамлекеттер аралык мамилелерди эң жогорку деңгээлде оптимизациялоого мүмкүндүк берген.

Бүткүл дүйнөлүк интеграциялык процесстер мамлекеттердин арасында «глобалдык өз ара көз карандылыкты» жаратуучу ийкемдүү комбинациялардын түзүлүшүнө түрткү бергендиктен [172, 112-б] азыркы учурда эл аралык системанын бир да субъекти жана чоң мамлекеттердин бири да Улуттар аралык Корпорациясы УК шериксиз иш жүргүзө албайт. Постиндустриалдык коомдордун маалыматтык коомдорго айлануусу глобалдык коммуникация чөйрөсүндө революциялардын пайда болушуна түрткү берет. Илимий технологиялар адамдык аң-сезимди планетардык деңгээлге алып чыгууда. Жер планетасы өзүн ар тараптан «көрүп туруучу» асман телосунан *Бирдиктүү Адамзаттык Цивилизациянын* жашоосун жана келечегин камсыздоочу тирүү космостук субъектке айланып жатат. Тарыхта биринчи жолу «Бүткүл дүйнө Бирлиги» тууралуу идея планетардык деңгээлдеги маңызга ээ болууда.

Глобалдык интеграциялык процесстер дүйнөлүк коомчулуктарды бири-бирине жакындаткан сайын коомчулуктардын көз карандысыздык мүнөздөрү көбүрөөк ачылууда. «Этникалык Ренессанс»

өзүн «Глобалдык Ренессанстын» ичинде ачыгыраак жана көбүрөөк көргөзүп жатат. Глобализациялашып жаткан дүйнөдө улуттук мамлекеттер жана улуттук маданияттар («*nation-state*») бара-бара сөзсүз жоголо баштайт деген пикирлер глобализация маселелерине арналган көптөгөн талкууларда дайыма өзгөчө тынчсыздануу менен белгиленет. Бирок мындай нерсенин болуусу мүмкүн эмес жана азыркы учурда мындай нерсе боло элек. Глобализациянын чыныгы тенденциялары жогоруда айтылгандай божомолдордун таш-талканын чыгарып, дүйнө мамлекеттеринин жана дүйнө элдеринин ортосунда интеграция болуусу зарыл экенин жана мындай интеграция улуттук мамлекеттердин ортосундагы атаандаштыкты бардык жагынан күчөтүп, аларга эл аралык системада жакшыраак абалга ээ болууга мүмкүндүк берерин далилдеди. Глобализациялашып жаткан бүгүнкү дүйнөдө «жеңүүчүлөр» жана «жеңилгендер» деген бири-бирине карама-каршы келген түшүнүктөр пайда болду. Анткени глобализацияны ийгиликтүү пайдаланган өлкөлөр бар жана ошол эле учурда стагнацияга батып, бул стихияда өзүн жоготуп койгон өлкөлөр да бар. Антиглобалисттик кыймылдар дал ушул экинчи категориядагы өлкөлөрдүн өкүлдөрүнүн протесттери болуп саналат.

Глобализмдин жана антиглобализмдин тирешүүсү заманбап эл аралык жашоонун чындыгы болуп саналат. Булардын ортосундагы тирешүү, чынында, эл аралык системаны ийкемдүү абалда сактоочу иш-аракеттердин бир бөлүгү болуп саналат. Тажрыйбалуураак жана чечкиндүүрөөк коомдор глобалдык интеграциялык процесстер болбой койбой турган нерсе экенин түшүнүшүп, өздөрүн глобализацияга каршылык көргөзүүгө же аны менен күрөшүүгө күүлөшпөйт. Тескерисинче, алар өздөрүнүн кубатын алдыңкы катарда болуу максатын ишке ашырууга багытташат. Эл аралык системанын улуттук же аймактык субъекти өзүнүн глобалдык мейкиндиктеги абалын аныктоо үчүн тийиштүү багыттагы иш-аракеттерди аткаруусу зарыл. Бүгүнкү күндө биз *глобалдык процесстерге катуу таасир тийгизүүчү процесстер чечүүчү фазага* кирип жаткандыгын көрүп жатабыз. Мындай тенденциянын маңызын аймактык интеграция процессиндеги практикалык институционализациядан байкасак болот: айрым аймактык мамлекеттер саясий, экономикалык жана маданий негизде аймактык интеграциялык байланыштарды жана өздөрүнүн бирликтерин түзүп жатышат. Бул - албетте табигый процесс. Анткени планетадагы ар бир аймактын жана ар бир өлкөнүн тарыхый өз ара байланышуу жагынан тажрыйбасы жана салты бар. Эгер бардык факторлорду эске ала турган болсок (цивилизация, дин, аймак, геосаясий кызыкчылыктар ж.б.) глобализацияны аймактык деңгээлден эл аралык деңгээлге алып чыккан процесстердин маанилүүлүгүн көрөбүз. «Интеграцияга карата функционалдык

жана функционалдык эмес мамиле кылуу» боюнча теориялар глобалдык саясатта дал ушундай практиканын негизинде пайда болгон [268, 279-280-б]: көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган жалпы кызыкчылыктар жана демилгелер белгилүү бир геосаясий аймактагы мамлекеттердин ортосунда функционалдык институционализация деңгээлинде мамилелердин түзүлүшүнө жардам берет. Интеграция ушунчалык зарыл процесс болгондуктан жадагалса узак убакыт бою бири-бири менен согушкан мамлекеттер жана элдер да жалпы аймактык кызыкчылыктардын негизинде биригүү зарылдыгын сезишет жана көп учурда биригишет. Эгер мамлекеттер аралык аймактык уюмдардын «геосаясий картасына» көз жүгүртө турган болсок, бүгүнкү күндө планетанын дээрлик бардык мамлекеттери эл аралык уюмдарга бириккендигин көрөбүз. Мисалы, Европа Бирлиги, Араб Мамлекеттер Лигасы, Африка Мамлекеттер Бирлиги, Шанхай Кызматташтык Уюму, Америкалык Мамлекеттер Уюму, Түштүк-Чыгыш Азия өлкөлөрүнүн Ассоциациясы (ASEAN), Кара деңиз Экономикалык кызматташтык Уюму, Демократия жана Экономикалык Өнүгүү үчүн Уюм (ГУАМ – Грузия, Украина, Азербайжан, Молдова) ж.б. [267, 145-146-б; 278, 89-104-б]. Алар ошондой эле эң чоң дүйнөлүк уюм болуп саналган БУУнун мүчөлөрү.

Европадагы, Азиядагы, Америкадагы жана Африкадагы аймактык өлкөлөрдүн *континенталдык интеграция* да ар кандай түрдө, ошондой эле саясий, экономикалык жана аскердик шериктештик же кызматташтык деңгэлинде өтүп жатат. Европада ушундай бирликтердин же шериктештиктердин терең рационализмге негизделген мыкты түрлөрү жаратылган. Европалык институттар бири-бири менен жуурулушуп [267, 153-154-б] иш кылышат. Өзүнүн түзүлгөн күнүнөн баштап кеңейип жаткан Европа Бирлиги (ЕБ), Түндүк атлантикалык келишим Уюму (НАТО. Бул уюмга Америка континентинин эки өлкөсү – АКШ жана Канада кирет), Европа Кеңеши, жана Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму (ЕККУ) Европа ичиндеги жана Европанын айланасындагы мейкиндиктеги мамлекеттер аралык мамилелерди жөнгө салып, континенттин туруктуулугун жана коопсуздугун камсыздашат. «Паназиялык регионализм» тарабынан түзүлгөн бирликтер, тактап айтканда, 10-азия өлкөсүнөн турган Түштүк-Чыгыш Азия олкөлөрүнүн Ассоциациясы (ASEAN), Азиялык-Тынч океандык экономикалык кызматташтык (АТЭК), ASEANдын Аймактык Форуму, ASEANдын Эркин Экономикалык Аймагы, (AFTA), ошондой эле Шанхай Кызматташтык Уюму континенттин экономикалык кызыкчылыктарын бири-бири менен келиштирип, өздөрүнүн программаларында «идеологиялык поляризацияга, ар түрдүүлүккө, ошондой эле улуттук жана субулуттук субъекттердин атаандаштыгына көңүл бөлүшөт» [200, 24-

б]. Кара деңиз Экономикалык Кызматташтык Уюму, ошондой эле ГУАМ - Демократия жана экономикалык өнүгүү Уюму (Грузия, Украина, Азербайжан, Молдова) Чыгыш Европа, Кичи Азия жана Кавказ аймагындагы өлкөлөрдүн ортосунда өз ара мамилелерди жана кызматташууну калыптандырат. Бардык түрк мамлекеттери – Түркия, Азербайжан, Казакстан, Өзбекстан, Түркмөнстан жана Кыргызстан Ислам Кызматташтык Уюмуна киришет. Бул уюмга жалпысынан 57-өлкө мүчө болуп кирген.

Эл аралык саясий-экономикалык системанын өнүгүүсүндө маанилүү роль ойногон аймактык жана глобалдык бирикмелер бүгүнкү күндө дүйнөлүк экономиканын кыймылдаткыч күчү катары милдет аткарып жатышат. Соодалык, инвестициялык жана бартердик операциялардын көп бөлүгү дал ушундай бирикмелер тарабынан аткарылат. Мисалы, Европадагы аймактык сооданын 55,2 - пайызын Европа Бирлиги ишке ашырат. Америкада аймактык сооданын 51,7 – пайызы NAFTA (*North American Free Trade Agreement* –Түндүк америкалык Эркин Соода тууралуу Келишим) уюму тарабынан ишке ашырылат. Азиялык-тынч океан аймагында бардык соодалык операциялардын 20,4 – пайызы ASEAN уюмунун Эркин Экономикалык Аймагына (AFTA), ал эми 69, 7 – пайызы Тынч океан экономикалык кызматташтык уюмуна (APEC) [293, 443-б] туура келет.

Бүткүл дүйнөлүк интеграциянын негизги приоритеттерине баа берип жатып, анын *регионализм жана глобализм тенденцияларын бири-бирине кагыштырбастан, тескерисинче алардын диалектикасын шыктандырган* позитивдүү багыттарына өзгөчө көңүл буруу зарыл. Дүйнөлүк капитализмдин бул маселеге карата салттуу консервативдик мамилеси эл аралык саясаттын жана либералдык дүйнөлүк экономиканын новатордук мамилесинен таптакыр айырмаланат. Эгер консервативдик көз караш өнүккөн өлкөлөрдү (*more developed countries* – MDC), өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдү (*developing countries* – DC) жана бир аз же начар өнүккөн өлкөлөрдү (*less-developing countries* – LDC) бири-биринен айырмалап карап, алар менен иерархиялык негизде мамиле куруп, ошондон пайда көрсө, либералдык көз караш жалпы дүйнөлүк өнүгүүгө байланышкан кызыкчылыктарга таянып, өлкөлөрдүн ортосундагы айырмачылыктарды жоюуга, начар өнүккөн өлкөлөрдү өнүктүрүүгө, ошондой эле аймактык жана глобалдык көз караштардын ортосунда *баланс же тең салмактуулук табууга* багытталган. Дүйнөлүк экономика лидерлеринин жана аутсайдерлеринин ортосундагы ажырым акыры барып кризиске алып барат. Дал ушундай кризисти биз азыркы мезгилде көрүп жатабыз. Либералдык көз караш туура көз караш болуп саналат. Анткени дүйнөлүк мейкиндиктеги дүйнөлүк байлыктардын күчтүүлөрдүн колдорунда топтолуп, алсыздарда эл аралык

масштабда жашоо мүмкүнчүлүгүнүн калбай калышы коомдор аралык жана мамлекеттер аралык мамилелерди төмөнкү деңгээлге түшүрүп, эки тараптын тең кызыкчылыктарынын чоң коркунучка кабылышына себеп болот.

Демек эл аралык мамилелердин демократизациясы, гуманизациясы жана либерализациясы (айрыкча уюмдук деңгээлдеги) дүйнөдөгү карама-каршылыктарды азайтуучу иш-аракеттерде, идеологияларда жана технологияларда чагылдырылышы керек. Эгер гуманисттик принциптерге таянган либералдык демократиялык мамлекет коомдун бай, орто жана кедей катмарларынын ортосундагы айырмачылыкты жоюуга жана ортоңку тапты социалдык-саясий организмдин негизги фактору катары күчөтүүгө аракет кылса, анда ушундай платформаны эл аралык системада да колдонсо болот. Мындай программа бүткүл дүйнөлүк интеграциянын жана интеграцияны ишке ашыруучу эл аралык уюмдардын бардык деңгээлдеринде ишке ашырылышы керек. Өнүккөн, өнүгүп жаткан жана начар өнүккөн өлкөлөрдүн ортосунда мамиле куруунун ыкмалары жана технологиялары ***дүйнөнүн орточо өнүккөн өлкөлөрүн күчөтүү жана деңгээлдер аралык айырмачылыкты бара-бара жоюу саясатынын*** акталышына алып келиши керек. Биздин пикирибизде, жаңы муундан турган дүйнө мамлекеттеринин өнүгүү максаттары, ошонун ичинде түрк өлкөлөрүнүн жалпы өнүгүү максаттары да ушул багытта жүрүшү керек. Дайыма кеңейип турган жана азыркы учурда өзүнө дээрлик бардык саясий субъекттерди жана тийиштүү эл аралык уюмдарды бириктирген БУУ уюму (Бириккен Улуттар Уюму) ар түрдүү деңгээлде өнүккөн мамлекеттерди бириктирүү идеясын ишке ашырып, ушундай практикаларга жана тенденцияларга дем берүүдө (Азербайжан Республикасы тарыхта биринчи жолу БУУнун Коопсуздук Кеңешинин туруксуз мүчөсү болду).

Заманбап эл аралык системанын пирамидалдык түзүлүшүндөгү «күчтөрдүн балансы» төмөнкүдөй иерархиялык түргө ээ: «үстөмдүк кылуучу күч», «чоң күчтөр», «орто күчтөр» жана «кичине күчтөр» [268, 279-280-б]. Мындай форма чыныгы көрүнүштү чагылдырганы менен эл аралык саясаттын жана эл аралык укуктун принциптерине негизделген иш-аракеттердин өнүгүүсүнө түрткү бере албайт. Жаңы дүйнөлүк тартип алсыздарды күчтүүлөргө багындыруу жана алсыздардын күчтүүлөр тарабынан башкарылуусу сыяктуу байыркы же эскирген тартиптердин негизинде эмес, укуктук теңдик принциптеринин негизинде курулушу керек. Дал ушундай тартип дүйнөлүк өнүгүүнүн жаңы фазасына өтүүсүн камсыздай алат.

Ошондуктан эл аралык бирикмелер тарабынан *глобалдык башкаруунун жана глобалдык саясаттын жаңы моделдеринин* колдонулуусу - бүткүл дүйнөлүк интеграциянын приоритеттери болуп

саналат. «Глобалдык саясий системаны башкача кылып өзгөртүү» зарылдыгы бар экендигин батыштагы аналитиктер өздөрү да моюнга алышууда. Анткени «Европанын үстөмдүгүн камсыздаган саясатты» калыптандырууга эч кандай укуктук негиз калган жок: «аймактык мамлекеттер» деген принципке негизделген «Аугсбург диний тынчтык» (1555 - жыл) жана «Вестфаль тынчтык» (1648 - жыл) келишимдери эскирип, Европа үчүн өз маанилерин жоготуп коюшту [229, 197-б]. Азыркы учурда дүйнөнү «европалык колониализм» саясатынын негизинде башкаруу – дүйнөнү алдыга жылдыруу эмес, өткөн мезгилде калып калуу дегенди билдирет [266, 69-б]. Мындай ыкмалар же саясий багыттар дүйнөнүн фрагментациясынын жана интеграциясынын ортосунда карама-каршылык жаратып, глобалдык саясатты туңгуюкка алып барат. Модернизацияланып жаткан дүйнө жогорку деңгээлде уюшулган саясий субъекттердин баарын эл аралык системанын өнүгүү процессине кошууну талап кылат. Глобалдык башкаруу чөйрөсүндө тартиптерди түзүү принциптери плюралисттик мүнөзгө ээ; башкаруунун жаңы үлгүлөрү иерархиялык ыкмадан көп векторлуулук ыкмасына, амбициялык жүрүм-турумдан мамилелердин полифониясына өзгөрүп жатат [270, 37-б]. «Мамилелердин полифониясы» - саясаттын жана башкаруунун глобалдык платформасында ар бир өлкөнүн улуттук кызыкчылыктары көргөзүлөт дегенди билдирет. Глобалдык башкаруунун негизги функцияларын өздөрүнө алган мамлекеттер аралык эл аралык уюмдар «альтернативдик саясий жана экономикалык моделдердин» жардамы менен «калыстыкты» камсыздай алышат [307, 242-245-б]. Глобалдык деңгээлде жарандык коом түзүү албетте мүмкүн, бирок ал үчүн «космополиттик кызыкчылыктардан» жогору туруп, «улуттук жарандык коомдорду» өнүктүрүү зарыл [219, 171-176-б]. Эл аралык саясаттын этикасы «демократияны экспансиялоону» эмес, аны глобалдык саясий мейкиндиктин ар бир бурчуна «жайгаштырууну» талап кылат. Бул жерде эң негизгиси – жергиликтүү жагдайларды жана улуттук-этникалык өзгөчөлүктөрдү эске алуу болуп саналат. Приориттерге баа берүүдө ушул маселени эске алыш керек, анткени баа берүүнүн өзү конкреттүү бир жагдай менен аныкталат. Түрк коомдорунда космополитизм жана жалпы адамзаттуулук деген түшүнүктөр өзгөчө сапаттарга ээ жана ошондуктан түрк коомдорунун дүйнөлүк коомчулукка жуурулуп, аны менен биригүүсүсүнүн себеби - саясий-экономикалык зарылчылыкка гана байланыштуу эмес. Бул ошондой эле улуттук-саясий психологияга байланышкан ички талапка да байланыштуу. Евразияны камтыган бүткүл дүйнөлүк интеграция процесстери түрк мамлекеттеринин *геосаясий* мейкиндигинин ички интеграциясы менен биригип, чыныгы глобалдык биримдикке ээ болушат.

## 14. ЕВРОПА ЖАНА ТҮРК ЭЛДЕРИ

Саясий жана эл аралык укук чөйрөсүндө Биримдиктерди түзүү маселесине таяна турган болсок, Европа Бирлигинин калыптанышы заманбап адамзаттын тарыхындагы эң чоң окуялардын бири болуп саналат. Бүгүнкү күндө «Европа Бирлиги» жана «Европа биримдиги» деген түшүнүктөр биз үчүн бирдей угулат. Бирок Европа Бирлигинин Азербайжандагы өкүлчүлүгүнүн расмий сайтында жана расмий иш кагаздарында «Европа Бирлиги» деген сөз колдонулгандыктан биз да ушул терминди колдонуу туура болот деп эсетпейбиз. Европа Бирлиги Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү жана аны өнүктүрүү үчүн чоң үлгү боло алат. Мындай Бирлик заманбап Евразия үчүн да маанилүү. Жаңы тарыхый жагдайларда ушундай бирликтин түзүлүүсү төмөнкү нерсени далилдеши керек: Эгер Евразиянын батыш бөлүгүндө Европа Бирлиги түзүлсө, анда Чыгыш бөлүгүндө мындай бирликтин мыктыраак түрүнүн түзүлүшү, тактап айтканда Түрк Мамлекеттер Бирлиги идеясы ишке ашырылышы толук мүмкүн. *Европа Бирлиги* (*European Union) уюмунун жана Түрк Мамлекеттер Бирлиги (Turkish States Union) идеясынын платформасы же программалары бири-бирине жакын болот жана ошондуктан булар Евразия аймагынын бирдиктүү саясий мейкиндик деген статуска ээ болушуна түрткү беришет*. Түрк Мамлекеттер Бирлиги тууралуу идея Европа Бирлигине *альтернатива боло алганы менен ага каршы турбайт*. Ошондуктан бул идеяны күн тартибине алып чыгуу маселеси кадимки жана зарыл нерсе болуп саналат. Евразиянын саясий-цивилизациялык бүтүндүгүн камсыздоо процесси тарыхтын маанилүү учуру жана уландысы болуп саналат.

Европа Бирлигинин түзүлүшүн шарттаган негизги факторлор төмөнкүлөр болгон:

1) жалпы тарыхый-геосаясий аймакка таандык жана ошол аймакта жашаган өлкөлөр;

2) жалпы европалык цивилизацияга таандык өлкөлөр;

3) жалпы индоевропалык тилдер тобуна кирген элдер (Финляндиядан тышкары);

4) Бирликке мүчө болуп киргендердин дээрлик баары же басымдуу бөлүгү христиан дүйнөсүнө таандык;

5) Бирликтин аймагындагы бардык согуштар жана конфликттер токтотулууга тийиш.

1800-жыл мурда Рим империясынын (*Pax Romana*) жок кылынышы Европа өлкөлөрүн бири-бирине жакындатса да, бул аймакта болуп турган конфликттер жана башка карама-каршылыктар дайыма анын дезинтеграцияланышына себептерди жаратып турган. Мындай конфликттерди токтотуу зарылдыгынын пайда болушу менен бирге бул аймакта саясий интеграция пайда болгон. Жыйырманчы кылымдын биринчи жарымында Европанын алдыңкы өлкөлөрү катышкан эки дүйнөлүк согуш башталган. Европанын тарыхында эң көп адам дал ушул Экинчи дүйнөлүк согушта каза болгон: бул согушта 35-миллион европалык каза болгон [268 155-б]. Ошондуктан немец автору Юрген Хабермас минтип жазган: «Европа бири-бири менен атаандашып, тирешип жана бир-биринен четтеп турган улуттук мамлекеттерден турат» [195, 44-б]. Эгер салыштырып карай турган болсок: Европада өз убагында «экстремисттик улутчулдукту» жок кылуу зарылдыгы болгон, ал эми түрк тилдүү элдердин ортосунда мындай зарылдык жок. Европаны бириктирген факторлор түрк дүйнөсүнө таандык өзгөчөлүктөргө ээ. Мисалы, түрк тилдүү элдердин улуттук мамлекеттери:

1) Борбор Азияны, Кавказды жана Европа Бирлигинен Кытайга чейинки Кичи Азияны камтыган кенен аймактын геосаясий биримдигин жаратышат;

2) жалпы түрк тилдүү элдердин цивилизациясына таандык;

3) түрк тилдер тобуна таандык;

4) негизинен ислам динин туткан түрк тилдүү элдердин мекени болуп саналат;

5) эгер Европа өлкөлөрү согуш коркунучун жок кылуу максатында бириккен болсо, түрк мамлекеттери конфликттерден жана көйгөйлөрдөн тышкары туруп, этносаясий биримдикти калыбына келтирүү максатында; ошондой эле глобалдык масштабда маанилүү боло турган жана заманбап эл аралык саясаттын, эл аралык укук системасынын талаптарына жооп бере турган Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү зарылчылыгынын айланасына «ишенимдүү түрдө» биригишет.

Европа Бирлигинин түзүлгөнүнө көп жыл болуп калгандыктан ал Түрк Мамлекеттер Бирлиги үчүн саясий-укуктук концепциянын жана процедуралардын эң оптималдуу үлгүсү боло алат. ЕБнын калыптанышынын тарыхына карай турган болсок, *Европаны кайта бириктирүү саясаты* канчалык татаал жолду басып өткөнүн, бирок чечкиндүүлүктүн жана жасалган аракеттердин натыйжасында ал акыры өз максатына жеткендигин көрөбүз. 1648-жылда эле түзүлгөн Вестфаль тынчтык келишими 1914-жылга чейин, Биринчи дүйнөлүк согуш баштала электе эле Европадагы улуттук мамлекеттердин жалпы системасынын пайда болушуна алгачкы шартты түзгөн.

Франция мамлекетин Наполеон Европада үстөмдүк кылуучу күчкө айландырууга аракет кылып (Евроцентризм идеологиясынын негизинде), анын аракети натыйжасыз болуп калгандан кийин 1815-жылы Европа тилектештиги жөнүндө идея (*«Consept of Europe»*) бул аймактагы интеллектуалдык чөйрөнүн алдыңкы идеяларынын бири болуп калган [274, 352-353-б]. Бул идея тынчтыкты сүйүүчү алдыңкы идеялардын бири болгон. Фридрих Ницше XIX – кылымдын аягында Европа биригүүгө умтулуп жаткандыгын жарыялаган [173, т.2, 376-б]. XX – кылымдын башында АКШда жаңы өнүгүү модели пайда болгондон кийин Европа кошмо штаттарын түзүү идеясы сунушталган *(Ортега-и-Гассет, Жан Монне, Альчиде де Гаспери)*. Ушул сыяктуу идеялар Европадагы интеграциялык процесстердин күчөшүнө, ошондой эле уюштуруунун коомдук, саясий жана маданий түрлөрүнүн бир системага келишине өтө чоң таасир тийгизген. Өзүнүн бардык чыгармаларында Европанын биригишин сөзсүз боло турган нерсе деп эсептеген Ортега-и-Гассет айткандай, «Европа акыркы үч кылымда дүйнөнү башкарып турган, бирок анын башкаруусу алдындагы дүйнө бирдей үлгү боюнча жашаган жана анын натыйжасында «Европа үстөмдүк кылган доор» өзүнүн аягына чыккан. Ренессанс мезгилинен баштап эле «кичинекей элдердин комплекси же топтому», ошондой эле улуттук мамлекеттердин калыптануусунун натыйжасы катары пайда болгон Европа «континент-мамлекетке» айланышы керек. Европанын бирдиктүү бир түзүмгө биригүүсү логикалык нерсе жана бул алардын жалгыз туура жолу болуп саналат [174, 126-132-б].

Экинчи дүйнөлүк согуштан бир жыл өткөндөн кийин, тактап айтканда 1946-жылы XX – кылымдын эң көрүнүктүү саясатчыларынын бири Уинстон Черчиль өзүнүн Цюрихте сүйлөгөн сөзүндө «Европа Кошмо Штаттары» идеясын дагы бир жолу көтөргөн [220]. Ошол мезгилде жадагалса бир-бирине салттуу түрдө душман болуп калышкан Франция жана Германия «Федералдык Европа» түзүү жөнүндө сүйлөшүүлөрдү жүргүзө башташкан. Ушул өлкөлөрдүн саясатчыларын Гаагада өткөрүлгөн «Европалык Конгресске» катыштыруу үчүн 16-европалык мамлекеттин көрүнүктүү реформаторлору олуттуу кадамдарды жасашкан [278, 99-б]. Ошентип Европа мамлекеттерин бирдиктүү саясий-юридикалык статуста бириктирүү идеясы чыныгы иш-аракетке айланган.

1949 – жылы европалык мамлекеттердин демилгеси боюнча Европа Министрлер Кабинети жана Европа Кеңеши түзүлгөн. 1950 – жылы Роберт Шумандын арызы кабыл алынып, анын негизинде 1951-жылы 6-өлкө Париж келишимине кол койгон. Европалык Көмүр жана темир бирикмеси да түзүлгөн. 1953 – жылы Европалык Кеңештин Адам Укуктары боюнча Конвенциясы ишке кирген.

1957-жылы Рим келишимине кол коюлуп, анын негизинде Европалык Экономикалык Кызматташтык жана атомдук энергетика боюнча Бирикме түзүлгөн. 1960 – жылы Европанын Эркин Соода Аймагы, ал эми 1961 – жылы Европалык Кеңеш түзүлгөн. 1962 – жылы жалпы агрардык саясат жүргүзүлө баштаган жана 1968-жылы Бирдиктүү Бажы Бирлиги түзүлгөн. 1970 – жылы европалык саясий кызматташтык укуктук статуска ээ болгон. 1978 – жылы Европалык Валюттук Система жана Европа Бирлигинин Резолюциясы боюнча тажрыйба алмашуу механизми иштей баштаган. 1979 – жылы Европалык Парламентке жалпы европалык шайлоолор өткөрүлгөн. 1985 – жылы Шенген келишимине кол коюлуп, ал эми 1986-жылы бирдиктүү базар түзүүгө арналган Бирдиктүү Европалык Акт өз күчүнө кирген. 1992 – жылы Европалык Экономикалык Бирликтин негизинде Европа Бирлигин түзүү боюнча Маастрихт келишими түзүлгөн. 2002 – жылы Европа Бирлиги бирдиктүү валюта – евро колдоно баштаган. 2003 – жылдан баштап Европа Бирлиги институционалдык реформаларды жүргүзө баштаган. 2009 – жылы ушул реформалар боюнча Лиссабондук Келишим иштей баштаган [297; 267, 161-177-б; 291; 284; 223].

Бүгүнкү күндө Европа Бирлигин башкаруунун жалпы системасы функционалдык жактан бири-бири менен байланышкан институттар тарабынан ишке ашырылып жатат. Алар төмөнкүлөр: Европалык Парламент, ЕБнын Кеңеши, Европалык Комиссия, ЕБнын Соту, Европалык Аудитордук Сот жана Европалык Борбордук Банк [293, 423-425-б]. 1957 – жылы ЕБнын «жергиликтүү мүчөлөрү» («*origi- nal members*») - Бельгия, Германия, Франция, Италия, Люксембург жана Нидерланды мамлекеттери бири-биринин ортосунда боло турган саясий, экономикалык жана шериктештик мамилелердин негизин түзүшкөн. ЕБнын кеңейүүсү 1973-жылдан башталган. Бул этапта ЕБга Дания, Ирландия, Улуу Британия, андан кийинки экинчи этапта Греция (1981-жыл), үчүнчү этапта Португалия жана Испания (1986-жыл), төртүнчү этапта Австрия, Финляндия Швеция (1995 - жыл), бешинчи этапта – Кипр, Чехия, Эстония, Венгрия, Латвия, Литва, Мальта, Польша, Словакия жана Словения (2004 - жыл), алтынчы этапта – Болгария жана Румыния (2007 - жыл) кирген. Акыры акыркы этапта ЕБга 2013 – жылы Хорватия да кирген.

Азыркы учурда континенттин 28-өлкөсү ЕБга кирет. Расмий түрдө 23 тил колдонулат. Брюссель, Люксембург, Страсбург жана Лондон ЕБнын расмий борборлору болуп саналат. ЕБнын жалпы аянты 4 млн 324 миң 782 кв. км-ди түзөт (дүйнөдө жетинчи орунду ээлейт). Калкынын саны (2012 - жыл) 503 млн 500 миң адамды түзөт (жер шарындагы жалпы калк санынын 7,2 пайызын түзөт) [251]. Европа Кеңеши 47 мамлекетти камтыйт, бул мамлекеттердин

аймактарында 800 млн, адам жашайт (Түрк тилдүү мамлекеттердин ичинен Европа Кеңешине Түркия жана Азербайжан гана кирет). ЕБнын ИДПсы 17,6 трлн долларды түзөт, ал эми калктын жан башына киреше 35 миң долларды түзөт. Бул ИДПнын дүйнөлүк көрсөткүчүнүн 20 пайызын түзөт. *Бирдиктүү ички базарга ээ болуп, системалуу-интегративдүү-саясий курсту карманган Европа Бирлиги* эл аралык уюм катары БУУга, Бүткүл Дүйнөлүк Соода Уюмуна (БСУ), ошондой эле G-8 жана G-20 уюмдарына мүчө болуп кирген. ЕБга кирген өлкөлөр саясат жана экономикага байланышкан бардык маселелер боюнча жалпы кабыл алынган мыйзамдарга ылайык иштешет жана ЕБнын алдында белгилүү бир милдеттенмелерди алышкан. Ошол эле учурда бул өлкөлөр жогоруда айтылган чөйрөлөрдө көз карандысыз жана эркин иш алып барышат. ЕБ жана анын алдыңкы мамлекеттери, жалпысынан алып караганда, дүйнөлүк саясий, глобалдык, экономикалык жана маданий процесстерге чоң таасир тийгизе алышат. ЕБнын саясаты, анын аймактык жана глобалдык өнүгүү программалары, ошондой эле башка долбоорлору чынында бүткүл дүйнөдөгү демократиянын өнүгүүсүнө баа жеткис салым кошуп жатат. Мурдагы мезгилге салыштырганда Европада азыркы учурда үстөмдүк кылуучу өлкө же өлкөлөр жок, анын ордуна күчтүү өлкөлөрдү бириктирүүчү кубаттуу Бирлик бар. Мындай трансформациянын өзү бүткүл дүйнө үчүн үлгү болуп саналат.

ЕБ бардык мезгилдерде жана айрыкча кансыз согуш» учурунда АКШ менен СССРдын ортосунда тең салмактуулукту сактап турган. Ушундай милдетти ийгиликтүү аткарып жаткан ЕБ эл аралык аренада күчтүү субъект болуп саналат. Азыркы мезгилде ЕБ глобалдык өнүгүүнүн алдыңкы планында турат. ЕБ Ички Дүң Продукциянын дүйнөлүк көрсөткүчтөрүнүн 22 пайызын ээлеген АКШ менен дээрлик бирдей позицияда турат. Европа Бирлиги дүйнөлүк ИДПнын 20 пайызын ээлейт. АКШга дүйнөдөгү согуштук чыгымдардын 41 пайызы туура келет. Ал эми Европа Бирлиги АКШдан айырмаланып, өзүнүн таасирдүүлүгүн көбөйтүү үчүн прогрессивдүүрөөк технологияларды колдонот. Ошондуктан АКШнын айланасында «мажбур» интеграция жүрүп жаткан болсо, ЕБнын айланасында «ыктыярдуу» интеграция жүрүп жатат. Демократиялык жана инновациялык реформаларга жакын өлкөлөрдүн Европа Бирлигине кирүү кирүү аракеттери мына ушундай процесстин бир бөлүгү болуп саналат.

Европада бардык нерсе тегиз жана оңой болуп жаткан жок. Акыркы мезгилде аны да кризистин толкундары солкулдатып жатат. Кээ бирлер дезинтеграция болушу мүмкүн деп божомолдоп жатышат. Бирок ЕБга кирген мамлекеттердин өнүгүүсү туруктуу

түрдө жүрүп жатат жана базар экономикасынын шарттарында мындай нерсе табигый көрүнүш болуп саналат. ЕБ жетиштүү тажрыйбага ээ. Анын конструктивдүү иш-аракеттерге байланышкан кудурети жана мүмкүнчүлүктөрү да жетиштүү. ЕБ дүйнөлүк экономика менен ушунчалык тыгыз байланышкандыктан анын ичинде пайда боло турган ар бир кризис бүткүл дүйнөгө жайылат. Ошондуктан ЕБ жана өнүккөн өлкөлөр «экономикалык жактан кыймылсыз калган аймактарды» кыймылга келтирүүгө умтулуп, мүмкүнчүлүктөрдү, өндүрүштү жана керектөөнү начарлатуучу процесстерди токтотушу керек.

ЕБнын бардык мейкиндиги атаандаштык болуп туруучу ачык аймакта жайгашкан. Бул аймакта анын өнүгүү стратегиясын ар түрдүү саясий жана идеологиялык багыттар аныктайт. Ушул нерсеге таянып, төмөнкүдөй тыянак чыгарсак болот: глобалдык күчтөрдүн, ошонун ичинде ЕБнын артыкчылыктары жана келечектеги түзүлүшү ар түрдүүчө бааланат. АКШнын (америкалык стратегдер), ЕБнын (европалык стратегдер) жана Түрк дүйнөсүнүн (түрк тилдүү мамлекеттердин стратегдери) артыкчылыгына таянып ар бир топ жалпы бир белгилерди камтыган формула-парадигмаларды сунуштайт, мисалы: «Жыйырма биринчи кылым – Американын кылымы» [233, 13-б], «Жыйырма биринчи кылым – Европанын кылымы» [166], «Жыйырма биринчи кылым – Түрк элдеринин кылымы» [101; 112]. Кытай, Индия, Жапония жана Орусия да дал ушундай мааниде ой жүгүртүшү мүмкүн. Булардын ар бири өзүнүн ички кудуретин жана чыныгы перспективаларын туура баалаган. Stratfor CEO (дүйнөдөгү маалымат жана божомолдоо чөйрөсүндөгү алдыңкы компания) деп аталган компаниянын негиздөөчүсү жана жетекчиси Жон Фридмандын пикиринде, АКШ бүткүл дүйнөнү башкарып, көзөмөлдөп турат жана кийинки кылымда да ушундай болот. Азыркы мезгилдеги тарыхый-саясий процесстин маңызы – Европанын тарыхый цивилизациясынын төмөндөшүндө жана Американын үстөмдүк кылуучу кубатка ээ болушунда турат деп эсептейт ал [233, 251-б].

Буга тескери келген пикирди англиялык саясат таануучу Марк Леонард карманат. Анын пикиринде, Европа цивилизациясы өз маанилүүлүгүн жоготуп, өчүп бара жатат деген пикир Америкага гана таандык. Чындыгында баары башкача. Эгер салыштырып карай турган болсок, төмөнкү нерсени көрөбүз: *Америка бүткүл дүйнөгө үстүртөн гана таасир тийгизет, ал эми Европа терең жана ар тараптуу таасир тийгизет.* Бардык өлкөлөр табигый зарылдыкка баш ийип Европага тартылышууда жана *Европалык орбитага* кошулууда. Алар «европалык мыйзамдардын таасири астында биротоло өзгөрүп жатышат». Европанын күчү анын мыйзамдарында.

Европа өз убагында эки дүйнөлүк согуштун натыйжасында милитаризацияланып калган. Бирок ал империалисттик ой жүгүртүүнү жана ар кандай карама-каршылыктарды жеңип, демократиялык жана көз карандысыз мамлекеттер бирлигине айлана алды. Европа өзгөрүп жаңыланган. Эгер Америка бүткүл дүйнөнү өзүнүн аскердик базалары менен каптаса, ЕБ өзүнө жакын жана алыс жайгашкан өлкөлөрдү өзүнүн демократиялык принциптери менен кызыктырып жатат. Азыркы учурда ЕБнын чөйрөсүнө 109 мамлекет кирет. Саясий көз карашка жана логикага таяна турган болсок, азыркы учурда постамерикалык доор башталып жатат. Анткени Америка тарабынан тартууланган «Жаңы дүйнөлүк тартиптер» дүйнө мамлекеттеринин көз карандысыз өнүгүүсүнө каршы келет жана мындай тартип дүйнө мамлекеттерине жакпайт. Мындай учурда өлкөлөрдүн бардык назары Демократиянын Төрү болуп саналган Европа Бирлигине бурулат. Алар ЕБнын баалуулуктарын пайдаланышат. Мындай баалуулуктардын жоголушу дүйнөлүк демократиянын жоголушуна алып келет. ЕБ өлкөлөр шериктештигинин үлгүсү болуп саналат. ЕБ аймактык жана глобалдык кызматташтыкты бекемдөө максатында *саясий-экономикалык-цивилизациялык бирикмелерди түзүүнүн тажрыйбасын* көргөзүп турат [166, 10-12-б, 56-57, 159-166, 185-204]. Британиялык саясат таануучу өзүнүн полемикалык көз караштарын минтип бүтүргөн: «Аймактык бирикмелер күчөгөндө, АКШ сыяктуу кубаттуу өлкөлөр мындай бирикмелердин өнүгүү процессине сөзсүз кошулат. АКШ сыяктуу кубаттуу мамлекеттер аймактык бирикмелердин күчөшүн акырындатып койо алышат, бирок токтото алышпайт. Эгер алар мындай процесстерге каршы чыгышса, өздөрү зыян тартышат. Анткени андай учурда аймактык клубдар аларга каршы да биригиши мүмкүн. Эгер АКШ ушул процесстен пайдаланса, өзүнүн кубаттуулугун күчөтүп, дүйнөдө жаңы тартиптердин түзүлүшүнө түрткү берет. Ушундай процесстин натыйжасында «жаңы кылымдын Европасы» пайда болот. Жаңы кылымдын Европасы мурдагыдай болуп дүйнөнү империя сыяктуу башкарбайт, анын ордуна ал өзүнүн жүрүм-туруму менен дүйнө өлкөлөрүнүн баарын өзүнө тартат [166, 217-б]. Биз акыркы ойдун акыркы бөлүгү менен макул болбосок да дүйнөдөгү саясий процесстер пирамида багытында эмес, интегралдык багытта болот деп айтсак болот. Ал эми мындай нерсе бүткүл дүйнөдөгү түрк элдери үчүн пайдалуу болот.

Эл аралык саясат жана эл аралык укук системасы тарабынан таанылган аймактык жана глобалдык масштабдагы биримдиктер түзүлүп жаткан учурда түрк дүйнөсүнүн ички зарылдыгы катары Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү зарылдыгы сөзсүз пайда болот (өткөн кылымдын ортосунда Европада Европа Бирлигин түзүү зарылдыгы пайда болгон). Азыркы учурда түрк дүйнөсү эл аралык

саясий жашоодо чыныгы мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн жагдайда дал ушундай жолду эң оптималдуу жана артыкчылыкка ээ болгон жол катары тандашы керек. Түркиянын, ошондой эле Кавказдын жана Борбор Азиянын жаш мамлекеттеринин ЕБга жакындоосу кээде «Батыш менен биригүү» катары каралат. Мындай нерсе албетте маанилүү жана позитивдүү процесс болуп саналат. Бул багытта ойлонуштурулган жана жасалган иштердин бир бөлүгү ЕБнын чыгыш аймагындагы кызматташтыгы боюнча программага кирет. Түрк дүйнөсү менен ЕБнын ортосундагы мамилелер жогору көтөрүлүүчү жана бутакталуучу жол менен өнүгөт. Бирок ушундай мамилелер түрк мамлекеттеринин ЕБга мүчө болушуна алып келиши мүмкүнбү? *Түрк элдеринин заманбап саясий тарыхынын чечүүчү этабында* биз бардык стратегиялык максаттарды жана перспективаларды таразалап, өзүбүзгө төмөнкү суроону беришибиз керек: биз ЕБга мүчө болуп кирүүнү каалайбызбы? Же европалыктарга окшоп бардык кыйынчылыктардан жана сыноолордон өтүп, өзүбүздүн түрк мамлекеттер бирлигин түзүүнү каалайбызбы? Ушул варианттардын кайсынысы бизге пайдалуураак экенин биз биротоло аныкташыбыз керек, ***Европа Бирлигине мүчө болуп кирүүбү же Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүүбү***? Буга бир гана жооп бар: биз албетте өзүбүздүн Бирлигибизди түзүшүбүз керек!

ЕБнын бул маселеге карата мамилеси деле ушундай болмок. ЕБ Чыгыш багытында кеңейүү боюнча өзүнүн планын жигердүү түрдө ишке ашырып жатат. Бирок Европа Бирлигинин күн тартибинде түрк мамлекеттеринин ЕБга мүчөлүгү тууралуу маселе азырынча жок. Мындай маселе дагы узак убакыт бою көтөрүлбөшү анык. ЕБнын заманбап стратегиясы кандай? Анын стратегиясы төмөнкүдөй: европалык цивилизациянын чек араларынан чыгып кетпөө жана аны мүмкүн болушунча көбүрөөк кеңейтүү; ошондой эле европалык геосаясий системадагы институционалдык түзүмдөрү терендетүү. Кыскасын айтканда, ЕБ өзүнө ашыкча жүк алууну каалабайт. ЕБ Европанын ички жагында гана эмес, анын сыртында да баары тынч болушун каалайт жана ошого аракет кылат. ЕБ Евразия мамлекеттерине, анын ичинде айрыкча түрк тилдүү мамлекеттерге Орусиянын тийгизген таасирин азайтууга аракет кылууда. Мындан тышкары ЕБ өз аймагынын чегинде түрк тилдүү мамлекеттер менен кызматташууга аракет кылып жатат жана интеграциялык долбоорлорду ишке ашырууга кызыкдар болгондой таасир калтырууда. Бирок азыр деле эгер түрк тилдүү мамлекеттер өнүгүү жагынан Европанын деңгээлине жетип кала турган болсо, Европа Бирлиги аларды өз курамына киргизе койбойт, анткени анын бул тууралуу планы азырынча жок. Түркия менен ЕБнын ортосундагы мамилени буга ачык мисал катары көргөзсө болот. Түркия өзүнүн аянты, калкы-

нын саны, ошондой экономикалык жана аскердик кубаттуулугу боюнча эң ири түрк мамлекети болуп саналат.

Түркия - Европанын коопсуздугунун кепилдиги болуп саналган НАТОнун курамында аскердик кубаттуулук боюнча АКШдан кийинки турган мамлекет болуп саналганына, Европа менен Азияны «геосаясий түйүн» катары байланыштырып турганына, ошондой эле дүйнөдөгү он беш эң күчтүү мамлекеттердин катарына кирүүгө кудурети жана мүмкүнчүлүктөрү бар экендигине карабастан Европа Бирлигинин эшиги ал үчүн жабык бойдон турат. 1963 – жылы Түркия ЕБнын ассоциативдүү мүчөсү болгон. 1987 – жылы ал ЕБга мүчө болуп кирүү тууралуу арыз менен кайрылып, бир нече Европалык институттарга мүчө болуп кирген. ЕБ бир нече этаптан турган кеңейүү программасын ишке ашырганына карабастан Түркия мамлекети 1987-жылдан азыркы мезгилге чейин ЕБга мүчө катары кабыл алына элек. Болгария жана Румыния мамлекеттери ЕБга мүчө болуу тууралуу арыздары менен Түркиядан кийин кайрылышса деле алар 2007 – жылы ЕБга мүчө катары кабыл алынган. Чынында Түркиянын ЕБга мүчө болуп кирүүгө бардык негиздери бар болгон. Бирок ЕБнын айрым салттуу өлкөлөрү кайра-кайра «салттуу себептерди» айтып, бул маселени кийинкиге калтырып келишкен. Түркиянын четтетилиши бир маанилүү кабыл алынган эмес. Ошондуктан ЕБда бул тууралуу талкуу жүргүзүлүп, Түркияны Европа Бирлигине мүчө катары кабыл алуу маселеси ылайыксыз жана зыяндуу маселе деп аныкталган. Буга байланыштуу албетте суроо жаралбай койгон эмес: эл аралык аренадагы салмагы күн сайын өсүп жаткан Түркия түрк дүйнөсүнөн тышкары жерлерге да таасир тийгизүү мүмкүнчүлүгүнө, ошондой эле өзүнүн бир тууган элдери менен биргеликте Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп туруп Европа Бирлигинин босогосунда ушунчалык көп убакыт күтүшү керек?!

Саясий болжолчулардын анализине таяна турган болсок, бүгүнкү күндө динамикалуу түрдө өнүгүп жаткан Түркия кечээги күндөгү Түркиядан айырмаланып тургандай эле эртеңки Түркия да бүгүнкү Түркиядан айырмаланат. Божомолдорго ылайык Түркия 2020-жылы дүйнөдөгү экономикасы эң күчтүү 10 өлкөнүн катарына кирет [233, 79-82-б, 145, 202-205]. Азыркы учурда Түркия мамлекети эл аралык саясаттын Чыгыш платформасын жаңы демократиялык нукка бурган өлкө катары көңүл борборунда турат. Түрк мамлекеттерине бир тууган өлкө болуп саналган Түркия мамлекети Жакынкы жана Ортоңку Чыгыштын, Түндүк Африканын, Балкандын, Кавказдын жана Борбор Азиянын саясий жашоосундагы өзгөрүүлөргө өзүнүн позитивдүү позициясы менен жигердүү таасир тийгизип жатат. Түркия мамлекети чыгыштын демократизация процессин кечирип

жаткан туруксуз өлкөлөрүнө жардам берип, «түрк дүйнөсүнө таандык болгон чыныгы гумандуулукту жана адеп-ахлактуулукту көрсөтүп», жарандык согуш чыгаруу аракеттерине тоскоолдук кылган. Ошондон кийин Түркиянын эл аралык имиджи кыйла жогорулады. Түркиянын эл аралык жана аймактык саясатта алдыңкы катарга чыгуусу кээ бирлер тарабынан атайын жаңылыш түшүндүрүлүп, «Жаңы Османизм» катары бааланат (*Неоосманизм* деген термин биринчи жолу 1974-жылы гректер тарабынан колдонула баштаган. Ал кезде Түркия мамлекети Түндүк Кипрдин Түрк Республикасын коргоо максатында Кипрге өз аскер бөлүктөрүн киргизген) [303; 286, 119-б]. Түркия жаңы османизм саясатын жүргүзүп жатат деген пикир албетте туура эмес. Түркия мамлекети дүйнөнү чындап эле жакшы жакка өзгөртүүгө аракет кылып, бул татаал жолдо өзүнүн тарапташтарын жаратууга умтулуп, гуманисттик мамлекеттин сапаттарына ээ болууда. Бул жолдо анын эң жакын шериктештери – албетте анын түрк тилдүү бир туугандары – түрк мамлекеттери болуп саналат [286].

Глобалдык саясат боюнча стратег жана болжолчу Жорж Фридмандын пикири мындай: «Түркия мындан кийин империя болбойт. Бирок ал ислам мамлекеттерин өзүнө тартуучу борбор болору шексиз («*the center of gravity*»)» [233, 147-б]. Бүгүнкү күндө Түрк Республикасы дүйнөдөгү бардык глобалдык күчтөр – АКШ, Европа Бирлиги, Орусия, Кытай, Жапония менен саясий мамиле жүргүзөт. Түркияга «жогорку жактагылар» да, «төмөнкү жактагылар» да ишеним көрсөтүшөт. Евразия өлкөлөрү түрк дипломаттарын кадырлуу жана ишеничтүү саясий фигуралар катары кабыл алышат. Түркия Чыгыш өлкөлөрүнүн арасынан ар түрдүү жагдайларда «алтын ортолук» планын ишке ашырган жалгыз өлкө болуп саналат. Анткени бизге бир тууган болуп саналган бул республиканын мамлекеттүүлүккө жана саясий дипломатияга байланышкан бай салттары бар. Мамлекеттер аралык мамилелерде кыймылсыздыкты жана суук мамилелерди токтотууга аракет кылып, ошондой эле маанилүү өзгөрүүлөргө жол ачкан демилгелерди ишке ашырып келген Түркиянын бүткүл аймак жана дүйнө үчүн «керектүү мамлекет» катары орду ого бетер бекемделүүдө.

Түркияга чектеш жайгашкан Европа Бирлиги анын жанында кубаттуу жана күчтөнүп жаткан өлкө «кайрадан жаралып жатканын» көрүп, түшүнүп турат. Түркия өзүнүн айланасында консолидация түзө аларын ЕБ түшүнүп турат. Европа менен Азиянын ортосундагы мамилелер, ошондой эле Түркиянын жана башка түрк мамлекеттеринин интеграциялык процесстери жаңы этапка өтүп жатат. Европа Бирлиги мындай процесстерге Орусияга окшоп тоскоолдук берет деп айтууга болбойт. Бирок ал мындай процесстерди таптакыр колдобо-

стугу түшүнүктүү болуп турат. Түрк Бирлиги идеясынын чындап ишке ашуусуна жетишүү үчүн *Европа Бирлигинин түрк мамлекеттеринин геосаясий аймагына карата мамилеси да өзгөрүшү* керек [203, 80-93-б]. Эгер кеп аймактын тагдыры жана кызыкчылыктары жөнүндө болуп жатса, озгөрүүлөрдү таңуулаган тарап албетте түрк мамлекеттери жана *аймактын ички интеграциялык саясаты* болушу керек.

Бүгүнкү күндө Европанын ичиндеги «түрк компоненти» салмактуу. Мисалы, европалык өлкөлөрдүн аймактарында 3,8 млн. түрк жашайт жана алардын ичинен 1,3 млн. адам расмий түрдө ошол өлкөлөрдүн жарандары болуп саналат [235, 145-б]. Түрктөр Европанын саясий, коомдук, экономикалык жана маданий жашоосунда чоң роль ойношот. Алар христиан жана ислам дүйнөсүнүн универсалдык баалуулуктарын жаратуу процессине жигердүү катышат. Түрктөр Европанын цивилизациялуу мейкиндигинде жашашат жана Европа Бирлиги менен Түркиянын ортосундагы мамилелерге кошумча маани берет. Бирок Батыштын өзүндө деле ЕБнын «Түркияны кабыл албай койгондугу» Түркияга эч кандай зыян тийгизбегендигин жана анын Евразиялык альтернативага чечкиндүү түрдө бурулушуна себеп болуп, аны ого бетер күчтөндүргөн деп эсептешет [235, 145-б].

Европа Бирлигин кеңейтүү боюнча пландын биринчи этабы ишке ашырылып жаткан учурда, тактап айтканда, 2007-жылы Түркиянын ЕБга мүчөлүгү жөнүндө маселе дагы бир жолу четтетилгенде Түркиянын буга карата мамилеси катуу болгон. Америкалык Герман Маршалл Фонду тарабынан өткөрүлгөн сурамжылоонун натыйжасы боюнча 2007-жылы Түркиянын ЕБга мүчө болуп кирүүсүн колдогон түрк жарандарынын саны 2004-жылга караганда кыйла төмөндөгөн [312]. Чындыгында мунун баары *Түркиянын ЕБга мүчө болуп кирүүгө байланышкан үмүтү жана ишеними төмөндөгөн мезгил анын өз күчүнө ишенүүсү жогорулап, күчтөнө баштаган мезгилге туура келгендигин* көргөзүп турат.

Түрк Мамлекеттер Бирлиги идеясына өзүнүн өзгөчө чыгармасын арнап, Түркиянын ЕБга мүчөлүгүн ар тараптуу изилдеген Назми Чора төмөнкүдөй туура тыянакка келген: Түркиянын Европа Бирлигине толук укуктуу мүчө болуусуна макулдук берилбегендиги Түркияга карата кош стандарттык саясат жүргүзүлгөндүгүнө байланыштуу. Европа Бирлиги Түркия мамлекети менен кызматташтыкты улантуу менен бирге Түркиядан анын улуттук биримдигине кооптуу болгон жана анын ички жана тышкы саясатынын мүмкүнчүлүктөрүн чектеп коё турган талаптарды койууда. «Ушунун баарын эске алып, Түркия мамлекети ЕБнын эшигинин алдында күтүп туруунун ордуна аны менен мамиле куруунун альтернативдик жол-

дорун табууга аракет кылышы керек. «Түркия бүткүл дүйнө менен биригип, глобалдык экономика менен жуурулушуп, заманбап дүйнө менен бирдей кадамда жүрүшү керек» [101, 216-б]. Эгер Түркия Европа Бирлигине мүчө болуп киргенде, анда ал акыркы он жылдыкта эл аралык деңгээлде көз карандысыз саясат жүргүзө алмак эмес. Акыркы он жылдарда Түркия мамлекети ЕБга мүчө болуп кирген өлкөлөргө караганда көбүрөөк натыйжаларга жетти Азыркы учурда Түркия өзү жүргүзгөн саясаттын натыйжаларын көрүп, келечекке ишенимдүү карап жатат. Түркия өзүнүн эгемендүү жана көз карандысыз саясатын жүргүзүүдө АКШнын жана ЕБнын көзүн карабастан принципиалдуулукту көргөзүп жатат жана бул нерсе анын кудуретин мурдагыдан да көбүрөөк көргөзүп жатат [120, 21-б]. Түркия өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн албетте биринчи кезекте *Евразиялык саясатка,* тактап айтканда, түрк мамлекеттеринин интеграциясын уюштурууга багыттаган.

Түркиянын батыш капталында күчтүү Европа Бирлиги, ал эми чыгыш капталында түрк дүйнөсү жайгашкан. Бири-бирине жалпы тамыр аркылуу байланышкан түрк дүйнөсүндө күчтөнүү жана биригүү үчүн жетиштүү күч-кубат, кудурет жана мүмкүнчүлүктөр бар. Жан дүйнөнүн, акылдын жана тарыхтын өзөгү түрк дүйнөсүнүн чексиз мекени болуп келген чыгышка, ошондой эле биз баарыбыз бирге миң жылдардан бери башыбыздан кечирип келе жаткан улуу тагдырга багытталган. Бул жер түрк элдери үчүн жөн гана талаа эмес, бул жер – алардын Мекени, тактап айтканда түрк элдеринин цивилизациясынын мекени. Азыркы мезгил *түрк элдеринин цивилизациясынан* ушул талааларда, тактап айтканда чек аралары Монголиядан баштап Балканга чейин созулган ушул Евроазиялык мейкиндикте алты көз карандысыз республикалардан ***өзүнүн улуу бирлигин – Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүүнү*** талап кылып жатат. Анткени Европалык цивилизация деле өз тарыхынын эң оор мезгилинде, тактап айтканда Советтер Союзу жана АКШ триумфка жеткен учурда, Экинчи дүйнөлүк согуштун урандыларынын астынан кайрадан көтөрүлүп, Европа Бирлигинин фундаментин түзгөн.

Европалыктар Европа Бирлигин куруу тарыхынын бир дагы маанилүү мезгилин унутта калтырышпайт. Европа Бирлигинин лидер-өлкөлөрү болуп саналган Германия менен Франциянын башчылары Ангела Меркель жана Франсуа Олланд бул тарыхый окуянын 50 жылдык юбилейине арналган «Дүйнөлүк сөз» деп аталган салтанаттуу церемония учурунда 1962-жылы Франциянын президенти Шарль Де Голь тарабынан немец тилинде айтылган төмөнкү сөздү эстешти: *«Биз баарыбыз чоң ката кетирген чоң элдин балдарыбыз».* Дал ушул сөздөн кийин европалык өлкөлөр, айрыкча Франция ме-

нен Германия бара-бара бири-бирине жакындай башташкан. Ал эми мурда булар согуш учурунда миллиондогон адамдарын жоготушкан болчу. Жогоруда айтылган юбилейлик иш-чарада Ф. Олланд Франция менен Германия Европа Бирлигинде «өзгөчө жоопкерчиликке» ээ экендигин өзгөчө белгилеп, төмөнкү сөздөрдү айткан: «Биз Европанын жүрөгү болуп саналабыз». Бул эки өлкөнүн тең кризистик жагдайларды жоюуга, европа ичиндеги биримдикти коргоого жана бирдиктүү Европанын келечегине карата ишенимди тереңдетүүгө карата чакырыктары А. Меркельдин төмөнкү парадигма-кайрылуусунда калыптанган: «Биз европалыктарбыз, өзүбүздүн бакытыбыз үчүн бириккен европалыктарбыз!» [259].

Европалыктардын жарым кылым мурдагы тарыхый миссиялары менен азыркы мезгилдеги түрк элдеринин миссияларынын окшоштугу - биримдик түзүүгө байланышкан ой жүгүртүүгө ээ болуу, өзүнө ишенүү, стратегиялык кыраакылык, ошондой эле чоң максаттарды ишке ашыруу үчүн биригүү канчалык маанилүү нерселер экендигин көргөзүп жатат. Эгер европалыктар бүгүнкү күндө «*Биз европалыктарбыз*» деп өзгөчө басым жасап айтышса, биз да ошондой эле логикага таянып, «*Биз түрк элдерибиз*» деп өзгөчө басым жасап айтышыбыз керек. Түрк элдеринин цивилизациясы Түрк Мамлекеттер Бирлигин жаратып, түрк дүйнөсүнүн глобалдык цивилизация катары баалуулугун жана маанилүүлүгүн бекемдөө боюнча өзүнүн миссиясын ишке ашырат.

# 15. БИРДИКТҮҮ ТҮРК ДҮЙНӨСҮНҮН БИР БӨЛҮГҮ БОЛУП САНАЛГАН БИРДИКТҮҮ АЗЕРБАЙЖАН

Акыркы кылымдарда түрк мамлекеттери ээлеген аймак жалпы түрк дүйнөсүнүн кененирээк этногеографиялык аймагына салыштырмалуу кыйла кичирейди. Эгер ушул географиялык мейкиндикте жашаган түрк тилдүү элдер өздөрүнүн саясий тагдырын бекемдей алышканда, Евразия аймагынын Кытайдан Балканга чейинки саясий картасы башкача болмок. Бирок түрк элдери ырайымсыз согуштар жана күрөштөр жүрүп жаткан жагдайларда өздөрү жашаган «эзелки» тарыхый аймактарда мамлекеттерди кура алышкан жана аларды Евразиянын кенен аймактарында сактап кала алышкан. Түрк элдеринин өз мейкиндиги миң жыл мурда кандай болсо, азыр деле ошол бойдон сакталган. Бүгүнкү күндө түрк дүйнөсүнүн заманбап саясий картасы Евразиянын чоң аймагын камтыйт. Бирок тарыхый чындыктар канчалык ачуу жана оор болгонуна карабастан биз аларды кабыл алып, тийиштүү тыянактарды чыгарышыбыз керек. Түрк мамлекеттеринин аймактары акыркы эки жүз жыл *ичинде кыйла кичирейген*. Алардын ичинен эң чоң жоготууларга *Азербайжан кабылган*. Тарыхый Азербайжан мамлекетинин аймагы экиге бөлүштүрүлүп Ирандын жана Орусиянын курамына киргизилген. Иранга Түштүк Азербайжан, ал эми Орусияга Түндүк Азербайжан киргизилген. Алар таптакыр башка саясий-идеологиялык жолдорго түшүүгө аргасыз болушкан. Түндүк Азербайжан көз карандысыздыкка жетип, эгемендүү Азербайжан Республикасына айлангандан кийин ага экинчи жолу катуу жана чоң сокку урулган. Карабак аймагы агрессордук саясаттын натыйжасында оккупацияланган. Азербайжандын аймагы тарыхта эч качан *мынчалык* кичинекей болбогондугун жана азербайжандар тарыхта эч качан мындай *тар мейкиндикте* жашабагандыгын бүгүн ар бир түрк эли жана айрыкча азербайжандар билиши керек. Жадагалса алардын Кавказдагы аймагы да азыркы аймагынан алда канча кенен болгон. Биз дүйнөлүк коомчулуктун көңүлүн Карабак көйгөйүнө бура алганыбыз менен чоң саясат чөйрөсүндөгү биздин көйгөйгө карата кош көңүл мамилени жок кыла албай койдук. Азербайжан аймагын өз убагында эки мамлекет (Иран жана Орусия) басып алып, экиге бөлүп алышкан жана бүгүнкү күндө *Түштүк Азербайжандын көз карандысыз мамлекеттүүлүгү андан ажыратылган*. Бирок бул та-

рыхый-саясий адилетсиздик эл аралык саясий чөйрөдө дагы деле кош көңүл каралат.

Азербайжандын көйгөйлөрүнө арналган дүйнөлүк масштабдагы изилдөөлөрдө [302; 299; 202; 205; 206; 215; 287; 308] жогоруда айтылган фактылар терең жана ар тараптуу каралгандыктан биз бул маселе жөнүндө олуттуу ой жүгүртүшүбүз керек. Чынында акыркы он жылдыкта мындай көйгөйгө эл аралык деңгээлде ушундай кош көңүл мамиле жасалып жаткандыгы төмөнкү нерсени билдирет: *Азербайжандын экиге бөлүнүүсү актуалдуу же маанилүү маселе болуп саналат жана бул маселени каалаган мезгилде дүйнөлүк саясат чөйрөсүндө көтөрүүгө болот*. Бул трагедиялуу окуянын пайда болушу жана кесепеттери түрк дүйнөсүнүн тарыхый-саясий тагдырына байланыштуу болгондуктан анын негизги учурларын дагы бир ирет карап чыгуу абзел.

XVIII – кылымдын аягында жана XIX – кылымдын башында Евразиядагы түрк элдеринин империалисттик мамлекеттери начарлап, Батыш империализми күчтөнгөн, ал эми Орусия империясы Чыгыштагы экспансионисттик саясатка кошулуп, бул жагынан Батыштан да өтүп кеткен. Мындай жагдай Кавказдагы Азербайжандын мамлекеттүүлүгү үчүн олуттуу коркунуч жараткан. Ошол мезгилде Осмон империясынан башка бардык түрк мамлекеттери, ошонун ичинде Азербайжан да начарлап, баскынчылар тарабынан оккупацияланууга «даяр» аймактарга айланышкан. Түрк мамлекеттеринин ичинен бир гана Осмон империясы өзүнүн унитардуулугун сактап калган. Евразиядагы түрк элдеринин чоң мамлекеттери майда феодалдык «мамлекеттерге» - хандыктарга бөлүнүп, дезинтеграцияланышкан. Дал ошол мезгилде дүйнөлүк империализмдин «Чоң Оюн» («The Great Game») деп аталган саясатын ишке ашырууга эң сонун мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Сефевид империясы бир нече майда хандыктарга бөлүнгөндөн кийин (1501-1760) Ирандын (Персия) жана Азербайжандын аймактары XIX – кылымдын башында Орусия менен Персиянын, ошондой эле Англия менен Персиянын ортосундагы согуш талаасына айланган. Жалпы түрк элдеринин жана мамлекеттеринин тарыхын бурмалоого же фальсификациялоого байланышкан «жаңы мезгил» дал ушул учурдан башталган. Орусия менен согушкан тарап негизинен азербайжан хандыктары болгон. Бирок расмий документтерде ал согуштар «Орусия-Персия согуштары» деп аталган. Аталган аймакта Атабектердин башкаруусунан баштап (XI - кылым) Сефевиддерге чейин (XVIII – кылым) түрк тилдүү элдердин мамлекеттери жана империялары гана жашагандыгына карабастан расмий документтерде ал мезгилдеги согуштар Орусия-Персия согушу деп жазылып калган. Батыш дүйнөсү жана Орусия ушул фактыны жашырыш үчүн «Персия» факторуна дай-

ыма ашыкча маани берип, апыртып келишкен. Ушул аймак үчүн катуу күрөшүп келген Улуу Британия жана Орусия бири-бирине катуу атаандаш болуп турган учурда да дал ушул себептен улам *түрк дүйнөсүнүн геосаясий аймактык биримдигин бузуу максатында* бир тилге келишкен. Каспий деңизинин түштүк догоосу Осмон империясынын аймактарын Борбор Азиянын аймактары менен байланыштырарын алар жакшы билишкен. Кавказдан Түркстанга чейинки аймакта Азербайжан жайгашкан. Алар, тактап айтканда Орусия жана Улуу Британия, Персияны эмес, *Азербайжанды* басып алууну каалашкан. Анткени Азербайжан ошол аймакта түрк дүйнөсүнүн бүтүндүгүн жаратып турган. Акыры, XIX – кылымдын 20-жылдарында Индия Улуу Британиянын колониясына айланганда, Орусия Түштүк Кавказдагы Араз дарыясына чейинки түрк элдери ээлеген аймактарды оккупациялап өз максатына жеткен. Азербайжан хандыктары Орусия империясына чогуу эмес, бири-бирден каршылык көрсөткөндүктөн бирдиктүү мамлекеттин кызыкчылыктарын коргой албастан Орусиянын колониясына айланышкан. Ошол мезгилден баштап Осмон империясынын да Европадагы жана Причерноморьедеги таасирдүүлүгү начарлай баштаган. Ошондон кийинки жүз жыл аралыгында түрк мамлекеттери тарыхта эң оор абалга кабылышып, бири-бирине жардам бере албастан толук бойдон чачыранды болуп калышкан, ал эми алардын тарыхый душмандары болуп келген өлкөлөр (Кытай, Персия, Орусия, Армения) ошол «мүмкүнчүлүктү» ийгиликтүү пайдаланышкан. Мындай оор мезгилде Осмон империясынан башка бардык түрк мамлекеттери өздөрүнө «кошуна» жайгашкан өлкөлөрдүн, негизинен Орусиянын курамына кирип, тар феодалдык кызыкчылыктарга негизделген өздөрүнүн мамлекеттик түзүлүшүн, тактап айтканда хандыктарын жоготушкан. Ал эми Осмон империясы акырындык менен Европадан сүрүлүп чыгарыла баштаган. Хандык чоң Империяны жеңе алган эмес, ал эми Хан Императорду жеңе алган эмес. *Түрк дүйнөсүнүн Чыгыш менен Батышын, Түштүк менен Түндүгүн бириктирген Азербайжандын* бөлүнүүсү эң чоң трагедия болгон. *Ошол байланыштардын үзүлүүсү* Евразияны дүйнөлүк империализмдин таасир чөйрөсүнө киргизүүчү процесстерге жол ачкан.

1828-жылы 10-февральда 16-пункттан турган *Түркмөнчай тынчтык келишими* түзүлүп, Экинчи Орусия-Персия согушуна чекит коюлган. «Түрк» деген атка байланышкан Түркмөнчай айылында түзүлгөн бул келишим түрк дүйнөсүнүн бир бөлүгү болуп саналган Азербайжандын аймагын экиге бөлүп, бир бөлүгүн Иранга, экинчи бөлүгүн Орусияга өткөргөн. Түркмөнчай келишимине Орусия тараптан Иван Паскевич, ал эми Персия тараптан Мирза Абдул Хасан хан кол коюшкан [186, 314-324-б]. Келишим түзүү салтанаты-

на Орусиянын жана Азербайжандын көрүнүктүү ишмерлери А.С. Грибоедов жана А.А. Бакыханов (котормочу катары) катышкан. Бул келишимде тараптар катары «бүткүл Орусия императорунун» жана «Персия падышасынын» ысымдары келтирилген. Ушул фактынын өзү эле Азербайжанды оурстар менен перстер бөлүп алгандыгын көргөзүп турат. Ушул келишимге кол коюлган күндөн баштап бүгүнкү күнгө чейин Иранда Түштүк Азербайжандын көз карандысыздыгы жөнүндө маселе көтөрүлөр замат перс бийлиги бүткүл Азербайжан башынан баштап эле Ирандын курамында болгон деп бүткүл дүйнөгө кыйкыра баштайт. Эгер бүткүл Азербайжан Иран аймагынын бир бөлүгү болгон болсо, анда эмне үчүн Иран мамлекети «өзүнүн жери» «Түндүк Азербайжанды» Орусия басып алгандыгына байланыштуу эл аралык деңгээлде бир да нааразычылык оюн билдирген эмес? Ал Орусияга каршы протест билдирмек тургай Түркмөнчай келишиминин талаптарын ыракаттанып аткарып келген. Ошол келишимге кол коюлган мезгилден баштап Орусия менен Персия (Иран) «дос жана боордош» өлкөлөргө айланышкан. Алар бири-биринин «аймактык бүтүндүгүн дайыма сыйлашкан». Алар эл аралык абал өзгөргөн учурда дайыма бири-бирин коргоп келишкен. Эгер перс бийлигинин айтканы туура болсо, анда эмне үчүн Иран мамлекети «өз аймагы» деп эсептеген Азербайжандын аймактарын куткарууга эч качан аракет кылган эмес?! Эки өлкө тарабынан экиге бөлүнгөн Азербайжан өзү жана түрк тилдүү азербайжан эли гана азербайжан жерлерин куткарууга аракет кылып келген. Азербайжан өзүнүн көз карандысыздыгы жана биримдиги үчүн түштүктө Иранга каршы, ал эми түндүктө Орусияга каршы өзү гана күрөшүп келген. Азербайжандын көз карандысыздыкка жана биригүүгө багытталган кыймылдарын кээде Орусия жана Иран биргелешип эң ырайымсыз жолдор менен токтотууга аракет көрүп келишкен. Иран бийлиги Азербайжанды экиге бөлүү аркылуу келечекте эки пайда көрөм деп ойлогон: биринчиден дайыма Иранды башкарып келген түрк тилдүү адамдардан кутулуу (Атабектер жана Сефевиддер империясы түрк тилдүү элдердин империялары болгон), экинчиден аны тынчсыздандырган өзүнүн кошунасы жана түрк дүйнөсүнүн бир бөлүгү болуп саналган Улуу Азербайжандан кутулуу болгон. Экинчи жагынан Азербайжандын бир бөлүгүн басып алган Орусия басып алынган аймакты эч кимге бербеш үчүн Азербайжан өлкөсүнүн экиге бөлүнүшүнө дайыма макул болорун жана Азербайжандын биригишине эч качан кызыкдар болбостугун Иран жакшы билген.

Орусия бул аймакта өзүнүн максималисттик геосаясий планын ишке ашыра алган: ал Азербайжандын Түштүк Кавказдагы аймагын басып алып, өзүнүн жана Осмондук Түркияны Борбор Азиядагы Түркстан менен байланыштырган Чыгыш-ислам өлкөлөрүнүн

ортосунда «кавказ коопсуздук алкагын» жараткан. Эки кылымдын ичинде маал-маалы менен жүрүп турган орус-түрк согуштары эч качан Орусия каалаган натыйжаларды жараткан эмес. Мындай согуштардан өзү каалаган натыйжага жете албаган Орусия бүткүл Евразияда үстөмдүк кылып келген жана Алтайдан Балканга чейин созулган түрк алкагын үзүүгө жетишкен. Дал ошол убакыттан баштап Орусия империясы Иранда жана Сирияда жашаган армяндарды, кийинчерээк Түркияда жашаган армяндарды да жогоруда айтылган аймактарга көчүрө баштаган жана 1920-жылы Азербайжандын оккупацияланган аймактарында алгачкы армян мамлекети түзүлгөндөн кийин ушундай абалды, тактап айтканда статус-квону сактоого кызыкдар болгон. Орусия акыры өзүнүн ушул максатына жетип, натыйжада ошондой абал чечилбеген бойдон сакталып калган. Ошол мезгилден кийинки бардык процесстер Азербайжандын аймактарынын оккупацияланышында Орусиянын жана Ирандын кызыкчылыктары бири-бирине дал келерин жана алардын кызыкчылыктары азыркы күндө да ошол бойдон уланып келе жаткандыгын көргөзүп турат.

Азербайжан мамлекети бөлүнгөндөн кийин анын түштүк бөлүгүндө «фарсташтыруу» саясаты, ал эми түндүк бөлүгүндө Орусиянын «орусташтыруу» саясаты ырааттуу түрдө ишке ашырыла баштаган. Орусия империясы Азербайжандагы «түрк компонентин» (түрк дүйнөсүнүн элементтерин) начарлатуу максатында мүмкүн болгон бардык жолдорду пайдаланган. Орусия империясы Кавказдагы армян азчылыгын күчөтүп, өзүнүн таяна турган пункту катары христиандык Армения мамлекетин жаратып, Азербайжан менен Түркиянын ортосунда буфердик аймакты уюштуруу үчүн кошуна өлкөлөрдө жашаган армяндарды массалык түрдө Азербайжанга, Эриван хандыгына, башка аймактарга жана айрыкча мунайзаты бар Бакуга көчүргөн. Бүткүл Кавказ аймагы падышалык Орусиянын бирдиктүү башкаруу системасына губерния түрүндө киргизилип, Тбилиси болсо бул губерниянын борбору катары аныкталган. Азербайжанда башкаруу түзүмдөрүн жетектөө кызматтарына негизинен орустар жана армяндар дайындалган. Мындай саясат узак убакыт бою, жадагалса советтик мезгилде да улантылган.

Орусиянын атайын жүргүзгөн саясатынын натыйжасында 1872-жылы Азербайжандын өнөр жай ишканаларындагы армяндардын саны азербайжандардын санынан 10-эсеге көбөйгөн. 1900 – жылы армян улутундагы Мирзоев, Маилов, Лианозов, Арамянц, Татевосян жана Манташев (булардын баары көчүп келгендер болгон) деген адамдар Баку губерниясындагы өнөр жай ишканаларынын үчтөн эки бөлүгүн ээлеп турушкан. Азербайжандардын баары аталган ишканалардын 18 пайызын гана ээлешкен [302, 22-23-б]. Бирок

ушундай атайын бут тосууларга карабастан азербайжан ишкерлери Гаджи Зейналабдин Тагиев, Муса Нагиев, Муртуза Мухтаров, Шамси Асадуллаев, Иса бек Гаджинский жана Сейид Мирбабаев улуттук капитализациянын башында туруп, өлкөнүн өнүгүүсү үчүн чоң ырайымдуулук иштерин аткарышкан. XIX – кылымдын ортосунда Мирза Фатали Ахунзаде баштаган улуттук агартуу кыймылы XX – кылымдын башында табигый эволюция аркылуу улуттук-боштондук кыймылына айланган.

Азербайжандын Түштүгүндө жана Түндүгүндө болуп өткөн кийинки окуялардан абдан кайгылуу процесстердин натыйжаларын көрүүгө болот. XX – кылымдын башында Ирандагы Конституциялык революциянын (1905-1911) лидери Саттар-хан өзүнүн айланасына эркиндик үчүн күрөшкөн адамдарды чогултуп, перс эзүүсүнө каршы көтөрүлүш уюштурган. Конституциялык революция ирандык азербайжандардын көз карандысыздыкка ээ болуу максатын көздөгөн. Бул максатка улуттук-конституциялык укуктарга ээ болуу аркылуу гана жетүү мүмкүн болгон. Дал ушул максатта 1908-жылы Саттар-хандын жетекчилиги астында Жогорку Аскердик Кеңеш түзүлгөн. Ошол эле жылы Тебриз революциясы жеңиш менен аяктаган. Мына ошондон кийин ким тынчсыздана баштаган? – Албетте, Ирандын, падышалык Орусиянын жана Англиянын өкмөттөрү. 1910-жылы март айында Англиянын тышкы иштер министри Эдуард Грей Ирандагы Англиянын элчиси Жорж Бирлиге жөнөткөн өзүнүн катында Саттар-ханды жана анын пикирлеши Багир-ханды кандай жолдор менен болсо да жок кылууга буйрук берген. Ошондон көп өтпөй Иран бийлиги Саттар-ханды жана Багир-ханды тузакка түшүрүү иш-аракетин уюштурган. Армян улутундагы Ефрем Давидьянц деген киши Саттар-ханды катуу жарадар кылган. Оор жараттан Саттар-хан каза болгон. Азербайжан Конституциялык революциясынын Иран бийлиги тарабынан кандуу басылышы экинчи улуттук боштондук кыймылдын пайда болушуна тоскоолдук боло алган эмес. Экинчи кыймылды Мухаммед Хиябани жетектеген. Көрүнүктүү жана прогрессивдүү азербайжан саясатчысы жана революционер-демократ Шейх Мухаммед Хиябани өзүнүн күрөшүн идеологиялык фронттон баштаган. Ал эркиндик жана көз карандысыздык идеяларын жайылткандыгы үчүн эл арасында белгилүү болгон. Анын Азербайжан Демократиялык Партиясы Ирандагы Азербайжандын алгачкы партиясы катары түзүлүп, 1917-жылдан баштап ачык күрөш жүргүзө баштаган. Иран, ошондой эле Орусия, Англия жана Германия бийликтери Хиябанини да Саттар-хан сыяктуу жок кылууга аракет кылышкан. 1920 – жылы Тебризде Азербайжан Демократиялык Партиясынын чоң митинги өткөрүлгөн. Бул партиянын эл арасындагы таасирдүүлүгү чоң болгон. Ошол эле

жылы 22-июньда Азербайжан Демократиялык Партиясы Улуттук Өкмөт түзүү жөнүндө чечим кабыл алган. Хиябани Улуттук Өкмөттүн төрагасы болуп шайланган. Бирок дүйнөлүк империализмдин биргелешкен саясаты бул жолу да Иранды куткарып калган. Демократиялык реформаларга даяр эмес болуп, мындай демилгелерди катуу басып турган перс бийлиги өзүнүн ушундай катуу саясатына таянып Хиябани жетектеген кыймылды басып токтоткон.

Түндүк Азербайжанда да улуттук максаттарды көздөгөн күрөш жүргөн. XX – кылымдын башынан баштап падышалык Орусиядагы кризис улуттук-идеологиялык кыймылдардын күчөшүнө алып келген. «Бөлүп башкаруу!» деп аталган империялык саясат Азербайжан ичинде армяндар менен азербайжандардын ортосунда кастыкты пайда кылган [230, 186-б]. Армян-орус тараптан биргелешип жүргүзүлгөн кыргынга каршылык көргөзүү үчүн Азербайжанда 1905 – жылы биринчи жолу улуттук-саясий мүнөздөгү «Дифаи» (коргоо) деп аталган Партия түзүлгөн. Кийинчерээк башка партиялар да түзүлө баштаган. Улуттук көз карандысыздыкка умтулган элдер үчүн 1917 – жылы Орусияда революция болгон мезгилде Орусия империясынан бөлүнүп, өз мамлекеттерин түзүүгө мүмкүнчүлүк пайда болгон. Түндүк Азербайжандын уулдары мындай мүмкүнчүлүктү татыктуу пайдаланышып, Азербайжан Демократиялык Республикасын түзүшкөн. Азербайжан Демократиялык Республикасы канчалык оор жагдайда иштөөгө аргасыз болгондугун элестетүү кыйынга турбайт. «Жакынкы Чыгышта чоң аскердик күчү бар болгон Англия империясы биринчи дүйнөлүк согуш аяктаар алдында Советтик Орусиядан Бакуну тартып алууга жана ошол эле учурда Бакуга Германияны жолотпоого аракет кылган» [7, 93-94-б]. Баку мунайзатын басып алууга аракет кылган империалисттик күчтөр Азербайжанда алардын кызыкчылыктарына кызмат кыла турган (алардын ар биринин кызыкчылыктарына) марионеткалык бийликти орнотууну каалашкан. Бакуга Нуру Паша жетектеген Осмондук Түркиянын аскер күчтөрүнүн киргизилиши азербайжан калкын кыргындан сактап, Азербайжан Демократиялык Республикасынын түзүлүшүнө шарт түзгөн. Бирок Азербайжандын аймактык бүтүндүгүнө каршы багытталган дашнактык Армениянын агрессордук аракеттери бул жердеги жагдайдын турукталышына жана душмандарга каршы чоң аскер чогултулушуна тоскоолдук кылган. Ошол мезгилде Советтик Орусия Азербайжандагы туруксуздукту өз кызыкчылыгы үчүн пайдаланып, Азербайжанга Кызыл Армияны киргизип, анын аймагын оккупациялап алган. Советтик Орусиянын агрессивдүүлүгү башка империялык күчтөрдүн агрессивдүүлүгүнөн айырмаланган эмес. Эгер Ирандагы жана Азербайжандагы улуттук-боштондук кыймылдарды басуу иш-аракеттерин

салыштыра турган болсок, алардын баары бир сценарий жана бир план менен ишке ашырылгандыгы түшүнүктүү болуп калат.

Түндүк Азербайжан башка республикалар сыяктуу эле СССРдын курамына «союздук республика» катары кирген. «Союздук республика» деген түшүнүк албетте формалдуу гана нерсе болгон, бирок ошентсе да республикаларга өздөрүнүн улуттук тилин, билимин жана маданиятын өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берилген. Ал эми монархиялык Иранда жадагалса ушундай мүмкүнчүлүктөр да берилген эмес. Ошол мезгилден баштап бүгүнкү күнгө чейин перс бийлиги Түштүктөгү азербайжандарга өз эне тилиндеги бир да мектеп ачууга уруксат берген эмес. Түндүк Азербайжан СССРдын курамында, ал эми Түштүк Азербайжан Ирандын курамында кысымга кабылып турганына карабастан Араз дарыясынын эки тарабында жашаган азербайжандар дайыма бири-бирине умтулуп келишкен.

Экинчи дүйнөлүк согушта жеңишке жетишкен Советтик Союздун Иранга карата саясатында Түштүк Азербайжанды советтештирүү маселеси да каралган. Ирандан бөлүнүп, Түндүк Азербайжан менен биригүү жөнүндө дайыма кыялданып келген Түштүк Азербайжан Демократтары жаңы тарыхый жагдайды пайдаланууну каалашкан. Алар Саттар-хандын жана Шейх Мухаммед Хиябанинин салттарын бек кармап, Тудэ (Элдик) Партиясын, андан соң Азербайжан Элдик Партиясын түзүшкөн. Улуттук-демократиялык күчтөр катышкан бул революциялык кыймылдын натыйжасында Азербайжандын байыркы борбору болуп саналган Тебриз шаарында Сейид Жафар Пишеваринин жетекчилиги астында Азербайжан Улуттук Өкмөтү түзүлгөн (1945-1946). Бул кыймылды СССР да колдогон. Улуттук Уюштуруу Конгресси Азербайжан автономиясын жарыялоо боюнча арызды кабыл алып, аны Ирандын Межлисине, ошондой эле АКШга, Улуу Британияга, Францияга жана Кытайга жолдогон [302, 140-144-б]. Азербайжан Улуттук Өкмөтү азербайжандар окуган мектептерде алардын эне тилинде сабак өтүлүшүн камсыз кылган. Сабатсыздыкты жоюу максатында олуттуу чаралар көрүлгөн. Жумушчулар үчүн жумуш тууралуу мыйзам кабыл алынган. Аялдарга эркектер менен барабар укуктар берилген. Жер реформасы жүргүзүлгөн. Өлкөдө жакшылантуу жана курулуш боюнча абдан сонун иштер аткарыла баштаган. Түштүк Азербайжанда демократиялык иш-чаралар ийгиликтүү аткарылып жатканын жадагалса душмандар да моюнга алышкан. Ошол мезгилде жадагалса Батыштын реакциячыл прессасы да Пишевари жетектеген Улуттук Өкмөт бир жылдын ичинде жарым кылымдык иштерди аткарып койгондугун жазган.

Түштүк Азербайжандагы ошол демократиялык реформалар ирандык реакционерлердин гана эмес, Ирандын байлыктарын ээле-

ген АКШнын жана Улуу Британиянын да тынчын алган. Натыйжада алар биргелешип Азербайжандын Улуттук Өкмөтүн канга чөктүрүшкөн. 15 – миң азербайжан Ирандан Советтик Азербайжанга качууга мажбур болгон. Ошентип Түштүк Азербайжандагы улуттук-демократиялык кыймыл үчүнчү жолу ырайымсыз түрдө басылган. Бул нерсе АКШнын жана европа мамлекеттерининин Исламдык Чыгыштагы, айрыкча Ирандагы империалисттик саясатынын натыйжасы болгон. Алар батышчыл жана мунайзатка бай Ирандын бөлүнүшүнө жол берүүнү каалашкан эмес. Түштүк Азербайжанда автономдук мамлекеттин пайда болушу анын Советтик Азербайжан менен биригүүсүнө алып келерин империалисттик күчтөр жакшы билишкен. Башында Советтик Союз жана анын лидери Сталин 1945-1946 – жылдардагы Азербайжан улуттук-демократиялык кыймылын колдогон, бирок кийинчерээк анын бул саясаты өзгөргөн. Советтик Союз Экинчи дүйнөлүк Согуштагы өзүнүн негизги шериктери АКШ жана Улуу Британия менен макул болууга аргасыз болгон. Тегерандын режими Советтик Союзга каршы болгон, ал эми Орусия Иранды же Азербайжанды эмес, Чыгыш Европаны тандап алган [230, 188-б]. Советтик Союз «Батыш дубалын» бекемдөө максатында Чыгыш Европа өлкөлөрүн социализациялоо вариантын тандап алган.

Бул жерде грузин болуп саналган Сталиндин жеке өзүн да тынчсыздандырган нерсени да эске алыш керек. Түндүк жана Түштүк Азербайжандын биригишине алып келүүчү процесстер, ошол мезгилдин тили менен айтканда, Закавказьедеги үч союздук республикалардын «геосаясий тең салмактуулугунун» бузулушуна алып келиши мүмкүн болгон. Эгер мындай биригүүнүн натыйжасында Азербайжандын калкынын саны жана аймагы чоңоюп кетсе, Грузия жана Армения анын жанында «чүрүшкөн» кичинекей өлкөлөрдөй көрүнүп калмак. СССР да, Батыштык империализм да Закавказье аймагында «түрк дүйнөсүнүн бир бөлүгүнүн» кайрадан чоң күчкө айлануусун каалашкан эмес. Эгер жогоруда айтылган окуялар Түштүк Азербайжан автономиясынын түзүлүшүнө жана анын Түндүк Азербайжан менен биригүүсүнө алып келгенде, Советтик Союз кулагандан кийин Азербайжандын түндүк бөлүгү гана эмес, толук жана бирдиктүү Азербайжан көз карандысыздыкка ээ болмок...

1979-жылы Иранда Исламдык Революция болгондо Түштүктөгү азербайжандардын улуттук-боштондук кыймылы дагы бир жолу тарыхтын сыноосуна кабылган. Бул жолкусунда биринчи планга пропаганда маселеси коюлган: улуттук боштондук маселесин чагылдырган гезиттер жана журналдар азербайжан тилинде чыгарыла баштаган. Кийинчерээк *Түштүк Азербайжанда улуттук-боштондукка байланышкан максаттарды жаңы мезгилдин талаптарына*

*ылайык ишке ашыра ала турган кыймылдарды уюштуруу маселеси зарылчылыкка* айланган. Советтик Азербайжан Ирандык Азербайжандагы окуяларга карата өз мамилесин жигердүү билдиргендигин биз сыймыктануу менен айта алабыз. Жалпы улуттук лидер - Гейдар Алиевтин 1981-жылы Азербайжан Жазуучуларынын жетинчи Съездинде «Эки Азербайжандын ортосундагы байланыштарды бекемдөө» жөнүндө сүйлөгөн сөзү биринчи жолу эл аралык коомчулуктун көңүлүн ушул маселеге бурган. Кийинчерээк Гейдар Алиевдин чет элдик дипломаттар менен болгон жолугушууда «келечекте эки Азербайжандын биригерине үмүт кылам» деп айткан сөзү Лондондогу «*The Times*» деп аталган таасирдүү гезитте жарыяланган [302, 191-б]. 1982-жылы Гейдар Алиев түрк элдеринин ичинен биринчи болуп КПСС БКнын Саясий бюросунун мүчөсү жана СССРдын Министрлер Кеңешинин төрагасынын биринчи орун басары болуп көтөрүлгөн. Натыйжада Азербайжан республикасы өзүнүн тарыхый-улуттук маселелери менен тереңирээк алектене баштаган. Түркмөнчай келишими адилетсиз келишим болгондугун Азербайжан ошол мезгилдеги мүмкүнчүлүктөрдүн алкагында калың коомчулукка билдире баштаган. Саттар-хандын, Шейх Мухаммед Хиябинин жана Пишеваринин элесине арнап, 1959-жылы өзүнүн «Гүлистан» деп аталган саясий поэмасын жазган Бахтияр Вахабзаде 80-жылдардын акырында Түндүк Азербайжандын көз карандысыздыгын көздөгөн кыймылдын негизги ишмерлеринин бирине айланган.

Араз дарыясынын эки жагындагы азербайжандардын улуттук боштондук күрөшү (Түштүктө «фарсизацияга» каршы, ал эми түндүктө «орусташтырууга» каршы күрөш) 70-80 – жылдарда «*Бирдиктүү Азербайжан» идеясына* айланган. Мындай нерсе айрыкча Иран бийлигин абдан тынчсыздандырган. Ошол жылдарда ирандык жана советтик окумуштуулар биргелешип эмгектерди жазышып, Азербайжандын жергиликтүү калкы перс тилдүү болгондугун жана кийинки мезгилдерде гана түрк мамлекеттеринин таасири астында түрк тилдүү болуп калгандыгын далилдөөгө аракет кылышып, бул калкты өзүнүн «эне тилине», тактап айтканда фарси тилине кайтаруу керектигин айтып чыккандары да кокустук эмес. Алар өздөрүнүн пикирлерин ишенимдүүрөөк кылып көргөзүш үчүн «ишенимдүүрөөк» булактарды, мисалы, Тебриздик азербайжан окумуштуусу Ахмед Кесревинин эмгектерин мисал катары көргөзүшкөн [249]. Анткени Ахмед Кесреви «азыркы Азербайжандын аймагы Албания жана Иран менен байланышы болбогондугун» XX – кылымдын биринчи жарымында далилдеген. Анын жазганы боюнча Араз дарыясынын түндүк жагын «Азербайжан» деп осмондук жеңип алуучулар аташкан. Большевиктер да бул аймакты ошол эле аталыш менен аташ-

кан. Азербайжанда колдонулуучу тил (тактап айтканда азербайжан тили – Ж.Ф.) Иран калкынын эне тили болуп саналбайт. Азербайжан дайыма Ирандын жана анын улуттук кыймылдарынын бир бөлүгү болуп келген. Азербайжан маселеси (Түштүк Азербайжандын көз карандысыздыгы жана анын Түндүк Азербайжан менен биригиши) империалисттик интригалардын натыйжасы болуп саналат» [302, 192-б]. Бул пикирге карата төмөнкүдөй суроо жаралбай койбойт: Эгер эне тилди алмаштыруу ушунчалык оңой болсо, анда эмне үчүн фарси тили гана колдонулган жана азербайжан тилиндеги бир да мектеби жок Иран мамлекетиндеги түрк тилдүү азербайжандар болжол менен 200 жыл ичинде перс болуп кетишкен жок?! Жогоруда айтылган окумуштуунун акыркы ою такыр башкача мааниде берилген: дал ошол империалисттик интригалардын натыйжасында Азербайжан экиге бөлүнүп, азыркы күнгө чейин бирикбей келүүдө.

Чындык бүгүнкү күндө биздин улуу тарыхыбыздын мейкиндигинде жаралып жатат: Түндүктөгү Азербайжан Республикасынын саясий аренага эгемендүү мамлекет катары кайтып келүүсү -азербайжан эли көз карандысыз мамлекеттүүлүктүн мураскери болууга толук даяр экендигин далилдеди. Түндүктө Азербайжандын «эч качан түшпөй турган байрагынын» желбиреп тургандыгы Түштүктөгү азербайжандарга дем берип турат. Бүгүнкү күндө Түштүк Азербайжандын улуттук кыймылынын толкундары чек арадагы мамыларга катуу урулуп жаткан кези. Бул кыймыл Иранда уюм түрүндө, ошондой эле эркиндик идеяларын колдогон демократиялык мамлекеттерде ишке ашырылып, азербайжандардын жана түрк элдеринин биримдикке багытталган ишмердүүлүгүнө кошулуп жатат.

Мындай уюмдардын негизгиси болуп Түштүк Азербайжандын Улуттук Ойгонуу Кыймылы саналат. Бул кыймыл (GAMOH) 1995-жылы профессор Махмудали Чёхраганлы жана анын тарапташтары тарабынан түзүлгөн. Бул киши оор кысымдарга, кыйноолорго кабылып, көп жолу камакка алынган. Бул кыймыл Түштүк Азербайжандын көз карандысыздыгы жана Түштүк Азербайжанда түркизм идеясын жайылтуу үчүн ачык күрөш баштап, аны улантып келүүдө. Махмудали Чёхраганлы массалык акцияларды, протесттерди, агартуу кыймылдарын, ошондой эле улуттук аң-сезимди ойготуу жана жогорулатуу үчүн күрөштөрдү жетектеген. Иран мамлекетинин улуттук укуктарга карата агрессивдүү мамилеси эске алынып, бул кыймыл өлкө ичинде Түштүк Азербайжандын Улуттук Кыймылы деп аталат. GAMOH миллиондогон жактоочулары бар чоң бир демократиялык, коомдук-саясий кыймыл болуп саналат. Ал өзүнүн айланасына жүзгө жакын илимий-адабий, улуттук-маданий, ошондой эле коомдук-саясий уюмдарды бириктирет. Алар «түркизм, модернизация жана дин эркиндиги» идеяларына негизделет. Бул

кыймылдын ондогон мүчөлөрү Тегеран бийлигинин курмандыктарына айланышкан. Анын миңдеген мүчөлөрү жана тарапташтары бийликтин кысымы астында, ал эми жүздөгөн мүчөлөрү абакта жатышат. GAMOH кыймылынын борбордук штабы Түштүк Азербайжанда жайгашкан. Анын дареги кылдаттык менен жашырылат. GAMOH негизинен Түштүк Азербайжанда иштейт, бирок Ирандын башка аймактарында да анын комитеттери жана бөлүмдөрү бар. 2002-жылдан баштап анын чет элдик өкүлчүлүктөрү жана бөлүмдөрү ачылган. Бүгүнкү күндө чет өлкөлөрдө бул кыймылдын 24 өкүлчүлүгү (Бюросу) бар, ошонун ичинде Азербайжан Республикасында, Түркияда, АКШда жана Европада да өкүлчүлүктөрү бар. *GAMOH – БУУнун ар түрдүү комиссиялары, көптөгөн эл аралык түзүмдөр, Европа Бирлиги, Европарламент, ошондой эле демократиялык мамлекеттер тарабынан таанылган эл аралык уюм.* Бул уюм эл аралык укукка жана анын принциптерине таянып, Түштүк Азербайжандын «өз тагдырын өз алдынча чечүү» укугун калыбына келтирүү үчүн күрөшүп жатат [260].

Азербайжан маселеси илимий жана саясий чөйрөдө, ошондой эле жарандык коомдо эл аралык деңгээлде маанилүү боло баштады. Ушул маселенин ар түрдүү жактарына арналган негиздүү эмгектер пайда болууда. Алардын ичинен төмөнкү эки эмгек өзгөчө көңүл бурат: көрүнүктүү америкалык азербайжан таануучулар профессор Тадеуш Святоховскийдин «Орусия жана Азербайжан. Өтмө мезгилдеги чек ара сызыгы» («*Russia and Azerbaijan. A Borderland in Transition*»), жана Гарвард университетинин профессору Бренда Шаффердин «Чек аралар жана Туугандар: Иран жана азербайжандык өзгөчөлүк» («*Borders and Brethren: iran and the Challenge of Azerbaijani Identity*») деп аталган эмгектери. Бул чыгармалар абдан баалуу, анткени биринчи айтылган чыгармада Түштүк жана Түндүк Азербайжандын тарыхы биринчи жолу эки бөлөк эмес, чогуу изилденген; бул чыгармада Түштүк Азербайжандын эркиндиги үчүн бир кылымда төрт жолу күрөшкө көтөрүлгөн адамдарга эрк берген булактар жөнүндө айтылып, ошондой эле Азербайжандын биригишине тоскоолдук кылган процесстердин маңызы жана караңгы жактары ачылган [302, 192-б]. Экинчи китепте акыркы кылымдагы кайгылуу окуянын алкагында көз карандысыздыкка жана биримдикке умтулган азербайжандардын бир туугандыгын «чек аралар аркылуу бөлүп салуу мүмкүн эмес» экендиги жана алардын бир туугандыгы абдан терең жана бекем улуттук аң-сезимге негизделери дагы бир жолу айтылган. Автор дал ушундай көз карашка таянып, өзүнчө Өзгөчөлүк теориясын («*Identity Theory*») сунуштаган [299].

Батыш саясатынын Түштүк жана Түндүк Азербайжандын биригишине байланышкан маселеге карата мамилеси анын XX –

кылымдын башындагы жана ортосундагы мамилесине караганда албетте өзгөрдү. Ал эми Ирандын бул маселеге карата мамилеси өзгөргөн жок. 1979-жылдагы революциядан кийин өзүн Ислам Республикасы деп атаган бул өлкө мусулман эли – азербайжандарга өз эне тилиндеги мектеп ачууга тыюу салып келет. Дүйнө демократизацияланып жаткан учурда тескери жакка жылып бара жаткан Ирандын милитаризацияланышы жана радикализацияланышы өлкөнүн ичинде да, эл аралык деңгээлде да катуу наразылыктарды жаратууда.

Калкынын 16 пайызын азербайжандар түзгөн (бул – расмий статистика боюнча. Ал эчи чынында азербайжандар өлкөнүн 75 миллиондук калкынын эң аз дегенде 25 миллионун түзөт) Иран мамлекетин анын кошунасынын – көз карандысыз Азербайжан Республикасынын күндөн-күнгө күчтөнүп жаткандыгы тынчсыздандырууда [252]. *Дүйнө жүзү боюнча 50 миллионду түзгөн азербайжан этносунун жарымы жашап жаткан Түштүк Азербайжанда* иран бийлиги антиулуттук саясат жүргүзүп, азербайжандардын тарыхый аймагынын бүтүндүгүнө кол салып, аны үч провинцияга бөлүп койгон: Батыш Азербайжан, Чыгыш Азербайжан жана Ардебиль. Калган азербайжан аймактары башка административдик бирдиктердин (остандардын) курамына кошулган. Бүгүн Иран мамлекетинде перс улутчулдугу жана диний лидерлердин авторитаризми өзүн өтө катуу көргөзүп жатат. Ошондуктан Ирандын мурдагы президенти Мохаммад Хатами минтип жарыя кылган: «Мен Иран өлкөсүндөгү абалды өтө начар деп баалайм. Санкциялар жана башка көйгөйлөр, менимче, Иранды багынууга мажбур кылат же шамдай кылып эритип салат...». Иран ошол эле учурда Азербайжан Республикасына каршы идеологиялык экспансия жана башка коркунучтуу нерселерди да жасап жатат. Кээде ал биздин өлкөгө карата аймактык талаптарды коёт. Мындай учурда Азербайжандын эл аралык саясат тарабынан Иранга салыштырмалуу приоритеттүүрөөк абалга көтөрүлүүсү табигый жана мүмкүн болуучу вариант болуп саналат.

Америкалык стратег Збигнев Бзежинский Азербайжан Республикасынын эл аралык саясий жана экономикалык маанилүүлүгүнө басым жасап, аны АКШ тарабынан «эң кубаттуу геосаясий колдоо алууга татыктуу мамлекет» деп атап, аймактын саясий, экономикалык, маданий, технологиялык жана демократиялык өнүгүүсүндөгү геосаясий борбор катары жогору баалаган [145, 179-180-б]. З.Бжезинский Иран-Түркия-Азербайжан үч бурчтугундагы улуттук-аймактык маселелерди чечүүнүн маанилүү перспективаларын айтып өткөн: «Эгер Азербайжан саясий жана экономикалык өнүгүүдө туруктуулукка жетишсе, ***Улуу Азербайжанды жаратуу идеясы*** сөзсүз күчөйт» [145, 163-б]. Ошентип Азербайжандын дүй-

нөлүк коомчулукка интеграцияланышы анын улуттук-тарыхый кызыкчылыктарын жана таасир чөйрөсүн камсыздоо процессине шайкеш келет.

Өзгөрүлбөгөн Иранга карата Батыштын мамилелери өзгөрүп турган мезгилде биз көз карандысыз Азербайжан Республикасынын да, Түштүк Азербайжандын да улуттук кызыкчылыктарын коргой алышыбыз керек. Бүгүнкү күндө ядролук программага жана башка аймактык нерселерге байланышкан көйгөйлөрдү чече албай жаткан Иранга карата санкцияларды колдонуп жаткан Батыш менен биздин ортобуздагы мамилелерде позитивдүү нерселер бар, бирок бул мамилелер азырынча белгисиз жана күңүрт бойдон калууда. АКШнын глобалдык саясатынын дагы бир стратеги, мурдагы мамлекеттик катчы Генри Киссинжердин радикалдуураак көз карашы бизге Иран мамлекети Евразия аймагындагы трансформация процессинде кандай роль ойнорун көргөзөт. Ал бул тууралуу минтип жазган: «Иран мамлекети Орусиянын жана Кытайдын табытынын капкагына кагыла турган АКШнын акыркы мыгы» [273].

Америка Кошмо Штаттарындагы таасирдүү гезит болуп саналган «*The New York Times*» гезити эл аралык коомчулукка «Дүйнөнүн Жаңы Картасын» тартуулаган. Бул картадагы өзгөрүүлөрдүн арасында Азербайжан да бар: азыркы Иран бийлиги кулаганда Ирандагы Азербайжан сөзсүз көз карандысыздыкка ээ болуп, Түндүк Азербайжан менен биригет деп божомолдонот. Түштүк Азербайжан менен Түндүк Азербайжандын биригишине жана Тоолуу Карабактын Азербайжанга кайтарылышына Азербайжандын шериктеши жана аймактагы таасирдүү өлкө – Түркия жардам берери божомолдонот [264]. Өткөн жылы 12-сентябрда конгрессмен Дана Рорабахер АКШнын Өкүлдөр Палатасына «Иранда жашаган азербайжандардын өз тагдырын өз алдынча чечүү укугун таануу резолюциясын» сунуштаган. Бул нерсе да кокустук эмес болсо керек. Ошол эле учурда бул нерсе АКШнын Азербайжанды бириктирүү жөнүндө планы бар дегенди билдирбейт. АКШнын (жалпысынан алганда Батыш дүйнөсүнүн планында) планында азырынча Иранды бөлүү эмес, алсыздандыруу каралгандыгы көрүнүп турат. Буга байланышкан бардык демилгелер, жарыялар жана божомолдор албетте АКШнын жеке кызыкчылыктарына кызмат кылуучу процесстерди даярдоого жардам берет. Бүгүнкү күндө көз карандысыз саясат жүргүзүп жаткан Азербайжан Республикасы АКШнын же башка мамлекеттин колунда саясий курал болбойт. Тескерисинче, Азербайжан маселесинде биз башкалардын «саясий куралдарын» өз кызыкчылыктарыбыз үчүн пайдаланышыбыз керек.

Эл аралык жана аймактык саясатты өнүктүрүүдө биз үчүн «Иранды бөлүү» идеясы эмес, «Азербайжанды бириктирүү» идея-

сы приоритеттүү болуп саналат. 185 жыл мурда Азербайжан башка мамлекеттер тарабынан экиге бөлүнгөн. Бул тарыхый адилетсиздикти жоюу – азыркы мезгилдеги эл аралык саясий процесстердин өнүгүүсүнүн зарыл бир бөлүгү болуп калышы керек. Заманбап эл аралык саясатта жана эл аралык укук системасында төмөнкү нерселер сөзсүз эске алынуусу абзел:

1) Азербайжандын тарыхый биримдиги;

2) 1828-жылы Орусия менен Персиянын ортосунда түзүлгөн Түркмөнчай келишими аркылуу бирдиктүү Азербайжандын экиге бөлүнүүсү;

3) Болжол менен 25 миллионду түзгөн азербайжан элинин кенен аймакта – Түштүк Азербайжанда эзелден бери жашап келгендиги;

4) Түштүк Азербайжан калкынын өздөрүнүн улуттук укуктары жана көз карандысыздыгы үчүн жүз жылга созулган күрөшү;

5) Эл аралык укук системасында Азербайжандын бирдиктүү мамлекет катары кабыл алынышына каршы контраргументтердин жоктугу.

Эгер Азербайжан Республикасы менен Ирандын чек араларына жакын аймактарда жашаган калктын этникалык курамын карай турган болсок, алар түрк тилдүү болуп саналган азербайжан эли экенин көрөбүз. Эмне үчүн бул чек аралардын боюнда дээрлик Түркмөнстанга чейин перстер жок? Себеби алар бул аймактарда мурдатан бери эле жашаган эмес. Тебриз шаары кайсыл мамлекеттин жана империянын эзелден берки борбору болуп келген? – Албетте Азербайжандын. Көп миллиондогон Түштүк жана Түндүк Азербайжан эли бири-бирине жакын жашап, бир тилде сүйлөйт жана алар Иран мамлекетинин дээрлик ортосуна чейинки аймакты ээлешет. Эмне үчүн булар бирдиктүү көз карандысыз мамлекет түзүүгө укуктуу эмес? Биздин тарыхыбыздын катуу аскаларына урунуп келген бул суроолор жаңырык сыяктуу кайтарылып, азыркы мезгилдин коомчулугунан жооп талап кылууда. Бул суроолорго жооп бербей коюу адилетсиздик болмок. Ушундай адилетсиздикти жоюу Азербайжандын, андан кийин бүткүл түрк дүйнөсүнүн биригүүсүнө жол ачышы керек! Мындай нерсе кээ бирлер кааласа да, каалабаса да болот.

***Түрк дүйнөсүнүн биримдиги*** перстердин колунда турган Түштүк Азербайжан жана армяндардын оккупациясы астында турган Карабак аркылуу өтөт. Тактап айтканда, бирдиктүү Азербайжандын жүрөгү жана аймагы аркылуу өтөт!

## 16. ЭЛ АРАЛЫК САЯСАТТЫН АВАНГАРДЫ, ЭЛ АРАЛЫК УКУК СИСТЕМАСЫНЫН СУБЪЕКТИ – ТҮРК МАМЛЕКЕТТЕР ШЕРИКТЕШТИГИ

Үчүнчү миң жылдыктын башындагы дүйнөлүк саясий процесстердин позитивдүү мыйзам ченемдүүлүгү абдан кызыктуу жана зарыл тенденцияга байланышкан логиканы жараткан: дүйнө өлкөлөрү «империалисттик өзөккө» биригүүдөн бара-бара көбүрөөк жана чечкиндүүрөөк баш тартып жатышкандыгы көрүнүп турат. Стереотиптик дүйнөлүк империализм бүгүнкү күндө деле колониализмди сактоо адаттарынан баш тартууну каалабастан, аны сактап калуу максатында ар түрдүү жолдорго барып жатат. Бирок баш тартылган нерсени сактап калуу кыйын. Дүйнөдөгү либералдык-демократиялык баалуулуктарды саясий жүрүм-турумду калыптандыра турган факторлор катары күчөтүү – дүйнөнү архаикалык же эски ыкмалар менен башкаруу деген түшүнүктүн жоюлушун жакындатат. Дүйнө өлкөлөрүн аймактык жана глобалдык масштабда бириктирүү идеясы ***Мажбурлоо факторуна эмес, Саясий Зарылдык*** факторуна негизделет. Мына ушул факт үчүнчү миң жылдыктагы эл аралык саясаттагы жана эл аралык укук системасындагы алдыңкы тенденция болуп саналат. Биздин пикирибизде, жүз жылдар бою теңсиздик сазынан чыга албай келе жаткан өлкөлөр дал ушул тенденциянын толук кандуу ишке ашуусунун натыйжасында ошол саздардан чыга башташат. Дүйнөнүн архаикалык же эскирген ыкмалар аркылуу башкарылуусу саясий ой жүгүртүү жана саясий рационализм жагынан алып караганда заманбап доор үчүн өтө примитивдүү же артта калган нерсе катары көрүнөт. Күчтүү субъект өз эркин алсыз субъектке таңуулаган мезгилде алсыздардын эч кандай өнүгүүсү мүмкүн эмес. Ал эми өнүкпөй жаткан субъект (мамлекет же адам) дайыма коркунуч булагы болуп саналат. Азыркы доордогу күчтүүлөр менен алсыздардын ортосундагы ажырымдын туруктуу түрдө көбөйүп жаткандыгы жогоруда айтылган коркунучту ого бетер драмалаштырып жатат. Ошондуктан глобалдык терроризм өзүнүн куралын эки жерден көтөрүп жатат: мамлекеттик жана «партиархалдык» терроризмден. Эгер дүйнөлүк империализм глобалдык терроризмдин пайда болушуна шарт түзсө, ал эми алар экөө тең куралдануу жагынан коом үчүн коркунуч жаратышса (жалпы кыргындоо куралына чейин ээ болууга умтулушат), анда алардан жана аларды пайда кылуучу се-

бептерден кутулуу – зарыл нерсе болуп саналат. Дүйнөлүк империализмден жана глобалдык терроризмден кутулуу аракеттери алсыздарга өз эркин таңуулаган күчтүүлөрдүн үстөмдүгүнө каршы багытталган. Империализм гегемониянын пайда болушуна, тактап айтканда, бирөөнүн бирөөгө үстөмдүк кылуусуна алып келет, ал эми гегемония бүткүл коом үчүн коркунуч жаратат.

Улуттук каршылык көргөзүү же улуттук боштондук кыймылдары (улутчулдук) акыркы кылымда империализмге каршылык көрсөтүп келүүчү эң кубаттуу күч болуп келүүдө. Дүйнөлүк картадагы жаңы мамлекеттерди дал ушундай кыймылдар жараткан [224, 35-49-б]. Бирок үчүнчү миң жылдыктан баштап Империализм менен Улутчулдуктун ортосундагы күрөш (биз «улутчулдук» деген терминди фашизм же расизм деген мааниде эмес, улуттук баалуулуктарды жана улуттук өзүнчөлүктү сактап калуу идеясы катары пайдаланып жатабыз) жаңы фазага өтө баштаган: көз карандысыздыкка ээ болгон ***жаңы муун өлкөлөрү*** (ошонун ичинде түрк мамлекеттери да) глобалдык гегемония саясатынын мажбурдугу менен жашоону каалашпайт жана өздөрүнүн саясатын эл аралык саясаттын алдыңкы позицияларына алып чыгышууда. Дал ушундай тенденция гегемонисттик амбицияларды бара-бара алсыздандырып, эл аралык мамилелердин тең укуктук негизинде жүрүшүн мүмкүн кылат. Эл аралык саясатты өзүнүн кызыкчылыгында башкарууну каалап, эл аралык укук системасынын түрүн өзгөртүп, аны өзүнүн кызыкчылыктарына «шайкеш келтирүү» үчүн мүмкүн болгон бардык каражаттарды пайдаланып жаткан империалисттик гегемониянын аракеттери ушул мезгилге чейин *эл аралык саясаттын жана эл аралык укуктун ортосунда карама-каршылык* жаратып келүүдө.

*Жаңы Дүйнөлүк Системаны* жаратууга жооптуу мамлекеттердин ортосунда аймактык жана глобалдык масштабдагы консолидация же биригүү пайда болгон учурда эл аралык саясатта эл аралык укук нормалары артыкчылыкка ээ болот. Дүйнөнү эски ыкмалар менен башкарууну каалаган күчтөр бар болуп турганда жогоруда айтылгандай консолидациянын зарылдыгы көбөйөт. Анткени бирикменин сыртында жалгыз калган күчтөрдү алсыздандыруу оңой болот. Бирок заманбап эл аралык саясаттагы «мыйзамсыз оюндар» жогоруда айтылгандай зарылдыкты түшүнүү жана «эптеп-септеп» эле биригүү - жетишсиз экендигин көргөзүп жатат. ***Биригүү үчүн күчтүү болуу кажет!*** Эгер тиги же бул бирикмени кимдир бирөөлөр каалаган убакытта бузуп коё алышса, андай бирикме түзүүнүн мааниси жок. Ошондуктан алсыздардын биригүүсү эртели-кеч кыйрап калышы мүмкүн. ***Күчтүүлөрдүн биригүүсү – Кыйрагыс Чыныгы Бирлик болуп саналат!*** Күчтүү улуттук-демократиялык мамлекеттердин эл аралык укук системасы тарабынан жөнгө салынуучу кон-

солидациясы же биригүүсү [194] бүгүнкү күндө эл аралык саясаттын тенденциясын аныктоочу негизги детерминант болуп саналат.

Улуттук мамлекеттердин бара-бара демократизацияланoccusу жана ушул багыттагы институционалдык реформалардын бекемделүүсү алардын дүйнөлүк саясий жана экономикалык системадагы биримдиги бекемирээк болушун камсыздап, аймактык кызматташтыкты глобалдык кызматташтыкка айландырат [199, 368-462-б]. Анткени мамлекеттерди жана элдерди бириктирүүнүн «империялык жолу» биз мурда белгилегендей өзүн актаган жок жана анын мезгили өтүп кетти. Батыштык империализм колониализмдин акыркы түрүнө өсүп, дүйнөнүн өзүнө кошуп алган бөлүгүн «ширеси толук сорулуп алынган кедей аймактарга» айландырган [199, 245-273-б]. Дүйнө мындай нерсеге чыдабастыгы түшүнүктүү болгон. Ошондуктан бүгүнкү күндө постимпериалисттик процесстер болуп турган учурда дүйнө өлкөлөрүнүн антиимпериалисттик тенденцияда биригүүгө умтулуусу эл аралык саясатта чыныгы революцияны жаратууда: биздин планета биздин көз алдыбызда гегемондор дүйнөсүнөн улуттук мамлекеттердин Бүткүл дүйнөлүк Бирлигине айланып жатат. Мындай көрүнүш эл аралык саясатта чыныгы өзгөрүш жаратууда. Эл аралык коомчулуктун эгемендүү саясий субъекттери алардын бирлик түзүү боюнча демилгелери үстөмдүк кылуучу кандайдыр бир күчтүн мажбурдугу менен пайда болушун каалашпайт.

**Түрк Мамлекеттер Бирлигинин** түзүлүүсү түрк элдеринин кудуретин жана мүмкүнчүлүктөрүн жүзөгө ашырууга түрткү берет. Мындай нерсе биз үчүн тарыхый мааниге ээ. *Жаңы Дүйнөлүк Системаны* калыптандыруучу процесстер Европа Бирлиги түзүлгөндөн кийин эл аралык саясаттагы жогоруда айтылгандай процесстерди тездеткен [277, 48-50-б]. Азыр Түрк Мамлекеттер Бирлиги идеясы бирликтерди түзүүнүн *Европалык моделине* альтернатива боло ала турган *Евразиялык модель* болушу керек. Аймактык шериктештикте Европадагыдай эле *цивилизация* фактору өтө маанилүү жана туура нерсе экендигин мамлекеттер аралык мамилелерге жана көп тараптуу кызматташтыкка байланышкан тажрыйбалар көргөзүп турат [274, 360-361-б]. Адамдар, коомдор жана мамлекеттер расмий же формалдуу себептер боюнча эмес, туугандыкка байланышкан себептер боюнча (мисалы, бир тамырдан өсүп чыккан элдердин биригүүсү) биригүүнү каалашат.

Улуттук-генотиптик жана цивилизациялык түзүмдүн гармониясын жаратуу жана ушул чөйрөнүн ичиндеги оптималдуу шериктештик чечүүчү нерсеге айланып, ушул багыттагы максаттуу иш-аракеттерди жүзөгө ашырат. Тамыры жана негизи жок биримдикке ким ишенет?! Эгер бүгүн Орусия түрк мамлекеттерине кайрылып, аларга «Евразия Биримдиги» идеясын сунуштаса, демек мындай би-

римдикте Орусия үстөмдүк кылары дароо түшүнүктүү болуп калат, ал эми мындай биригүү мажбурлоо мүнөзүнө ээ болот. Мажбурлоо мүнөзүнө ээ болгон мындай биримдик эртеби-кечпи Советтер Союзуна окшоп кулайт. Советтер Союзунун оор соккуларга туруштук бере алган Социалисттик блок сыяктуу «калканы» бар болгон, бирок ошентсе да анын бул калканы аны коргой алган жок. Демек, мындай жасалма «биримдикти» аскердик базалар менен курчап деле сактап калуу мүмкүн эмес. Чеченстан Орусияга, ал эми Афганистан АКШга миң жыл өткөндөн кийин деле баш ийбестигин Түндүк Кавказда жана Жакынкы Чыгышта болуп жаткан процесстер ачык көргөзүп жатат. Мындай нерсе жашоонун жана тарыхтын логикасы болуп саналат: улуттук-генотиптик система өзүнүн жеке курамдык бөлүктөрүн жана «өз айланасын» гана өзүнүкү катары кабыл алат. Дал ушул себептен улам түрк мамлекеттери көз карандысыздыкка ээ болор замат аларды бириктирүү идеясы өзүнөн өзү эле пайда болгон. Мындай идея ар бир түрк элинин ичинде гана эмес, алардын ортосундагы тарыхый мамилелердеги жалпы улуттук универсалдуу максат катары да жүз жылдар бою өсүп-өнүгүп келген. Жалпы тилден жалпы цивилизацияга чейин тереңдеген мындай байланыштарды ким үзө алат?! Жадагалса Орусия империясы жана Советтер Союзу сыяктуу тоталитардык режимдер да мындай нерсени кыла алышкан эмес. Анткени табигый нерсе жасалма нерсени дайыма жеңет. Ошондуктан биз мурда белгилегендей, Мажбурлук менен эмес, Саясий зарылдык катары түзүлгөн биримдик гана келечектүү болот. Түрк Мамлекеттер Биримдигин түзүү идеясы табигый нерсе жана саясий зарылдык катары көтөрүлүп жатат.

Улуттук өзгөчөлүк же өзүнчөлүк деген нерсе ушунчалык күчтүү болгондуктан жадагалса АКШ сыяктуу уникалдуу жана универсалдуу өлкөдө улутчулдук деген түшүнүк идеологиялык аргументацияга ээ болушу мүмкүн. Глобалдык саясат боюнча бир нече полемикалык эмгектердин автору С.Ф. Хантингтон бул жолкусунда Америкалык Улутчулдук Идеологиясын негиздөөгө аракет кылган. Өздөрүнүн континентинен көчүп кеткен европалыктардын 60-пайызы 1820-1924 – жылдарда (болжол менен жүз жыл ичинде) АКШда отурукташышкан. Америка Кошмо Штаттары чынында Европанын уландысы болуп калган, бирок кийинчерээк Америкага бүткүл дүйнөдөн адамдар көчүп келе баштаган. Натыйжада анын «улуттук жүзүн» толук бойдон өзгөргөн. Бирок ошентсе да ассимиляция дээрлик болгон эмес. «Келгиндер» «келгин» бойдон, ал эми «жергиликтүүлөр» «жергиликтүү» бойдон кала беришкен. Америка өзүнүн улуттук курамы боюнча аморфтук же борпоң мамлекетке айланган. Мындай нерсе - Америка үчүн кооптуу. Дүйнөлүк мамлекеттер улуттук маңызга негизделишет, ал эми АКШ ушундай

негизден ажырап калышы ыктымал: «АКШга америкалык болуу үчүн эмес башка себептер менен барып жаткан элдер, ал эми Германияга немец болуу үчүн эмес, башка себептер менен барып жаткан түрктөр ал жакка албетте өздөрүнүн «улутун» да кошо «ала барышат» [262, 190-192-б]. Демек, жадагалса кичинекей мамлекеттер да өздөрүнүн өзгөчөлүгүнө, цивилизациялык тандоосуна жана диний баалуулуктарына таянышса, анда эмне үчүн алп мамлекет болуп саналган АКШ деле өзүнүн улуттук өзгөчөлүгүнө жана диний баалуулуктарына таянбашы керек?! Ошондуктан С.Ф. Хантингтон өзүнүн мекендештерине төмөнкүдөй суроо узаткан: «Биз кимбиз?» Жана ушул суроого өзү жооп берген: «Биз – америкалыктарбыз!» С.Ф. Хантингтон өзүнүн төмөнкүдөй парадигмасы аркылуу триумфка жетишкен: «Америкалыктар Кудайга жана өздөрүнүн өлкөсүнө берилген. Алар үчүн Кудай жана өлкө ажырагыс нерсе болуп саналат. Калыстык деген түшүнүктөр, альянстар жана антагонизмдер бардык континенттерде дин тарабынан аныкталып жаткан кезде америкалыктардын деле улуттук өзүнчөлүк жана улуттук биримдик издеп, кайрадан өздөрүнүн ишенимине кайрылгандыгы таң калычтуу деле нерсе эмес. Америкалык элита өкүлдөрүнүн бир бөлүгү Американын космополиттик коомго айланышына каршы эмес болушса; дагы бир бөлүгү Американын империя деген статуска ээ болушун каалайт. Америкалык коомдун басымдуу көпчүлүгү кылымдар бою жашап келген америкалык өзгөчөлүктү жана улуттук-мекенчилдик идеясын сактап келишет. Америка дүйнөгө айланып жатат. Дүйнө Америкага айланып жатат. Америка Америка бойдон эле калууда. Америка космополиттик болобу? Империялык болобу? Улутчул болобу? Америкалыктар өздөрүнүн жана бүткүл дүйнөнүн тагдырын аныктай турган тандоо жасашы керек» [262, 365-366-б]. С.Ф. Хантингтондун ислам дүйнөсүнө жана Түркияга карата көз карашы субъективдүү. Ал ислам дүйнөсүн жана ислам динин карманган адамдарды «Америкага карата агрессивдүү мамиле кылат» деп айыптайт. Чындыгында анын айткандары туура эмес. Анткени Ирак мамлекети АКШда согуш жүргүзгөн жок, тескерисинче, Ирак мамлекетинде АКШ согуш жүргүзүп жатат. С.Ф. Хантингтон Түркия мамлекетинин мамлекеттүүлүк идеологиясынын эволюциясын изилдеп төмөнкүдөй тыянакка келген. Профессордун пикиринде, Түркия мамлекети 2002-жылдан баштап светтик идеологиядан жана Ататүрктүн «Батышташтыруу» саясатынан баш тартып, «Исламисттик саясий кыймылга» умтула баштаган [262, 356-б]. Бирок Түркиянын саясаты чынында мындай эмес. Заманбап Түркия батышташпай жана ошол эле учурда исламизацияланбай эле турат. Ал болгону мурдагыга караганда көбүрөөк модернизацияланып, жаңыланып жана *түрктөшүп* жатат.

*Түркизация* процесси Түркия менен гана чектелбестен Евразия мейкиндигинде жана жалпы түрк дүйнөсүнүн масштабында жүрүп жатат. Түркия мамлекети ислам жана түрк дүйнөсү менен тарыхый байланышын жаңы деңгээлге чыгарып, Чыгыш-Батыш мамилелерин аймактык өлкөлөр үчүн пайдалуу нукка багыттап жатат [235, 67-162-б]. Мындай нерсе түрк мамлекеттерине эл аралык саясатта *бирдиктүү күч борбору* болууга жардам берет. Түркизация кыймылы өзүнүн мүнөзү жана ишмердүүлүгү аркылуу идеологиядан чыныгы практикага өтүү процессин Түркияда гана эмес, бүткүл Түрк Дүйнөсүндө чагылдырат. Түркизация кыймылы түрк мамлекеттеринин улуттук идеологияларын конкреттештирип, тереңдетет жана алардын пантеонунда өз ордун табат. Бир элдин гана эмес, бүткүл боордош элдердин жана мамлекеттердин жалпы улуттук идеологиясы – биздин заманга зарыл болгон чыныгы улутчулдук болуп саналат. Мындай универсалдуу улутчулдук идеясынын, тактап айтканда жалпы түркизм идеологиясынын тарыхый тамырлары бар жана ал өзүнүн гуманисттик-прогрессивдик мааниси боюнча ***американизмге*** байланышкан тар улутчулдуктан катуу айырмаланат. С.Ф. Хантингтон Американын маңызында Американизм улутчулдугун көргүсү келет. Американизм идеологиясынын субсаясатында бир гана мамлекеттин үстөмдүгү каралат, ал эми жалпы түркизм саясаты – бул Түрк Мамлекеттер Бирлиги болуп саналат. Мындай Бирлик Евразиянын уюткусун түзгөн улуттар тарабынан түзүлөт. Бир өлкө (жадагалса бир нече өлкөлөрдөн турган альянс да) өзүнүн жеке идеологиясын дүйнө мамлекеттерине дайыма эле таңуулай албайт. Үстөмдүк кылуу же таңуулоо саясаты бара-бара жоголуп, андай кылуу мүмкүн эмес болуп калат. Анткени мындай нерсе Дүйнөлүк Коомчулуктун эркине каршы келет.

Заманбап доордо дүйнө өлкөлөрү жалпы улуттук (1), аймактык (2), лингвистикалык (3), диний (4) жана цивилизациялык (5) принциптер боюнча ички интеграция процессинен өтүп жатышат. Эгер алардын мындай интеграциясы узак мөөнөттүү перспективада алардын саясий жана экономикалык кызыкчылыктарына туура келсе, анда биримдиктердин түзүлүшүнө кепилдик пайда болот. Түрк мамлекеттеринин ички интеграциясын камтыган мындай тенденция эл аралык укук системасы тарабынан жөнгө салынуучу эл аралык саясаттын жаңы прогрессивдик-анархисттик (регрессивдик-хаостук процесстерге каршы) этабына өтүү деген маанини туюнтат. Тактап айтканда, *эл аралык саясат жана эл аралык укук системасы тарыхта биринчи жолу бирдиктүү принципиалдык позицияга таянышууда*. Анткени мындай учурда ***шериктештиктер же биримдиктер эл аралык саясатка жана эл аралык укукка байланышкан зарылдыктын негизинде*** түзүлөт. Акыркы кылым ичинде

эл аралык мамилелер эл аралык укук системасы тарабынан жөнгө салынып, улуттук мыйзамдар («*domestic jurisdiction*») эл аралык мыйзамдарга («*international jurisdiction*») шайкеш келтирилүүдө. Мындай көрүнүш жалпы адамзаттын «эл аралык мыйзамдарды өнүктүрүүдөгү» ийгилиги болуп саналат («*law among nations*») [237, 124-144-б]. *Эл аралык саясат өзү мындай процессти жаратуучу жана анын катышуучусу болуп саналат.* Ошондуктан бүгүнкү күндө эл аралык саясат эл аралык укук нормалары тарабынан жөнгө салынуучу эл аралык мамилелердин өнүгүүсү үчүн *глобалдык жоопкерчиликти* өзүнө алат. Мындай мамилелер өздөрүнүн табигый мыйзам ченемдүүлүктөрү боюнча кызматташтыктын жана шериктештиктин белгилүү бир уюштуруучулук формаларын түзүшөт. «Мамлекеттердин эгемендүүлүгүн жана тең укуктуулугун» бардык учурларда коргоо - мамлекеттер аралык эл аралык укуктун негизги принциби болуп саналат [212, 289-298-б]. Башкача айтканда, алардын биримдиктерди же шериктештиктерди түзүүгө байланышкан ишмердүүлүгү жогоруда айтылган принципке негизделет. Мамлекеттердин ортосундагы эки тараптуу жана көп тараптуу келишимдердин негизинде түзүлгөн биримдиктер эч качан алардын *эгемендүүлүккө* же *тең укуктуулукка* байланышкан укуктарынын чектелишине же бузулушуна алып келбейт. Эл аралык укук шарттарынын алкагында уюшулган шериктештик же бирлик тескерисинче ар бир мамлекеттин мүмкүнчүлүктөрүн жакшыртат.

Эл аралык укук системасынын жогорку мыйзамдарын өзүнүн базалык принциптерине камтыган Бириккен Улуттар Уюму өзүнүн уставынын биринчи бөлүмүндө төмөнкүдөй нерсени жарыя кылат: «Бириккен Улуттар Уюмунун максаты - улуттар ортосунда тең укуктуулуктун жана өз тагдырын өз алдынча чечүү укугунун негизинде достук мамилелерин өнүктүрүү, ошондой эле жалпы дүйнөлүк тынчтыкты бекемдөө максатында башка дагы тийиштүү чараларды көрүү болуп саналат» [207, 3-б]. БУУнун Уставы боюнча мамлекеттер аралык мамилелердин жана кызматташтыктын өнүгүшүнө түрткү берүүчү иш-аракеттерди эл аралык укуктун башкы принциптеринин негизинде аткарууга болот жана мындай иш-аракеттер саясий субъекттердин *көз карандысыз эркине* айланышы мүмкүн.

«Саясий жана укуктук биримдик түзүү жөнүндө акт» көз карандысыз мамлекеттер тарабынан глобалдык коомду калыптандыруунун баштапкы этабы катары абдан маанилүү [222, 270-271-б]. Анткени бул процессте алар бирөөнүн мажбурдугу менен эмес, эркин иш-аракет кылышат, бир нече варианттарды ойлонуштуруп, алардын арасынан эң ылайыктуусун тандап алышат. Дүйнөлүк экономиканын уланып келе жаткан либерализациясы мамлекеттерди кылдат болууга, ошондой эле мамилелердин саясий жана эконо-

микалык себептерин туура балансташтырууга мажбур кылат. Эгемендүү мамлекеттердин улуттук кызыкчылыктарына байланышкан принциптер бар жана ошол эле учурда шериктештиктерди же биримдиктерди түзүүнүн универсалдык принциптери да бар. Мына ушул принциптердин бири-бирине дал келүүсү өз ара мамилелерде ийкемдүүлүктү жаратат.

Заманбап эл аралык укук системасы аракеттерди бириктирүүгө, ошондой эле аймактык жана глобалдык масштабда биримдиктерди түзүүгө эмес, шериктештик саясатын биргелешип ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет. Алардын институционалдык бириүүсү эл аралык укуктун субъектисине айланып, белгилүү бир аймактагы коопсуздук үчүн өзүнө жоопкерчиликти алат [265, 746-749-б; 309, 226-228-б]. Тынчтыктын жана туруктуулуктун кепилдиги катары калыптанган аймактык коопсуздук чөйрөлөрү өсүп, «тыгыздалган» сайын бул аймактарга деструктивдүү субъекттердин кирүүсү жана провокациялык иштерди жасоосу мүмкүн эмес болуп калат. Батыш цивилизациясына кирген өлкөлөрдө БУУ, НАТО жана ЕБ тарабынан «коопсуздук чөйрөсүнүн» түзүлүүсү буга ачык мисал боло алат.

Улуттук жана универсалдык кызыкчылыктардын, ошондой эле баалуулуктардын жана эки тараптуу милдеттердин негизинде калыптанган мамлекеттер бирикмеси өзүнө глобалдык башкаруунун айрым функцияларын алган мамлекеттер аралык жана эл аралык институттун статусуна ээ болот. Шериктеш мамлекеттердин биригүүсү эл аралык укук эрежелери боюнча уюштурулгандыктан алар да «глобалдык мыйзамдуу системанын» бир бөлүгүнө айланышып, анын укуктук интеграция тууралуу концепциясында өздөрүнүн орундарын ээлешет жана мамлекеттердин өз ара кызматташтыгы боюнча эл аралык укуктук принциптерди чыныгы мазмун менен камсыздашат [214, 312-б]. Мындай бирикмелердин, эл аралык уюмдардын (мисалы БУУ), ошондой эле башка мамлекеттер аралык уюмдардын ортосунда дайыма байланыш болуп турат. Ушундай процесстер «глобалдык мыйзамдуу системанын» жана анын өзөгү болуп саналган эл аралык укук системасынын өнүгүүсүнө алып келет. Мындай система «адамзаттын универсалдуу коомун» түзүү максатын көздөйт.

Ошентип Түрк Мамлекеттер Бирлигин эл аралык саясат концепциясынын жана биримдиктерди түзүү боюнча эл аралык укуктун төмөнкү башкы принциптеринин негизинде түзүүгө болот:

1. Түрк мамлекеттеринин ортосунда интеграция зарылдыгы; мындай зарылдык тарыхый-саясий факторлор менен шартталган;

2. Түрк Мамлекеттер Бирлиги аны негиздөөчүлөрдүн көз карандысыз саясий эрки болуп саналат;

3. Түрк Мамлекеттер Бирлигине мүчө болуп кирген түрк мамлекеттери бир-биринин эгемендүүлүккө жана тең укуктуулукка байланышкан укуктарын сыйлашат;

4. Тийиштүү аймактык жана глобалдык жоопкерчиликтер мамлекеттердин ортосунда бирдей бөлүштүрүлөт;

5. Бирликке мүчө болуп кирген түрк мамлекеттердин ортосундагы кызматташтыкты, ошондой эле түрк мамлекеттер менен башка мамлекеттердин ортосундагы кызматташтыкты да өнүктүрүү;

6. Эгемендүүлүккө байланышкан улуттук кызыкчылыктарды мамлекеттер аралык мамилелердин универсалдуу принциптерине дал келтирүү;

7. Аймактык жана глобалдык коопсуздук маселеси, ошондой эле шериктештик жана тынчтыкты сактоо саясатын ишке ашыруу маселеси артыкчылыкка ээ болот;

8. Түрк Мамлекеттер Бирлиги өзүнө глобалдык башкаруунун айрым функцияларын алган эл аралык уюм деген статуска ээ болот;

9. Түрк Мамлекеттер Бирлиги башка мамлекеттер аралык жана эл аралык уюмдар менен, айрыкча БУУ менен жогорку деңгээлде мамилелерди түзөт;

10. Түрк Мамлекеттер Бирлиги түзүлүп жаткан учурда глобалдык саясий жана укуктук системаны жакшыртуучу инновациялар пайдаланылат, ошондой эле Дүйнөлүк Коомчулуктун өнүгүүсүнө салым кошкон идеялар ишке ашырылат.

Түрк Мамлекеттер Бирлиги эл аралык саясаттын жана эл аралык укуктун субъекти катары түзүлгөндөн кийин Евразиядагы мамлекеттер аралык мамилелердин өнүгүүсүндө, ошондой эле бүткүл дүйнөдө жаңы мезгил башталары шексиз. Бүгүнкү күндө түрк дүйнөсүнүн коомдук-саясий жашоосунда болуп жаткан окуялардын алкагында биригүү кыймылы күчтүү экендиги көрүнүп турат. Түрк мамлекеттеринин лидерлери коомдун эркин чагылдырып, Биримдик Идеясын концептуалдаштырган процесстерди башкарып жатышат жана аны саясий контекстте карап жатышат. Жогоруда Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүүнүн негизги принциптери катары көргөзүлгөн пункттар түрк дүйнөсүнүн саясий жана маданий ишмерлеринин ишмердүүлүгүндө жана билдирүүлөрүндө толук чагылдырылат.

Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиев түрк дүйнөсүнө байланышкан маселелерге арналган өзүнүн сөздөрүндө Азербайжандын биримдик тууралуу көз карашын заманбап эл аралык саясаттын алкагында билдирген: «Биздин Европа жана чоң мамлекеттер менен болгон мамилелерибизге байланыштуу көз караштарыбыз дал келет жана бул нерсе ***биздин биригүүбүз,*** ошондой эле бирдиктүү ишмердүүлүгүбүз үчүн абдан маанилүү **(Ж.Ф.)**»

[30,13-б]. Түркиянын премьер-министри Режеп Тайип Эрдоган да түрк дүйнөсүнүн биримдигин түзүү жана аны көз карандысыз түрк мамлекеттеринин жана түрк элдеринин саясий эрки катары эл аралык саясаттын субъектине айландыруу боюнча өз пикирин билдирген: «*Бүткүл дүйнөдөгү түрк тилдүү элдердин кызыкчылыктарын коргоо максатында* боордош элдердин бири-бирине колдоо көргөзүүсү – бул табигый көрүнүш жана мындан өткөн табигый нерсе жок. Биз мындай биримдикти системалуу же туруктуу нерсеге айландырууну каалайбыз, ошондой эле конкреттүүрөөк жана таасирдүүрөөк натыйжаларга жетүү боюнча бардык аракеттерди колдойбуз... Биригүү жолунда биздин баарыбызга маанилүү тапшырмалар жүктөлөт. Бул процесске саясатчылар, окумуштуулар, маданият ишмерлери, ММКнын өкүлдөрү, инвесторлор жана ишкерлер, кыскасы баарыбыз катышуубуз абзел. Тилектеш бололу, жана кол кармашып, катар туруп *бүткүл түрк дүйнөсүн жарык келечекке алып баралы*» [Ж.Ф.) [31, 17-б]. Жалпы түрк маданиятынын көрүнүктүү ишмерлеринин бири, Казакстандын ЮНЕСКОдогу элчиси, ошондой эле жазуучу Олжас Сулейменов биригүүнүн Евразиялык модели артыкчылыкка ээ экендигин, ошондой эле анын геосаясий абалы да ыңгайлуу экендигин көргөзүүгө убакыт келгендигин жана түрк мамлекеттери бири-бири менен жуурулушуп, интеграцияланышы зарыл экендигин жана мындай зарылдык белгилүү бир тарыхый-саясий факторлор менен шартталгандыгын айткан: «Дүйнөдө кырктан ашуун түрк тилдүү элдер бар. Алар жашаган аймактар абдан кенен географияны түзөт. Тарых бизди Монголиядан Жер ортолук деңизге чейин жайылткан. Алмашып турган доорлор биздин элдерибиздин мейкиндиктерин бири-биринен бөлүп салган. Бирок биз буга карабастан өзүбүздүн негизги максаттарыбызды бирдей түшүнөбүз. Жалпы кыйынчылыктарды бирдей сезип, жалпы ийгиликтерге бирдей кубанабыз. Ошондуктан бардык түрк тилдүү элдер килейген бир суперэтностун жана улуу түрк дүйнөсүнүн диаспорасы сыяктуу сезилет» [32, 23-б].

Түрк өлкөлөрүнүн ортосунда көп тараптуу кызматташтыкты өнүктүрүү, алардын коопсуздугуна байланышкан маселелерди биргелешип чечүү, аймактык жана глобалдык жоопкерчиликтерди бирдей бөлүштүрүү, ошондой эле тынчтык абалын сактоо жана шериктештик деңгээлиндеги өз ара мамилелерди жүргүзүү зарылдыгы түрк дүйнөсүн биригүүгө, ошондой эле өзүнүн маңызын *бирдиктүү саясий система* катары пайдаланууга алып барат. Түрк дүйнөсүнүн биримдигин бекемдөө боюнча ушул убакытка чейин аткарылып келген иш-чаралар Түрк Мамлекеттер Бирлиги идеясын этаптарга бөлүп өнүктүрүүгө жардам берди. Бул иш-аракеттерди аткаруу учурунда түрк өлкөлөрүнүн ортосунда бардык чөйрөлөрдөгү өз ара

байланыштарды тереңдетүү, интеграция процессин күчөтүү, коопсуздукту жана туруктуулукту орнотуу, түрк мамлекеттеринин эл аралык аренадагы абалын бекемдөө, ошондой эле жалпы максатты көздөгөн иш-аракеттерди координациялоо боюнча пайдалуу идеялар айтылган.

Президент Ильхам Алиев ушул маселеге арналган сөздөрүндө жана билдирүүлөрүндө түрк дүйнөсүн эл аралык коомчулук менен байланыштырган көптөгөн маанилүү маселелерди түшүндүргөнүн өзгөчө белгилөө зарыл. Мамлекетибиздин башчысы бүгүнкү күндөгү дүйнөлүк экономика Евразиядагы түрк мамлекеттеринин бай энергоресурстарына абдан муктаж экендигин көргөзүп жатат. Бүгүн Азербайжан мамлекети Европанын энергетикалык коопсуздугун камсыздоо иштерине жигердүү катышып жатат. Бул процесске Казакстан да тартылган. Түркмөнстанды да бул процесске тартуу маселеси күн тартибинде турат. Ушул үч өлкөнүн мунайзат запастары бар. Алардын бириккен «энергиясы» өзүнүн глобалдык базардагы көлөмүн көбөйтүп, көптөгөн процесстерге таасир тийгизиши мүмкүн [79, 401-б]. Президент Ильхам Алиевдин пикиринде, түрк мамлекеттеринин экономикалык мүмкүнчүлүктөрүнүн минтип биригүүсү саясий мүмкүнчүлүктөрдү бириктирүүгө жардам берет. Түрк дүйнөсүнүн демилгеси менен ишке ашырылуучу долбоорлор бул мамлекеттерди бир-бирине ого бетер жакындатып, алардын эл аралык аренада бирдиктүү күч борбору катары бекемделишине түрткү берет.

«Түрк дүйнөсүнүн биримдиги - тарыхый зарылчылык» деген ой дүйнө азербайжандарынын жана башка түрк тилдүү элдердин биринчи Форумунда кабыл алынган «Баку декларациясында» негизги идея катары бекитилген. Бул документте Азербайжандын, Түркиянын жана *бүткүл түрк дүйнөсүнүн улуттук кызыкчылыктарын коргоого*, чет өлкөлөрдө жашаган азербайжандардын жана түрктөрдүн коомдук-саясий жигердүүлүгүн жогорулатууга, ошондой эле алардын уюшуу иштерине колдоо көргөзүүгө байланышкан маселелер чагылдырылган [80, 265-б]. Мунун баары түрк дүйнөсүнүн биримдиги келечектүү экендигин көргөзөт. Түрк өлкөлөрүнүн ортосундагы эки тараптуу кызматташуу ушунчалык жогорку деңгээлде болгондуктан алар азыркы учурда өздөрүнүн талаш маселелерин да сырткы күчтөрдүн жана кызыкчылыктардын кийгилишүүсүз чече алышат. Мисалы, Каспийдеги «Кяпаз» деп аталган кен байлык чыккан жер боюнча Азербайжан менен Түркмөнстандын ортосундагы пикир келишпестикти азыркы учурда ушул эки өлкөнүн жана Түркиянын элдештирүүчү миссияларынын жардамы менен чечүүгө аракет кылып жатышат. Жалпысынан алып караганда, түрк мамлекеттери жайгашкан аймактардын *бирдиктүү энергети-*

*калык саясатка байланышкан платформасын же программасын* түзүү боюнча аракеттерди бекемдөө зарыл. Мындай процесс түрк мамлекеттеринин экономикалык интеграциясына байланышкан маанилүү кадамдардын бири болуп калышы керек.

Түрк мамлекеттерин жана алар ээлеген аймактарды Түрк Мамлекеттер Бирлигине айландыруу идеясы ырааттуу жана максаттуу иш-аракеттер аркылуу ишке ашырылууга жакындап калды. Эл аралык саясаттын авангарды жана эл аралык укук системасынын субъекти катары калыптануунун баштапкы этабында турган Түрк Мамлекеттер Бирлиги евразиялык геосаясатты прогрессивдүү багытта өзгөртүүчү процесстерди жетектейт.

# V - БӨЛҮМ

# КЫЙРАГЫС НЕГИЗ

## 17. ТҮРКИЯ ЖАНА АЗЕРБАЙЖАН: БҮТКҮЛ ТҮРК ДҮЙНӨСҮН ӨЗҮНӨ ТАРТУУЧУ БОРБОР

ХХ – кылымдын башындагы жана аягындагы бири-биринен айырмаланган жана ошол эле учурда жалпы белгилерди камтыган тарыхый мезгилдерде көз карандысыз Түркиянын негиздөөчүсү Мустафа Кемаль Ататүрк жана көз карандысыз Азербайжандын негиздөөчүсү Гейдар Алиев түрк дүйнөсүн бириктирүүчү процесстерди туура нукка багыттоо зарыл экенин алдын ала билишип, улуу идеяны ишке ашыруунун негизги стратегиясын жаратышкан. Алдын ала билүү – алардын өзгөчө жөндөмдүүлүгү болгон. Бүгүнкү күндө Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиевдин, Түркия Республикасынын жана башка түрк тилдүү мамлекет башчыларынын аракеттеринин натыйжасында жогоруда айтылган стратегияны дүйнөлүк абалга ылайыкташтырып ишке ашыруу мүмкүн болууда. Азербайжандын жана бүткүл түрк дүйнөсүнүн лидери - Гейдар Алиевтин өтө чоң ишмердүүлүгүнүн натыйжасында улуу идеяны жаңы мезгилде ишке ашыруу үчүн негиз же базис түзүлгөн. Бүгүнкү күндө Азербайжан Республикасынын Президенти, ошондой эле түрк дүйнөсүнүн жаңы лидери Ильхам Алиев ушул базиске таянып, ушул багыттагы иш-аракеттердин жана өнүгүүнүн келечеги үчүн ийгиликтүү перспективаларды ачууда. Эми Түркия менен Азербайжандын ортосундагы бир туугандык мамилелер ***бүткүл түрк дүйнөсүн өнүктүрүүчү мамилелерди өзүнө тартуучу борбор*** болуп саналат деп айта алабыз.

Мустафа Кемаль Ататүрк түрк дүйнөсү өзүн өзү таанып, өз баалуулуктарын жана маанилүүлүгүн түшүнүп, аларды модернизация процесстерине ылайык бекемдөөсү зарыл экендигин жогорку саясий кыраакылык менен алдын ала айтып койгон. Ал бул тууралуу минтип айткан: «Эй түрк калкы! Сен баатырдыктын жана согушчандыктын гана эмес, адамгерчиликтин жана адеп-ахлактуулуктун да бир бөлүгүсүң. Сен жараткан цивилизация менен сыймыктангандар тарыхта толтура. Сенин жашооңду токтотууга аракет кылган саясий жана коомдук факторлор сенин жолуңду татаалдаштырып, сага ар кандай тоскоолдуктарды жаратканы менен сенин он миң жылдык оюң жана маданиятың - таза жана чексиз, алар рухтун мурасы менен жашап келүүдө.

Миң жылдык окуяларды камтыган тарых сага цивилизациянын баскычындагы татыктуу орунду көргөзүп жатат. Сен ошол орунду

ээлеп, өсүп-өнүккүн. Бул сен үчүн жалгыз чындык жана сенин милдетиң» [134, 74-б]. Ататүрктүн идеясы боюнча түрктөр өздөрүнүн улуу цивилизациялык тарыхындагы баалуулуктарын, жаратуучулук аракеттери менен коштолгон азыркы мезгилин, ошондой эле ошол улуу тарыхка жана азыркы мезгилге негизделген улуу келечегин жана өздөрүнүн дүйнөсүнүн маңызын өздөрүнүн улуулугу менен далилдей алышат. Ал бул жөнүндө минтип айткан: «Түрк элдери улуттук идеалга умтулган улуу элдер экендигин жана алар ажырагыс бүтүн дүйнө экендигин бүткүл цивилизациялуу дүйнө кыска убакыттын ичинде билет. Түркизмдин унутта калган улуу цивилизациялык маңызы жана улуу цивилизацияны жаратуу жөндөмдүүлүгү келечекте жогорку цивилизация мейкиндигинде жаңы күндөй болуп жаркырайт» [97, т.II, 272-б].

Түрк мамлекеттери үчүнчү миң жылдыкка кирип жатып, бирдиктүү саясий жана маданий стратегияга таянып иш-аракет кылуу зарыл экенин жана ушул багыттагы иш-аракеттерди чечкиндүү түрдө улантуу зарыл экенин түшүнүп жатышат. Жогоруда айтылып өткөндөй, өткөн миң жылдыктын акыркы кылымынын башында эле ушундай зарылдык бар экенин түшүнүп, бул маселени эл аралык саясат чөйрөсүндө биринчи жолу көтөрүп чыккан адам – Мустафа Кемаль Ататүрк болгон. Ал өз убагында бул тууралуу минтип айткан: «Азыркы учурда биз Советтер Союзу менен достошуп, кызматташып жатабыз. Бирок Советтик Союз империя экендигин жана анын аймагында биздин кандаш, тилдеш жана маданиятташ боордошторубуз жашап жаткандыгын биз эч качан унутпайбыз. Бардык империялар сыяктуу эле бул империя да бир күнү кулайт. Ошондуктан биз келечекте өзүбүздүн боордош элдерибизге жардам берүүгө даяр болушубуз керек». Мустафа Кемаль Ататүрктүн ушул сөздөрү XX – кылымдын акыркы он жылдыгында чындыкка айланып, анын кыраакылыгын далилдеди.

Бүгүнкү күндө түрк дүйнөсүнүн биримдиги жөнүндө идея, ошондой эле бардык түрк мамлекеттери жалпы саясий жана маданий стратегияны колдонушу зарыл деген идея Азербайжанда гана эмес, Түркияда жана башка түрк тилдүү мамлекеттерде саясий бийлик жана коомдук-гуманитардык деңгээлде чоң мааниге ээ болууда. Түркия Республикасы жана Азербайжан Республикасы дүйнөлүк түркизмдин мекени болуп саналат жана алар улуу максат-идеологияны өтө оор мезгилдерде да сактап кала алышкан. Алар сактап калган улуу идеологиянын негизи жана маңызы абдан кубаттуу болгондуктан, ал өзүн өзү бекемдей ала турган кудуретке ээ. Мындан тышкары көз карандысыз мамлекеттүүлүк жагынан алып караганда да Түркия менен Азербайжанда башка түрк мамлекеттерине караганда тажрыйба көбүрөөк. Түрк дүйнөсүн бирик-

тирүү саясаты Азербайжанда жана Түркияда заманбап дүйнөлүк шарттарга ылайыкташтырылып, ошондой эле ырааттуу жана системалуу түрдө жүргүзүлүп жатат. Бүгүнкү күндө Азербайжандын жана Түркиянын ушул өтө маанилүү маселе тууралуу көз караштары бир-бирине дал келет. Ушул эки мамлекеттин ырааттуу аракеттеринин жана жалпы стратегияны колдонуусунун натыйжасында көптөгөн экономикалык, саясий жана маданий долбоорлорду ишке ашыруу мүмкүн болду. Жалпысынан алып караганда, бүткүл түрк дүйнөсүнүн биримдиги, өзүн бирдиктүү геосаясий платформа катары кабыл алуусу жана аймакта болуп жаткан процесстерге биргелешип таасир тийгизүү мүмкүнчүлүгү ***негизинен Түркия-Азербайжан мамилелеринин деңгээлине жана ушул деңгээлдин натыйжалуулугунун туруктуу түрдө жогорулашына байланыштуу***. Эгер Түркияны жана Азербайжанды башка боордош түрк республикалары да колдосо, дүйнөлүк түрк мамлекеттер биримдиги дүйнөгө өзүнүн кыйрагыс абалын негиздүү түрдө көргөзө алат. Профессор Мустафа Эркал айткандай, «түрк дүйнөсүнүн жалпы маданий мурасы» анын жаңы заманбап биримдигин камсыз кыла турган негизги фактор болуп саналат жана ал күчтүүрөөк нерсеге негизделет [105, 18-26-б].

Түрк дүйнөсүнүн биригүү процессинде Азербайжан бүткүл түрк дүйнөсүнүн саясий конвергенциясы же тиреги боло алат. Евразиядагы түрк элдеринин геоцивилизациялык мамилелери жана суперэтнос катары тарыхый өнүгүүсү жагынан алып караганда, биздин өлкө глобалдык жактан абдан маанилүү болуп эсептелген ушундай жогорку статуска ээ боло алат, анткени биздин өлкөдө буга байланыштуу бардык зарыл жана маанилүү шарттар түзүлгөн. Түрк тилдүү мамлекеттердин арасынан эң чоң мамлекет – Түркия болуп саналат. Бул мамлекет Азия менен Европаны байланыштырып турат. Ал эми Азербайжан мамлекети Түркияны Орто Азиядагы түрк тилдүү мамлекеттер менен байланыштыруучу аймак болуп саналат. Мындан тышкары Азербайжан республикасы геосаясий, экономикалык жана геоцивилизациялык жактан караганда, Каспий-Кавказ аймагынын бүтүндүгүн камсыздайт жана жалпы түрк биримдиги идеясынын идеологторунун мекени болуп саналат. Жалпы улуттук лидерибиз Гейдар Алиев XX – кылымдын башында эле негизделген улуу идеяны өлкөбүз көз карандысыздыкка ээ болгон мезгилде чындыкка айландырып, өмүрүнүн акыркы күндөрүнө чейин ушул идеяны натыйжалуу стратегия катары алдыга жылдыруу үчүн жол ачып келген. Бул тууралу ал минтип айткан: «Түрк тилдүү Мамлекеттердин Шериктештигин түзүү түрк дүйнөсүндө жана ар бир түрк тилдүү элдин жашоосунда маанилүү тарыхый окуя болуп калды» [33, т.26, 178-б]. Бул тарыхый окуя түрк элдеринин коомдук-сая-

сий жашоосунда маанилүү орунга ээ болорун улуу лидер алдын ала билип түшүнгөн.

Түрк элдеринин сыймыгы болуп саналган Гейдар Алиев Түрк Элдеринин Достугу, Бир туугандыгы жана Кызматташтыгына арналган Съездде төмөнкүдөй билдирүү жасаган: «Өнүгүүнүн жаңы мезгилинен өтүп жаткан заманбап түрк дүйнөсү жалпы адамзат цивилизациясына өнүгүүнүн жаңы жана кайталангыс үлгүлөрүн тартуулай алат. Азыркы мезгилде көз карандысыздыкка ээ болгон көптөгөн түрк тилдүү республикаларынын биримдиги бүткүл түрк дүйнөсүнүн келечеги жарык болоруна үмүт жана ишеним берет. Экономикалык, саясий жана маданий жашоонун бекем байланыштары аркылуу бириге баштаган түрк элдери жаңы дүйнөнүн маанилүү факторлоруна айланууда» [34, г.25, 427-428-б]. Гейдар Алиевдин бул сөздөрү саясий ой жүгүртүүнүн жарык үлгүсү болуп саналат. Анын бул сөзүндө түрк дүйнөсүнүн заманбап дүйнөлүк өнүгүүдөгү орду, эл аралык аренадагы өнүгүүсү, бирдиктүү универсалдык стратегияны колдонуусу, ошондой эле ар бир түрк мамлекетинин дүйнөлүк жана жалпы түрк дүйнөсүнүн масштабында бири-бири менен макулдашылган саясат жүргүзүүсү тууралуу концепция чагылдырылат.

Ушул концепциянын шарттары жана принциптери сакталып, бардык саясий жолдор туура аныкталган жана баарынын макулдугун тапкан максаттарга багытталганда гана түрк дүйнөсү өз эркин билдире ала турган, саясий тең салмактуулукту таба ала турган, ошондой эле жалпы адамзаттык максаттарга жана түрк дүйнөсүнө кирген өлкөлөрдүн көз карандысыздыгын сактоого жана бекемдөөгө түрткү берүүчү улуттук саясатка кызмат кыла ала турган таасирдүү глобалдык күчкө кайрадан айлана алат. Түрк дүйнөсү абдан чоң, кубаттуу жана тандалган цивилизациялык мейкиндикке, ошондой эле прогрессивдүү саясий системага ээ. Эгер ал катуу бириксе, келечекте дүйнөнүн, айрыкча Евразиянын глобалдык өнүгүүсүндөгү алдыңкы күчкө айланышы ыктымал.

Жогоруда айтылгандай, түрк дүйнөсүнүн биримдиги Түркия-Азербайжан мамилелерине көбүрөөк байланыштуу. Ошондуктан Азербайжандын жалпы улуттук лидери Гейдар Алиев тарабынан аныкталган тышкы саясаттын стратегиясында Түркия менен Азербайжандын ортосундагы мамилелерди туруктуу түрдө өнүктүрүү маселеси, ошондой эле белгиленген стратегиянын негизинде башка өлкөлөр менен мамилелерди куруу маселеси дайыма приоритеттүү болуп келген жана мындан кийин да дайыма приоритеттүү болот. Гейдар Алиев 2002 – жылы Түркия Республикасынын Президенти Ахмет Нежет мырзага жөнөткөн өзүнүн куттуктоо катында Азербайжан Республикасы менен Түркиянын ортосундагы мамилелер-

дин түзүлгөнүнө 10 жыл болгондугуна байланыштуу минтип айткан: «Байыркы, тарыхый жана жалпы тамырлар байланыштырган өлкөлөрүбүздүн жана элдерибиздин ортосундагы достук жана кызматташтык мамилелер акыркы он жыл ичинде өнүгүп, бекемделип келди. Өлкөлөрүбүздүн ортосундагы стратегиялык кызматташтык жана шериктештик мындан ары да кеңейип, элдерибиздин жыргалчылыгы үчүн кызмат кыларына ишенем» [18, 11-б].

Гейдар Алиев Түркия элчиси Ахмед Унал Чевикоздун мамлекеттик документтерин кабыл алып жатып төмөнкү сөздөрдү баса белгилеп айткан: «Биз эки мамлекетке ээ болгон бир эл экенибизди Түркияда да, Азербайжанда да айтып келебиз. Бул - накта чындык. Түркия мамлекети Азербайжан үчүн эң жакын мамлекет болуп саналат жана биздин элдерибиздин ортосундагы байланыштардын, мен белгилеп өткөндөй, абдан чоң тарыхы бар. Акыркы он жыл ичинде бул байланыштар тез өнүгүп жатат. Азербайжандын көз карандысыз өлкө катары башка мамлекеттер менен байланыштары да өнүгүп жатат. Бирок анын Түркия менен байланыштары көбүрөөк өнүккөн. Биздин ортобуздагы саясий, экономикалык, илимий жана гуманитардык байланыштар туруктуу түрдө кеңейип, өнүгүп жатат. Мындай нерсе эки мамлекеттин жана элдин ак ниеттүү каалоолоруна байланыштуу... Улуу Ататүрктүн салттары Түркия мамлекетинде, анын элинде, улутунда жана коомунда жашап келе жатат. Бул нерсе Түркиянын бүгүнкүсү жана келечеги үчүн маанилүү шарт деп эсептейм... ***Түркия үчүн Азербайжандан жакын өлкө жок»*** [18, 14-15-б]. Азербайжан менен Түркиянын ортосундагы мамилелерде Гейдар Алиев тарабынан аныкталган стратегия чоң мааниге ээ экендиги жана ал стратегия бүтүн жана маанилүү нерсеге негизделгендиги көрүнүп турат.

Жалпы улуттук лидер Гейдар Алиев түрк элдеринин биримдигин бекемдөөдө жана өнүктүрүүдө Түркиянын орду абдан чоң экендигин дайыма жогору баалап, Түркия Республикасынын негиздөөчүсү Мустафа Кемаль Ататүрктүн тарыхый ишмердүүлүгүнө көп жолу жогорку баа берип, аны «жыйырманчы кылымдын улуу акылдарынын бири» деп атаган. Бул тууралуу ал минтип айткан: «Боордош азербайжан эли Ататүркке, анын идеалдарына жана баалуу мурасына чоң урмат-сый менен мамиле кылат. ***Ататүрктүн жогорку чыгармачылык жөндөмдүүлүгү жана акылмандыгы биз үчүн шыктануунун булагы болуп саналат»*** [35, т.22, 441-б]. Эгер Гейдар Алиевдин Түркия жана Ататүрк жөнүндө көз караштарын, ойлорун жана сөздөрүн жакшылап карай турган болсок, улуу лидер өз убагында болуп жаткан окуяларды жана процесстерди мыкты стратег-аналитик катары туура баалап, эки өлкө үчүн тең пайда алып келе турган натыйжаларга келип, иш-аракеттердин эң

ылайыктуу варианттарын тандай алган. Дал ушундай туура стратегия пайдаланылганда гана бул эки өлкөнүн гана эмес, жалпы түрк мамлекеттеринин мамилелери кыйрагыс жана бузулгус пайдубалга негизделет.

1999-жылы 1-ноябрда Азербайжан Республикасынын Президенти Гейдар Алиевге Эл аралык тынчтык премиясы тапшырылган. Бул нерсе бүткүл түрк дүйнөсү, айрыкча Түркия-Азербайжан мамилелери үчүн маанилүү окуя болгон. Бул нерсени жалпы улуттук лидер Гейдар Алиев өзү минтип баалаган: «Мага улуу Ататүрктүн ысымын алып жүргөн Эл аралык тынчтык премиясы тапшырылды. Мен муну менен сыймыктанам. Ататүрк жана ал негиздеген Түркия Республикасы мен үчүн үлгү болуп саналат» [35, т.22, 441-б]. Гейдар Алиевге улуу Ататүрк атындагы Эл аралык тынчтык премиясынын тапшырылышы Түркия менен Азербайжандын ортосундагы эки тараптуу кызматташтыктын тереңдешине түрткү берип, пландаштырылган айрым идеялардын жана долбоорлордун ишке ашуусун тездеткен.

Гейдар Алиев Азербайжан-Түркия мамилелерин өнүктүрүүдө жаңы перспективаларды ачкан өзүнүн саясаты аркылуу түрк дүйнөсүнүн жалпы өнүгүү стратегиясын түзгөн. Анын бул стратегиясы бардык түрк мамлекеттери, айрыкча заманбап Түркия үчүн өтө чоң мааниге ээ. Түркиядагы саясий палитра жана саясий багыттар өзгөргөн учурда да бул улуу түрк мамлекети Ататүрк негиздеген жолдон тайбайт деп бекем ишенебиз. Түркияда Ататүрк тарабынан, ал эми Азербайжанда Гейдар Алиев тарабынан түзүлгөн улуттук идеологиялардын прогрессивдүү максаты түрк мамлекеттерин жана жалпы түрк дүйнөсүн бириктирүү идеясын өнүктүрүүгө жол ачып жатат. Ататүрк жана Гейдар Алиев Түркия менен Азербайжанды бириктирген көпүрөнүн кыйрагыс тирөөчтөрү болуп саналат. Бул жагынан алып караганда, «бир улут, эки мамлекет» деген идеянын ишке ашуусуна карата ишеним чечкиндүүрөөк болуп жатат. Азербайжан-Түркия мамилелеринин жаңы мезгили дал ушундай базиске негизделет. Жаңы муун болуп саналган дүйнө өлкөлөрү, ошонун катарында акыркы жыйырма жыл ичинде көз карандысыз болгон түрк өлкөлөрү менен байланыш түзүүдө жаңы моделдер зарыл болууда. Гейдар Алиев көз карандысыз улуттук Азербайжан мамлекетин жана маданиятын түзүп жаткан кезде Мустафа Кемаль Ататүрктүн саясий тажрыйбасын пайдаланган жана мындай тажрыйба өзүн актаган. Бул нерсе эки улуу Түрк лидерлери тарабынан түзүлгөн саясий системалар жана идеологиялар, тактап айтканда түркизм жана азербайжанизм идеялары бирдиктүү жана чексиз негизге, башкача айтканда, улуу жалпы түрк мамлекеттүүлүк маданиятына негиздерин далилдейт.

Гейдар Алиевдин ушул максаттуу саясаты бүгүнкү күндө Азербайжанда жана бүткүл түрк дүйнөсүндө Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиев тарабынан жалпы түрк биримдигине умтулган мамлекеттердин саясий жана маданий ишмерлери менен биргеликте жигердүү түрдө улантылып жатат.

Президенттин Азербайжанды башкара баштаган алгачкы жылдагы айрым ийгиликтүү кадамдары, анын Казакстанга, Өзбекстанга жана Түркияга барышы, ошондой эле Гейдар Алиевдин саясий багытына дал келген жана ал багыттын келечегине карата ишенимди бекемдеген чечимдерди кабыл алышы жогоруда айтылган мамлекеттер жана башка түрк мамлекеттер менен кызматташуунун жаңы мезгили башталгандыгын далилдейт. Мамлекет башчысы Ильхам Алиев Азербайжан менен Түркиянын ортосундагы мамилелерди өнүктүрүүнүн негизги стратегиялык багыттары, ошондой эле түрк мамлекеттеринин ортосундагы өз ара байланыштардын системасы тууралуу өзүнүн сөздөрүндө Мустафа Кемаль Ататүрктүн тарыхый эмгектерине баа берип, түрк мамлекеттеринин улуттук стратегиялары бир-бирине кандай идеологиялык параметрлерде дал келерин белгилеген. Ал минтип айткан: «Мустафа Кемаль Ататүрк көрүнүктүү дүйнөлүк ишмерлердин бири болуп саналат. Ал улуу мамлекеттик жана саясий ишмер. Анын Түркияга жана бүткүл түрк дүйнөсүнө жасаган эмгеги абдан чоң. Түркия Республикасын түзүү – анын эң чоң эмгеги болуп саналат. Заманбап Түркия Мустафа Кемаль Ататүрктүн чыгармасы болуп саналат. Дал ушул сыяктуу эле Азербайжан да Гейдар Алиевдин чыгармасы болуп саналат. Бүгүнкү күндө Түркия дүйнөдө саясий жактан салмактуу өлкө болуп саналат. Түркия Республикасы дүйнөлүк коомчулукта маанилүү орунду ээлейт. Азербайжан Республикасы көз карандысыздыкка ээ болгондон кийин аны дал ушул Түркия мамлекети биринчи тааныгандыгы да кокустук эмес. Түркия менен Азербайжандын ортосундагы байланыштар жана мамилелер күндөн-күнгө күчөп, бекемделип жатат. Мындай мамилелерди өнүктүрүүдө Гейдар Алиевдин эмгеги зор. Дал ушул Гейдар Алиевдин ишмердүүлүгүнүн натыйжасында Түркия-Азербайжан мамилелери акыркы он жыл ичинде бекемделип, күчөгөн жана алар бүгүнкү күндө мамлекеттер аралык мамилелер үчүн үлгү боло алат. Биз ушул саясатты бек карманып келе жатабыз. Биз, Азербайжандын жаңы жетекчилиги, бардык маселелерде Гейдар Алиевдин жолу менен бара жатабыз. Ошонун ичинде Түркия-Азербайжан мамилелерин өнүктүрүү жагынан алып караганда да биз Гейдар Алиев калтырып кеткен саясатты бек тутуп келе жатабыз» [36, т.3, 295-297-б].

Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиев «XXI – кылымдагы Түркия-Азербайжан байланыштары» деп аталган фо-

румдун, Америкадагы Түрк Элдери Ассоциациясынын Ассамблеясынын XXIV съездинин катышуучуларына жолдогон каттарында жана башка иш-чараларда сүйлөгөн сөздөрүндө Ататүрктүн улуу саясий кыраакылыгына жогорку баа берип, түрк дүйнөсү планетанын глобалдык өнүгүү чөйрөсүндө өзгөчө орунга ээ болушу керек экенин жана ал үчүн кандай шарттар зарыл экендигин белгилеп, жалпы баалуулуктарды, үлгүлүү маданиятты жана жигердүү саясий стратегияны айтып өткөн. Түрк дүйнөсүнүн биримдиги тууралуу идеяны ишке ашырып, аны бирдиктүү жана чыныгы күчкө айландырыш үчүн Түркия-Азербайжан мамилелерин бардык чөйрөлөрдө өнүктүрүү зарыл. Бул тууралуу ал минтип айткан: «Мустафа Кемаль Ататүрк бир гана Түркия жөнүндө эмес, бүткүл түрк дүйнөсү жөнүндө да ойлогон. Ошонун ичинде Азербайжанда болуп жаткан окуялар да аны дайыма тынчсыздандырган. Анын боордош-азербайжандарга карата сүйүүсү жана урмат-сыйы баарыбызга белгилүү. Биздин өлкөлөрүбүздүн ортосунда бардык чөйрөдө - саясий, экономикалык, аскердик жана маданий чөйрөлөрдө ийгиликтүү байланыш жана кызматташтык бар. Ортобуздагы мындай мамилелер бизди абдан кубандырат. Бүгүнкү күндө Түркияда жана Азербайжанда дүйнөдөгү эң чоң долбоор - Баку-Тбилиси-Жейхан долбоору ишке ашырылып жатат. Бул долбоор бизди мурдагыдан да көбүрөөк бириктирип, аймактык кызматташуу үчүн сонун мүмкүнчүлүк түзөт жана аймакта боло турган процесстердин баарына чоң түрткү берет. ***Биздин күчүбүз – биримдикте!*** Азербайжан республикасы көз карандысыздыкка ээ болгон мезгилден баштап биз дайыма Түркиянын колдоосун сезип келгенбиз жана жалпы улуттук лидерибиз Гейдар Алиевдин «Биз эки мамлекети бар бир улутпуз» деп айткан сөздөрүн дайыма эстеп жүрөбүз. Түркия бар жерде Азербайжан да бар болушу керек. Азербайжан бар жерде Түркия да бар болушу керек. Мындан ары да ушундай болоруна мен ишенем» [36, т.3, 296-297-б]. Азербайжан жана Түркия акыркы он жыл ичинде жакшы эле күчтөнүп, алардын шериктештиги түрк тилдүү жана аймактык мамлекеттер үчүн жакшы үлгүгө айланды. Бул нерсе жогоруда айтылган ой-пикирлер жарык келечекке арналып, түрк дүйнөсүнүн биригүүсүнө идеялык стимул же түрткү бергендигин дагы бир ирет тастыктап турат.

Жогорку деңгээлдеги кызматташтык боюнча Азербайжан-Түркия кеңешинин алкагында аткарылып жаткан иш-чаралар тарыхый мааниге ээ жана эки боордош өлкөлөрдүн мамилелерин бара-бара тереңдетип жатат. Аталган кеңештин биринчи жыйыны Түркияда, ал эми экинчи жыйыны Азербайжанда (2012-жылы) өткөрүлгөн. Бул маселеге тийиштүү акыркы иш-чара жана андан кийинки жолугушуулар Азербайжандын байыркы тарыхый аймактарында – Габалада жана

Шекиде өткөрүлгөн. Бул жыйында Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиев эл аралык чөйрөнүн алкагындагы Азербайжан-Түркия мамилелерине жакшы баа берип, мындай мамилелер практикалык иш-аракеттердин натыйжасында бара-бара конструктивдүүрөөк болуп жаткандыгын белгилеген. Мындай натыйжалардын эң баалуусу – бул албетте TANAP долбоору (Трансанатолиялык газтүтүгү): «Бүгүнкү күндө Түркия-Азербайжан мамилелери эки тараптуу мамилелерди өнүктүрүү үчүн гана эмес, аймактагы тынчтыкты, туруктуулукту жана коопсуздукту сактоо үчүн да абдан маанилүү. Биздин дүйнөдөгү ордубуз күндөн-күнгө өсүп жатат, ал эми бири-бирибизге көргөзгөн колдообуз өлкөлөрүбүздүн эл аралык аренадагы маанилүүлүгүн жогорулатып жатат. TANAP долбоору дүйнөгө белгилүү болду. Ал дүйнөлүк энергетикалык саясатты кайрадан калыптандырууга жардам берүүчү маанилүү кадам болуп саналат. Бул долбоордун эл аралык деңгээлде өзүнө көңүл буруп жаткандыгы Түркия жана Азербайжан мамлекеттери мурдагыдай эле биргелешип өз убагында демилге көтөрүшүп, өздөрүнө бардык жоопкерчиликти жүктөшүп, ушул долбоорду ишке ашырууну башташкандыгын көргөзүп турат. Келишимдерге ылайык жакынкы беш жыл ичинде биз TANAP долбоорунун толук ишке ашырылышына жетишип, азербайжан газынын Түркия аркылуу Европага транспорттолушуна ишенем» [19, 10-11-б].

«Кылым келишими» сыяктуу алгачкы долбоорлор эл аралык инвесторлор тарабынан каржыланган болсо, азыркы учурда биздин өлкөбүз бардык жактан күчтөнүп, экономикалык кубаттуулук жагынан дүйнөдөгү 16-мамлекет болуп саналган боордош Түркия мамлекети менен биргеликте жогоруда айтылган абдан чоң долбоорду ишке ашыра баштады. *Аталган долбоор ушул эки түрк тилдүү мамлекеттердин тарыхындагы үчүнчү өлкөлөрдүн жана бөтөн инвесторлордун инвестициясыз ишке ашырылып жаткан алгачкы глобалдык маанидеги долбоор болуп саналат.* Чынын айтканда, дүйнөнүн энергетикалык базарлары үчүн саясий жана экономикалык кызыкчылыктар кагылышкан геосаясий аймакта ушундай чечкиндүү кадам жасоого болорун көпчүлүк күткөн эмес. Бирок, ушундай кадам жасалган жана эч ким буга тоскоолдук кыла алган эмес. Анткени, аймактын эки күчтүү түрк тилдүү мамлекети бирдиктүү максатка карата саясий эркти көргөзө алышты. Мындай нерсе алардын жеке кызыкчылыктарына, ошондой эле аймактын жана эл аралык коомчулуктун кызыкчылыктарына дал келген. Ушул геостратегиялык долбоордун ишке ашырылышы Түркия аркылуу европалык базарга Каспийдин азербайжандык бөлүгүндөгү газдын килейген запастарынын транспорттолушуна (бүгүнкү күндө бул жерде 2,6 трлн кубометр газ запастары табылган), алардын би-

ринчи колдон сатылышына жана алынган кирешенин Азербайжандын жана албетте Түркиянын өнүгүүсүнө багытталышына, ошондой эле мамлекетибиздин башчысы белгилегендей, дүйнөлүк энергетикалык коопсуздуктун камсыздалышына алып келет. Капиталдык салымы 7 млрд долларды түзүп, беш жылдын ичинде ишке ашырылышы пландаштырылып жаткан долбоордун алкагында газ түтүгүнүн өткөрүү мүмкүнчүлүгүн 16 дан баштап 50 млрд кубометрге чейин жеткирүү пландаштырылууда. Трансанатолиялык газ түтүгү (TANAP) аркылуу транспорттоло турган 6 млрд кубометр газдын 80 пайызы Азербайжанга таандык болот, 20 пайызы Түркияга (Түркиянын ички керектөөлөрүнө), ал эми 10 млрд кубометри – европалык базарда сатылат. Келечекте TANAP долбоору Болгария, Румыния жана Италия багытында кеңейтилип, NABUCCOго же Трансатлантикалык газтүтүгүнө (ТГТ) кошулушу мүмкүн. Жалпысынан алганда, Азербайжан-Түркия мамилелеринин ушул багытта өнүгүүсү *энергетикалык саясаттын түрк тилдүү мамлекеттердин колунда топтолушуна алып келет*. Ал эми мындай нерсе «Евразиянын жаңы геосаясий тартибин аныктоодо чечүүчү фактор» болуп саналат [203, 18-19-б].

Түркиянын премьер-министри Режеп Тайип Эрдоган жогорку деңгээлдеги кызматташтык боюнча Азербайжан-Түркия Кеңешинин жыйынында жасаган билдирүүсүндө эки мамлекет тең мындан ары да экономикалык жана саясий шериктештик мүнөздөгү долбоорлорду ишке ашырууга, ошондой эле *стратегиялык шериктештик саясатын* улантууга даяр жана толук чечкиндүү экендиктерине ишеним билдирген. Эки мамлекеттин бул маселедеги чечкиндүүлүгү жана ишеними бекем болгондуктан алар эл аралык аренада бекемделип, түрк мамлекеттеринин демилгелери өздөрүнүн айланасына эл аралык коомчулукту бириктирип жатат: «Чындыгында биздин өлкөлөрүбүздүн ортосундагы эки тараптуу мамилелердин мындай жогорку деңгээли жана *эл аралык аренадагы кызматташуусу* ***бардык эл аралык түзүмдөрдө чыныгы үлгү болуп санала турган деңгээлде турат*** (жантык тамга – Ж.Ф.). Өзүңөр билгендей, бүгүнкү күндө Азербайжан БУУнун Коопсуздук Кеңешине туруксуз мүчө катары катышат. Бул нерсе биз үчүн өтө маанилүү. Ушул түзүмгө туруксуз мүчө катары талапкер болуп саналган Түркия мамлекети 2015-2016-жылдарда, тактап айтканда Азербайжандын бул түзүмдөгү миссиясы аяктаган соң, Кеңештин иштерине катышат. Бул нерсе биздин ортобуздагы биримдикти күчөтүп, биздин мындан аркы өнүгүүбүздү камсыз кылышын каалайм» [20, 14-б].

Түркия менен Азербайжандын көз караштары бири-бирине ушунчалык жакын болгондугунун себеби, алардын негизинде жүз жылдык терең мамилелер жаткандыгына байланыштуу. Түркиянын

премьер-министри Режеп Тайип Эрдогандын бул тууралуу минтип айткан сөзү бар: ***«Биздин ойлорубуз жалпысынан алып караганда бири-биринен айырмаланбайт»*** (жантык тамга – Ж.Ф.) [20]. Биздин ойлорубуз бир экендигин эки мамлекет башчыларынын - Ильхам Алиевдин жана Режеп Тайип Эрдогандын Шеки аймагындагы байыркы азербайжан эстеликтерине барып, ал жердеги жергиликтүү калк менен сүйлөшкөндүктөрү тастыктайт. Мен да катышкан ошол унутулгус жолугушууларда биз түрк элдеринин жаңы замандагы саясий лидерлерин эл абдан сыйларына жана биздин жарандарыбыз Түркия менен Азербайжандын ортосундагы бир туугандык мамилелерге ушунчалык жогорку сезимдер менен мамиле кылышарына күбө болдук. Алардын мындай мамилеси кадимки азербайжан меймандостугунан да жогору турган бир туугандык мамилелердин белгиси болду. Ошол адамдардын көздөрүнөн күндөн-күнгө өсүп жаткан Түркия-Азербайжан мамилелеринин жарык келечегине карата чоң ишеним көрүнүп турган. Алардын ишеними эч качан ылдыйлабаган байрак сыяктуу эч качан өчпөйт!

## 18. БИРИМДИКТИН АНАТОМИЯСЫ: УЛУУ ТИЛЕКТЕШТИКТИН БОЛБОЙ КОЙБОСТУГУ

Түрк дүйнөсүнүн тилектештиги тууралуу идея бүгүнкү күндө көпчүлүктүн ишенимине ээ болуп, эл аралык саясаттын аймактык өнүгүүсүн жана мамлекеттер аралык мамилелерди глобалдык деңгээлге алып чыгуучу тенденция катары ийгиликтүү болууда. Үчүнчү миң жылдыктын башында эл аралык саясатка күч деген фактор кайрылып келип, ал татаал жагдайларда глобалдык планетардык туруктуулукту коргоо жана сактоо максатында дипломатиялык ыкмаларга теңдештирилген. Бул нерсе төмөнкү чындыкты көргөзгөн: түрк цивилизациясына таандык мамлекеттер эл аралык саясий аренага *өздөрүн бирдиктүү саясий система жана шериктештик,* ошондой эле глобалдык процесстерге багыт берүүчү күч борбору катары гана көргөзө алышат.

Адамзаттын беш ири биримдигинин бири болуп саналган жана он жарым миллион квадрат километрди түзгөн килейген Евразия континентинин бештен бир бөлүгүндө жашап жаткан 250-миллиондук түрк тилдүү элдердин улуу түрк идеясынын айланасына биригүүсү бүткүл түрк элдерине эбегейсиз күч-кубат берет. Түрк элдери жана мамлекеттери ушундай күч-кубатка жана бирдиктүү саясий платформага таянып, глобализациялык процесстерди башкара алышат жана глобализациянын таасири астында калбастан, тескерисинче глобализацияга таасир тийгизе алышат. Өздөрүнүн көз карандысыздыгын толук бойдон сактап, ошол эле учурда дүйнөлүк коомчулук менен ар тараптуу мамилелерди түзүп, башка өлкөлөрдө тыгыз жашаган боордош түрк тилдүү элдер менен бир туугандык мамилелерди улантып жана өнүктүрүп жаткан түрк мамлекеттеринин баары глобалдык геосаясий айла-амалдар жасалган мейкиндикте өздөрүнүн кубаттуулугун жана укуктарын гана көргөзбөстөн, тарыхый логикага да таянып иш-аракет кылышууда.

Беш түрк тилдүү республикалар, тактап айтканда Азербайжан, Казакстан, Өзбекстан, Кыргызстан жана Түркмөнстан көз карандысыздыкка ээ болуп, жаңы муундагы дүйнөлүк мамлекеттердин катарында татыктуу орунга ээ болушкандан кийин Түркия мамлекети менен бирге алдыга карай тийиштүү кадамдарды жасашкан. Алардын мындай биргелешкен аракеттери эл аралык аренада глобалдык кызматташуу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ача ала тур-

ган прогрессивдүү окуя болуп саналат. *Түрк тилдүү мамлекеттердин ортосунда бардык тарапка пайда алып келе турган биримдик болмоюнча алардын өздөрүнүн ортосундагы, ошондой эле бүткүл аймак ичиндеги мамлекеттердин жана эл аралык субъекттердин ортосундагы кызматташтыкты каалагандай деңгээлге алып чыгуу мүмкүн эмес* экендиги азыркы учурда эч кимге деле сыр болбой калды. Түрк мамлекеттери ушундай принципиалдуу көз караштыэл аралык саясаттын чындыгына айландыруу үчүн түрк мамлекеттеринин биримдигин бекемдөөгө арналган бардык демилгелерди акыркы жыйырма жылдын ичинде өздөрүнүн ички жана тышкы саясаттарындагы негизги багыттардын бирине айландырышкан. Алардын мындай аракеттери келечекте мындан да көбүрөөк колдоого алынып, мындан да көбүрөөк бекемделиши керек.

Ушул мамлекеттердин бири – Азербайжан Республикасы, Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук Кеңешине мүчө катары кабыл алынып, 2012 – жылдын май айынан баштап БУУнун Коопсуздук Кеңешинин төрагасы болуп шайланган. Бул нерсе бүткүл түрк дүйнөсүнүн жалпы жетишкендиги жана эл аралык коомчулуктун көңүлүн түрк дүйнөсүнүн көйгөйлөрүнө буруу жагынан карай турган болсок (айрыкча Карабак көйгөйүн чечүү), ыңгайлуу жана жакшы мүмкүнчүлүк катары бааланат. Ушул түрк мамлекеттеринин ар биринин бекемделиши – бүткүл түрк дүйнөсүнүн кубаттуулугунун көбөйгөндүгүн билдирет. Саясий, экономикалык жана маданий чөйрөлөрдө кызматташуу мүмкүнчүлүктөрүнүн көбөйүшү түрк элдери үчүн салттуу болгон демилгечилдикти же тапкычтыкты жаңы деңгээлге көтөрүп, биргелешкен иш-аракеттердин чөйрөсүн кеңейтет. ***Азербайжан мамлекети боордош өлкөлөргө инвестицияларды киргизип, Транскаспий долбоорлорун ишке ашырып жатат жана өзүнүн ушундай иш-аракеттери аркылуу түрк дүйнөсүнүн экономикалык, саясий жана маданий географиясын байланыштырып, өзүнчө бир «жашоо жолуна» айланып жатат.*** Каспий бассейнинин табигый ресурстарына бай түрк мамлекеттери ушул жол аркылуу эл аралык экономикалык мамилелердин аянтына чыгып жатышат. Баку-Тбилиси-Жейхан жана Баку-Тбилиси-Эрзерум мунайзат жана газ түтүктөрү аймактын жаңы энергетикалык картасын жаратышат. Ушул жолдор жана коридорлор аркылуу мунайзат продукциясы Каспий деңизинин чыгыш жээгинен, тактап айтканда, Казакстандан жана Түркмөнстандан Каспийдин батыш жээк багытында Азербайжандын аймагы аркылуу Түркияга өтүп, андан ары Европага транспорттолуп, дүйнөлүк базарларга жеткирилет. Курулуп жаткан Баку-Тбилиси-Карс темир жолу Түркия менен Азербайжанды гана байланыштырбастан Европа менен Азияны да байланыштыра турган эл аралык маршрут болот.

Улуу түрк дүйнөсүн бириктирүүгө багытталган иш-аракеттер жыл сайын өсүп, өткөн кылымдын акыркы он жылдыгындагы көз карандысыздык үчүн кыймылдар уланып жатат. Эгемендүү түрк республикалары эл аралык коомчулук арасында өз баалуулугун жана маанилүүлүгүн жылдан-жылга бекемдеп жатышат. Акыркы жыйырма жылды «жалпы түрк дүйнөсү» эл аралык системаны бекемдеген мезгил деп атаса да болот. 1993 – жылдан баштап туруктуу түрдө өткөрүлүп турган Түрк Элдеринин Достугу, Бир туугандыгы жана Кызматташтыгы боюнча Съезддер ушул элдердин ортосундагы достук жана бир туугандык салттарынын өнүгүүсүнө, ошондой эле түрк дүйнөсүнүн биримдиги жөнүндө идеянын натыйжалуу түрдө жайылышына кошумча түрткү берип келүүдө. Ушундай съезддерде кабыл алынган чечимдер түрк элдеринин тиги же бул маселелерге карата көз караштары бир-биринен айырмаланбастыгын көргөзүп турат. Ушундай съезддер жана жолугушуулар түрк тилдүү эмес өлкөлөрдүн аймагындагы (Орусия, Украина, Молдова, Болгария, Ирак, Грузия) өздөрүнүн тарыхый жерлеринде тыгыз жашап жаткан түрк элдерин өз эне тилиндеги адабий жана окуу китептери менен камсыз кылуу, ошондой эле алардын маданий мурастарынын жана улуттук руханий баалуулуктарынын сакталышына жардам берүү – ар бир түрк тилдүү мамлекеттин милдети экендигин көргөзүп турат. Ошол эле учурда азербайжан диаспорасы менен башка түрк тилдүү элдердин ортосунда кызматташтыкты өнүктүрүү багытында жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачуу маселесине кылдат көңүл бурулууда.

Түрк тилдүү Мамлекет Башчыларынын Биринчи Саммити 1992 – жылы Анкара шаарында өткөн, андан кийин 1994-жылы Стамбулда, 1995-жылы Бишкекте, 1998-жылы Астанада, 2000-жылы Бакуда, 2001-жылы Стамбулда, 2006-жылы Анталияда жана 2009-жылы Нахчыванда жолугушуулар өткөн. Түрк Мамлекет Башчыларынын 2010-жылы сентябрь айында Стамбул шаарында өткөн X Саммитинде Түркиянын Президенти Абдулла Гүл Азербайжанда болуп өткөн IX Саммитте кабыл алган чечимдер түрк тилдүү өлкөлөрдүн ортосундагы кызматташтыкты бекемдөө үчүн өтө маанилүү экендигин баса белгилеп, ушундай кызматташтыкка жаңы маңыз, көлөм жана форма берген Нахчыван Келишимине (2009-жыл 3-октябрь) жана айрыкча Түрк тилдүү Өлкөлөр Кызматташтыгы боюнча Кеңешке жогорку баа берип, бул тууралуу мынтип айткан: *«Эми биз алты мамлекетке ээ болгон бир улутпуз.* Бул Кеңештин түзүлүшү менен бирге «Иш-аракеттеги Биримдик» планы да ишке ашат. Бардык түрк тилдүү мамлекеттер ушул түзүмгө таандык болушу керек. Биздин максат – бюрократиялык уюм түзүү болбошу керек. Биздин максатыбыз – элдерибиздин демилгечилдигин жана башка

жөндөмдүүлүктөрүн жана кудуретин ойготуп, кайрадан бекемдөө болуп саналат» [44].

Бул саммитте Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиев тарыхый геосаясий процесстер түрк дүйнөсүнүн географиясына кез-кезде кандай таасир тийгизгендигин айтып өтүп, ушул географияда заманбап дүйнөнүн шарттарына ылайыкташып, жогорку саясий маданияттуулукту сактап жашап келе жаткан түрк элдеринин кыйрагыс биримдигин түзүү маселесинде көбүрөөк чечкиндүүлүк көргөзүү зарыл экендигин тастыктаган. Ал бул тууралуу минтип айткан: «Түрк дүйнөсү – бул улуу дүйнө. Өз убагында түрк дүйнөсүнүн ажырагыс жана байыркы бөлүгү болуп саналган Зангезур аймагы Азербайжандан бөлүнүп, Арменияга киргизилгенден кийин түрк дүйнөсүнүн ушуга чейинки географиялык байланышы бузулган. Эгер ушундай тарыхый адилетсиздик болбогондо, бүгүнкү күндө бирдиктүү түрк дүйнөсү географиялык жактан алып караганда бирдиктүү мейкиндик катары жашамак. Бирок бизди географиялык координаттар гана эмес, өз ара мамилелерибиз, боордоштугубуз, жалпы тарыхыбыз жана бүгүнкү күнүбүз бириктирет. Биздин өлкөлөрүбүз болжол менен жыйырма жылдан бери көз карандысыз мамлекеттер катары жашап келишүүдө. Ушул мезгил ичинде биздин өлкөлөрүбүз мурдагыдан күчтүүрөөк болуп калышты жана биздин мамлекеттүүлүгүбүздүн негиздери калыптанды. Улуу жана күчтүү Түркия мамлекети Азербайжан, Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан жана Түркмөнстан сыяктуу өлкөлөргө дем берип, аларды бекемдеп жаткандай эле бул мамлекеттер да Түркияны бекемдөөдө. Биздин күчүбүз – биримдикте. Биз ушул биримдикти бардык чөйрөлөрдө мындан да көбүрөөк бекемдешибиз керек» [83]. Ушул эле жолугушууда Азербайжан Республикасынын Президенти тарыхый геосаясий процесстердин кез-кезде түрк дүйнөсүнүн географиясына таасир тийгизип келгендигин айтып өтүп, ушул географиялык аймакта жашап жаткан түрк тилдүү элдердин кыйрагыс биримдигин түзүү маселесинде чечкиндүүрөөк аракеттерди жасоо зарыл экендигин белгиледи. Ал бул жөнүндө минтип айткан: «***Бизди өз ара мамилелерибиз, боордоштугубуз, жалпы тарыхыбыз жана бүгүнкү күнүбүз бириктирет». Биз айтып жаткан улуу идеяда түрк дүйнөсүнүн улуу биримдигинин анатомиясы сызып түшүрүлгөн.*** Түрк дүйнөсүнүн бирдиктүү организм катары калыптанышы функционалдуулукка да ээ болот. Улуу максатка акырындык менен гана жакындоого болот. Ошентип Түрк тилдүү Мамлекет Башчыларынын X Саммитинде «Нахчыван Келишимине» ылайык Түрк тилдүү Өлкөлөрдүн Кызматташтыгы боюнча Кеңеш негизделген.

Түркиянын Премьер Министри Режеп Тайип Эрдоган бул Кеңешке жогорку баа берип, ал эки боордош өлкөлөрдүн ортосундагы ма-

милелерди алдыга жылдырарына ишеним билдирип, бул тууралуу өзүнүн төмөнкүдөй оюн айткан: «Түркия жана Азербайжан – бири-биринин ортосунда өзгөчө байланыштары бар эки боордош мамлекет болуп саналат. Дүйнөдө мындай өзгөчө байланыштары бар башка өлкөлөр жок. *Түрк тилдүү Өлкөлөрдүн Кызматташтыгы боюнча Кеңеш биздин боордоштугубузду даңктаган түбөлүк белги жана эстелик болуп калат*» [43].

Түрк тилдүү Өлкөлөрдүн Кызматташтыгы боюнча Кеңештин I – Саммити 2011-жылы Казакстандын Алматы шаарында өткөн. Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиев аталган Кеңештин ишмердүүлүгүндө түрк мамлекеттердин биримдигине, практикалык кызыкчылыктарына жана жарык келечегине көңүл буруу зарыл экендигин белгилеген: «Кызматташтык боюнча Кеңеш түзүлгөндөн кийинки мезгилде биз өзүбүздүн бардык көңүлүбүздү ишке ашырылышы мүмкүн боло турган долбоорлорго бурушубуз керек. Анткени бүгүнкү күнгө чейин бул маселе жетиштүү түрдө талкууланып, буга байланышкан көп документтерге кол коюлуп, олуттуу билдирүүлөр жасалды. Бул жолугушуунун натыйжасында жетекчилер да маанилүү документке кол коюшат. Ошондуктан эгер кийинки жылдарда биз конкреттүү долбоорлорго көбүрөөк көңүл бура турган болсок, мындай долбоорлор биздин уюмубуздун өнүгүүсүндө жана өлкөлөрүбүз арасындагы байланыштардын бекемделишинде оң роль ойнойт. Биз мындай долбоорлорго даярбыз жана аларды ишке ашыруу боюнча сунуштарыбызды көргөзөбүз... ***Биз түрк дүйнөсүнүн мурдагыдан да көбүрөөк биригүүсүнө жетишибиз керек.*** Бул үчүн бардык мүмкүнчүлүктөр бар. Биринчи кезекте күчтүү саясий эрк бар. Ушундай жолугушуулардын туруктуу түрдө өткөрүлүп туруусу жана бул жолугушууларда кабыл алынган чечимдер абдан олуттуу саясий эрк бар экендигин көргөзүп турат» [81]. Жетекчилердин жолугушуусунда Азербайжандын Президенти Ильхам Алиевдин Бакуда Түрк Мамлекеттерининин Маданий Фондун түзүү жөнүндө сунушу колдоого алынгандыгын да белгилеп коюу керек.

Түрк дүйнөсүн гуманитардык негизде бириктирүүдө TÜRKSOY уюму өзгөчө роль ойногондугун өзгөчө белгилөө зарыл. TÜRKSOY уюму өзү негизделген күндөн баштап бүгүнкү күнгө чейин түрк мамлекеттерининин жана элдеринин ортосунда тыгыз достук мамилелерди жаратып келүүдө жана ошол эле учурда төмөнкү максаттарды жана тапшырмаларды жогорку деңгээлде иш жүзүнө ашырып келүүдө: жалпы түрк элдеринин салттарын, маданиятын, тилдерин, тарыхын жана көркөм өнөрүн изилдөө, аныктоо жана өнүктүрүү, ошондой эле түрк дүйнөсүнүн бай руханий жана маданий баалуулуктарын заманбап цивилизациянын жогорку баалуулуктарынын

катарына кошуу, эл аралык тынчтыкка жана адам укуктарына кызмат кылуу, түрк дүйнөсүнүн жалпы тарыхын, тарыхый мурасын, тилин жана адабиятын илимий жана олуттуу түрдө изилдөө, жалпы түрк маданиятынын жана цивилизациясынын өнүгүү тенденцияларын пландаштыруу максатында гуманитардык мамилелердин эл аралык системасында жаңы балансты же тең салмактуулукту жаратуу.

Европа Бирлиги бүгүнкү күндө оор көйгөйлөргө дуушар болуп жатат, бирок ага карабастан ал бүткүл дүйнө үчүн өнүгүүнүн жана биригүүнүн мыкты үлгүсү болуп саналат. Ошондуктан немец философу Юрген Хабермас Европадагы дезинтеграциялык процесстердин кооптуу экендигин баса белгилеп, Европа Бирлиги жана анын ийгилиги эксперименталдык мүнөзгө ээ экендигин жана ал дүйнөнүн башка аймактары үчүн үлгү боло аларын айткан [195, 169-б]. Ушул себептен улам ал Европа Бирлигин XXI кылымдагы эң чоң долбоор деп эсептейт. Европа Бирлигинин үч түзүмдүк бөлүгүн - (1) Европалык Коомчулугун, (2) Коопсуздук жана тышкы саясат боюнча жалпы саясатын, (3) Укук коргоо жана сот органдарынын укук чөйрөсүндөгү кызматташтыгын Бирликтин «тиректери» деп эсептейт ал. Ушул үч тирекке таянган Европа Бирлигинин бирдиктүү жетектөөчү институттары (Европа Парламенти, Европалык Кеңеш, Европалык Комиссия, Европалык Сот жана Европалык Эсептөө Палатасы) бар, Европа Бирлигине мүчө-мамлекеттердин курамы жана валютасы бир. Европа Парламенти жана Европалык Кеңеш европа ичиндеги маселелерди чечүү менен бирге дүйнөдө болуп жаткан окуяларга, ошондой эле жалпы дүйнөлүк саясий жаңылануу жана демократизация процесстерине карата өзүнүн активдүү көз карашын билдирет. ***Түрк тилдүү Өлкөлөрдүн Парламенттик Ассамблеясы (*TÜRKPA*)*** да Европалык Коомчулуктун парламентти уюштурууга байланышкан универсалдуу тажрыйбасынан пайдалуу нерселерди өздөштүрүп, *жакынкы келечекте түрк дүйнөсүнүн биримдиги үчүн кыймылда маанилүү роль ойношу керек.*

TÜRKPA уюму 2008-жылы 21-ноябрьда Азербайжан Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Кыргызстан Республикасынын жана Түркия Республикасынын парламент жетекчилери тарабынан Стамбул шаарындагы «Долмабахче» Сарайында тийиштүү келишимге кол коюлгандан кийин негизделген. Бул уюмдун негизги максаттары – түрк элдеринин жалпы тарыхына, маданиятына жана тилине таянып, парламенттер аралык кызматташуунун таптакыр жаңы баскычы болуп саналган парламенттик дипломатия аркылуу мамлекеттер арасындагы саясий диалогдун көбүрөөк өнүгүүсүн камсыздоо, түрк элдеринин улуттук мыйзамдарынын бири-бирине жакын болуусуна жана парламенттер аралык кызматташууга тие-

шелүү маселелерде түрк мамлекеттеринин жана башка аймактык саясий субъекттердин ортосунда өз ара пайдалуу жана тең укуктуу кызматташуунун өнүгүүсүнө түрткү берүү, ошондой эле маданий мурас, тарых, көркөм өнөр, адабият жана башка чөйрөлөрдөгү бардык түрк тилдүү өлкөлөр үчүн жалпы мааниге ээ болгон баалуулуктарды сактоо жана кийинки муундарга өткөрүп берүү боюнча мыйзамдык базаларды бири-бирине келиштирүүгө байланышкан сунуштарды көтөрүү, өлкөлөр ортосунда саясий, социалдык-экономикалык, маданий, гуманитардык, укуктук жана башка чөйрөлөрдөгү байланыштарды тереңдетүү.

Казакстанда 2011-жылы 27-28-апрельде өткөн Түрк тилдүү Өлкөлөрдүн Парламенттик Ассамблеясынын Экинчи пленардык сессиясында кабыл алынган «Астана Декларациясына» ылайык [289] түрк өлкөлөрүнүн улуттук парламенттерине байланышкан маселелер боюнча синхронизация принциптери аныкталат. «Астана Декларациясында» Ислам Конференция Уюмунун алдындагы Парламенттик Шериктештикте байкоочу статусуна ээ болгон Парламенттер Аралык Шериктештиктин Парламенттик Ассамблеясы өзүнүн кыска мөөнөттүү ишмердүүлүгүндө толук укуктуу парламенттер аралык түзүмгө айлангандыгы айтылат. Бул уюм башка түрк тилдүү өлкөлөрдүн парламенттери менен өз ара пайдалуу жана жемиштүү кызматташууну пландаштырып, аларды ийгиликтүү түрдө ишке ашырып жатат. Түрк тилдүү мамлекеттердин көз карандысыздыкка ээ болгондугуна 20-жыл толгондугу ушул элдердин соңку тарыхында «тирек катары милдет аткарган маанилүү окуя» экендиги Парламенттик Ассамблеяда жарыяланган [204]. Түрк мамлекеттеринин Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюмунда төр агалык кылуусу жана анын Парламенттик Ассамблеясына жигердүү катышуусу биздин өлкөлөрүбүздүн эл аралык коомчулуктагы кадыр-баркына оң таасир тийгизип, Евразия континентиндеги маселелерди чечүүгө эл аралык коомчулук жигердүү катышусу зарыл экендигин көргөзөт. Түрк тилдүү Өлкөлөрдүн Парламенттик Ассамблеясы 2011-жылы апрель айында Азербайжанда өткөрүлгөн Бүткүл дүйнөлүк Маданияттар аралык Диалог боюнча Форумдун маанилүү экендигине өзгөчө көңүл буруп, ар түрдүү этноско, маданиятка, динге, тилге жана мураска таандык болгон адамдардын жана топтордун ортосунда өз ара түшүнүүнүн жана сыйлоонун негизинде ачык пикир алмашууну колдоп, Азербайжандын маданияттар аралык диалогтун өнүгүүсүнө кошкон салымын жогору баалайт.

Глобалдык саясий, экономикалык жана маданий мейкиндиктеги эл аралык системаны түзгөн мамлекеттерди бир системага келтирүү үчүн алардын цивилизациялары бири-бирине дал келип, прагматикалык идеяларды жана өнүгүүнүн улуттук-тарыхый салттарын

камтыган долбоорлор ишке ашырылышы керек. Ошондуктан түрк тилдүү мамлекеттер жана элдер калыптанып калган бирдиктүү саясий жана маданий платформанын негизинде иш-аракет кылып, ушул стратегиялык багыттагы өздөрүнүн кызыкчылыктарын жана пайдаларын бири-бирине макулдаштырып, өздөрүнүн макулдашылган стратегиясын заманбап дүйнөнүн өнүгүү чөйрөсүндөгү алдыңкы тенденцияларынын бирине айландыра алышы керек. Ошол эле учурда түрк дүйнөсүнүн бүтүндүгү – ар бир түрк тилдүү мамлекеттин көз карандысыздыгын сактоонун жана бекемдөөнүн, ошондой эле улуттук маданиятты өнүктүрүүнүн негизги шарты болуп саналарын эске алуу абзел. Түрк тилдүү элдердин ар бири жалпы түрк маданияты менен табигый түрдө аралашып, бирок ошол эле учурда алардын ар биринин өз алдынчалуулугу жана өзгөчөлүгү сакталган учурда гана жалпы түрк элдеринин улуттук маданияттарынын ортосунда гармония же тең салмактуулук болот. Алардын заманбап саясий салттары, ошондой эле мамлекеттүүлүккө байланышкан маданияты да дал ушундай кыйрагыс негизде өнүгүп жатат. Жогоруда айтылган негиз биримдикти түзөт. Бул нерсе жөн гана ураан эмес, бул нерсе – түрк элдеринин ой жүгүртүүсү, жашоо түрү, идеялары менен максаттарынын, ошондой эле саясий жана гуманисттик идеалдарынын бирдиктүүлүгү болуп саналат. Ушундай биримдикке таянып, өздөрүнүн улуттук жана маданий дүйнөсүн өнүктүрүүгө жана жайылтууга умтулган улуттардын биригүүсү тарыхка жана логикага таянып караганда табигый жана сөзсүз боло турган нерсе. Мындай биримдикти өнүктүрүү, колдоо жана коргоо түрк элдеринин идеалы болуп келген жана боло берет.

# 19. САЯСИЙ-МАДАНИЙ ИНТЕГРАЦИЯНЫН ГУМАНИТАРДЫК НЕГИЗДЕРИ

Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү процессин ийгиликтүү түрдө аягына чыгарып, аны бүткүл дүйнөлүк биригүүнүн маанилүү саясий субъекттеринин бирине айландыруу үчүн ишмердүүлүктүн негизги багыттарын туура аныктоо зарыл. Улуу Биримдик түзүү идеясын ишке ашыруу жолунда жасалган иш-аракеттердин негизги баскычы, *бирдиктүү гуманитардык саясатты* ишке ашыруу процесси системалуу жана максаттуу ишмердүүлүктү барган сайын көбүрөөк актуалдаштырып жатат деп ойлоого негиз берет. Көз карандысыз түрк мамлекеттеринин ар биринин Биримдик багытындагы улуттук гуманитардык саясаты бара-бара бир-бирине жакындашат. Натыйжада Түрк Мамлекеттер Бирлиги бирдиктүү гуманитардык саясаттын баштапкы контурларына ээ болот.

*Түрк Мамлекеттер Бирлигинин эгемендүү түрк республикаларынын ортосунда жүргүзө турган конвергенттик гуманитардык саясаты саясий-маданий интеграциянын негиздерин түзүү максаттарын көздөйт. Бирлик түзүүнүн туура идеялык платформасына же программасына таянып, аны ийгиликтүү түрдө аягына чыгаруу үчүн төмөнкү нерселер абдан маанилүү:* (1) Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү идеясын тарыхый-саясий зарылдыкка жана идеялык концептуализацияга негиздөө зарыл; (2) Бирликтин саясий идеологиясын түзүү жана өнүктүрүү; (3) интеграциялык процесстерди уюштуруунун негизги принциптерин алдын ала бириктирүү; (4) бирдиктүү саясий-маданий мейкиндиктин лингвистикалык-маданий платформасын даярдоо; (5) маданий жана цивилизациялык баалуулуктарды жакындаштыруу; (6) түрк элдеринин бирдиктүү жана универсалдуу мамлекеттик салттарына таянуу; (7) Түрк дүйнөсүнүн Саясий Этикасын жана Жөндөмдүүлүгүн тар мейкиндикте эмес, кеңири масштабдуу геосаясий аймактык чөйрөдө көргөзүү; (8) түрк тектүү элдердин арасында Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү идеясын жайылтуу. Ушул нерселердин баары түрк республикаларынын ортосундагы саясий-маданий интеграциянын негизин түзөт.

Түрк республикаларынын жалпы аракеттеринин натыйжасында туруктуу түрдө өткөрүлүп жаткан түрк элдеринин Достугу, Боордоштугу жана Кызматташтыгы боюнча Съезддер, түрк тилдүү мамлекеттердин Кызматташтык боюнча Кеңешинин жолугушуулары, түрк тилдүү мамлекет башчыларынын Жогорку Деңгээлдеги Чогушулта-

ры, TÜRKSOY уюмунун алкагындагы жолугушуулар, түрк тилдүү мамлекеттердин Парламенттик Ассамблеясынын Сессиялары жана башка ушул сыяктуу иш-чаралар улуу түрк дүйнөсүнүн гуманитардык ишмердүүлүгүн күндөн күнгө кеңейтип жатат. Бирдиктүү максаттарды көздөгөн багыттар биригип, бир системага келип жатат. Бүгүн түрк элдери биригип, бири-бирин тереңирээк таанып-билүүгө, жалпы тамырларын түшүнүүгө, ошондой эле жалпы максаттардын жана идеалдардын айланасына биригүүгө мүмкүнчүлүк алып жатышат. Глобализация доору түрк элдеринин бүтүндүгүн негиздүү нерсе катары карайт. Мындай процесс жалпы түрк дүйнөсүнүн ички ой жүгүртүүсүнүн зарылдыгы катары пайда болот. «Глобализация доору жалпы түрк маданиятынын Ренессанс кыймылын жаратат» [131, 44-47-б]. Глобализацияланып жаткан дүйнөнүн ичиндеги мындай процесс улуттук, социалдык жана маданий тарыхы бирдей болгон саясий субъекттерди бири-бирине кошуп, мыйзам ченемдүүлүктөрдүн логикасын жана нугун табат. Дүйнөнүн бир бөлүгү болуп саналган жалпы түрк элдеринин социалдык-маданий чөйрөсүнүн системалуу бүтүндүккө мурдагыдан да тереңирээк адеп-ахлактык –интеллектуалдык негизде кайрылып келүүсү – планеталык цивилизациянын негизги мейкиндиги мурдагыдан да көбүрөөк жарык чачат дегенди билдирет. Эгер биздин тамырларыбыз бир болсо, анда эмне үчүн биздин келечегибиз жана азыркы мезгилибиз ***бир*** болбошу керек?!

Евразия аймагында мындай биримдикке түрк цивилизациясы, тактап айтканда улуу мамлекеттерди, империяларды жана маданиятты жараткан биздин Цивилизациябыз баарынан көбүрөөк укуктуу! Түрк элдеринин Кубаттуу Цивилизациясы ар түрдүү, ар түстүү, ар варианттуу болуп саналат жана ал өзүнүн булактарынан эч качан четтебейт! Жадагалса ушул цивилизациядан бир аз алыстап калган түрк элдери да бири-биринин Сөзүн, Жан дүйнөсүн жана Көздөрүн жакшы түшүнүшөт. Өзүнүн төгүнгө чыгарылгыс логикасы бар жалпы түрк дүйнөсүнүн маңызын түшүнүү – жарык сезимдер тарабынан жаратылган тартуучу күчтөрдүн тирегине айланат. Бүгүнкү күндөгү *түрк дүйнөсүнүн интеллектуалдык кыймылы* ишенимдүү жана жеңилгис сапаттарга ээ болууда.

Түрк дүйнөсүн биригүүгө алып баруучу *гуманитардык ишмердүүлүктүн* негизинде Улуу Чындык идеясы турат. Ошондуктан биз мурда айтып өткөн чаралар жөн гана расмий-формалдык акциялар эмес, *жалпы түрк маданиятынын өзүн өзү рационалдуу түрдө уюштуруусуна түрткү берүүчү* аракет болуп саналат. Саясий-гуманитардык функционалдуулукту бара-бара көбөйтүүчү мындай иш-аракеттер – идеалдан чындыкка, теориядан – тажрыйбага карай жылуунун кызыктуу мисалы же үлгүсү болуп саналат. Ар бир практикалык этапта аныкталган максаттар күн тартибине концептуалдык

идеяларды да киргизет. Жыйырма жыл мурда түрк дүйнөсү үчүн кол жеткис болуп саналган перспективалардын көбү азыркы мезгилде түрк мамлекеттеринин жана коомдорунун кадимки практикасына айланган. Функционалдуулуктун тез ритми түрк мамлекеттеринин жетекчилерин жана стратегдерин мурдагыдан да оптималдуураак жана масштабдуураак ишмердүүлүккө багыттап жатат. Мисалы, Түрк Мамлекеттеринин Кызматташтыгы боюнча Кеңештин 2012-жылы Бишкек шаарында өткөрүлгөн Экинчи жыйынында маанилүү саясий документтер менен бирге маанилүү гуманитардык чөйрөлөр боюнча да тийиштүү чечимдер кабыл алынган. Кыргыз Республикасынын президенти Алмазбек Атамбаев аталган иш-чарада сүйлөгөн сөзүндө Түрк тилдүү Мамлекеттердин Кызматташтыгы боюнча Кеңеш түрк тилдүү мамлекет башчыларынын 2009-жылы Нахчыванда өткөрүлгөн жогорку деңгээлдеги жолугушуусу учурунда түзүлгөндүгүн белгилеп, Түрк тилдүү Мамлекеттердин Кызматташтыгы боюнча Кеңеште төрагалык кылуу милдети Кыргызстанга өткөрүлүп берилгендигине ыраазычылык билдирип, ушул түзүмгө мүчө болуп кирген мамлекеттердин ортосунда гуманитардык чөйрөдөгү байланыштарды тереңдетүү багытында кандай иштер аткарылгандыгын айткан. Түркия, Казакстан жана Азербайжан мамлекеттеринин башчылары да мамлекеттер аралык мамилелерге байланышкан бир катар маанилүү маселелерди көтөрүшкөн. Азербайжан Республикасынын премьер-министри өз сөзүндө бул түзүмгө мүчө болуп кирген өлкөлөрдүн ортосундагы экономикалык кызматташтык күчөп жаткандыгын, ошондой эле ошол жылы Азербайжан менен бул өлкөлөрдүн ортосундагы товар айланымы 55,5 – пайызга көбөйгөндүгүн белгилеген. Талкуу учурунда *маданият жана билим, бирдиктүү алфавит жана окуу китептери чөйрөсүндө кызматташуу, ошондой эле ушул түзүмдүн алкагында Түрк Академиясын түзүү сыяктуу маселелер* айтылган. Түрк тилдүү Мамлекеттердин Кызматташтыгы боюнча Кеңештин ушул тарыхый саммитинде бул түзүмгө мүчө болуп кирген өлкөлөрдүн өкмөттөрүнүн ортосунда төмөнкү төрт документ кабыл алынган: Түрк элдеринин Маданияттык жана Мурастык Фондунун Уставы, Түрк тилдүү Мамлекеттердин Кызматташуусу боюнча Кеңештин Катчылыгынын финансылык тартиптери жөнүндө макулдашуулар, Түрк Академиясын негиздөө, ошондой эле Түрк тилдүү элдердин Жогорку Деңгээлдеги Кеңешинин Экинчи Кеңешмесинин «Декларациясы» кабыл алынган [82].

Гуманитардык мамилелер чөйрөсүн түрк мамлекеттеринин ортосундагы саясий жана экономикалык мамилелердин мыйзам ченемдүү уландысы катары өнүктүрүү чоң мааниге ээ. Азыркы учурда түрк дүйнөсүнүн интеллектуалдарынын биргелешкен аракеттеринин натыйжасында Түркиядан баштап Казакстанга чейинки аймакты

камтыган чоң масштабдуу уюштуруучулук иш-аракеттер аткарыла башталды. Түрк мамлекеттеринин ар бириндe түрк тилдүү элдердин цивилизациясына жана улуттук маданияттарына байланышкан маселелерди изилдеген өзүнчө гуманитардык борборлор бар, ошол эле учурда түрк мамлекеттеринин биргелешкен борборлору да бар. Аларга төмөнкү уюмдар кирет: TÜRKSOY – Түрк тилдүү элдердин Маданияты боюнча Эл аралык Уюм, Түрк Дүйнөсүн Изилдөө боюнча Вакф, TİKA – Түрк элдеринин Кызматташтык жана Координация боюнча Агенттиги, Түрк Элдеринин Бүткүл дүйнөлүк Ассамблеясы, Түрк Цивилизациясын Изилдөө Борбору, TÜDEV – Түрк Мамлекеттер Вакфы жана Кызматташтык, Боордоштук, Достук Коому, Түрк тилдүү Мамлекеттердин Саясатын Колдоо Фонду, Түрк-Азия Стратегиялык Изилдөөлөр борбору, (TASAM), Түрк Дүйнөсүнүн журналисттер Биримдиги, Дүйнө жүзүндөгү Түрк элдеринин Жаш Жазуучуларынын Биримдиги, Дүйнө жүзүндөгү Түрк элдеринин Боордоштук Коомдорунун Ишмердүүлүк боюнча Ийримдери, Түрк Дүйнөсүнүн Муниципалитеттер жана башка түзүмдөр Биримдиги. Ушул уюмдар өзүнө түрк биримдиги идеясын ар түрдүү багыттарда пропагандалаган иш-аракеттерди камтыйт. Аларга эл аралык конференцияларды өткөрүү, китептерди, журналдарды жана альманахтарды чыгаруу, максаттуу илимий-гуманитардык изилдөөлөргө колдоо көргөзүү жана башка ушул сыяктуу иш-чаралар кирет. Ушул багытта аткарылган иш-аракеттердин натыйжасында биргелешкен окуу борборлору, университеттер ачылып, жалпы түрк элдеринин тарыхын жана маданиятын практикалык түрдө жана илимий ыкмаларды колдонуп окутуу иштери башталып, түрк мамлекеттеринин ортосунда Монголияда табылган түрк эстеликтерин изилдөөнү уюштуруу чөйрөсүндөгү эл аралык деңгээлдеги кызматташтык жөнгө салынган; латын графикасындагы алфавит системасына өтүү жана ошол эле учурда башка заманбап түрк тилдериндеги айырмачылыктарды сактоо маселеси Түркия жана Азербайжан мамлекеттери тарабынан актуалдаштырылган, заманбап түрк тилдеринин универсалдуу сөздүгү аягына чыгарылып, Түрк элдеринин Тилдик Түзүмү тарабынан ушул тилдердин ортосунда автоматташтырылган которуу системасы түзүлө баштады.

*Түрк дүйнөсүндөгү гуманитардык мамилелерди өнүктүрүү иш-аракеттери* идеология, маданият, илим, билим, адабият жана көркөм өнөр чөйрөсүндө биргелешкен баалуулуктарды жаратуу аркылуу кеңейип, тереңдеп жатат. Жалпы түрк цивилизациясын улуттук маданияттар байытып турат. Түрк дүйнөсүнүн гуманитардуулугунун *ортолоштурулган саясаты* заманбап дүйнөнүн универсалдуу баалуулуктарын өздөштүрүүчү жана ошол эле учурда өзүнүн тарыхый генезисине жана тажрыйбасына таянган бир тамырлуу маданиятты *өнүгүүнүн жаңы фазасына* алып чыга алат.

Бүгүнкү күндө түрк мамлекеттеринин окумуштуулары Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү идеясын ишке ашырууга багытталган гуманитардык саясатты ишке ашыруу боюнча биргелешкен демилгелерге жана чоң илимий кудуретке таянып пайдалуу иш-аракетерди аткарышууда жана алардын мындай ишмердүүлүгү мактоого татыктуу. Ушундай процесстин натыйжасында түрк цивилизациясынын «өзөгүнөн» күчтүү интеллектуалдык кыймылдын жаралышы, так-тап айтканда, Борбор Азиянын кадыр-барктуу окумуштууларынын биригүүсү жана алар тарабынан Түрк элдеринин Бүткүл дүйнөлүк Ассамблеясынын түзүлүүсү өзгөчө мааниге ээ. Түрк Элдеринин Бүткүл дүйнөлүк Ассамблеясынын негизги концептуалдык платформасы ТХЬА уюмунун жетекчилери академик Ерментай Султанмуратов (Казакстан), профессор Рафаэль Мухамеддинов (Татарстан), Ассамблеянын курамындагы «Ортатүрк» институтунун директору, философ-лингвист Бахтияр Каримов (Өзбекстан) тарабынан биргелешип жазылган «Туруктуулуктун түрк алкагы. Түрк Элдеринин Бүткүл дүйнөлүк Ассамблеясы» деп аталган китепте чагылдырылган [188]. Бул китепте авторлор программалык идеяларды көтөрүп, Түрк Бимдигинин тарыхый маанилүүлүгү, анын заманбап дүйнөнүн тагдырлары үчүн маанилүүлүгү, түрк дүйнөсүнүн биримдигинин «фундаменталдык негиздери», түрк элдеринин тил жагынан биримдиги жөнүндө концепция жөнүндө айтышып, түркизмдин философиялык көз караштарынын системасын жана түрк дүйнөсү үчүн универсалдуу гуманитардык саясаттын негизги принциптерин аныкташып, ошол эле учурда «Түрк Биримдигинин атаандаштарынын» көз караштары менен полемикага түшүшөт. Окумуштуу-стратегдер түрк биримдиги – түрк дүйнөсүн өнүктүрүүнүн жалгыз жолу экендигин негиздөөгө аракет кылышууда; өнүгүүнүн мындай тенденциясында мамлекеттердин көз карандысыздыгынын жана демократиясынын негиздери ого бетер күчөп, улуттук экономикалардын ортосундагы аймактар аралык байланыштар күчтүүрөөк болуп, атаандаштык күчөйт; саясий көз караштардын макулдашылгандыгы түрк дүйнөсүнүн геосаясатын күчөтүп, өздөрүнүн «саясий сепилдерин» жаратып, «бекем» болуп калышат; «түрк дүйнөсүнүн исламы» өзүнүн мыкты сапаттарын тартуулап, заманбап улуттук, маданий, диний жана адеп-ахлактуулук баалуулуктардын ортосунда гармония жаратууда.

Жогоруда айтылган программалык чыгармада Түрк Мамлекеттер Бирлиги биринчи жолу «дүйнөлүк саясаттын өз элдеринин кызыкчылыктарына кызмат кылуучу субъекти» катары көргөзүлгөн. Ал жерде бул тууралуу минтип жазылган: «Түрк Мамлекеттер Бирлиги төмөнкү нерселерди камсыз кылышы керек: (1) түрк мамлекеттеринин чыныгы көз карандысыздыгын камсыздоо; (2) килейген табигый жана материалдык ресурстарды улуттук кызыкчылыктар-

га ылайык пайдалануу, экономиканы, илимди жана коргонуу мүмкүнчүлүктөрүн күчтүү заманбап коом түзүүгө багыттоо; (3) ар бир түрк тилдүү элдин улуттук эркиндигин (тилин, маданиятын ж.б.) сактоо, ошондой эле түрк суперэтносун калыптандырып, аны планетардык биримдик миссиясынын эң жогорку деңгээлине чыгаруу үчүн шарттарды түзүү; (4) ар бир түрк элинин заманбап жана материалдык жактан жетишкен шарттарда жашоосуна жетишүү үчүн керектүү шарттарды түзүү; (5) түрк элдеринин укуктарын универсалдык гуманитардык баалуулуктардын негизинде коргоо; (6) түрк элдерин жана алардын жерлерин душмандардын басып алуу аракеттеринен коргоо; (7) элдик капитализм жолунда түрк дүйнөсүнө ылайыктуу болгон өнүгүү жолун тандоо, ошондой эле демократиялык экономика жана функционалдуу чыныгы демократия орнотуу максатын көздөгөн багыттарды тандоо» [188, 9-10-б].

Түрк Элдеринин Бүткүл дүйнөлүк Ассамблеясын Негиздөөчүлөр биринчи планга «Түркстандын тарыхый биримдигин» коюшат. Анткени мындай тарыхый биримдик Түрк Мамлекеттери биримдигинин эволюциясынын маанилүү бөлүгү же мезгили болуп саналат. Түркстан – бул Борбор Азия. Түркстан - бул прототүрк жана жалпы түрк дүйнөсү жаралган аймак болуп саналат. 1920 – жылы, Советтер Союзунун эволюциясынын алгачкы мезгили башталып жаткан учурда Борбор Азия элдеринин лидерлери бүткүл Түркстанды бириктире турган «Түрк тилдүү Элдердин Советтик Республикасын» түзүүнү каалашкан. Бирок Орусия алардын мындай аракетине тоскоолдук кылып койгон. Борбор Азия сыяктуу чоң аймактын (Борбор Азиянын аймагы дээрлик Орусиянын аймагына барабар) биригүүсүнөн корккон Кремль жогоруда айтылган демилгеге дароо тыйуу салган. Кийинчерээк мындай идеянын демилгечилери репрессияга кабылышкан. Белгилүү орус окумуштуусу жана чыгыш-таануучу В.В. Бартольд бул маселе тууралуу Кремлге кат жөнөткөн. Өзүнүн катында ал минтип жазган: «Түркстанды мажбурлап бөлүү – тарыхый жаңылыштык болуп саналат». Бирок Кремль бул окумуштуунун катына эч кандай мамиле же жооп билдирген эмес.

Советтик империя кулагандан кийин «Түркстан» идеясы кайрадан тириле баштаган. 1989-жылы Борбор Азияда «Түркстан» Элдик Кыймылы түзүлгөн. Москвада, Казакстанда жана Азербайжанда «Түркстан» деп аталган гезит, ал эми Швецияда «Борбор Азия» деп аталган журнал чыга баштаган. Кийинки жылдарда жалпы түрк элинин улуу уулу, дүйнөгө белгилүү жазуучу Чыңгыз Айтматов «Түркстан – биздин жалпы үйүбүз» деген демилге көтөргөн. Өзбек окумуштуусу Бахтияр Каримов тарабынан «Ортотүрк» тилинин методикасы даярдалган. Борбор Азиянын мекенчилдери өз аракеттерин «Туран» деп аталган түркизм кыймылы аркылуу улантышкан. Бул кыймыл бүткүл түрк дүйнөсүн жана Түркстанды бириктирген.

Түрк элдеринин «түпкү мекени» бардык чөйрөлөрдө Орусия жана Кытай сыяктуу чоң мамлекеттердин экспансиясынан коргонууга мүмкүнчүлүк алган. Бул аймактагы саясий-маданий интеграциянын геосаясий мааниси мына ушунда турган. «Түрк дүйнөсүнүн туруктуулук боюнча саясаты» евразия аймагындагы бардык мамлекеттерге жакшы шарт түзөт.

2007-жылы Түрк элдеринин Бүткүл дүйнөлүк Ассамблеясынын V съездинде айтылган ойлордун жана корутундулардын жалпы максаты төмөнкүдөй болгон: Түрк Мамлекеттер Бирлиги идеясын ишке ашыруу багытындагы аракеттер күчөтүлүшү керек, ошондой эле дүйнөдөгү түрк биримдигинин социалдык-адеп-ахлактык жана илимий-интеллектуалдык негиздерин күчөтүү зарыл. Аталган съездде практикалык иш-чаралар менен бирге бир нече гуманитардык долбоорлор да каралган. Аталган Ассамблея эзелтен бери түрк элдери жашап келген «тирүү борбордо», тактап айтканда тарыхый Улуу Жибек жолунда Туран шаарын негиздөө жана ошол шаарда «Көктүрк» монументалдык эстелигин тургузуу тууралуу чечим кабыл алган. Түрк элдеринин Бүткүл дүйнөлүк Ассамблеясынын съездинде кабыл алынган «Дүйнө Түрктөрүнө Кайрылуу» төмөнкү сөздөр менен аяктаган: «Көктүрк эстелиги жана Туран шаары - түрк элдеринин жана жалпы түрк цивилизациясынын көтөрүлүүсүнүн символикалык башталышы болот» [188, 98-б].

Кыргыз-Түрк Манас университетинде түзүлгөн «Түрк элдеринин Цивилизациясын Изилдөө Борбору» (TSAM) да түрк элдеринин цивилизациясына жана заманбап мезгилдеги өнүгүүсүнө байланышкан маселелерди изилдеп, тийиштүү долбоорлорду ишке ашырат [135]. Ушул борбор тарабынан чыгарылуучу «түрк элдеринин цивилизациясын изилдөө журналы» («Journal of Turkic Civilization Studies»), эл аралык дүйнөдөгү кадыр-барктуу басылмалардын бирине айланган [245]. Бул журналга чыгарылган макалаларда түрк цивилизациясы дүйнөлүк цивилизация мейкининде кандай орунду ээлерин жана түрк тилдүү улуттук мамлекеттердин эл аралык саясий-маданий аренадагы көз караштарын аныктоого байланышкан маселелерге көңүл бурулат [118].

Универсалдык баарлашууну жаратуу максатын көздөгөн *Түрк тилин ортолоштуруу* маселеси Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүүдө эң негизги нерселердин бири болуп саналат. Бул маселе Түркияда, Азербайжанда жана Борбор Азия республикаларында эчак эле талкууга алынып, тийиштүү адистер бул маселеге байланыштуу бири-бирине дал келген жана дал келбеген көз караштарды билдиришүүдө. 1968-жылы «The New York Times» гезитинин корреспонденти Дж.Л. Сульцбергер евразиялык түрк тилдүү элдердин жалпы тили маселеси тууралуу минтип жазган: «Эгер бүгүн кандайдыр бир

адам атка минип, Болгария мамлекетинен Чыгыш Кытайга чейин жөнөп, жолдо эс алган жерлеринде адамдар менен түрк тилинде сүйлөшсө, аны сөзсүз түшүнүшөт». Бул чындык баары тарабынан кабыл алынышы керек. Түрк элдери жараткан чынжырдын тогоолору бүгүнкү күндө Уйгурстандын борбору Урумчиге чейин созулуп жатат» [306]. Көк түрк империясы доорунан (VI век) бүгүнкү күнгө чейин Евразия аймагынын ортоңку бөлүгүнө чейин түрк тилинин панорамасы жогоруда айтылган сөздөгүдөй. Көп тилдүү мейкиндик болуп саналган Кавказда да акыркы кылымга чейин түрк тили жалпы эл тарабынан колдонулуучу тил болуп саналган. Түрк элдеринин бирдиктүү этносаясий системасынын бүтүндүгүн шарттаган *түрки* тили улуу түрк дүйнөсүнүн универсалдуу адабий тили катары Евразия аймагында көп кылымдар бою колдонулуп келген жана бул тилде түрк тилдүү элдердин жана дүйнөлүк маданияттын улуу жазуу эстеликтери жаратылган. Бирок буга карабастан тарых өз ишин жасаган: түрк цивилизациясы өнүгүп жаткан мезгилде байыркы түрк тили дифференциацияланып, Түрк Тилдер Байтобунун курамында белгилүү бир айырмачылыктары бар улуттук түрк тилдери пайда болгон. Ушундай эле процесстер башка тилдерде да пайда болгон. Бирок заманбап түрк тилдеринин тамырларынын негизинде түрк тилинин универсалдуу варианттарын калыптандырууга болот. Ушул нерсе түрк тилинин уникалдуулугун түзөт. Көптөгөн адистер дал ушул нерсеге таянып, «ортолоштурулган тилди» түзүү зарылдыгын айтышат. «Ортотүрк» же «Анатүрк» («ана» - «эне») тилинин методикасын түзгөн Бахтияр Каримов ушул маселени бардык жагынан изилдеп чыккан [188, 42-46-б]. НАНАнын мүчө-корреспонденти, Милли Межлистин маданият боюнча төр агасы, Азербайжандагы Ататүрк Борборунун жетекчиси профессор Низами Жафаровдун бул маселе тууралуу ойлору да абдан баалуу. Бул азербайжан окумуштуусу жалпы түрк тилине өтүүнүн бир нече варианттарын салыштырып, алардын ичинен эң оптималдуусун сунуштаган: «Заманбап түрк адабий тилдеринин арасынан бири (эң өнүккөн жана ортолоштурулган деген түшүнүккө дал келген) тандалып, ага анча-мынча жаңылыктар же өзгөртүүлөр киргизилип, андан кийин ал тил жалпы түрк тилдүү элдердин адабий тили катары кабыл алынат» [29, т.3, 118-119-б].

Бул маселе албетте абдан олуттуу түрдө жана кылдаттык менен каралып, бардык түрк мамлекеттеринин жана түрк элдеринин улуттук коомдорунун макулдугуна негизделиши керек. Түрк дүйнөсүнүн жана бардык түрк тилдүү элдердин талаптарына жооп бере ала турган натыйжага жетишүү зарыл. *Түрк Мамлекеттер Бирлигинде пайдаланыла турган ортолоштурулган түрк тили түрк мамлекеттеринин ортосундагы функционалдуу расмий тил боло алышы керек.* Бирок

ортолоштурулган тилди калыптандыруу – түрк элдеринин улуттук тилдеринен жана аларды жадагалса тар чөйрөдө пайдалануудан да баш тартуу дегенди билдирбейт. Анткени ар бир түрк элинин улуттук тили – анын тарыхы, жашоосу, тагдыры жана маданий жашоосунун негизи. Түрк цивилизациясынын коoздугу – түрк элдеринин улуттук тилдеринин ар түстүүлүгүндө жана ошол тилдерде жаратылган улуу маданияттарда жатат. Түрк элдеринин улуттук тилдери мындан кийин да өнүгүп, бай боло берет. Заманбап түрк тилдери бири-бирине ушунчалык жакын болгондуктан алардын негизинде ортолоштурулган түрк тилин жаратуу оор болбойт. Мындай ортолоштурулган түрк тили түрк элдеринин улуттук тилдеринин универсалдуу вариантына айланып, расмий-маданий өз ара мамилелерде колдонулушу керек. Чет элдиктер ушундай ортолоштурулган универсалдуу түрк тилин үйрөнүп, бүткүл түрк дүйнөсүн кыдыра беришет. Түрк дүйнөсүнүн универсалдуу тилин кийинчерээк БУУ уюмуна эл аралык баарлашуунун расмий тилдеринин бири катары сунуштаса да болот.

БУУнун Билим, Илим жана Маданият боюнча Уюму акыркы жылдарда түрк цивилизациясы тарабынан дүйнөгө тартууланган материалдык жана маданий эстеликтерге кылдат мамиле жасап, жалпы түрк маданиятынын классиктеринин юбилейлерине арналган эл аралык деңгээлдеги иш-чараларды өткөрүп жатат. Мындан ары да жалпы түрк дүйнөсүнүн гуманитардык саясаты дүйнөлүк маданиятка концептуалдык идеяларды тартуулап, өзүнүн конструктивдүү көз караштарын билдирип турарында эч кандай күмөн жок. Тил, ой жүгүртүү жана маданият чөйрөсүндөгү жакын мамилелер жалпы түрк маданий системасынын ички органикасын түзүп, аны ар кандай жаңылыштыктардан сактайт. *Гуманитардык ой жүгүртүүгө жана универсалдуу ишмердүүлүккө байланышкан консенсус жараткан* органика маданияттар аралык мамилелердин өнүгүүсүнө түрткү берүүчү негизги жана эң күчтүү нерсе болуп саналат. Мындай органиканы сактоо - Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү идеясынын ишке ашуусуна жетишүү дегенди билдирет. Улуу максатты ишке ашыруу үчүн биринчи кезекте жалпы түрк элдеринин тарыхын даярдап, жалпы түрк тилин түзүп, анын алфавитин үйрөтүү керек, андан тышкары жалпы түрк маданияты жана цивилизациясы тууралуу негиздүү эмгектерди даярдап, аларды жайылтуу керек, ошондой эле түрк элдерине таандык ой жүгүртүү түрүнүн жана түрк элдеринин адеп-ахлактуулугунун артыкчылыктарын чагылдырган чыгармаларды чыгаруу керек. Мындан тышкары түрк философиясынын тарыхын даярдап, түрк элдеринин ар түрдүү чөйрөлөрүндөгү көйгөйлөрүн чагылдыруучу басма органдарынын ассоциациясын түзүү зарыл. Ал эми биздин милдетибиз – ушундай иш-аракеттерди улантуу жана өнүктүрүү.

## 20. ШЕРИКТЕШТИКТИН ИДЕОЛОГИЯСЫ ЖАНА КОНЦЕПТУАЛДЫК ПРИНЦИПТЕРИ

Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү максатына байланышкан гуманитардык саясаттын концептуалдык негизин идеология түзөт. Түрк элдеринин классикалык саясий-идеологиялык маданиятынын улуу салттарына негизделген ***түркизм идеологиясы*** жөнүндө бир тараптуу жана жаңылыш көз караштар бар болгондугуна карабастан ал жалпы түрк элдеринин гуманитардык саясатынын негизги идеясы болуп саналат. Классикалык түркизм идеясы оор жагдайда жаралган: ал мезгилде түрк тилдүү элдердин көпчүлүгү империялардын карамагында кысымга алынып турушкан. Бирок аталган идея көтпөгөн кыйынчылыктарга карабастан түрк дүйнөсүнүн көз карандысыздыгы жана биримдиги үчүн баа жеткис роль ойногон. Классикалык түркизмдин эстафетасын өзүнө өткөрүп алган заманбап түркизм идеясы бүгүнкү күндө Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү процессинин идеологиялык флагманы болуп саналат. Биздин заманыбызда болуп жаткан саясий процесстер татаал жана көз карандысыз түрк мамлекеттеринин интеграциялык тенденцияларына тоскоолдук кылуучу нерселер да көп. Түрк дүйнөсүнүн биригүүсүнө тоскоолдук кылууну каалаган күчтөр жигердүү аракет кылып жаткан ушундай оор жагдайда бирдиктүү жана туруктуу саясий-идеологиялык абалды жана көз карашты калыптандыруу иш-аракеттери өтө чоң мааниге ээ. Азыркы мезгилде түркизм идеясын ой жүгүртүүнүн бүтүн жана бирдиктүү идеологиялык системасы катары калыптандыруу зарыл болуп жатат. Түрк мамлекеттеринин шериктештиги жөнүндө концептуалдык идеологияны дал ушундай идеологияга жана чогулган тажрыйбага таянып ишке ашырууга болот. Заманбап түркизм идеологиясынын негизги тапшырмасы – түрк мамлекеттеринин көз карандысыздыгына зыян келтирүү, алардын үстүнөн үстөмдүк кылуучу мамлекетти жаратуу жана конфедерация түзүү максаттарын көздөбөгөн Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү болуп саналат. Мындай бирлик эл аралык системанын көз карандысыз субъекттеринин шериктештик биримдиги болот. Түркизм идеологиясы эгемендүү түрк мамлекеттеринин улуттук идеологияларына (мисалы, бизде азербайжанчылдык идеологиясы) каршы турбайт, тескерисинче, ошол улуттук идеологиялардын биримдикке байланышкан негизги максаттарын бириктирүүчү **интегралдык идеология** болуп саналат.

*Түрк мамлекеттер ортосундагы шериктештик боюнча концептуалдык идеологиянын негизги максаттары төмөнкүдөй: 1) жалпы түрк мамлекеттүүлүгүнө байланышкан тарыхый –фундаменталдык принциптерге жана баалуулуктарга таянуу; (2) көз карандысыз түрк мамлекеттеринде улуттук идеологияларды өнүктүрүү; (3) түрк тилдүү республикаларда Бирлик түзүүгө байланышкан мамилелерди жана иш-аракеттерди изилдөө жана аларга түрткү берүү; (4) саясий бийликтин универсалдуу гуманитардык-идеологиялык платформасын даярдоо; (5) мамлекеттер аралык консолидацияны бекемдөө менен бирге чет өлкөлүк идеологиялык провокацияларга каршы системалуу жана ырааттуу күрөш уюштуруу; (6) түрк элдеринин жана алардын диаспоралык уюмдарынын арасында идеологиялык тилектештиктин камсыздалышына жетишүү жана түркисттик көз карашты прагматикалык нукка багыттоо; (7) Эл аралык коомчулукту Түрк Мамлекеттер Бирлигинин түзүлүүсүнө даярдоо; дүйнө өлкөлөрү жана эл аралык уюмдар тарабынан түрк мамлекеттеринин шериктештигине колдоо көргөзүлүшүнө жетишүү жана ал үчүн тийиштүү иш-аракеттерди жасоо жана ушул жолдогу бардык коркунучтарды алсыздандыруу, жаңы жана күчтүү саясий бирикме түзүү аркылуу глобалдык өзгөрүүлөрдүн пайда болушуна түрткү берүү.*

Эгер биздин, тактап айтканда, түрк элдеринин ата-бабалары жараткан килейген мамлекеттер жана империялар түрк элдерин гана эмес, Евразиянын башка көптөгөн улуттарын жана этносторун көп кылымдар бою бирдиктүү саясий, идеологиялык, диний жана цивилизациялык системага ийгиликтүү түрдө бириктирип келишсе, эмне үчүн бүгүнкү күндө дүйнө жүзүндө жашап түрк элдери ошондой бirimдикке Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү аркылуу жетише албайбыз?! Европа элдеринин жана мамлекеттеринин өз убагында бирдиктүү бир системага биригүүгө негиздери жана себептери бар болгон болсо, бизде, тактап айтканда түрк элдеринде жана мамлекеттеринде бүгүнкү күндө бирдиктүү бир системага биригүү үчүн олуттуу себептерибиз жана негиздерибиз андан да көбүрөөк. Биздин мамлекеттерибиздин ортосунда Европа мамлекеттеринен айырмаланып кандуу согуштар болгон эмес жана бул нерсе биздин эң чоң артыкчылыгыбыз жана бизди айырмалоочу белги болуп саналат. Биз килейген бир империядан бөлүнүп, көз карандысыздыкка ээ болуп, улуттук мамлекет жана мамлекеттүүлүк куруу жолунда келе бирге жатабыз. Биз өзүбүздүн бир-бирибизге созгон колдорубузду дароо эле кыса кармадык. Биз бир-бирибизге жакындап, бир туугандык сезимдерин сезе баштагандан кийин олуттуу бир ички тоскоолдуктарга кабылган эмеспиз. Эгер тарыхый процесстердин бардык логикасы бизди биригүүгө жетелеп жатса, анда эмне үчүн биз андан

баш тартышыбыз керек?! Эмне үчүн биз Европа Бирлигине жана НАТОго кусалык сезимдери менен карап, ушул сыяктуу дүйнөлүк альянстарга же биримдиктерге суктанып отура беришибиз керек?! Эмне үчүн биз Өзүбүздүн Кубаттуу Биримдигибизди дүйнөлүк аренага алып чыкпашыбыз керек?! Азыркы учурдагы глобалдык саясий жагдай бизге чечкиндүү болушубуз керек экендигин жана Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү жолунун башында токтоп калбашыбыз керек экендигин ачык көргөзүп жатат. Биз ушул жолдо пайда боло турган көп маселелерге жана көйгөйлөргө даяр болуп, саясий-идеологиялык компастын жебесин туура нукка багытташыбыз керек. Биз улуу биримдикке карай чогуу жүрүп келе жатабыз жана бул жолдун «гуманитардык» баскычын басып өтүп, саясий, экономикалык жана аскердик чөйрөлөрдө шериктештиктин айрым негиздерин түзүп койдук. Бирок Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүүгө жана аны түзүүнүн системалык механизмдерин иштеп чыгууга жооптуу болгон саясий субъекттер менен толук макулдашылган бирдиктүү бир программалык долбоор азырынча жок. Алдыда чечиле турган маселелер, алардын ичинде консенсуска келүү маселеси да турат. Ал эми убакыт бизди күтпөйт. Аткарылган иш-аракеттердин көлөмүн көбөйтүп, саясий, экономикалык жана аскердик чөйрөлөрдө кызматташууга багытталган иш-аракеттердин системалык-концептуалдык бөлүгүнө өтүүгө убакыт келди. ***«Чоң болууну же чоңоюуну каалабаган улуттар дайыма кичинекей болуп жүрүүгө аргасыз болушарын»*** биз эч качан унутпашыбыз керек [101, 67-б]. Ушул афоризмдин автору Незми Чора Түрк Мамлекеттеринин Биригүүсүнө арналган өзүнүн баалуу китебинде («Түрк мамлекеттер Биримдиги» – «Birleşik Tьrk Devletleri») көптөгөн маселелерди жана түрк мамлекеттеринин биригүүсүнө алып баруучу процесстердин саясий-идеологиялык моменттерин кылдаттык менен изилдеп, маанилүү тыянактарды жасаган. Незми Чора Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү максатын көздөгөн түркизм идеологиясына таянып, ар бир улут чет өлкөлүк армиялардан жеңилерден мурда моралдык-идеялык жактан эзилүүгө кабылат. Башкача айтканда, руханий же моралдык жактан жеңилген же моралдык абалы оккупацияланган элди аскердик армия аркылуу жеңип алуу оңой болуп калат. Ошондуктан биринчи кезекте идеологиялык жактан кыйрагыс жана бекем көз карашты калыптандыруу зарыл. Түрк тилдүү өлкөлөр өздөрүнүн келечегин адегенде моралдык жактан абдан бекем курулган сепилдердин үстүнөн карап, жеңилбес рухий же моралдык абалга ээ болушу керек. «Бардык түрк тилдүү мамлекеттерди бириктирген түркизм идеологиясы, биримдик же биримдик күчү деген түшүнүк жагынан алып караганда, бардык улуттардын алдында жана үстүндө турушу керек. Биздин улуттук идеологиябыздын аталышы – түрк биримдиги. Тюркизм идеясы түрк

элдеринин үстүнөн көтөрүлүү үчүн эмес, тескерисинче түрк элдерин көтөрүү үчүн кызмат кылат. Эгер коомдо өз жанын аябаган адамдар көп болсо, ал коом сөзсүз өнүгөт» [101, 53-б].

Незми Чора «кем баалуулук комплексинен», ошондой эле дүйнөгө жана айланада болуп жаткан окуяларга, жана эң негизгиси өз келечегине карата карата кош көңүлдүктөн кутулуу зарыл экендигин айткан. Ал улуттук ой жүгүртүүнү дайыма жогорку моралдык сапаттар менен тазалап турууга, бөтөн таасирлерге, «сырткы жактан алып келинген же импорттолгон ойлорго» кабылбаган таза улуттук идеологияга таянууга, жана улуттук идеологиялардын баалуулуктарын дайыма өнүктүрүүгө жана модернизациялоого чакырган. Ал түрк элдеринин жеңип алууларына байланышкан мисалдарга таянып, түркизмдин жогорку технологияларга жана глобалдык таасирдүүлүккө байланышкан жаңы императивдерди сунуштаган. Ал бул тууралуу минтип айткан: «Улут өзүнүн жашоосу жана көтөрүлүүсү үчүн (автор ушул термин менен бүткүл түрк тилдүү элдерин айтып жатат – Ж. Ф.) баарынан мурда бир Жүрөктөй согуп, бир үн жана бир жан сыяктуу бирдиктүү жана тең болуусу кажет. Бүгүнкү күндө Түрк Элдери баштарынан көптөгөн кыйынчылыктарды кечиргенине карабастан дагы деле дүйнөдөгү эң чоң элдердин бири болуп саналат. Дунайдан жана Балкан тоолорунан баштап Кытайга чейинки бардык аймактарда биз түрк элдерин жолуктурабыз. Аталган аймактардын башынан аягына чейин түрк тилдүү элдер жашаган жерлерден гана өтөбүз. Ушул улуу элдер тарабынан жасалган улуу иштер жана монументалдык эстеликтер бул элдердин бекемделип, күчөшүнөн кооптонгон жана бул аймакта өз кызыкчылыктары бар чет элдик күчтөрдү тынчсызданырууда. Ошондуктан алар түрк элдеринин өнүгүүсүнө тоскоолдук кылуу максатын көздөп, биринчи кезекте биздин улуттук биримдигибизди жана бүтүндүгүбүздү кыйратууну каалашат. Ал үчүн алар элдер арасында провокациялык материалдарды жайылтып, провокациялык иш-аракеттерди ишке ашырышууда. Түрк элдеринин биримдигин бекемдеп, түрк дүйнөсүн өнүктүрүү үчүн ар бир түрк эли биримдикти, теңдикти сактап, бизди урушттуруп, бөлүүгө багытталган ар бир аракетти токтотушу керек. Биздин биримдигибизге каршы колдонулган провокациялык пландардын башында жердешчилик деген түшүнүк турат. Түрк элдери өздөрүнүн өнүгүүсүнө салым кошуу үчүн баарынан мурда өздөрүнүн Улуттук Кадыр-баркына жана Улуттук Маңызына кайрылышы керек» [101, 64-б]. Незми Чоранын чын жүрөктөн айтылып, улуттук ой жүгүртүүгө жана көк түрк тамырларына байланышкан терең салтка негизделген сөздөрү анык чындык болуп саналат.

Бирок Незми Чоранын дүйнөлүк түркизм идеясына чоң салым кошкон бул чыгармасында кайгы сезимин жараткан бир нерсе бар.

Аны белгилеп кою зарыл. «Түрк Мамлекеттер Биримдиги» деп аталган китептин түбүндөгү аталышы «Түркиянын Бириккен Мамлекеттери» деп жазылып калган. Бул эки аталыш таптакыр башка маанилерди билдирет. Бир мамлекет үстөмдүк кылган биримдикти башка мамлекеттер толук кандуу кабыл алышпастыгын дүйнөнүн баары, ошонун ичинде түрк элдери да жакшы билишет. Түркия мамлекети Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүүдө жана түрк тилдүү өлкөлөрдүн башына кыйынчылык түшкөндө аларга жардам көргөзүүдө абдан чоң роль ойнойт, бирок бир да түрк тилдүү мамлекет жаңы Бирлик «Түркиянын Бириккен Мамлекеттери» деп аталышына макул болбойт. Өз саясатын жана жүрүм-турумун кылдаттык менен ойлонуштуруп, жалпы түрк дүйнөсүнө жана эл аралык коомчулукка карата дайыма конструктивдүү саясат жүргүзүп, субъективдүүлүктөн жана жаңылыш иш-аракеттерден сактанып келген Түркия мамлекети мындайга барбайт. Түркиянын расмий саясатында түрк дүйнөсүнүн биримдигине байланышкан ачык жана прагматикалык критерийлер, ошондой эле ачык принциптер каралган. Ошондуктан кандайдыр бир тыянак чыгаруудан мурда жакшыраак ойлонуу абзел. Анткени бизге белгилүү болгондой, түрк дүйнөсүнүн сырт жагында Түрк мамлекеттеринин шериктештигин бузууга багытталган саясий-идеологиялык лабиринттик оюндар иштелип чыккан. Мындай жагдайда Түркияны «Бириккен Мамлекеттердин борбору» деп атоо аркылуу душмандарга бизди араздаштыруу үчүн себеп түзүп бербеш керек. Ансыз деле батыштык (жалпысынан түрк дүйнөсүнө таандык эмес бардык күчтөр) аналитиктер заманбап Түркиянын түрк дүйнөсүндөгү жана жадагалса ислам өлкөлөрүндөгү кризистерди жоюуга багытталган тышкы саясатына баа берип жатып, Түркиянын мындай гуманитардуу аракеттерин «Осмон империясын калыбына келтирүү» аракети деп аташууда («Neoottomanism») [216]. Демек, эл аралык коомчулукта түрк тилдүү элдердин биримдигине тиешелүү маселелерге карата азыртан эле туура мамилени калыптандыруу керек. Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү идеясы эл аралык коомчулук тарабынан Түркия мамлекетинин гана эрки эмес, бардык түрк мамлекеттеринин ыктыярдуу жана биргелешкен эрки катары каралышы керек жана бул нерсе чындык болуп саналат. Ошондо гана биздин Бирлигибиз эл аралык укук системасынын принциптеринин алкагында бир системага келтирилерине ишеним пайда болот.

Түрк дүйнөсүнүн геосаясий мейкиндиги абдан кенен болгондуктан жана ар түрдүү факторлордун таасири астында эволюцияга кабылгандыктан бул аймакта калыптанган саясий-идеологиялык системаларда белгилүү бир айырмачылыктар пайда болгон. Тарыхый өнүгүү процессинин мыйзам ченемдүүлүктөрүнө жараша бул гео-

саясий мейкиндиктин Батыш жана Чыгыш канаттары калыптанган. Түрк дүйнөсүнүн Чыгыш геосаясий мейкиндиги Монголиядан Каспийге чейинки аймакты, татап айтканда азыркы учурда Борбор Азия деп аталган Түркстанды камтыйт. Ал эми Батыш геосаясий мейкиндиги Каспий деңизинен Балканга чейинки аймактарды камтыйт. Бүгүнкү күндө ушул эки канатта тең Түрк Мамлекеттер Биригин түзүүгө карата каалоо жана эрк бар. Бирок ошол эле учурда бул эки канатта бири-биринен айырмаланган айрым көз караштар, чечкинсиздик учурлары, жадагалса таптакыр башка интеграциялык процесстерге кошулууга умтулуулар бар экендигин да жокко чыгаруу мүмкүн эмес. Түрк дүйнөсүн бириктирүү боюнча интеграциялык долбоорлорго, биргелешкен иш-чараларга жана айрыкча биргелешкен институционализация процесстерине кээде түрк республикаларынын баары бирдей катышпай жаткандыгын жана кээ биринин катышпагандыгын да көрүп жатабыз. Мисалы, Түрк Мамлекеттердин Кызматташуусу боюнча Кеңештин 2012-жылы август айында Кыргызстандын борбору Бишкекте өткөрүлгөн Экинчи Саммитинде [42] түрк мамлекеттеринин интеграциясына карай абдан маанилүү кадам жасалган, тактап айтканда, ***түрк өлкөлөрүнүн БИРДИКТҮҮ БАЙРАГЫ кабыл алынган!*** Түркиянын тышкы иштер министри Ахмет Давутоглу бул байрак өзүнө төрт түрк республикаларынын – Казакстандын, Кыргызстандын, Түркиянын жана Азербайжандын мамлекеттик байрактарынын элементтерин чагылдырарын айткан. Бирок тилекке каршы, Түркмөнстан жана Өзбекстан ушундай тарыхый окуянын катышуучулары жана шериктери болбой калышкан. Демек ушул эки түрк республикалары Түрк Мамлекеттердин Кызматташтыгы боюнча Кеңешке кошулушкандан кийин түрк элдеринин бирдиктүү байрагын кабыл алуу маселесин кайрадан карап чыгууга туура келет…

Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү процессине катышып жаткан Түрк тилдүү республикалар аймактык жана эл аралык интеграциялык окуяларга карата ачык жана так мамилени билдириши керек. Чындыкты айтуудан коркпоо керек: эгер Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү - биздин негизги жана түпкү максатыбыз болсо, биз ушул максатыбыздын ишке ашуусуна тоскоолдук кыла турган башка шериктештик долбоорлорго кошулуу аркылуу өзүбүздү өзүбүз алдабашыбыз керек. Албетте ар бир мамлекет эгемендүү укуктарга ээ жана мамлекеттер аралык мамилелерде өз позициясын билдирет. Бирок ***эгер Түрк Мамлекеттер Бирлиги Евразиялык түрк аймагынын (ЕТР) Келечеги жана Тагдыры деген маанини билдирсе,*** анда ага карата мамиле да бир маанилүү болууга тийиш. Түрк дүйнөсүнүн Чыгыш жана Батыш канаттары (Борбор Азия – Казакстан, Өзбекстан, Түркмөнстан, Кыргызстан, Кавказ жана Кичи Азия –

Азербайжан, Түркия, Түндүк Кипр Түрк Республикасы) бирдиктүү саясий платформаны карманышы керек. Эгер практикалык жактан карай турган болсок, түрк дүйнөсүнүн Чыгыш геосаясий канатындагы Борбор Азиянын түрк республикаларынын позициялары бир-бирине абдан жакын экендигин көрөбүз. Батыш канатындагы Азербайжан, Түркия жана Түндүк Кипрдеги түрк Республикасы да түрк дүйнөсүнүн Бирлиги жана анын перспективалары тууралуу бирдей көз карашка ээ. Демек, түрк дүйнөсүнүн бөлүктөрүнүн ортосундагы консенсус Бирликтин тагдыры үчүн чечүүчү мааниге ээ. Түрк республикаларынын ортосундагы шериктештик тууралуу концептуалдык идеологияда дал ушул сезимтал нерсеге өзгөчө көңүл бурулушу керек. Бүгүнкү күндө өзүн Евразиянын гегемону деп эсептеген Орусия Федерациясы постсоветтик өлкөлөрдү Көз Карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинен (КМШ) чыгарбоо үчүн өзүнүн бардык аракеттерин жасап, аларды маңызы боюнча КМШдан айырмасы болбогон Евразия Бирлигине тартууга умтулуп жатат. *КМШ уюму СССР кулаган күндө* - 1991 – жылы 8-декабрда Беловеждик Келишими менен түзүлгөн. Бүгүнкү күндө Грузия менен Прибалтика өлкөлөрүнөн башка бардык постсоветтик республикалар (түрк тилдүү республикалар да) КМШнын мүчөлөрү болуп саналат. Евразия бирлиги 2011-жылы 12-ноябрьда Орусия, Беларусь жана Казакстан мамлекеттери тарабынан кол коюлган Декларациянын негизинде калыптана баштаган. Андан кийин Евразия Бирлигине Кыргызстандын жана Тажикстандын талапкерлиги бекитилген. Казакстандын Президенти Нурсултан Назарбаев 2012-жылы 23-майда Астанадагы Экономикалык Форумда Евразия Бирлигинин келечегине үмүт билдирип, бул тууралуу төмөнкүдөй сөздөрдү айткан: «Биз 2025-жылга чейин Евразия Экономикалык Бирлигин түзүүгө жетишебиз» [179]. «Евразия бирлигин дүйнөлүк интеграциялык биримдиктерге байланыштырган» Нурсултан Назарбаев мырза ошол эле учурда ар түрдүү саммиттерде түрк тилдүү элдердин жана өлкөлөрдүн биримдигин түзүү жана бекемдөө боюнча чечкиндүү жана негиздүү билдирүүлөрдү жасап келүүдө. Түркиянын премьер-министри Режеп Тайип Эрдоган 2013-жылдын февраль айында Түркия-Европа Бирлиги деп аталган Экономикалык Консультативдик Комитетте сүйлөгөн сөзүндө төмөнкүдөй билдирүү жасаган: «Биз Европа Бирлиги үчүн жүк болууну каалабайбыз, биз Европа Бирлигинин жүгүн өзүбүзгө алабыз». Премьер бул тууралуу минтип да айткан: «Түркия мамлекети Европа Бирлигине кирүүгө толук даяр» [104]. Режеп Тайип Эрдоган мырза түрк дүйнөсүнүн интеграциясын тереңдетип жаткан эң таасирдүү саясатчылардын бири болуп саналат. Мына ушул нерселерге карата төмөнкү дилемма пайда болбой койбойт: Түрк дүйнөсүнүн эки эң чоң мамлекеттери болуп

саналган Түркия жана Казакстан мамлекеттери түрк республикаларынын ортосундагы кызматташтыкка жана шериктештикке абдан чоң маани беришип, андан тышкары ушул процессти жетектешип, бирок ошол эле учурда өздөрүн Европа Бирлигинин жана Евразия Бирлигинин курамы катары карашарын кантип түшүндүрсө болот?! Эгер Түркия мамлекети Европа Бирлигине мүчө болуп кирсе, ал эми Казакстан жана аны менен кошо бардык борбор азиялык түрк тилдүү республикалар да Орусиянын протекциясы астындагы Евразия Бирлигине киришсе, Түрк Мамлекеттер Бирлиги идеясын ишке ашыруу мүмкүн болобу?! Мындай учурда кийинкиге калтырбастан жана чечкиндүү түрдө приоритеттик багытты тандоо зарыл. Европа Бирлиги канчалык жагымдуу жана кубаттуу болуп турса да, жана биримдикти Евразия Бирлигинин моделинде калыптандыруу канчалык оңой көрүнсө да, алардын бири да Улуу Түрк Тарыхынын шооласынан жаралган Түрк Мамлекеттер Бирлигин алмаштыра албайт! Түрк Мамлекеттер Бирлиги идеясын ишке ашыруунун азыркы учурдагы татаал мезгилинде тарыхый миссиябызды тагдырдын колуна тапшырып койгонубуз болбойт. Эгер ушул мезгилде биз дезинтеграцияны жеңе албастан күңүртүккө кирип кете турган болсок, анда Евразиядагы түрк тилдүү элдердин заманбап тарыхын кайрадан башка күчтөрдүн астына таштап салган болобуз. Түрк Мамлекеттер Бирлиги идеясын ишке ашырууга караганда Европа Бирлигине же Евразия Бирлигине мүчө болуп кирүү албетте оңой. Түрк Мамлекеттер Бирлигинин түзүлүүсүнө алып баруучу жол татаал жана көптөгөн көйгөйлөрдүн чечилишин талап кылат. Улуу державалар менен бетме-бет туруп, алардын каршылыктарын сындырып, алар менен чоң күрөшкө түшүүгө туура келет. Бирок ошого жараша Түрк Мамлекеттер Бирлиги ишенимдүүрөөк, перспективалуураак жана мыктыраак болору шексиз! Жана эң негизгиси, ***мындай биримдик биздин өзүбүздүн бирлигибиз болот!*** Ал Европанын же Орусиянын протекциясы астында болбойт!

Ошондуктан Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү үчүн чечкиндүү жана ишенимдүү түрдө күрөшүү зарыл. Түрк өлкөлөрүнүн ортосунда бекемделген мамилелерди андан да көбүрөөк өнүктүрүп, бардык тоскоолдуктарды так аныктап, эч кандай кыйынчылыктардан коркпостон чечкиндүү түрдө алдыга карай жылуу зарыл. Бизди Түрк Мамлекеттер Бирлигине алып баруучу саясатты туруктуу түрдө өнүктүрүп, идеологиялык позицияларыбызды бекемдеп, жакшыртылган илимий-гуманитардык концепцияларды ишке ашырып, жаңы тарыхый жагдайларга жараша жаңы саясий-идеологиялык технологияларды ишке ашыруу зарыл. Дүйнөнү бир борбордон (же бир нече борбордон) башкаруунун, тактап айтканда үстөмдүк кылуучу глобалдык башкаруунун негизги максаты – планетада идео-

логиялык жана аскердик үстөмдүккө жетишүү. Мындай үстөмдүккө жетишүү үчүн заманбап дүйнөдө жадагалса «идеологиялардан баш тартуу» боюнча контрсаясий пландар иштелип чыгууда. Цивилизациялар аралык мамилелердин начарлашы жана идеологиялар ортосундагы тирешүүлөр ушундай контрсаясий пландарга себеп же шылтоо катары пайдаланылып жатат [262, 53-б, 125-222]. Ушундай көз карашты калыптандырып, улутчулдук идеологиясын негиздөөгө аракет кылган адамдардын бири, америкалык стратег С.Р. Хантингтон бул тууралуу минтип жазган: «Азия – цивилизациялардын кайнаган казаны» [262, 53-б, 219]. Башкача айтканда, азиялык цивилизациялардын ортосунда ырайымсыз күрөш жүрүп жатат. Эгер баары чынында эле ушундай болсо, анда Хантингтондун сөздөрү Азия (же башка бир континент) ар түрдүү цивилизацияларга таандык болгон мамлекеттердин улуттук идеологиялары «кайнаган казан» дегенди билдирет. Идеологиялар улуттук кызыкчылыктардан өсүп чыгат. Улуттун эрки жана улуттун маңызы анын идеологиясында байкалат [236, 57-73-б]. Улуттук мамлекеттер кандайдыр бир эл аралык бирикмелерге кошулушканда алардын идеологиялары начарлабайт, тескерисинче жигерденип, ийкемдүүлүк сапатына ээ болушат. Көп цивилизациялуу жана көп полюстук дүйнөлүк системада улуттук кызыкчылыктардын идеологиялары үчүн кенен талаа пайда болууда. Шериктештик идеологиясы өзүнө заманбап мезгилдин сапаттарын камтышы керек. Бул процесс прогрессивдүү мүнөзгө ээ экендигине демократиялык дүйнө ошондо гана ишенет. Жаш түрк республикалары мыкты демократиялык системалар менен позитивдүү жана тең укуктуу түрдө кызматташа алышы керек. Алар *европалык демократия менен азиялык демократиянын синтезин* же кошулуусун иш жүзүндө көргөзө алышы керек. Бул оңой иш эмес. Анткени ушул убакытка чейин Азия аймагы эл аралык коомчулук тарабынан «патриархалдык коомдор» катары каралат. Ошондуктан демократиялык Түркиянын демилгелери, айрыкча Азиянын саясий-идеологиялык системаларын модернизациялоо идеясы эл аралык коомчулук тарабынан жакшы нерсе катары каралууда [203, 90-93-б]. Түрк тилдүү өлкөлөрдүн ортосундагы шериктештикке коркунуч пайда кыла турган нерселердин катарына төмөнкү эки процесстерди кошууга болот: Евразияда үстөмдүк кылууга умтулган күчтөрдүн «жогорку жактан» провокациясы жана «төмөнкү жактан» радикалдуу диний-идеологиялык экстремизмдин провокациясы. Булар экөө тең бирдей коркунучтуу: булардын бири аскердик базалардын жардамы аркылуу аймакты өз көзөмөлүнө алууну каалаcard, экинчиси фанатизмди күчөтүү аркылуу көзөмөлдү өз колуна алууну каалайт. Булардын кагылышуусу өтө коркунучтуу. Афганистандагы жагдайды буга мисал катары келтирүүгө болот. Түрк

дүйнөсү ушундай кагылышуунун учкундарын өз аймагына түшүрбөөгө аракет кылышы керек! Түрк элдеринин мүнөзү менен жаралган «Акылмандуулук империясы» [292, 244-259-б мындай нерсенин орун алуусуна албетте жол бербейт: «түрк дүйнөсүнө таандык прагматизм» жана түрк элдери өздөрү түрк дүйнөсүнө паранжаны жамынган орто кылымдык теократиянын жана демократияны жамынган заманбап империализмдин кирүүсүнө жол бербөөгө жөндөмдүү экендигин көргөзүшү керек.

Түркизм идеясынын этико-экологиялык баалуулуктарын коргоо жана өнүктүрүү багытында аткарыла турган иштер дагы көп. Орто кылымдардын алгачкы мезгилдеринен баштап заманбап доорго чейин Евразиянын жеңип алуучулары болуп келген түрк элдери жөнүндө алардын жакын жана алыс кошуналары ар кандай жалган нерселерди ойлоп чыгарып келишкен. Түрк элдери адамдарга жана бүткүл элдерге карата ырайымсыз мамиле кылган жана жадагалса «армян элине карата геноцид» жасаган деп айыптоо үчүн алар мүмкүн болгон бардык нерселерди пайдаланышып, бүгүнкү күндө деле ушул багытта аракет кылып келишүүдө. Эң таң калычтуусу, европалык көрүнүктүү интеллигенттердин жана классикалык француз агартуучулардын бири болуп саналган Монтескье түрктөрдү «дүйнөдөгү эң ыплас адамдар» деп атаган [124, г.2, 192-б]. Салыштырып көрүү үчүн түрк элдеринин ички жана сырткы сулуулугу тууралуу Низаминин, Гётенин, Пушкиндин жана Лермонтовдун айткан сөздөрүн эстеп көрсөк болот. Ал эми Вольтер «Түрктөр ак саргыл славян кыздар кандай экендигин билген соң өздөрүнүн курсактарын тойгузуш үчүн алардын сандарынын бир бөлүгүн кесип жешкендиги» жөнүндө «романтикалык сценаларды» коюшкан [147, 174-176-б]. Европалыктар өздөрү деле лорд Гладстондун 1876-жылы Улуу Британиянын парламентинде чыгып сүйлөгөн сөзүндө бир да чындык жок экендигин моюнга алышат. Лорд Гландстон өзүнүн ошол сөзүндө минтип айткан: «Түрктөр адамзаттын адамдык эмес үлгүлөрү болуп саналат. Биз өз маданиятыбызды түбөлүк сактоо үчүн аларды Азиянын талааларына кууп жиберишибиз керек же болбосо Анатолияда жок кылышыбыз керек... Куран жок болмоюнча мындай кандуу айбанчылыктар Жер шарында дайыма болуп турат» [136, 5-б9]. Ушул сөздөрдүн авторунун өлкөсү – Улуу Британия – планетардык колониализмдин негиздерин түзгөн батыштык империализмдин эң коркунучтуу механизмдерин иштеп чыгып, аларды ырайымсыз пайдаланган мамлекет болуп саналат. Бул мамлекет ошол эле учурда дүйнөлүк тарыхтагы эң массалык расалык геноциддин негизин түзгөн. Австралияга жакын Тасмания аралында өзүнүн колониясын түзгөн Британия 1833-жылы ал жердеги жергиликтүү тургундарды кырып жок кылып, алардын санын 300 гана

адамга чейин азайткан [295, т.1, 141-173-б]. Заманбап мезгилдин акыркы авантюраларынын бирин да белгилеп коюу зарыл, анткени ал тарыхты каралайт. Ал авантюра төмөнкү нерседе: көптөгөн түрк тилдүү элдер жашаган Орусия Федерациясынын орто мектептеринде «Ата-мекен Тарыхы» деген сабак окутулат [163, сүрөт - 3]. 6-класстарга окутулуучу окуу китебинде «Монгол-татар баскынчыларынын жырткычтыктары» деген сүрөт тартылган. XIII – кылымдагы англиялык түшүнүгү тар кишинин «чыгармасы» болуп саналган бул сүрөттө Вольтердин фантазиясынын же апыртмасынын башкача бир түрүн көрүүгө болот: монгол-татар жапайылары адамдарды жебелер менен өлтүрүп, аларды экиге жара чабып, алардан шишкебек жасап, аларды абдан сонун табит менен жеп жатышат... Орусиянын Билим берүү Министрилиги ушундай кара санатай ой менен тартылып, эч кандай көркөм өнөрдүк-тарыхый баалуулукка ээ болбогон мындай «кастык сүрөттү» окуучуларга жана коомчулукка көргөзүү аркылуу өз өлкөсүнүн окуучуларына гуманизмди үйрөтүп жатабыз деп ойлоп жатабы?! Ушундай нерсе «заманбап» орусиялык ой жүгүртүүнүн «агартуучу миссиясыбы?! Негизи оор күнөөлөрдү жана кылмыштарды жасагандар өздөрү жасаган иштердин баарын бирөөгө жүктөп коюуга аракет кылышат. Дайыма ушундай болуп келген. Англичандар чоң масштабда жасаган нерселерди армяндар кичинерээк масштабда жасашты. Бардык масштабдагы экспансионисттик жана оккупациялык саясатты кыраакылыкты жана сергектикти жоготпогон идеологдор гана ачыкка чыгара алат. Түрк дүйнөсүнө, анын тарыхына, маданиятына, элине жана мамлекеттерине каршы багытталган провокациялык иш-аракеттерди өз убагында ачып, аныктоо керек. Антпесе Түрк Мамлекеттер Бирлиги сыяктуу улуу идеянын айланасында жалган нерселер пайда болуп, душмандарыбыздын фальсификациялоо жана дезинформациялоо боюнча пландары ишке ашат. Биз түрк дүйнөсүнө каршы багытталган ар кандай тоскоолдуктарды жана кара санатай ойлорду өз убагында аныктаганыбызда гана алар өздөрүнүн кожоюндарына же ээлерине «бумеранг» сыяктуу кайрылып барат.

Түрк дүйнөсүнүн көркөм-өнөрдүк-эстетикалык маданияты, саясий-гуманитардык маданияты, ошондой эле түрк империяларынын дүйнө элдерине карата толеранттуу мамилеси менен бирге калыптанган универсалдык-гуманисттик идеология адамзаттын мыкты баалуулуктарынын бири жана анын руханий казынасы болуп саналат. Эгер заманбап эл аралык коомчулуктун адилеттүү ой жүгүрткөн өкүлдөрү түрк цивилизациясынын чыныгы маңызын ага каршы жасалып жаткан идеологиялык диверсиялар менен салыштырып көрүшсө, (мындай салыштыруу мүмкүн эмес) жалган саясаттын эч кандай чыныгы негизи жок экендигин жана ал жөн гана жалган

жана ушак экендигин көрүшөт. Эгер бүткүл Евразия боюнча созулган килейген жана узак убакыт жашаган империялардын доорунда түрк элдери башка элдерди кемсинтип, аларга карата геноцид уюштуруп, «адамдардан шишкебек жасап жеп», алардын улуттук салттарын, маданияттарын жана диндерин жок кылышканда, *бүгүнкү күндө бул аймакта түрк элдеринен башка элдер болмок эмес*. Узак убакыт бою түрк империяларынын аягы астында салбырап жүргөн армяндар да өздөрүнө төмөнкүдөй суроо бериши зарыл: биз кантип тирүү калдык, бизди жана биздин динибизди ким сактап келди, эмне үчүн биздин улутубуз желип кеткен эмес?! Бирок чынында жогоруда айтылган жалган окуяларга карама-каршы келген окуялар болду. Түрк элдеринин цивилизациялык мейкиндигинде дүйнөнүн башка жерлерине караганда ар түрдүү этногенетикалык өзгөчөлүктөргө, маданияттарга жана ар түрдүү архетиптик сапаттарга ээ болгон элдер көбүрөөк жашап жана көбүрөөк сакталып келген. Түрк элдери согуш мезгилинде да, тынч мезгилде да өздөрүнүн гуманитардык миссиясын так түшүнүшүп, так билишкен. Мустафа Кемаль Ататүрк буга мисал боло алат. Түрк дүйнөсүнүн улуу Аскер башчысы жана Идеологу болуп саналган бул инсан тарыхтагы эң каардуу согушта өз улутун сактап калуу үчүн согушка жан аябастан киришип, жеңишке жетишкен. Жеңиштен кийин аскер башчысы Мустафа Кемаль Ататүрк өзүнүн армиясы менен бирге Измир шаарына кирип келгенде анын буттарынын астына ыргытылган душмандын байрагын көтөрүп, минтип айткан: «Байрак – улуттун көз карандысыздыгынын белгиси. Ал душмандын байрагы болсо да, сыйлоого татыктуу!» [122, 72-б]. Бүгүнкү күндө бири-бири менен тирешкен тараптардын ачууланган өкүлдөрү башка өлкөнүн байрагын буттары менен тепселеп, өрттөп жатышкандарын эске ала турган болсок, Улуу Аскер башчынын жасаган иши өтө жакшы жана өтө ак көңүл экендигин билебиз. Мустафа Кемаль Ататүрк өзүнүн душманы менен кагылышкан кезде да түрк элдерине таандык болгон айкөлдүктү жана кылдат дипломатиялык өнөрдү көргөзгөн. Биринчи дүйнөлүк согушта Дарданелла салгылашуусу учурунда Ататүрккө каршы согушуп жатып бир колунан айрылган француз генералы Гуро менен Анкара шаарында жолуккан кезде Мустафа Кемаль аны сыйлап, төмөнкүдөй сөздү айткан: «Түркиянын жеринде жаткан сиздин колуңуз биздин өлкөлөрүбүздү бир-бири менен байланыштыруучу баалуу нерсе болуп саналат» [122, 324-б]. Түркиянын Улуу Аскер башчысы Ататүрк согушта каза болгон түрк шейиттеринин сөөктөрү салтанаттуу түрдө жерге берилген соң ушул согушта каза болгон башка элдердин жоокерлеринин сөөктөрүн да жерге берүүгө буйрук берип, төмөнкү сөздөрдү айткан: «Ушул өлкөнүн аймагында өздөрүнүн канын төккөн баатырлар! Силер дос өлкөнүн жеринде

жатасыңар. Жаткан жериңер жайлуу болсун!» [117, 6-б] Анын ушул сөздөрү бүткүл адамзатка берилген улуу баа! Өзүнүн жүз миңдеген жоокерлерин Дүйнөлүк согушта жоготкон аскер башчысы мамлекеттер жана адамдар аралык мамилелердин эң кайгылуу мезгилинде, ошондой эле кастыктын эң кайнап турган мезгилинде Адамзаттын ыйык сезимдерине карата урмат-сый көргөзгөн.

Аскер башчылыктын, Акылмандуулуктун жана Гуманизмдин биримдигин өзүнүн иш-аракеттери менен көргөзгөн Мустафа Кемаль Ататүрк тарабынан негизделген түрк армиясы бүгүнкү күндө дүйнөдөгү мыкты куралданган армиялардын бири болуп саналат. Бүгүнкү күндө Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүүгө багытталган эң маанилүү иш-аракеттердин катарына Бирдиктүү Армия түзүү маселеси да кирерин сыймыктануу менен айтууга болот. 2013-жылы 23-январда Түркия, Азербайжан, Кыргызстан жана Монголия мамлекеттеринин катышуусунда «бирдиктүү армия» түзүү жөнүндө баштапкы сүйлөшүүлөр жүргүзүлгөн. Аскердик Статуска ээ болгон Евразиялык Укук коргоо Органдарынын Ассоциациясынын Баку шаарында өткөрүлгөн жыйынында жогоруда айтылган мамлекеттердин толук ыйгарымдуу өкүлдөрү катышып, жыйын учурунда ТАКМ (ушул мамлекеттердин аталыштарынын биринчи тамгаларынан турган сөз) деген аталыштагы бирдиктүү армиянын баштапкы статусу аныкталган [78]. Саясий (Түрк тилдүү Мамлекет башчыларынын Саммиттери, Түрк тилдүү Олкөлөрдүн Кызматташтыгы боюнча Кеңеш ж.б.), гуманитардык (түрк элдеринин Достугу, Бир туугандыгы жана Кызматташтыгы боюнча Съезддер, ТЬRKSOY), мыйзам чыгаруу (Түрк тилдүү Элдердин Парламенттик Ассамблеясы) жана коргонуу (ТАКМ) чөйрөсүндөгү биргелешип жасалган иш-аракеттер жалпы түрк саясий идеологиясынын концептуалдуулугун жана максаттуулугун көргөзөт.

Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү идеясынын жыйырма жылдык тарыхы, ошондой эле бир максатка кызмат кылган жана өз жанын аябаган адамдардын, координациялык уюмдардын, жарандык коом түзүмдөрүнүн, чечкиндүү лидерлердин, прагматик-дипломаттардын, гениалдуу идеологтордун жана кыраакы стратегдердин көп багыттуу иш-аракеттеринин жыйындысы биз умтулуп жаткан Биригүү идеясы чынында эле кыйрагыс деп айтууга мүмкүндүк берип жатат. Ушул идеалдын жарыгын өчүрүп койо ала турган эч кандай күч жок. Ал эми анын жарыгын баарына жеткире ала турган күчтөр көп жана алардын позициялары же көз караштары туруктуу жана катуу. Анткени анын негизинде мамлекеттүүлүккө байланышкан улуу салттар, чоң маданий жана цивилизациялык капитал, жогорку моралдык сапаттар, саясий этиканын баалуулуктары, улутчулдуктун жана заманбапчылыктын руху, прогрессивдүү идеологиянын

масштабы, универсалдуу көз караш жана ***түрк дүйнөсүнүн саясаты*** жатат. *Түрк элдеринин Бирдиктүү Байрак Саясатынын ырааттуулугу, башталган иш-аракетти аягына чыгаруусу жана акылман сабырдуулугу Түрк Мамлекеттер Бирлиги идеясынын ишке ашуусун камсыздайт.* Түрк элдеринин биримдигин камсыз кыла турган идеология жөнүндө айтып жатып, душмандардын адамзатка каршы келген логикасыз көз караштарына кылдат көңүл буруу зарыл. Түрк элдеринин идеологиясы эки жүздүүлүккө жана жаман ойлуулукка эмес, эрдикке жана жалпы адамзаттык сүйүү сезимине негизделет. Биздин жеңүүчү-аскер башчыбыз өз жоокерлерине душмандын байрагына урмат-сый мамиле кылууга кеңеш берет. Ал эми биздин душмандарыбыз биздин ушундай гумандуу идеологиябызды жана байрагыбызды каргап, ага акаарат келтиришет. Заманбап «Монтескьелерге» ушундай айырмачылыкты түшүндүрүү - биздин идеологиябыздын негизги максаттарынын бири болуп саналат. Дал ушул нерсе шериктештиктин ийгиликтүү түрдө өнүгүүсүнүн негизги шарттарынын бири болуп саналат.

# VI -БӨЛҮМ

# ТҮРК ТИЛДҮҮ МАМЛЕКЕТТЕР БИРЛИГИНИН СТРАТЕГИЯСЫ

# 21. ЖАЛПЫ ТҮРК ГЕОСАЯСИЙ БАЙЛАНЫШТАРДЫН ДИНАМИКАЛУУ СИСТЕМАСЫ

Жер шарында цивилизациялардын пайда болуп, өнүгүүсүнүн алгачкы мезгилдеринде аскердик жана саясий стратегия эмне экендигин билген мамлекеттер өтө аз болгон. Мисалы, байыркы Грециядагы шаар-мамлекеттер пайда болуп жаткан мезгилде жогоруда айтылган стратегиялар гректерге белгилүү болгон жана ошондой стратегиялар өз жемишин берген. Анткени гректердин аскердик стратегдери салгылашуулардын бардык тактикалык кадамдарын алдын ала пландаштырышып, флангдардын түзүлүшүн ишке ашырып, пландарга жараша координаттарды аныктап, ошонун натыйжасында жеңиштерге жетип келишкен. Байыркы гректер саясий стратегияны да чебердик менен пайдалана билишкен: туура саясий стратегияны пайдалануунун натыйжасында гана Грециянын шаар-мамлекеттеринин ортосунда натыйжалуу шериктештик пайда болгон. Бул жагынан алып караганда, *евразиялык түрк тилдүү жеңип алуучулар аскердик жана саясий стратегиянын «ПАТРИАРХТАРЫ» болуп саналат*. Француз тарыхчысы Рене Груссе мындай нерсени стратегиялык таланттын жана курч акылдын тереңдиги менен түшүндүрөт. Ошол эле учурда ал түрк элдеринин убакыт жана мейкиндик координаттарындагы алыскы максаттарга карата көз караштары көрөөгөчтүк мүнөзгө ээ экендигин көргөзгөн: түрк элдери бүгүнкү күндө келечекти көрө алышат жана өздөрүн ошол келечекке багытташат; алар мейкиндикти сезишет жана ал мейкиндиктин кеңейип турган чек араларында абдан ийкемдүү түрдө иш-аракет кылышат [241, 148-151-б]. Түрк элдери кылдаттык менен ойлонуштурулган аскердик жана саясий сратегияны колдонуунун негизинде гунндардын доорунан баштап Евразиянын жүрөгүндө өздөрүнүн мамлекеттеринин жана империяларынын Пантеонун түзүп, азыркы күнгө чейин этносаясий процесстердин доминанты болуп келишүүдө.

Заманбап мезгилде түрк элдеринин кыраакылыгын таптакыр жаңы тарыхый миссияга, тактап айтканда Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүүгө карата колдонушу керек. Мисалы, бүгүнкү күндө:

- көз карандысыз түрк мамлекеттери өздөрүнүн жогоруда айтылган Бирлик түзүү идеясына берилгендигин интеграциялык иш-аракеттери менен тастыктап жатышат;

- мындай интеграциялык иштер саясий-экономикалык кызматтыштыкка негизделиши керек;
- гуманитардык-идеологиялык тенденция бара-бара толугураак концептуалдык сапаттарга ээ болууда;
- мындай тенденциядагы көз карандысыз идеялар жана демилгелер бири-бирине дал келип турат;
- Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүүгө алып баруучу жолдогу ийгиликтерди түрк элдери гана колдошот. Бул нерселердин баары *Түрк Мамлекеттер Бирлиги – түрк элдеринин саясий элитасынын гана эмес, жалпы түрк элдеринин эрки болуп саналарын көргөзүп турат.*

Мындай нерсе Түрк Мамлекеттер Бирлигинин стратегиялык перспективаларын так көргөзүүчү критерийлерди аныктоодо абдан маанилүү: башкача айтканда, стратегдер бул жерде өздөрүнүн «таттуу каалоолоруна же жакшы кыялдарына» эмес, эзелден бери Евразияда жашап келген түрк элдеринин чыныгы максаттарына таянып, Биримдик чөйрөсүндөгү иш-аракеттердин негизинде ээ болунган фундаменталдык стратегиялык параметрлерди аныкташып, келечектин теориялык-прагматикалык конструкциясын божомолдошот. Демек, Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү процесси жалпы түрк элдеринин эркин билдирген платформадан алыстабашы керек. *Ал эми Түрк Мамлекеттер Бирлигинин негизги стратегиясы түрк тилдүү мамлекеттердин стратегиялары менен кошулуп, оптималдуу мазмунга ээ болушу керек жана негизги максаттарды бириктириши керек.*

Түрк Мамлекеттер Бирлигинин стратегиясын аныктоочу себептерди, ошондой анын жакынкы жана алыскы максаттарын аныктоо үчүн Евразия аймагында болуп жаткан геосаясий процесстерди терең изилдеп, анализдөө зарыл. Геосаясий факторлор геостратегиянын, ал эми геостратегия саясий стратегиянын жана анын тактикалык баскычтарынын пайда болушун шарттайт. Функционалдык сапаттарга ээ болгон саясий стратегия геостратегиялык параметрлерди модификациялап, геосаясий процесстердин жаңы багыттарын, ошондой эле анын субъекттеринин же катышуучуларынын жаңы конфигурациясын биринчи планга алып чыгат. Эгер түрк элдеринин геосаясий аймагынын эволюциясына көз жүгүртө турган болсок, бул аймакта туруктуулукту жана динамиканы бирдей деңгээлде сактап турган маанилүү процесстер болуп жатканын көрүүгө болот: Евразиянын геосаясатындагы тарыхый өзгөрүүлөр Түрк элдеринин геосаясий аймагынын чегиндеги борбордук организмдин дайыма бекемделип турушун шарттайт; жадагалса түрк этносунун геолингвистикалык дифференциациясы да «түрк дүйнөсүнүн чачылган субъекттеринин» ортосунда жарака жарата алган эмес

жана аларды туугандык же боордоштук байланыштар жоголо турган деңгээлге алып бара алган эмес. Көзгө көрүнбөгөн кылдар канчалык катуу титиресе да, үзүлгөн эмес. Бул анык чындык. Мындай бекем байланышты Түрк элдеринин Тарыхы жана катуу логикасы жараткан. Көк түрк империясы доорундагы Жалпы түрк Бирлигинин Орхон эстеликтеринде калтырган мурасы жана түрк элдеринин ошол мурасты кылымдар бою бек тутуп келгендиги жогоруда айтылган бекем байланыштардын өзөгүн жана негизин түзөт. Бүгүнкү күндө деле түрк дүйнөсүнүн Евразия аймагында Казакстан Республикасынан баштап Түркия Республикасына чейин созулган полифониясы өзүнүн ар түстүүлүгү аркылуу бирдиктүү бир системаны түзөт. Түрк дүйнөсүнүн геосаясий аймагынын өзөк-организми ушунчалык катуу өнүккөндүктөн ал эң жогорку стратегиялык деңгээлден өзүнүн маңызын жана айланасын көрүп, ошого жараша өзүнүн перспективаларын аныктайт.

***Түрк элдеринин геосаясий аймагынын (Түрк геосаясий аймагы) калыптанышы төмөнкү үч баскычтардын же мезгилдердин бири-бирине логикалык түрдө байланышуусуна алып келет: Түрк элдеринин геосаясий аймагы (Түрк Геосаясий Аймагы) Түрк элдеринин геосаясий системасына (Түрк геосаясий системасы) айланат, ал эми Түрк элдеринин геосаясий системасы – Түрк Мамлекеттер Бирлигине айланат.***

Түрк этногеографиясына кирген бардык элдер жана мамлекеттер узак убакытка созулган тарыхый мезгилдин ичинде түрк геосаясий аймагын калыптандырып келишкен. Түркиядан башка бардык түрк мамлекеттери ар түрдүү империялардын курамында жашап келген учурда деле бул аймак түрк дүйнөсүнө таандык болгон. Бүгүнкү күндө бул факт эч кимде шек жаратпайт. Бул аймакты талкалоо максатын көздөгөн көп аракеттер жасалган. Бирок ал максаттар ишке ашкан эмес. Түрк элдери көз карандысыздыкка жетишкенден кийин түрк дүйнөсүн геосаясий система катары калыптандыруу боюнча «ишке ашпай калган» демилге кайрадан көтөрүлө баштаган. Бул демилге бул жолкусунда көз карандысыз түрк мамлекеттеринин геосаясий аймагын бирдиктүү саясий-экономикалык платформага жана мыйзамга дал келтирүү аракетинде байкала баштаган.

Түрк Мамлекеттер Бирлиги идеясы ишке ашкан учурда биримдик үчүн абдан маанилүү болгон глобалдык интеграциянын шарттары төмөнкүдөй тартипте аткарылат: *эгемендүүлүктүн жана универсализмдин ортосунда гармония жаралат. Жеке нерседен Жалпы нерсеге өтүү процесси геосаясий байланыштардын динамикалык системасынын үч деңгээлинде жүрөт:* ***улуттук (Түрк тилдүү элдердин улуттук мамлекеттери), жалпы түрктүк (Түрк Мамлекеттер Бирлиги) жана дүйнөлүк (эл аралык биримдик).***

Субъекттеринин эгемендүүлүгү тастыкталган системалар эл аралык укук системасында бирлик же биримдик деген статуска ээ болушат. «Улуттук мыйзамдардын эл аралык мыйзамдар менен шартталуусу», эл аралык легалдык системанын жаралуусу [212, 383-б], мамлекеттердин жана улуттардын *(«Nationality»)*, доктринасы боло ала турган императивдүүлүккө жетишүү, («*The Doctrine of the Freedom of States*») жарандардын глобалдык саясаттагы биримдигин «улуттук мамлекеттүүлүк» менен камсыздоо жана алардын улут деген статуста кабыл алынышы [228, 230-234-б] – эл аралык укук системасынын, эл аралык саясаттын жана ал тарабынан корголуучу жоболордун принципиалдуу позициясы болуп саналат. Улуттук мамлекет - элдин эң жогорку деңгээлдеги эрки болуп саналат, ал ошондой эле белгилүү бир этнотарыхый географияда жайгашып өзүнө социалдык-маданий өнүгүү системасын, өзгөчө чарбалык салттарды жана материалдык-экономикалык жашоо түрүн, улуттук көз караштарды жана идеологияны камтып, дайыма «улуттук энергияны» жайылтып турат [236, 57, 91-б]. ***Улуттун абалы начарлаганда мамлекет жоголот, ал эми мамлекеттин абалы начарлаганда улут жок болот.*** Бири-бирин толуктап, түзөтүп турган мамлекет жана улут миң жыл бою саясий-маданий тарыхтын негизги атрибуттары болуп келүүдө. Ошондуктан жадагалса көп улуттуу супердержавалар да заманбап доордо улуттук өзгөчөлүктү сактоого жана өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурушат [262; 242]. *Эл аралык системанын геосаясий тартиби* өз ара кызыкчылыктардын негизинде калыптанат.

Бирок улуттук мамлекет канчалык күчтүү болсо да, эл аралык системанын тийиштүү геосаясий конфигурациясында өз ордун табууга жана өз ара кызыкчылыктардын негизинде башка мамлекеттер менен шериктештик түзүүгө аракет кылат. Түркиялык изилдөөчү Назми Чора белгилегендей, «бүгүнкү күндүн мамлекеттери улуттук өкмөттөрдүн кызыкчылыктарын коргоону улантып, эл аралык аренада күч топтоо аркылуу дүйнөлүк саясатта маанилүү орундуу ээлөөгө умтулушат» [101, 138-б]. Интеграцияга карата ушундай табигый жана зарыл мотивация же шыктануу заманбап мамлекеттердин шериктештик боюнча саясаттарынын негизин түзөт. Өздөрү канчалык күчтүү болсо да шериктештиктерге атаандаштык түзө албастыгын заманбап мамлекеттер жакшы түшүнүшөт. Ошондуктан дал ошол батыш цивилизациясынын өкүлү болгон мамлекеттер өздөрүнүн геосаясий чөйрөлөрүндө биригишип, өздөрү үчүн шериктештик түрүндөгү тиректерди же таянычтарды түзүп жатышат. Дал ушундай зарылчылыктын негизинде Түндүк атлантикалык Альянс (НАТО) жана Европа Бирлиги (ЕБ) түзүлгөн. Катуу өнүккөн АКШ жана европалык мамлекеттер да ушундай биримдиктерге муктаж

болушса, анда геосаясий мамилелери абдан татаал жана кайгылуу болгон аймактарда шериктештикке болгон муктаждык андан да көбүрөөк болуп саналат жана мындай шериктештик ошол татаал аймактагы мамлекеттердин эгемендүүлүгүн сактоо жана өнүктүрүү үчүн зарыл. Евразиянын өзөктүк аймагында да ушундай зарылчылык жана муктаждык бар, анткени ал жерде чоң аскердик-саясий кызыкчылыктар кагылышууда.

Геосаясий байланыштын үч деңгээлден турган динамикалык системасы (улуттук, жалпы түрктүк, дүйнөлүк) көз карандысыз мамлекеттердин азыркы интеграциялык мамилелерин эл аралык биримдик багытында өнүктүрүп жатат: түрк тилдүү элдердин улуттук мамлекеттери (биринчи деңгээл) жалпы түрк бирлигин, тактап айтканда Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү (экинчи деңгээл) аркылуу эл аралык коомчулук менен жуурулушат (үчүнчү деңгээл). Көз карандысыз европалык мамлекеттерди, Европа Бирлигин жана алардын эл аралык биримдикке ушул Бирлик аркылуу кошулуусун салыштырып көрсөк болот. Демек түрк геосаясий аймагынын түрк геосаясий системасына айлануусу, ал эми түрк геосаясий системасынын Түрк Мамлекеттер Бирлигине айлануусу канчалык мыйзам ченемдүү көрүнүш болуп саналса, эл аралык саясий системанын бир бөлүгү болуп саналган геосаясий байланыштын үч деңгээлден турган динамикалык системасы да (улуттук, жалпы түрктүк, дүйнөлүк) ошончолук мыйзам ченемдүү. Мындай диалектикалык мыйзам ченемдүүлүктө «улут» деген түшүнүк да жаңы мазмунга ээ болот. Европалык геосаясий аймактагы европалыктар (*Europeans)* жана түрк геосаясий аймагындагы түрк элдери (*Turkics*) улут деген сөздү кененирээк мааниде карашат. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаевтин Азербайжан Республикасына жасаган расмий иш сапары учурунда «Биздин өлкөлөрдү тарыхый тамырлар байланыштырат. Биз түрк элдерибиз» [59] деп айткан сөздөрү дал ушул бойдон кабыл алынышы керек. Өзүн түрк элдеринин өкүлүмүн деп айтып, ошондой эле өзүн түрк дүйнөсүнүн бир бөлүгү экендигин белгилеген кыргыз (же башка түрк тилдүү республикалардын өкүлү) жогоруда айтылган универсалдуулук деген түшүнүктү тастыктайт. Тамыры бир болгон улуттар тарабынан өздөрүнүн бирликтеринин түзүлүүсү (мисалы – Түрк Мамлекеттер Бирлиги) мамлекеттердин чек араларынын ичиндеги улуттук шериктештиктердин же биримдиктердин ортосунда келишүүнүн же макулдашуунун, ошондой эле жалпы мүнөздүү идентификациянын пайда болшуна мүмкүндүк түзөт. Мисалы, түрк, азербайжан, түркмөн, казак, өзбек жана кыргыз өздөрүнүн өзгөчөлүктөрүнүн кененирээк чөйрөсүндө Жалпы түрк улутунун Субъекттерине айланышат. Түрк Мамлекеттер Бирлигин калыптандыруу учурунда

**улуттук түркизм деген түшүнүк** жарандык адеп-ахлактуулуктун жаңы сапаты болуп калышы керек.

Синергетика деген түшүнүк аркылуу төмөнкү фактыны так байкоого болот: белгилүү бир системаны калыптандыруу жолундагы кысымдар же тоскоолдуктар канчалык күчтүү болсо, аларга каршылык көргөзүү күчү да ошончолук катуу болот. Түрк дүйнөсүндө акыркы кылымда дал ушундай нерсе болгон: башка империялардын курамында түрк элдеринин бар болуусу улуттук-боштондук кыймылдын пайда болушун жана анын идеологиясы болуп саналган улутчулдуктун пайда болушун шарттаган. Кийинчерээк ушундай идеологиялар табигый түрдө биригип жалпы түрк элдеринин тарыхый-саясий платформасынын, тактап айтканда түркизм идеясынын пайда болушун шарттаган. Түрк дүйнөсүнүн геосаясий аймагы Мекен деген мааниге ээ болуп, анын моралдык аймагы түркизм идеясына багыт алган. Наполеон өз убагында минтип айткан: «Өлкөлөрдүн географиясы алардын тагдырын чечет» [283, 362-б]. Түрк дүйнөсүнүн саясатынын мүнөзүн аныктаган факторлордун башында географиялык мейкиндиктин кеңдиги, ар түстүүлүгү жана «ландшафттык полифониясы» турат. Түрк геосаясий аймагы тиги же бул себептерден улам майда бөлүктөргө бөлүнгөн мезгилдерде деле түрк элдеринин Жалпы Мекени генетикалык эс-тутумдун терең жеринен суурулуп чыгып, түрк элдеринин улуттук рухундагы өзүнүн бүтүндүгүн көргөзгөн Жолдорго чөптөр өсүп кеткени менен station издер калган. Ошондуктан мурдагы Жол кайрадан табылган. Бул жол – Түрк Элдеринин улуу жолу! Түрк элдери жана мамлекеттери көз карандысыздыкка ээ болгон алгачкы күндөрүнөн баштап эле дал ушул Чоң Жолдо биригүү багытын көздөй жүрө башташкан. Ушул идеянын үстүндө алып барылган иш-аракеттер түрк геосаясий аймагын (ТГА) түрк геосаясий системага (ТГС) карай жетелеген. Эгер Наполеондун сөздөрүн башкача кылып айта турган болсок, «түрк элдеринин географиясында Түрк Мамлекеттер Бирлигинин түзүлүүсү алардын тагдырын чечет».

Тышкы жана ички саясатты Евразия аймагындагы үч деңгээлден турган динамикалык системанын (улуттук, жалпы түрктүк, дүйнөлүк) геосаясий процесстеринин негизинде жүргүзүү ыкмасын мамлекет куруу тажрыйбасында биринчи жолу Азербайжан мамлекети пайдаланган жана бул нерсени биз тарыхый жетишкендик катары сыймыктануу менен эстейбиз. Азербайжан Республикасын негиздеген адамдар өлкөбүздүн мамлекеттүүлүккө байланышкан улуттук салттарына таянып, түрк дүйнөсү менен тарыхый мамилелерди калыбына келтирүү жана эл аралык коомчулук менен биригүү боюнча иш-аракеттерди бириктирген саясаттын негизин салышкан [7]. Бир тамырлуу элдердин жалпы адамзаттык биримдик жөнүндө

идеянын айланасына биригүүсү - жалпы планетардык цивилизацияны табигый нукка багыттоочу процесс болуп саналат. Азербайжандын улуттук идеологиясы кылымдын башында эле дал ушул нукка багыт алган. Элдик Республиканын Улуттук Кеңешинин Төр агасы Мамед Эмин Расулзаде (1918-жыл 7-декабрь) түрк тилдеринин бири болуп саналган өзүнүн эне тилинде төмөнкүдөй сөздөрдү сүйлөгөн: «Улут көз карандысыз жана эркин болушу керек, ал эми эркиндикке жеткен соң башка улуттарга алар каалагандай биримдикти же шериктештикти сунушташы керек. Дүйнө элдеринин баарын эл аралык биримдикке алып келүү – биздин эң баалуу ниетибиз» [2]. М.Э.Расулзаде жана башка республикачылар «Азербайжан» деген ураанга таянуу менен бирге «Азербайжан - чоң гүлдестенин ичиндеги бир гүл» экендигин түшүнүшүп, Азербайжан менен Түркиянын ортосундагы байланыштарды эң жогорку деңгээлге көтөрүп, өз ара мамилелерге «азербайжан-жалпы түрк элдери-бүткүл дүйнө» деген мүнөз беришкен. Мындай аракеттер акыркы жүз жыл ичинде туруктуу түрдө өнүгүп келген, ал эми азыркы учурда эгемендүү улуттук субъекттер глобалдык интеграциялык процесстер аркылуу эл аралык биримдикке тартылып жатат. Бул нерселер Түрк Мамлекеттер Бирлигине карай жол ачып, аны инеграциялык процесстердин чоң жолуна алып барууда. Түрк элдеринин геосаясий аймагынын (ТГА) түрк элдеринин геосаясий системасына (ТГС), ал эми түрк элдеринин геосаясий системасынын Түрк Мамлекеттер Бирлигинин түзүлүүсүнө каршы же тоскоолдук кылуучу варианттар Евразиянын тарыхый өнүгүүсүнүн логикасына каршы келет. Эгер түрк тилдүү элдер Түркия Республикасынан баштап Казакстан Республикасына чейин созулган геосаясий ландшафттын ичинде Бирлик түзүшпөсө, Евразияда башка саясий долбоорлор жана альянстар (түрк дүйнөсүнө каршы) түзүлүшү ыктымал: бул аймакта Орусия, АКШ же Кытай мамлекеттери өздөрүнүн күч борборун же евразия аймагынын өзөгү үчүн күрөш жүргүзгөн башка мамлекеттер менен биргелешип бир блок же бирикме түзүшү мүмкүн. Мындан тышкары Европа Бирлигин Чыгышка жайылтуу долбоору кеңейтиле турган болсо (эгер буга Орусия, АКШ жана Кытай тоскоолдук көргөзбөсө), бул аймактагы мамлекеттер ЕБнын кучагына умтулуп, «экинчи даражадагы» же «үчүнчү даражадагы» субъекттерге айланышат же болбосо радикалдуу теократиялык күчтөр «демократия быша элек аймактарда авторитардык чөйрөгө» айланышат [298, 127-150-б]. Мындан тышкары бир же бир нече түрк тилдүү мамлекеттер абдан кызыктуу жана жагымдуу декларацияларга азгырылып *түрк тилдүү эмес жана жадагалса түрк дүйнөсүнө каршы багытталган ар кандай долбоорлорго же альянстарга* (түрк дүйнөсүнүн геосаясий системасын бузуу максатында) тартылышы мүмкүн. Каспий бассейниндеги батыш

(Кавказ жана Кичи Азия) жана чыгыш (Борбор Азия) аймактарынын, тактап айтканда Батыш жана Чыгыш түрк дүйнөсүнүн ортосунда атайын жарака жаратылышы ыктымал. Эгер ушул варианттар ишке ашырыла турган болсо, түрк элдери өздөрүнүн жерлерине жана мекенине карата олуттуу сөз сүйлөгөндөн баш тартууга мажбур болушат. Эгер евразиядагы түрк мамлекеттери өздөрүнүн биримдигин түзүү маселесин кечиктиришсе же чечкинсиздик көргөзүп, дезинтеграция процесстерин же башка альянстарга шериктеш болууну тандап алышса, кооптуу багыттагы күтүүсүз жагдайлар пайда болушу ыктымал. Дал ушундай себептен улам Орто кылымдардагы Евразиянын түрк тилдүү элдери курган империялар өз үстөмдүгүн жоготуп коюшкан. Феодалдык согуштарда чарчап, алсыраган түрк элдери бири-биринин ортосундагы дарыяларды жана тоолорду чек аралар катары көрө башташкан. Чачыранды болгон түрк дүйнөсү жалгыздыкта калып, душмандардын колуна түшкөн... Азыр Жаңы замандын түрк мамлекеттери тарыхтын ушундай кайгылуу барактарын сабак катары кабыл алышы керек. Бүгүнкү күндөгү чындык таптакыр башкача. Көз карандысыздык тарабынан берилген артыкчылыктар жана аймактык интеграциянын жашыруун мүмкүнчүлүктөрү түрк тилдүү коомдорду дүйнөлүк процесстерге жакшыраак ойлонуп кароого мажбур кылууда. Эң жаман вариант – бул түрк мамлекеттеринин *бир-бирден жалгыз калгандыгы*. Ар түрдүү саясий жагдайларды өздөрүнүн жеке кызыкчылыктары үчүн пайдаланып, түрк элдерин оор абалга киргизүүнү каалаган күчтөр дагы деле түрк мамлекеттеринин айланасында карышкырлардын үйүрлөрүнө окшоп айланып жүрүшөт. Жалгыздыкта жана обочолонгон абалда калгандардын аймактары «кандуу чуңкурга» айланып, ал эми өздөрү желип, талкаланат. Иракта жана Афганистанда дал ушундай жагдай болду. Капиталдын жана мунайзаттын деңизинде «сүзүп жүргөн» араб дүйнөсү Ирак жана Афганистан мамлекеттерине, ошондой эле ислам дүйнөсүнө жардам берүү мүмкүнчүлүгүнөн таптакыр ажыраган. Ортоңку Чыгыштагы «алсыраган мамлекеттердин» туруксуз жана конфликттик чөйрөсү кошуна өлкөлөргө да жайылышы мүмкүн. Дал ушундай кооптуу тилке Түндүк Кореядан Иран мамлекетине чейин созулган. Түрк элдеринин геосаясий аймагы түштүктө ушундай кооптуу тилкелердин, ал эми түндүктө Орусиянын экспансионисттик тилкесинин ортосунда турат. Орусия «өзүнүн империялык ой жүгүртүүсүнө» таянып, түрк дүйнөсүнүн геосаясий системасын ар тараптан бузууга, ал эми бузулуп-ыдыраган мамлекеттерди Евразия Бирлигинин орбитасына киргизүүгө аракет кылып жатат. Орусия өзүнүн «геосаясий масштабынан» кичинерээк көрүнгөнү менен Кавказга жана Борбор Азияга карата «улуу ага статусунан» ажыроону каалабай жатат. Демографиялык

көйгөйлөргө туш болгон Кытай, Жапония, Корея жана Индия мамлекеттери Евразиянын азыраак калк отурукташкан аймактарына «чыгууга» аракет кылышы мүмкүн. Кандай болгон учурда да түрк элдеринин аз калктуу геосаясий аймагы бардык тараптан коргонууга жана жок дегенде «демографиялык экспансияны» токтотууга аргасыз. Евразия аянтында глобалдык түрдө атаандаштык кылуучу күчтөрдүн өз ара байланышын башкара ала турган, күчтүү шериктештик саясатын ишке ашыра ала турган жана геостратегиялык кызыкчылыктарды бири-бирине дал келтире ала турган глобалдык жана аймактык биримдиктер жеңишке жете аларын божомолдор көргөзүп турат.

***XXI – кылым – Жалгыздардын эмес, Шериктештердин кылымы.***

Түрк элдеринин геосаясий аймагындагы мамлекеттер Евразиядагы геосаясий мамилелердин өнүгүү багытындагы оң жана терс варианттарды кылдаттык менен ойлонуштуруп, Түрк Мамлекеттер Бирлигинин түзүлүүсүнө тоскоолдук кылуу аракеттеринин баарын алсыздандырышы керек. Евразия тарыхындагы акыркы үч миң жылда жүздөй мамлекет, он алты империя жаратып, алардын арасынан Гунндарды, Көк түрктөрдү, Түрк-монголдорду, Осмондорду, Сефевиддерди, Моголдорду дүйнөлүк деңгээлге чыгарган түрк элдеринин саясий таланты XXI – кылымда Түрк Мамлекеттер Бирлигин келечектин жеңилгис саясий биримдиги катары алдыңкы планга чыгарат. Түрк тилдүү мамлекеттердин геосаясий байланыштарынын динамикалуулугу жана системалуулугу көп нерсени чечет. Эгер түрк мамлекеттердин ортосундагы байланыштар бир-бирине шайкеш келтирилбесе, эч кандай бирлик же шериктештик түзүлбөйт. Геосаясий байланыштардын ийкемдүүлүгү жана динамикалуулугу ошол байланыштардын өзөгүн түзүп, алардын негизги принциптери болушу зарыл. Эгер мындай принцип сакталбаса, Түрк бирлиги өз идеалдарын ишке ашыра албай калат жана андан тышкары эл аралык геосаясаттан артта калып калышы мүмкүн. Түрк мамлекеттердин геосаясатынын биринчи планында байланыштардын системдүүлүгү жана динамикалуулугу турушу зарыл. Түрк мамлекеттеринин консенсусу дал ушундай нерсени талап кылат!

# 22. ЖАЛПЫ ТҮРК ЭЛДЕРИНИН ДҮЙНӨЛҮК МАСШТАБДАГЫ УЮМУ

Жалпы түрк дүйнөсүнө таандык уюмдун же уюмдардын түрк мамлекеттериндеги жана дүйнөлүк деңгээлде аткарган иш-аракеттеринин өз ара айкашуусу жана алардын бирдиктүү максаттарынын аныкталышы – жалпы түрк дүйнөсүнүн биримдигине алып баруучу процесстердин ичиндеги маанилүү багыттардын бири болуп саналат. Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү жөнүндө идеяны *теория чөйрөсүнөн иш-аракет чөйрөсүнө* өткөрүү аракеттери бара-бара кеңейип жатат. *Мекенчилдиктин атрибуттарына* жана *түркофилия этикасына* айланып, саясий лидерлер жана алардын өлкөлөрүнүн жарандары тарабынан колдоого алынып, ошондой эле жигердүү интеллектуалдар тарабынан багытталып жаткан мындай демилгелер бара-бара прагматикалык мүнөзгө ээ болуп жатат. Жалпы түрк элдеринин улуттук жана эл аралык деңгээлдеги уюмдары биринчи кезекте *түрк дүйнөсүнүн бирдиктүү көйгөйлөрүнө* көңүл буруу зарыл экендигин түшүнүшөт жана өздөрүнүн ишмердүүлүгүн ушул багытта бириктиришет. Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү идеясы жана ушул улуу идеяны ишке ашыруу – бүгүнкү күндө бардык түрк мамлекеттеринин биргелешкен ишмердүүлүгүнүн борборунда турат жана алардын баарынын тагдырын чечүүчү маселе болуп саналат.

TÜRKPA – Түрк тилдүү Өлкөлөрдүн Парламенттик Ассамблеясы, TÜRKSOY – Түрк элдеринин Маданияты боюнча Эл аралык Уюм, TDAV – Түрк Дүйнөсүн Изилдөө Фонду, TİKA – Түрк элдеринин Координация жана Кызматташтык боюнча Агенттиги, Mərmərə Qrupu SSAV (Мармара ОССИ тобу) – Стратегиялык жана Социалдык Изилдөөлөр боюнча Уюм, TXÜA – Түрк Элдеринин Бүткүл дүйнөлүк Ассамблеясы, TSAM – Түрк Цивилизациясын Изилдөө Борбору, TÜDEV – Түрк Мамлекеттеринин жана Түрк Коомдорунун Достугу, Боордоштугу жана Кызматташтыгы боюнча Уюм, TDBB – Түрк Дүйнөсүнүн Муниципалитеттер Бирикмеси, BTH – Улуу Туран Кыймылы, TDSDF – Түрк тилдүү Мамлекеттердин Саясатын Колдоо Фонду, TASAM – Түркия-Азия Стратегиялык Изилдөөлөр Борбору, AAYB – Евразиялык Жазуучулар Бирлиги, TDYSV – Түрк Дүйнөсүнүн Жазуучулар жана Сүрөтчүлөр Фонду, TDJB – Түрк Дүйнөсүнүн Журналисттер Бирикмеси, DGTYB – Дүйнө жүзүндөгү Түрк элдеринин жаш жазуучулар Бирлиги, DTQCFD – Дүйнө Түрк

элдеринин Боордоштук Коомчулуктарынын Ишмердүүлүк боюнча Биримдиги, TGBT – Түрк элдеринин Жаштар Биримдиги Уюму жана башка ушул сыяктуу уюмдар алардын түрк мамлекеттериндеги жана чет мамлекеттердеги түзүмдөрү түрк дүйнөсүнүн биримдигине алып баруучу чоң кудуретке ээ экендиктерин көргөзүп турат.

Түрк мамлекеттерин бириктирүү идеясын жактоочулар өз өлкөлөрүндө жана башка өлкөлөрдө түзүлгөн өздөрүнүн уюмдары аркылуу түрк дүйнөсү жана жалпы түрк элдеринин цивилизациясы көп катмарлуу маданияты, түгөнгүс руханий жана материалдык казыналары, ар түрдүү, көп климаттуу жана көп тилкелүү географиясы, мамлекеттүүлүккө, уюшууга, көркөм-өнөрдүк жана эстетикалык түшүнүккө, илим жана билимге байланышкан жөндөмдүүлүккө, жалпы адамзаттык баалуулуктарга карата сый сезимине, тынчтык жана гуманизмге, ошондой эле эл аралык коомчулукту бекемдөөгө байланышкан жакшы салттары бар экендигин көргөзүшүп, Жалпы түрк элдеринин Менталитети тууралуу толук пикир калыптандырат.

20 жыл мурда, түрк республикалары көз карандысыздыкка ээ болгон кезде, батыш окумуштууларынын биргелешкен аракеттери менен жазылган «Дүйнөнүн түрк элдери» («The Turkic Peoples of the World») деп аталган китепте Евразиянын жаш түрк мамлекеттери жана жалпы түрк дүйнөсү ***жалпы этногеографиялык субстанцияны түзөрүн*** жана алар сөзсүз бири-бирине жакындашары, ошондой эле аларды бириктире турган уюм пайда болору жазылган [308]. Азыр эми ошол изилдөөчүлөр жаңылышпагандыктары көрүнүп жатат. Түрк дүйнөсүндөгү интеграциялык факторлор божомолдонгон нерселерден да ашып түшкөндүктөрүн өткөн жыйырма жыл көргөздү. Түрк элдеринин дүйнө жүзүнө жайылган диаспоралары Түрк элдер биримдигин күчөтүүдө албан иштерди жасап жатышкандыктарын белгилеп коюу зарыл. Кипрдеги маселеге биринчи жолу эл аралык деңгээлде көңүл бурган «Түркиялык Диаспоралык Лобби» [226, 412-418-б] бекемделүү жана биригүү зарылдыгын бир нече жолу өз башынан кечирген. «Жеңип алуучулардын урпактары: Түрк дүйнөсүнүн жаңыдан көтөрүлүүсү» » [292, 281-287-б, 361-368, 369-379] мыкты чыгарманын автору Хью Поуп кооздоп белгилегендей, Түрк элдеринин Христиан океанындагы «аралдары» азыркы учурда түрк дүйнөсүнүн кызыкчылыктарын Батыш коомунун ичинде коргоо боюнча өздөрүнүн миссиясын татыктуу түрдө аткарып жатышат. Жалпы түрк дүйнөсүнө таандык уюмдарга карата эң чоң колдоону албетте түрк элдеринин ушул багыттагы ниеттерин ишке ашырып жаткан мамлекеттик жетекчилер көргөзүп жатышат.

Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиев Түрк Мамлекеттеринин жана Түрк Коомдорунун Достугу, Боордоштугу

жана Кызматташтыгы боюнча XI – Съездде (ноябрь 2007 -жыл) төмөнкүдөй сөз сүйлөгөн: «Ушундай жолугушуулардын, съезддердин жана иш-чаралардын баары **түрк дүйнөсүн көбүрөөк уюштуруу, ошондой эле алардын өз ара байланыштарын жана дүйнөдөгү абалын көбүрөөк бекемдөө максатын көздөйт.** Бул нерсеге баарыбыз кызыкдарбыз. Биздин биримдигибиз канчалык күчтүү болсо, ар бирибиз өзүбүздүн улуттук кызыкчылыктарыбызды ошончолук ийгиликтүү түрдо коргой алабыз» [13, 363-б]. Мамлекет башчысы Азербайжан жана Түркия Диаспораларынын Жетекчилеринин 2007-жылы март айында Бакуда өткөрүлгөн Биринчи Форумунда көтөрүлгөн маселелерге көңүл буруп, бул форум түркиялык жана азербайжандык диаспоралардын уюмдарын бириктирүү иш-аракеттерине чоң роль ойногондугун белгилеп, төмөнкү сөздөрдү айткан: «Азыр бардык өлкөлөрдө жашаган азербайжандардын жана жалпы түрк элдеринин диаспоралары биргелешкен иш-аракеттерди жасап, чогуу иштеп жатышат деп айтууга болот. Алар бизге каршы багытталган жана биздин тынчыбызды алган иш-чараларды болтурбоо боюнча да биргелешип иш алып барышууда. Алар бири-биринин мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланып жатышат. Айрым учурларда алар бизге карата жасалып жаткан негизсиз иш-аракеттерге каршы негизделген аргументтерди көтөрүп чыгышууда... биз канчалык күчтүү болсок, биздин чындыгыбыз да ошончолук күчтүү болот. Биз канчалык күчтүү болсок, биздин сөздөрүбүз да башкалар тарабынан угулат жана биздин сөздөр менен башкалар эсептешет. Ошондуктан мен биздин биримдигибиз – **биздин өлкөлөрүбүздүн келечегинин негизги шарты экенин** жана биздин күчүбүз да ошондо экендигин дагы бир жолу кайталап айткым келет (жантык тамга – Ж.Ф.) и в этом наша сила» [13, 366-367-б].

Ошол эле съездде Түркиянын премьер-министри Режеп Тайип Эрдоган Азербайжандын Президенти Ильхам Алиевдин сөздөрүн колдоп, түрк дүйнөсүн биримдикке алып баруучу уюмдардын глобалдык интеграциялык процесстерге катышуусу логикага туура келерин билдирген. Глобализация үчүн маанилүү болгон долбоорлор бардык боордош элдердин катышуусу үчүн ачык болуусу кажет. Мен биз уюштурган акыркы съездде белгилеп өткөндөй, биз да англис тилдүү, француз тилдүү жана испан тилдүү өлкөлөр сыяктуу эле жалпы тилдин жана маданияттын айланасында өз ара мамилелерибизди куруп, тышкы саясатта бирдиктүү түрдө иш алып барышыбыз керек. Биздин сонун жалпы тилибизде сүйлөгөн түрк тилдүү мамлекеттердин ортосундагы биримдик биздин элдерибиздин кызыкчылыктарын эл аралык деңгээлде коргоого мүмкүнчүлүк берип, тынчтыктын жана туруктуулуктун бекемделишине кызмат кылат. Биз ошондой эле бирдиктүү тил багытындагы иш-аракеттерибизди

бекемдешибиз керек. Биздин жалпы тарыхыбыздын жаңыдан жазылышына жана ушул жалпы тарыхыбыздын окуу китеби катары изилделишине негизделген теманы эстетким келет. Түрк республикаларынын ортосунда бардык тараптуу кызматташтыкты баштоого, бири-барибиз менен көбүрөөк байланышууга, башкача айтканда ***институционалдык түргө ээ болууга*** убакыт келди» (жантык тамга – Ж.Ф.) [87, 372-б]. Өтүп кеткен кыска мезгил ичинде жалпы түрк дүйнөсүн бириктирүүгө, айрыкча диаспора кыймылдарын түзүүгө, активдештирүүгө жана бири-бири менен байланыштырууга багытталган көп иштер аткарылды. Дүйнө өзүн түрк дүйнөсүнүн көздөрү менен көрүп, ал эми түрк дүйнөсү өзүнүн эл аралык системада кандай орун ээлерин жана кандай орун ээлеши керек экендигин түшүнгөндөй болду.

Азыр айрыкча Батыш өлкөлөрүндө азербайжандык жана түркиялык диспоралар ушул эки өлкөнүн жана жалпы түрк дүйнөсүнүн кызыкчылыктарын коргоо багытында биргелешкен иш-аракеттерди улантышып, мындай иш-аракеттерге башка түрк элдеринин диаспораларын да тартууга аракет кылып жатышат. Мындай нерсе түрк тилдүү элдердин дүйнөлүк масштабдагы уюмдарына жаңы дем берип, ушул багыттагы концептуалдык долбоорлордун ишке ашырылышына оптималдуу мүмкүнчүлүктөрдү берет.

Германиянын борбору Берлинде 2004-жылы ***Европа Азербайжандарынын Конгрессинин*** түзүлүүсү ар түрдүү өлкөлөрдө жашаган азербайжандарды уюштуруу багытындагы маанилүү окуялардын бири болгон. Дүйнөнүн 28-өлкөсүндөгү, ошонун ичинде Орусиядагы, Украинадагы, Беларусиядагы, Молдовадагы, Швециядагы, Швейцариядагы, Норвегиядагы, Даниядагы, Франциядагы, Голландиядагы, Австриядагы, Болгариядагы, Румыниядагы, Венгриядагы, Бельгиядагы, Финляндиядагы жана Германиядагы 50 дөн ашуун диаспоралык уюмдар жана азербайжан коомдору Европа Азербайжандарынын Конгрессинин коллективдүү мүчөлөрү болуп саналат. Аймактагы азербайжандардын улуттук-маданий салттарын, ошондой эле алардын социалдык жана саясий-укуктук кызыкчылыктарын коргоо аталган конгресстин негизги милдеттеринин бири болуп саналат. Азербайжанга, Кавказга жана Каспий аймактарына байланышкан илимий-изилдөө иштерин колдоо, ошондой эле фонддорду, изилдөө институттарын, китепканаларды жана архивдерди түзүү иштери Европа Азербайжандарынын Конгрессинин (ЕАК) дагы бир иш чөйрөсү болуп саналат. Бул уюм Европада, КМШ жана башка аймактарда иштеген диаспоралык түзүмдөр менен кызматташат.

Германия Федеративдик Республикасынын жана Түркия Республикасынын ортосунда жумуш миграциясы тууралуу 1961-жылы түзүлгөн келишим түрктөрдүн Европада көбөйүүсүндө чоң роль

ойногон. Шайлоо кампаниялар учурунда саясий партиялардын өз электораттарына түркиялык диаспораларды тартуу боюнча демилгелерди көтөрүп чыгуусу (Германиядагы түрктөрдүн саны 2-миллион 637-миң адамды түзөт) бул өлкөнүн жетекчилиги жана саясий элитасы түрктөр Германиянын ажырагыс бөлүгү экендигин моюнга алышкандыктарын көргөзүп турат.

Түрктөр Германиянын бардык шаарларында (Берлин, Бонн, Гамбург, Штутгарт, Франкфурт-на-Майне, Кёлн, Кёнигсберг, Дюсселльдорф, Майн ж.б.) жана аймактарында жашайт деп айтууга болот. Германиянын белгилүү фирмалары жана ири компаниялары түркиялык бизнесмендер менен шериктеш болушуп, алардын биримдигин жана тажрыйбасын өз ишмердүүлүгүндө колдонушууда. «Эң ири чет элдик капиталы бар» этникалык топ деген имиджге ээ болгон түрктөр Германияда эң көп жеке менчиги бар диаспора болуп эсептелет. Түркиялык диаспоранын Германияны өздөрүнүн экинчи мекени катары эсептеген өкүлдөрү спорт, медиа, маалымат технологиялары, банк, имаратты проекттештирүү жана куруу, илим, саламаттык сактоо жана башка чөйрөлөргө жигердүү катышуу менен бирге Германиянын коомдук жашоосуна да жигердүү катышып келишүүдө. Германиядагы түрк диаспорасы өзүнүн улутун, салттарын, маданиятын, тамак-аштарын жана динин сактап келе жаткан негизги этникалык топ болуп саналат. Түркиянын Изилдөө Борборунун маалыматтарына таяна турган болсок, Социалдык-Демократиялык партия түрк шайлоочуларынын колдоосуна ээ болгон негизги партия болуп саналат. Андан кийинки орунда Демократиялык Социализм Партиясы, Христиандык Демократиялык Партия жана Жашылдар Партиясы турат. Германиянын жарандыгына ээ болуу - Германиядагы түрк шайлоочуларынын өздөрү ишенген партияларга карата койгон негизги талабы болуп саналат. *Германиядагы түркиялык диаспора менен азербайжандык диаспоранын ортосунда тыгыз кызматташтык байланыштар бар.* Германияда бири-бири менен тыгыз байланышып турган түрктөр жана азербайжандар бир көз караштагы карманышат. Азербайжандар ошондой эле «Түркия Ислам Маданиятынын Европалык Федерациясында», «Түрк Ислам Маданиятынын Европалык бирикмесинде», Түрк Ислам Маданиятынын Негиздеринин Европадагы Бирикмелери» жана башка ушул сыяктуу уюмдарда өкүл катары көргөзүлгөн. Азербайжан диаспорасы түрк диаспорасы менен бир катарда туруп, түрк элдеринин тилин, улуттук салттарын, адабиятын жана фольклорун сактоо жана жайылтуу иштерине жигердүү катышат.

«Азербайжан-Германия коому» 1988-жылы Берлинде түзүлгөн. Берлин шаарында «Азербайжандык-Германиялык Академия» (1986), «Азербайжан Маданий Очогу» жана ага тиркелген «Сава-

лан» журналы, «Очок» коому (1988), «Оттор Өлкөсү» деп аталган Маданий жана Билим берүү Коому, Бонн шаарында «Азербайжан Маданий Очогу», Дюссельдорф шаарында «Германиялык-Азербайжандык Коом» (1991), Франкфурт шаарында «Азербайжан Маданий Байланыштар Коому», Кёльн шаарында «Азербайжан Маданий Коому» (1990), Нюрнберг шаарында «Азербайжан Маданий Коому» (1990), Лимбур шаарында «Азербайжан Үйү» (1997) жана башка диаспоралык уюмдар Азербайжан Республикасы менен Германиянын ортосунда коомдук-маданий жана экономикалык байланыштарды өнүктүрүүгө жигердүү түрдө катышып келишүүдө. 1996 – жылы Германиядагы Азербайжан коомдору бирдиктүү түзүмгө, тактап айтканда *Германия-Азербайжан Коомдорунун Федерацияларына* биригишкен. Мындай федерациялардын негизги максаты – диаспоралык уюмдардын ортосундагы байланыштарды бекемдөө болуп саналат. 1999 – жылы Бонн шаарында Германия Азербайжан Коомдорунун Федерацияларынын биринчи съезди өткөрүлгөн. 2004 – жылы Берлин шаарында «Низами Гянжеви атындагы Маданият Институту» түзүлгөн. Ошол эле учурда азербайжан жана немец тилдерин үйрөнүү курстары ачылып, музыка жана компьютердик сабаттуулук боюнча сабактар өткөрүлө баштаган.

Европанын дагы бир өнүккөн өлкөсү Улуу Британияда Түркия, Иран (Түштүк Азербайжан) жана башка түрк мамлекеттеринен барып жашап жаткан түрк тектүү мекендештирибиздин саны болжол менен 100 миңден ашык адамды түзөт. Түрк тектүү жарандардын жигердүү бөлүгү бул өлкөдө Улуу Британия-Түркия Коомун уюштурган. Алардын көпчүлүгү текстиль жана азык-түлүк өнөр жай чөйрөсүндө эмгектенет. Улуу Британияга түрк мамлекеттеринен барган (айрыкча Азербайжандан) студенттердин саны өсүп жатат. Улуу Британиянын университеттеринде түрк тилдүү элдерден болжол менен 20 миң студент жана магистр билим алып жатат деп божомолдонууда. Улуу Британия кош жарандуулук тууралуу мыйзам кабыл алса, чет элдик жарандар, ошонун ичинде түрк тектүү элдер да өз жарандыгынан баш тартпастан Улуу Британиянын жарандыгына да ээ боло алышат. 2006-жылдын маалыматтарына таяна турган болсок, Улуу Британиянын жарандыгына ээ болгон түрктөрдүн саны 54 миңге жеткен. Бул өлкөдө лобби жана өз өлкөсүн пропагандалоо максатын көздөгөн уюмдар жана медиалар иштейт.

Азербайжандардын алгачкы өкүлдөрү Улуу Британияда XX кылымдын ортосунан баштап негизделе баштаган. Азыр Лондон шаарында көп азербайжан жашайт жана алардын күчтүү диаспоралык уюмдары бар. Азербайжан-Англия Коому, Европа-Азербайжан Коому, ошондой эле «Азербайжан Жаштар Клубу» Азербайжандагы чындыкты дүйнөлүк коомчулукка жеткирүү, азербайжандарды

уюштуруу, ошондой эле Карабак маселесин чечүү багытында иш алып барышууда. Лондондо жашаган азербайжандардын кичинекей балдары азербайжан тилин унутуп калбашы үчүн атайын азербайжан мектептери ачылган. Мындан тышкары «Европа-Азербайжан Коомунун» колдоосу менен «*Visions of Azerbaijan*» деп аталган англис тилиндеги журнал чыга баштаган. Аталган уюм Хожалы геноцидине жана Карабакка байланышкан иш-чараларды дайыма өткөрүп турат жана андан тышкары ушул көйгөйлөрдү европалыктарга жеткирүүгө аракет кылууда.

Франциядагы азербайжандык эмигранттардын алгачкы өкүлдөрү (Алимардан бей Топчибашев, Жейхун бей Гажибейли ж.б.) ал жерге XX кылымдын башында барышкандыктарына карабастан уюшулган диаспоралар акыркы 20 жыл ичинде гана калыптана баштаган. Францияда бир нече маданий борборлор бар, ошонун ичинде «Азербайжан Үйү» деп аталган Ассоциациясы да бар. 2003-жылы ноябрда азербайжан студенттери жана жаштары тарабынан Азербайжан-Франция Жаштар Ассоциациясы түзүлгөн. Бул коомдун максаты - өлкөдөгү азербайжандык студенттик уюмдар менен байланыштарды өнүктүрүү болуп саналат. 2004-жылдан баштап «Кцгрь-Le Pont» деп аталган журнал чыгарылат .

Швецияда болжол менен 20 миң азербайжан жашайт. Алардын көпчүлүгүн Иран Исламдык Республикасынан (Түштүк Азербайжан) көчүп барган азербайжандар түзөт. 2001-жылы Азербайжан-Швеция Комитети түзүлгөн. Аталган коомдун иштерине Швециянын бир нече кадырлуу жарандары да катышат. 2000-жылы июль айында азербайжан эмигранттары Азербайжан-Швеция Федерациясын түзүшкөн. Бул коом Азербайжанга байланышкан 14 уюмду бириктирет, ошонун ичинде «Ерк», «Улдуз», «Трибун», «Савалан» ж.б. бар. 2002-жылы октябрьда «Азербайжан Академиялык Коому» түзүлгөн. Бул коом Азербайжан Республикасынын мамлекеттик түзүмдөрү жана коомдук уюмдары менен кызматташат. 2003-жылы августта Нидерланды Падышалыгында (Голландия) Азербайжан-Нидерланд коому түзүлгөн. 2004-жылдан баштап бул коомдун «Бенилюкс» деп аталган гезити чыга баштаган. 1993-жылдан баштап Ден-Хааг шаарында Азербайжан-Түркия Маданияты боюнча Коом иштей баштаган. Бул коом өлкө коомчулугун Азербайжан Республикасы жана Түркия менен тааныштыруу багытында бир топ конкреттүү иш-чараларды аткарган.

Түрк жана Азербайжан диаспоралары Америка Кошмо Штаттарында жана Канада мамлекетинде да натыйжалуу иш алып барышууда. АКШда жашап жаткан азербайжандардын так саны белгисиз болгондугуна карабастан ар түрдүү булактарда алардын саны 400-миңден 1 миллионго чейин деп айтылууда. АКШнын Лос-Ан-

желес шаарында 1997-жылы түзүлгөн Дүйнө Азербайжандырынын Конгресси (ДАК) Американын ичиндеги гана эмес, башка ар түрдүү өлкөлөрдөгү азербайжандык коомдордун ишмердүүлүгүн бириктирүү боюнча иш алып барат. *1970-жылы АКШда түзүлгөн Америка Түркия Ассоциацияларынын Ассамблеясынын АКШда жана Канада мамлекетинде иш алып барган 57 бөлүмү бар.* Бул Ассамблея бир топ гезит-журналдарды, ошонун ичинде «*The Turkic World*» – «Түрк дүйнөсү» (1989) деп аталган журналды да чыгарат. Бул уюм ошондой эле Түркия жана Түркия-Америка коомдорунун форумдарына катышып, башка жамааттар менен да тыгыз байланыштарды түзөт. 1880-жылдан баштап Канадага көчүп бара баштаган түрктөр 1950-жылдан баштап бул өлкөдө диаспоралык түзүмдөрдү калыптандыра башташкан. Негизинен инженерия, дарыгерлик жана башка чөйрөлөрдө адистешкен түрктөрдүн бул өлкөгө көчүп баруусунда негизги ролду Түркия-Канада Бирикмеси ойногон. 2003-жылдын маалыматтарына таяна турган болсок, Канадада жашаган түрктөрдүн саны 25 000 адамды түзөт. Саясий жактан бекемделип келе жаткан түрктөр принципиалдуу маселелерди чечүүдө бул жакта эчак эле негизделип алган армян жана грек диаспоралары менен атаандашып, өздөрүнүн көз караштарын дүйнөлүк коомчулукка жеткирүүгө аракет кылышууда. Бул жерде түрктөргө байланыштуу болгон бир топ уюмдар, ошонун ичинде Түркия-Канада Биримдиги, Канадалык Түрктөрдүн Маданий Коому, Түрк Диаспораларынын Уюмдарынын Федерациясы жана башкалар бар. 2005-жылы Торонто шаарында (Канада) Азербайжан Коомдорунун Федерациясын түзүү боюнча конференция өткөрүлгөн. Бул конференцияга Канада-Азербайжан Кызматташтыгы Ассоциациясы, Билим жана Маданият боюнча Азербайжан Борбору, Канада-Азербайжан аялдарынын Ассоциациясы, Азербайжан жана Канада Достугу Коому, Квебек Азербайжандарынын Ассоциациясы, Онтарио Азербайжандарынын Коому жана Канада-Азербайжан Альянсы катышышкан жана ушул уюмдарга тиркеме катары универсалдуураак бирикме калыптанган.

Түрктөрдүн «жашыл континент» деп эсептелинген Австралияга эмиграциясы XX – кылымдын башынан башталган. 1911-жылдын статистикалык маалыматтарына таяна турган болсок, Австралияда жашаган түрктөрдүн саны 332 адамды түзгөн. 1954 – жылы бул сан 1036 адамга чейин өскөн. Австралиялык түрктөрдүн көпчүлүгүн Түндүк Кипрден барган түрктөр түзөт. Түрктөрдүн 1960-жылы башталган массалык эмиграциясына байланыштуу Түркия менен Австралиянын ортосунда «Түркия Республикасынын өкмөтүнүн жана Австралия Бириккен Улуттарынын өкмөтүнүн ортосунда Австралиядагы түрктөрдүн статусу жана ишмердүүлүгү жөнүндө келишим» түзүлгөн. Бул келишим түрк эмигранттарына Австралия-

га тоскоолдуксуз кирүүгө шарт түзгөн. Натыйжада Австралиядагы түрктөрдүн саны 1971-жылы 8 миң адамга жеткен. Азыркы учурда Австралияда 55 миң адамдан турган түрк диаспорасы калыптанып калган жана ал өзүнүн ишмердүүлүгүндө айрым өлкөлөрдөгү диаспоралардан айырмаланат. Түрктөрдүн белгилүү бир бөлүгү өзүнүн улуттук маданиятын сактоо максатында балдарын түрк мектептеринде окутушат, бири-бири менен эне тилинде сүйлөшүшөт, түрк кафелеринде тамактанышат жана түрк дүкөндөрүнөн соода кылышат. Диаспоранын ичинде бир пикирдүүлүктү колдоо жана сактоо максатында бири-бири менен тыгыз байланышта болгон түрктөр өз мекени менен байланыштарын үзбөстөн, түрк телеканалдарын көрүп, түрк музыкасын угуп турушат. Австралия мамлекетинде да түрк диаспорасына таандык массалык маалымат каражаттары бар. Алардын арасында «Океан» («Dərya»), «Жаңы Мекен» («Yeni Vətən»), «Заман» («Zaman») жана «Yorum» деп аталган басылмалар абдан белгилүү. Австралияда жана Жаңы Зеландияда болжол менен 10 миң азербайжан жашайт, ошондой эле Австралиядагы Азербайжандыктар Коому, (1996 -жыл, Сидней), Австралиядагы Австралия-Азербайжан Коому (2003 – жыл, Сидней) жана Азербайжан-Жаңы Зеландия Достук Коому (2004 - жыл, Окленд) сыяктуу уюмдар иштейт. Азербайжандардын көпчүлүгү – Ирандан жана Түркиядан көчүп барган эмигранттар.

Бүгүнкү күндө да постсоветтик мейкиндиктеги мамлекеттерде жетиштүү деңгээлде уюштурулган Азербайжан коомдору бар. Борбор Азиядагы түрк республикаларындагы азербайжан жана түрк диаспоралары өздөрүн бөтөн өлкөдө эмес, өздөрүнүн Улуу Мекенинин бир бөлүгүндө жашап жаткандай сезишет. Расмий маалыматтарга таяна турган болсок, Казакстан Республикасында болжол менен 106 миң азербайжан жашайт. Алар негизинен Жамбыл, Чымкент, Алматы жана Талды-Курган аймактарында жашайт. «Туран» (1993) деп аталган Азербайжан маданият Коомунун демилгеси менен Алматыда «Озан» деп аталган Маданий коом, ал эми башка аймактарда (Кустанай, Жамбыл, Талды-Курган, Петропавловск) диаспоралык уюмдар түзүлгөн. 1992-жылдан баштап Казакстандын мамлекеттик радиосунда «Достлуг» (Достук) деп аталган азербайжан тилиндеги программа чыга баштаган, ал эми 2002-жылдан баштап «Жекшемби» деп аталган азербайжан мектеби иштейт. «Туран» деп аталган уюм Казакстандын аймагында иштеген 17 Азербайжан улуттук коомдору («Гобустан» – Алматы, «Достлуг» – Актөбө аймагы, «Новруз» – Атырау аймагы, «Азери» – Жамбыл аймагы, «Ветен» жана «Азербайжан» – Павлодар аймагы ж.б.) менен биргеликте иштейт.

Өзбекстан Республикасындагы Азербайжан Маданият Борборлорунун Ассоциациясы 2003-жылы январда негизделген. Ташкентте

«Боордоштук» («Гардашлыг») деп аталган Азербайжан Маданият Борбору жана «Азербайжан Үйү» иштейт.

Кыргызстан Республикасындагы азербайжандардын «азери» деп аталган коомдук уюму 1992-жылы түзүлгөн. Бул өлкөдө болжол менен 20 миң азербайжан жашайт. Алардын көпчүлүгү бул жакка XX – кылымдын 30-жылдарында репрессия учурунда айдалынган. «Азери» коому өзүнүн негизделген күнүнөн баштап мекендештердин укуктарын коргоо, Кыргызстандагы коомдук жашоого жигердүү катышуу, ошондой эле тарыхый мекен менен туруктуу байланыш түзүү максаттарын көздөп келет. Кыргызстандын Улуттук Телерадиокомпаниясынын алдында «Азери» уюмунун бөлүмү бар. Бишкек шаарында азербайжан балдары үчүн «жекшемби күнкү» мектеп да бар, андан тышкары «Улдузлар» (Жылдыздар) деп аталган фольклордук ансамбль да бар.

Евразия аймагындагы азербайжандардын эң күчтүү жана эң чоң диаспорасы (жалпысынан алганда Борбор Азиядагы көз карандысыз түрк республикаларынын көптөгөн өкүлдөрүнүн диаспоралары да) Орусия империясында жайгашкан. Анткени Азербайжан мамлекети СССРдын курамында болгон мезгилде эле биздин мекендештерибиз (жана башка түрк тилдүү элдер) бул өлкөдө бекем орношуп алышкан. Орусиянын аймагында жашап жаткан азербайжандардын жалпы саны болжол менен 3 миллион адамды түзөт (башкача айтканда, Азербайжандын үчтөн бир бөлүгү). Бул өлкөдөгү азербайжан диаспорасынын эң ири уюму – Бүткүл орусиялык Азербайжан Конгресси (БАК) болуп саналат. 2001-жылы март айында өткөрүлгөн съездде жогорку мамлекеттик жетекчилердин, ошондой эле Орусия жана Азербайжан коомчулуктарынын катышуусунда түзүлгөн бул Конгресс Орусия Федерациясынын аймагындагы улуттар аралык ынтымакты жана жарандык тынчтыкты бекемдөө, ошондой эле Орусия мамлекети менен Азербайжан Республикасынын ортосундагы социалдык-экономикалык жана маданий кызматташтыкты тереңдетүүчү жана өнүктүрүүчү процесстерди колдоо максатын көздөйт. Бүткүл орусиялык Азербайжан Конгрессинин негизги милдети – азербайжандардын улуттук маданиятын, салттарын, тилин жана динин сактоо, алардын укуктарын, эркиндигин жана социалдык кепилдиктерин коргоо, ошондой эле Орусияда жашап жаткан башка элдердин улуттук-руханий баалуулуктарына жана салттарына сый мамиле жасоо болуп саналат. Аталган Конгресс ошол эле учурда Орусия менен Азербайжандын ортосунда эки тараптуу достук мамилелерди жана саясий байланыштарды өнүктүрүү багытында конкреттүү кадамдарды жасап жатат. Орусияда жашап жаткан азербайжандардын көптөгөн көрүнүктүү өкүлдөрү аталган конгресстин ишине катышышат: Орусия Федерациясынын 73 субъектинде

бул уюмдун аймактык бөлүктөрү иштейт. Мындан тышкары башка улуттук уюмдар жана коомдор Бүткүл орусиялык Азербайжандар Конгрессинин коллективдүү мүчөлөрү болуп саналат. Ошол эле учурда бул Конгресстин Түндүк-Батыш, Приволжск, Урал, Сибирь жана Алыскы чыгыштагы федералдык округдардагы жергиликтүү бөлүмдөрүнүн ишмердүүлүгүн координациялоо максатында Конгресстин округдук кеңештерди да түзүлгөн. Конгресстин борбордук түзүмүнө «Экономикалык Өнүгүү Фонду», «Укуктук Коргоо Борбору» жана «Азербайжан Конгресси» деп аталган гезит да кирет. Орусия Федерациясында азербайжан тилиндеги «Интер-Азербайжан» компаниясы, «Эл үнү» жана «Бош убакыт» гезити, «Мурас» деп аталган илимий-публицистикалык журнал, ошондой эле үч тилде чыгуучу (азербайжан, орус, англис) «Баку» журналы, жана «Азербайжан» деп аталган коммерциялык-көргөзмө борбору бар.

1999-жылдын март айында түзүлгөн Украиналык Азербайжандык Конгресс (УАК) Чыгыш Европадагы алдыңкы диаспоралык уюмдардын бири болуп саналат. Бул Конгресс Украинада жашап жаткан азербайжандардын социалдык-экономикалык жана коомдук-саясий көйгөйлөрүн чечүүдө, ошондой эле алардын улуттук маданий салттарын сактоодо маанилүү роль ойнойт. Украинанын 27 административдик борборунда (Винница, Днепропетровск, Донецк, Житомир, Львов, Одесса, Полтава, Севастополь, Тернополь, Харьков, Херсон, Черкассы, Чернигов жана башка аймактарында) аталган Конгресстин аймактык бөлүмдөрү бар. Аталган Конгресс өлкөнүн коомдук-маданий жашоосуна жигердүү катышып, ар түрдүү коомдук-маданий жана ырайымдуулук акцияларды өткөрүп, Украинадагы башка диаспоралардын борборлору, коомдук жана мамлекеттик уюмдар, ошондой эле ырайымдуулук фонддор менен кызматташтык түзүү менен алектенет. Мындан тышкары согуш ардагерлерине, чернобыль кырсыгына катышкандарга, Закарпатьедеги стихиялуу кырсыктарга катышкандарга, Донбасс шахтасындагы авариядан жапа чеккендерге, ошондой эле балдар үйлөрүнө жана интернаттарга материалдык жардам көргөзүлөт. Конгрессте «Азербайжан» деп аталган ансамбль да иштейт. Уюмдун бир топ аймактык бөлүмдөрүндө «Жекшемби күнкү» мектептер иштейт. Мындан тышкары Киев шаарында Конгресстин «*Азербайжан үнү*» деп аталган гезити да чыгат. Конгресстин демилгесинин негизинде илимий мекемелердин жана Азербайжан менен Украинанын ортосунда студенттерди алмаштыруу программалардын кызматташуусу боюнча макулдашууларга кол коюлган. Конгресс Украиналык коомдук-саясий, экономикалык жана маданий иш-чараларга, ошондой эле Азербайжан менен Украинанын мамлекеттик жана улуттук майрамдарына жигердүү катышат.

Түркия менен Азербайжандын ортосундагы байланыштын тамыры ушунчалык терең болгондуктан түрктөрдүн Азербайжанда же болбосо азербайжандардын Түркияда расмий диаспора статусунда жашайт деп кароого болбойт. *Анткени ушул эки өлкөдө тең жашаган түрктөр жана азербайжандар бири-бирине бир-биринин үйүндө жашап жаткан бир туугандардай мамиле кылышат.* 1991-2002 – жылдарда Түркия Республикасында «Измирдеги Азербайжан Маданият Үйү жана Коому», «Маниса Азербайжан Маданият Коому», «Бурсадагы Азербайжан үйү Коому», «Кожаэлидеги Азербайжан үйү Коому», «Чанаккаледеги Азербайжан үйү Коому», «Балыкесирдеги Азербайжан үйү Коому», «Айдындагы Азербайжан үйү Коому», «Мугладагы Азербайжан үйү Коому», «Аданадагы Азербайжан Маданият Коому», «Анталиядагы Азербайжан үйү Коому», «Анкарадагы Азербайжан Маданияты Коому», «Ыгдырдагы Азербайжан Маданият Коому», «Хатаидеги Азербайжан-Түркия Маданий Борбору», «Стамбулдагы Азербайжан Маданияты Коому», «Адим Азербайжан үйү Коому» жана башка ушул сыяктуу уюмдар түзүлгөн. 2004-жылы майда Искендерун шаарында *өзүнө Түркиядагы азербайжан уюмдарын бириктирген Түркия-Азербайжан коомдорунун Федерациясы* негизделген. Аталган федерация өзүнө өлкөнүн дээрлик жыйырма (Анкара, Стамбул, Измир, Балыкесир, Тира, Дөртйол, Чанаккале, Ыгдыр ж.б.) шаарында иштеген «Азербайжан үйү» коомдорун камтыйт. Бул түзүм Түркияда Азербайжандын кызыкчылыктарын коргоо менен алектенип, азербайжан уюмдарынын ортосундагы байланыштардын өнүгүүсүнө түрткү берет. Түркиядагы азербайжан коомдору өлкөнүн социалдык-экономикалык, коомдук-саясий жана маданий жашоосунда жигердүү роль ойношот. «Стамбулдагы азербайжан маданияты коому» 2004-жылдын январь айынан баштап «Азербайжан дүйнөсү» деп аталган журналын чыгарат [41; 49].

Чоң масштабдуу гуманитардык максаттарды, маданиятка жана билимге байланышкан демилгелерди, ошондой эле түрк билим берүү системасынын жогорку баалуулуктарын чагылдырган *түрк маданий коомдорунун ишмердүүлүгү* түрк дүйнөсүнүн биримдигин бекемдөө процессинде өзгөчө орунду ээлейт. Түрк маданий коомдорунун программаларынын алкагында түрк республикаларындагы (ошонун ичинде Азербайжанда да) жана дүйнөнүн ар түрдүү өлкөлөрүндөгү көптөгөн окуу жайларында орто мектептерден баштап университеттерге чейин түрк тили жана маданияты окутулат.

«Çağ Öyrətim İşlətmələri» («Чаг Ойретим ишлетмелери») компаниясынын маалыматына таяна турган болсок, азыркы учурда дүйнөнүн 150 өлкөсүндө иштеп жаткан *түрк мектептери* [45] билим берүүнүн эл аралык системасында жогорку сапатта билим берилүүчү меке-

мелер болуп саналат. Бул мектептерди бүтүргөн балдар (негизинен түрк лицейлери) жогорку окуу жайларына өтүүгө байланышкан сынактарда жакшы көрсөткүчтөргө ээ болушат. Мисалы, Түркияда жана башка мамлекеттерде Анадолу лицейлери тарабынан уюштурулган сынактарга бир эле учурда 1 миллион 97 миң 503 окуучу катышат. Анадолу лицейлеринин окуучулардын жөндөмдүүлүктөрүн текшерүүгө байланышкан сынактары Баку, Ашгабад, Ташкент, Бишкек, Триполи, Эр-Риад, Медина, Жедда, Лефкош жана башка шаарларда өткөрүлүп турат [110]. Өз ишмердүүлүгүн «*дүйнөгө карай ачылган тынчтык көпүрөлөрү*» деген урааңга негиздеген түрк мектептери кадимки сабактарды заманбап түрк цивилизациясына негизделген глобалдык гуманизм идеясы менен бириктирип, бул жагынан башкаларга үлгү көргөзүшөт жана «Түркиянын чоң ишенимине ээ» [114]. Биздин өлкөдө «Sağ Цyrətim İşlətmələri» компаниясы тарабынан ачылган Азербайжан-Түркия жеке лицейинин окуучулары дүйнөлүк билим олимпиадаларына ийгиликтүү катышып, Азербайжандын байрагын башка өлкөлөрдө жогору көтөрүп жатышат. Азербайжан-Түркия Жеке Лицейи биздин өлкөдө өз ишмердүүлүгүн 1994-жылы баштаган жана ошол мезгилден баштап азыркы күнгө чейин ушул лицейдин тарбиялануучулары 102 алтын, 166 күмүш, 255 коло жана баары биригип жыйынтыгында 523 медаль жеңип алышкан. Бул лицейдин бүтүрүүчүлөрүнүн 99-пайызы ар жылы дүйнө университеттеринин өздөрү каалаган факультеттерине тапшырып, өздөрүнүн билимдерни ийгиликтүү түрдө улантышууда [46].

Түркиянын жана алдыңкы Батыш өлкөлөрүнүн заманбап билим берүү программаларын жана окутуу технологияларын ийгиликтүү түрдө пайдаланып келе жаткан «Кавказ» университети биздин өлкөдөгү жана чет өлкөдөгү жогорку окуу жайларынын арасында жогорку рейтингге ээ болуп, азербайжан элинин жана башка мамлекеттердин ишенимине ээ болду. Түркия Республикасынын Президенти Абдулла Гүл «Кавказ» университетинин жаңы корпусун негиздөө салтанатына катышып, өзүнүн бул тууралуу сүйлөгөн сөзүндө «ушул билим берүү мекемесинин негизделишине, ошондой эле илим чөйрөсүндөгү Азербайжан-Түркия байланыштарын өнүктүрүүгө жалпы улуттук лидер Гейдар Алиев жана Түркиянын мурдагы Президенти Тургут Озал өзгөчө жардам көргөзгөндүгүн баса белгилеген. «Кавказ» университети Түркия менен Азербайжандын ортосундагы кызматташтыктын жемиши болуп саналат. Азыркы учурда бул университет эң жогорку көрсөткүчтөргө ээ болгон жеке жогорку окуу жайларынын бирине айланган» [84, 346-б].

Ахмед Ясеви атындагы Эл аралык Түрк-Казак Университети өз ишмердүүлүгүн «*терең тамырлуу тарыхтан улуу келечекке*» де-

ген ураанга негиздейт [116]. Бул университет Түркия жана Казакстан республикаларынын жеке статусун алып жүргөн биргелешкен мамлекеттик университет болуп саналат. Бул университеттин негиздери Казакстан республикасы эгемендүүлүккө ээ болгон алгачкы жылы салынган. Университеттин кампусу символикалык түрдө Түркстан шаарында 300 гектарлык аянттагы жерде жайгаштырылган. Эл аралык Түрк-Казак университети түрк республикаларынан студенттерди кабыл алып, аларга жогорку билим берип, «илимий изилдөөлөргө жөндөмдүү, ошондой эле улуттук-моралдык баалуулуктарды жана демократиялык көз караштарды карманган адистерди даярдоо» боюнча өзүнүн миссиясын аткарат.

Жыл сайын Түркияда өткөрүлүп туруучу *түрк тили боюнча Эл аралык олимпиадалар* да түрк тилин жана маданиятын системалуу түрдө эл аралык масштабда жайылтуунун жаркын үлгүсү болуп саналат. Дүйнөнүн дээрлик 140 өлкөсүнүн миңдеген окуучулары катышкан түрк тили боюнча Эл аралык олимпиадага Азербайжан да ийгиликтүү түрдө катышып келүүдө [47]. Түрк тилин жана маданиятын жайылтуу, ошондой эле ар түрдүү өлкөлөрдүн билим берүүгө жана улуттук баалуулуктарына байланышкан баалуулуктарын көргөзүү максатын көздөгөн мындай салттуу олимпиадалар элдердин ортосундагы достукту жана ынтымакты бекемдөө, ошондой эле аларды бири-бири менен тереңирээк тааныштыруу кызматын да аткарышат.

Ушул нерселердин баары түрктөр гуманизм, мораль, адилеттүүлүк, өнүгүү, тынчтыкты сүйүү, адамды сүйүү, маданият жана гүлдөп-өнүгүү деген түшүнүктөргө негизделген бирикмелерди түзө ала турган уюмдарды жаратуучулар же негиздөөчүлөр экендиктерин көргөзүп турат. Түрк Мамлекеттер Бирлиги да өзүнүн бардык маңызы менен жалпы адамзаттык идеалдарга байланган. Дүйнөлүк деңгээлдеги жалпы түрк уюму жалпы түрк мамлекеттеринин жана коомдорунун кадыр-баркынын көтөрүлүшүнө түрткү берүү менен бирге түрк дүйнөсүнө эл аралык гуманитардык маданий баалууктарды, саясий-экономикалык жана илимий жетишкендиктерди жигердүүрөөк киргизүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. Мындай интерактивдүү процесстер Түрк Мамлекеттер Бирлигинин XXI – кылымдагы Жаңы Дүйнөлүк Тартип саясатында (*New World Order*) татыктуу орун ээлөөгө түрткү берет.

## 23. ЖАЛПЫ ТҮРК ДҮЙНӨСҮНҮН СТРАТЕГИЯСЫ: МАКСАТТАР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

Түрк Мамлекеттер Бирлиги идеясын бүткүл түрк дүйнөсүнүн мейкиндигинин бирдиктүү бир стратегиясынын алкагына киргизүү маселеси Баку шаарында өткөрүлгөн (ноябрь 2007-жыл) Түрк Мамлекеттеринин жана Коомдорунун Кызматташтыгы, Боордоштугу жана Достугу боюнча XI съезддин жыйынтыктоочу баяндамасында чагылдырылган. Бул съезддин жыйынтыктоочу декларациясында туруктуулукту камсыздоо, түрк геосаясий аймагында өнүгүүнүн негиздерин калыбына келтирүү, түрк элдеринин тынчтыгын жана коопсуздугун камсыздоо, эл аралык коомчулук менен жуурулушууну тездетүүчү иш-аракеттерди күчөтүү, түрк элдеринин ортосунда кыйрагыс же бузулгус биримдикти камсыздоо, экономика, саясат, маданият, соода жана башка чөйрөдөгү кызматташтыкты өнүктүрүү, ошондой эле түрк элдеринин ортосундагы интеграцияны тереңдетүү саясатын ырааттуу түрдө алдыга жылдыруу маселеси чагылдырылган. Түрк элдеринин эл аралык коомчулуктагы ордун бекемдөө багытындагы стратегиялык максаттарды концептуалдаштырган Съезддин Жыйынтыктоочу баяндамасынын биринчи пунктунда минтип жазылган: «1. ***ТҮРК ТИЛДҮҮ МАМЛЕКЕТТЕР БИРЛИГИН ТҮЗҮҮ ҮЧҮН*** зарыл болгон илимий, идеологиялык, институционалдык жана укуктук негиздерди калыптандыруу жана тийиштүү концепцияны даярдоо – маанилүү нерсе болуп саналат» [77, 394-б]. Жыйынтыктоочу баяндамада сунуштулган кырк пункттун ичинен белгиленген маанилүү тапшырмалардын бир бөлүгү акыркы алты жыл ичинде аткарылып, калган бөлүгү аткарылып жатат, ал эми дагы калган бөлүгү өз чечимин күтүүдө.

Түрк мамлекеттеринин бирдиктүү стратегиялык позициясынын калыптанышы алардын ортосундагы *эки тараптуу жана көп тараптуу мамилелердин өнүгүүсүнө* байланыштуу. Түрк мамлекет башчылары акыркы жылдарда боордош мамлекеттерге сапар жасап, жогорку деңгээлдеги жолугушууларды өткөрүп, маанилүү иш кагаздарына кол коюшуп, мамлекет аралык мамилелердин мурдагыдан да көбүрөөк бекемделишине түрткү берип келишүүдө. Казакстандын президенти Нурсултан Назарбаевдин Азербайжанга (2005-жыл май айы) жасаган сапары учурунда эки республиканын ортосунда «Стратегиялык шериктештик тууралуу келишим» түзүлгөн. Биргелешкен пресс-конференцияда Азербайжан Республикасы-

нын президенти Ильхам Алиев мамлекеттер аралык мамилелердин стратегиялык маанилүүлүгүн баса белгилеп, бул тууралуу минтип айткан: «Биздин мамлекеттерибиздин ортосундагы мамилелер өлкөлөрүбүздүн ичиндеги процесстерди өнүктүрүү, ошондой эле кызматташтык жана аймактык коопсуздук маселелерине байланышкан аймактык саясат үчүн өтө маанилүү» [15, 149-б]. Казакстан Республикасынын Президенти Нурсултан Назарбаев эки түрк мамлекеттеринин ортосундагы өз ара мамилелердин тарыхый-геосаясий негиздерин айтып өтүп, турмуштук тажрыйбага таянып, чын дилинен минтип айткан: «*Азербайжан мамлекети үчүн Борбор Азиядагы негизги мамлекет бул Казакстан, ал эми Кавказда биз үчүн негизги мамлекет бул Азербайжан* деп эсептейм. Биздин элдерибиз бири-бирине тууган болуп саналат. Элдерибиздин тарыхы, тили, маданияты, ата-бабалары жана салттары бир. Казак эли жана жеке мен өзүм азербайжан элин абдан сыйлайбыз. Мен үчүн бул нерсе абдан маанилүү, анткени мен азербайжандар менен бирге чоңойгом. Мен өскөн айылда көп азербайжан жашаган. Биздин элибиздин мамилеси да ошондой. Мен тарыхты айтып өттүм, ал эми бүгүнкү күндөгү тарых бизди ого бетер жакындатууда. Эми бизди Каспий бөлбөйт, тескерисинче бириктирет. Чынында биз досторбуз жана биздин чек араларыбыз да бир. Бүгүнкү күндө биздин мамлекеттерибиз дүйнөлүк базар үчүн мунайзат өндүрүүчү негизги аймактык мамлекеттер болуп саналат. Биз биргелешип катуу иштеп, дүйнөдө эмгек бөлүштүрүүнүн маанилүү катышуучулары боло алабыз: биринчиден, аймакта терроризм жана экстремизм сыяктуу нерселерге каршы күрөш жүргүзүп, туруктуулук маселелерин бирге чече алабыз, экинчиден газ, мунайзат жана көмүр сыяктуу кендерибиз аркылуу дүйнөлүк мейкиндикте татыктуу орунга ээ боло алабыз. Ушул нерселердин баары жакынкы он жыл аралыгында биздин өнүгүүбүзгө кошула турган монументалдык салым болуп калат. Эми Баку-Тбилиси-Жейхан мунайзат түтүгүн Актау-Баку-Тбилиси-Жейхан деп атоого болот. Бул түтүк жолу – жылдан жылга өсүп жаткан казак мунайзатын дүйнөлүк базарларга алып чыгуунун маанилүү варианттарынын бири болуп саналат» [16,150-б].

Азербайжан Республикасынын Президентинин Казакстанга жасаган расмий сапары (2001-жыл, август) да стратегиялык шериктештиктин динамикалуу түрдө өнүгүүсүнүн маанилүү баскычы болуп калган. Мамлекет башчылары тарабынан түзүлгөн «Биргелешкен Декларация» Азербайжан менен Казакстандын ортосундагы саясий, экономикалык, соодалык, маданий, коммуникациялык жана илимий мамилелердин жалпы платформасын чагылдырган. «Стратегиялык шериктештик жөнүндө келишимдерди жана макулдашууларды тереңдетүү максатында диалогду улантуу, ошондой эле

өкмөттөр, парламенттер жана жарандык коомдор ортосунда пикир жана тажрыйба алмашуу маселеси өтө чоң мааниге ээ» [28, 292-б].

Жалпы түрк дүйнөсүнүн биримдигин чагылдырган жагымдуу борбор болуп саналган Түркия жана Азербайжан ортосундагы өз ара мамилелер түрк мамлекеттеринин биримдиги тууралуу стратегиялык идеяга байланышкан негизги парадигманы дайыма курчутуп, өнүктүрүп турат. Азербайжан Республикасынын президенти Ильхам Алиев Түркия Республикасынын Президенти Абдулла Гүлдүн Азербайжан Республикасына жасаган сапары тууралуу сүйлөгөн өзүнүн сөзүндө эки боордош өлкө глобалдык улуттар аралык долбоорлорду ишке ашырууда бирдиктүү стратегиялык платформага таянышарын жогору баалап, минтип айткан: «Улуттар аралык мындай чоң долбоорлор дагы көп жыл бою өлкөлөрүбүздүн өнүгүүсүнө өз салымын кошот. Алардан кийин жаңы долбоорлор ишке ашырылат. Эми биз транспорттук инфраструктураны бириктирүү менен алек болуудабыз. Бул маселе Түркиянын жана Азербайжандын демилгеси менен чечилүүдө. *Тарыхый Жибек Жолун калыбына келтирүү, Түркия менен Азербайжанды темир жолдор аркылуу бириктирүү, ошол эле учурда Түркия менен Борбор Азияны бириктирүү, ал эми Борбор Азияны Европа менен бириктирүү* маселелери – экономикалык жана саясий долбоорлор болуп саналат. Мындай долбоорлор түрк мамлекеттеринин ортосундагы кызматташтыкты ого бетер күчөтөт. Бизди тарыхый тамырларыбыз, этникалык жакындыгыбыз, жалпы экономикалык жана саясий кызыкчылыктарыбыз, ошондой эле аймактык кызматташуу сыяктуу нерселер бириктирет. Ушул чөйрөлөрдүн баарында биз сонун натыйжаларды көрүп жатабыз. Келечекте Түркия менен Азербайжандын биримдиги жана боордоштугу мындан да катуу күчөшүнө, ошондой эле биздин алдыбызда турган бардык оор маселелер чечилип, *биздин аймактагы жана бүткүл дүйнөдөгү таасир тийгизүү мүмкүнчүлүктөрүбүз көбөйөрүнө мен толук ишенем*» [12, 323-324-б]. Түркия Республикасынын Президенти Абдулла Гүл да Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиев карманган позицияны карманып, биздин боордош элдерибизди шериктеш болууну каалаган жана Түркия менен Азербайжандын тарыхтарын жакындатууга аракет кылган элдер катары мүнөздөгөн. Ал бул тууралуу минтип айткан: «Түркия менен Азербайжандын ортосундагы мамилелерди Азербайжандын Жалпы улуттук лидери Гейдар Алиев өзүнүн «Биз бир улутпуз, эки мамлекетпиз!» деген сөзү менен эң жакшы түрдө билдирген». Биздин ортобуздагы биримдикти мындан артык сүрөттөө же билдирүү мүмкүн эмес. Биз чынында эле эки мамлекети бар бир улутпуз. Бизди курчаган аймакта башка түрк мамлекеттер да бар, бирок биз баарыбыз бир улутпуз. Бүгүнкү күндө биз жеке мамлекеттер катары жашап жатканыбыз менен би-

ри-бирибиз менен кызматташа алабыз, бири-бирибизге карата достук, боордоштук сезимдерин көргөзө алабыз жана чечкиндүү боло да алабыз. Биз саясий, экономикалык жана маданий чөйрөлөрдө кызматташа алабыз» [85, 325-б]. Түркия Республикасынын Президенти Абдулла Гүл Азербайжандын Милли Межлисинде сөз сүйлөп жатып Түркия менен Азербайжанды Евразиядагы интеграциялык процесстердин өзөгүн түзгөн түрк мамлекеттери катары баалап, эми калыптана баштаган төмөнкү биргелешкен геостратегия аймактын өнүгүүсү үчүн канчалык маанилүү экендигин белгилеген: «Каспий бассейни Батыш менен Чыгышты байланыштыруучу сын ташы болуп саналат. Бул бассейн же аймак тарыхый Жибек жолун чыныгы заманбап долбоорго айландыра ала турган сапатка ээ. *Батыш менен Чыгышты байланыштырган Түркия жана Азербайжан мамлекеттери* ***евразиялык саясаттын негизин түзөт.***

Өлкөлөрүбүздүн энергетикалык, коммуникациялык жана транспорттук чөйрөдөгү жалпы иш-аракеттери Европа Бирлиги тарабынан Түштүк Кавказ аймагында жүргүзүлүп жаткан европалык кошуналык саясатка дал келет. Биз Батыш менен Чыгыштын бүтүндүгүн камсыздоодо өзүбүздүн аткарылып жаткан долбоорлорубуз гана эмес, бай адамдык ресурстарыбыз аркылуу да чоң роль ойной алабыз. Биздин ортобуздагы кызматташтык платформасы түрк тилинде сүйлөгөн элдер жашаган бардык аймактарды камтырын жана ал аймактарда натыйжалуу болоруна мен толук ишенем» [64, 332-б].

Өзбекстан республикасынын Президенти Ислам Каримовдун Азербайжанга жасаган сапары учурунда (2008-жыл, сентябрь) бул эки түрк мамлекеттеринин ортосунда маданий-тарыхый байланыштарды камтыган маанилүү документтерге кол коюлган. Алардын бири – Азербайжан Республикасынын өкмөтүнүн жана Өзбекстан Республикасынын өкмөтүнүн ортосунда соодалык-экономикалык жана илимий-техникалык кызматташууну андан ары өнүктүрүү боюнча макулдашуу болуп саналат. Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиев эки тараптуу мамилелердин перспективаларына байланышкан өзүнүн расмий билдирүүсүндө өз мамлекетинин бул маселеге карата көз карашын билдирип, эки мамлекеттин стратегиялык багыттагы улуттук кызыкчылыктары бири-бирине дал келерин белгилеген: «Мамлекеттерибиздин өз ара байланышы динамикалуу багытта жүрүп жатат. Биздин абдан жакшы перспективаларыбыз бар. Биз бири-бирибизди эл аралык уюмдарда дайыма колдоп келгенбиз жана мындан ары да колдойбуз... Мамлекеттерибизди бири-бирине мындан да көбүрөөк жакындатуу үчүн биз базар мамилелеринин бардык механизмдерин пайдаланууну каалайбыз. Бул үчүн бизде бардык шарттар бар: салттуу тарыхый байланыштарыбыз, ошондой эле *аймактык саясатка жана эл аралык*

*ишмердүүлүккө байланышкан көптөгөн маселелерге карата бирдей же окшош мамилелерибиз бар.* Бүгүнкү күндө Өзбекстан мамлекети аймактык эл аралык мүнөздөгү бардык маселелерге карата принципиалдуу позицияны карманарын жана силердин өлкөңөр силердин жетекчилигиңер астында албан ийгиликтерге жеткендигин өзгөчө белгилеп кетким келет. Бул нерселердин баары биздин көз карандысыз өлкөбүз жигердүү жана динамикалуу түрдө өнүгүп, өзүнүн саясий жана экономикалык кудуретин күчөтүп, Борбор Азия жана Кавказ аймактарында чоң роль ойноп жаткан учурда биздин өз ара мамилелерибиздин өнүгүүсү үчүн күчтүү база же негиз болуп саналат. Биздин аймагыбыздагы интеграциялык процесстер, ошондой эле Борбор Азиядагы, Кавказдагы жана Каспий бассейниндеги аймактык кызматташуу негизинен биздин өз ара мамилелерибиздин ийгиликтүү өнүгүүсүнө байланыштуу болот» [68, 500-б]. Өзбекстан Республикасынын Президенти Ислам Каримов анын өлкөсүндө 40 миңден ашуун азербайжан жашап жаткандыгын жана алар республиканын коомдук-маданий жашоосуна жигердүү катышып келерин айтып, өлкөлөрүбүздүн ортосундагы кызматташтыктын масштабын кеңейтүүгө жардам бере ала турган пайдаланыла элек чоң мүмкүнчүлүктөр бар экендигин жана *эки тараптуу мамилелердин көп тараптуу мамилелер багытында өнүгүүсү - жалпы түрк биримдиги үчүн негиз түзөрүн* белгилеген: «…Бүгүн чынында эле абдан ачык жана ак ниеттүү сүйлөшүүлөр болду. Кавказ жана Борбор Азия боюнча пикирлерибиз же көз караштарыбыз бири-бирине дал келбеген бир да маселе болгон жок. Ошондуктан биздин миссиябыздын жана Азербайжанга карата жасаган расмий сапарыбыздын ийгилиги дал ушунда деп эсептейм. Азыр айта турган сөзүмдү түздөн-түз кабыл алышыңарды каалайт элем: *Биз – Өзбекстан президенти жана Азербайжан президенти – пикирдеш жана тилектешпиз. Биздин мамилелерибиз жакшы жана ар түрдүү маселелерге карата көз караштарыбыз бири-бирине дал келет. Менимче, бул нерсе – биздин эң чоң ийгилигибиз болуп саналат»* [69, 508-б].

Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаевдин Азербайжанга жасаган расмий сапары учурунда (2012-жыл, март) Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиев Азербайжан менен Кыргызстандын ортосундагы мамилелердин акыркы жылдарда өнүгүп жаткандыгы жана алардын алдыдагы чоң перспективалары Кыргызстан өнүгүп жаткан учурда Азербайжан дайыма анын жанында болоруна үмүт берерин айтып, акыркы жылдарда эки өлкөнүн ортосундагы мамилелерде пайда болгон боштуктарды толтурууга саясий эрк жетиштүү экендигин белгилеген. Ал ошондой эле бул жолугушуу учурунда кол коюлган документтер чоң мааниге ээ экендигин белгилеген. Президент Алмазбек Атамбаев

Азербайжан тарабынан боордош жана дос мамлекеттин жетекчиси катары ак ниеттүүлүк менен кабыл алынгандыгын белгилеген жана Азербайжан башчысы тууралуу төмөнкү сөздөрдү айткан: «Мен бүгүн өзүмдү өз сөзүнө бек турган бир тууганымды тапкандай сезип жатам... Биз Азербайжандан көп нерсени үйрөнүшүбүз керек деп ойлойм. Мен бир нерсени ишенимдүү түрдө айта алам: эми биз бирге болобуз. Менимче, келечекте биз биргелешкен аракеттер менен көп нерселерди жасай алабыз» [59].

XXI кылымдын алгачкы он жылдыгы – түрк мамлекеттеринин өз ара мамилелери стратегиялык шериктештик мүнөзүнө ээ болуп жаткан өзгөчө тарыхый мезгил болгондуктан бул мезгилде түрк аймагындагы мамлекеттердин ортосундагы мамилелер системалуу мүнөзгө ээ болуп, түрк тилдүү боордош элдер өз маселелерин бетме-бет отуруп чече башташкан. Ошентип Түрк Парламентаризмине старт берилген. 2008–жылы Түркия мамлекети «Кавказдагы Туруктуулук жана Кызматтыштыктын Платформасы» деп аталган демилге көтөрүп, анын бул демилгеси эл аралык колдоого ээ болгон. Стамбул шаарында Түркия Республикасынын президенти Абдулла Гүлдүн катышуусунда Түрк тилдүү мамлекеттердин Парламенттик Ассамблеясы негизделип (ТЬRКРА), түрк тилдүү мамлекеттердин көпчүлүгү дароо эле бул уюмга катышуу тууралуу чечим кабыл алышкан. Азербайжан, Түркия жана Түркмөнстан мамлекет башчылары Түркмөнстандын борборунда үч тараптуу жолугушуу өткөрүшкөн.

Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиев бул жолушууга төмөнкүдөй жогору баа берген: «Үч боордош республиканын президенттери биринчи жолу үч тараптуу сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп жатышат. Мен бул жолугушууга өтө чоң маани берем. Бул жолугушуунун натыйжалары абдан ийгиликтүү болоруна мен ишенем. Бул жолугушуу биздин ортобуздагы боордош жана достук мамилелердин бекемделиши жагынан да жакшы натыйжа берет. *Бизди жалпы тарыхыбыз жана жалпы маданий тамырларыбыз бириктирет.* Ортобуздагы ушундай салттуу бир туугандык мамилелерди мындан ары да улантуу үчүн биз болгон аракеттерди көрүп жатабыз» [70, 586-б]. Үч боордош мамлекеттин башчылары тарабынан кабыл алынган чечимдер ушул өлкөлөрдүн ар бири үчүн гана эмес, жалпы түрк дүйнөсү үчүн да маанилүү болуп калды. Анткени стратегиялык көз караш менен караганда, негизги маселе Каспий бассейнинде, Кавказда жана Борбор Азияда тынчтыкты камсыздоо жана коопсуздук саясатын жүргүзүү шартында түрк дүйнөсүнүн биримдигине байланышкан платформаны бекемдөө болуп саналат. Жогоруда айтылган процесстер ийгиликтүү ишке ашканда гана түрк мамлекеттеринин бирдиктүү стратегиялык көз карашы калыптанат. Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиев

Түркия Республикасынын Улуу Улуттук Жыйынында сүйлөгөн тарыхый сөзүндө өлкөлөрүбүздүн ортосундагы тыгыз байланыш түрк дүйнөсү үчүн абдан маанилүү экендигин айткан: «***Биздин келечегибиз, жалпы аймагыбызда болуп жаткан процесстер, ошондой эле өлкөлөрүбүздүн өсүп жаткан саясий салмагы биздин биримдигибизге байланыштуу. Биздин биримдигибиз биздин кызыкчылыктарыбыздын толугураак деңгээлде корголушуна түрткү берет***» [14, 535-б]. Евразиянын заманбап геосаясатында жана түрк мамлекеттеринин белгиленген саясий-экономикалык мейкиндик координаттарындагы түрк геосаясий аймагынын конвергенттик стратегиясы түрк геосаясий системасына айланат, ал эми түрк геосаясий системасы – Түрк Мамлекеттер Бирлигине айланат. Мунун баары *алдыңкы рационалдуу саясат* катары иштеп жатат. Мындай стратегия түрк мамлекеттеринин улуттук стратегияларынын бири-бирине жакындашына түрткү берип, ошондой эле өзүнө алардын негизги көз караштарын камтып, доминанттык саясий системага айланышы керек. *Түрк Мамлекеттер Бирлиги өзүн Евразиялык саясаттын «бардык катмарларында» көргөзүшү керек.* Мындайга жетишүү үчүн түрк дүйнөсүнүн саясий лидерлери белгилегендей, Евразияда жүрүп жаткан геосаясий процесстердин чыныгы маңызын түшүнүп, күчтөрдүн өз ара байланышы каякка жана кайсыл нукка багытталгандыгын түшүнүү зарыл. Түрк дүйнөсүнүн саясий ой жүгүртүүсү мындай нерсеге толук жетише алат.

Азыркы учурда жогоруда айтылган маселелерге байланышкан көптөгөн изилдөөлөр жүргүзүлүп жатат: түрк дүйнөсүнүн эл аралык биримдигинин ичинде болуучу өнүгүүнүн траекториясын аныктаган эсептер же божомолдор көрсөтүлүп жатат. Түрк мамлекеттеринин азыркы учурдагы жана келечекте пландаштырылган геостратегиялык позициялары, ошондой эле түрк мамлекеттери менен Евразиянын борбордук тилкесиндеги башка өлкөлөрдүн бара-бара жакындоо процесси жана түрк мамлекеттери тарабынан өздөрүнүн геосаясий системасын аныктоо процесси такталат. Түркия республикасынын тышкы иштер министри Ахмет Давутоглунун «Стратегиялык тереңдик» деп аталган чыгармасында Евразия аймагында жалпы түрк дүйнөсүнүн саясатын бара-бара алдыңкы планга чыгаруучу процесстерди түшүнүү жана ушундай саясаттын стратегиялык багыты алдыңкы орунду ээлейт. Аталган чыгарма бул өлкөдө он эки жыл ичинде 78 жолу басып чыгарылып, көп тилдерге которулган.

Ахмет Давутоглу өзүнүн бул чыгармасында «кансыз согуштан» кийин пайда болгон татаал көйгөйлөрдү, ошону менен бирге азыркы мезгилдеги эл аралык жана аймактык саясатты жакшылап талдап, Түркиянын, ошондой эле негизинен Евразиянын жана түрк дүйнөсүн камтыган борбордук аймактын улуттук саясатында «страте-

гиялык тереңдиктерге» жетүү жолдорун карап чыгып, Түркиянын эл аралык позициясын максаттардын жана көп тараптуу жигердүү саясаттын натыйжаларынын негизинде аныктоого аракет кылып, Евразиядагы глобалдык күчтөрдүн жана башка саясий субъекттердин кызыкчылыктарын чагылдырган жоболордун татаал конфигурацияларын талдап, Түркиянын улуттук саясаты «Евразия лабиринтинде» эмне кылып жаткандыгын жана эмне кылышы керек экендигин көргөзгөн.

Түркиянын стратегиялык борбору Евразияны «ичинен» да, «сыртынан» да кароого аракет кылууда: анткени планетанын эң чоң аймагы болуп саналган бул жерде жергиликтүү мамлекеттердин (негизинен түрк тилдүү мамлекеттер) жана бул жерде өздөрүнүн «кожоюндук» талаптарын ишке ашырууга аракет кылган глобалдык күчтөрдүн ортосунда карама-каршы нерселер көп болгон. Бул аймактагы «эл аралык күчтөрдүн ортосундагы тең салмактуулук» жана «аймактык күчтөрдүн ортосундагы тең салмактуулук» жалпы «дисбаланс же тең салмаксыздык» жаратат. Эл аралык системаны дайыма чыңалуу абалында кармаган мындай процессти башкаруу оңой эмес. «Глобалдык башкарууга» байланышкан мындай талаптар көп жана катуу экендигин да эске алуу керек. Ошондуктан «кансыз согуштан» кийинки мезгилде жана азыркы учурда Борбор Азия аймагы жана эң негизгиси Түрк геосаясий аймагы (ТГА) өз стратегиясынын жана параметрлеринин багытын аныктоо зарылдыгын түшүнүп жашап келүүдө. Борбор Азия аймагында эл аралык күчтөрдүн тең салмактуулугу аркылуу калыптанган геосаясий жагдай, ошондой эле улуттук жана аймактык стратегияларды бир-бирине шайкеш келтирген универсалдык көз караштар автор тарабынан төмөнкүдөй түшүндүрүлгөн: Орто Азия аймагы континенталдык жана аймактык стратегияны алдыга жылдырган бардык тараптардын чөйрөсүнө «кансыз согуштан» кийинки мезгилде пайда болгон геосаясий боштуктун алкагында кирген. Эл аралык системанын Америка Кошмо Штаттары, Германия, Франция, Англия, Орусия, Кытай жана Жапония сыяктуу (булар глобалдык масштабдагы стратегиялык өнүгүү күчүнө ээ) катышуучуларынын ортосундагы вертикалдык жана горизонталдык байланыштар, ошондой эле Түркия, Индия, Пакистан, Иран, Украина жана Корея сыяктуу аймактык күчтөр, алардан тышкары Өзбекстан, Казакстан, Азербайжан, Түркмөнстан, Кыргызстан жана Тажикстан сыяктуу аймак ичиндеги күчтөр жогоруда айтылган күчтөрдүн баарынын тең салмактуулукка байланышкан параметрлери же көрсөткүчтөрү ар түрдүү жана сезимтал мүнөзгө ээ болушуна жол ачат.

Чоң мамлекеттер (чоң күчтөр) жана эл аралык системанын аймактык катышуучулары Орто Азиянын эл аралык системадагы аба-

лынын же позициясынын өзгөрүүсүнө таасир тийгизет. Алардын таасирин төмөнкүдөй үч негизги аналитикалык багытта кароо керек: (1) Орто Азиянын жана глобалдык тең салмактуулук системасындагы чоң күчтөрдүн стратегиялык көз караштары; (2) аймактык күчтөрдүн өзгөрүүлөргө карата стратегиялык көз караштары; (3) аймактык субъекттер тарабынан өз стратегиялык көз караштарынын калыптанган тең салмактуулукка каршы коюлушу [103, 468-469-б]. Түрк мамлекеттери Евразияда болуп жаткан стратегиялык атаандаштык жагдайында өздөрүнүн көз караштарын коргоп, *аймактын геосаясий көз карандысыздыгын* толук кандуу платформага же программага айландырып, өнүгүүгө жана шериктеш болууга жөндөмдүү экендиктерин далилдеши керек. Алардын тарыхый жоопкерчилиги мына ушунда турат.

Азербайжан Республикасынын мурдагы тышкы иштер министри, ал эми азыр Азербайжандын Польшадагы элчиси Гасан Гасановдун (автордук каймана аты Гасан Азизоглу) «Биздин түркчүлдүгүбүз» деп аталган китепте түрк дүйнөсүнүн заманбап тарыхый-саясий перспективалары каралган. Бул китеп абдан маанилүү. Автор өзүнүн китебинде «Түркөлогия программасы» деп аталган долбоордун тезистерин жана башка көптөгөн маселелерди тактоо менен бирге түркчүлдүктүн гуманитардык стратегиясынын маанилүү багыттарын ылгалаган [39, 195-205-б]. Түрк дүйнөсүнүн саясий-гуманитардык маданиятын өздөштүрбөй туруп, ошондой эле анын заманбап өнүгүүсүн камсыз кыла ала турган конструктивдүү ишмердүүлүктүн идеялык-саясий базасын же негизин түзбөй туруп *түрк мамлекеттеринин аныкталган геосаясий системасын камтыган универсалдык стратегияны калыптандыруу.*

*Улуттук коопсуздук концепциялары жана* заманбап түрк мамлекеттеринин *заманбап мезгил үчүн арналган улуттук өнүгүү стратегиялары* аймактык жана глобалдык кызматташтыктын перспективаларын аныктайт. Бул жагынан алып караганда «Азербайжан Республикасынын Улуттук Коопсуздук Концепциясы» өзгөчө мааниге ээ. Бул концепцияда Азербайжан мамлекети Каспий-Кавказ мейкиндигинде кызматташуу үчүн өтө маанилүү жана көп учурларда чечүүчү мамлекет экендиги, ошондой эле азыркы учурдагы энергетикалык жана транспорттук долбоорлорду ишке ашырууда Азербайжан мамлекети алмаштырылгыс роль ойноп жаткандыгы айтылган. Аталган стратегиянын негизги максаты – Азербайжан Республикасынын гүлдөп-өнүгүүсү, мамлекеттин туруктуу түрдө өнүгүүсүнө жана калктын жашоосунун жакшырышына жетишүү, аймактагы коопсуздукту жана туруктуулукту камсыздоого салым кошуу болуп санлат. Азербайжан Республикасы кошуна өлкөлөр менен ар тараптуу байланыштарды өнүктүрүүгө чоң маани берет жана

мамлекеттер аралык мамилелерге тиешелүү негизги маселелерди биргелешип жана эл аралык укуктун негизинде чечүүнү каалайт. Азербайжан Республикасы аймактагы тынчтыкты сактоо жана туруктуулукту калыбына келтирүү максатындагы кызматташтыкты алмаштырылгыс фактор катары баалайт. Баку-Супса жана Гейдар Алиев атындагы Баку-Тбилиси-Жейхан мунайзат түтүктөрү, ошондой эле Баку-Тбилиси-Эрзерум деп аталган Түштүк-Кавказ газ түтүгү сыяктуу ийгиликтүү инфраструктуралык долбоорлор аркылуу кызматташуу Европа үчүн өтө маанилүү болгон коопсуз энергетикалык булактын негизин түзөт. Мындай инфраструктуралык долбоорлор Кара деңиз жана Каспий аймагындагы кызматташтыкты күчөтүп, Европанын жана жалпысынан глобалдык мейкиндиктин энергетикалык коопсуздугуна салым кошот. Геостратегиялык жактан маанилүү болуп саналган «Баку-Тбилиси-Карс» темир жол транспорттук коридорунун курулушу аймактык кызматташтыкты тездетүүнүн жана кеңейтүүнүн маанилүү кадамы болуп калды жана ошол эле учурда жаңы глобалдык мүмкүнчүлүктөрдү жаратат. Азербайжан Республикасынын көз карандысыздыгын биринчи болуп таанып, евразиялык аймактагы тынчтыкты жана туруктуулукту калыбына келтирүүдө өзгөчө орунга ээ болгон Түркия мамлекети менен көп тараптуу байланыштарды жана өз ара мамилелерди сактоо биз үчүн өтө маанилүү. Этникалык, маданий жана тил жагынан бири-бири менен тыгыз байланышкан бул эки өлкөнүн ортосундагы өз ара мамилелер стратегиялык кызматташтыктын негизинде ого бетер кеңейип, тереңдеп жатат. Азербайжан Республикасы жана Түркия Республикасы аймактар аралык экономикалык долбоорлорго салым кошуп келишүүдө, мындан тышкары армян-азербайжан конфликтин чечүү багытында Түркия бир топ аракеттерди көрүүдө. Мына ушул нерселердин баары эки өлкөнүн көз караштары жана алардын ортосундагы кызматташтыктын деңгээли бири-бирине толук дал келерин көргөзүп турат.

Азербайжан Республикасынын ушундай концепциясы анын эгемендүүлүк саясатынын негизин түзөт жана мамлекеттик кызыкчылыктарды коргоо максатында ар түрдүү мамлекеттик түзүмдөргө атайын тапшырмаларды жүктөп, алардын ишмердүүлүгүн бири-бирине шайкеш келтирет [48].

Эгемендүү түрк республикаларынын жакынкы 10-20-30-40-жыл ичиндеги өнүгүү максаттары каралган стратегиялар да бар. Казакстан республикасы тарабынан 2012-жылы кабыл алынган «Казакстандын 2050-жылга чейинки стратегиясы» өзүнө жаңы саясий багыттын бөлүктөрүн камтыйт. Бул стратегияда Казакстанды белгиленген жылдардын ичинде планетанын алдыңкы өлкөлөрүнө айландыруу пландаштырылган. Казакстан азыркы учурда аймагы

боюнча дүйнөдө 9-орунду ээлейт жана өзүнүн түгөнбөс табигый ресурстары бар. Аталган стратегияда Казакстан республикасы Борбор Азиянын чегиндеги аймактык коопсуздукка, кошуна түрк тилдүү мамлекеттер менен жогорку деңгээлде кызматташууга жана алар менен биргеликте натыйжалуу саясий платформа түзүүгө жооптуу деп айтылган [187]. Өзбекстандын, Түркмөнстандын жана Кыргызстандын улуттук стратегияларында да төмөнкү нерселер негизги максат катары каралган: саясий, экономикалык жана маданий өнүгүүдө оптималдык деңгээлдерге жетишүү; аймактык кызматташуунун натыйжалуулугун эң жогорку деңгээлге көтөрүү; эл аралык системанын прогрессивдүү саясий түзүмүндө өнүгүү [140; 141].

«Азербайжан – 2020» өнүгүү концепциясы: ушул сыяктуу стратегиялык документтерде келечекке карата ой жүгүртүү маселеси маанилүү орунду ээлейт [1]. *Азербайжандын бул концепциясы Азербайжанды таптакыр башка жана жаңы өнүгүү мезгилине же фазасына өткөрүү максатын камтыйт.* Азербайжандын азыркы учурда ийгиликтүү өнүгүп жаткандыгы аталган концепциядагы мамлекеттик саясат туура экендигин жана башынан баштап эле майда-чүйдөсүнө чейин ойлонуштурулгандыгын көргөзүп турат. Азербайжан өзүнө татыктуу келечекти камсыздоо үчүн өзүнүн бардык мүмкүнчүлүктөрүн бекемдеп, жаңы мезгилге өтүүгө даярданган. Азербайжан Республикасынын ички жана тышкы саясаты бири-бирин толуктап, ого бетер күчөтүлгөн. Биздин эгемендүү мамлекетибиз эл аралык мамилелер системасынын күчтүү бир бөлүгүнө айланды, ал эми биздин улуттук экономикабыз дүйнөлүк экономиканын өзгөрүлгүс бөлүгү болуп калды. Азербайжандан башталган глобалдык долбоорлор планетанын саясий-экономикалык мейкиндигинин бүтүндүгүн камсыздоого багытталган процесстерди күчөттү. Батыш жана Чыгыш дүйнөсү Азербайжанда цивилизациялар аралык диалогго жетишти, ал эми Улуу Түрк Дүйнөсү бул мейкиндикте өзүнүн өзөгүн тапты. Эл аралык коопсуздук саясатын өнүктүрүү чөйрөсүндө өзүнүн орду бар Азербайжан республикасына карата эл аралык коомчулуктун ишеними бекемделди, ошондой эле түрк мамлекеттеринин ортосунда да жогорку ишеним атмосферасы түзүлгөн. Биздин өлкөбүз универсалдуу гуманитардык баалуулуктарга, демократияга жана адамдын фундаменталдык укуктарынын принциптерин бек тутарын көргөздү жана ошону менен бирге жаш муунубуз дүйнөлүк мамлекеттердин принципиалдуу позициясын аныктаган саясий багыттын артыкчылыктарын далилдеди. «Азербайджан-2020: Келечекке көз жүгүртүү» деп аталган өнүгүү концепциясы Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиев тарабынан сунушталган Жаңы Саясат - бул бир жетекчинин келечекке багытталган прагматикалык саясаты экендигин көргөзгөн. Бул жетекчи: (1) өз элине, ошондой эле

анын кудуретине жана мүмкүнчүлүктөрүнө таянып, аларды өнүктүрүү тууралуу чечим кабыл алган; (2) өлкөнүн жана дүйнөнүн өнүгүү тенденциясын теңдештирет; (3) кечээги жана эртеңки күндөрдүн ортосунда бүтүндүк жаратат; (4) өзгөрүлмө жагдайларда айлам-амал табууга байланышкан жөндөмдүүлүктөрдү көргөзөт жана алдыга багытталган жолдо чечкиндүүлүк көргөзөт; (5) саясий элита коомдун ажырагыс бөлүгү экендигин көргөзүп, ушул биримдикти бекемдөөчү саясий технологиялардын натыйжалуулугун дайыма жакшыртып турат; (6) дүйнөдө болуп жаткан саясий, экономикалык, технологиялык жана маданий-интеллектуалдык процесстердин Азербайжанда топтолушуна мүмкүндүк түзөт; (7) өзүнүн жеке сапаттары аркылуу дүйнөнүн саясий лидерлери тарабынан бааланат; (8) эл арасында чоң ишенимге ээ болуп, элди жарык келечекке жетелейт, аны дүйнөлүк цивилизациянын келечектеги прогрессине кошот. Мындай саясат дайыма кыймыл абалында болуп турат жана жакынкы он жыл ичинде эң перспективалуу саясат катары күн сайын жана күндөн күнгө элдин ишенимин көбөйтөт. Ушундай саясат гана конструктивдүү болуп, *мамлекеттин «саясий келечегинин» өнүгүү модели* боло алат. Келечекте түрк дүйнөсүнүн биримдигин калыптандыруучу процесстердин стратегиялык мыйзам ченемдүүлүгү бар.

Эгемендүү түрк мамлекеттериндеги стратегиялык изилдөө борборлору (мамлекеттик жана мамлекеттик эмес) мамлекеттердин улуттук стратегияларын даярдоо жана аларды пайдалануу боюнча негизги функционалдык милдеттерди аткарышат [50]. Азербайжан Республикасынын алдындагы стратегиялык изилдөөлөр Борборунун миссиясы Азербайжандагы жана бүткүл аймактагы окуяларга байкоо жүргүзүүгө, аларды талдоого, ошондой эле изилдөөлөрдүн негизинде божомолдорду жана сунуштарды сунуштоого байланышкан. Мындай Борборду түзүү зарылдыгы глобализация шартындагы мамлекеттик маанидеги стратегиялык изилдөөлөрдү өткөрүү, башкаруу процесстерин жакшыртуу боюнча божомолдорду иштеп чыгуу, коом ичиндеги социалдык-саясий абалды анализдөө, социалдык сурамжылоолорду жүргүзүү жана тийиштүү республикалык түзүмдөр тарабынан жүргүзүлүүчү стратегиялык мүнөздөгү изилдөөлөрдү бири-бирине байланыштыруу, ошондой эле эл аралык коомчулукка Азербайжан тууралуу чындыкты жеткирип, армян-азербайжан конфликтине байланышкан маалыматтык тирешүүдө ишенимдүү илимий концепцияларга негизделген чоң масштабдуу программаларды ишке ашыруу муктаждыгынан келип чыгат. Жогоруда айтылган Борбор мамлекеттин тийиштүү мыйзамдарына таянып, ички жана тышкы саясатты өнүктүрүүнүн эң маанилүү багыттарын, ошондой эле дүйнөдө болуп жаткан геосаясий процесстерди изилдейт, мындан тышкары, эл аралык саясатка байкоо жүргүзөт

жана аны анализдейт, келечектеги өнүгүү тенденцияларын божомолдойт, геосаясий процесстерге таасир тийгизе ала турган факторлорду изилдейт, Азербайжандын кызыкчылыктарына жана улуттук коопсуздук талаптарына жооп берген ар түрдүү программаларды, концепцияларды жана доктриналарды даярдайт.

Азыркы учурда ушундай борборлордун эң алдыңкысы – бул TÜRKSAM – Эл аралык мамилелер жана стратегиялык анализ боюнча Түркиялык Борбор. Аталган борбор Түркия мамлекетинин улуттук коопсуздугу, ички саясатынын жана глобалдык тышкы саясатынын багыттары үчүн аналитикалык базаларды жаратуучу илимий-теориялык платформаларды даярдайт. Бул Борбор саясий, экономикалык, технологиялык, аскердик, диний, социологиялык жана маданий процесстерге байкоо жүргүзүү аркылуу тийиштүү түзүмдөргө негиздүү концепцияларды жана божомолдорду сунуштайт [115].

Стратегиялык изилдөөлөр боюнча Түркия-Азия Борбору (TASAM) жана Туран стратегиялык изилдөөлөр борбору (TURANSAM) чоң масштабдуу изилдөөлөрдү жүргүзүп, түрк дүйнөсүндөгү көйгөйлөр боюнча тийиштүү тыянактарды чыгарат. Түрк аймагындагы өлкөлөрдүн заманбап тарыхы, маданияты жана саясаты, ошондой эле алардын эл аралык системадагы абалы жана стратегиялык максаттары боюнча жүргүзүлгөн көптөгөн изилдөөлөр дал ушул борбордун ишмердүүлүгүнүн натыйжасында жарыяланган [111; 113].

Ушундай иш-аракеттердин баары бир багытка чогултулуп, улуттук стратегиялар рационалдуу нерселерге негизделип, кардиналдуу максаттарга жараша бири-бирине шайкеш келтирилгенде гана түрк мамлекеттеринин жалпы стратегияларына байланышкан негизги максаттарды калыптандыруу мүмкүн болот. Жогоруда айтылган нерселердин баары төмөнкү тыянакты чыгарат:

***Түрк элдеринин улуттук мамлекеттери:***

1. Азербайжан, Түркия, Казакстан, Өзбекстан, Түркмөнстан, Кыргызстан жана Түндүк Кипрдеги Түрк Республикасынын ортосунда эки тараптуу жана көп тараптуу мамилелер, ошондой эле стратегиялык шериктештик түзүлүп жатат; ушул мамилелерде пайда болгон ар бир маселе түрк дүйнөсүнө таандык эмес мамлекеттеринин кийгилишүүсүз жана жалпы консенсустун негизинде чечилет, дал ушундай тактикалык пландын негизинде түрк дипломатиясынын артыкчылыгы, ийкемдүүлүгү жана демократизация ишке ашырылат.

2. Улуттук жана универсалдык кызыкчылыктарды, ошондой эле стратегиялык максаттарды бири-бирине шайкеш келтирип, жалпы түрк дүйнөсүнө таандык саясий системанын приоритеттерин дал ушул интегралдык чекиттен баштап аныкташат.

3. Бирдиктүү саясий стратегияга байланышкан иш-аракеттердин параметрлери жана багыттары өзгөрүлмө жагдайларга жана эл ара-

лык саясаттын өзгөрүүсүнө жараша аныкталат; ушундай нерсеге таянышып, эл аралык саясатка таасир тийгизүү мүмкүнчүлүктөрүн түзүшөт.

4. Эл аралык уюмдардын алкагында тийиштүү иш-аракеттердин комплекстерин түзүшөт, реформаларга багытталган программаларга жигердүү түрдө биргелешип катышышат.

5. Эл аралык саясий системанын мамлекеттер аралык мамилелерин гуманизациялоо жана демократизациялоо процессинде жигердүү роль ойношот, шериктеш статусун алып жүрүүчүлөр катары эл аралык жана улуттук коопсуздуктун кепилдиги болуп саналышат.

6. Башка мамлекеттерге салыштырмалуу өздөрүнүн экономикалык байланыштарын жана бири-биринин ортосундагы товар айланымын көбөйтүп, ошондой эле инфраструктуралык өзгөрүүлөргө байланышкан экономикалык байланыштарды өнүктүрүп жана коммуникациялык байланыштарды кеңейтип, «түрк мамлекеттеринин ички экономикасы жана соодасы» деп аталган фазага өтүп жатышат, ал эми экономиканын универсалдуу системалары дүйнөлүк чарбалык система менен биригип, жуурулушуп жатат.

7. Өз өлкөлөрүнүн бай табигый ресурстарына жана өндүрүш маданияттарына таянып, энергетикалык саясаттын алдыңкы катарына өтүп жатышат, ошондой эле мунайзат жана газ өндүрүүчүлөр катары Түрк Мамлекеттеринин Экономикалык Биримдигин түзүшүүдө (ОПЕКтиг аналогу).

8. Геостратегиялык жана геосаясий өнүгүүнүн динамикасына ылайык жалпы түрк дүйнөсүнүн стратегиялык платформасын түзүп, мындай өнүгүүнүн кыймылдаткыч күчү болуп жатышат.

9. Түрк геосаясий аймагында (ТГА) кандайдар бир мамлекеттин же мамлекеттер биримдигинин үстөмдүк кылышына жол берилбейт; түрк биримдигин бузууга багытталган бардык ачык жана жашыруун аракеттер, ошондой эле түрк бирлигинин ичиндеги дезинтеграциялык ишмердүүлүктү шыктандырган иш-аракеттер токтотулат; түрк элдеринин өздөрүнүн тарыхый аймагындагы жана мамлекеттериндеги саясий эрки аймактык жана эл аралык деңгээлде байкалып жатат.

10. Бир мамлекеттин көйгөйүн, тактап айтканда Азербайжандын жерлеринин оккупацияланышын эл аралык коомчулукка жалпы түрк дүйнөсүнүн көйгөйү катары көргөзүшөт жана бул көйгөйдү биргелешип чечүү демилгесин көтөрүшөт; башка мамлекеттердин аймагында ар түрдүү статуста жашаган түрк тилдүү элдердин коомдорунун укуктарын коргоо иш-аракеттери эл аралык деңгээлде уюштурушат жана ушундай коомдорду колдоо долбоорлорун ишке ашырышат; түрк дүйнөсүнүн жалпы көйгөйлөрү аныкталып, концептуалдаштырылат.

11. Жалпы түрк дүйнөсүнүн диаспоралык кыймылынын бирдиктүү стратегиялык концепциясын аныкташып, диаспоралардын жалпы дүйнөлүк консолидациясын камсыздашат.

12. Түрк мамлекеттеринин Парламенттик Ассамблеясы (ТЬRKPA) дүйнөлүк парламентаризмдин (ошону менен бирге европалык парламентаризминин) эң жакшы салттарын өздөштүрүп, жалпы түрк элдеринин биримдиги үчүн маанилүү болгон жана ошол эле учурда баалуулуктарды коргоого жана аларды келечек муундарга өткөрүп берүү үчүн пландаштырылган улуттук мыйзам чыгаруу актыларын бири-бирине ылайыкташтырат; ар тараптардын ортосундагы саясий, социалдык-экономикалык, маданий, гуманитардык, укуктук жана башка чөйрөлөрдөгү байланыштарын тереңдетип жатат.

13. Түркия мамлекетинин муниципалдык органдары жана түрк коомдору тарабынан негизделген Түрк Дүйнөсүнүн Муниципалитеттер Бирикмесинин ишмердүүлүгү ого бетер жакшырып, түрк мамлекеттеринин муниципалитеттеринин ортосундагы байланыштар жана кызматташтык кеңейип, оптималдуу башкаруу боюнча тажрыйба алмашуу иштери жүргүзүлүп жатат.

14. Илим, билим, маданият, туризм жана спорт чөйрөсүндөгү байланыштар жана кызматташтык эң жогорку деңгээлге жеткирилип, түрк дүйнөсүнүн географиясында университеттер жана академиялар түзүлүп, туризмдин жалпы картасы даярдалууда; түрк мамлекеттеринин тышкы иштер жана маданият министрликтери тарабынан дүйнөнүн өнүккөн өлкөлөрүндө түрк маданий борборлорун ачуу долбоорлорун ишке ашыруу боюнча чечимдер кабыл алынып жатат.

15. Түркизмдин идеологиялык системасынын заманбап мезгилдин талаптарына ылайык өнүгүүсүн камсыздашат, Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү багытында жалпы түрк гуманитардык саясатынын негизги принциптери ишке ашырылат.

16. Ар бир түрк мамлекетинин өнүгүүсү түрк геосаясий аймагындагы түрк мамлекеттери тарабынан өздөрүнүн стратегиялык максаттарына биргелешип жетүүнүн кепилдиги катары кабыл алынат; Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүүнүн шарты эл аралык рейтингге жараша эң жогорку деңгээлдеги өнүгүү болуп саналат.

17. Түрк мамлекеттери Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү ниетине таянып, ошондой эле түрк тилдүү коомдорду жана эл аралык коомчулукту ушул процесске эл аралык саясаттын жана мамлекеттер аралык мамилелердин объективдүү чындыктарына ылайык толук даярдап, ылайыктуу учур пайда болгондо Жогорку Деңгээлдеги Кеңешүүлөрдү өткөрүп, ***Биримдик Декларациясын*** аныкташат. Түрк мамлекеттеринин стратегиясы улуттук максаттарга жетүүгө багытталган бирок ошол эле учурда жалпы түрк дүйнөсүнө таандык идеалдарды ишке ашырууга да багытталган. Дал ушул нерсе түрк мамлекеттеринин стратегиясында эң чоң мааниге ээ.

# 24. ГЛОБАЛИЗАЦИЯ ЖАНА ТҮРК ДҮЙНӨСҮНҮН БИРИМДИГИ: ТҮРК МАМЛЕКЕТТЕР БИРИМДИГИНИН ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕРДИ ӨНҮКТҮРҮҮДӨГҮ ОРДУ

Адамзаттын саясий тарыхынын акыркы жүз жылында эл аралык мамилелер бара-бара глобалдык саясий өнүгүү моделине дал келе баштады жана мурдагыдан да көп мамлекеттер саясий аренага чыга башташты. Тарых адамдарды, коомдорду жана мамлекеттерди «өтө күчтүүлөрдөн» азыраак көз каранды болуп, көз карандысыздык жана өзүнө ишенүү жолуна түшүүгө чакырып жатат. Биринчи дүйнөлүк согушка чейинки мезгилде, тактап айтканда жүз жыл мурда бир нече мамлекет гана саясатта добуш берүү укугуна ээ болушкан. Европалык континенттеги жана бүткүл дүйнөдөгү үстөмдүк үчүн күрөш 1913-жылы планетанын тарыхында алгачкы жолу аскердик-саясий блоктордун түзүлүшүнө жана глобалдык согуштун пайда болушуна алып келген. Биринчи дүйнөлүк согуштан кийинки мезгилде эл аралык мамилелерди глобалдык масштабда жөнгө салуу боюнча алгачкы түзүмдөр пайда болгон. Бирок Париж тынчтык конференциясынын (1919) натыйжасы катары түзүлгөн Улуттар Лигасы күчтүү империалисттик өлкөлөрдүн кызыкчылыктарын коргоочу катары иштей баштагандыктан Экинчи дүйнөлүк согуш учурунда өзүнүн эл аралык кадыр-баркын жоготкон. Франция мамлекети 1930-жылы европалык мамлекеттердин биримдигин камсыздоо максатында континенттин 27 мамлекетине «Европалык Федералдык Бирлик» түзүү боюнча кайрылуу жасаган. Бирок ишке ашпай калган «паневропалык план» милитаристтик реваншты уланткан... Планета калкынын 80 пайызын түзгөн 61-өлкө катышкан Экинчи дүйнөлүк согуш өзүнүн географиясы боюнча эң массалык согуш болуп калган жана 1945-жылы милитаристтик мамлекеттердин жеңилүүсү менен аяктаган. Кийинчерээк, «кансыз согуш» учурунда жана Советтер Союзу кулаган мезгилге чейин (1947-1990) АКШнын жана СССРдын жетекчилиги астында дүйнөдө эки полюстук эл аралык система калыптанган. Дүйнөлүк империализмдин ичиндеги катуу карама-каршылыктардын натыйжасында башталган Экинчи дүйнөлүк согуш жана «кансыз согуш» дүйнөдө контрпроцесстердин өсүүсүнүн себеби болуп калган: дүйнөдө «этникалык ренессанс» күчөп, каршылык көргөзүүгө жана көз карандысыздыкка байланышкан кыймылдар кеңейип, алардын баары жаңы эгемендүү мамлекеттердин пайда болушу менен аяктаган.

Эгер 1914-жылы Европада 17 көз карандысыз мамлекет бар болгон болсо, 1922-жылы алардын саны 24 кө, 1930-жылы 27 ге, ал эми 2000-жылы 44 кө жеткен. Алардын ичинен 22 мамлекет СССР кулагандан кийин пайда болгон. Евразиянын Борбордук аймагында көз карандысыздыкка ээ болгон мамлекеттер түрк тилдүү мамлекеттер болушту! Өткөн жүз жыл ичинде болуп өткөн бурулуш окуялардын арасынан төмөнкүлөр өзгөчө мааниге ээ: ***(1) планетанын бардык континенттеринде көз карандысыз мамлекеттердин пайда болуусу, (2) Бириккен Улуттар Уюмунун түзүлүүсү*** жана (3) Европа Бирлигинин түзүлүүсү. Ушул окуялар эл аралык саясий аренада жана эл аралык укук чөйрөсүндө көз карандысыз мамлекеттерди жигердүү абалга келтирүүчү процесстердин ажырагыс бөлүгү болуп калды. *Көз карандысыздык жана шериктештик* бири-биринин пайда болушун шарттаган процесстер болгондуктан булар экөө тең соңку саясий тарыхтын мүнөзүн аныкташарын акыркы жүз жыл ичиндеги дүйнөлүк тажрыйба көргөзүп жатат. Дал ушул эки процесстин логикалык натыйжасы болуп саналган глобализация биринчи планга өзүнүн чыныгы маңызын алып чыгат: көз карандысыздыкка ээ болгон мамлекеттердин биригүүсү саясий-укуктук мейкиндикти калыптандырат. Бириккен Улуттар Уюму (БУУ) дүйнө мамлекеттеринин эгемендүү укуктарын таанып, эл аралык мамилелерди өнүктүрүү, бирикмелерди жана уюмдарды түзүү, ошондой эле эл аралык масштабда кызматташтык жагдайын же атмосферасын жаратуу чөйрөсүндөгү жоопкерчиликтерди бөлүштүрүү үчүн негиз түзөт [207, 2-26-б]. БУУ түзүлгөндөн кийинки 68 жыл ичинде дүйнөдө ондогон глобалдык бирикмелер пайда болуп, европалык аймактык мамлекеттер бирдиктүү саясий системага – Европа Бирлигине бириккен. Мындай нерсе планетардык масштабдагы консолидация же биригүү артка кайткыс процесс экендигин көргөзүп турат. Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү зарылдыгы ушундай планетардык консолидациянын курамдык бөлүгү катары биринчи планга чыгып жатат.

***Көз карандысыз түрк мамлекеттери шериктеш түрк мамлекеттерине*** айлануусун жалпы түрк элдеринин саясий жашоосу революциялык өзгөрүүлөргө даяр болуп жаткан мезгил деп атап койсо болот. Анткени *Дүйнөнүн Жаңы Тарыхынын көз карандысыз Түрк Мамлекеттери* (чынында алар бир идеяга таянышарын жана Улуу Биримдикке карай чечкиндүү жылып жатышарын көргөзүштү. Эки жана көп тараптуу мамилелер, ошондой эле алардын тарыхый натыйжалары буга далил боло алат. Мисалы, түзүлгөн келишимдер, өткөрүлгөн жолугушуулар, саммиттер, расмий мекемелер ж.б.) күчтүү саясий энергияларын көргөзүп, ***Көз карандысыз Түрк Мамлекеттери*** төмөнкү маанилүү иш-аракеттерди кылып жатышарын

ачык далилдеп жатышат: 1. Шериктештик статусунда Бирлик түзүүгө ниеттенишүүдө [77, 393-399-б].2. Өздөрүнүн улуттук кызыкчылыктарына таянып иш кылышат [8, 43-68-б; 10, 69-95-б].3. Жалпы геосаясий көз караштарды карманышат [58, 146-б].4. Эл аралык коопсуздук үчүн жоопкерчиликти аймактык жана глобалдык масштабда бирге бөлүштүрүүнү ниеттенишет [86, 304-333-б].5. Евразиядагы күчтөр балансынын же тең салмактуулугунун бир бөлүгү болууну катуу каалашат [52, 541-544-б].6. Эл аралык уюмдарда жалпы кызыкчылыктарды жана көз караштарды коргоого укуктуу [24, 358-390-б].7. Эл аралык саясаттын динамикасында жана эл аралык мамилелерде өздөрүнүн ордун жана милдеттерин ачык көрүшөт [17, 177-179-б; 5, 183-188-б].8. Аймактар аралык коммуникациялык линиялардын, ошондой эле дүйнөлүк чарба системасында чоң функционалдык мааниге ээ болгон глобалдык экономикалык долбоорлордун маанилүү ажырагыс бөлүктөрү болуп саналышат [25, 210-213-б]. Прикаспий аймагындагы көз карандысыздыкка ээ болгон жаш түрк мамлекеттер саясий жана экономикалык кризиске ээ болуп, кыйраган тоталитардык режимден, тактап айтканда Советтик Союздан чыгышып, ошондой эле бай табигый ресурстардын негизинде кайрадан жаралышып, дүйнөлүк экономикалык системага ийгиликтүү түрдө кошула алышат. Советтик Союздун мураскери болуп саналган Орусия мамлекети мындай нерсеге өзүнүн бардык күчү жана мүмкүнчүлүктөрү аркылуу тоскоолдук кылууга аракет кылса да, эгемендүү түрк мамлекеттери эзелтен бери көз карандысыз болуп келген Түркия мамлекети менен бир катарда туруп, өздөрүнүн аймактык энергетикалык саясатын курушуп, улуттук мамлекеттердин кызыкчылыктарына жооп берген долбоорлорду ишке ашыра башташкан. Тармактарга бөлүнгөн транспорттук жолдор аркылуу ишке ашырылып, азыркы учурда Каспий бассейниндеги бай көмүр суу тектүү кендерди европалык базар менен байланыштырган энергетикалык долбоорлор дүйнөлүк экономиканын тиректери болуп эсептелет жана эл аралык мамилелердин өнүгүүсүнө түрткү берет. Түрк мамлекеттери тарабынан жүргүзүлгөн биргелешкен энергетикалык саясат бул жерде кадимки атаандаштык атмосферасын жаратат. Ал эми экономикалык динамиканы мындай атаандаштыксыз элестетүү мүмкүн эмес. Энергетикалык ресурстарды өндүрүүчү өлкөлөрдүн, керектөөчү өлкөлөрдүн жана транзиттик өлкөлөрдүн кызыкчылыктарынын корголушуна мындай атаандаштык атмосферасында ыңгайлуу шарттар түзүлөт. Бакуда үзгүлтүксүз түрдө өткөрүлүп турган эл аралык энергетикалык саммиттерде түрк мамлекеттеринин лидерлери, эл аралык бирикмелер жана корпорациялар каспий аймагынын энергетикалык ресурстары экономиканы азыктандырып, «саясий капитал» алып келерин белгилешет. IV Эл аралык Энерге-

тикалык Саммитте ушундай процесстердин перспективалары жөнүндө айтылып, саммиттин катышуучулары тарабынан глобалдык энергетикалык коопсуздукту камсыздоонун зарылдыгы ырасталып, Энергетикалык Хартия боюнча келишимде түшүндүрмө берилген негизги принциптер кабыл алынган, глобалдык экономикалык жана саясий процесстердин газды жана мунайзатты эл аралык базарларга жеткирүүдөгү ордунун бекемделиши эске алынган, мунайзаттын жана газдын дүйнөлүк базарларга туруктуу түрдө транспорттолушу, ошондой эле ушундай транспорттоонун коопсуздугунун туруктуу түрдө өнүгүүсү жогору бааланган, Каспий аймагындагы көмүр суутектүү күйүүчү заттардын өздөштүрүлүүсү жана эл аралык базарларга транспорттолушу Евразиялык Мунайзат Транспорттук Коридорунун эң ири борборлорунун эң маанилүү бөлүгү катары ырасталган, ошондой эле Каспий аймагынан эл аралык базарларга баруучу Евразиялык транспорттук коридорду ишке ашыруу чоң маани ээ экендиги айтылган [22, 568-573-б]. Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиев энергетикалык саммитте сөз сүйлөп, бул эл аралык иш-чараны «мындан ары биргелешип жасала турган иш-аракеттердин жаңы мезгили» деп атап, бул тууралуу мындай сөз айткан: «Азербайжанда башталган энергетикалык долбоорлор бүгүнкү күндө кененирээк кызматташуу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачып жатат. Биз курган түтүктөр азербайжан мунайзатын европалык жана дүйнөлүк базарларга жеткирет. Бул нерсе биз үчүн тарыхый окуя болуп саналат. Биз ошол эле убакта аймактык кызматташууну да кеңейтип жатабыз. Каспий, Кара жана Балтикалык деңиздерге караштуу аймактарда натыйжалуу кызматташтык иштери жүргүзүлүп жатат. Бүгүн бул жердеги катышуучулардын арасында ушул аймактардын баарынан келген мамлекет жана өкмөт башчылары, ошондой эле делегация жетекчилери отурушат. Менимче, бул нерсе биздин шериктештигибиздин жакшы бир белгиси болуп саналат. Демек, чоң аймактар, ошонун ичинде ***Азербайжан, Түркия, Казакстан жана Түркмөнстан бири-бирине мурдагыдан да жакыныраак болушууда.*** Анткени энергетикалык саясат, ошондой эле мунайзат жана газ түтүктөрү шериктештикти күчөтүп жатат. Менимче, мындай нерсе кызматташтыктын кеңейишине алып келет жана биз мындан пайда гана көрөбүз» [23, 574-б].Түркиянын премьер-министри Режеп Тайип Эрдоган Түрк Мамлекеттеринин жана Коомдорунун Достугу, Боордоштугу жана Кызматташтыгы боюнча XI – Съездде сүйлөгөн сөзүндө түрк дүйнөсүнүн аймактык глобалдык чөйрөсүндөгү кызматташуу платформасына жана бардык эл аралык маселелерде бirimдикке чоң маани берген: «Биздин кылым – тилектештиктин кылымы. Бүгүнкү күндө мамлекеттер аралык тилектештик жана

алардын бирге аракеттешүүсү ансыз деле көбөйүп жаткан чоң мүмкүнчүлүктөрдү ишке ашыруу үчүн ыңгайлуу учурларды жаратат. Биз – табигый коомчулукпуз. Биз өзүбүздүн тарыхыбызга, маданиятыбызга жана ишенимибизге таянып, өзүбүздүн арабыздагы кызматташуу мүмкүнчүлүгүн кыймылга келтиришибиз керек. Бизди ийгиликтерге алып баруучу жол бүгүнкү дүйнөдө негизинен кызматташтык жана тилектештик аркылуу өтөт. Эгер биз тилектеш болбосок, майда бөлүктөргө бөлүнүп калабыз! Белгиленген максатка өзүн дүйнөдөн обочолонтуу аркылуу жетүү мүмкүн эмес. Биздин келечекке карата көз карашыбыздын негизин демократизация, мыйзамдардын үстөмдүгү, тунуктук, жакшы башкаруу, адам укуктарынын жана эркиндигинин кеңейүүсү, ошондой эле аймактык жана глобалдык интеграцияны күчөтүү сыяктуу маселелер түзүшү керек. Евразиянын адамдык жана табигый ресурстары бардык көйгөйлөрдү чечүүгө жете турган көлөмдө. Аттандаштыктын ордуна кызматташуунун үстөмдүккө ээ болуусу бизге пайдасын тийгизет. Биз ушул күнгө чейин боордош элдерибиздин ортосунда маанилүү кадамдарды жасоого жана ортобуздагы байланыштарды алдыга жылдырууга аракет кылып келдик. Мен Түркия менен Азербайжандын ортосундагы өз ара мамилелерди буга ачык мисал катары көргөзгүм келет. Түркия менен Азербайжандын ортосунда жүргүзүлүп жаткан долбоорлор кызматташтыктын жана тилектештиктин ачык үлгүсү болуп саналат. Мындай долбоорлор бир кездерде ойго да келчү эмес» [87, 371-372-б].Түркия менен Азербайжандын ортосундагы өз ара мамилелер түрк дүйнөсүнүн ичиндеги өз ара мамилелердин мисалы катары күндөн күнгө өнүгүп жатат. Түрктөр улуттук, аймактык жана глобалдык деңгээлдеги кызматташуунун жана өз ара мамилелердин эң жакшы моделин сунуштоошууда. Мындай нерсе аркылуу алар өздөрүнүн Евразиядагы *бириктирүү* боюнча *тарыхый миссиясына* жаңы дем берип, аймактагы жалпы түрк дүйнөсүнүн саясий платформасын актуалдаштырып, тең салмакташтырылган көз караштарды сунуштап, глобалдык саясаттын биринчи планына түрк мамлекеттеринин бир нуктагы саясатын алып чыгышат. Демек «Эгер биз тилектеш болбосок, бизди майда бөлүктөргө бөлүп салышат!» (Р.Т. Эрдоган) деген сөз бекер айтылбаптыр. Бул сөздөр коркуунун эмес, күчтүн логикасын аныктайт. «Жумшак дипломатиянын» жана дипломатиялык жылмаюунун артында «Бөлүп, башкаруу!» (*«Divide et empire!»*)деген принципке негизделген глобалдык саясат жатары эч кимге деле сыр эмес. Дүйнөлүк саясатта азырынча «глобалдык күч» фактору үстөмдүк кылууда [244, 3-4-б]. Түрктөр абдан сак дипломатияны жана катуу «саясий тенденцияны» пайдаланышат. Алар Евразияда ар түрдүү кызыкчылыктар кайчылашкандыгын көрүшүп, ошого жараша тийиштүү ка-

дамдарды жасашып, стратегиялык максаттарга байланышкан траекторияларды туура аныктоого жана «саясий туманда» жоголуп кетпөөгө аракет кылышат. Ал эми түрктөр иштеп тапкан ***саясий капитал*** Түрк Мамлекеттер Бирлиги түзүлүп жаткан мезгилде кыйла өсөт. Акыркы жүз жыл ичинде дүйнөлүк колониалдык саясат кыйрап, империализм кризиске кабылып, эки дүйнөлүк согуштан кийин пайда болгон кансыз согуш коомду толкундатып, күчтүү мамлекеттердин ортосунда глобалдык жана чоң масштабдуу тирешүүлөр күчөгөн. Ошол мезгилде дүйнө элдери өздөрүнүн көз карандысыз мамлекеттерин түзүүдө жакшы багыттарды табышкан болсо, бүгүнкү күндө ошол көз карандысыз мамлекеттер эл аралык саясатты өнүктүрүүгө бирдей катышуу укугу үчүн күрөшүп жатышат. Мунун баары глобалдык саясий жашоо оң нукта өзгөрө аларын тастыктайт. Чындыгында биздин дүйнө өзгөрүлбөй коё албайт. Азыркы учурда дүйнөнүн саясий жана экономикалык түзүлүшү *өзгөрүүлөр зарыл болгон мезгилден* өтүп жатат. Бирок дүйнө мамлекеттери өзгөрүүлөр алардын эркине каршы келишин жана чоң мамлекеттердин жеке пландарына гана негизделишин мындан ары каалашпайт. Анткени эгер сени жана сага таандык субъектти сен эмес, башкалар алмаштырса, демек бардык нерсе алар каалагандай жана алардын кызыкчылыктарына жараша жасаларын тарыхый тажрыйба далилдеп койду. Эгер сен өзгөрбөсөң сени сөзсүз өзгөртүшөт! Чыныгы логика мына ушунда жатат. Бирок башкалар сени өздөрүнүн кызыкчылыктарына жараша өзгөртүшөт! Мындай нерсе заманбап мезгилдеги саясий жашоонун каардуу чындыгы болуп саналат. Мындай чындык глобалдык саясий жашоодо өзүн толук көргөзүп койду. Дүйнөдөгү жаңы муун мамлекеттери (биринчи катарда – түрк элдеринин улуттук мамлекеттери) *дүйнөнү кабыл алууга байланышкан белгилүү бир саясий мыйзамдардын негизинде иш-аракет кылуудан башка жолдору жок экендигин билип*, улуттук, аймактык жана глобалдык масштабдардагы бардык өзгөрүү процесстери үчүн жоопкерчиликти бирдей бөлүшүүсү зарыл экендигин түшүнүшү керек. Бул мамлекеттер ушундай процесстерге кандай деңгээлде жана канчалык жигердүүлүк менен катышышса, келечектеги эл аралык мамилелердин өнүгүүсү да ошого жараша болот. Жаңы мезгилдеги глобалдык саясаттын ***негизги парадигмасы*** төмөнкү нерселерден турат: дүйнө чоң мамлекеттерге гана эмес, баарына таандык, ошондуктан *дүйнөнүн жаңы саясий түзүлүшүн* калыптандырууга бардык эл аралык субъекттер бирдей катышууга жана бирдей жоопкерчилик алууга тийиш. Глобализацияга өзгөчө багыт жана мазмун берип, өзүнүн парадигмалык өзгөрүүсүнө байланышкан саясий жана экономикалык капитал чогулткан *заманбап глобалдык саясат табигый жана интеллектуалдык арсеналга ээ*

*болгон жигердүү демократиялык өлкөлөрдүн акырындык менен алдыга жылып жаткан принципиалдуу позицияларынан же көз караштарынан күч-кубат алуусу зарыл!* Келечектин глобалдык саясаты «өлгөн мамлекеттердин» эмес, «тирилген» мамлекеттердин ийиндерине таянып курулат [293, 513-515-б]. Мындай ой да кокустан келип чыккан эмес: «Заманбап дүйнөлүк система («*The Modern World-System*») кризис абалында турат» [313, 76-б]. Мындай саясий жана экономикалык кризисти төмөнкү себептер менен түшүндүрүүгө болот: - саясаттын жана экономиканын дүйнөлүк системасындагы диспропорция; дүйнө мамлекеттерининин бирдей эмес өнүгүүсүнөн жана стихиялуу түрдө чогулган капиталдан күчтүү мамлекеттердин пайда көрүүсү; - күчтүү мамлекеттердин эл аралык коопсуздук маселесин шылтоо кылып «күчтөрдүн тең салмактуулугунун» формалдуу түрдө гана сактоосу;- дүйнөдөгү үстөмдүктү сактап калуу үчүн бардык аракеттердин көрүлүп жаткандыгы жана ушундай системанын «чыныгы саясатта» саясий, экономикалык жана аскердик курал катары пайдаланылышы; - батыш мамлекеттери менен башка мамлекеттердин ортосунда эчак эле жөнгө салынып калган байланыштарды жокко чыгаруу жана тескерисинче алардын ортосундагы тирешүүлөрдү ого бетер күчөтүү; колониалдык экспансиянын «демократиялык» экспансияга айланышы;- дүйнөнүн туруксуз, ошондой эле «начар же алсыз аймактарында» жана «борпоң» мамлекеттерде («*fragile States*») күчтүү мамлекеттер тарабынан туруксуз саясий режимдердин жана конфликттик чөйрөлөрдүн курал катары пайдаланылышы. - либералдык экономиканы универсалдуу түрдө колдонууда чечкинсиздик көргөзүлүшү; жалпысынан алганда арзан түшкөн, бирок экологиялык жактан «оор» болгон экономикаларды алсыз мамлекеттердин географиясында пайдалануу; - глобалдык масштабдагы финансылык-банктык махинациялар ж.б.

Дүйнөдөгү эң маанилүү күч борборлорунун учурдагы экономикалык кризис, финансылык көйгөйлөр жана толкундоолор тууралуу түшүндүрмөлөрүнө көз жүгүртө турган болсок, төмөнкү суроо жаралат: эгер дүйнө чындап эле кризиске батып калган болсо, анда эмне үчүн миллиардерлердин саны күндөн күнгө өсүп жатат? Демек, кризистин булагы дүйнөлүк теңсиздикте жана дисгармонияда жатат. Кедейлерди ого бетер кедейлентип, ал эми байларды ого бетер байыткан экономикалык жана саясий системанын баары эртели-кечпи кризиске барып такалат. Анткени мындай системада өндүрүш процесстери менен керектөө процесстеринин ортосундагы мамилелер эртели-кечпи бузулат. Прогрессивдүү саясий аң-сезим мындайды көрүп турат жана аны жок кылуу үчүн альтернативдик жолдорду жана каражаттарды издеп жатат. Ошентип эгемендүү саясий субъекттердин, тактап айтканда күчтүү улуттук мамлекеттер-

дин окшош иш-аракеттери чоң мааниге ээ болууда. Мындай мамлекеттер биздин заманбап дүйнөбүздө кризис жаратуучу процесстерди алсыздандырып, глобалдык саясаттын позитивдүү багытта өзгөрүүсүнө мүмкүндүк түзүп, эл аралык мамилелерди өнүктүрүүдөгү өздөрүнүн ордун жогору көтөрүшөт. ***Интегралдык көз караштыы же позицияны*** жаратуучу мындай альтернативада дүйнөнүн саясий түзүлүшү жаңы түргө ээ болот. Тарыхый-саясий убакыт үчүн төмөнкү нерселер маанилүү:

- «чыныгы саясий» мамлекеттердин капиталдык жана жабык улуттук кызыкчылыктарын абсолютташтырган же идеалдаштырган «вестфаль эл аралык системанын», ошондой эле «глобалдык күч борборлорунун» пирамидалдык системасынын [294, 101-102-б] кереги жоктугун жана борбордук-европалык тарыхый процесстин «Модернизм» *(«Modernity»)* [103, 563-б] деп аталган чыгармасынын эскилигин моюна алуу;

- глобалдык саясаттын бир тараптуу жана калыссыз модельдеринен баш тартуу; Чыгышты Батышка, Азияны Европага жем кылган «глобалдык саясатка», тактап айтканда псевдосаясатка чекит коюу зарыл; «үстөмдүк кылуучу либерализмге карата контрдолбоорлордун» үстүндө иштөө [195, 187-б];

- батышка багытталган дүйнөлүк системанын универсалдык дүйнөлүк системага айланышынын негизги принциптери даярдалып, башкаруунун полицентристтик глобалдык системасы функционалдуу болушу керек.

Тарыхый мааниге ээ болгон мындай чечүүчү долбоордо Борбор Азиядагы – Түрк Геосаясий Аймагындагы мамлекеттер өзгөрүүлөрдү жаратуучу процесстердин борборунда көрүнүп турат. Ошондуктан Түрк Геосаясий Аймагындагы мамлекеттердин эркинин натыйжасында Түрк Мамлекеттер Бирлигинин түзүлүүсү бүткүл дүйнөлүк мааниге ээ боло турган өзгөрүүлөрдүн пайда болушун шарттайт. Түрк мамлекеттери Евразиянын саясий түзүлүшүнүн жаңылануусунда чечүүчү орунду ээлешерин геосаясий аналитика Борбору азыртан баштап эле божомолдоп жатат [300, 91-119-б; 298, 156-б]. Тарыхтын бардык мезгилдеринде бири-бири менен тыгыз байланышта болуп келген ***Евразия*** жана түрк дүйнөсү чогуу жаңыланып, жаңы саясий, экономикалык жана маданий түзүлүшкө ээ болуп, өзүнүн геосаясий өзөгүндө терең демократиялык жол менен бекемделиши керек. Түрк элдери дүйнөгө Евразиянын *өнүгүүсүнүн жаңы парадигмасын* көргөзүшү керек: Евразияда ***чек аралар*** эмес, ***маңыз*** өзгөрүртүлүшү керек. Глобалдык саясатта прогрессивдүү өзгөрүүлөрдүн пайда болушуна түрткү берилип, тийиштүү шарт түзүлүшү зарыл.

Мындай зарылчылыктын натыйжасында глобалдык саясаттын жана эл аралык мамилелердин негизги фундаменталдык багыттарындагы позитивдүү өзгөрүү процесстерин ишке ашыруучу чыгармачыл күч катары пайда боло турган Түрк Мамлекеттер Бирлиги чоң мүмкүнчүлүктөрдү кыймылга келтирип, алдыңкы планга маанилүү тарыхый-саясий мүмкүнчүлүктөрдү алып чыгат:

- көз карандысыз улуттук түрк мамлекеттери Евразияда Түрк Мамлекеттер Бирлиги сыяктуу күчтүү биримдик түзүү аркылуу аймактагы башка мамлекеттерге да ал биримдикке кирүүгө мүмкүнчүлүк берет.

- Евразия өзүнүн глобалдык саясий мейкиндигинин бүтүндүгүнө ээ болуп, дүйнөдөгү эң өнүккөн мамлекеттердин аймагына айланат;

- эл аралык коопсуздук системасында Европа Бирлиги (ЕБ) жана НАТО менен бирге дагы бир коопсуздук тиреги пайда болот. Ал тирек – Түрк Мамлекеттер Бирлиги болот (ТМБ);

- Европа Бирлиги жана Түрк Мамлекеттер Бирлиги Евразиянын тарыхый жана географиялык жактан байланышкан эки аймагынын ортосунда тең укуктуулукка негизделген өз ара мамилелерди куруу процессин аягына чыгарып жатышат; бул мамилелер эгемендүү мамлекеттердин ортосундагы мамилелердей;

- эл аралык саясаттын гуманизацияланышы жана демократизацияланышы, ошондой эле дүйнөлүк экономиканын либерализацияланышы жана Европалык линияны, Борбордук Евразияны жана Түштүк-чыгыш Азияны бойлой динамикалык өнүгүүсү тайбас мүнөзгө ээ болууда;

- Түрк Мамлекеттер Бирлиги эл аралык мамилелерди дүйнөнү өнүктүрүү стратегиясынын чыныгы эл аралык укукка негизделген принциптерине таянып курат;

- Түрк Мамлекеттер Бирлиги Евразия аймагын бардык цивилизациялардын ортосунда диалог курула турган эң чоң мейкиндикке, ошондой эле чукул өнүгүү, өз ара ишеним жана бузулгус тынчтык өкүм сүрүүчү майданга, жана ошол цивилизацияларга таандык мамлекеттердин ортосундагы туруктуу кызматташтык сактала турган аймакка айландырат.

Ушундай нерселердин натыйжасында Түрк Мамлекеттер Бирлиги жакынкы келечекте дүйнөлүк коомчулук жана эл аралык уюмдар тарабынан адамзаттын тарыхый өнүгүүсүнүн жарык мезгили катары таанылып, анын саясий маанилүүлүгүнө жогорку баа берилет.

# КОРУТУНДУ БӨЛҮК

Кечээги, бүгүнкү жана эртеңки убакыт - түрк дүйнөсүнүн биригүүсүнө байланышкан тарыхый тагдыр жаралып турган мезгилдердин байланышы болуп саналат. Анда-санда толкундануу мезгилдеринен өтүп турган түрк дүйнөсүнүн мейкиндиги планетанын эң улуу континентинин жүрөгүндө - Борбордук Евразияда жайгашкан. Түрк дүйнөсүнүн ушул мейкиндик-убакыт биримдигинде жаралган улуу тарыхы анын өлбөс жана жеңилбес руханий жылнамасы болуп саналат. Дүйнөлүк тарыхта түрк элдерине окшоп планетанын ушунчалык чоң аймагын ушунчалык узак убакыт бою ээлеп келген этнос болгон эмес... Түркия цивилизациясынын *улуу тарыхына* жана түрк мамлекеттерин бириктирүү идеясын ишке ашыруу аракеттерине көз жүгүртө турган болсок жана *эволюциянын логикасына* таяна турган болсок, мындан кийин түрк дүйнөсүнүн биримдигине алып баруучу нерселерге тоскоолдук кыла турган иш-аракеттер жок болорун, *түрк мамлекеттери өздөрүнүн эркин билдирип*, алардын ушундай эрки бизди улуу максатка жакындатарын, ошондой эле дүйнөлүк коомчулук *түрк мамлекеттеринин өз тагдырын өз алдынча чечүү* укугуна карата жакшы көз караашта боло баштарын көрөбүз.

Евразия аймагында эзелтен бери социалдык-саясий түзүмдөрдүн алгачкы үлгүлөрүн жаратып келген түрк элдери өздөрүнүн мамлекеттери менен кошо жаралгандай таасир калтырат. Алардын бирдиктүү этнос катары тарыхы алардын мамлекеттеринин тарыхы менен бирге башталган. Түрк элдери тарабынан түзүлгөн негизги мамлекеттер дүйнөлүк тарыхтын өнүгүүсүнүн акыркы үч миң жылында Евразиянын этносаясий географиясын өзгөртүп, анын азыркы абалга келүүсүндө чоң роль ойногон. Бул негизги мамлекеттер төмөнкүлөр: Сактардын Империясы, Гунндардын Улуу империясы, Батыш Гунндардын Империясы, Чыгыш Гунндардын Империясы, Ак Гунндардын Империясы, Көк түрктөр Империясы, Авар империясы, Хазар империясы, Уйгур империясы; Гараханлылар мамлекети, Гезневиддер мамлекети, Сельжуктардын Улуу мамлекети, Азербайжан Атабектеринин мамлекети, Ирак Сельжуктарынын мамлекети, Сирия Сельжуктарынын мамлекети, Кирман Сельжуктар мамлекети, Анатолиялык Сельжуктардын мамлекети, Хорезмшахтардын мамлекети, Монгол-түрк империясы, Алтын Ордо империясы, Сибирь, Казань, Крым, Ногай, Гасым жана Астрахан хандыктары, Мамлүктөр мамлекети, Осмон империясы, Моголдор империясы, Дели Түрк султанаты, Гарагоюнлу мамлекети, Аггоюнлу мамлекети, Сефевид-

дер империясы жана андан кийин Азербайжан хандыктары... Ушул мамлекеттердин баарын жараткан түрк суперэтносунун маанилүү өзгөчөлүктөрүнүн бири чечүүчү мааниге ээ болгон: түрк суперэтносу башынан эле бир түрдүү болгон эмес жана анын ички этникалык түзүлүшү эволюция процессинен өтүп, башка элдер да ушул суперэтностун ажырагыс бөлүгүнө айланышкан. Түрк элдери мамлекеттерди түзүүгө байланышкан оор жүктү дайыма өз жонунда көтөрүп келишкен. Ар бир курулган мамлекеттеги этносистеманын негизин жана аны башкалар менен байланыштыруучу негизги бөлүгүн түрк элдери өздөрү түзүп келген. Этносистеманын ушундай «алтын эрежеси» жоготулганда мамлекеттин негиздери бошошуп, кыйраган. Түрк элдеринин пассионардуулугу, ошондой эле этносистеманын чыңалган абалы аларды дайыма мамлекеттерди курууга жана элдерди бириктирүүгө байланышкан ишмердүүлүккө көкүтүп, аларды жеңип алуучулук жана жеңүүчүлүк миссиясы менен камсыздаган. Жергиликтүү түрк этносу байыркы мезгилден баштап биздин доордун V кылымына чейин өзүнүн эволюциялык баскычтарынан өтүп, гunндар башында турган генеалогиялык санжырага ээ болуп, өзүнө байыркы Борбор Азиянын бардык этнобиримдиктерин батырган. Андан соңку тарыхый процесстерде (айрыкча V–VII кылымдарда) гунн-түрк суперэтносунун ички эволюциясында түрк тилдүү этностук маңыз басымдуулук кылган, ошентип түрк элдери VII–VIII кылымдарда эле Борбор Азия аймагындагы үстөмдүк кылуучу элге жана аскердик-саясий күчкө айланган: тарыхый жактан алып караганда, Евразиядагы Улуу Гунндардын доорун Улуу Түрк Доору же Түрк Дүйнөсүнүн Доору алмаштырган.

Түрк элдери өздөрүнүн дээрлик 3000-жылдык тарыхында өз мамлекеттерин империялык институттардын деңгээлине чейин жеткиришкен. Евразия континентинде глобалдык саясий өзүн өзү таануу процесси башталган мезгилден баштап түрк элдери империялар ортосунда күчтөрдүн тең салмактуулугун жарата башташкан. Ыйса пайгамбар төрөлгөнгө чейинки мезгилде жана андан кийинки бир нече алгачкы кылымдарда (болжол менен төрт жүз жыл) Кытай менен Гунндардын ортосунда биринчи жолу геосаясий кызыкчылыктардын кагылышы пайда болгон. Ал кезде Кытай империясы жана Гунндар Азияга үстөмдүк кылууга аракет кылган. Ал эми ошол кезде Орто деңиз бассейнинен баштап Чыгышка карай кеңейип, күндөн-күнгө күчөгөн Рим империясы Азиянын борборуна түндүк жана түштүк тараптан түк моюн бербей жакындап келе жаткан. Бирок түрк элдери Кытай империясы менен Рим империясынын тарыхта эч качан бетме-бет кагылышпай тургандай жагдай түзүшкөн. Евразиянын чыгыш аймагы менен батыш аймагынын глобалдык деңгээлде кагылышуусуна гунн-түрктөр гана тоскоолдук кылышкан: алар өздөрүнүн империясынын чыгыш багытында Кытай менен, ал эми

батыш багытында Рим империясы менен согушуп, эки тараптын бирине да Евразиянын толук кандуу башкаруучусу болууга мүмкүндүк берген эмес. Алар чыгыш тарапта Кытайды ал эми батыш тарапта Рим империясын жеңишкен. Ошентип алар *Pax Turcica* (түрк дүйнөсүнүн универсалдуу өкмөтү), *Pax Sinica* (кытай дүйнөсүнүн универсалдуу өкмөтү) жана *Pax Romana* (рим дүйнөсүнүн универсалдуу өкмөтү) деп аталган башкаруу системаларынын мисалында Евразиянын чыныгы башкаруучусу кандай болушу керек экендигин көргөзүшкөн. Ошондон кийин алар эч кимге Евразияга толук кандуу ээлик кылууга мүмкүндүк беришкен эмес. Ошондон кийинки эки миң жыл ичинде түрк элдери жана алар тарабынан түзүлгөн биримдиктер өз мамлекеттерин жана империяларын жаратышып, алардын аймактарын кеңейтип турушкан.

Байыркы түрк элдеринин тарыхый-этникалык жактан дифференциацияланышы (бөлүнүүсү) аларды дароо эле Евразиянын согуштук-саясий процесстерине аралаштырып, ошол эле учурда алардын ички социалдык түзүмүн жаңы деңгээлге алып чыккан. Ушундай процесстердин натыйжасында 552-жылы «түрк» деген этноними бар алгачкы мамлекет, тактап айтканда Көк түрк империясы (Гөй түрк) пайда болгон. Көктүрктөр тарыхта биринчи жолу жалпы түрк дүйнөсүнүн саясатын жана идеологиясын жарыялаган мамлекет курушкан. Көк түрк империясы өзүнөн мурунку жана өзүнөн кийинки түрк мамлекеттеринин ортосунда генетикалык байланыш түзүүчү чынжырдын бекем тогоосу болгон. Бул империя өзүнө социалдык-саясий системанын бардык негизги атрибуттарын жана мүмкүнчүлүктөрүн камтыган жана саясатты маданият деңгээлине, ал эми маданиятты саясат деңгээлине көтөргөн функционалдык мамлекет болгон.

Ошентип түрк элдери жаңы доорду Чыгыштын жаңы тарыхы менен башташкан. Экинчи жана үчүнчү миң жылдыктардын тарыхынын кийинки мезгилдеринде түрк суперэтносунан чыккан элдер негизинен Борбор Азияда жана ага жакын аймактарда калган. Алар: кыпчактар, булгарлар, карлуктар, уйгурлар, чуваштар жана якуттар. Түрк элдеринин эң пассионардуу бутагы болгон огуздардын Жакынкы Чыгышка экспансиясы (XI кылымда алар 24 уруудан турган) ал жерде жаңы түрк мамлекеттеринин пайда болушу менен аяктаган. Көпчүлүгү ислам динин кабыл алган түрк элдеринин Борбор Азияга кайтып келүүсү жана бул жерде (негизинен Түркстанда) түрк ислам мамлекеттеринин пайда болушуна алып келген. *Pax Turcica* башкаруу системасынын мураскерлери кийинки кылымдарда Борбор Азияда түрк-уйгурлардын (745-840-жылдарда) жана түрк-монголдордун (1230-1310-жылдарда) Империялары катары жашоону улантышкан. *Pax Turcica* деп аталган башкаруу системасы Европа менен Азия байланышкан жерге, эң маанилүү

геосаясий мейкиндикке карай жылып, мурдагыдан да көбүрөөк мүмкүнчүлүктөргө жетишкен. Түрк-Ислам Бирлиги, *Pax Turcica* башкаруу системасы, ошондой эле түрү өзгөртүлүп, түрк дүйнөсүнө ыңгайлаштырылган *Pax Turanica* системасы, жана *Pax Ottomanica* башкаруу системалары түрк суперэтносунун империялык жашоосунун жаңы доорун баштаган. XV-XVI – кылымдарда дүйнө калкынын көп бөлүгүн түзгөн үч мыкты Түрк империялары – Осмон империясы (1300-1922), Сефевиддер империясы (1501-1722) жана Моголдор империясы (1526-1858) Европа, Азия жана Африка континенттеринин байыркы цивилизацияларынан жаралган бардык аймактарды чек коюп ажыратып, ***түрк элдеринин аскердик, саясий жана жарандык жеңиштеринин триадасын*** негиздешкен. Түрк суперэтносу бүткүл Евразияга жайылып, натыйжада өзгөчө сапаттарга ээ болуп, өз тамырларын сактап, алардын негизинде көтөрүлгөн Орто кылымдардагы түрк-ислам мамлекеттерин жаңы империяларга айландырып, *мамлекеттүүлүккө байланышкан чоң тажрыйбага* ээ болгон. Араб-ислам дүйнөсүнүн акыркы империя-султанаты болуп саналган аббасиддер Халифаты кулагандан кийин Жакынкы жана Ортоңку Чыгыштагы жеңип алуучулар эми арабтар, перстер же византиялыктар эмес, түрк элдери болуп калган!...

Эгер биз бүгүнкү күндө түрк мамлекеттеринин кылымдарды камтыган эволюциясынын жалпы көрүнүшүн эске ала турган болсок, алардын ички тарыхый-саясий мамилелеринин динамикасы аларга чечим кабыл алууга, ошондой эле тынч жана ыңгайлуу аймактык-геосаясий конфигурацияда жайгашууга түрткү берген. Алардын ортосундагы «вертикалдуу» мамилелер алардын мамлекеттүүлүккө байланышкан салттарын байыркы мезгилден баштап бүгүнкү күнгө чейин бир муундан экинчи муунга өткөрүп келген, ал эми «горизонталдык» мамилелери башкалар менен ийгиликтүү байланыш түзүүгө шарт түзүп келген.

Түрк элдеринин күчтүү империялары дүйнөдө жаңылануу же модернизация мезгили башталарда начарлап, майда улуттук мамлекеттерге, жадагалса хандыктарга бөлүнгөн. Мындай көрүнүш көптөгөн тарыхый-саясий себептер менен шартталган. Түрк мамлекеттери модернизация же болбосо жаңылануу мезгилинен артта калбастан, жаңы мезгил менен чогуу жүрүү керек экенин билиши керек эле (алар Ыйса пайгамбар төрөлгөн убакыттан кийинки экинчи миң жылдыктан баштап эле мезгилге ылайыкташып жашоого жөндөмдүү болушкан). Европаны күчөтүп бекемдеген факторлор Азияны начарлаткан факторлорго дал келген. Азия аймагы дүйнөлүк империализмдин экспансиясына кабылардын алдындагы мезгил түрк дүйнөсү үчүн өтө оор мезгил болгон, бирок ошого карабастан ошондой оор мезгилде деле өзүнүн мамлекеттүүлүгүн жоготуп койгон түрк дүйнөсүн сактап кала ала турган күч дагы деле бар болгон.

Ал күч - түрк элдеринин рухунун жеңилбестигинде жана алардын өз тамырлары менен болгон байланышында жаткан. Түрк биримдиги идеясынын үрөндөрү дал ушул руханий жана моралдык күчтөн өсүп чыккан. Ушул идеянын тарыхый эволюциясынын экинчи баскычы же мезгили Көк түрктөрдүн доорунан кийин башталган. Бул мезгил түрк дүйнөсүнүн ***кайра жаралуусунун улуу мезгили*** болуп саналат. Түрк элдери дүйнөлүк тарыхтын белгилүү бир мезгилинде артта калып калгандыгынын себептери эске алынып, мындай терс мүнөздөгү процесс токтотулуп, түрк дүйнөсү өзүнө келип, олуттуу идеяларды ишке ашыра баштаган. Бара-бара бүткүл дүйнөдө ***классикалык түркизм*** идеясы универсализациялана баштаган. Түрк элдеринин саясий маданиятында биримдик идеясы туруктуу түрдө өнүктүрүлүп, акырында бул идея концептуалдык идеологияга айлангандыгынан улам түрк дүйнөсүнүн улуттук өзгөчөлүгү бааланган.

XX кылымдын башынан баштап түрк исламизмдин тенденциялары же мүнөздүү багыттары экинчи планга жылдырылып, кийинчерээк такыр жоголуп, *түрк дүйнөсүнүн идеологиялык-саясий-маданий көз караштарында гана чагылдырылган*. Заманбап түркизм идеологиясынын негизги максаты классикалык түркизмдегидей эле – жеке бир түрк мамлекетин ири державага же конфедерацияга айландыруу эмес, эл аралык системанын көз карандысыз субъекттеринин биримдигин түзүү болуп саналат. Түркизм идеясы – биздин түркчүлдүгүбүздүн тастыкталышы. Ал эми биздин түркчүлдүгүбүз – биздин улут катары өзүбүздү өзүбүз аныктообуздун өзөгү болуп саналат. Биздин түркчүлдүгүбүз улуттук аң-сезимдин дүйнөлүк масштабына чыгыш керек. Мындай масштабда түрк дүйнөсүнүн географиясы, руханий чектери, саясий өзгөрүүлөрү, тагдырга карай ачылган эшиктери, ошондой эле тарыхтан жаралган келечеги көрүнөт. Түркизмдин маданияты – бул тирүү жана динамикалуу, ошондой эле дайыма өзгөрүп жана өнүгүп туруучу система болуп саналат. Бул идея бүгүнкү күндө деле түрк элдеринин улуттук маданиятын прогрессивдүү идеялар менен байытып жатат.

Дүйнөлүк тарыхты түрк элдеринин тарыхысыз элестетүүгө мүмкүн эмес болсо, дүйнөлүк маданиятты да түрк элдеринин маданиятысыз элестетүү мүмкүн эмес. Жалпы түрк маданияты өнүгүп олтуруп, толук кандуу цивилизациянын сапаттарына жана көлөмдөрүнө ээ болгон. Бирок ал канчалык кеңейип, байып, жаңы өзгөчөлүктөргө ээ болсо да, жалпы түрк маданиятынын жана элинин өзөгү менен болгон байланышын үзгөн эмес. Түрк суперэтносунун тарыхый дифференциациясы, тактап айтканда ушул суперэтноско таандык элдердин өз алдынча улут катары калыптанып, алардын жеке улуттук маданияттарынын пайда болушу Евразиянын универсалдуу этносаясий системасынын туруктуу эволюциясына алып келген. Түрк элдеринин жеке улуттук маданияттары жалпы түрк маданиятынын

этногенетикалык өзөгүн коргоп, аны өздөрүндө сактап калышкан. Ошондуктан бул маданияттардын ортосундагы айрым интеграция учурлары табигый жана гармониялуу болгон.

Ошентип түрк мамлекеттерин негиздөөчүлөр ошол эле учурда түрк цивилизациясын жаратуучулар да болуп калышкан. Анткени мындай саясий түзүмдөр түрк суперэтносуна Евразиянын кенен мейкиндигинде цивилизация жаратууга чоң мүмкүнчүлүктөрдү түзгөн. Түрк элдеринин мамлекети жана мамлекеттүүлүгү - жалпы түрк цивилизациясынын бардык тарыхый сыноолордон өткөн жеңилбес, эң күчтүү, ошондой эле дайыма өнүгүп туруучу түрү же формасы болуп саналат. Түрк мамлекеттүүлүгү – түрк цивилизациясынын омурткасы. Түрк элдеринин дүйнөлүк маданияттын өнүгүү тарыхындагы эң маанилүү орду негизинен алардын мамлекеттүүлүк салттарына байланыштуу. Дүйнө элдери түрк элдери менен мамиле түзүп, алардын мамлекеттүүлүккө байланышкан салттарын өздөштүрүп, аларды өздөрүнүн саясий практикаларында пайдаланышкан.

Ислам цивилизациясынын калыптанышына пассионардык негиз болуп берген түрк цивилизациясы Көк түрктөр доорунан кийин түрк тилин цивилизация тилине жана Исламдык Чыгыштын эл аралык баарлашуу каражатына айландырган. Көк түрк империясынын өлбөс чыгармалары, түрк элдеринин мамлекеттүүлүгүнө, эркиндигине жана биримдигине байланышкан жазуу эстеликтери, ошондой эле Орхон жазуулары да дал ушул түрк тилинде жазылган. Түрк элдеринин мамлекеттик саясат деңгээлиндеги биримдиги тарыхта биринчи жолу жазуу материалы, тактап айтканда Орхон жазуу эстеликтери менен негизделип, тастыкталган документ катары жалпы түрк маданиятынын өнүгүүсү үчүн жана анын саясий негизин түзүүдө өтө чоң мааниге ээ болгон. Орхон жазуу эстеликтери - тарыхта «түрк» деген этнонимди алып жүргөн алгачкы мамлекеттин, тактап айтканда Көк түрк империясынын тарыхый документи, алар байыркы түрк тилинде (көк түрк тилинде) жазылган; ал эми заманбап түрк тилдеринин баары ошол байыркы түрк тилинен өсүп чыккан; алар түрк элдеринин мамлекеттүүлүгүн жана этногенезин тактайт; Евразиянын тарыхый эволюциясындагы жалпы түрк цивилизациясын жана маданиятын көргөзөт; алар түрк этносаясий системасынын өнүгүүсүнүн натыйжасында Орто кылымдын башында пайда болгон Көк түрктөр мамлекетинин геосаясий жана улуттук кызыкчылыктарын баяндаган конкреттүү саясий факт; алар – түрк дүйнөсүнүн биримдигин түзүү идеалдарына кызмат кылган бардык тарыхый-классикалык идеологиялардан мурда турган идеология. Заманбап түрк элдеринин «Орхон Эстеликтери», «Огуз-Каган», «Китаби Деде Горгуд», «Манас», «Эмсали-Түрктөр», «Диваню Лугет-ит-Түрк», «Гутадгу билик», «Дивани-хикмет», «Огузнаме», «Мүгайисет-ул-лугетейн», «Шеджереи-Тарикиме» жана башка ушул сыяктуу эстеликтерге

негизделген маданияты улуттук маданияттардын өнүгүүсүнө түрткү берип, дүйнөлүк маданиятты өзгөчө колорит, түр жана мазмун менен байыткан феномен болуп саналат. Дүйнөлүк маданияттын «түрк бөлүгү» өзүнүн бардык руханий-эстетикалык күчтөрүн топтоп, адамзаттын ишмердүүлүгүнөн, адеп-ахлактуулугунан, ошондой эле сезимдеринен жана ойлорунан эң жаркыраган жана эң сапаттуу адамзаттык баалуулуктардын жаралышына жана алардын гуманитардык маданияттын негизине айлануусуна түрткү берет.

Жалпы түрк цивилизациясынын өсүп-өнүгүүсүндө жана түрк дүйнөсүнүн саясий көз карашынын универсализацияланышында Улуу Жибек жолу албетте баа жеткис роль ойногон. Жалпы түрк цивилизациясы Улуу Жибек жолу жана башка нерселер аркылуу миң жылдар бою Борбор Азиянын жүрөгүндө болуп, Алыскы Чыгышта Кытай жана Жапония цивилизациялары, түштүк-чыгыш багытында Индия цивилизациясы, Жакынкы Чыгышта Ислам цивилизациясы (негизинен арабдар жана Иран менен), ал эми Батышта Европа жана славяндык цивилизациялар менен дайыма кызматашып турууга жөндөмдүү болгон. Бирок алардан ажырагандан кийин деле түрк дүйнөсү *көп маданияттуулук мейкиндигин түзүү милдетин* жогоруда айтылган цивилизацияларга караганда көбүрөөк ишке ашырган. Түрк дүйнөсү менен Улуу Жибек жолунун ортосундагы байланыш төмөнкүдөй үч деңгээлде жүргөн: (1) Улуу Жибек жолу жакынкы түрк өлкөлөрүнүн миң километрге созулган аймактарынан өтүп, бул жолдун координаттары түрк этногеографиясынын топонимикалык издери болуп турган кезде; (2) Түрк элдери узак убакыт бою Улуу Жибек жолунун бардык бөлүктөрүндөгү алдыңкы соода жана маданий байланыштардын ортомчулары, катышуучулары жана тарапташтары болушкан; (3) Түрк мамлекеттери жана империялары Улуу Жибек жолунун трансевразиялык коммуникациялык системасы катары өздөрүнүн тарыхый миссиясын аткарып келишкен жана 2200-жылдык тарыхты камтыган мезгилде алар бул жолду көзөмөлдөп турушкан. Жибек жолунун саясаты түрк элдеринин цивилизациясынын жана саясий маданиятынын негизги баалуулуктарынын арасында орун алган. Ошондуктан Улуу Жибек жолу идеясы экинчи жана үчүнчү миң жылдыктарда глобализация процессинин зарыл бир бөлүгү катары жогорку деңгээлдеги заманбап транспорттук технологиялардын негизинде калыбына келүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон: TRASEKA (Европа – Кавказ – Азия транспорттук коридору) долбоорунун алкагында Улуу Жибек жолу калыбына келип, натыйжада «Жаңы Жибек жолу» пайда болгон. Заманбап эл аралык жашоодо Улуу Жибек жолунун актуализацияланышы же чоң мааниге ээ болуусу мыйзам ченемдүү көрүнүш болуп саналат: чоң саясатка кайтып келип жаткан түрк дүйнөсүнүн Евразиянын саясий, экономикалык жана маданий жашоосундагы

орду кайрадан чоң мааниге ээ болуп жатат. Улуу Жибек жолунун тарыхый коргоочулары болуп саналган түрк элдери бүгүнкү күндө деле аны коргоо миссиясын аткарып жатышат.

Евразия аймагы жана түрк дүйнөсү геосаясий жактан бүтүн бир мейкиндик катары калыптангандыгы тарыхый натыйжа болуп саналат. Азия жана Европа аймактары түрк элдерин бириктирген ар түрдүү цивилизациялардын «бөлүктөрү» болуп саналгандыктан өз мамилелерин бирдиктүү цивилизациянын мегасистемасында түзүшөт. Эгер Евразия аймагы «блоктордон», тактап айтканда Европа (Батыш жана Чыгыш Европа), Жакынкы жана Ортоңку Чыгыш, Кавказ, Борбордук Азия жана Түштүк-Чыгыш Азия сыяктуу бөлүктөрдөн турса, алардын жалпы геосаясий ордун түрк мамлекеттери түзөт. *Бүгүнкү күндө эгемендүү түрк мамлекеттеринен башка бир да саясий системада бул аймакта геосаясий координация түзүү мүмкүнчүлүгү жок.* Табигый географиялык факторлор менен шартталган мындай мүмкүнчүлүктөргө түрк элдери узак тарыхый-саясий процесстердин натыйжасында жетишкен. Евразиянын тарыхый геосаясаты жаңы Азия менен Европанын ортосундагы мамилелердин тарыхый өзгөрүүсүнө жана түрк элдеринин бул аймактагы маанилүүлүгүнө түздөн түз байланыштуу.

Түрк элдеринин тарыхый-саясий дихотомиясы жана анын натыйжасында пайда болгон Чыгыш жана Батыш Түркстан - түрк дүйнөсүнүн этносаясий системасында эки маанилүү канат катары калыптанган. Түрк элдеринин дээрлик эки миң жыл бою созулуп келе жаткан өнүгүү динамикасынын өзгөчөлүгү мына ушунда турат. Чыгыш Түркстан – Борбор Азиядагы түрк мамлекеттеринин геосаясий тилкеси, ал эми Батыш Түркстан - Батыш Азиядагы Европа багытында жылып жаткан түрк мамлекеттеринин геосасий тилкеси. Бирок түрк мамлекеттери өздөрүнүн арасында же кошуналарынын арасында ар түрдүү багыттагы ар кандай конфигурацияларды жаратышкан кезде да жалпы түрк элдеринин бүтүндүгү анын этногенетикалык эс-тутумуна негизделет. Түрк элдеринин Батыш багытындагы дихотомиясы Европа өлкөлөрү менен жигердүү мамилелерди, ал эми Чыгыш багытындагы дихотомиясы Түштүк-чыгыш Азия өлкөлөрү менен жигердүү мамилелерди көргөзүүдө. Классикалык Азиянын Кытай, Индия, Иран жана Аравия сыяктуу империялары жасай албаган нерсени дал ушул ***түрк элдери*** жасаган: алар Азиянын геосаясий артыкчылыгына негизделген Азия-Европа мамилелеринин саясий түзүлүшүн соңку мезгилдерге чейин сактай алышкан. Евразиянын геосаясатынын өнүгүүсүнүн бардык логикасы түрк дүйнөсүнүн континенталдык геосаясий системасын, ошонун ичинде Борбор Азияны жана Кавказды уюштуруу процесстерине түздөн түз байланышкан. Түрк дүйнөсүнүн кандайдыр бир аймактык же эл аралык уюмдагы өкүлчүлүгү түрк мамлекеттер биригинен маанилүүрөөк

жана ***тарыхый мыйзам ченемдүүлүк*** жагынан алып караганда деле ***логикалуураак*** боло албастыгын Түркиядан баштап Казакстанга чейинки бардык түрк тилдүү коомчулуктар жакшы түшүнүштү. Түрк дүйнөсү Евразиянын чыныгы өзөктүк катмары экендиги жана дайыма анын ички өнүгүүсүнө түрткү берип келгендиги байыркы мезгилдерден баштап бүгүнкү күнгө чейинки чындык.

Бүгүнкү күндө Евразиянын жүрөгүндө, тактап айтканда анын «ички жерлеринде» (Маккиндердин теориясы боюнча) түрк элдери тарабынан түзүлгөн геосаясий система күчөп жатат жана бул система аймактагы башка өлкөлөрдүн (жадагалса Орусиянын да) кызыкчылыктарына дал келет. Улуттук, аймактык жана глобалдык деңгээлдердин ортосундагы келишүүнүн негизинде түзүлгөн «түрк консенсусу» же «түрк дүйнөсүнө байланышкан консенсус» деген түшүнүктүн артыкчылыгы кандайдыр бир саясий субъекттин үстөмдүк кылуусуна мүмкүнчүлүк берилбегендигинде жатат. Демейде туруктуу жана туруксуз саясий системалары, демократиялык жана демократиялык эмес коомдору, ошондой эле прогрессивдүү жана кыймылсыз экономикасы бар күчтүү жана алсыз мамлекеттер борпоң геосаясий мейкиндикте болгон кезде үстөмдүк кылууга даярданышып, ошого негиз түзө башташат. Ошентип Евразиядагы «түрк дүйнөсүнө байланышкан консенсус» деген түшүнүк зарыл этап же зарыл мезгил болуп саналгандыктан аймактагы «диссонанстык» абалды жөнгө салышы керек. Евразиянын геосаясий коопсуздугу жагынан алып карай турган болсок, Жапониядан баштап Британияга чейинки жана Орусиядан баштап Индияга чейинки ар түрдүү деңгээлдеги өлкөлөрдүн ортосунда мамилелер түзүлүшү ыктымал. Азыркы мезгилде Түркиядан Казакстанга чейинки бардык түрк мамлекеттери ***Евразиянын геосаясий коопсуздугуна*** байланышкан иш-аракеттерди жактап жатышат. Тең салмакташтырылган универсалдуу сапаттарга ээ болгон түрк дүйнөсүнүн кеңейүүсү жана бекемделүүсү, ошондой эле анын саясий салмагынын көбөйүүсү аны дүйнөлүк интеграциялык процесстин кыймылдаткыч күчүнө жана бөлүгүнө айлануусун аныктайт. Бүгүнкү күндө Евразиянын глобалдык интеграциясын жогору жакка алып чыгуучу процесстерди түрк элдеринин жана алардын мамлекеттеринин катышуусуз элестетүү мүмкүн эмес. Анткени түрк элдери жана түрк мамлекеттери бул аймактын эң чоң геосаясий жана геоцивилизациялык мейкиндигинде турушат. Түрк дүйнөсүнүн кудурети Евразияны планетадагы эң чоң геосаясий мейкиндикке гана айландырбастан, глобализация кыймылынын «өзөгү» болуш үчүн негиз түзөт. Евразияны каптаган дүйнөлүк интеграция процесстери түрк мамлекеттеринин геосаясий мейкиндигиндеги ички интеграция менен биригип, чыныгы глобалдык бүтүндүккө ээ болот. Эгерде түрк мамлекеттеринин геосаясий мейкиндигинин өнүгүүсүнө байланышкан перспективаларды эске

алып, Евразияда болуп жаткан азыркы процесстерди анализдей турган болсок, бул мамлекеттерде, айрыкча Түркияда түрк дүйнөсүн бириктирүүгө байланышкан процесстер күчөп жаткандыгын, ошондой эле Евразия аймагынын саясий жана глобалдык маанилүүлүгү өсүп жаткандыгын көрөбүз. Батыштын саясий аналитиктери Жорж Фридмандын жана Збигнев Бзежинскийдин пикирлеринде, Америка Кошмо Штаттарынын көңүл борборунда турган Иран ислам мамлекетинен айырмаланып, Түркия – евразиялык аймактагы тең салмактуулукту сактап, бул аймакта күч боло ала турган жалгыз мамлекет болуп саналат. Түркияны өзүнүн стратегиялык шериктеши катары кабыл алган АКШ кийинки 10 жыл ичинде кандай саясат жүргүзсө да, Түркия жогоруда айтылган деңгээлге жетери шексиз. Дүйнөдөгү эң күчтүү өлкөлөрдүн он жетинчиси болуп саналган Түркия Жакынкы Чыгышта экономикалык жактан эң өнүккөн өлкөгө айлануу мүмкүнчүлүгүн карап жатат. Түркиянын армиясы аймактагы жана балким Европадагы эң күчтүү армия болуп саналат (Орусия Федерациясын жана Улуу Британияны эсепке албаганда). Азыркы учурда Иран мамлекетинин Аравия жарым аралында үстөмдүк кылууга байланышкан аракеттери Түркиянын кызыкчылыктарына каршы келүүдө, анткени анын бул аймактагы мунайзат запастарына тиешелүү кызыкчылыктары кыйла көбөйдү. Мунун себеби – Түркия мамекетинин Орусия мунайзатынан көз карандылыгынын азайышы. Анкара мындан тышкары Тегерандын күчөшүн да каалабайт. Иранда жашаган күрддөрдүн саны Түркиянын түштүк-чыгыш аймагында жашаган күрддөрдөн аз. Бирок ушул нерсени да Тегеран өз кызыкчылыктары үчүн пайдаланылышы ыктымал. Күрддөргө байланышкан фактор аймактык жана глобалдык күчтөр тарабынан Багдадга, Анкарага жана Тегеранга кысым жасоо максатында бир нече жолу пайдаланылган. Түркиянын күчтүү атаандашына айланыш үчүн ирандыктар келерки он жыл ичинде өздөрүнүн стратегиялык запастарын бөлүүгө аргасыз болушарын Жорж Фридман белгилеген. Ошол эле учурда араб дүйнөсү шииттик Иранга каршы туруш үчүн кошумча күчтөрдү издейт: мындай нерсеге эң жакшы «талапкер» катары суниттик Түркия каралып жатат. АКШ жакынкы он жылда араб дүйнөсүнө үстөмдүк кылыш үчүн Тегеран менен Анкаранын биригишине же шериктеш болушуна жол бербөөгө аракет кылат. Анкара менен Тегеран АКШнын Ак үйүнөн канчалык чочулашса, алардын ортосунда шериктештик жаралуу мүмкүнчүлүгү да ошончолук көбөйөт. Америка менен белгилүү бир убакытка чейин кандайдыр бир келишимдин түзүлүшү Иранды тынчтандырышы мүмкүн. Бирок мындай шериктештик көпкө созулбайт, анткени мындай келишим кызыкчылыктардын гана келишими болот. Ал эми Түркия мамлекети Ак үй менен узак мөөнөттүк кызматташтыкты сактоо жана биринчи кезекте Балкан менен Кавказды камтыган

аймактарда өзүнүн маанилүүлүгүн бекемдөө аркылуу ал жерде Орусиянын кызыкчылыктарына каршы туруучу буфер катары милдет аткарышы мүмкүн. Ошентип узак мөөнөттүү перспективада Тегеран Анкараны токтото албайт. Түркиянын экономикасы динамикалуураак болгондуктан анын эң заманбап куралдарды жана куралдуу күчтөрдү колдонууга мүмкүнчүлүгү бар. Географиялык жактан караганда Тегерандын аймактык альтернативалары чектелүү, ал эми Анкара шериктештиктерди же бирликтерди түзүү аркылуу Кавказ, Балкан, Орто Азия, Жер ортолук деңиз жана Түндүк Африка өлкөлөрү багытында кеңейүүдө. Тегеранда мындай мүмкүнчүлүктөр жок. Жорж Фридман Иран мамлекети өз тарыхында эч качан күчтүү аскердик-деңиздик күчтөргө ээ болбогондугун, ошондой эле кысыктардын географиялык абалын жана стратегиялык маанилүүлүгүн эске алып, келечекте Иран жогоруда айтылгандай мүмкүнчүлүктөргө ээ боло албайт деп белгилеген. Түркия мамлекети, тескерисинче, Жер ортолук деңизде дайыма үстөмдүк кылуучу күч болуп келген жана келечекте да ушундай абалды сактайт. Жакынкы он жылда Анкаранын бул аймактагы үстөмдүгү көбөйөт. Бүгүнкү күндө деле Анкара бул аймакта маанилүү роль ойнойт. Ошол эле учурда өлкө ичиндеги көйгөйлөрдү чечүү зарылдыгы ого бетер күчөп, бирок ошону менен катар экономика да күчтөнөт. Түркия конфликттерге аралашпайт жана ошондуктан аймактагы жагдайларга ээлик кылат. Ошондуктан АКШ узак мөөнөттүү перспективада Түркия менен жакындашуусу керек жана анын өнүгүүсүнө тоскоолдук кылбашы керек. Збигнев Бжезинский да Түркия XX кылымда коммунисттик Орусияга салыштырмалуу ийгиликтүү жолду тандап алгандыгын белгилеген. 1924-жылы Мустафа Кемаль Ататүрк тарабынан радикалдуу реформалардын жүргүзүлүшү кайталанбас өзгөрүүлөрдүн пайда болушуна себеп болгон. Айрыкча Анкара, расмий түрдө болбосо да, акыры Батыштын уландысы деген статуска же абалга жетишкен. Бүгүнкү күндөгү заманбап Түркия эл аралык аренадагы өзүнүн аймактык географиялык артыкчылыгын калыбына келтирип жатат. Мындай позитивдүү жаңылануулардын булагы диний негиздер эмес, тарыхый-саясий мотивация болуп саналат: Советтер Союзу кулагандан кийин түрк тилдүү мамлекеттер албетте Түркия мамлекети менен бир катарда туруп өнүгө башташы керек болгон. Түркиянын байлыгы жана аймактагы бардык түрк мамлекеттеринин өнүгүү мүмкүнчүлүктөрү аймакта соода жана маданий байланыштарды куруу жана аларды демократизациялоо үчүн маанилүү фактор болуп саналат. Орто Азиянын энергетикалык ресурстарын пайдаланууну Москва да каалайт. Бирок Анкара, Баку жана Тбилиси коомчулуктарынын кызматташтыгы жана бул кызматташтыктын бекемделүүсү түрк мамлекеттеринен жана Борбор Азиядан чыгуучу мунайзат менен газдын Каспий деңизи аркылуу түздөн түз Европага

чыгуусун камсыздайт. Ошентип Батыш дүйнөсү Түркияны жоготуп албашы керек. Түркияны жоготуу Батыш үчүн түрк мамлекеттерин камтыган бардык аймакты жоготуу дегенди билдирет. Бул аймактын «ачкычы» болуп саналган Түркиянын өнүгүүсү - трансевразиялык долбоорлордун толук кандуу ишке ашырылышын жана жалпы аймактын өнүгүүсүн билдирет [233; 234; 213].

*Жалпы түрк цивилизациясы өзүн өзү таануу аракетин ийгиликтүү түрдө улантса*, түрк дүйнөсүн бириктирүү идеясы да ийгиликтүү түрдө ишке ашырылат. Көп маданияттуулук аренасында өзүн бирдиктүү түрк маданий-саясий система катары кароо – мыйзам ченемдүүлүктү систематизациялоого жана түрк дүйнөсүнүн өз баалулугун бекемдөөгө байланыштуу. Түрк Мамлекеттер Бирлигинин түзүлүүсү эгер Евразиянын европалык бөлүгү Европа биримдигин орнотууга жетишсе, түрк цивилизациясы жайгашкан аймактар, негизинен анын Азиялык бөлүгү да дал ушул Европа Бирлиги сыяктуу бирлик, жадагалса андан да жакшыраак бирлик түзө алышат. Европа Бирлиги («European Union») жана Түрк Мамлекеттер Бирлиги («*Turkic States Union*») Евразиянын эки бири-бирине жакын платформасы катары бүткүл Евразия аймагын бирдиктүү глобалдык саясий мейкиндикке айландырат. Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү идеясы Европа Бирлигине каршы турбайт, ал Европа Бирлигинин альтернативасы болот. Европа Бирлигинен кийин Түрк Мамлекеттер Бирлигинин түзүлүүсү абдан маанилүү жетишкендик болот жана андан тышкары Евразиянын саясий-цивилизациялык бүтүндүгүнүн тарыхынын логикалык уландысы болуп саналат.

Эл аралык укуктук нормалар эл аралык саясаттын приоритетине айланып, жаңы дүйнөлүк системанын түзүлүшүнө жооптуу болгон мамлекеттердин (биринчи кезекте түрк мамлекеттеринин) аймактык жана глобалдык консолидациясын ого бетер тездетти. Түрк Мамлекеттер Бирлиги түрк элдеринин улуттук-саясий эркинин натыйжасы катары түзүлөт жана ушундай Бирликти түзүү процесси биз үчүн чоң тарыхый мааниге ээ. Европа Бирлиги түзүлгөндөн кийин эл аралык саясатта жаңы дүйнөлүк системаны калыптандыруу аракеттери ар түрдүү биримдиктердин пайда болушуна түрткү берген жана мындай процесстер артка кайткыс мүнөзгө ээ болгон. Биримдиктерди түзүүнүн европалык моделине альтернатива катары түзүлө турган Түрк Мамлекеттер Бирлиги биримдиктерди түзүүнүн евразиялык модели катары милдет аткарышы керек. Аймактык кызматташуу жүрүп турган мезгилде европа сыяктуу цивилизацияга кошулуу ишенимдүүрөөк нерсе экендигин мамлекеттер аралык мамилелердеги көп тараптуу кызматташтык боюнча акыркы он жыл ичинде топтолгон тажрыйба көргөзүп жатат. Адамдар, коомдор жана мамлекеттер бир-бирине формалдуу себептерден улам жакындашы мүмкүн, бирок формалдуу биримдиктер же шериктеш-

тиктер жалпы тамырга негизделген негиздүү биримдиктерге жетпейт. Азыркы мезгилде дүйнөлүк мамлекеттер жалпы улуттук, аймактык, лингвистикалык, диний жана цивилизациялык негиздерге таянып ички интеграция процессине кирип жатышат. Мындай интеграциялык процесс биримдиктерди түзүү маселесин абдан оор абалга коюп жатат. Натыйжада өзүнө түрк мамлекеттеринин ички интеграциясын да камтыган мындай тенденция эл аралык укук системасы тарабынан жөнгө салынган эл аралык саясаттын жаңы прогрессивдүү-синархисттик фазасына кирет (репрессивдик-баш аламандуу процесстерге каршы турган), башкача айтканда, тарыхта биринчи жолу эл аралык саясаттын жана эл аралык укуктун бирдиктүү принципиалдык көз карашына таянууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Биримдик – эл аралык саясаттын зарылдыгы жана ал эл аралык укуктук мыйзамдардын негизинде түзүлөт. Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү идеясын чындап ишке ашырууга боло турган жагдай тарыхта биринчи жолу дал ушул азыркы мезгилде пайда болуп жатат. Мындай теориянын логикасына таяна турган болсок, Түрк Мамлекеттер Бирлиги сыяктуу биримдик же уюм эл аралык саясий зарылдыктан келип чыгат жана эл аралык укуктук мыйзамга негизделет. Түрк Мамлекеттер Биримдигинин эл аралык саясий авангард жана эл аралык укук системасынын субъекти катары калыптанышы – Европада жана бүткүл дүйнөдө эл аралык мамилелердин жаңы өнүгүү мезгилинин башталышы дегенди билдирет.

Түрк дүйнөсүнүн бүтүндүгү, анын өзүн бирдиктүү геосаясий система жана платформа катары карашы, ошондой эле аймакта болуп жаткан процесстерге бирдиктүү мамиле кылуусу - кандайдыр бир деңгээлде Түркия-Азербайжан мамилелеринен, бул мамилелердин деңгээлинин жогорулап жана жакшырып турушунан көз каранды. Ошондуктан Азербайжан мамлекети жалпы түрк дүйнөсүнүн саясий жактан биригүүсүнө түрткү берип, аларды байланыштырып туруучу өлкө болуп саналат. Азербайжан мамлекети Евразиядагы түрк суперэтносунун тарыхый эволюциясы жана анын геоцивилизацияга карата мамилеси жагынан алып караганда глобалдык маанидеги статуска ээ болуш үчүн бардык баштапкы жана маанилүү шарттарды түзгөн. Азербайжан мамлекети Европа менен Азияны байланыштырган Түркия мамлекетин Борбор Азиядагы түрк мамлекеттери менен байланыштыруучу, андан тышкары бүткүл Каспий-Кавказ аймагын геосаясий, экономикалык жана геоцивилизациялык жактан бириктирүүчү, ошондой эле жалпы түрк биримдиги идеясынын идеологдорун өстүргөн мамлекет болуп саналат. Бүгүнкү күндө түрк мамлекеттеринин кызыкчылыктары бири-бирине дал келмейинче алардын ортосундагы кызматташтыкты, ошондой эле алардын аймактагы башка мамлекеттер жана эл аралык уюмдар менен кызматташтыгын каалаган деңгээлге көтөрүү мүмкүн

эмес экендиги эч ким үчүн сыр эмес. Түрк мамлекеттери өздөрүнүн принципиалдык позициясын эл аралык саясаттын чындыгына айландырыш үчүн түрк мамлекеттеринин альянсын бекемдөөгө арналган бардык демилгелерди колдоо иш-аракеттерин акыркы жыйырма жыл ичинде өздөрүнүн ички жана тышкы саясатындагы негизги багытка айландырышкан. Алардын мындай позициясы мындан да ишенимдүүрөөк жана кененирээк болууга тийиш.

Түрк Мамлекеттер Бирлигинин конвергенттик гуманитардык саясатында эгемендүү түрк республикаларынын ортосунда маданий-саясий интеграциянын гуманитардык негиздерин түзүү жана аларга таянып, биримдик идеясын ишке ашырууга түрткү берген платформаны же программаны коргоо, ошондой эле бул процессти аягына ийгиликтүү чыгаруу максаттары каралган. Түрк дүйнөсүндөгү идеология, маданият, илим, билим, адабият жана көркөм өнөр чөйрөсүндөгү гуманитардык мамилелерди өнүктүрүү иштери тереңдеп, кеңейип жатат. Азыркы кылымда түрк цивилизациясынын улуттук маданияттарын байытуучу жана аларды мурдагыдан да идеалдуураак нерселердин негизинде жалпы маданий платформага жайгаштыруучу процесстер жаңыланып жатат. Мунун баары түрк элдеринин цивилизациясы ордунда туруп калган система эмес, тирүү система экендигин, анын артыкчылыгын, ошондой эле алардын эң баштапкы мезгилден баштап азыркы күнгө чейинки мыйзам ченемдүү өзгөрүүсүнүн диалектикасын көргөзөт. Түрк дүйнөсүнүн гуманитардуулук саясаты – заманбап дүйнөнүн универсалдуу баалуулуктарын өздөштүрүүдө жатат. Элдердин тил жана маданият жагынан жакындашуусу жалпы түрк маданий системасында ички органиканы жаратып, аны каталыктардан жана өзгөрүүлөрдөн сактайт. Түрк Мамлекеттер Бирлигинин бирдиктүү гуманитардык системасы - алдыга жылуу үчүн негиз тапкан эң күчтүү фундамент жана стимул, тактап айтканда, гуманитардык ой жүгүртүү чөйрөсүндө жана иш жүзүндө универсалдык иш-аракеттердин консенсусун жараткан ички системалык органика болуп саналат. Мындай органиканы сактоо – Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү максатына жетүү дегенди билдирет.

Түрк мамлекеттер альянсынын концептуалдык идеологиясынын негизги жоболору төмөнкү нерселерге байланыштуу: тарыхый-фундаменталдык баалуулуктар, принциптер, эгемендүү түрк республикаларынын улуттук идеологияларынын өнүгүүсү, аталган республикалардын биримдикке жана биримдиктин эволюциясына багытталган ишмердүүлүккө карата мамилелерин изилдөө, саясий бийликтин универсалдуу гуманитардык-идеологиялык платформасын колдоо, мамлекеттер аралык консолидацияны күчөтүү иштери, сырттан келүүчү идеологиялык пропагандага каршы системалуу күрөштү биргелешип уюштуруу, идеологиялык биримдикти эл аралык деңгээлде бек тутуу (айрыкча түрк тилдүү элдери тыгыз жа-

шаган аймактарда жана диаспоралык уюмдардын арасында), түрк дүйнөсүнүн көз карашын прагматикалык нукка буруу жана ошонун негизинде эл аралык коомчулукту Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүүгө байланышкан процесстерге даярдоо, дүйнө мамлекеттеринен жана түрк мамлекеттер альянсынын эл аралык уюмдарынан жана коомчулуктарынан колдоо алуу, коркунучтарды жана тоскоолдуктарды алсыздандыруу, дүйнөдө жаңы жана күчтүү саясий бирикме пайда болору менен бирге глобалдык трансформацияга багытталган иштерди аткаруу.

Глобалдык динамикада түрк геосаясий аймагынын (ТГА) түрк геосаясий системасына (ТГС) айланышы, ал эми түрк геосаясий системасынын Түрк Мамлекеттер Бирлигине айланышы (ТМБ) - канчалык мыйзам ченемдүү көрүнүш болсо, түрк мамлекеттеринин ортосундагы үч деңгээлден турган геосаясий байланыштын динамикалуу системасы (улуттук, жалпы түрктүк жана дүйнөлүк) да эл аралык саясий системаны күчөтүү процессинин табигый бир бөлүгү болуп саналат. Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү идеясын теория же ой жүгүртүү чөйрөсүнөн практика же иш-аракет чөйрөсүнө өткөрүүгө багытталган иш-аракеттер бара-бара кеңейип жатат.

Түрк Элдеринин Достугуна арналган долбоорлордун алкагында өткөрүлүп турган төмөнкү иш-чаралар түрк дүйнөсүн биздин көз алдыбызга мурдагыдай бүтүн жана бирдиктүү кылып көргөзөт: Боордоштук жана Кызматташтык Съезддери, Түрк тилдүү Мамлекет Башчыларынын Жогорку Деңгээлдеги Жолугушуулары, Түрк тилдүү мамлекеттердин Кызматташтыгы боюнча Кеңештер, Бүткүл дүйнөдөгү Азербайжан жана башка Түрк тилдүү элдердин Диаспора Жетекчилеринин Форуму. Мындай иш-чаралар толук көз карандысыз демилгелер болуп саналат жана алар жалпы түрк уюмдарын бүгүнкү күндөгү чындыктардын платформасына, ошондой эле келечектин маанилүү максаттарына айландырат. TÜRKPA – Түрк тилдүү Өлкөлөрдүн Парламенттик Ассамблеясы, TÜRKSOY – Түрк элдеринин Маданияты боюнча Эл аралык Уюм, TDAV – Түрк Дүйнөсүн изилдөө Фонду, TİKA – Түрк элдеринин Кызматташтыгы жана Координация боюнча Агенттик, Mərmərə Qrupu SSAV (Мармара Тобу ОССИ) – Стратегиялык жана Социалдык Изилдөөлөр боюнча Уюм, TXÜA – Түрк элдеринин Бүткүл дүйнөлүк Ассамблеясы, TSAM – Түрк Цивилизацияларын Изилдөө Борбору, TÜDEV – Түрк Мамлекеттеринин жана Коомдорунун Кызматташтыгы, Боордоштугу жана Достугу Уюму, TDBB – Түрк Дүйнөсүнүн Муниципалитеттер Бirimдиги, BTH – Улуу Туран Кыймылы, TDSDF – Түрк тилдүү Мамлекеттердин саясатын Колдоо Фонду, TASAM – Түркия-Азия Стратегиялык Изилдөөлөр Борбору, AAYB – Евразия Жазуучулар Бирлиги, TDYSV – Түрк Дүйнөсүнүн Жазуучулар жана Сүрөтчүлөр Фонду, TDJB – Түрк Дүйнөсүнүн Журналисттер Бирлиги, DGTYB – Бүткүл

дүйнөдөгү Түрк элдеринин Жаш Жазуучулар Бирлиги, DTQCFD – Дүйнөлүк Түрк Боордош Коомчулуктарынын Ишмердүүлүгүн Бириктирүү Уюму, TGBT – Түрк элдеринин Жаштар Бирикмелерин Уюштуруу Уюму жана башка ушул сыяктуу уюмдар түрк мамлекеттерине жана ошол эле учурда башка өлкөлөргө да өздөрүнүн канчалык чоң мүмкүнчүлүктөргө жетишкендиктерин, ошондой эле кандай эл-аралык этикалык-саясий баалуулуктарга таандык экендиктерин көргөзүп жатат. Түрк элдери гуманизм, адеп-ахлактуулук, адилеттүүлүк, туруктуулук, тынчтыкты сүйүү, адамды сүйүү, жөнөкөйлүк, маданиятты жана прогрессти сүйүү сыяктуу сапаттарды бек туткан жана ошол сапаттарга негизделген коомчулуктарды жарата ала турган эл катары белгилүү. Кыйратуу же үстөмдүк кылуу максатында эмес, жаратуу максатында түзүлүп жаткан Түрк Мамлекеттер Бирлиги уюмунун бүткүл маңызы жалпы адамзаттык идеалдарга кызмат кылат жана ушул идеалдарды дүйнөлүк коомчулук чөйрөсүндө ишке ашырууга байланышкан. Жалпы түрк элдеринин дүйнөлүк масштабдагы уюшкандыгы, ошондой эле түрк мамлекеттеринин жана коомчулуктарынын таасирдүүлүгү күчөгөн сайын түрк дүйнөсүнө эл аралык гуманитардык маданий баалуулуктар, ошондой эле саясий-экономикалык жана илимий технологиялык жетишкендиктер көбүрөөк сиңүүдө.

Эгемендүү түрк мамлекеттеринин улуттук коопсуздук боюнча концепциялары жана азыркы мезгилдеги дүйнөлүк өнүгүү стратегиялары түрк мамлекеттеринин жалпы стратегиялык платформасынын үлгүсүн көрүүгө мүмкүндүк түзөт. Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүүгө багытталган иш-аракеттердин, ошондой эле улуттук стратегиялардын күчөтүлүшү – түрк дүйнөсүнүн жалпы стратегияларынын күчөшүнө алып келет. Түрк элдеринин улуттук мамлекеттери – Азербайжан, Түркия, Казакстан, Өзбекстан, Кыргызстан жана Түндүк Кипрдеги Түрк Республикасы – бири-биринин ортосундагы ар түрдүү чөйрөдөгү эки жана көп тараптуу мамилелерди жогорку деңгээлге жеткирип, стратегиялык альянстык деңгээлге ээ болушуп, өз ара мамилелерде пайда болгон ар бир маселени жалпы консенсустун негизинде жана түрк эмес мамлекеттердин кийгилишүүсүз чечишет. Алар ошондой эле түрк дипломатиясынын артыкчылыгын, ийкемдүүлүгүн жана демократиялуулугун өздөрүнүн тактикалык пландарында пайдаланышууда. Ар бир түрк мамлекетинин өнүгүүсү жалпы түрк дүйнөсү тарабынан өздөрүнүн жалпы стратегиялык максаттарына биргелешип жетүүнүн кепилдиги катары кабыл алынат. Түрк мамлекеттери өнүгүүнүн эл аралык рейтингге дал келген жогорку деңгээлине жеткенде гана Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү идеясы ийгиликтүү ишке ашырылат. Эгемендүү түрк мамлекеттери бири-бири менен жогорку деңгээлдеги кеңешүүлөрдү өткөрүп, Түрк Мамлекеттер Бирлигин түзүү мис-

сиясына таянып, эл аралык саясаттын талаптарына ылайык биригүү боюнча декларация көтөрүшөт.

Эгемендүү түрк мамлекеттеринин ортосундагы эки тараптуу жана көп тараптуу мамилелердин жакынкы убакытты жана натыйжаларды (мамлекет башчылары тарабынан түзүлгөн келишимдер, өткөрүлгөн жолугушуулар, саммиттер, расмий билдирүүлөр ж.б.) камтыган бардык тарыхы алар альянс статусундагы биримдик түзүүгө толук даяр экендиктерин далилдеп турат. Түрк мамлекеттери өздөрүнүн улуттук кызыкчылыктарына, ошондой эле геосаясий максаттарынын жалпылыгына таянып, аймактык жана глобалдык масштабдагы эл аралык коопсуздук үчүн жоопкерчиликти чогуу бөлүштүрүүнү каалашат. Алар эл аралык уюмдардын жалпы кызыкчылыктарын жана милдеттерин алып жүрүүнү каалашат. Алар эл аралык саясаттагы жана эл аралык мамилелердин динамикасындагы өздөрүнүн ордун жана милдеттерин жакшы түшүнүп, дүйнөлүк чарба системасында чоң мааниге ээ болгон глобалдык экономикалык долбоорлорго байланышкан аймактар аралык коммуникациялык чөйрөлөрдү уюштурушат.

Түрк дүйнөсүнүн өзөгүн түзгөн Евразия мейкиндигинин келечеги бүгүнкү күндөн баштап өздөрүнүн координаттарын ачып жатат: Өзүнүн алгачкы он жылдыгын аяктаган XXI кылымда дүйнөлүк саясаттын салмак борбору **Европадан Азияга**, ал эми глобалдык масштабда **евроатлантикалык мейкиндиктен** (Европа жана Түндүк Америка) **Евразия мейкиндигине** өтөт. Жаңы тарыхый-саясий доордо бул мейкиндикте бир мамлекеттин же анын имериялык бирикмесинин үстөмдүк кылуусу мүмкүн болбой калат. Жаңы доордо бул жерде Орусия, Кытай, Жапония же «эски дүйнөлүк империализмдин» лидерлери, тактап айтканда бир да жеке мамлекет, жадагалса чыгыш тарапка «демократиялык толкун аркылуу» жайылып жаткан Европа Бирлиги да үстөмдүк кылбайт. Эч кандай ички евразиялык жана тышкы евразиялык күчтөрдүн бийлиги өкүм сүрбөйт. Евразия мейкиндигиндеги негизги мамлекеттерден, тактап айтканда түрк тилдүү мамлекеттерден түзүлүп, ушул мейкиндикке негизделген түрк саясий дүйнөсү, башкача айтканда, **Түрк Мамлекеттер Бирлиги** гана бүткүл Евразия аймагын дүйнөлүк саясаттын негизги борборлорунун бирине айландырат. Түрк элдери төмөнкү императивди бекер көтөрүп жатышпагандыктарын далилдешет: эгер классикалык геосаясий парадигмага ылайык (Маккиндер) Ички Евразиянын (жүрөгүнүн) ээси дүйнөнүн ээсине айланса, анда эмне үчүн бул мейкиндиктин ээси ушул мейкиндиктин жүрөгүндө жашаган түрк дүйнөсү эмес башка бирөөлөр болушу керек?! Евразиянын геосаясатын негиздеген элдер - түрк элдери болгон жана алар бүгүнкү күндө да ушул геосаясатты сактап, кийинки муундарга өткөрүп беришет!.. Анткени тарыхтын өкүмү ушундай!

## БУЛАКТАРЫ


1. «Азербайжан 2020. Келечекке карата көз караш», Өнүгүү концепциясы // www.presi- dent.az/files/futureaz.pdf
2. «Азербайжан» гезити, 25 май, 1990
3. А.Агаоглу, Тандалган чыгармалар. Баку: Шарг-Гарб (Чыгыш жана Батыш), 2007
4. А.Агаоглу. Үч маданият. Баку: Мутарджим, 2006
5. Алматыдагы II саммит «Евразиядагы эки тараптуу ишмердүүлүк жана ишеним чаралары боюнча Кеңешме» // Жафаров Н., Мусаев А., Османлы Д. Түрк дүйнөсүнүн лидери. Баку: Чашыоглу, 2009, 183-188-б
6. Азербайжан адабиятынын тарыхы, 6-томдон турат, II - том. Баку: Элм. 2007
7. Азербайжан Элдик Республикасы. Баку: Элм, 1998
8. Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиевдин Казакстанга жасаган расмий сапары // Жафаров Н., Мусаев А., Османлы Д. Түрк дүйнөсүнүн лидери. Баку: Чашыоглу, 2009, 42-68-б
9. Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиевдин Түркияга жасаган сапары //Жафаров Н., Мусаев А., Османлы Д. Түрк дүйнөсүнүн лидери. Баку: Чашыоглу, 2009, 42-68-б
10. Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиевтин Өзбекстанга жасаган мамлекеттик сапары // Жафаров Н., Мусаев А., Османлы Д. Түрк дүйнөсүнүн лидери. Баку: Чашыоглу, 2009, 69-95-б
11. Азербайжан Президентинин ТРАСЕКА уюмунун Эл аралык Комиссиясынын жыл сайын өткөрүлүп туруучу конференциясынын катышуучуларына (4-чү конференциясы) жасаган кайрылуусу // «Транспорттук укук» журналы, 2005, №3(4), 4-б
12. Азербайжандын Президенти Ильхам Алиевдин сөзү/Жафаров Н., Мусаев А., Османлы Д. Түрк дүйнөсүнүн лидери. Баку: Чашыоглу, 2009, 322-324-б
13. Азербайжандын Президенти Ильхам Алиевдин Түрк мамлекеттеринин Кызматташтыгы, Боордоштугу жана Достугу боюнча XI – съездде сүйлөгөн сөзү // Жафаров Н., Мусаев А., Османлы Д. Түрк дүйнөсүнүн лидери. Баку: Чашыоглу, 2009, 362-373-б
14. Азербайжандын Президенти Ильхам Алиевдин Түркиянын Улуу Улуттук Жыйынында сүйлөгөн сөзү // Жафаров Н., Мусаев А., Османлы Д. Түрк дүйнөсүнүн лидери. Баку: Чашыоглу, 2009, 531-538-б

15. Азербайжандын Президенти Ильхам Алиевдин Азербайжан жана Казакстан президенттеринин биргелешкен пресс-конференциясы учурунда айткан билдирүүсү // Жафаров Н., Мусаев А., Османлы Д. Түрк дүйнөсүнүн лидери. Баку: Чашыоглу, 2009, 148-149-б
16. Казакстандын Президенти Нурсултан Назарбаевдин Азербайжан жана Казакстан президенттеринин биргелешкен пресс-конференциясында айткан билдирүүсү // Жафаров Н., Мусаев А., Османлы Д. Түрк дүйнөсүнүн лидери. Баку: Чашыоглу, 2009, 149-151-б
17. Азербайжан жана Түркия аймактагы салмактуу күчтөргө айланышууда //Жафаров Н., Мусаев А., Османлы Д. Түрк дүйнөсүнүн лидери. Баку: Чашыоглу, 2009, 177-179-б
18. Азербайжандагы Ататүрк Борборунун бюллетени. Баку: AzAtaM, 2002
19. Президент Ильхам Алиевдин Азербайжан-Түркия ортосундагы Стратегиялык Кызматташтык боюнча Кеңешинин экинчи жыйынында жасаган билдирүүсү // Азербайжандагы Ататүрк Борборунун бюллетени. Баку: AzAtaM, 2012, 3(43), 5-12-б
20. Түркиянын премьер-министри Режеп Тайип Эрдогандын Азербайжан-Түркия ортосундагы Стратегиялык Кызматташтык боюнча Кеңештин экинчи жыйынында жасаган билдирүүсү // Азербайжандагы Ататүрк борборунун бюллетени. Баку, AzAtaM, 2012, 3(43), 12-15-б
21. Бахадур хан А.Шереджеи-Теракиме («Түрк элдеринин ысымдары жөнүндө китеп). Баку: Азербайжан Улуттук энциклопедиясынын басмасы, 2002
22. Баку Энергетикалык саммитинин декларациясы / Жафаров Н., Мусаев А., Османлы Д. Түрк дүйнөсүнүн лидери. Баку: Чашыоглу, 2009, 568-572-б
23. Бакудагы саммит – келечекте биргелешип кызматташуунун маанилүү мезгили // Жафаров Н., Мусаев А., Османлы Д. Түрк дүйнөсүнүн лидери. Баку: Чашыоглу, 2009, 573-575-б
24. Түрк мамлекеттеринин жана коомдорунун Кызматташтыгы, Боордоштугу жана Достугу боюнча Бакуда өткөрүлгөн XI Съезд // Жафаров Н., Мусаев А., Османлы Д. Түрк дүйнөсүнүн лидери. Баку: Чашыоглу, 2009, 358-390-б
25. Баку-Тбилиси-Жейхан түтүгүнүн расмий ачылышы – Гейдар Алиевдин мунайзаттык стратегиясынын салтанаты // Жафаров Н., Мусаев А., Османлы Д. Түрк дүйнөсүнүн лидери. Баку: Чашыоглу, 2009, .210-213-б
26. Баят Ф. Огуздардын эпикалык салты жана «Огуз Каган» дастаны. Баку: Баку: Сабах, 1993
27. Бейдили Ж. Түрк элдеринин мифологиялык образдарынын системасы: түзүлүшү жана функциялары. Баку, Мутарджим, 2007

28. Биргелешкен Декларация // Жафаров Н., Мусаев А., Османлы Д. Түрк дүйнөсүнүн лидери. Баку: Чашыоглу, 2009, 292-294-б
29. Жафаров Н. Тандалган чыгармалар. V томдон турат, III том. Баку: Элм, 2007
30. Ильхам Алиевдин түрк тилдүү элдердин жана азербайжан диаспоралык уюм башчыларынын I Форумунда сүйлөгөн сөзү // http://flles.preslib.az/site/diaspora/gl4.pdf
31. Түркиянын премьер-министри Режеп Тайип Эрдогандын азербайжандардын жана түрк элдеринин диаспоралык уюмдар башчыларынын I Форумунда сүйлөгөн сөзү // http:// fıles .preslib. az/site/diaspora/gl4.pdf
32. Казакстандын ЮНЕСКОдогу элчиси, жазуучу Олжас Сулеймановдун азербайжандардын жана түрк элдеринин диаспоралык уюмдар башчыларынын I Форумунда сүйлөгөн сөзү // http://flles.preslib.az/site/diaspora/gl4.pdf
33. Алиев Г. Биздин көз карандысыздыгыбыз – туруктуу: сөздөр, каттар, маек, баяндамалар, кайрылуулар, көрсөтмөлөр. 26-китеп, Баку: Азернешр, 2009
34. Алиев Г. Биздин көз карандысыздыгыбыз – туруктуу: сөздөр, каттар, маек, баяндамалар, кайрылуулар, көрсөтмөлөр. 25-китеп, Баку: Азернешр, 2008
35. Алиев Г. Алиев Г. Биздин көз карандысыздыгыбыз – туруктуу: сөздөр, каттар, маек, баяндамалар, кайрылуулар, көрсөтмөлөр. 22-китеп, Баку: Азернешр, 2007
36. Алиев И. Өнүгүү – биздин максатыбыз. 3 китеп, Баку, Азернешр, 2009
37. Асадова А. Батыштын жана Чыгыштын борборунда жайгашкан Азербайжандык молдель / Чыгыш жана Батыш: жалпы адеп-ахлактуулук баалуулуктары, илимий-маданий байланыштар (Аида Имангулиеванын 65-жылдыгына арналган конференциянын материалдары). Баку, Элм, 2004, 9-22-б
38. Аскер Р. Гутадгу Билиг. Баку: Элм, 2003
39. Азизоглу Г. Биздин түркчүлдүгүбүз. Баку: AzATaM, 2007
40. Гекалп З. Түркизмдин негиздери. Баку: Маариф, 1991
41. http://azerbaijans.com/content_495_az.html
42. http://gun.az/economy/48047
43. http://sia.az/az/news/politics/62564
44. http://www.anl.az/down/meqale/express/2010/sentyabr/133053.htm
45. http://www.azadinform.az/news/a-22920.html
46. http://www.cag.edu.az
47. http://www.cag.edu.az/v2
48. http://www.iom.az/legislation/files/NationalSecurityConcept-Azeri.pdf

49. http://www.olaylar.az/news/diaspora/27229
50. http://www.sam.gov.az/
51. Гусейнзаде А. Тандалган чыгармалар. Баку: Шарг-Гарб, 2008
52. Ильхам Алиев: Түркия менен Азербайжандын бүгүнкү күндөгү шериктештиги аймактагы жөнгө салуучу фактор // Жафаров Н., Мусаев А., Османлы Д. Түрк дүйнөсүнүн лидери. Баку: Чашыоглу, 2009, 541-544-б
53. Кенгерли А. А. Акчураоглу деген ким? // Юсиф Акчура. Түркизмдин тарыхы. Баку: Ганун, 2010
54. Китаби Деде Горгуд. Баку: Гянджлик, 1978
55. Гараев Я. Азербайжан адабияты: XIX жана XX кылымдар. Баку: Элм, 2002
56. Гараев Я. Тарых: Жакында жана алыста. Баку: Сабах, 1996
57. Гасымлы М. Ашуг Озан өнөрү. Баку: Угур, 2003
58. Казакстан Республикасынын Президенти Нурсултан Назарбаевдин Азербайжанга жасаган расмий сапары // Жафаров Н., Мусаев А., Османлы Д. Түрк дүйнөсүнүн лидери. Баку: Чашыоглу, 2009, 145-162-б
59. Кыргызстандын Президенти Алмазбек Атамбаевдин Азербайжан Республикасына жасаган расмий сапары // http://president.az/articles/4573
60. Гумилёв Л. Жердин этногенези жана биосферасы. Баку: Нурлан, 2005
61. Массе А. Ислам. Баку: Азернешр, 1964
62. Мацунага А., Аяз Исхаки жана Алыскы Чыгыштагы татар түрктөрү. Баку: Сабах, 2004
63. Мехдиев Н. Азербайжандын Орто кылымдардагы эстетикалык маданияты. Баку: Ишыг, 1986
64. Түркиянын Президенти Абдулла Гүлдүн Милли Межлисте сүйлөгөн сөзү // Жафаров Н., Мусаев А., Османлы Д. Түрк дүйнөсүнүн лидери. Баку: Чашыоглу, 2009, 329-333-б
65. Мусаев О., Османлы Д., Жафаров А., Осмондук султандар. Баку: Чашыоглу, 2008
66. Мустафаев А. Тарыхый Жибек жолун калыбына келтирүү, ТРАСЕКА уюмунун эл аралык маанилүүлүгү, Азербайжандын ушул багыттагы иштери жана перспективалары/Азербайжандын дүйнөлүк коомчулук менен интеграциясы: Маданияттардын жибек жолу. Конференциянын материалдары. Баку: Сабах, 2009, 26-30-б
67. Огузнаме. Баку: Язычы, 1987
68. Өзбекстандын Президенти Ислам Каримовдун Азербайжанга жасаган расмий сапары. Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиевдин билдирүүсү // Жафаров Н., Мусаев А., Османлы Д. Түрк дүйнөсүнүн лидери. Баку: Чашыоглу, 2009, 495-517-б

69. Өзбекстандын президенти Ислам Каримовдун сүйлөгөн сөзү // Жафаров Н., Мусаев А., Османлы Д. Түрк дүйнөсүнүн лидери. Баку: Чашыоглу, 2009, 504-509-б
70. Президент Ильхам Алиевдин Түркмөнстанга жасаган сапары – мамлекеттер аралык кызматташууга жаңы түрткү // Жафаров Н., Мусаев А., Османлы Д. Түрк дүйнөсүнүн лидери. Баку: Чашыоглу, 2009, 585-587-б
71. Раджабли А. Улуу түрк элдери. Баку: Нурлан, 2003
72. Сулейменов О. Аз-Я. Баку: Шарг-Гарб, 2007
73. Сумер Ф. Огузы. Баку: Язычы, 1992
74. Шамсизаде Н. Азербайжанчылдык. Баку: Нурлан, 2006
75. Ташкыран Т. Ахмед Агаоглунун феномени (Кириш сөз) // Агаоглу А. Үч маданият. Баку: Мутарджим, 2006
76. Туран А. Али бек Гусейнзаде. М.: Салам пресс, 2008
77. Түрк мамлекеттеринин жана коомдорунун кызматташтыгы, боордоштугу жана достугу боюнча X съезддин жыйынтыктоочу баяндамасы // Жафаров Н., Мусаев А., Османлы Д. Түрк дүйнөсүнүн лидери. Баку: Чашыоглу, 2009, 393-399-б
78. Түрк мамлекеттеринин бирдиктүү армиясы түзүлдү – TAQM // http://www.xeber24.az
79. Түрк дүйнөсү глобалдык интеграцияга баруучу жолдо // Жафаров Н., Мусаев А., Османлы Д. Түрк дүйнөсүнүн лидери. Баку: Чашыоглу, 2009, 400-403-б
80. Түрк дүйнөсүнүн тилектештиги жана интеграциясы – тарыхый зарылчылык // Жафаров Н., Мусаев А., Османлы Д. Түрк дүйнөсүнүн лидери. Баку: Чашыоглу, 2009, 263-265-б
81. Азербайжандын Президенти Ильхам Алиевдин түрк тилдүү мамлекеттердин кызматташтыгы боюнча Кеңештин Жогорку Деңгээлдеги I – Жолугушуусунда сүйлөгөн сөзү // http://www.president.az/articles/3358
82. Түрк тилдүү Мамлекеттердин Кызматташтыгы боюнча Кеңештин II жолугушуусу // http:// azertag.com/node/993311
83. Азербайжандын Президенти Ильхам Алиевдин Түрк тилдүү мамлекет башчыларынын Жогорку Деңгээлдеги X Жолугушуусунда сүйлөгөн сөзү // http://www.president.az/articles/728
84. Түркия Республикасынын Президенти Абдулла Гүлдүн Кавказ университетинин ташын орнотуу салтанатында сүйлөгөн сөзү / Жафаров Н., Мусаев А., Османлы Д. Түрк дүйнөсүнүн лидери. Баку: Чашыоглу, 2009
85. Түркия Республикасынын Президенти Абдулла Гүлдүн сөзү / Жафаров Н., Мусаев А., Османлы Д. Түрк дүйнөсүнүн лидери. Баку: Чашыоглу, 2009, 324-327-б
86. Түркия Республикасынын президенти Абдулла Гүлдүн Азербайжанга жасаган расмий сапары // Жафаров Н., Мусаев А., Ос-

манлы Д. Түрк дүйнөсүнүн лидери. Баку: Чашыоглу, 2009, 304-333-б
87. Түркия Республикасынын премьер-министри Режеп Тайип Эрдогандын түрк мамлекеттеринин жана коомдорунун кызматташтыгы, боордоштугу жана достугу боюнча XI съездде сүйлөгөн сөзү // Жафаров Н., Мусаев А., Османлы Д. Түрк дүйнөсүнүн лидери. Баку: Чашыоглу, 2009, 368-373-б
88. Улусел Р. Глобализация жана Түрк элдеринин цивилизациясы. Баку: Чашыоглу, 2005
89. www.president.az /articles/3397
90. www.president.az/articles/3327
91. www.president.az/articles/4406/print
92. Юсиф Акчура. Түркизмдин тарыхы. Баку: Ганун, 2010
93. Заманова Э. Түрк дүйнөсүнүн эстетикасы: тарыхы жана заманбап өнүгүүсү. Баку: Араз, 2005
94. Зейналов Ф. Түркологиянын негиздери. Баку: Маариф, 1981
95. Ататюрк М.К. Нутук, III томдон турат. Стамбул: Революциянын тарыхы боюнча Түркиядагы институт, 1919-1967
96. Ататүрктүн ой-пикирлери. Кочатүрк У. Анкара: Семих Офсет, 1999
97. Ататүрктүн сөздөрү, I-V томдон турат, II том, Революциянын тарыхы боюнча Түркиядагы институт, 1945-1972
98. Айдоган М. Түрк дүйнөсүнүн цивилизациясы. Измир: Басма Умай, 2006
99. Баят Ф. Кашгарлы Махмут. Улуу түрк энциклопедисти. Стамбул: Басма Отюкен A.S., 2008
100. К. Броккельман. Түрк элдеринин жана мамлекеттеринин тарыхы. Түрк тилине которгон - Н.Чагатай. Анкара: Түркиянын тарыхы басмаканасы, 2002
101. Чора Н. Түрк Мамлекеттер Бирлиги. Стамбул: Q-Matris, 2004
102. Давутоглу А. Стратегиялык тереңдик: Түркиянын эл аралык позициясы (Strategie Depth: Turkey's Place in the World). Стамбул: Кюре басмаканасы, 2001
103. Давутоглу А. Стратегиялык тереңдик: Түркиянын эл аралык позициясы. Стамбул: Кюре басмаканасы, 2012
104. Эрдоган Р.Т.: «Биз ЕБга жүк болуш үчүн эмес, анын жүгүн өзүбүзгө алыш үчүн бара жатабыз» // http://www.zaman.com.tr/gundem_erdogan
105. Эркал М. Глобализация жана түрк дүйнөсү. Баку:AzAtaM, 2003
106. Жалпы түрк дүйнөсүнүн тарыхы: 10 томдон турат, Анкара: Жаңы Түркия басмаканасы, 2002
107. Гирауд Р. Көк түрк империясы. Стамбул: Отүкен басмаканасы, 1999
108. http://tr.wikipedia.org/wiki T%C3%BCrk_D%C3%BCnyas%C4%B 1

109. http://www.ensonhaber.com/basbakan-erdoganin-istanbul-kuresel-forumu-konusmasi-2012-10-13.html
110. http://www.haberler.com/
111. http://www.tasam.org/
112. http://www.tha.com.tr/turgutozal/sayfa282.htm
113. http://www.turansam.org/
114. http://www.turkokullari.net
115. http://www.turksam.org/tr/
116. http://www.yesevi.edu.tr
117. Игдемир У. Ататүрк жана Анзактар. Изд. ТТК, 1978
118. Исаев К. Улуттук мамлекеттердин глобализация алдындагы абалы // http:// edergi.manas.edu.kg/index.php/jtcs/article/viewFile/818/637
119. Исхаки А., Жашоо жана ишмердүүлүк, Анкара: Айылдыз, 1979
120. Жонсон В.Т. Түркиянын дүйнөлүк көйгөйлөр кесилишкен жердеги стратегиялык позициясы, Түркия жана Европа, күтүүлөр жана кыйынчылыктар. Стамбул: Аскердик академия типографиясы, 1995
121. Кашгарлы М. Диваню Люгат-ит-Тюрк, 3 томдон турат. Анкара, 1998-1999
122. Кочатюрк У. Ататүрктүн ой-пикирлери. Анкара, 1984
123. Лигети Л. Белгисиз ички Азия. Анкара: 1986
124. Мерч Дж. Бардык чыгармалар, II т., Бул өлкө. Стамбул: Илетишим, 1996
125. Album of Turkish Monuments in Mongolia. Анкара: Т.С. Премьер-министр, TİKA, 2001
126. Б.Огел. Түркиянын маданиятына кириш сөз. 9 томдон турат. Анкара: Маданият министрлиги, 1991
127. Оздаг М. Түркия жана Түрк дүйнөсүнүн геосаясаты, 1995
128. Озкан М. Түрк мамлекеттери. Стамбул: Калипсо, 2008
129. Озтуна Я. Явуз Султан Селим. Стамбул: изд. Babıali Kьltьr, 2006
130. Озтюрк А. Түрк дүйнөсүнүн китептери. Стамбул: Улуттук билим берүү типографиясы, 1996
131. Танрыверен М. Глобалдык түрк дүйнөсү үчүн маданияттын ренессансына карай.
132. Тоган З.В. Жалпы түрк дүйнөсүнүн тарыхына кириш сөз. Стамбул, 1946
133. Түркиядагы ой жүгүртүү чөйрөсүнүн тарыхы. Подготовил: Топдемир Г.Г. Анкара: АКМ, 2001
134. Түркиянын тарыхынын негизги багыттары, Mehtal 1931
135. Түркия адабиятын изилдөө борбору// http://www.manas.kg/index.php/ru/akademicheskiy/isledovatelskiye-sentri
136. Түркия-Англия байланыштары жана мүмкүнчүлүктөрү. Стамбул: Аскердик Академия басмаканасы, 1993

137. Түрк элдери: 20 томдон турат, Анкара: Жаңы Түркия, 2002
138. http://ru.wikipedia.org/wiki/Россия
139. http://ru.wikipedia.org/wiki/Евразийский Союз
140. http://www.turkmenembassy.ru/?q=node/253
141. Алмазбек Атамбаев Кыргызстандын 2017-жылга чейинки туруктуу өнүгүү стратегиясын сунуштады // http://www.news-asia.ru/view/ks/politi-cs/3952
142. Арместо Ф.Ф. Цивилизациялар. М.: АСТ, 2009
143. Асадов Ф.М. Орто кылымдын башындагы түрк элдери тууралуу араб булактары. Баку: Элм, 1993
144. Бердяев Н. Өзүн өзү таануу. Орус идеясы. М.: Астрель, АСТ, 2011
145. Бжезинский З. Улуу шахмат тактасы. Американын үстөмдүгү жана геостратегиялык императивдери. М.: Эл аралык мамилелер, 2002
146. Босворт К.Э. Жапайылардын басып кирүүсү: Түрктөрдүн ислам дүйнөсүндө өзүн көргөзүүсү / Мусулман дүйнөсү. 950-1150. М.: Наука, 1981
147. Вольтер. Философиялык аңгемелер. М.: Худож. лит., 1985
148. Гачев Г.Д. Дүйнөнүн улуттук образдары. Еллада, Германия, Франция: экзистенциалдык маданият таануу тажрыйбасы. М.: Логос, 2011
149. Гёр-оглы. Түркмөндөрдүн баатырдык эпосу. М.: Наука, 1983
150. Груссе Р. Чынгызхан: Дүйнөнү багындыруучу. М.: Молодая гвардия, 2008
151. Гумилёв Л. Каспийдин айланасындагы миң жылдык. Баку: Азернешр, 1990
152. Гумилёв Л. Байыркы түрктөр. Улуу элдин тарыхы – пайда болгон мезгилинен баштап кулаганга чейинки тарыхы. М.: Астрель, 2010
153. Гумилёв Л. Евразиянын тарыхы. М.: Алгоритм, Эксмо, 2009
154. Гумилёв Л. Хунн элинин тарыхы. Кытайдагы хунндар. Азиядагы жана Европадагы хунндар. М.: Эксмо, 2008
155. Гумилёв Л. Этносфера: адамдардын жана табияттын тарыхы. М.: Астрель, 2010
156. Данилевский Н. Орусия жана Европа. М.: 2008
157. Дарабади П. Каспий аймагынын геотарыхы жана заманбап мезгилдин геосаясаты. Баку: Элм, 2002
158. Достоевский Ф. Чыгармалар жыйнагы, XV томдон турат, XIV-том. М.: Илим, 1995
159. Байыркы цивилизациялар / Под ред. Г.М.Бонгард-Левина. М.: Мысль, 1989
160. Дугин А. Евразиялык көз караш. Евразиялык доктриналдык платформанын негизги принциптери. М.: Арктогея-центр, 2002

161. Иван Палчев. Азербайжан – Кавказдын жолборсу. Баку: Мутарджим, 2009
162. Азербайжан философиясынын тарыхы, т.1. Баку: Элм, 2002
163. Ата-мекендин тарыхы: Окуу китеби / Авторлор: А.Преображенский ж.б. М.: Агартуу, 2007
164. Крымский А.Е. Низами жана анын замандаштары. Баку: Элм, 1981
165. Кун К.С. Европанын расалары. М: Астрель, 2011
166. Леонард М. XXI кылым – Европанын кылымы. М.: АСТ, 2006
167. Малов С.Е. Байыркы түрк элдеринин эстеликтери. М.-Л.: Наука, 1951
168. Малявин В.В. Кытай цивилизациясы. М.: Астрель, АСТ, 2001
169. Мамлеева Л.А. Улуу Жибек жолунун Евразия элдеринин ортосундагы трансцивилизациялык мамилелер системасында пайда болуп, өнүгүүсү // Vita Antiqua, 1999, № 2, с. 53-61
170. Манас. Кыргыз элинин баатырдык эпосу. М.: Наука, 1984
171. Мусулман дүйнөсү. 950-1150 г.г.. М.: Илим, 1981
172. Нейсбит Ж. Мегатренды. М.: АСТ, 2003
173. Ницше Ф. Чыгармалар: 2-томдон, II-том, М.: Ой, 1990
174. Ортега-и-Гассет Х. Массалардын көтөрүлүшү. Жыйнак. М.: АСТ, 2002
175. Осборн Р. Цивилизация. Батыш дүйнөсүнүн жаңы тарыхы. М.: АСТ, 2008
176. Панарин А.С. Глобалдык саясий божомол. М.: Алгоритм, 2000
177. Панарин А.С. Глобализм менен азгыруу. М.: Алгоритм, 2000
178. Панарин А.С. Орусия дүйнөлүк тарыхтын мерчемдеринде. М.: МГУ, 1999
179. Евразия Бирлигинин Перспективасы – дүйнөлүк интеграциялык биримдик: Нурсултан Назарбаев // http://www.iarex.ru/news/26109. html
180. Попов А.А. Тагвиялыктар. М.-Л., 1936
181. Путин В.В. Евразия үчүн жаңы интеграциялык долбоор – бүгүнкү күндө жаралуучу келечек // «Известия», 03.10.2011
182. Рахманалиев Р. Түрк элдеринин империясы. Улуу цивилизация. Түрк элдери б.з.ч. X кылымынан баштап б.з. XX – кылымына чейинки дүйнөлүк тарыхта М.: Рипол Классик, 2009
183. Рашид ад-дин Ф. Огуз-наме. Баку: Элм, 1987
184. Рубинский Ю.И. Туруксуз дүйнөдөгү европалык цивилизация / Глобализация. Цивилизациялардын конфликтиби же диалогубу? М.: Жаңы кылым, 2002
185. Савицкий П. Н. Евразия континенти. М.: Аграф, 1997
186. Архивдик документер жыйнагы. 1992
187. Казакстандын стратегиясы – 2050 // http://newscentralasia.net/

188. Султанмурад Е., Мухаметдинов Р., Каримов Б. Туруктуулуктун түрк дүйнөсүнө байланышкан тилкеси. Түрк Элдеринин Бүткүл дүйнөлүк Ассамблеясы. Алматы: Оркениет, 2008
189. Тойнби А.Ж. Тарыхты аңдоо. М.: Айрис Пресс, 2002
190. Тойнби А. Ж. Тарыхтын соту алдындагы цивилизация. Тынчтык жана Батыш. М.: АСТ, 2011
191. Тоффлер Э. Үчүнчү толкун. М.: АСТ, 2002
192. Трубецкой Н.С. Чынгыз хандын мурасы. М.: Эксмо, 2007
193. Уткин А.Н. Американын XXI – кылымдык стратегиясы. М.: Логос, 2000
194. Фукуяма Ф. Күчтүү мамлекет: XXI – кылымдагы башкаруу жана дүйнөлүк тартип. М.: АСТ, 2010
195. Хабермас Ю. Бөлүнгөн Батыш. М.: Бүткүл дүйнө, 2008
196. Чаадаев П.А. Чыгармалар. М.: Чындык, 1989
197. Шаханов М. Цивилизациянын адашуусу (Доордун адеп-ахлактуулугу тууралуу сага). Жазалоочу эс-тутумдун космоформуласы (Чынгызхан өзү менен кошо алып кеткен сыр). Астана: Фолиант, 2003
198. Яковец Ю.В. Глобализациянын цивилизациялык аспекттери / Глобализация. Цивилизациянын конфликтиби же диалогубу? М.: Жаңы кылым, 2002
199. Acemoglu D., Robinson J.A. Why Nations Fail: The Origins of Power, Prosperity and Poverty. Profile Books LTD, 2012
200. Acharya A. Regional Institutions and Security in the Asia-Pacific: Evolution, Adaptation, and Prospects for Transformations / Reassessing Security Cooperation in the Asia-Pacific: Competition, Congruence, and Transformation. Ed. by Acharya A., Goh E. Cambridge: MIT Press, 2007, pp. 19-40
201. Alden J.R. Trade and Politics in Proto Elamite Iran // Carrent Anthropology. 1982, №2, vol. 25
202. Alstadt A. The Azerbaijani Turks. Stanford: Hoover Institute, 1992
203. Aras B. New Geopolitics of Eurasia and Turkey’s Position. London, Portland, OR: Frank Cass, 2002
204. Astana Declaration // http://www.osce.org/cio/68972
205. Atabaki A. Azerbaijan: Ethnicity and Autonomy in Twentieth-Century Iran. London: British Academic Press, 1993
206. Atkin M. Russia and Iran (1780-1828). Minneapolis: University of Minneapolis, 1980
207. Basic Documents in International Law. Ed. by Brownlie I. New York: Oxford University Press, 2009
208. Beckwith Ch.I. Empires of the Silk Road. A History of Central Eurasia from the Bronze Age to the Present. Princeton University Press, 2009
209. Braudel F. A History of Civilizations. Penguin Books, 1995

210. Brauer B. Central Asia: The Great Game Revisited / The Impact of Asian Powers on Global Developments/ Ed. by Pieter E., Hazdra P. Phisyca-Verlag, 2004
211. Brill O.M. Central Asia's New States: Independence, Foreign Policy, and Regional Security. Washington, D.C.: United States Institute of Peace Press, 1996
212. Brownlie I. Principles of Public International Law. New York: Oxford University Press, 2008
213. Brzezinski Z. Strategic Vision: America and Crisis of Global Power. New York: Basic Books, 2012
214. Capaldo G.Z. The Pillars of Global Law. Ashgate, 2008
215. Carrere d'Encausse H. The End of the Soviet Empire. New York: Basic Books, 1993
216. Casertano S. Neo-Neo-Ottomanism // http: // www.theeuropean-magazine.com
217. Central Asia and the Caucasus: At the Crossroads of Eurasia in the 21st Century. Ed. by Hermann W., Linn J. Emerging Markets Forum, 2011
218. Central Asia and the World: Kazakhstan, Uzbekistan, Tajikistan, Kyrgyzstan, and Turkmenistan. Ed. by M.Mandelbaum. New York: Council on Foreign Relations Press, 1994
219. Chandler D. Constructing Global Civil Society. Morality and Power in International Relations. Palgrave Macmillan, 2004
220. Churchill W. Speech to the Academic Youth, Switzerland: Zьrich, 1946
221. Classical Arabic Philosophy. An Anthology of Sources. Hackett Publishing Company, 2007
222. Cohen J.L. Sovereignty in the Context of Globalization: a Constitutional Pluralist Perspective / The Philosophy of International Law. Ed. by Besson S., Tasioulas J. New York: Oxford University Press, 2010
223. Craig P., Burca G. EU Law, Text, Cases and Materials. Oxford: Oxford University Press, 2007
224. D'Anieri P. International Politics. Power and Purpose in Global Affairs. Wadsworth: Cengage Learning, 2010
225. Das R.P. Europe in Eurasian Strategic Consideration: Introductory Remarks / The Impact of Asian Powers on Global Developments/ Ed. By Pieter E., Hazdra P. Phisyca-Verlag, 2004
226. Diasporas and International Politics / Global Politics in a Changing World. Ed. by Mansbach W.R., Rhodes E. Wadsworth: Cengage Learning, 2009, p.412-418
227. Dixon M., McCorquodale R. Cases & Materials on International Law. New York: Oxford University Press, 2003
228. Edkins J., Zehfuss M. Global Politics. A New Introduction. London, New York: Routledge, 2009

229. Ferguson Y.H., Mansbach R.W. History's Revenge and Future Shock: The Remapping of Global Politics / Approaches to Global Governance Theory. Ed. by Hewson M., Sinclair T.J. New York: State University of New York Press, 1999
230. Findley C.V. The Turks in World History. Oxford University Press, 2005
231. Fischel W.J. Ibn Khaldun and Tamerlane. Berkeley: University of California Press, 1952
232. Frank A.G. The Centrality of Central Asia // Bulletin of Concerned Asian Scholars, 1992, no.24, pp.36-52
233. Friedman G. The Next 100 Years: A Forecast for the 21st Century. New York: Anchor Books, 2010
234. Friedman G. The Next Decade: Empire and Republic in a Changing World. Anchor, 2012
235. Fuller G.E. The New Turkish Republic: Turkey as a Pivotal State in Muslim World. Washington, D.C.: United States Institute of Peace Press, 2010
236. Gilbert P. The Philosophy of Nationalism. The University of Hill: Westview Press, 1998
237. Glahn von G., Taulbee J.L. Law Among Nations. An Introduction to Public International Law. Pearson, Longman, 2010
238. Golden P.B. Central Asia in World History. Oxford University Press, 2011
239. Graham Th. The Sources of Russia's Insecurity // Survival, 2010, v.52, no.l, pp.55-74
240. Great Powers and Strategic Stability in the 21st Century: Competing Visions of World Order. Ed. by Herd G.P. London, New York: Routledge, 2010
241. Grousset R. The Empire of the Steppes. A History of Central Asia. Rutgers University Press, 2010
242. Guibemeau M. Nationalism: The Nation-State and Nationalism in the Twentieth Century. Cambridge: Polity, 1996
243. Gьnay R. Sinan the Architect and His Works. Istanbul: YEM, Gьzel Sanatlar Matbaasi, 1998
244. Herd G.P., Dunay P. International Security, Great Powers and World Order / Great Powers and Strategic Stability in the 21st Century: Competing Visions of World Order. Ed. by Herd G.P. London, New York: Routledge, 2010, p.3-20
245. http://edergi.manas.edu.kg/index.php/jtcs
246. http://eeas.europa.eu/delegations/azerbaijan/index_az.htm
247. http://en.wikipedia.org/wiki/ Kazakhstan
248. http://en.wikipedia.org/wiki/ Kirgizstan
249. http://en.wikipedia.org/wiki/Ahmad_Kasravi
250. http://en.wikipedia.org/wiki/Azerbaijan

251. http://en.wikipedia.org/wiki/European_Union
252. http://en.wikipedia.org/wiki/Iran
253. http://en.wikipedia.org/wiki/Turicey
254. http://en.wikipedia.org/wiki/Turkmenistan
255. http://en.wikipedia.org/wiki/Uzbekistan
256. http://en.wikipedia.org/wiki/Xinjiang_Uyghur_Autonomous_Region
257. http://tr.wikipedia.org/wiki/Iran
258. http://vestnikkavkaza.net/news/politics/30555.html
259. http://www.bbc.co.uk/news/world-europe-19684532
260. http://www.gamoh.biz/
261. Huntington S.P. The Clash of Civilizations and the Remaking of World Order. N.Y.: A Touchstone Book, 1997
262. Huntington S.R Who are We? The Challenges to America's National Identity. New York: Simon & Schuster Paperbacks, 2005
263. Husain M.Z. Global Islamic Politics. Addison-Wesley Educational Publishers Inc., 2003
264. Jacobs F., Khanna P. The New World //http://www.nytimes.com/inte- ractive/2012/09/23/opinion/sunday/the-new-world.html
265. Kaczorowska A. Public International Law. London, New York: Rout- ledge, 2010
266. Kaplan R.D. The Coming Anarchy // The Atlantic Monthly, 1994, February, pp.64-81
267. Kams M.P., Mingst K.A. International Organizations: The Politics and Processes of Global Governance. Boulder, London: Lynne Rienner Publishers, 2010
268. Kegley Ch.W., Raymond G.A. The Global Future. A Brief Introduction to World Politics. Wadsworth: Cengage Learning, 2010
269. Kennan G. At a Century's Ending. New York, London: W.W.Norton, 1996
270. Keohane R.O., Nye J.S. Introduction / Governance in a Globalizing World. Ed. by Nye J.S., Donahue J.D. Washington: Brookings Institution Press, 2000, pp. 30-52
271. Kinzer S. Reset: Iran, Turkey, and America's Future. New York: Times Books. Henry Holt and Company, 2010
272. Kissinger H. Diplomacy. Simon & Schuster Paperbacks, 1994
273. Kissinger H. If You Can't Hear the Drums of War You Must Be Deaf //http://www.dailysquib.co.uk/index.php?news=3089
274. Knight W.A., Keating T. Global Politics. Oxford, New York: Oxford University Press, 2010
275. Koller J.M. Asian Philosophies. New Jersey: Pearson Prentice Hall, 2007
276. Korosteleva E.A. The European Union and its Eastern Neighbours: Towards a more ambitious partnership? London: BASEES / Routledge Series on Russian and East European Studies, 2012

277. Lamy S.L., Baylis J., Smith S. et al. Introduction to Global Politics. New York, Oxford: Oxford University Press, 2011
278. Langhome R. The Essentials of Global Politics. Hodder Arnold: 2006
279. Laruelle M. Russian Eurasianism: An Ideology of Empire. Baltimore: The Johns Hopkins University Press, 2012
280. Laurence B. Marco Polo: From Venice to Xanadu, London: Quercus, 2007
281. Liu X. The Silk Road in World History. Oxford University Press, 2010
282. Mackinder H. The Geographical Pivot of History // The Geographical Journal, 1904, vol. XXIII, April, No.4, p.430-451
283. McColl R. W. Encyclopedia of World Geography, Volume 1. Golson Books, 2005
284. McCormick J. The European Union: Politics and Policies. Westview Press, 2007
285. Michael B. Marco Polo and the Silk Road to China. Mankato: Compass Point Books, 2002
286. Murinson A. Turkey's Entente with Israel and Azerbaijan: State Identity and Security in the Middle East and Caucasus. Routledge, 2009
287. Nissman D. The Soviet Union and Iranian Azerbaijan: The Uses of Nationalism for Political Penetration. Boulder: Westview, 1987
288. Цzcan A. The Ottomans and the Caliphate // The Great Ottoman-Turkish Civilization. In 3 volumes, v.III. Ankara: Yeni Turkiye, 2000, pp.181-191
289. Parliamentary Assembly of Turkic Speaking Countries // http :// www. turk-pa. org
290. Peterson A. The World Island: Eurasian Geopolitics and Fate of the West. Praeger Security International, 2011
291. Pinder 18 Simon U. The European Union: A Very Short Introduction, Oxford University Press, 2008
292. Pope H. Sons of the Conquerors. The Rise of the Turkic World. London: Overlook Duckworth, 2005
293. Ray J.L., Kaabro J. Global Politics. Boston, New York: Houghton Mifflin Company, 2008
294. Rhodes M. The United States: Leadership beyond Unipolarity? / Great Powers and Strategic Stability in the 21st Century: Competing Visions of World Order. Ed. by Herd G.P. London, New York: Routledge, 2010, p.101-116
295. Robson L. L. A History of Tasmania. Volume I. Melbourne: Oxford University Press, 1983
296. Roy O. The New Central Asia: Geopolitics and the Birth of Nations. NYU Press, 2007

297. Rudden and Wyatt. EU Treaties and Legislation. Oxford University Press, 2002
298. Sengupta A. Heartlands of Eurasia: The Geopolitics of Political Space. Lexington Books, 2009
299. Shaffer B. Borders and Brethren: Iran and the Challenge of Azerbaijani Identity. BCSIA Studies in International Security: The MIT Press, 2002
300. Simons W.Jr. Eurasia's New Frontiers: Young States, Old Societies, Open Futures. Ithaca and London: Cornell University Press, 2008
301. Svatopluk S. A History of Inner Asia. Cambridge: Cambridge University Press, 2000
302. Swietochowski T. Russia and Azerbaijan. A Borderland in Transition. New York: Columbia University Press, 1995
303. Taspinar O. Turkey's Middle East Policies: Between Neo-Ottomanism and Kemalism. Carnegie Endowment for International Peace, 2008
304. The Great Ottoman-Turkish Civilization. In 3 volumes, v. III. Ankara: Yeni Tiirkiye, 2000
305. The Impact of Asian Powers on Global Developments/ Ed. By Pieter E., Hazdra P. Phisyca-Verlag, 2004
306. The New York Times, 1968, 11 August
307. The Politics of Global Regulation. Ed. by Mattli W., Woods N. Princeton, Oxford: Princeton University Press, 2009
308. The Turkic Peoples of the World. Ed. by Bainbridge M. London and New York: Kenan Paul International, 1993
309. The United Nations Security Council and War: The Evolution of Thought and Practice since 1945. Ed. by Lowe V., Roberts A., Welsh J., Zaum D. Oxford University Press, 2008
310. Trenin D. Post-Imperium: A Eurasian Story. Moscow: Carnegie Endowment for International Peace, 2011
311. Trenin D. The End of Eurasia: Russia on the Border between Geopolitics and Globalization. Moscow: Carnegie Moscow Centre, 2001
312. Turks Become Increasingly Isolated // Today's Zaman, 2007, September 7
313. Wallerstein I. World-Systems Analysis. An Introduction. Durham, London: Duke University Press, 2004
314. World History. Combined Edition. J.Upshur, J.Terry, J.Holoka, R.Goff, B.Lowry, USA: West Publishing Company, St Paul, New York, Los Angeles, San Francisco, 1991
315. Woytak R. The Promethean Movement in Interwar Poland // East European Quarterly, 1984, № 13(3), pp.270-291

**ФЕЙЗИЕВ *Жаваншир***

# ТҮРК МАМЛЕКЕТТЕР БИРЛИГИ

***Глобалдык интеграциянын евразиялык үлгүсү***

Редактору *М.Качкымбаев*
Компьютерде калыпка салган *Р.Атабаев*

Басууга 26.01.2017-ж. берилди.
Кагаздын форматы 70х100 $^{1}/_{16}$
Көлөмү 22,5 басма табак.
Нускасы 1000 даана. Заказ № 1581

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., М. Горький көч., 1.